КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# 3төн 6 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ «БАЛАЛЫК» ПРОГРАММАСЫНА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

Бишкек
2017

Акысыз таратылат

УДК 372.8
ББК 74.1
Ү-99

**Түзүүчүлөр:**
*Г. С. Расулова, Р. Ш. Султанова, А. И. Фадина, Т. А. Орусбаева, Н. К. Тунгатарова, Л. Ф. Дворянинова*
**Кеңешчилер:**
*А. Э. Камалова, А. А. Исаева*
**Рецензенттер:**
*Л. В. Усенко, Т. Э. Алиева, Л. Турдахунова*

**Которгондор:**
*А. Д. Токтомаметов, Б. З. Субанова*

Ү-99 **3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү «Балалык» программасына методикалык сунуштар.** – Б.: Аркус бас., 2017. – 328 б.

ISBN 978-9967-31-593-8

Education for Community Development

Методикалык сунуштар Education for community development, ECD уюмунун эксперттер тобу тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин «Билим берүү максатында глобалдык билим берүү» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» мыйзамына (3, 4-беренелер), Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык түзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан 2016-жылдын 29-сентябрында №1339/1 буйругу менен бекитилген.

Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 29-июнундагы №6 токтому менен жактырылган.

**Ү 4305000000-17** **УДК 372.8**
**ББК 74.1**

ISBN 978-9967-31-593-8
© Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2017

# МАЗМУНУ


**Түшүндүрмө кат** ........................................ 4

**I бөлүм. Билим берүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу** ........................................ 6

**II бөлүм. Балдардын курактык өзгөчөлүктөрү** ........................................ 13

**III бөлүм. Оюн ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуштар**

Экинчи кенже топ ........................................ 21

Ортоңку топ ........................................ 28

Жогорку топ ........................................ 33

**IV бөлүм. Билим берүүчү жана өнүктүрүүчү сабактарга карата методикалык сунуштар**

4.1. Кеп өстүрүү ........................................ 43

4.2. Сабатка үйрөтүү ........................................ 67

4.3. Айлана-чөйрө менен таанышуу ........................................ 72

4.4. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу ........................................ 114

4.5. Конструкциялоо ........................................ 145

4.6. Көркөм адабият ........................................ 153

4.7. Музыкалык өнүгүү ........................................ 169

4.8. Көркөм-өнөр: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу ........................................ 187

4.9. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия ........................................ 213

**V бөлүм. Үй-бүлө менен өз ара аракеттенүү** ........................................ 242

**VI бөлүм. Мектепке чейинки курактагы балдарды гендердик тарбиялоо** ........................................ 259

**Сунушталган адабияттар** ........................................ 271

**Программага карата тиркемелер** ........................................ 281

**Билим берүү сабагы боюнчаболжолду конспектлер** ........................................ 281

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Негизги билим берүү программасына (3төн 6 жашка чейинки балдар үчүн) карата методикалык сунуштар «Билим берүү жөнүндө» КР мыйзамы; «Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө» КР мыйзамы; Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» мамлекеттик билим берүү стандарты; Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси; Баланын укуктары жөнүндө конвенция; Мектепке чейинки билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобо сыяктуу мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган негизги ченемдик документтердин талаптарына ылайык, коомдун муктаждыктарын жана ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) суроо-талаптарын эске алуу менен иштелип чыкты.

Бардык педагогикалык жамааттар мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун үстүндө иштеп жатышат. Педагогдор өздөрү иштеп жаткан негизги билим берүү программаларын ишке ашыруу менен, аларга катышуулары жана жаңы билим берүү программаларын өздөштүрүүлөрү шарт. Мында өзгөчө ролду мектепке чейинки билим берүүнүн Мамлекеттик стандартынын негизинде мектепке чейинки билим берүүнү уюштуруудагы педагогдордун методикалык жактан коштоосу ойнойт. Мектепке чейинки курактагы балдар менен иштөөнүн жаңы мазмунуна өтүү балдар менен иштөөдө кылдат мамиле жасоону талап кылат.

Программага методикалык сунуштар, педагогдордун педагогикалык процесстин бирдиктүүлүгүн калыптандыруу максатында иштелип чыккан **«педагогикалык шериктештик»** принциби боюнча уюштурулган жана ишмердүүлүктүн түрлөрү аркылуу өзүн-өзү өнүктүрүүгө пикир алышууда жардамга муктаж болгондорго көмөк көрсөтүүгө, баланын инсандыгын өнүктүрүүгө багытталган.

Мектепке чейинки билим берүүдө **педагогдун маселелери** төмөнкүлөрдүн жардамы аркылуу ишке ашат:

- ✓ Педагог тарабынан өздүк педагогикалык ишмердүүлүгүн кайра карап чыгуу;
- ✓ 3–6 жаштагы балдарды тарбиялоо, окутуу, гармониялуу өнүгүүгө шыктандыруу, сапаттуу билим берүүнү моделдештирүү;
- ✓ Дидактикалык максаттарга жана маселелерди оптималдуу чечүүгө шыктандырган ийкемдүү режимге жетүү үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарында билим берүү процессине которуу үчүн шарттарды түзүү.

Мамлекеттик стандартты ишке ашыруунун маанилүү звеносу болуп, эки багытты камтыган педагогикалык процесс эсептелет:

1. Окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
2. Өнүгүүнүн ар кандай чөйрөсү аркылуу балдардын жашоосун уюштуруу.

Мамлекеттик стандартка дал келген мектепке чейинки уюмдарда педагогикалык процессти уюштурууга болгон талаптар педагогикалык ишмердүүлүккө болгон методикалык катыштын жаңылануусун болжолдойт.

Педагогикалык процессти уюштурууга болгон мамилени өзгөртүү балага педагогдун таасир этүүсү менен ***алынган маалыматты пассивдүү кабыл алуучунун ролунда***

***эмес,*** **өз инсандыгын активдүү өнүктүргөн, ошондой эле тарбиялоо, окутуу процессинде тең укуктуу катышуучу катары болуу мүмкүнчүлүгүн берет.**

***Бул маселелерге жетүү үчүн педагог төмөнкү эрежелерди сактоосу зарыл:***

- ➔ **балдардын жашоосун регламенттөө аркылуу;**
- ➔ **ишмердүүлүктүн максаттарына жетүү үчүн ишмердүүлүктүн каражаттарын балдардын өз алдынча тандоосу;**
- ➔ **окутуу процессин уюштуруунун түрдүү формаларын окутууда жана тарбиялоодо, жамааттык ишмердүүлүктө, экспериментте, изилдөө иштеринде колдонуу.**

Ишке болгон мындай катыш педагогикалык процессти уюштуруунун үч негизги дидактикалык принциптерин ишке ашырууну болжолдойт, алар: **интеграция, дифференциация, индивидуализация.**

Методикалык катыштар билим берүүнүн бардык тармактарында ***болжолдуу тематикалык пландар менен бекемделген.***

Календардык-тематикалык пландаштыруу жыйынтыктарды аныктоого багытталган, алар:

- ❖ балдарга билимдин маалыматтык бөлүгүн оптималдуу минимумга чейин төмөндөтүү;
- ❖ окуу мезгилин практикалык жана изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн узартуу.

Булардын бардыгы баланын өнүгүүсүндө жана билим берүүдө салттуу методдор менен катыштарды колдонууга салыштырганда сапатты жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет. Пландаштыруу өзүнө тиешелүү билим берүү максаттарын камтыйт, алар мектепке чейинки билим берүү процессин конкреттештирет.



Мындай пландаштыруунун алкагындагы педагогдун ишмердүүлүгү чыгармачылыктын жана өз алдынчалуулуктун бардык белгилерин камтыйт жана Мамлекеттик стандарттын талабына жооп берет. **Билим берүү процессин кайра түзүү менен** педагогдор ар дайым, *биринчиден*, **балдардын өсүп-өнүгүүсүн байытып туруулары керек,** *экинчиден*, **ар дайым бала жашоого даярданып эмес, ал жашап жаткандыгын эстен чыгарбоо керек.** Алардын бүгүнкү күнү топтогон тажрыйбасы, жакшы, жаман күндөрү алардын өмүр бою эсинде каларын унутпоо керек. Болуп жаткан нерселердин бардыгы алардын жүрөгүндө кетирилгис так болуп өмүр бою калат.

Өзүн-өзү калыптандырууга болгон ар бир күн педагог үчүн маанилүү болушу керек жана мектепке чейинки курактагы бала үчүн ар бир жашоо көз ирмеми – оюнга болгон талаптары, таанып-билүүсү, пикир алышуусун жөнгө салуу үчүн бекем пайдубал болорун педагог эсине бекем түйүүсү шарт.

# I бөлүм

## ИНТЕГРАЦИЯЛАНГАН ИШМЕРДҮҮЛҮК

Мектепке чейинки билим берүү теория үчүн да, практика үчүн да маанилүү, заманбап болуп саналат. Анын актуалдуулугу жаңы социалдык талаптар менен берилет жана алар бала бакчаларда мектепке даярдык катары сунушталат. Анын **максаты** болуп калктын түрдүү социалдык катмарынын балдарынын алгачкы мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, ошондой эле баланын ийгиликтүүлүгүн арттыруу үчүн, анын индивидуалдуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталуусу керек.

### Интеграцияланган ишмердүүлүккө болгон талаптар:

- тарбиялануучулардын дараметин өнүктүрөт, курчап турган дүйнөгө болгон активдүү таанып-билүүсүн ойготот;
- кызыктуу, адаттан тышкары болгон нерселерди өткөрүү формасын жаратат;
- заманбап коомдогу интеграциянын, билим берүүнүн зарылдыгын түшүндүрөт;
- педагогдун чыгармачыл ишмердүүлүгүнө жол ачат.

***Интеграцияланган ишмердүүлүк*** – тең укуктуу негизде түрдүү билим берүү жаатында бири-бирин толуктоо менен бир катар маселелерди чечүү менен билимдерди бириктирүү эсептелет. Интеграцияланган ишмердүүлүктө анализдин предмети болуп көп пландуу объекттер эсептелет жана педагог өнүктүрүүнүн бир катар маселелерин чечүүгө мүмкүнчүлүк алат (мисалы, музыка, адабият, живопись аркылуу «маанай» түшүнүгүн кароо).

Интеграцияланган ишмердүүлүктүн негизги мазмуну болуп, күнүмдүк жашоого оюн аркылуу ишмердүүлүктүн бир катар түрлөрүн табигый түрдө өнүктүрүү эсептелет.

Педагогдун милдети топтун ишмердүүлүгүн кызыктуу темалар, жумуштар, маселелер, идеялар менен камсыздандыруу жана алардын кызыкчылыгын, активдүүлүгүн ишке ашыруу болуп саналат.

### Интеграцияланган ишмердүүлүктү калыптандыруу боюнча методикалык сунуштамалар:

- Изилдөө объектиси боюнча баланын элестетүүсүн жөнгө салган жана максатын аныктаган билимдер жаатын аныктоо.
- Бул жааттардан интеграцияга маанилүү болгон мазмунун таап, анализдөө.
- Мектепке чейинки курактагы балдардын программалык талаптарын эске алуу.
- Өнүктүрүүчү тапшырмаларды ойлоп табуу.

### Сабактардын болжолдуу түзүлүшү:

- Киришүү бөлүгү. **Балдардын активдүүлүгүн стимулдаштырган проблемалык кырдаал түзүлөт.**
- Негизги бөлүгү. **Балдарга жаңы билимдер берилет жана аны менен катар байланыштуу кепти өстүргөн жана сөздүк корун байыткан жумуштар аткарылат**.
- Корутундулоочу бөлүгү. **Балдарга алынган маалыматты бекемдөөчү практикалык жумуштар сунушталат**.

### Сабактардын түзүлүшүнө болгон талаптар:

- материалдын тыкан, так болуусу;
- программанын бөлүктөрүнүн материалдарынын байланыштуулугу, бири бирине шайкеш келгендиги;
- материалдын ири маалыматтуу көлөмү;
- материалды жеткирүүнүн системалуулугу жана жеткиликтүүлүгү;
- ишмердүүлүктүн мезгилдик алкактарын сактоо.

**Педагогикалык мүмкүнчүлүктөр:**

- билимдерди жана билгичтиктерди бирдикте калыптандыруу;
- билгичтиктердин коммуникативдүүлүгү;
- окууга болгон кызыгууну жогорулатуу;
- өзүнө-өзү ишенбөөчүлүктү, коркунучту, чыңалууну бошоңдотуу.

**Методдор жана ыкмалар:**

- салыштырма анализ, салыштыруу, изилдөө, эвристикалык имшердүүлүк;
- баланын өзүн жооп табууга шыктандырган проблемалык суроолор;
- маданий-кептик эталондор менен тааныштырууга багыттаган түрдүү дидактикалык оюндар, эне тилдин көп кырдуулугун, өз күчүнө ишенүүчүлүктү тарбиялоо.

**Ыңгайлуу жагдайлары:**

- окутууга болгон мотивацияны жогорулатат, тарбиялануучулардын таанып-билүү кызыкчылыгын калыптандырат;
- сүйлөө кебин өнүктүрүп, салыштыруу, жалпылоо, бүтүм чыгаруу, чыңалууну жазат;
- фактылар ортосундагы жаңы байланышты табууга негизделет;
- балдарды эмоционалдуу өнүктүрөт.

**Өткөрүүнүн кыйынчылыктары:**

- материалды тандоо кызыкчылыгы;
- ишмердүүлүктү конкреттүү түзүп чыгуу;
- педагогдордун жеке дал келүүлөрү тууралуу көйгөйлөрү;
- балдардын билимдерин, билгичтиктерин баалоого болгон жалпы катыштар;
- бирдей терминдер менен түшүнүктөрдү макулдашып колдонуу.

Мектепке чейинки курактагы бала – бул «бирдиктүү түшүнүк» жана дүйнөнүн бирдиктүү картинасы катары балага берүү психологиялык-педагогикалык жумуштардын эң башкы маанилүүсү болуп саналат, ошондой эле алар үчүн интеграцияланган түрдө билим берүү аркылуу окутуу иштери жүргүзүлүүсү керек.

*Мисалы*, балдардын жаратылыш, өсүмдүктөр тууралуу элестетүүлөрүн кеңейтүү менен педагогдор төмөнкү максаттарды көздөөлөрү керек:

- балдардын жандуу нерселерге болгон аяр мамилесин тарбиялоо (өнүгүүнүн социалдык-инсандык тармагы);
- сүйлөө речинин маселелерин чечүү (өнүгүүнүн таанып-билүүчүлүк кептик тармагы),
- өсүмдүктөргө, жаныбарларга кам көрүү боюнча практикалык көндүмдөрдү калыптандыруу;
- сүрөт тартуу жана оюн ишмердүүлүгү аркылуу жаратылыш тууралуу билимдерди чагылдырууну үйрөтүү.

Башкача айтканда, тарбиялоо-билим берүүчүлүк процесс процессуалдык мазмундуу жактарын бирдиктүү карайт. Ишмердүүлүктүн темасы, кабыл алуу процессин уюштуруу ар дайым педагогдун балдар менен активдүү пикир алышуусун талап кылат. Интеграция педагогдун өзүн-өзү туура сунуштоосуна мүмкүнчүлүк берет.

Азыркы заманбап мезгилдеги бала эң бийик акыл потенциалына ээ, бирок билимге ээ болуп турса да, практика жүзүндө аны колдоно албайт. Бул проблеманы чечүүнүн бирден бир туура жолу, билим берүүнү интеграциялоо болуп саналат, бул болсо өз кезегинде мектепке чейинки курактагы баланын дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат.

Бала бакчалардын практикасында биз интеграцияланган сабактарда жана тематикалык жумаларда жакшы жыйынтык болорун байкайбыз. Интеграцияланган сабактарды өтүү ар бир педагогдун колунан келет.

Бул сабактар кайталоодон кутултуп, убакытты туура пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет, ошондой эле жыйынтыгы натыйжалуу болот. Топтолгон тажрыйбаны билим берүү ишмердүүлүгүн уюштурууда колдонсо болот.

## Интеграцияланган окутуунун көйгөйлөрүн чечкен сабактардын түрлөрү

**Топтоштурулган** – бир нече ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн жана дидактикалык маселелердин өз ара логикалык байланышынын шайкеш келишүүсү (сүрөт тартуудан кийин кыймылдуу оюн кетет).

**Комплекстүү** – бир темага байланган ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн каражаттарынын эсебинен маселелерди чечүү. Мында ишмердүүлүктүн бир түрү үстөмдүк кылат жана бир тема менен байланышат: күздү тартар алдында балдар күз тууралуу аңгеме түзүшөт, ыр окушат, ырдашат. Ишмердүүлүктүн бир түрү үстөмдүк кылып, калгандары аны толукташат жана эмоционалдык маанай жаратып, балдардын чыгармачылыгынын ачылышына таасир этет.

**Интеграцияланган** – түрдүү билим берүү жаатын бириктирген бирдей укукта болуу менен бири-бирин толуктап турат (мисалы: «маанай» деген түшүнүк музыканын, искусствонун, живопистин, экологиянын каражаттары аркылуу каралат). Мындай сабактарда педагог өнүгүүнүн бир нече маселелерин чечет.

Сабакты интеграцияланган ыкма менен өткөрүүнүн методикасы салттуу сабактан айырмаланат. Окутуу процессинде мындай сабактарда түрдүү ыкмалар жана методикалар колдонулат.

## Интеграция төмөнкү багыттар менен жүргүзүлүшү мүмкүн:

- музыка + таанып-билүү;
- коммуникация (кеп, сабаттуулукту жоюу) + таанып-билүү + музыка;
- коммуникация (кеп) + музыка + көркөм чыгармачылык (сүрөт) + көркөм адабият;
- таанып-билүү (курчап турган чөйрө менен таанышуу) + эмгек
- таанып-билүү + көркөм сүрөт өнөрү;
- ден соолук + дене тарбиялоо (кыймылдуу ишмердүүлүк) + таанып-билүү, көркөм адабият, музыка ж. б.;
- таанып-билүү (эксперименталдык-изилдөөчүлүк, курчап турган чөйрө менен таанышуу) + көркөм чыгармачылык, коммуникация (пикир алышуу, кеп).

Булардын негизинде балдар тарабынан искусствонун образдары аркылуу абстракттуу математикалык түшүнүктөрдү кабыл алуусу жатат. Мектепке чейинки курактагы балдардын ой-жүгүртүү тиби көрсөтмөлүү-образдуу, көрсөтмөлүү-кыймылдуу, б.а., алар курчап турган чөйрөнүн объекттерин кандай болсо, ошондой кабыл алышат. Сан, эсеп, көлөм, мезгил ж. б. абстракттуу түшүнүктөрдү көркөм сүрөт өнөрү, архитектуралык чыгармалар, графика, дизайн, чыгармачылык менен тааныштырышат.

**Таанып-билүүчүлүк (эксперименталдык-изилдөөчүлүк) + коммуникация (кеп + пикир алышуу) + көркөм-чыгармачыл (темалар: «Суу тууралуу табышмактар», «Жаратылыштан шыбырап сурадым», «Токой эмне тууралуу кыялданат»).**

Таанып-билүү мүнөзүндөгү билимдер балдарды өзүнчө предметтер менен, курчап турган дүйнө менен тааныштырууга байланышкан. Балдарга даяр билимдер берилбейт, ал билимдерди бала өз алдынча эксперименталдык изилдөөчүлүк ишмердүүлүк жолу аркылуу таба алуусу керек. Тарбиячы менен бирдикте балдар суу менен эксперимент жүргүзүшүп, суунун касиеттерин аныкташат, түрдүү көрсөтмө моделдерди түзүшөт ж. б., процесске болгон мындай катыш балдардын практикалык ишмердүүлүгүн, билгичтигин, тапшырманы аткаруу, б. а., таанып-билүү иш-аракетинде жүргүзүлүүсү керек.

Ошол эле убакта балдар сүйлөө кебинде бул иш-аракеттерди берүүгө, ишмердүүлүктүн жыйынтыгы менен: «Сен эмне үчүн ушундай кылдың?», «Сен бул ишти кандай аткардың?», «Сен бул ишти кандай аткарасың?» деген сыяктуу суроолорго жооп берүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, ошондой эле сүйлөө кеби аркылуу практикалык иш-аракеттер менен өз алдынча ар бир нерсе, окуялардын келип чыгуу себептерин, алардын байланыштарын таба алышат. Практикалык иш-аракеттердин кепте колдонулуусунун маселелери бир мезгилде пландаштырылат.

Азыркы тапта пландаштырууга талаптар сунушталып жатат, алар ***комплекстүү-тематикалык принципке негизделип***, окуу моделинен, **предметтүүлүктөн алыстабай жана кызыктуу, бирдиктүү ишмердүүлүк аркылуу сабактан тышкаркы режимдик учурларда пайдалануу керек**.

> *Мисалы*, музыкалык-ритмикалык гимнастика интеграцияланган каражаттар аркылуу сюжеттик-ролдоштурулган оюндар, жомоктук сюжеттер менен берилет. Мектепке чейинки курактагы балдардын организмин чыңдоого багытталган кыймылдарды камтыйт: кыймылдардын негизги түрлөрү, жалпы өнүктүрүүчү кыймылдар, тизилүүгө үйрөткөн оюндар, аэробиканын кыймылдары, хореография, дем алуу көнүгүүлөрү, манжа гимнастикалары ж. б.

Организмге таасир этүүнүн негизги компоненттери жана баланын инсандыгын калыптандыруунун жолдору бул, албетте, кыймыл, оюн, сюжет, музыка болуп эсептелет. Музыка оң натыйжа берүү менен, балдарга көнүгүүлөрдү жаттап калууга, кыймылдар аркылуу каармандардын образдарын, музыкалык-ритмикалык спектаклдин образдарын таанууга көмөк берет.

Бир эле убакытта балдардын таанып-билүү билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн, б. а., кырдаалдарды жаратууга мүмкүнчүлүк түзүлөт (турмуштук, стандарттуу эмес, оюндук ж. б.), мында балдар ишмердүүлүктүн субъекти катары болушат. **Ал эми анын негизинде балдар үчүн кызыктуу болгон оюн түрүндө берилген сюжет жатат.** Түрдүү интерпретацияга жол берилет: жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдүн комплекси, кыймылдуу музыкалуу оюндар, спорттук эстафеталар, психогимнастика, музыкалык-этюд-тренингдер ж. б.

Ошондуктан интеграцияланган сабактардын формалары оюн түрүндө берилүүсү керек: оюн-саякат, пикир алышуу кырдаалы, майрамдар, долбоорлор, окуялар, мында жашы улуу катышуучу **«балага үстөмдүк»** кылбастан, **«бала менен катар»** болбостон, **«бала менен чогуу»** болуусу керек, башкы бирдиктүү ишмердүүлүк **«өз ара таасир этишүү», «бала менен тарбиячынын өнөктөштүгү»** эсептелет.

Билим берүү ишмердүүлүгү балдардын түрдүү ишмердүүлүктөрүн уюштуруу аркылуу ишке ашат: оюндук, коммуникативдик, эмгектик, таанып-билүүчү изилдөөчүлүк, продуктивдүүлүк, музыкалык-көркөм окуу аркылуу.

**Оюн ишмердүүлүгү** – баланын активдүүлүгүнүн формасы жыйынтыкка эмес, аны ишке ашырууга багытталган, бала тарабынан турмуштук позициялар шарттуу кабыл алынган ыкма, процесс болуп саналат (реалдуу жашоодон айырмаланып).

**Таанып-билүүчүлүк-изилдөөчүлүк ишмердүүлүк** – бул баланын активдүүлүгүнүн кубулуштар менен объекттерди, алардын ортосундагы байланышты, касиеттерин таанууга багытталган, дүйнөнүн картинасын калыптандырууга багытталган формасы.

**Коммуникативдүү ишмердүүлүк** – бул башка киши менен субъект катары пикир алышууда жалпы жыйынтыкка, жакшы мамилеге жетүүгө багытталган баланын активдүүлүгүнүн формасы.

**Кыймыл ишмердүүлүгү** – бул кыймыл функциялары менен кыймылдуу тапшырмаларды аткарууга мүмкүнчүлүк берген баланын активдүүлүгүнүн формасы.

**Эмгек ишмердүүлүгү** – кыймылдоо функциялары аркылуу кыймылдуу тапшырмаларды чечүүгө мүмкүнчүлүк берген баланын активдүүлүгүнүн формасы. **Эмгек ишмердүүлүгү** баланын активдүүлүгүнүн формасы болуп эсептелет жана конкреттүү жыйынтык алып келген моралдык талаптар менен физиологиялык талаптарды канааттандырууга багытталат, буларды көрүүгө болот, кармап көрүүгө, сезүүгө да болот.

**Продуктивдүү ишмердүүлүк** – жыйынтыгында материалдык же идеалдык продукт түзүлгөн баланын активдүүлүгүнүн формасы.

**Музыкалык-көркөм ишмердүүлүк** – бул балага позициясынын ишке ашырылышынын ийгиликтүү жолун тандап алууга мүмкүнчүлүк түзгөн активдүүлүгүнүн формасы, мында музыкага өзү калыс баасын берип, баалай турган угуучуну, музыкалык чыгармаларды баалай турган жана кабыл ала турган, музыкалык-драмалык оюндарды кое турган адамды өзү тандайт.

Көркөм адабиятты балдар ишмердүүлүгүнүн өзгөчө түрү катары кабыл алуу – бул баланын активдүүлүгүнүн бир формасы жана каармандарга аралашуу менен өзү түзгөн дүйнөсүндө ошол чыгарманын каармандары менен аралашып, кыялында каарманга айланат, жыйынтыгында чыгармада болуп жаткан окуяларды өзү башынан өткөрүп жаткандай сезимге туш болот.

**Бала өзүнүн табияты боюнча – изилдөөчү.** Жаңы окуяларга аралашуу, баарын билгиси келген иш-аракети, анын изилдөөчүлүк жөндөмүн арттырат. Анын эң башкы жетишкендиги – долбоорлоо ишмердүүлүгүнүн өнүккөндүгүндө. Улуулардын жардамы менен же өз алдынча балдар төмөнкүлөргө ээ болушат:

- ➔ өздөрү үчүн актуалдуу болуп эсептелген максаттарды кабыл алууга жана өздөштүрүүгө;
- ➔ изилденип жаткан объекттин түрдүү жактарын элестетүүлөрдү аныктоого;
- ➔ макулдашуучулукка жетишүү, чыгармачыл талаш-тартыштарды жоюуга;
- ➔ ишмердүүлүктүн катышуучуларына жардам көрсөтүү, өз тажрыйбасынан башкаларга бөлүшүүгө;
- ➔ ар бир чыгармачыл топтун жыйынтыгын талкуулоого, бөтөн ийгиликтерди өзүнүн кемчилиги катары кабыл албоого.

Мындай долбоорлорду ишке ашыруу жогорку топтогу балдардын табият таануу түшүнүктөрү билим берүү программаларынын алкагында татаалдыгы боюнча дал келерин далилдейт. Тапшырмаларды акырындык менен татаалдаштыруу мектепке чейинки курактагы балдардын экология, табият таануу жаатында интеллектуалдык жөндөмдөрүн арттырууга мүмкүнчүлүк берет. Мында экологиялык жана табият таануучулук билимдери жана элестетүүлөрүн бала кабыл алып, эсине түйүп калат жана окутуунун негизги максаты болуп саналбайт.

Билим берүү процессине долбоорлоо технологиясын киргизүү бирден бир натыйжалуу жолдордон болуп эсептелет.

### *Билим берүү процессин түзүүнүн комплекстүү-тематикалык принциби*

Билим берүү процессин комплекстүү-тематикалык принциптин негизинде билим берүү жааттарынын интеграцияларын эске алуу менен түзүү, балдарды өнүктүрүү жана максаттарга жетүү үчүн мүмкүнчүлүк берет. Темалар маалыматтарды оптималдуу түрдө уюштурууга жардам берет. Мектепке чейинки курактагы балдардын практика, эксперимент жүргүзүүсү үчүн негизги көндүмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү пайда болот.

Ушуга окшогон темаларга киришүү түрдүү курактагы балдарга билим берүү максаттарына мектепке чейинки курактын аралыгында жетүү мүмкүнчүлүгү, алардын индивидуалдуу жөндөмдөрүнө шайкештикти камсыздайт.

Тематикалык катыш өзгөчө талаптары бар балдарга билим берүү процессин оптималдуу уюштурууга мүмкүндүк берет.

Бир темага эле бир жумадай убакыт берилет. Оптималдуу мезгили – 2–3 жума. Тема материаларды тандоодо чагылдырылат.

**Мектепке чейинки курактагы балдардын алгачкы компетенцияларын калыптандырууга салым кошуу (максат кое билүү, аны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон каражаттар, чечим кабыл алуу, жыйынтыктарды анализдөө) – мектепке чейинки мекемелердин педагогдору үчүн чече турган актуалдуу көйгөй.**

# II бөлүм

# БАЛДАРДЫН КУРАКТЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

## 4 жаштагы балдар

Баланын үчүнчү жылынын аягындагы сүйүктүү сөзү **«Мен өзүм»** болуп калат. **Өзүн улуулардан бөлүп көрсөтүү, ошону менен бирге улуулардай болгусу келүүсү үч жашка мүнөздүү болгон карама-каршылыктуу кризис болуп эсептелет.**

*Бул курактын* ***эмоционалдык өнүгүүсү*** жакындарына болгон сүйүүсү, тарбиячыларга болгон жакындыгы, курчап турган адамдарга, курбуларына болгон туура мамилеси менен мүнөздөлөт. Бала эмоционалдык жооп берүүгө даяр болсо, анда ал башка балага жардам берүүгө дарамети жетет.

Кенже мектепке чейинки куракта баланын жүрүш-турушу, жасаган иш-аракети ойлонулбай жасалат. Ойлонулбай жасалган иштин акыры кандай болуп аяктаарын, психикалык жактан туруктуу өнүгүп жаткан бала коопсуздук кандай болорунан бейгам болот жана курчап тургандарга ишеним артуу менен мамиле жасайт.

3–4 жаштагы балдар ***жүрүм-турумдун элементардык нормаларын жана эрежелерин өздөштүрүшөт,*** ал эрежелер уруксат берүү жана тыюулар менен катар калат («макул, уруксат», «керек», «болбойт»). Бул куракта балдар башка ***адамдарды жынысы боюнча таанып калышат, курагын айырмалай билишет***: улууларды, балдарды, кары адамдарды жашоодон, сүрөттөрдөн да таанып-билип калышат. Үч жаштагы баланын ***өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрү калыптанып калат*** (эмгек ишмердүүлүгү жолго салына баштайт), өз алдынча кийингенди, чечингенди, жуунганды, бет аарчы колдонгонду, тарак менен тарангнанды, сүлгү менен аарчынганды билип калат.

Мындай көндүмдөр баланын алгачкы кыймылдоо чөйрөсүнүн өнүгүү деңгээлинде негизделет жана мотордук координациянын өнүгүүсүнүн деңгээли болуп эсептелет.

Бул мезгилде ***баланын кыймылы көп болот*** (анын кыймыл активдүүлүгү уктабай турган мезгилинин көпчүлүк бөлүгүн ээлейт). Бала негизги кыймылдарды өздөштүрө баштайт жана максатына жетүү үчүн (катуу чуркоо, бийик секирүү, кыймылды так тууроо) физикалык көнүгүүлөрдү туура аткарат.

***Өзү жана курчап турган нерселер, заттардын касиеттери, кубулуштар тууралуу түшүнүктөрдү кабыл алуусу туура калыптанып калат жана негизги эталондор да жетилет.***

- ✓ Бала негизги өңдөрдү жатка билип калат (кызыл, сары, көк, жашыл).
- ✓ Үч жаштагы бала предметтердин негизги формаларын тандай билип калат (айлана, тегерек, квадрат, тик бурчтук, үч бурчтук ж. б.).
- ✓ Ал «көп», «аз» деген сөздөрдү так билет жана эки предметтен турган заттардан (таякчалар, кубиктер, топтор ж. б.) каалагандай, азын же көбүн тандай алат.
- ✓ 3 жашта балдар практика жүзүндө өз бөлмөсүнүн мейкиндигин, батирин, бала бакчадагы бөлмөлөрдү, эс алып, сейилдей турган жерлерин өздөштүрүп калышат.
- ✓ ***Мейкиндикти таанып-билүү*** билгичтиктери (катар, астында, алдында ж. б.) калыптанып калат. Мейкиндикти таанып-билүү кепти өнүктүрүү менен катар ишке ашырылат: тажрыйбанын негизинде бала мейкиндик катыштарын билдирүүчү сөздөрдү да үйрөнүшөт.
- ✓ Бала өзүнө жакын предметтерди билет жана жалпы турмуш-тиричиликте колдонулуучу заттардын (отургучта отуруу керектигин, чыныдан кандайдыр бир суусундукту же чайды ичиш керектигин), өз атын, маанисин аңдап билип калат.

- ✓ Унаалардын түрлөрүн ажыратып билип калышат (жеңил унаа, жүк ташуучу унаа, троллейбус, самолет, велосипед ж. б.),
- ✓ Кээ бир кесиптин аттарын жана ал кесиптеги адамдар эмне менен алектенери тууралуу да маалыматтары болот.
- ✓ Майрамдарды да билишет (Жаңы жыл, өзүнүн туулган күнү).
- ✓ Суунун касиеттери, кардын, кумдун касиеттери тууралуу аздыр-көптүр маалыматка ээ болуп калышат (кар ак, муздак, суу жылуу, муздак, тоңуп калган, муз сыйгалак, катуу), суу кумдан ийлеп-чаптоо жумуштарын аткарууга боло тургандыгын билишет, кургак кум үбөлөнүп, майдаланып куюларын билишет.
- ✓ Аба ырайынын түрлөрүн (жаан жаап жаткандыгын, жылуу, шамал уруп жаткандыгын) айырмалай билишет.

Жашоосунун төртүнчү жылында бала кээ бир жемиштер менен мөмөлөрдүн көлөмүнө, даамына карата, атын айырмалап билип калышат. Кээ бир канаттуулардын аттарын билип, атай алышат, ошондой эле курт-кумурскалардын кээ бир түрлөрүн билип калышат. Бул курактагы балдардын көңүлү бир нерсеге 10–15 мүнөт гана, ал эми ага жаккан нерсеге мындан көбүрөөк бурулушу мүмкүн.

Балдардын ***эс-тутуму*** бул куракта ачык эмоционалдуу болот. Балдарга бул куракта өзгөчө жаккан гана нерселер жанында көпкө чейин калып калуусу мүмкүн жана ал нерселерди эске тутуу эч кандай үстөмдүк кылуу менен ишке ашырылбашы керек. **3 жашар баланын ой-жүгүртүүсү көрсөтмөлүү болот:** бала предметтерди көрүү, аларды кармап көрүү аркылуу гана эсине тутуп калат. Кээ бирде бала көргөн нерселеринин ордуна башка предметтерди колдонуу аркылуу ошол предметти кармап тургандай элестетет. Мисалы, кашыкты кармап туруп, вилканы колдонуп жаткандай түр көрсөтөт.

Кенже мектепке чейинки куракта балдар ***ишмердүүлүккө умтулушат.*** Балдар үчүн улуу адамдар – бардык жагынан үлгү болуп эсептелет. Улуу адамдарды туурап ойноо балдардын келечегине болгон кадам болуп эсептелет. **Бардык иш-аракеттер оюн аркылуу жүргүзүлөт.** Балдар оюнчуктар менен, жана аларды алмаштырган заттар менен ойноо аркылуу ролдоштурулган жүрүм-туруму калыптанат. Оюндун сюжети жөнөкөй, анда болгону 1–2 роль гана берилет. Ойноп жатканда шеригине өз оюн жеткиликтүү түшүндүрө албоосу пикир келишпестикти жаратышы мүмкүн. Келишпестиктер оюнчук талашуудан келип чыгат.

Акырындык менен бала жашоосунун төртүнчү жылында ***биргелешкен оюн ишмердүүлүгүндө сылык түрдөгү айтымдарды колдоно баштайт.*** Продуктивдүү жыйынтыкка ээ болуу үчүн бала акырындык менен жалпы оюнга катышууга өз каалоосун билдире баштайт. Ошентсе да, балага бул куракта улуулар тарабынан колдоо керек болот. *Пикир алышуунун башкы каражаты болуп кеп эсептелет.* Мектепке чейинки кенже курактагы балдардын сөздүгү негизинен предметтерди атаган сөздөрдөн турат, бул тизмеге жакындарынын аттары, оюнчуктардын аталыштары да кирет. Кичинекей кыздар көптөгөн көрсөткүчтөр боюнча (артикуляция, сөз байлыгы, шар окуу, окуганды түшүнө билүү, көргөндү, укканды кабыл алуу) эркек балдардан алдыга кетишет.

3–4 жашында ***улуулар менен карым-катыш жасоо адабий чыгармалардагы каармандарга болгон кызыгууларды ойготот.*** Баланын китепке болгон кызыгуусун улам жаңы каармандар ойготот. Продуктивдүү ишмердүүлүккө болгон кызыгуу бир орунда турбайт. Предметтердин формаларынын сүрөттөрүн тарта алуу жөндөмү иш жүзүндө өзгөрүлүп турат, бул менен катар идея, ойлор да өзгөрүүгө ээ болот. Бул иштер көбүнчө схемалуу болот жана бала эмнени жараткандыгын билүү кызыгычылыкты туудурат.

Бала үлгү боюнча предметтин 3–4 бөлүгүнөн турган элементардык предметтик конструкцияларын түзө алат.

Балдардын музыкалык-көркөм ишмердүүлүгү синкретикалык мүнөзгө ээ болот. Музыкалык образдарды кабыл алуу практикалык ишмердүүлүктү уюштурууда келип чыгат (сюжетти ишке ашырып ойноо, сүрөттөрдү карап чыгуу ж.б., үндөрдү айрып таануу – бала предметтердин үндүк касиеттерин билүүгө ыңгайлашат. Түрдүү музыкалык ишмердүүлүктүн түрлөрүнө тандоо табити ойгонуп, кызыгуусу жаралат (ырдоо, угуу, музыкалык-ритмикалык кыймыл).

## 5 жаштагы балдар

4–5 жаштагы балдар жүрүм-турумдун социалдык нормаларын дагы эле аңдап кабыл ала элек кези болот, ***алар кайсыл жерде өзүн кандай алып жүрүүлөрүн биле беришпейт.***

- ✓ Эреже болгондой беш жашка келип калган бала улуулардын эскертүүсүз эле чоңдор менен учурашып, коштошуп, алар менен сылык түрдө саламдашышат.
- ✓ Андан сырткары алар өз демилгелери менен оюнчуктарды жыйнашып, жөнөкөй эмгекти талап кылган иштерди, аягына чейин чыгара алышат.
- ✓ Бул куракта балдар менен кыздар өздөрүн кандай алып жүрүүлөрү керек экендигин билип калышат.

Өздөрүнүн жүрүш-турушунда кандай гана кемчилик болбосун билип, оңдоого аракет кылышат. Ошентип, 4–5 жаштагы баланын жүрүш-турушу 3–4 жаштагы баланын жүрүш-турушуна караганда бир топко жөнгө салынып калган кез болот, бирок дагы да болсо кээ бир жагдайларда алар чоңдордун эскертүүлөрүнө муктаж болушат.

Бул куракта балдарга ***жуунуу, кийинүү, сууга түшүү, тамактануу, бөлмөнүн ичин тазалоо сыяктуу алгоритмдер жакшы белгилүү болуп калган кез болот.*** Алар: самын, суу, сүлгү, бет аарчы, салфетка, тамактанууда колдоно турган предметтерди билип, колдонуп калышат. Маданий-гигиеналык көндүмдөрдү өздөштүрүүсү, аларды сюжеттүү ролдоштурулган оюндарды ойноосуна түрткү берет.

4–5 жашка келип калган бала ***элементардык түрдө ден соолугу жактан маселе жаралган учурда, улууларга бул тууралуу маалымат бере алат***.

Бул куракта балдар өздөрүнүн ***кайсы жыныска кирерин билишет, анын кээ бир белгилерин аргументтерине карап айтып бере алышат*** («мен эркекмин, ошондуктан шым кийип жүрөм, кыз эмесмин көйнөк кийгидей, мен чачымды кыска алып жүрүүм керек»).

Беш жашка келип калган бала кесиптер тууралуу маалыматтарга, ал кесиптердин кайсынысы аялдарга, кайсынысы эркектерге тиешелүү экендигин билип калышат. Ошондой эле аялдар менен эркектердин өздөрүнө тиешелүү сапаттарын да айырмалап билип калышат.

3 жашка караганда 5 жашка келип калган бала эмгектеги же пикир алышуудагы кыйынчылыктарынан акырындык менен кол үзө баштайт (кежирлик, пикир келишпестик ж.б.у.с.). Бала өзүн курчап турган дүйнөгө кызыгуу менен көңүл бура баштайт жана ал кызыгууларын оюн ишмердүүлүгүндө аткара баштайт. *Мисалы*, бала нанды кесип, андан соң гана куурчактын алдына коет (буга чейин ал мындай кылган эмес). 4–5 жашта **балдардын курбулары чоңдорго караганда кызыктуу сезиле баштайт**.

Төрттөн бешке чейинки куракта балдар ***сенсордук эталондорду кабыл ала башташат,*** аларды предметтерди изилдөө, байкоо жумуштарында активдүү колдоно башташат. Геометриялык формаларды жана көлөмдүк катыштарды айрып таанып калышат.

Бала бул куракта аны курчап турган предметтерге эркин түрдө байкоо жүргүзүү менен аларды анализдей алышат.

Орто мектепке чейинки куракта ***ой жүгүртүү менен иш-аракеттердин байланышы сакталат***, бирок мурункуга караганда башкачараак болот. Көпчүлүк учурда практика жүзүндө манипуляциялоо талап кылынбайт, бирок бардык учурда бала ошол предметти салыштырып, элестете алат. Үч жашка караганда баланын ***көңүл буруусу туруктуу боло баштайт*** (эгер бала топ артынан кетсе, ал бара жатып, башка нерсе менен алаксып кетпейт). Көңүл буруунун маанилүү көрсөткүчү болуп, баланын эреже менен иш алып барып калгандыгы эсептелет.

Так ушул куракта ***балдар эреже менен ойной башташат:*** стол үстүндөгү оюндар (лото, домино) жана кыймылдуу оюндар (жашынмак ж. б.).

Бул куракта баланын ***эс-тутуму интенсивдүү түрдө өнүгөт.*** 5 жашта ал сүрөттө берилген 5–6 предметти эске тута алат. 4–5 жашта репродуктивдүү элестетүү үстөмдүк кылат, образ жаратат жана ырларда, чоңдордун аңгеме айтып берүүсүндө, мультфильмдерде кездешет. Продуктивдүү элестетүүнүн элементтери оюнда, сүрөт тартууда, конструктор түзүүдө кездешет. Бул куракта баланын чоңдор менен пикир алышуусунда өз алдынчалуулукту байкоого болот. Балдар практикалык иштерде чоңдор менен кызматташа башташат (биргелешкен оюндар, тапшырмаларды чогуу аткаруу ж. б.), ошону менен катар интеллектуалдык пикир алышуу да өнүгөт жана төмөнкү суроолор менен бекемделет: *эмне үчүн? эмнеликтен? эмнеге?* Бул суроолор улуулардан жоопторду алууга карата колдонулат. Себептик байланыштарды бекемдөө мүмкүнчүлүгү татаал багыныңкы сүйлөмдөрдүн формасында чагылдырылат.

***Балдар бул куракта өздөрүнө чоңдор тарабынан жакшы мамиле күтүшөт, улуулардын мактоолоруна муктаж болушат, ошондуктан чоңдор аларга эскертүү айтышса, өтө жакын кабыл алышат.***

***Курбулары менен мамилелери мурункудай эле тыгыз байланышта болуп, оюндарда чогуу ойношот*** (оюнда, эмгекте, продуктивдүү ишмердүүлүктө), ошентсе да пикир алышуунун түрлөрү жогорку тепкичке жыла баштайт. Биргелешип оюн ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн балдар бул куракта бири бирине мактоо сөздөрүн, аео сезимин билдирген сөздөрдү айта башташат, интонацияларын шартка жараша өзгөртүшөт. Чоңдор менен пикир алышуу процессинде балдар учурашуу, коштошуу, сылык сөздөрдү колдоно башташат. Сүйлөө кептери мурункуга караганда байланыштуу, бир калыпка салына баштайт.

Кеп жаатында маселелер чечилген сайын коопсуздук жаатында дагы жаралган көйгөйлөрдү бала өз алдынча чече баштайт. Мында улуулар жүрүм-турумдун эгоцентрдик позициясынын, эмоционалдуу эрктүү түрдүү жүрүм-турумунун бир калыпта болбой тургандыгын көңүлдөрүнө алуулары керек. Мектепке чейинки курактагы балдар сюжеттерди кабыл алып, образдарды түшүнө баштайт.

***Көркөм жана продуктивдүү имшердүүлүктө*** балдар эмоционалдуу түрдө музыкалык чыгармаларга жана сүрөт өнөрүнө, көркөм адабиятка ынтаа кое башташат. Аларда адамдардын маанайлары, жомоктук каармандардын образдары берилет. Жашосунун бешинчи жылында балдардын дүйнө таанымы алда канча кеңеет. Балдар сүрөттөрү сүрөт тартуу учурунда башка өңүткө өтүүсү мүмкүн. Балдар эң жөнөкөй болгон техникалык көндүмдөргө жана билгичтиктерге ээ болушат. Курап-тизүү оюндары продуктивдүү өңүткө ээ боло баштайт.

## 6 жаштагы балдар

5–6 жаштагы бала өзүн таанууга жана башка адамдарды коомдун өкүлү катары кабыл алууга умтула баштайт. Бул куракта мектепке чейинки курактагы балдардын **жүрүш-турушунда сапаттык өзгөрүүлөр пайда болот.** Улуулар мурда кандай талаптарды коюп келген болсо, эми балдар өздөрүнө ошондой талаптарды кое баштташат. Алар, мисалы, өздөрүнө кызыктуу эмес иштерди аткарууда кызыктуу иштен баш тартып, жумуш аткара алышат (оюнчуктарды жыйноо, бөлмөнү ирээтке келтирүү). Булардын бардыгы жалпы кабыл алынган нормаларга жараша болот жана аларды сөзсүз түрдө аткаруу шарт болот.

5–6 жашта баланын өзү тууралуу баа берүүсү өзгөрөт. Бул куракта баланын келечекке болгон максаты калыптана баштайт («Мен келечекте жөргөмүш адам болгум келет, «Мен ханзаада болгум келет» ж. б. у. с.), бул иш-аракеттерде ***балдардын этикалык нормалары калыптанат*** жана балдар курбулары эмне иш жасабасын, аларга окшошууга умтулушат. Өздөрүнүн ийгиликтерин же кемчиликтерин башка баланын көрсөткөн жыйынтыгы менен түшүндүрүшөт. Курбуларына мамиле кылууда мурункуга караганда абайлап, тандап, мамиле кылып калышат.

Бул куракта балдар өздөрүнүн ***кайсы жыныска тиешелүү экендигине маани берип, акырындык менен белгилер боюнча багыт алышат*** («кыз» жана «эркек», эмоциялардын пайда болуусу, сезимдердин дароо пайда болуусу, гендердик жүрүм-турумдун өзгөчөлүгү).

Оюн ишмердүүлүгүндө да өзгөрүүлөр байкалат, анда ***оюндун эрежелерин чогуу талкуулоо, зарыл болгон учурда шартка жараша өзгөртүү да байкалат.*** Оюн учурунда ролдорду бөлүштүрүүдө, кээ бир учурда жаралган маселелерди чогуу чечүү да орун алат («Ким болот…»).

Ошону менен бирге биргелешип, оюндун шартын чечүү оюндун жүрүшүндө чечилет. Оюндун мейкиндиги да кеңеет (мисалы, «Театр» оюнунда сцена менен гримдөөчү бөлмөгө да орун берилет). Оюн ишмердүүлүгүнүн түрү да өзгөрөт. Оюндан сырткары да балдардын бири бирине мамилеси жагдайга жараша өзгөрөт. Алар ушундай дилгирлик менен өз баштарынан өткөргөн окуялары тууралуу айтып бере алышат: кайда болушканын, эмнени көрүшкөнүн ж. б. Балдар бири-бирин ынтаа коюу менен угушат, досторунун айтып бергендерин эмоционалдуу түрдө кабыл алышат.

***Ири моторикалары бир калыпка түшөт.*** Бул курактагы бала татаал кыймылдарды жасап калат: анча жоон эмес отургучтардан өтө алат ж. б.; бир колу менен топту жерге чаап, кайра тосуп алуусу жакшырат. Балдар менен кыздардын кыймылдары бирибириникинен айырмаланып калат (балдардыкы – батыраак мүнөздө, кыздардыкы – жайыраак, тең салмактуу тартат). Жалпы конфигурациядан алып караганда дене баланын жынысына карата өзгөрөт.

Беш жашка келгенде ***балдар курчап турган дүйнө тууралуу түшүнүктөрү кеңеет, суроо берүү активдүүлүгү жогорулайт.*** Бул курактагы бала негизги өңдөрдү билип калат жана аларды бири-биринен айырмалап калат (мисалы, бир өңдүн эки касиеттерин билет: ачык кызыл менен күрөң кызыл).

Алты жашка караган ***бала геометриялык фигуралардын бири-биринен болгон айырмасын ажыратып калат***. Алар үчүн заттардын көлөмдөрүн салыштыруу кыйынчылык туудурбай калат, мисалы: 7–10 тарелканы катар коюп туруп, алардын жанына чоңдуктары ар кандай кашыктарды коюу тапшырмасын оңой эле аткарышат.

***Мейкиндикке багыт алуу*** мүмкүнчүлүгү да калыптанып калат. Алар чоңдор менен бирге анча кызыктуу эмес тапшырманы 20–25 мүнөт аралыгында жоопкерчилик сезим менен аткара алышат. Чоңдор тарабынан берилген тапшырманы эрежеге ылайык аткарып калышат.

***Эске тутуу жөндөмү өтө жогорулабаса дагы, мурункуга караганда жылыш*** байкалып калат. Мында балдар анча татаал эмес ыкма, каражаттарды эске тутуу максатында пайдаланып калышат.

5–6 жашта балдардын ***көрсөтмөлүү-образдуу ой жүгүртүүлөрү ири мааниге ээ болот*** жана жалпыланган көрсөтмөлүү каражаттарды (схема, чийимдер ж. б.) пайдалануу менен кубулуштар менен алардын касиеттерин чагылдырган тапшырмаларды аткарууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул куракта бала практикалык ишмердүүлүктөн бөлүнө баштайт.

Элестетүү образдары активдүү өңүткө өзгөрөт.

Бала ***ойдон чыгарылган менен чындыктын ортосундагы айырмачылыкты аңдап биле баштайт.*** Элестетүүлөрү жана ой жүгүртүүлөрү алгач оюнда калыптана баштайт. Ошону менен бирге сүрөт тартуу жөндөмү да калыптанат.

Баланын жашоосунун алтынчы жылында ***сүйлөө кебинде олуттуу өзгөрүүлөр башталат.*** Бул курактагы балдар үчүн тыбыштарды туура айтуу адаттагыдай көрүнүш болуп эсептелет. Балдар жалпылоочу синонимдерди, антонимдерди, сөздөрдүн берүүчү маанилерин, көп маанилүүлүгүн билип калышат.

Сөз байлыгы зат атооч, кесиптик сөздөр, социалдык мекемелердин аталышы менен толукталат (китепкана, почта, спорттук клуб ж. б.) этиштер, адамдардын иштеринин түрлөрүнүн аталыштары, сын атооч, тактооч, сөздүн тике жана кыйыр маанилери, кептик этикетте колдонуулучу сөздөр, каармандардын абалын билдирүүчү сөздөр, эпитет жана салыштыруу сөздөрү менен байыйт.

5–6 жаштагы ***балдардын окуусу*** түрдүү тематиканы камтыйт жана үй-бүлө, чоңдор менен мамиле, курбулары менен алака түзүү, өлкөнүн тарыхын билүү сыяктуу тематикадан турат. Ал эс тутумунда маалыматтын ири топтомун кабыл ала алат жана улантып окуй алат.

5–6 жаштагы ***баланын жашоосун коопсуз кылуу мүмкүнчүлүгү жогорулайт.*** Бул аң-сезимдин өсүүсү менен, эгоборбордук позициянын өтүүсү менен түшүндүрүлөт (бала башка бирөөнүн ордуна өзүн коюуга жөндөмдүү болуп калат).

***Болжолдоо ой жүгүртүү функциясы өнүгөт,*** бул болсо окуялардын чиеленишин жана өнүгүүсүн көрүүгө, башка адамдардын кылык-жоруктарынын жыйынтыктарын көрүүгө шарт түзөт.

Мектепке чейинки жогорку куракта балдардын алгачкы эмгек жаатындагы иштери бат, сапаттуу жасалат. Кол эмгек аркылуу жасалган иштер бул курактагы балдар үчүн өтө деле кооптуу иш болуп саналбай калат.

Көркөм чыгармаларды окуу, музыкалык жана сүрөт искусствосунун чыгармаларын кабыл алуу процессинде балдар эстетикалык баалоонун натыйжасында иштешет.

Көркөм чыгармаларды окуу, музыкалык жана сүрөт искусствосунун чыгармаларын кабыл алуу процессинде балдар өздөрүнө жаккан тиги же бул каармандарды же образдарды тандай алышат. Алар каармандын ак, кара менен айырмасын айра таануунун айласын таба билип калышат. Эмоционалдуу музыкалардын таасири астында балдар жакшы-жамандын айырмасын билип калышат, музыкалык ишмедүүлүктүн натыйжасында сапат калыптанат.

***Чыгармачылыкка багытталган иш-аракеттер мурдакыга караганда бир топ өзгөрүүлөргө дуушар болот.*** Чыгармачыл ачылыштар багыттуу жана түшүнүү аркылуу ишке аша баштайт (образ, көркөм каражаттары балдар тарабынан кылдат тандала баштайт). Продуктивдүү ишмердүүлүктө балдар ойлонгон нерселерин бере алышат (ойлонгон нерсенин аркасынан аны иш жүзүндө туурап берүү жүрөт).

# III бөлүм

# ОЮН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА СУНУШТАР

**Мектепке чейинки курактагы баланын жашоосунда оюн өзгөчө орунду ээлейт.** Оюндарды сабактарда, бош убактыларында өздөрү ойлоп тапкан оюндарды ойношот. Оюндардын өз алдынча ойлоп табылган түрү гана балдардын өнүгүүсү үчүн педагогикада маанилүү орунду ээлейт. Мындай оюндарда баланын инсандыгы даана, ачык, так ачылып берилет, ошондуктан оюн бардык тараптан өнүгүүнүн башаты болуп эсептелет.

**Психология позициясынан алып караганда, оюндар баланын психикалык өнүгүүсүнүн:**

- ✓ кабыл алуусуна, эс тутумунун жакшыртылышына, элестетүүсүнө, ой жүгүртүүсүнө таасир тийгизет;
- ✓ анын калыптануусуна өбөлгө болот.

Социалдык аспектиси – **оюндун** коомдук тажрыйбаны өзүнө сиңиргенинде, балдарга чоңдордун түздөн-түз тарбия алуусуна таасирин тийгизүүсүндө.

Тууроо жолу аркылуу бала оюнда ал үчүн жеткиликсиз болгон чоңдордун жүрүм-турумун ишке ашырат жана ишмердүүлүгүн кайталоого аракет кылат. Оюндук жагдай жаратуу аркылуу мектепке чейинки курактагы бала адамдык мамилелердин негизги жактарын өздөштүрөт жана кийинки жашоо-турмушунда колдонот. Оюндун педагогикалык аспектиси балдардын ишмердүүлүгүн жана турмушун уюштурууга жардам берет.

Оюнду шарттуу түрдө эки негизги топко бөлүүгө болот: **сюжеттүү ролдоштурулган (чыгармачыл) оюндар жана эрежеси менен оюндарга.**

**Сюжеттүү-ролдоштурулган оюндар:** күнүмдүк турмушка арналган, өндүрүштүк тематикага ээ, курулуш оюндары, жаратылыштык материалдар менен оюндар, театрлаштырылган, көңүл ачуучу оюндар.

**Эрежеси менен** оюндарга дидактикалык (предметтер, оюнчуктар, дидактикалык, стол үстүндөгү басмалуу, музыкалык-дидактикалык оюндар), кыймылдуу (сюжеттүү, сюжетсиз, спорттун элементтери бар) оюндар кирет.

Педагог балдардын оюнуна жардам берүү менен алардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн активдештирүүсү керек. Эрежелери менен оюндарда кызыктуу маселелерге көңүл буруу керек жана балдардын өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмүнүн өсүүсүнө өбөлгө түзүү кажет. Бул болсо баланын инсан болуп калыптануусуна шарт түзөт.

## Экинчи кенже топ (төрт жаштагы балдар)

### Сюжеттүү ролдоштурулган оюндар

Биринчи кенже топто бирдиктүү сюжетке педагог өзгөчө көңүл бурат жана оюн ишмердүүлүгү аркылуу баланын көңүл буруусу жакшырат. Ошол эле убакта предметтүү оюндан сюжеттүү оюнга өтүү жана предметтен каарман менен сюжетке өтүү ишке ашат.

3–4 жашында бала предметтик өз ара таасир этишүүдөн адамдар ортосундагы мамилелерди ишке ашырууга активдүү түрдө өтөт, оюнда гана социалдык байланыштардын нормалары менен эрежелери нравалык чөйрөнү калыптандырат. Үч жашта бала өз алдынча иш-аракет кылуусуна шарт түзүлөт: кийинүү, тамак тандоо, куруу иштерин жүргүзүү, оюнда эрежелерди ойлоп табуу. Өз алдынчалуулукка болгон умтулуу, баланын чоңдор менен чогуу жашоого болгон умтулуусун, ал жашоого активдүү катышууга, бирөөнүн эрки менен болуусуна шарт түзөт.

**Бул этапта педагог бала менен таасир этишүүнүн жаңы формасын таап, ага өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүүсү керек.**

Эгер баланын талаптарына карабастан өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзсө, балага маалымат алып жүрүүчү катары кызыктуу болот. Ошондуктан ***өз алдынча ойноо менен бала ар дайым чоң кишиге: «Мен туура кылдымбы?», «Кандай кылуу керек?», «Кайсы жерге жол салуу керек?», «Кирпичтерди кайдан алуу керек?» деп кайрылат.***

Сюжеттүү оюндарда оюнчуктардын сөзсүз түрдө болуусу оюндун мазмунун байытат. Тике жана кыйыр жетекчилик кылуу менен педагог кыска оюн чынжырчаларын өнүктүрөт. Мисалы, апасы кызынын чачын тарайт, кызы көйнөк киет, апасы кызын тамактандырат, кызын бала бакчага алып барат.

Режиссердук оюндарда күнүмдүк турмуштун үзүмдөрү берилет; балага түшүнүктүү болгон элестер ишке ашат. Акырындык менен каармандын атынан сүйлөөгө, ал каармандын жүрүм-турумун тууроого өтөт жана бала ролдоштурулган оюндарга катыша алат.

Сюжеттүү-ролдоштурулган оюн балдарга образдуу ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жардам берет.

- Калыптандыруу үчүн бала ролго кирүүсү керек, ал эми педагог бардык шарттарды түзүүсү керек. Бала ар бир каармандын образына өзүн коюу менен ал каармандын ой толгоосун, иш-аракетин, ишмердүүлүгүн өз жан дүйнөсүнөн өткөрүүсү керек.

Ролдоштурулган оюндун башында бала каармандын атынан өзүн атабайт. Мисалы, бала атты жетелеп бара жатып, таякты алып тыкылдатып: «Эй, күлүк атым, чү-чү!» «Атты, ким жетелеп баратат?» деген суроого жооп кылып, бала «өз аты менен Азат» деп жооп берет.

Үй-бүлөнү методикалык жактан колдоо боюнча биргелешкен оюн балдардын оюн ишмердүүлүгүн калыптандырууга, иштиктүү оюндар менен тренингдерди, ата-энелер клубун, консультацияларды, үй-бүлө менен мектепке чейинки мекеменин ортосундагы ишмердүүлүктүн түрлөрүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

- Педагог өзү гана келечектеги инсандын образы болорун жана ал максатка бала умтуларын эстен чыгарбоосу керек.

Нравалык жүрүм-турумдун тажрыйбасын калыптандырууга оюн өз алдынча шарт түзөт, анткени баланын оюндун жүрүш жагдайында оң каармандарды тууроо, алардай болууга умтулуу каалоосу жаралат. Бул этапта ролдоштурулган жүрүм-турумду балдарга багыттоо педагогдун негизги милдети болуп эсептелет. Албетте, бул учурда ролдоштурулган оюндар жардамга келет. *Мисалы:*

*Педагог оюн топтомун алып келип, азыр дүкөн оюну болорун жана оюнчуктар гана катышарын эскертет.*

> *Педагог:* «Бул – Акылай аттуу куурчак. Ал – сатуучу. Анын фартугу ак. Акылай таразаны коюп, жемиштерин даярдап, кардарларын күтүп турат. Бул Топ аттуу кирпи, ал Акылайдан: «Мага бир килограмм алма берчи»,– деп суранды.
>
> *Акылай Топко бир килограмм алма сатат. Ал баштыкка алма салып, кирпи акчасын ага берет.*
>
> *Педагог:* «Силер кандай ойлойсуңар, алманы алганда кирпи эмне дейт? Ага Акылай эмне деп жооп берет? Силердин кимиңер сатуучу болосуңар?»
>
> *Андан соң педагог балдардын бирине Акылайдын ордуна туруп, анын ролунда болуусун сунуштайт.*

Ушундай оюндардын негизинде акырындык менен сюжетти белгилүү бир кыймылдарды атрибуттар менен ролдоштуруп аткаруу аркылуу балдардын өнүгүүсү пайда болот.

Бул куракта балдар педагогдун жардамы менен бири-биринен көз каранды болгон ролдордун топтомун бөлүп көрсөтө алышат (ата-эне – балдар, сатуучу – сатып алуучу, доктур – бейтап ж. б. у. с.). Аны менен бирге балдарга чоң адамдардын адал эмгегин көрсөтүүгө болот. Мисалы, бала бакча ичинде экскурсия убагында кызматкерлердин иш убактыларын көрсөтүүгө болот. Педагог менен бирге балдар келе жаткан майрамга кийимдерди тигип жаткан адамдардын эмгегин, Күлала (Золушка) үчүн кийим кандай кыйынчылык менен тигилерин өз көздөрү менен көрүүлөрү керек.

- Кесиптик эмгек тууралуу балдардын элестетүүлөрүн кеңейтүү максатында, педагог тема боюнча көркөм адабияттарды туура тандоосу жана аңгемелешүүлөрдү, көргөн, уккан, окуган чыгармаларын талкуулоону, билимдерди өздөштүрүүнү жолго салуусу жана өз ой-пикирлерин ачык айтып бере алууларына шарт түзүүсү керек.

Оюн процессинде бала оюндук материалды туура колдонот. Адатта педагогдор балдардын оюнчуктарды сындырып коюуларынан алдын ала оюнчуктарды балдар жете албаган бийик жерлерге же шкафтын үстүнө коюп коюшат. Мында балдардын оюндары толук кандуу болбой калат, алар бири-бири менен кубалашып, пикир келишпестик жагдай жаралат. Бул учурда балдардын оюну көңүлсүз тартып, жыйынтыгында балдар чоңдор менен пикир алышуудан ырахат албастан,тескерисинче, капалануу, кыртышы сүйбөгөн абал жаралат.

- Педагог оюнчуктар гана бөбөктөрдүн жашоосун байытарын, жаңы оң эмоцияларды жаратарын, сюжеттүү-ролдоштурулган оюндардын мазмунун аныктай тургандыгын билет. Психологдор, педагогдор маал-маалы менен балдар көп ойногон оюнчуктарды алып туруу керектигин эскертишет. Ролдоштурулган оюндардын эң башында оюн гана баланын чыгармачыл аң-сезиминин өнүгүүсүнө өбөлгө болот. Оюндардын, оюнчуктардын түрү канчалык арбын болсо, оюндун маани-мазмуну да ошончолук бай болот.
- Педагог ар дайым балдардын бири-бири менен ойноо процессине көзөмөл кылып туруусу керек, оюн туңгуюк абалга кептелгенде байкоосу керек. Бул учурда педагог оюнга жаңы орун басар-предметти киргизет, мисалы: («Сенин мыкты урганга балка таппай жатканыңды көрүп калдым»); пикир келишпестик жагдай жаралып калган учурда баланы сооротуу керек.

Изилдөөчүлөр оюн ишмердүүлүгүнө оюндук ишмердүүлүк жөндөмүнө ээ болуу менен предметтик оюндук чөйрө көп функционалдуу предметтердин жана оюнчуктардын санын көбөйтүүдөн татаалдашат деп эсептешет. Балдарга атрибуттар, предметтер, оюнчуктар менен өнүгүү борборлорунда ойноо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуу зарыл болуп эсептелет.

- Дүкөн, оорукана, чач тарач, кемеде саякаттоо үчүн оюн атрибуттары мезгил-мезгили менен жаңыланып туруусу керек.
- Экинчи кенже топто стационардык бурчтар бир нече болуусу кажет.

Динамикалык аймактар кыймылдуулукту талап кылат жана оюндун шартына жараша өзгөрүү касиетине ээ. Бул жерлерде оюндук модулдар жайгаштырылышы мүмкүн: кубиктер, тактайчалар, кагаздар, кездеменин үзүндүсү, майда таштар ж. б., улам жаңы оюндун шарты үчүн жаңы кырдаал түзүлүп туруусу зарыл.

Балдар үчүн жагымдуу жагдай болуп, алар жок кезде ойноочу жердин өзгөрүп туруусу эсептелет. Педагог тарабынан оңдоп-түзөө иштери жасалган болсо, балдарда ойноо үчүн жаңы шарттар, эрежелер пайда болушу мүмкүн. Балдар оюн үчүн жетишпеген деталдарды өз каалоолоруна жараша тандап, ойноо мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Бул шартта кыйынчылык туудурган бир жагдай – балдардын бири-бири менен тил табыша албоосу. Эгер оюндун шарты чоңдор тарабынан түшүндүрүлсө, анда көп татаалдык болбойт.

Педагогдун оюн үчүн түзгөн шартын (мисалы, педагог материалдар аркылуу курулуштун бир комплексин түздү дейли: мунара, короо, аянтча, көпүрө) биринчи көргөн бала дароо оюнду баштаганга умтулат. Калган балдар да келип, өз ойлорун ишке ашырууга аракет кылышат. Бул учурда педагог балдар үчүн көп функционалдуу предметтик чөйрө түзүү менен, балдардын өз кызыкчылыктарын жана каалоолорун шайкеш келтирүү менен, өзгөлөрдүн да эмгектерин сыйлоо керектигин билдирүүсү керек. Ошондуктан балдар керебеттен турганга чейин эле педагог аларды тезирээк кийинүүсүн, антпесе, аларды кийинүүчү бөлмөдө жагымдуу сюрприз күтүп тургандыгын кабарлоосу керек. Педагог балдарды бөлмөгө алып келгенде, балдар бул сюрприз тууралуу өз пикирлерин бири-бирине билдире башташат. Андан соң чоңдордун жардамы менен оюнду эрежеге ылайык улантышат.

- Балдардын ойлоп табуу туюмдары туруктуу эмес, пайда болору менен жок болуп кетүүсү да мүмкүн, педагог ар дайым негизги мазмунга таянуу менен оюнду жетектөөсү жакшы натыйжа берет. Экинчи кенже топтун балдарына алардын ишмердүүлүгүнүн мазмуну түшүнүктүү болот. Мазмунду аныктоо үчүн педагог тактоочу суроолордун жардамы менен балдардын андан аркы пландаштыруусуна, өнүгүүсүнө, кебинин өнүгүүсүнө шарт түзүп берүүсү кажет.

Биргелешкен оюнда педагог балдарды бири-бири менен пикир алышууга, конкреттүү жагдайларда эмоцияларын билдирүүгө, каармандарды тууроо аркылуу жаңы образдарды жаратуусуна шарт түзүүсү керек. Бул курактагы балдар «катарда» ойноо алкагынан дагы да болсо чыга албайт, бирок, мисалы, кошуна аянтчада кимдер эмне оюн ойноп жатканы ал үчүн өтө кызыктуу болот. Балдар оюнчуктарды алмашуу аркылуу бири-бири менен пикир алышат (мага тракторуңду берчи, менин машинам тыгылып калды), идеялар, кеңештер менен алмашышат (сен бул жерге башка тактайды койсоң болмок), педагогдун суроосу боюнча бири бирине жардам көрсөтүшөт.

Ролдоштурулган жүрүм-турумду өнүктүрүү үчүн балдар сюжеттүү-ролдоштурулган оюндарда ***бири бирине таасир этишүүсү үчүн педагог адабий-көркөм материалдарды колдонуусу керек. Бул болсо алардын каармандардын кылык-жоруктарын анализдөө жөндөмүн калыптануусун жолго салат***.

**Жомокторду аткаруу, ырларды жаттап айтып берүү балдардын эмоционалдуу чөйрөсүн ачууга жардам берет жана өзүнүн аткарган ролунан канааттануу сезими пайда болуу менен бирге өзүнө өзү баа берүүсү жогорулайт.**

Өз алдынча ойноону ишке ашыруу үчүн кандайдыр бир кыймылды жүзөгө ашыруу жетишсиз, каарманга карата эмоционалдык оң мамиле калыптануусу үчүн педагог түрдүү аракеттерди көрүүсү керек. Жомокту же чыгарманы бир сыйра окуп берген соң, ар бир образды балдар менен чогуу дагы бир жолу талкуулашат. Балдар менен аңгемелешүү учурунда каармандын образы сөз аркылуу тартылат (чычкан кичинекей, боз, катуу чуркайт).

Педагог бөлмөдө чыгарма боюнча атрибуттарды калтырып коет, ал эми балдар болсо ошол оюнчуктар менен ойношот. Мында алар көркөм каражаттар аркылуу чыгарманы оюнда ишке ашырышат.

- Педагогдор балдардын жомокту кайра айтып берүү жөндөмүн калыптандыруусунда гана алардын сезимдери өөрчүйт, ал эми ыкма менен мимикалар жеке керт башына тиешелүү болуп калат, анткени бала аларды ролдорду аткаруу менен гана өз алдынча табат. Оюнда бала өз чыгармачылыгын берет, жаңы менен эскини топтоштурат, ролду аткаруу эле чыгармачылыкты билдирет.

**Театрлаштырылган оюн.** Экинчи кенже топтогу балдар үчүн чоңдордун образга кирип, аткарып берүүсү көнүмүш иш. Роль аркылуу гана бала чыгармачылыгын көргөзө алат, түрдүү элементтерден предмет жасай алат, жаңы менен эскини топтоштурат.

Көркөм адабиятты окууда балдарды сюжет менен гана эмес, образдуу материал аркылуу кызыктырууга болот. Көркөм адабиятты окууда балдарды сюжетке гана эмес, образдуу материалдарга көңүлдөрүн буруу керек. Жомокту шашпай, көркөм окуу балдардын кебинин интонациясынын өзгөчөлүктөрүн угууга жардам берет, каармандын сырткы келбетин мүнөздөөгө шарт түзөт.

- Балдар жомокту бир нече жолу укканды сүйүшөт. Ар бир окуган сайын педагог жаңы көркөм оюндук маселелерди көтөрүп, ролдоштуруп бөлүштүрүүнүн түрдүү формаларын ойлоп табуусу керек.

Биринчи жолу көркөм окугандан кийин балдар сюжеттин жалпы мазмунун өздөштүрүшөт, каармандар менен таанышышат. Экинчи жолу көркөм окуганда жомоктун каармандарын жесттин, мимиканын, интонациянын жардамы менен көрсөтүүгө болот. Кийинчерээк балдар сүрөттөрдү, каармандардын сүрөттөрүн баяндоонун ар кайсы жеринен көрүүлөрүнө мүмкүн болот. Баланын аң-сезиминде конкреттүү образ гана эмес, бардык көркөм-образдык кырдаал да пайда болот: мына каарман, анын үйү, анын башка каармандар менен болгон карым-катышы. Жомокту окуу менен, аны айтып берүү менен дароо байланыштыруу керек. Ошондо гана тарбиячынын чечмелөө үчүн мүмкүнчүлүгү, ал эми баланын элестетүүсү үчүн мейкиндик пайда болот. Мисалы, балдарга «Кичинекей үй» («Теремок») жомогун окуу менен педагог ар бир каарманды туурап берет, үнү, кыймыл-аракети, жести менен кичинекей чычканды, семиз бакаsuccessfully, ылдам чуркаган коенду, омбу-домбу аюуну туурап берет. Жомок менен таанышуунун кийинки этабы болуп, ал жомоктон үзүндүлөрдү аткаруу болуп саналат. Педагог жомокту окуп жатып, кайсы бир жеринен токтойт жана ошол жерин балдардан туурап аткарып берүүсүн өтүнөт. Мисалы, чычкандын кичинекей үйгө келип: «Ким, ким теремокту байырлайт? Ким, ким бул үйдө жашайт?» – деп сурап турган жерин сурашат. Балдар болсо каармандарды өздөрүнө жараша туурап беришет. Ошентип, балдар жомокту кыйынчылыксыз эле өздөштүрүп алышат: каармандарды, алардын кыймыл-аракеттерин ж. б.

Экинчи кенже топтун бөбөктөрү «Үй» театрын көрсөтө алышат, б.а. борборунда педагог турган мини-спектакль коюшат. Мындай спектакль атайын чакырылган көрүүчүлөрдү талап кылбайт, көрүүчүлөрдүн ролунда отургучтарга отургузулган куурчактар болот: узакка созулган репетициялар, тарбиячы менен балдардын тынчсызданууcу болбойт («бардыгы жакшы болсо экен»). Бул оң мотивациянын жаралышына өбөлгө болот жана балдарды конкреттүү спектакль койгонго даярдап, багыттайт. Бирок башка иш-чаралардай эле спектакль бир аз даярдыкты талап кылат. Балдарды иш-аракеттин өзүнө даярдап, аралаштыруу керек. Педагогдун жардамы менен балдар көрүүчү-куурчактарды отургучка отургуза алышат, театралдык бурчтан баш кийимдерди, спектаклге керек боло турган кээ бир деталдарды таап, даярдай алышат.

Спектаклдын маанисин акырындык менен татаалдаштырса болот. Балдарга каармандарга музыкалык мүнөздөмө берүүнү сунуштоого болот. Фрагменттүү аткаруу этабында кийимдерди колдонбой деле койсо болот, негизги басым аларды кийип көрүүгө кетип калуусу мүмкүн жана балдар эң негизгиси – образга кире албай калышат. Театрлаштырылган көрсөтүүдө, албетте, кийимдердин болуусу керек: бул балдардын маанайын көтөрөт, өз ролдорун сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ошентип, балдар театр дүйнөсүнө жакындай башташат.

Ушул куракта аларга элементардык маалыматтарды бере баштоо керек (өзүн сахнада кандайча алып жүрүү керек ж. б.), театралдык оюнга чейин да балдарга спектакль тууралуу маалымат берүү керек. Бул аңгемелешүүдө тарбиячы балдарга оюндун эрежелери тууралуу кайталап берет. Спектаклды көргөндөн кийин балдардан кээ бир каармандарды

туурап бергиле деп сурануу керек. Балдарды театрда өзүн алып жүрүү эрежелери менен тааныштыруу аркылуу ал жакта эч ким менен сүйлөшпөй, башкаларга жолтоо болбоо керектигин эскертүү керек.

- Спектаклдын аягында балдардан «Спектакль жактыбы?» деп суроо керек, ал эми спектакль боюнча аңгемелешүү канча бир убакыт өткөндөн кийин болгону жакшы. Кийинки талкууда балдардан спектаклден эстерине калган кызыктуу жерин суроо керек жана ал жерлерди үн, мимика менен туурап берүүсүн өтүнүү керек. Педагог талкууга баарынан пассивдүү балдарды да тартып, аларды да кызыктуу суроолор менен аңгемелешүүгө тартуусу керек.

Экинчи кенже топто кичи фольклордук формадагы чыгармаларды колдонуу туура болот. Чоң эмес ырларды драматизациялоо балдарды жомокто өздөрүн башкы каарман сезүүсүнө түрткү берет. Ырды аткаруу менен бала текстке ылайык кыймылдайт. Каарманды өз мүмкүнчүлүгүнө жараша чагылдырат. Сабактан сабакка балдар менен иштөөнү татаалдаштыруу керек; ар бир каармандын мүнөзүнө жараша бийлөө үчүн музыкалык инструменттин жардамы менен коштоо керек. Оюндарда стол үстүндөгү куурчактардын түрлөрү колдонулат (токулган, кийизден жасалган, кагаздан, банкадан, жалпак фигуралар, сүрөттөр ж. б.). Өтө сезимдүү ролдорду жаратууга али эрте болот.

Балдардын эмоциясы ачык чагылдырылат. Бала кайгылуу коенду бере албайт. Ошондуктан эмоционалдуу образдарды аткаруусу үчүн педагогдор алгач майрамдарда, сабактарда эмоционалдык маанай жаратуулары керек.

Театрлаштырылган оюндарда өз эмоциясын берүү менен балдар кубанычты, кайгыны каармандын образы аркылуу жаратууну үйрөнүшөт.

**Дидактикалык оюндар.** Экинчи кенже топто балдардын сенсордук өнүгүүсү улантылат жана кабыл алуусу сенсордук эталондор аркылуу калыптанат жана алар кабыл алынуучу объект менен тең келет. Балдар предметтин формасын, көлөмүн, фактурасын да аныктай алышат. Мисалы, «Өңдөрү боюнча чогулт» оюнунда балдарга геометриялык фигуралардын бөлүктөрүнүн жардамы аркылуу, аларды айырмалоо менен бириктирүү тапшырмасы берилет. Бул оюн бир кыйла татаалдаштырылып берилиши мүмкүн (тигил же бул контрасттык өңдөгү фигураларды чогултуу; өңдөрү боюнча фигураларды чогултуу; кагаздан гана жасалган предметтерди чогултуу ж. б. у. с.). Мында балдар кыймыл-аракетти гана аткарбастан, фигураларды сырткы белгилери боюнча топтоштуруп, алардын касиеттерин туура аташат (мисалы, формасын, өңүн, көлөмүн).

Балдар 3–4 жашынан баштап бардыгын өз алдынча аткаргылары келет. Ошондуктан тапшырманы аягына чейин угушпайт. Кыйынчылыктарга туш келгенде өздөрү каалаган жыйынтыкка жете албай, оюнду таштап коюшат.

- Педагог балдардын көңүл борборун кармап турууну билүүсү керек, оюндагы эреже, тартипти бекем сактоо менен, кандай кылуу керек экендигин көрсөтүп берүүсү жакшы натыйжа берет.
- Оюнда жагымдуу эмоциялык кырдаал болуусу абзел. Пайда болгон кыйынчылыкты жеңүүгө болгон аракет балдардын жыйынтыкка умтулуусу үчүн жакшы стимул болуп берет.
- Кээде мугалимдер балдар буга чейин кандайдыр бир иш-аракет методдорун өздөштүрүшкөнүн, бирок аны улантып жатканына көңүл бурушпайт, мугалим баланын иш-чараларын жандандыруу максатында иштин кыйла татаал ыкмаларын сунуш кылышы мүмкүн (мозаикалык үлгүлөрдү чогултуу, арабаларды конструкциялоо үчүн тоголотуп келүү).

Жөнөкөй предметтер, сүрөттөр, оюнчуктар алынса болот. 3–4 жаштагы балдардын предметтердин сырткы белгилери боюнча элестетүүлөрү калыптанат. Балдарга предметтин сүрөт, схема түрүндө берилиши сунушталат.

Дидактикалык оюндарда түрдүү оюндук маселелер коюлат (себетке бир формадагы фигураларды чогулт; жашыл өңдөгү гана жашылчаларды чогулт; сүрөттөгүдөй предметтерди чогулт, ар бир окуучуга резина тобун бер ж. б.). Бөбөктөр оюндарда майда таштарды, чоң топчуларды, формачаларды, пластилинден жасалган нерселерди колдонсо болот.

Ушул курактагы балдар үчүн сөз менен ойнолуучу бардык оюндар кызыктуу жана пайдалуу болот. Мындай оюндарды ойноо кепти өстүрүүгө, сөз байлыгын байытууга көмөк көрсөтөт. Бала бул учурда өзүнүн кыялына таянат. Мындай оюндар көбүнчө фольклордук чыгармалар аркылуу ишке ашат. Сөз менен ойнолуучу оюндар ушул курактагы балдар үчүн кызыктуу. Мындай оюндарды колдонуу, сөздүктү өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт. Оозеки оюндар көп учурда элдик материалга негизделет.

Сөз оюндарында заманбап балдар жазуучуларынын көркөм чыгармалары пайдаланылышы мүмкүн. Бул материалдарды колдонуу менен мугалим анын оюн эске салат, дидактикалык максатын жана миссиясын аныктайт.

Так кыймылды өнүктүрүү үчүн көбүнчө музыка балдардын музыкалык табитин берген музыканы коюу керек, мында балдар өз алдынча динамиканын өзгөрүүсүнө жараша (катуу же акырын) кыймылдарын өзгөртүшөт. Мезгилдин өтүшү менен кыймылдар жөнөкөй каражаттардын жардамы менен татаалданат: балдар жөнөкөй каражаттардын жардамы менен музыкалык оюн образдарын туурап гана тим болбостон, мамалактардай болуп басышат, аста мышыкча аярлап басышат, жолборстун балдарындай болуп тырмактарын көрсөтүп, ырылдашат.

Экинчи кенже топко курчап турган чөйрө менен тааныштыруу үчүн көп учурда атайын байкоолорду жүргүзүшөт (сейилдөөдө, топтун терезесинен). Мындай байкоолор учурунда балдар жаратылыштык кубулуштарга байкоо жүргүзгөндү, сөз укканды үйрөнүшөт: дарактар кийимин өзгөртүшөт, көчөдө жарык же караңгы, суук же жылуу экендигине байкоо жүргүзгөндү үйрөнүшөт. «Тапчы, эмне өзгөрдү?», «Ким кандай кыйкырат?», «Эмнеге окшош?» ж. б. суроолор эс тутумдун жакшырышына, көңүл буруунун калыптануусуна, предметтерди эсине сактап калуусуна, окуяларга баа берүүсүнө өбөлгө болот. Мисалы, балдар асмандагы булутту байкашат; ал булуттар кандай болуп карарып, жаан кандайча жаай тургандыгын көрүп турушат. Педагог суроолордун жардамы менен төмөнкү байкоолордун ишке ашырылышына шарт түзөт. Мисалы: «Биз көчөдөн эмне көрдүк?», «Ал эмне болду? Андан кийин эмне болду?». Педагог балдарга суроо берүү менен байланыштуу кепти түзүүгө жардам берет, мисалы: булут жаан күн.

Бир эле оюнда түрдүү пландагы тапшырмалар берилиши мүмкүн. Мисалы, «Жаратылыштын календарында» балдардын терезе аркылуу көрүнгөн жаратылыш менен музыканын ортосундагы айырмачылыктары айкалыштырылат. Балдар экинчи кенже топтон баштап эле терезеден көрүнгөн жаратылышты байкоо жөндөмүнө ээ болушат. Терезенин алкагы – таң калтыраарлыктай сүрөтчүнүн тарткан картинасындай, анда бардыгы кыймылдуу, маанай өзгөрөт, ал эми чыныгы картинада баары кыймылсыз, жансыз (ошондуктан балдар жандуу картинаны көрбөй туруп, жансыз картинага чоңоюп калган кезде баа бере албай калышат). Ар бир жолу балдар жаңы таасирлерди мурункулар менен салыштырышат; кечээ гана дарактар жашыл эле, бүгүн болсо күздүн таасири байкалат, тигине, сары жалбырак да көрүндү ж. б. маселе – көргөн нерсеге эмоционалдык мазмундук баа берүү.

Дидактикалык оюндарды өткөрүү учурунда балдарда тигил же бул тапшырманы аткарууну каалоосун жаратуу маанилүү. Анүчүн педагог кайсы бир иш-аракеттерди

(сейилдөөгө чыгуу үчүн кийинүү, көлөмү боюнча чоңойгон же кичирейген тегеректерден пирамиданы чогултуу, кесилген картинканы чогултуу ж.б.) аткара албаган оюн каармандарын оюнга кошот, бул тууралуу балдарга маалымдайт жана каармандарды туура аракеттенгенге үйрөтүп, аларга ийгиликке жетүү үчүн жардам берүүнү балдарга сунуштайт. Жардам берүүнү каалаган балдар тапшырманы ийгиликтүү аткарышат. Эгерде бала натыйжадан канааттануу алса (оюнга кошулган каармандын ыраазычылыгына татыктуу болот жана аракеттери үчүн чоң адам тарабынан оң баага татыйт), анда дидактикалык оюнга болгон кызыгуу бекемделет.

Дидактикалык оюндарда адатта драмалаштыруу колдонулат. Жаныбарларды сүйүктүү жомоктордон каармандарды тууроо, балдардын аларга мимика, жест менен жакындашуусуна шарт түзөт. Драмалаштыруу түрдүү ишмердүүлүктө жана сабактарда колдонууга татыктуу. Дидактикалык оюндарды аткартууда драматизация кеңири колдонулат.

- Педагог ар дайым оюндун ар бир компонентин ишке ашырууга даяр болуп туруусу керек (дидактикалык же оюндук тапшырмага, оюндук иш-аракетке), анткени ал факторлор оюнду ары кызыктуу, ары пайдалуу кылууга жардам берет.

Оюн жаңы каармандарды киргизүү, тапшырма, эрежелерди жаңылоо аркылуу кызыктуу өңүттө өтөт. Мисалы, кичинекей үйгө тыйын чычкан менен бугунун баласы келсе, күчүк менен кумурска кошулса, жаңы оюнчуктар, жаңы ырлар менен толукталса, анда бул жомок балдар үчүн мурункудан да кызыгууну жаратат.

Физкультурада өткөрүлгөн дидактикалык оюндарда да драмалаштырууда колдонулушу мүмкүн. Мындай сабактар курчап турган дүйнөнү чагылдыруу менен өзүнө жалпы өнүктүрүүчү мүнөздү камтыйт. «Кубикке жуп тап», «Чоң жана кичине топтор», «Цирктеги маймыл» бөбөктүн таанып-билүүсүнүн өнүгүүсүнө шарт түзөт. Мейкиндикти элестетүү, физикалык жактан өнүгүү жаатына да таасир этет. Кыймылдуу-дидактикалык оюндарды эртең мененки көнүгүү маалында ойнотуу – секирүү, басуу, туура дем алуу, кыймылдарды образдуу аткаруу сыяктуу көндүмдөрдү калыптандырат.

## Ортоңку топ (беш жаштагы балдар)

### Сюжеттүү ролдоштурулган оюндар

Бул куракта сюжеттүү-ролдоштурулган оюндар балдардын жашоосунда маанилүү орунду ээлейт. Алардын ойноого гана эмес, тигил же бул ролду аткарууга болгон умтулуусу байкалат. Өзүнө роль аткаруу жоопкерчилигин алуу менен эрежелерди аткарууга бел байлайт. Оюндун мазмуну болуп, адамдар ортосундагы мамиле эсептелет (мисалы, педагог балдарды колдорун жууганды, керебеттерин оңдогонду, тамактанууну үйрөтөт). Оюндарда сюжет эрежелерге баш ийүүгө жардам берет. *Өзүн айдоочу элестеткен бала светофордун жардамы менен жолго чыгат, учкучтун ролун аткарат, диспетчердин буйругу менен аэродромдон конууга жер издейт.*

Толук кандуу сюжеттүү ролдоштурулган оюндарды өнүктүрүү үчүн параллелдүү түрдө таанып-билүүнү активдештирген оюндарды ойнотуу керек жана ал оюндар балдардын өз алдынча аракеттенүүсүн калыптандыруусу зарыл.

Эрежелер менен оюндар балдарга жаңы оюндарды ойлоп тапканга жардам берет, ошондой эле балдардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн арттырат.

Эрежелер боюнча оюндар менен ойноо оюнга чыгармачылык мамиле жасоого түрткү берет. Бул куракта балдар өз алдынча демилге көтөрүүгө, ойноого жарамдуу болуп калышат. Балдардын оюнга болгон мындай мамилеси артта калуудан алыс кылат жана өз алдынча демилге көтөрүүгө жардам берет. Мисалы, «Дүкөн» оюнунда педагог сюжеттик

жаңы линияларды балдарга үлгү катары берет («Нан саткан машина келди – эмне кылуу керек?»), окуянын андан ары өнүгүүсүнө шарт түзөт («Дүкөндө дагы кандай азык-түлүк болушу мүмкүн»?), бул жерде оюнчуктардын орун алмаштыруучу предметтер болот.

Бул үчүн атайын бөлүнгөн шкаф, тиешелүү материалдары бар ящиктер керек болот. Предметтерди окшоштуруу үчүн да оюнчуктар керек болот («Эмне эмнеге окшош?»).

Орто топтун балдары оюн үчүн зарыл болгон элементтерди колго жасай алышат. Бул үчүн бош убакытты бөлүү керек жана сабакка терс таасири тийбөөсү зарыл. Балдар колго жасалган оюн үчүн керектелүүчү предметти жасаган соң, дароо эле колдонгонго болгон ынтааларын коюп, жан-дили менен аракет кылышат.

- Балдардын оюндарында улуу кишилердин ролу «жалаң гана техникалык каражаттар» менен байланыштуу болбостон, балдардын оюн ишмердүүлүгүнө да түздөн-түз тиешеси болушу керек. **Балдардын оюнга болгон кызыгуусун оюндун теориясы менен практикасын айкалыштыра билген, алардын эмоционалдык абалын түшүнгөн жана жөн гана көңүл кош эмес педагог гана арттыра алат. Жакшы педагог эч качан ролдоштурулган оюн учурунда четте карап турбашы керек, ал оюнду байкап, оюнга жаңы жашоо, дем берип туруусу зарыл.**

Көңүл көтөргөн балдар оюнунда педагог өнөктөш же багыттоочу болуп эсептелет жана кыйын учурга кептелип калганда жардамын аябай жол көрсөткүч болот, жуп-жуптан же үчтөн болуп бөлүнүүсүнө да көзөмөл кылат. Ролдор жетишпей калган учурларда балдарга, мисалы, «Дүкөн» оюнунда сатуучудан бөлөк дагы жүк көтөргүчтөр, менеджер, кассирлер ж. б. көптөгөн кызматкерлер болорун эскертүү керек. Сюжет көбүнчө айдоочу жүктү ташып келет, жүк көтөргүч түшүрөт, боцман команда берет – матростор аткарат. ***Оюн «Катар жана чогуу» принциби менен жүрөт, бирок оюн ойноочулар ортосундагы мамилелер уланмалуу, ал эми эмоционалдык боектор ачык түскө өтөт.*** Өзүнүн жана башканын эмгегин баалоо («Сен баарын куруп бүтүп койдуңбу?»), иштин сапатын баалоо жана башкалардын эмгегин оңдоп-түзөө («буга бир нерсе жетишпей жаткансыйт»). Балдар оюнда өздөрүн эркин сезүүсү, аларга бардык ролду ойноп көрүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек. Ошентип, ролдор менен алмашуу жүрөт, оюндук тажрыйба топтолот, ар бир бала айдоочунун, жүк ташуучунун, машинисттин, кассирдин ордунда болуп көрөт.

- Балдар оюнуна байкоо жүргүзгөн педагог кереги жок жерден тууради чыгып, оюнду бузбоосу зарыл. Эгер оюн узакка созулары маалым болсо, анда балдарга бул тууралуу эртерээк эскертип, зарыл болсо тыным жасоо керектигин айтуу керек. Балдардын курчоосунда болгон бала оюн аркылуу башка балдар менен мамиле түзгөндү үйрөнөт. Оюн ишмердүүлүгү аркылуу балдар адамдар менен социалдык катнаш түзүүнү үйрөнүшөт, ал эми адамдардын ортосундагы мамилени балдар каарман-адамдардын образдары аркылуу берилет.

Орто топтун балдары улуу адамдардын кесиптик ишмердүүлүгү менен өтө кызыгышат. Алар үй-бүлөдө апанын кантип кийим үтүктөп жаткандыгын, дүкөндө сатуучу товарды кантип таразага тартып аткандыгына байкоо жүргүзүшөт. Сюжеттүү-ролдоштурулган оюндардын кызыктуулугун арттыруу үчүн педагог балдардын жашоого болгон көз-карашын, элестетүүлөрүн, кесиптер тууралуу ой-пикирлерин калыптандыруусу керек. Педагог балдарды жаратылышка экскурсияга, зоопарктарга алып барып, оюнда өз ой-пикирлерин билдирүүсүнө өбөлгө түзөт.

Ата-энелердин көңүлүн оюнга буруу менен аларга бала менен күнүмдүк жашоодо тынымсыз пикир алышуу маанилүү экендигин билдирүү керек. Бул болсо балдардын дүйнө таанымын арттырат. Топто «Сүйгөн кесиптер күнүн» уюштурууга болот, анда ошол топтун гана тарбиячылары менен балдары болбостон, бала бакчанын башка кызматкерлери, ата-энелер да катышат. Улуулар бүгүнкү күндө кайсы кесип маанилүү, кызыктуу болуп жаткандыгы тууралуу маалымат беришет. Андан соң бала бакча

ОРТОҢКУ ТОП
(4 – 5 жаштагы балдар)

боюнча экскурсия жүргүзсө болот, ошондой эле кызматкерлердин сүйлөп берүүсүн өтүнүү керек (ашпозчуну, медайымды, тазалоочу кызматкерлерди).

Балдар үчүн дагы бир кызыктуу жагдай, бала бакчадан тышкары экскурсияга чыгуу да эсептелет. Педагогдор ар дайым балдарды чогуу бир жакка алып баруу, кыйынчылык туудурарын айтып келишет. Бирок жыйынтыгы жакшы болот.

Акырындык менен оюндук билгичтиктердин жардамы менен оюн-көнүүгүлөрдү калыптандырууга болот. Балдар оюн ойноочу жерди кызыгуу менен даярдашат. Оюн өтүүчү жерлерди көбөйтүшөт, ошентип, зоопарк, чач тарач, бут кийим оңдоочу жай, кинотеатр, кафе, милиция ж. б. жерлер пайда болот. Баланын ойноочу ишмердүүлүгүн мотивациялоо ролдор менен эрежелерди калыптандырууга багытталган. Баланын бул куракта эрктик сапаттары калыптана баштайт: өз алдынчалуулук, демилгелүүлүк, лидерлик, оюнда уюштурууучулук жөндөмү артат. Сюжеттүү, ролдоштурулган оюндар баланын нравалуулугун жамааттык таасир этишүү аркылуу калыптандырууга болот. Эмоционалдуулукту ролго кайдыгер мамиле жасоо аркылуу ойготууга болот.

Жылдын аягында орто топтун балдарынын өздөрүнүн анча чоң эмес бирге ойногон топтору пайда болот. Балдар оюндун маанисин талкуулашат, ролдорду бөлүштүрүшөт; мында алардын арасында лидерлери билинип калат, ал эми демилгелүүлөрүнө өздөрү каалаган ролдор, пассивдүүлөрүнө анча кызыктуу эмес ролдор тиет. Эгер пассивдүү ролдорду кечке эле ойной берсе, келечекте да ошондой пассивдүү инсан болуп калышы толук мүмкүн.

- *Пассивдүү ролдор берилген балдар келечекте да пассивдүү жашоо образын жүргүзүшү мүмкүн, аларда коомдук жүрүм-турумдун башкалар каалабаган формалары бекемделип калат.* **Педагог ошондуктан ар бир балага ар башка ролду ойноосуна мүмкүнчүлүк берүүсү керек. Бул болсо балдардын өздөрү үчүн каалаган ролун тандап алуусуна шарт түзөт.**
- Педагогдун балдарга абдан жакын жана кызыктуу ролдорду тандоо укугун берүүсү, баланын өзү үчүн жаңы ролду өздөштүрүү аракетин колдоого алуусу, ролдук жүрүм-турумдагы жана өз ара мамиледеги, ошондой эле ордун уюштуруп, оюн үчүн атрибуттарды тандоодогу ийгиликтерин белгилөөсү маанилүү.

### Театрлаштырылган оюндар

Орто топтогу балдарда театрлаштырылган оюндардын системасынын натыйжасында ошол өздөрү аткарган ролдордогу каарманга айлануу, аларды тууроо жөндөмү пайда болот. Балдар өздөрү ээ болгон көндүм менен билгичтиктерди колдонуу аркылуу көркөм образдарды жаратышат. Психологдордун ою боюнча жаңычылдык менен татаалдык кызыгуучулукту ойготуучу эки фактор болуп саналат. Театрлаштырылган оюндар чыгармачылык ишмердүүлүк катары кызыгуу менен мотивацияланат, бул нерсени педагог ар дайым кармашы керек.

Ролдоштурулган оюндарды өнүктүрүү көнүгүүлөрдү ойнотуу керек. Гимнастика интонациялык-образдуу сезимдерди өнүктүрүүгө, кыймыл моторикасын жакшыртууга, мейкиндик элестетүүлөрүн кеңейтүүгө жардам берет. Ал гимнастикалык көнүгүүлөрдү музыка менен коштоо жакшы натыйжа берет.

Балдардын бул куракта фантазияларынын өнүгүүсүнө жардам кылуу менен педагог оюндук жагдайларды жаратат. Ал оюндарда балдар түрдүү жагдайларда өздөрүн сынап көрүшөт: «Коендор менен мергенчилер», «Мамалактын туулган күнүндө», «Келгин куштардын келүүсү», «Аяздуу күн» ж. б. Этюддар музыкалык коштоо менен аткарылат. Музыка колдонуу менен балдар тарабынан жаралган образдар эмоцияга жык толгонун көрүүгө болот. Мындай музыкалуу этюддардын негизине түрдүү классикалык, элдик, заманбап чыгармалар кирет. Эгер ал этюдга текст да камтылса, анда мини-спектакль

жаралат. Педагог образ аркылуу каарманга айлануу менен анын ар бирине мүнөздөмө берсе, балдар үчүн чыгарманы кабыл алуу алда канча жеңил болот.

Театралдык-оюндук этюддар жана көнүгүүлөр балдардын психикалык сапаттарын өнүктүрүүгө жардам берет: кабыл алуусуна, ассоциативдүү-образдуу ой жүгүртүүсүнө, элестетүүсүнө, эс тутумуна, көңүл буруусуна жардам берет. Балдар акырындык менен ар бир каармандын образын аткарууга ыңгайлашат.

Бул куракта балдар тааныш жомокторду жана чыгармаларды жан-дили менен аткарышат. Кээ бир балдар үйдө ата-энелери окуп берген китептерди алып келишет жана педагогдон кайра-кайра окуп берүүсүн суранышат. Адатта бала өзү сунуш кылган оюндан башкы ролду алат. ***Педагогдун башкы маселеси – калган башка ролдорду балдарды нааразы кылбай бөлүштүрүп берүү.***

Жомоктук сюжеттер балдар үчүн алмаштыргыс болсо дагы айрыкча, эркек балдар арасында баатырдык каармандар шыктандырат. Тигил же бул каарман эмне үчүн баатырдык иш-аракеттерди жасагандыгы, ага ким жардам бергени тууралуу педагог сурап, балдарды өз алдынча ой жүгүртүүгө шыктандыруусу керек. Каармандын ордуна өзүн кое билүү жөндөмдүүлүгү балага каармандын кылык-жоруктарын туура түшүнүүгө, андан аркы өз сезимдерин аңдап билүүгө өбөлгө болот.

Бирдиктүү, активдүү ишмердүүлүк курбулаштарынын өз ара мамилелеринин калыптануусун жөнгө салат. Бирдиктүү, кызыктуу иш менен алектенүү менен гана балдар ойлоп табуу, азарттуулук жөндөмдөрүн өнүктүрүшөт. Инсценировкага даярданууда оюнга керек болгон жабдууларды даярдоого, кийимдерди тандоого өзүнчө убакыт берилет.

Ролдорду аткаруу менен балдар каармандарды так тууроого умтулушат. Эгер мурун алардын драмалаштырууга катышуу каалоосу күчтүү болгон болсо, бул куракта ар бир ролду аткаруу маанилүү болуп калат. Ар бир ролду аткарууда бала үчүн ролду канчалык деңгээлде чындыкка жакын ойноду, ушул маанилүү болуп калат. Бул болсо баланын артисттик шыгынын ойгоно баштаганынан кабар берет.

Оюн-драмалаштырууга жетекчилик кылууда методикалык иштердин тике жана кыйыр түрдө болуусу шайкештикте жүрүүсү керек.

- Мында педагог проблемалык оюндук жагдайларды колдонот жана балдарды активдүү ой жүгүртүүнүн жардамы аркылуу суроолоруна жооп алат. Кээ бирде ачык артисттик аткаруу аркылуу педагог балдарга образдарды ачып берет.
- Жомоктун үстүндө иштөөдө педагог ар бир баланын оюу менен эсептешүүсү керек. Бул үчүн жомокту бир нече жолу түрдүү артисттер менен ойноо керек. Ошентип, балдар көп ролдорду аткарышат. Ар бир баланын кайсы ролду аткарганына байкоо салып туруу керек. Баланын кандай роль аткарганга шыгы бар экенин, анын артисттик шыгын арттырууга кандай жардам берүү керек экендигин педагог сезип-туюусу зарыл.

Ролду тандоо аркылуу бала ар бир ролдун бири-биринен айырмасын аңдап билүүсү керек. Күндө бир ролду ойной берсе, бала ал каармандын образын кайдыгер мүнөздө ойной баштайт. Мында педагогдун милдети – ар бир каармандын кызыктуу тараптарын балага жеткирүү, анын жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү.

- Педагог түрдүү 4–6 бөлүктөргө бөлүнгөн (кубиктерди, кесилген сүрөттөрдү, пазлдарды, түстүү мозаикаларды) оюндарды ойнотууну улантат. Балдар түрдүү оюмдарды чогултушат, жалпы белгиси боюнча предметтерди бириктиришет (эмерек, идиш-аяк, оюнчуктар), фигураларды аягына чейин тартышат, сюжеттүү картиналарды түзүшөт жана баяндап беришет.

Бул куракта бала ***сөздүк дидактикалык оюн*** тажрыйбасына ээ болуп калат. Ал үчүн бардыгы кызыктуу, бардыгын билгиси келет, эмне туура, эмне туура эмес экендигин аңдап билип калат, курбуларынын кептик айтымдарын баалай билет.

- Педагог баланын кебинде ийгилик болсо, аны пайдалануусу жана сөз оюнунда баланы ой жүгүртүүгө, ойлорун айтууга, сөздөрдү, тыбыштарды өзгөртүүгө; бир нерсени кураштырып түзүүгө, элестетип ой чабытын айтууга шыктандырышы керек. «Сыйкырдуу үндөр» оюнунда педагог балдардын көңүл коюп угуусун өнүктүрүү менен, аларды өздөрүн айылдагы короодо жүргөндөй сезүүгө жана айланада чыга турган үндөрдү «угууга» түртөт.

Эрежелерди өздөштүрүү аркылуу балдар тигил же бул каармандын образын жеткиликтүү түрдө берип калышат.

Сөз оюндарында кыймыл жана драмалаштыруу аркылуу сөз өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мындай оюндар кенже топтордо да колдонулат, бирок педагог балдардын өнүккөн мүмкүнчүлүктөрүн андан ары өстүрүүсү керек. Балдарга кыймыл аркылуу сөздөрдү айтуусу сунушталат («Карусель», «Жаан тып-тып»), сөздөрдү угуп туруп, кайра так кайталап берүү («Каравай», «Токойдо ким, тапчы»).

Угууну өнүктүрүүдөн башка дагы бул оюнда педагог сөздүн темптик-ритмикалык жана динамикалык касиетин жогорулатуу шартын коет.

Музыка менен ойнотуу балдардын музыкалык тарбия алуусуна өбөлгө болот.

- Педагог (музыкалык жетекчи) мектепке чейинки балдардын интонациялык тажрыйбасын пайдалана алышы жана аларды, бир жагынан, оюн кырдаалына, демек, кыял чабыты менен ишке аралашууга, экинчи жагынан, көңүл буруу жана көңүл топтоо кырдаалына тартуусу керек. Үндүн жакшы сапатта чыгуусуна жетүү үчүн айрым музыкалык үндөрдү кайра кайталаганга балдарды көнүктүрүү зарыл.

Ошентип, эгерде кенже топто «Жамгыр» оюнунда металлофондун пластинкасына балка менен кезектештирип бөлүп анда-санда жана тез-тез урууну өздөштүрсө, анда кийинки баскычтагы милдет чакан мелодиялык үзүндүлөрдү (мотивдерди, фразаларды, обондорду) кайра кайталоо болуп саналат. Муну аспапта түз көрсөтүү бул учурда абдан туура иш ыкмасы болот. Балдар балканы туура кармаганга, урууларды, соккуларды үнү боюнча туура келтиргенге, чыккан үндү укканга үйрөнүшөт. Дидактикалык оюн ийгиликтүү өтүш үчүн ар бир чыккан үндүн сапатына баа берүү зарыл, орто топтогу балдар буларды айырмалай алышат.

Бул куракта балдардын ***жамааттык ойноого*** болгон кызыгуусу артат. Алар педагогдун суранычын чын дилинен аткарышат жана оюндун шартын курбуларына түшүндүрүп берүүгө жарап калышат. Бул учурда оюн активдүү жүрөт, балдар эрежелерге баш ийүү менен башкаларга да эрежелерди сактоого үндөшөт. ***Педагогдун милдетине балдардын өз алдынча оюн ишмердүүлүгүн калыптандырууга жардам берүү кирет.*** Сабактан тышкаркы убакта балдар дидактикалык оюн учурунда өздөрүнө жаккан оюндарды ойношот жана бул педагог, жогорку тайпанын балдарынын даярдап берген оюндары өтүлгөн материалды бекемдөөгө жана жамаат менен бат тил табышууга жардам берет.

- Педагог тандалып алынган дидактикалык материалдын мазмунун ар дайым жаңылап, өзгөртүп туруусу керек. Адистер ар бир оюндун дидактикалык маселесин аныктап, анын эң башкы маанисине басым жасоосу абзел. Мисалы, оюндун башкы мааниси балдардын кебин өстүрүү болуп саналса, анда, албетте, эстетикалык жана нравалык маселелер да унутта калбоосу зарыл. Оюн ар бир бала өз кызыкчылыгын табуу үчүн ыңгайлашышы керек; жамааттык баарлашуудан бала канааттанышы керек; бала ар дайым өз күчүнө ишениши керек.

- ***Кыймылдуу жана аз кыймылдуу оюндарды*** кезектештирүү менен педагог балдардын турмуштук активдүүлүгүн күчөтөт жана алардын акыл-эс иш жөндөмдүүлүгүн арттырууга түрткү берет. Дидактикалык оюндарды башкаруу менен педагог балдарга көбүрөөк өз алдынчалуулукту оюндардын бардык этаптарында берет.

Оюн барган сайын деталдаштырылган, ар тараптуу болот. Эгер балдар оюн учурунда өздөрүн ээн-эркин алып жүрүшсө, оюндун жүрүшү да өтө кызыктуу өңүткө ээ болот.

## Жогорку топ (алты жаштагы балдар)

### Сюжеттүү ролдоштурулган оюндар

Чоң адамдардын мамилелерин чагылдырууга умтулуу 5–6 жаш балада өнөктөштүк өз ара мамилеге болгон муктаждыкты жаратат, ал башка балдар менен узак баарлашууда ишке ашат.

Бул топто сюжеттик-ролдук оюн өзүнүн жогорку чегине жетет. Өздөрүнүн коомдук турмушунда чоң адамдардын өз ара мамилесин тууроо балдарда курчап турган дүйнө тууралуу түшүнүктөрдүн тереңдеши, оюн билгичтиктеринин андан ары өнүгүүсү, оюндагы ойлордун татаалданышы менен күчөйт. Ролдордун чынжырчасына (жүк түшүргүчтөр – айдоочулар – сатуучулар – сатып алуучулар), ролдук иш-аракеттерди макулдашууга (жүк түшүргүчтөр айдоочу ташып келген товарды түшүрүшөт, сатуучу товарды тактайт, сатып алуучулар жаңы азыкты күтүшөт), оюнда сүйлөшө билүүгө, сюжеттин өзгөргөнүнө жараша ролдук жүрүм-турумду аныктоого зарылчылык жаралат. *Мисалы, жүк түшүргүчтөр товарды түшүргөнгө чейин сатып алуучулар эмне кылууну ар кандайча чечишет: бул учурда үйдө болуу, башка дүкөнгө баруу же түшүрүп бүткөнгө чейин кезекте туруу.*

- Педагог оюнда кеңешчи менен өнөктөштүн ролун аткарат жана бир нече сюжеттерди сунуш кылат. Мисалы, «Театр» оюнунда: «Ким театрда иштейт? Театрда өзүн кандай алып жүрүү керек? Театрда эмне көрүүгө болот? Антракт деген эмне?». Мындай суроолор конкреттештирүү керек болгон мазмун тууралуу жалпы маалымат берет.

Сюжеттүү-ролдоштурулган оюндарды ишке ашырууга драмалаштыруу жардам берет. Драмалашкан оюндарда 5–6 жаштагы балдар көркөм чыгармалардан сюжеттерди аткара алышат. Театрды, андагы актерлорду, кызматкерлерди, көрөрмандарды балдар тажрыйбанын негизинде туурай алышат (алар бала бакчадагы чакан спектаклдерде же театрларда ата-энелери менен болушат), театр тууралуу аңгемелешүүдөн маалымат алышат, режиссердун, бутафордун, костюмердин ордуна өздөрүн кое билишет.

Оюндук ишмердүүлүк жалпыланган, схемалуу болот, бирок билим драмалашкан оюндардын негизинде пайда болот жана театр дүйнөсүн жасоого жардам берет: балдар колго жасалган модулдардан театралдык көпүрөчөлөрдү жасашат; гардеробдун, буфеттин, көрүү залынын, гримердук бөлмөнүн кайсы жерде болорун аныкташат; сюжеттин негизги бөлүгүн аныкташат, ролдорду бөлүштүрүшөт, андан соң оюн башталат.

Оюндун функциясы курчап турган дүйнөнү таанып-билүүдөн гана турбастан, балага активдүүлүктүн реалдуулукка жакын түрү аркылуу фантазиясын ойготуу болуп саналат. Баланын активдүүлүгү оюндун темаларын ойлоп табууга жардам берет.

**Оюн – бул ордунда турган кубулуш эмес, анын жүрүшүндө деталдар ойлоп табылат, жаңы идеялар ишке ашырылат, кошумча ролдор пайда болот. Чыгармачыл идеялар канчалык көп болсо, оюн ошончолук динамикалуу болот. Оюнда кайдыгер эмес катышуучулардын тобу пайда болот.**

Сюжеттүү-ролдоштурулган оюндарда образдар реалдуу турмуштан алынат. Мисалы, оорукана комплекси бейтаптарды карайт, тиш дарылайт, өрттөн жабыр тарткандарга жардам берет. «Тез жардам» бейтаптарды оорукааналарга жеткирет.

- Педагог оюнду колдоп, демилгелүү балдарга мактоо сөздөрдү айтат. Катар турган үйдө өрт чыгып, балдардын бардыгы өрт өчүрүү максатында өрт өчүргөн адамдардын ролун аткарышат. Бул процесске педагог да түздөн-түз катышат. Ал балдардын өз ара таасир этишүүлөрүнө көзөмөл жүргүзүп, билгичтиктерин кандай деңгээлде колдонуп жаткандарына көз салат. Кээ бир балдар ролдорду балдарга туура бөлүштүрүү билгичтигине ээ, кээ бирөөлөр даяр эле сюжет менен ойноп, өзү ойлоп-табуу шыгына анча ээ боло бербейт. Оюндук билгичтиктерди өнүктүрүү үчүн оюнга пассивдүү балдарды да тартуу керек жана аларга тапшырмаларды берүү зарыл («Сураныч, мына бул катты алып барып берчи, бизге кат ташыгыч керек»), ал балдардын анча татаал эмес ролдорду так аткаруусуна көмөк көрсөтүү керек («Сен аяз кыз болосуң, бала бакчага барып, белектерди таратасың»).
- Педагог оюндагы баланын өз алдынчалыгын колдойт, анда бала чоң адам катары аракеттенгенге умтулат. Сабаттуу педагогдук жетекчилик болгон шартта сюжеттик-ролдук оюн балдардын эмоцияларынын жана сезимдеринин калыптанышына жардам берет. Оюндун жүрүшүндө педагог аларды оюн материалына, каарманга, оюнчукка карата эмоциясын билдиргенге шыктандырат жана балдар өз сезимдерине эркиндик беришет: «Үй чыныгы сыяктуу кооз болгон, коенекке анда жашаган ыңгайлуу болот, ал эми үйдүн жанына мен тосмо короо жасайм»; «Карлсон баарын күлдүрөт, ал жакында Балакайга аны кубандыруу үчүн конокко учуп барат»; «Жолборстун баласы сүйүктүү, жакшы, айтканды кылат; мен аны чын дилим менен сейилге баруу үчүн кийинтем жана бала бакчага алып барам».

Каармандардын эмоционалдык абалын түшүнүү аркылуу бала алар менен кошо кубанганга, кайгырганга үйрөнөт, окуянын андан аркы өнүгүү жолун белгилейт. Атайын көнүгүүлөр балдарга ар кандай эмоциялар бар экенин түшүнгөнгө жардам берет.

- Педагог каармандын эмоционалдык абалын интонация жана сөз менен бөлүп көрсөтүү менен жомокту айтып берет. Балдардын ичинен кимдир бирөө буга туура келген эмоция чагылдырылган пиктограмманы алып, калгандарга көрсөтөт, балдар педагогдун айтканын мимика жана жест менен коштошот.

Мындай көнүгүүлөр адабий каармандын маанайын берүүгө жардам берет жана оюндагы ролду жакшы аткарууга шыктандырат. Балдар жомоктогу оң каармандарды тууроо аркылуу оюнда да ошол каармандардын образдары аркылуу оюн ишмердүүлүгүн өнүктүрүшөт. Акыйкатсыздыкка балдар чын дилинен өз көз караштарын билдиришет, эреже бузулган учурда пикирлерин билдиришет.

Бул куракта өнүгүүнүн деңгээли **режиссердук оюнга** өтөт. Алар оюн үчүн керектеле турган жабдууларды даярдашат.

- Режиссердук оюн процессинде педагог бала окуянын жүрүшүн, каармандардын диалогдорун кантип айтып жатканына, анын колунун кыймылдарына, интонация жана мимика менен каармандардын мүнөздөрүн билдиргенине, оюнда башка балдар менен өз ара аракеттенип, өзүнүн оюнуна түзөтүү киргизүүсүнө байкоо жүргүзөт. Педагогдун демилгеси бул учурда баланы оюнга кызыктыруу жана ойлоп табуу жөндөмдүүлүгүн арттыруу болуп саналат. Балага ойлонгонго убакыт берүү, алар ката кетиргенге укуктуу экенин таануу, оюнга карата изилдөөчүлүк мамилени белгилөө жана колдоо зарыл. Педагогдун милдети – балдардын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө кылдаттык менен мамиле кылуу.

- Педагогдун иши балдардын ишмердигин уюштурууга карата чыгармачыл мамилени талап кылат. Жекече жана жамааттык иштерди айкалыштыруу, балдар менен жекече оюндарга жана сабактарга кылдат даярдануу керек. Сюжеттик-ролдук оюнда мындай мамиле педагог оюндун жалпы стратегиясына жардам берүү менен, ошол эле учурда анын жүрүшүн жалпысынан башкарганынан жана жекече баарлашуу үчүн учурду тандагандыгынан көрүнөт.

***Биргелешкен оюндарда элестетүү, ой жүгүртүү, сүйлөө кеби, балдардын эс-тутуму, көңүл буруусу өнүгөт. Оюндун шартын татаалдаштыруу сюжеттик линиялардын түрүн байытат.*** Режиссердук оюнда бир нече «режиссердук» кеңештин биригишине уруксат берилет. Оюнга болгон кызыгуу сейилге чыккан мезгилде пайда болуусу мүмкүн. Каалаган мезгилде, каалаган учурда бир нерсе менен алектенүүгө болот. Кышында короонун бир жерине кардан сепил жасоого болот, ошондой эле скульптуралардын кароо-сынагын өткөрүүгө болот. Бирок балдардын ден соолугуна оюн ишмердүүлүгүнүн терс таасири тийбеши үчүн алмаштыруучу кийимдер болуусу керек.

Жайында көчөдө түрдүү оюндарды уюштурууга болот, ал оюндарда балдар чуркап, катуу секирип, катуу үн чыгарып ойной алышат. Ролдоштурулган оюндар гүлдестелер, жаратылыштык материалдар менен коштолот; сары гүлдөрдүн башы жумуртканын сарысын алмаштырат, чөптөр – пиязды алмаштырат. Күзүндө балдар сары жалбырактар менен ойноону жактырышат. Мисалы, «Күзүндөгү көрсөтмөдөн репортаж» оюнунда журналисттердин ролдору бар. Алар көрсөтмөнү телеге тартышат, баяндама, репортаж жасашат. Жазында балдар өз колдору менен жасаган буюмдардан көрсөтмө жасашат. Мындай маанай көтөрүүчү оюндарга атайын катышуучу коноктор чакырылат жана алар оюнга өз идеяларын кошушат. Ата-энелер иш-чаралардын даярдыгына салым кошушуп, конкурстарга, эстафеталарга активдүү катышышат. Сейил учурунда жогорку топтун балдары кенже топтун балдарына оюн ойнотуп, өз идеялары менен бөлүшүшөт.

Оюндарда балдар улуулардын бири бирине мамиле кылуусу менен таанышышат. Кээ бирде ал оюндар андан ары балдар өздөрүн кандай алып жүрүү керектигин билбегенине байланыштуу үзгүлтүккө учурайт. Сейилдөө, экскурсияга балдарды алып баруу балдардын ири тажрыйба топтоосуна өбөлгө болору шексиз. Курчап турган нерселерге байкоо жүргүзүү, ооруканадагы адамдарга, парктагы, көчөдөгү көрүнүштөргө байкоо жүргүзүү – алардын бири-бирине кандай мамиле жасап жаткандыгын үйрөнүүгө, кесиптеринин маанисин аңдап билүүгө шарт түзөт.

Педагог сюжеттерди бири бирине байланыштуу кылып түзүү үчүн балдарга сюжетти өз алдынча өнүктүрүүсүнө шарт түзүп берет. Мында жамааттык чыгармачылык колдоого ээ болот. Мисалы, «Ээн аралга саякат» темасы боюнча балдардын арасынан бирөө биринчи баштайт. Балдар тегерек болуп отуруп, кезек менен улантып айтышат. Эң кызыктуу окуяларды жазып алууга болот жана сюжеттерин сүрөт аркылуу тайпага сунуштоого болот. Балдарга сүрөттөр окуянын уланмалуулугу аркылуу кезеги менен илинип берилет, өз кезегинде балдар окуяны сүрөттөр менен талдап гана тим болбостон, өздөрүнүн варианттарын сунушташат.

Сюжетти биргелешип ойноп берүү аркылуу балдар өздөрүнө роль тандай алышат, ошондой эле өздөрү каалаган ролду аткарууга мүмкүнчүлүк алышат. Педагогдун милдети мында балага тандалып алынган ролдун мүмкүнчүлүктөрүн, маанисин билдирүү. Баладан каармандын портретин оозеки түзүп берүүсүн сурануууга болот. Атайын чыгармачыл тапшырмалар баланын фантазиясын активдештирет, ролго болгон кызыгуусун ойготот. Чыгармачыл тапшырмалар баланын ролго болгон кызыгуусун арттырат, мисалы, телекөрсөтүүнүн алып баруучусунун ролу ж. б. Чыгармачыл тапшырмалар жеке да аткарылышы керек, мисалы, бала сүйүктүү оюнчугу тууралуу окуя ойлоп табуу менен аны балдарга куурчак театры аркылуу жеткирет. Жекече окуя ойлоп табуу режиссердук

оюнда чагылдырылышы мүмкүн. Улуулар тарабынан сунушталган сюжеттүү картиналар аркылуу балдар өздөрү ойлоп тапкан аңгемелерди айтып беришет.

Бул куракТагы балдар өздөрүнүн оюндук мүмкүнчүлүктөрүн ролдорду аткаруу аркылуу көрсөтө алышат. Түрдүү ролду аткаруу менен бала өзүнө тагылган милдетти, тапшырманы бийик деңгээлде аткарууга ыңгайлашат. Бала өз алдынча башка балдардын аткарган ролдорун туура баалоого үйрөнөт.

- Педагог балдарга оюнду өркүндөтүү боюнча кеңеш берип, өздөрү аткарган ролдордо ишенимдүү болууга жардам берет.

Балдардын чыгармачыл активдүүлүгү берилген ролду өзгөчө оригиналдуу түрдө ойноп бергенинде. Мисалы, оорукана ойнун ойноодо доктур кыз өзүн абдан сыпайы кылып берсе, экинчиси абдан катаал, оперативдүү кылып ойноп берүүлөрү мүмкүн.

- Педагог балдардын оюндагы досторунун жакшы сапатын таба билген жаңы, жакшы сапаттарын, достук мамилелерин, курбуларына берген жакшы кеңештерин колдойт.

**Театрлаштырылган оюндарда** балдардын жаңы идеялары, жаңы ойлоп табуулары пайда болот, алар жомокторду, аңгемелерди, кызыктуу сюжеттерди оюнга колдонуу каалоолору пайда болот. Бул куракта эреже болгондой балдар көп ролдорду ойноп койгон болушат. Тигил же бул ролдордун бири биринен айырмасын билдирүү үчүн педагог ролдорду улам бир балага алмаштырып аткартуусу керек. Ролдор менен алмашуу балдарга өздөрүн башка каармандын «терисинде» жашап көрүү мүмкүнчүлүгүн берет. Педагогдун гана көрсөтмөсү менен ролду ойноо келечекте балдарда шаблон менен жашоо коркунучун туудурат.

- Жогорку топто педагог кыйыр жетекчилик менен роль аткаруу иштерине көзөмөл кылат. Балдарды оюндук жагдайларды аңдап-билүүгө үндөө менен, педагог ар дайым оюн ишмердүүлүгүнүн балдар үчүн тажатма нерсеге айланбашына жол бербөөлөрү керек.

Ушул максат менен оюн үчүн ар дайым улам жаңы орун, жаңы элементтерди таап, көркөм тапшырмаларды жаңылап туруулары керек. Иштөө тактикасы менен ыкмаларды алмаштырып туруу менен педагог тажатма оюндарды балдарга ойнотуудан алыс болот.

Жогорку топто балдардын оюн ишмердүүлүгүн жасалгалоодо өздөрүнүн алгачкы ойлоп табуулары жаралат.

Сабактын чыгармачыл өңүттө жүрүшү, педагогдун ар бир ролду балдарга кызыктуу кылып жеткирүүсү аркылуу жакшы натыйжага жетүүгө болот. Балдардын эркин аракеттенүүсүнө жол берүү менен топтолгон тажрыйбанын негизинде бир нерсени ойлоп табууга, өзгөртүүгө, бир эле сюжетти түрдүү жол менен берүүгө жетишүүгө болот.

Балдар тааныш сюжеттерди өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат жана жаңы оюндук кырдаалдарды ойлоп табышат. Оюн процессинен драматизацияны ажыратпай туруп, педагог балдар үчүн кызыктуу болгон жаңы сюжеттердин жаралышына себепкер болуусу керек. Ал көркөм окуу, сүрөттөр менен айтып берүү, фрагменттик эпизоддук аткаруу, кырдаалды анализдөө, көркөм топторду уюштуруу сыяктуу иш-аракеттер аркылуу түрдүү ыкмаларды колдонуусу шарт.

Бул куракта мектепке чейинки балдардын өз алдынча мини-спектаклдерде катышуу каалоосу пайда болот. Ал мини-спектаклдерди ата-энелердин, башка балдардын алдында көрсөтүү балдар үчүн сыймык жаратат. Балдар үчүн түрдүү каармандардын образдарынын кийимдерин кийип, түрдүү каармандарды тууроо жагат. Оюн же мини-спектакль үчүн орун даярдоо да балдар үчүн жагымдуу маанай жаратат. Драмалаштырууда балдар «өздөрү» үчүн сюжетти аткарган болсо, өздөрүн ээн-эркин алып, ролдору мыкты чыгат. Драмалаштыруу процессинин өзү эле балдарга катуу таасир этет. Башка

каарман-балдар менен баарлашуу, педагогдун мээрим төгүү менен мамиле кылуусу балдардын ички дүйнөсүнүн тынч абалда болуусун камсыз кылат. Тилекке каршы, бала бакчалардагы балдардын аткаруулары чоңдор үчүн гана арналгандай таасир калтырат. Аягы көрүнбөгөн даярдыктар, «планды аткаруу», «өз ишин көрсөтүү» сыяктуу иш-чаралар балдарды тажатып, чыгармачылык менен ролду өздөштүрүүсүнө, жөндөмүн ачып берүүгө бөгөт болот.

Даярдык иштери балдарды тажатпай, системалуу түрдө жүрүүсү керек. Балдардын театрлаштырууга болгон кызыгуусун басаңдатпоо керек. Коюла турган спектакль эскиз, этюддук иштерден туруусу керек. Текст менен иштөөдө түрдүү метод, ыкмалардын колдонулуусу жакшы натыйжа берет.

Каармандын сөздөрүн жаттап калуу үчүн каармандын кулк-мүнөзү, образы менен тереңден таанышуу зарыл (фрагменттерди ойноо, каармандын атынан сүйлөө ж.б.у.с.). Жомоктун мазмунун талкуулоодо педагог ар бир жолу балдар менен чогуу алардын ролдорун кандай аткаруу керектигин тактайт, акырындык менен спектакль аткарууга даяр болот.

- Балдарды спектаклге кызыктыруу үчүн педагог төмөнкү иш-аракеттерди аткаруусу керек:
  - ➔ сахнада коюлуучу спектаклди жакшыртуу үчүн идеялары көп болуусу керек;
  - ➔ бул идеяларды балдарга туура жеткирүү жана декорациялар арасында өздөрүн туура алып жүрүүсүн үйрөтүү;
  - ➔ жыл ичинде театр, театралдык кесип, адамга театрдын таасир этүүсү тууралуу;
  - ➔ спектаклге ата-энелерди да тартуу;
  - ➔ ата-энелерге гана эмес, башка балдарга да спектаклди коюуну мотивациялоо.

Балдар жомоктон түрдүү роль аткаргандан кийин педагог аларга аткаруучулардын курамын бекитүүнү сунуштайт. Бул куракта балдар башка балдардын аткарган ролунун сапатын туура аныктай алышат, ошондуктан ролдорду бөлүштүрүүдө балдардын аткара турган ролго туура келген сапаттарына, сырткы келбетине, артисттик шык, дараметине да көңүл буруу керек. Роль аткаруучулардын курамын бекиткенден кийин, педагог роль жетпей калган балдардын эмне менен алектенерин каалашарын өздөрүнөн сурайт. Спектаклди аткаргандан да театрда башка дагы көп кесиптер бар экендигин педагог балдарга түшүндүрөт. Костюмерлер, режиссер, актерлор, музыканттар, массовка катарында боло турган балдар да процесстен четтебишине көзөмөл жүргүзүү керек.

Балдар өз каалоолору менен чыгармачыл топторго декораторлордун, гримерлордун, костюмерлердин, спектаклди коюучулардын, жарык берүүчүлөрдүн тобун аныкташат.

Сабактан тышкаркы мезгилдерде, алар педагогдун катышуусу менен спектаклди коюу үчүн кандай жабдуулар керектелерин аныкташат.

Жогорку топто жогоруда аталып өткөн иштер пландаштырылат, ал эми негизги иштер педагогго жүктөлөт. Педагог гана балдардын иштерин текшерет, оңдойт, чыгармачыл процессти шыктандырат. Ал балдарга кайсы чыгармачыл топто иштөө кызыгууну жаратарын аныктоого жардам берүүсү керек. Педагог өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө эч качан жалгыз калбайт. Анын жанында ар дайым бүтүндөй бала бакчанын кызматкерлери болот. Алар педагогго ар тараптуу колдоо көрсөтүп, кайдыгер болушпайт. Анткени бала бакча үчүн спектакль – бул өзүнчө бир ири көрүнүш. Тажрыйбасы бар артисттер сымал башка топтордун педагогдору музыканттар менен чогуу күчтүү кесиптик тыл катары кызмат кылышат.

Топтогу балдары башка педагогдорду бир нече ирет көрүп, аралашып жүргөндүктөн, аларга ишеним артып, айткандарын аткарышат. Педагог ар дайым башка кесиптештерине ишеним арта алат.

- Балдардын ата-энелери менен тыгыз байланышта болуу педагог үчүн өтө маанилүү. Педагог спектаклге даярдануунун бардык этаптарында балдардын эмгеги болуусуна шарт түзүүсү керек, кээ бир гана бөлүгү улуулардын жардамы менен жасалуусу керек. Ошондуктан педагог ата-энелерге балдардын колунан келбей турган гана иштерди тапшырышы керек жана бирге аткаруудан мамиле оңдоочу, бир кызыкчылыкка үндөөчү иштерди тапшыруусу керек. Мисалы, «Карышкыр менен 7 улак» спектаклинде улактарга сөзсүз түрдө алжапкыч тагуу зарыл. Бул ишти педагог ата-энелерге тапшырат. Балдар үйүнө барганда зор ынтаа менен ата-энелерине бала бакчада боло турган спектакль тууралуу айтып беришет.

Спектаклди даярдоодо эң ири милдет – ролдорду аткаруучу актерлорго тагылат, анткени алар роль гана жаттабастан, психологиялык дискомфортту да баштарынан өткөрүшөт, бул болсо айрыкча, жаңы баштаган актерлордунда башынан өтүүчү иш. Балдардын спектакль алдындагы коркунучун аныктоо үчүн кээ бир кадамдар жасалат, алар: текст алдын ала жатталат, бардык ролдорду башка балдар да жаттап алышат, мында кичинекей актерду түрдүү учурда алмаштыруу мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Балдар бул куракта роль ойноо жөндөмүнө ээ болуп калышат. Педагог балдардын активдүүлүгүн иш-чаранын бүт тармагына ийгиликтүү колдонуусу керек. Балдарга роль аткарууну милдети катары тагып берген педагогдор абдан жаңылышышат. Бул учурда балдардын чыгармачылык дараметинин иштөөсүнө тоскоолдук жаралат. Ашыкча толкундоолордун жок болуусу үчүн көп убакыт бою даярдануу керек. Педагог балдарга репетицияны өткөрбөөлөрү керектигин эскертет. Ар бир репетиция чыгармачыл максатты көздөөсү зарыл.

Иштин бардык этаптарында балдарга ролдорду кырдаалга жараша өзгөртүп, андан ары өнүктүрүп турууга шарт түзүү зарыл. Спектаклди музыкалык жактан коштоодо педагог балдардын да пикирине таянуусу зарыл.

Бул куракта балдар курбуларынын оюндарын гана баалай билбестен, чыгармачыл топту кандайдыр бир деңгээлде башкарууга да жарап калышат. Ролдорду бөлүштүрүүдө педагог балдардын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу керек, бирок пассивдүү балдарга да роль бөлүштүрүү керек. Булардын бардыгын педагог алдын ала пландаштырып алуусу зарыл. Чыгармачыл топко керек учурда компромисске келип, жардам берүү керек (декораторлорго, костюмерлерге ж. б.), мында эң алсыз бала дагы өзүнө алек болор жумуш табат; ролдордун жетиштүү түрдө болуусу эң оңоюн тандап алууга болот же өздөрү оюнан чыгарып алышат. Мисалы, боб даны тууралуу жомокто балага боб данынын ролун берүү керек: алгач ал отурат, андан соң турат, андан соң отургучка өйдө туруп, колдорун эки жакка жайып, өскөн абалда болот. Мындай ролду аткаргандан кийин баланын активдүүлүгү өрчүйт жана чыгармачылыгынын өнүгүүсү байкалат.

Иштин маанилүү этабы болуп, боло турган спектакль тууралуу маалымдоо эсептелет. Балдар улуу адамдардын демилгеси менен коллективдүү түрдө чакыруу билеттердин жасалгасын жана афишаны жасашат. Афишада аткаруучулардын аттарын көрсөтүүгө болот, ал эми чакыруу билеттерине жомоктон алынган сүрөттөрдү тартып коюуга болот. Даяр болгон спектаклди ата-энелерге, кенже топторго, курбуларга көрсөтүүгө болот. Ата-энелер ар дайым кызыгуу менен балдарынын аткарууларын көрүшөт. Ал эми балдар да ата-энелеринин алдында роль аткарганды жакшы көрүшөт. Курбуларынын алдында роль аткаруу менен балдар өзүнүн чоңойгондугун, актердук чеберчилигин көрсөтүүгө аракет кылышат.

### Дидактикалык оюндар

5–6 жаштагы балдар дидактикалык оюндарда акыл эмгегин талап кылган өз алдынчалуулукту жана көңүл буруусунун туруктуулугун берүүгө аракеттенишет. Эгер ортоңку топто балдар негизинен оюн процессинин өзү менен кызыкса, улам убакыт өткөн сайын балдарга жыйынтык маанилүү боло баштайт. 4–5 жаштагы балдар эмоционалдуу түрдө роль аткарышат. Ал эми 5–6 жашта тапшырылган ишти так аткарууга аракет кылуусу байкалат. Тапшырманы так аткарууга болгон умтулуу байкалат жана өз алдынча ойноо каалоосу ойгонот. Ар бир оюндан кийин так иш-аракеттерди жасоого умтулуп, маанилүү нерселерди биринчи орунга коюшат. Алар тоскоолдуктар менен күрөшүүгө умтулушат. Бул оюндун сапатына оң таасирин тийгизет жана өз алдынча ойноого түрткү берет. Бул курактагы балдардын көз карандысыздыгы жана тажрыйбасы өзүн-өзү уюштуруу жөндөмдүүлүгү жакшырат. Бул сапаттар дидактикалык оюндарда тажрыйбага ээ болгон балдар үчүн гана мүнөздүү болуп саналат. Акыл-эс технологияларын иштеп чыгуунун далили, оюн эрежелерин тагыраак аткарганга болгон каалоо өөрчүйт.

Бул курактагы балдар кубулуштардын ортосундагы себеп-натыйжа байланыштарын түзө алат, аныктоо, талдоо, салыштыруу, жөнөкөй корутундуларды жалпылайт жана түзө алат. Алар бир гана 6–8 бөлүктөн бүтүндү түзгөндү эмес, ошондой эле бүтүн жана бөлүктөрдүн катышын айырмалоону үйрөнүшөт. Дидактикалык көнүгүүлөр балдарга ар кандай татаалдыктагы оюндарга фигураларды тандоого жардам берет. Тапшырманы оордотуу үчүн бирдей эмес көлөмдөгү фигураны тандап, аларды сунуштоого (эки чоң жана кичинекей сүйрү) болот, түсү (көк айлана, кызыл тегерекче жана жашыл тик бурчтук – тандоо боюнча), материалы (жыгачтан жасалган жана бирдей көлөмдө).

Мейкиндикте багыт алууга предметтердин бири бирине салыштырмалуу ар кандай абалын аныктоо боюнча көнүгүүлөрдү иштеп чыгуу жакшы натыйжа берет. Бул оюндарда балдар, «Көчөнү көрө алгандай болуп, ордуңан тур», андан соң: «Кайда турасың?» («Терезенин алдында», «столдун алдында», «терезенин сол жагында»).

- Балдарга оюндарда эмнелер өзгөргөнүн аныктоо кызыктуу. Мындай оюндар үчүн педагог балдар менен атайын сюжеттерди ойлоп таап, алардын жанрын көрсөтөт. Күтүлбөгөн оюндук кырдаал жана кызыктуу мазмун балдарга жаңылык, кызыгууларды жаратат.

Мындай оюндар үчүн балдарга алдын ала жомок окуп беришет, атактуу тыңчылар тууралуу айтып берүү керек жана ал маалыматтар балдардын кызыгуусун жаратуусу керек. Кырдаалды жагымдуу кылуу үчүн көркөм текст колдонууга болот, абал жылуулук сезимине өтүүсү үчүн бий коюлат (мисалы, бийди «бийлеген эр жүрөк» деп атасак болот). Бул балдардын кыялдарын ишке ашырууга, кыймылдары өөрчүп, кыял чабыты кеңеет.

Бул курактагы балдар оюндары материалдарды пайдаланууга кызыктуу оюнчуктарды тандоого жакын болот. Мисалы, аскер оюндары үчүн «Айкөл Манас», алар бир гана керектүү атрибуттарды жасашат. Муундардын руханий тажрыйбасын өткөрүп берүү каражаты катары элдик ар түрдүү оюндар адептик жана физикалык сапаттарды өнүктүрүүгө түрткү берет (баатырдык, кайраттуулук, тартиптүүлүк, таамай аткычтык, сергектик жана шамдагайлык). Колго жасалган шалдырактар, ышкырыктар балдарды өзгөчө бир үндөр менен тааныштырат, элдик аспаптардын техникалык мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет.

Куурчак оюну ар дайым балдардын сүйүктүү оюну болуп келген. Ролдук оюндарда балдар куурчак-кыздын ар түрдүү мезгилдеги чоңоюусун чагылдырышат: куурчак-ымыркай, куурчак-бала бакчанын тарбиялануучусу, куурчак-мектеп окуучусу. Педагог тигил же бул курактагы куурчак үчүн эмне талап кылынарын сунуштайт. Бул учурда кыздар энелердин ролун аткарышат, а балдар болсо куурчак-баланын атасынын ролун аткарышат.

Сюжеттик-ролдук оюндарда гендердик белгилер боюнча ролдордун бөлүштүрүлүшү, окумуштуулардын ою боюнча сунушталган этикалык аңгемелешүүлөрдө жана оюндарда, балдар жана кыздарда өздөрүнүн жынысына ылайык өздөрүн көрсөтүүсү эң эле эрте башталат. Дидактикалык оюндардагы ар түрдүү гендердик жүрүм-турум кырдаалдарын көрсөтүүдөн *(«Кантип жасоо керек», «Кооз сөздөр», «Урушабыз-жарашабыз», «Чебер колдор бурчу»)*, балдар эркектердин же аялдардын жүрүм-турумдарын сырткы белгисинен гана *(кам көрүп, орун бошотуп ж. б.)*, тигил же бул жыныска тиешелүү болгон белгилери боюнча гана билбестен, ошондой эле оюнда өзүнүн мүнөзүнүн өзгөчөлүгүн көрсөтүп, таанып билет *(«Эркектер ушундай болуусу керек, бирок мен чыныгы жашоодо ушундай жасай аламынбы?»)*. Мындай оюндарда балдарды бириктирип, мындан ары кандай кылуу үчүн анча чоң эмес топтордо болуу мүмкүнчүлүгүн сунуштоо керек *(мисалы, «Балдар арасында жашыруун сыр», «Кыздардын сыры»)*.

- Бул жаштагы балдар үчүн курчап турган коомчулуктун көз карашы боюнча жакшы жагынан көрсөтүү зарыл болуп эсептелет. Педагог балдарды көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрү менен тааныштырат жана тигил же бул кырдаалдын жыйынтыгы менен нравалык жыйынтык чыгарууга шарт түзөт, балага адамдын ички жан дүйнөсүнүн абалын туура баалого, кылган иштеринин натыйжасынан туура бүтүм чыгарууга шарт түзөт.

Айтылуу жомоктор боюнча дидактикалык оюндарды улуулар балдар менен бирдикте ойлоп тапса болот, бул оюндарда балдар мазмуну боюнча жомокко жакын макал-лакаптардан мисал келтире алышат. Коммуникативдик мамилелерди калыптандырууга болгон дидактикалык оюндар менен көнүгүүлөр, комплекстүү социомаданий, айкөлдүк, патриоттук сапаттарды өнүктүрөт жана курчап турган дүйнөгө, жаратылышка болгон мамилени калыптандырат.

Жогорку топто балдар жаныбарлар менен канаттуулардын жашоосу менен таанышуусуну улантышат. Өз пикирлерин атайын түзүлгөн байкоо календарларында чагылдырышат. Календарь түзүү менен алар куштардын кайсылары калып, кайсылары жылуу жактарга учуп кетүүсүн гана эмес, алардын мүнөздүү белгилеринен да маалымат алышат. Бул билимдерин балдар «Кайсы канаттууларды билесиң?», «Канаттууларды мүнөздө» оюндарында бекемдешет.

Жайы бою балдардын мөмө-жемиш боюнча билимдери топтолот. Жылдын бул мезгилинде педагог бала бакчага тиешелүү огородго экскурсия кылса болот. «Башы-аягы», «Желет-желбейт» оюндарында балдар жер-жемиш, мөмө-чөмөлөргө тиешелүү болгон белгилерин драманын элементтери менен беришет. Мында балдардын оюнга болгон кызыгуусу күчөйт. Жандуу дүйнөгө болгон балдардын кызыгуусу жаныбарлар, өсүмдүктөр тууралуу китептерди окуу, драманын элементтерин колдонуу аркылуу артат. Педагогдун тааныш жерлерге болгон аяр мамилеси да балдардын кызыгуусун жаратат. Көркөм адабияттарды окуу, түрдүү темаларда сүйлөшүү, искусствого жакындашууда оюн фантазия менен сезимдери бириктирүүдөгү бирден-бир каражат болуп эсептелет. Туулган жер тууралуу балдардын билимин арттырган дидактикалык оюндар Мекенге «кичи» жана «чоң» саякат жасоону камтыйт. Бул иштерде: сүрөт боюнча айтып берүү, сөз менен сүрөт тартуу, карта-пландарды түзүү ишке ашат. Сөз менен оюндарда фонематикалык угууну өнүктүрүү маселеси коюлат жана сөз байлыгын толуктоо, кептик түзүмдү өздөштүрүү ишке ашат. Драманын ыкмаларын колдонуу менен педагог балдарды ойнотулуп жаткан абалды сезе билүүгө, ушундай чындыгында болобу же болбойбу деп суроо аркылуу туура жоопко багыттайт. Оюнга балдар чыгармачылык менен мамиле жасашса, анда фантазияга жол кеңири ачылат.

- Жогорку топто педагог менен музыкант музыка дүйнөсүндө бала өзүн эркин сезүүсү үчүн музыка дидактикалык оюндарда атайын көрсөтмөлүү колдонмолор пайдаланылат. Бул болсо баланы музыка жана үн дүйнөсүндө өзүн эркин сезүүсү үчүн ыңгайлуу болуп эсептелет. Педагог бул көрсөтмө куралдарды так жана максатка ылайык пайдалана билүүсү керек.

Эгер педагог окутууда көрсөтмөлүүлүктү кайсы учурда колдонууну билсе, дидактикалык маселелер так аткарылат. Ошондуктан жомоктогу каармандар берилген карточкаларды бири биринен айырмалоодо гана эмес, жалпысынан сюжетти өздөштүрүү үчүн мыкты натыйжа берет.

5–6 жаштагы балдар өз алдынча дидактикалык оюндарды түзүүнү билип калышат. Алар стол үстүндө ойнолуучу оюндарды, тааныш дидактикалык оюндарды ойношот жана педагогдун сабактарында өздөштүргөн оюндарды ойношот. Акырындык менен алар оюнга улам жаңы эрежелерди киргизүү менен жаңы оюндук кырдаалдарды пайда кылышат.

- Педагог бул өзгөрүүлөрдүн ишке ашырылуусу үчүн болгон мүмкүнчүлүктөрдү түзүүсү керек. Оюндун жүрүшүндө ар баланын өзүн кандай алып жүрүүсү тууралуу эскертет жана активдүү болуусу үчүн эмне жетишпей жаткандыгын белгилейт, кандай көндүм, билгичтиктер бекемделгенин баалайт.

# IV бөлүм

# БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮЧҮ САБАКТАРГА КАРАТА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

# Кеп өстүрүү

## Экинчи кенже топ (төрт жаштагы балдар)



**Кеп өстүрүү – педагогдун ишинин маанилүү багытынын бири болуп саналат жана 4 жаштагы баланын психикалык жактан өз убагында өнүгүүсүн камсыздайт.**

Кепти калыптандыруу, башкача айтканда, сөз менен берилген маалыматты кабыл алуу жөндөмдүүлүгү балдардын өз убагында психикалык жактан калыптануусунда жана өз сезимдерин түрдүүчө чагылдырууда ири мааниге ээ болот. Бала психикалык функциялардын катарын толуктаган сөз өстүрүү көндүмүндө чыгармачылык менен сөздөрдү кайрадан иштеп чыгуунун жана курчап турган кубулуштардын жыйынтыгында ээ болот. Курбуларынын, улуулардын сөздөрүн тууроо аркылуу да сөз байлыгын толукташат.

Бул жаш курактык топтогу балдарга сөз байытуу жана жакшыртуу маанилүү билим берүү милдеттеринин бири болуп саналат, ал чечим балдарды айлана-чөйрөгө маданий сүйлөөгө, билим берүү таасири күчтүү болот жана коммуникативдик билгичтиктерди калыптандырат.

Баланын сүйлөө кебин өнүктүрүү үчүн маанилүү шарт болуп мугалимди тууроо эсептелет. Баланын сөз байлыгынын баюусу үчүн мугалим сөз айкаштарын даана, ачык-айкын, жай жана жаңы сөздөрдү кайталап, көп жолу колдонуу керек. Мугалимдин жаркын жөндөмү, ар бир баланын суроо менен диалог баштоого мүмкүнчүлүк берүүсү жана чын ыкластан жагымдуу үн менен жаңы сөздөрдү айтуусу, баланын кебин өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарт түзөт.

Ошентип, балдардын жашоосунун төртүнчү жылында, кебин толук өнүктүрүү чөйрөсүндө негизги элементтер болуп төмөнкүлөр саналат:

- ➔ балдарды пикир алышууга мажбур кылган оюнчуктар, предметтер (оюнчуктар, дидактикалык кутучалар, түстүү сүрөттүү китепчелер ж. б.);
- ➔ педагог тарабынан окулган чыгармалардан көркөм тексттер;
- ➔ балдар менен маектешүүдөгү педагогдун жеке кеби;
- ➔ педагогдун атайын уюштурган иш-чаралары (балдар тууралуу аңгемелешүүлөр, ийгиликтер, кемчиликтер тууралуу пикирлер ж. б.).

Бөбөктөр өтө ынтаалуу угуучулар. Алар улуулардын эмне айтып берип жаткандарын зор ынтаа коюу менен угушат. Педагог үчүн сөзсүз түрдө балдар менен баарлашуусунда маанилүү болгон сюжеттерге токтоло кетели.

**Топтун жашоосу тууралуу баарлашуулар** балдардын болуп өткөн окуялардын ортосундагы байланыштарды табуусуна, жаңы нерселерге баа берүүсүнө шарт түзөт. Болуп өткөн нерселерге анализ берүүсүнө да бул баарлашуу жардам берет. Мисалы, «Бүгүн балдар... билишти. Бизге конокко ...келишти. Акыры ооруп жаткан Айым келди». Бул сөздөрдү угуу менен балдардын сөз өстүрүү жөндөмү артат.

Балдар тууралуу, **алардын жетишкендиктери, ийгиликтери тууралуу айтып туруу, маалымат берүү алардын топтогу ордун, маанисин сездирүүгө шарт түзөт**. ***Мактоону уккан бала башкаларга оптимизм менен кароого үйрөнөт.***

**Педагогдун балдар тууралуу айтып берүүлөрү,** алардын түрдүү коркунуч сезимдеринен арылууга жардам берет (мен кантип караңгыдан коркпой калдым ж. б.), туура эмес кылыктарды түшүнүүгө («Башка бирөөлөр курганды, бузбоо керектигин билдим», «Оюнчуктар менен бөлүшүү керектигин билдим» ж. б.). Айтып берүүлөрдүн формасы түрдүү болот. Өзгөчө балдарга жомок түрүндөгүлөрү жагат. Мисалы, «Ханбийке кантип тырмагын кемиргенди токтотту», «Жуунбастын сабактары» ж. б. жомокторду айтып берүү менен бөбөктөрдү маданий-гигиеналык көндүмдөргө көнүктүрүүгө болот.

**«Татаал жагдайлар» тууралуу айтып берүүлөр** балдардын туура эмес кылык-жоруктарын жоюу максатында айтылган. Бирок булар педагог менен ата-энелердин капалануусуна гана алып келет. Аңгемелешүүнүн темасы балдар тарабынан да сунушталышы толук мүмкүн. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- ➔ Суу жеңдердин кесепети;
- ➔ кир тактарды калтырган кир колдор тууралуу;
- ➔ ачка калтырган тил тууралуу;
- ➔ унутта калган оюнчуктар;
- ➔ чоңдордун сөздөрүн туурадан чыгып бузган бала же кыз тууралуу баян ж. б. у. с.

**Күтүлүүчү жагдайлар тууралуу аңгемелер** балдардын эртеңки күндөн жакшы окуяларды күтүүсүнө өбөлгө болот (майрам, куурчак театрынын спектаклдерин көрүү, экскурсия ж. б.). Балдардын сөзүн өстүрүү боюнча жумуштар бардык оюндарда, сабактан тышкаркы мезгилдерде өткөрүлүп туруусу милдеттүү. Тактоого, сөздүктү байытууну активдештирүүгө ири маани берилип, көңүл бурулуусу керек.

Сөздүктү байытуу үчүн төмөнкүдөй ыкмаларды колдонууга болот:

- ➔ курчап турган чөйрө менен таанышууда предметтерди атынан атоо («Биздин оюнчуктар», «Шкафтагы идиштер», «Биздин жана куурчактардын эмеректери» ж. б. у. с.), «Керемет үкөк», «Сыйкырдуу баштыкча», «Огород жана бак» оюндарында атоо жумуштары аткарылат;
- ➔ баланын активдүү катышуусу менен предметтерди көрсөтүү (угуу аркылуу кабыл алуу, даам сезүү ж. б.);
- ➔ сырткы келбети боюнча окшош предметтерди салыштыруу (шуба – пальто, чайнек – чыны, туфли – жайкы бут кийим ж. б.);
- ➔ кыймылды талап кылган тапшырмалар (алып кел, коюп кой, көрсөт ж. б.).

Предметти көрсөтүүнү баланын активдүү аракети менен айкалыштыруу ыкмасын «Керемет кап» дидактикалык оюнун өткөрүүдө колдонууга болот, анда предметти сыйпалап таануу жана ал жасалган материалды таануу мүмкүнчүлүгү (жыгач, пластмасса, кездеме ж.б.) берилет. Аны каалаган жаңы предметти максаттуу кароодо колдонууга болот. Педагог ишке туура мамиле кылганда бала сырткы кебетеси окшош предметтерди айырмалап, атай алат, аны: «Эмне өзгөрдү?», «Үчүнчү ашыкча», «Жубуңду тап» ж. б. дидактикалык оюндарды өткөрүүдө да колдонууга болот.

Экинчи кенже топто **кептик дем алууну, кептин темпин, үндүн күчүн жана бийиктигин, тыбыштарды айырмалоо жана туура айтуу иштеп чыгуу** боюнча иш уланат. Бул милдеттер балдарга тааныш жана алар айта алган тыбыштарды айткан учурда жеңил чечилет. Бул куракта бала менен эне тилдин бардык тыбыштарды так айтууга көнүгүүгө болот, буга шыбышчылдар (ж, ш, щ, ч, ц) жана уяң үндүүлөр (р, л) кирбейт. Тыбыштардын жакындык топторун өздөштүрүү боюнча иштер баскыч менен өткөрүлөт. Мисалы, үнсүздөр менен иштеп жатып, педагог балдарга тыбыштардын айтылышын төмөнкү тартипте түшүндүрөт:

- ➔ эринчил (м, б, п);
- ➔ эрин-тишчил (в, ф);
- ➔ алдыңкы тилчил (н, д, т);
- ➔ түпчүл (г, к, х).

Көпчүлүк учурда артикуляциясы боюнча жөнөкөй үнсүздөрдү айтуу балада татаал артикуляцияга ээ тыбыштарды туура айтуу көндүмүн калыптандырат. «А» тыбышынын туура артикуляцияланышы менен баланын тыбыштарды так айтуусуна шарт түзүлөт. Ушундай эле жыйынтык «м», «п», «б», «ю» тыбыштарын айтууда да колдонулат.

Үндөрдү айтууну калыптандыруу үч этапка бөлүнөт. *Биринчи этап* – **бул артикуляциялык аппаратты даярдоо,** *экинчи этап* – **үндү тууроодогу жок болгон тыбышты айтуу, б. а., тыбышты кайталоо,** *үчүнчүсү* – ушул тыбыштарды сөз, сүйлөм аркылуу бышыктоо. Кийинчерек калган эки этапка кайрылабыз.

Тыбыштарды тактап кайталоо. **«О»** тыбышынан башка үндүүлөрдүн бардыгы жана кээ бир үнсүздөр (в, ф, с, з, ц) реалдуу объект менен дал келет. Мисалы, **«а-а-а»** деп кичинекей ымыркай үн салат, **«у-у-у-у»** деп паровоз, **«ф-ф-ф-ф»** деп кирпи бырылдайт. Мындай ыкма педагогго кийинки тыбыштын маанисин билдирүүгө жардам берет. Мисалы, мамалакка өз апасын табууга жардамдашып, мамалактай болуп үн салуу менен.

Тыбыштарды жалпы үн чыгарып кайталоо менен педагог бардык балдардын тыбыштарды так айтууга үйрөнүүсүнө жардам берет. Мисалы, педагог балдарга чогуу паровоз сымал «у-у-у-у» деп айтууну сунуштайт. Андан соң Мураттын паровозу кандай үн чыгарарын билүүнү сунуштайт. Балдардын бул тыбыштарды айтуусун салыштырууга да болот. Андан соң Мураттын кандай паровозду туураганын көрүүнү сунуштайт. Мурат паровоздун үнү тээ алыстан келе жатып угулгандагысын тууроону сунуштайт. Жакындаганын айтканда балдар үндөрүн катуурак чыгарып туурашат. Балдарды кезек менен паровозду тууратууга болот. Мисалы, балдар: «Айперинин паровозду туураган үнү ичке, ал эми Максаттын үнү жоон» деп салыштыра алышат.

**«Иштетүү менен ойногон оюнчуктар»** дидактикалык оюндарында педагог балдарга түрдүү үндөрдү иштеп чыгууга чакырат.

Бөбөктөр оюн учурунда «Тааныш ыр-үндөрдү» кайталап, табигый үндөрдү иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк алышат.

- Булардын эсте болуусу маанилүү: тигил же бул тыбышты туура эмес айтып, үнчукпаган баланы ойно деп мажбурлоого таптакыр болбойт. «Оюнчук» сынып калды деп айтып койсо болот. Мындай балдарга «оюнчуктарды» жандандыруучунун ролун берүүгө болот. Мындай оюндарды сейилдеп жүргөндө да ойноого болот.

**«Сыйкырдуу куб» оюну** – колдонуучулар каалаган сүрөтү менен үн байланышы бар балдардын мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Мисалы, кубдун бетине чиркейдин сүрөтү чапталганын көрүп, балдар өз алдынча же бирге «з-з-з-з» деп үн чыгара башташат.
«Сыйкырдуу куб» менен өз алдынча ойноо үчүн шарттарды түзүп берүү керек. Педагог негизги басым, сүйлөө, дем алуу, сүйлөө чен, интонация, көркөмдүүлүк болгон ыкмаларды колдонуусу жана иштеп чыгуусу керек.

- «Узун ырларды» аткарууда дем алуу учурунда (2–3 сек.) тыбыштарды айтышат жана бул учурда кээ бир үндүүлөр менен үнсүздөрдүн (с, з) айтылышы иштелип чыгат. «Жипти сууруп чыгуу» ыкмасы өтө натыйжалуу болуп саналат. Балдар колдорун көкүрөгүнүн тушунда кармап туруп, бармак менен сөөмөйүн бириктиришет. Үндүү тыбышты айтуу менен бир убакта жипти эки жакка созгон сымал кыймылдарды жасашат. Педагог ийиндин түз болуусуна, далынын куушурулбоосуна да көңүл буруусу керек.

Үндү тууроо аркылуу бала үнсүз **(м, б, п, н, т, д, к, г, х)** тыбыштарын айтууга үйрөнөт. Балдардын активдүүлүгүн кармап турууучу ыкмалар бир эле үндү тууроо аркылуу ишке ашат. Балдарды үндөрдү тууроого үндөө менен алардын айырмачылыктарды таба

билүү жөндөмүн да текшерүүгө болот. Мисалы, **«кук-кук-кук»** деп тоок балапандарын коргоп какылдайт, **«кудах-дах-дах»** деп бир нерседен чочулаганда кукулуктайт. Үндөрдү кайталоо этабында окутуунун түрдүү ыкмалары колдонулат.

**Оюн-инсценировканы жүргүзүү учурунда** балдар сөздөр менен айтымдарды кайталап, кайталанып келүүчү сөздөрдү бекемдешет. Балдар суроолуу, илептүү, кубанычты, капаланууну, таң калууну билдирген сүйлөмдөрдү түзүүлөрү керек. Оюндарда фланелеграфты колдонууга да болот. Кептик материалды тандоодо төмөнкү учурларды эске алуу керек:

- ➔ бала так, туура айта алган тыбыштар айтымдардын башында же аягында туруусу керек;
- ➔ айта алууга кыйын болгон тыбыштарды, алгач сөздөрдү айтууда «үнсүз+каткалаң+үндүү» принциби менен муундарга бөлүү керек, бул балдар үчүн кыйынчылыкты жаратат.
- ➔ кайталанып жаткан түгөйлүү үнсүз бир сөздө катуу, башкасында жумшак боло тургандай (минтип-мышык, Зина-зор ж. б.) кылып сөздөрдү тандоо зарыл;
- ➔ бала айтып жаткан үндүү басым түшкөн муун болушу керек.

**Ырдан турган саптарды колдонуу** педагог үчүн бир нече маселени бир убакта чечүүгө шарт түзөт. Педагог балдар менен ырды 2–3 жолу кайталап, оюн жолу менен аны жүзөгө ашырат, мында кайталоо натыйжалуу болуп саналат. Мисалы, балдар «Эй, алакандар, алакандар, кармагыла, отко кактап жейбиз катырма» (мында «а» тыбышы бекемделет) ырын айтып, кыймылдары менен, колдору менен көрсөтүшөт. Педагог бул ыр кайсы китептен алынганын тактап айтып берет.

**Окуу.** Үндүк маданият сабактарында педагог тигил же бул тыбышты бекемдейт. Мисалы, Абзий Кыдыровдун «Бөбөктөр алиппесиндеги» ырын окуу менен педагог «х» тыбышын кайталап бекемдөө мүмкүнчүлүгүнө ээ болот:

**Харьковдон, келген Харитон,**
**Хивадан келген Халима.**
**Халваны бөлүп жеткирди,**
**Хадича, Хаким баарына.**

**Дидактикалык оюндардын маанилүү ролу.** Балдар тыбыштарды кайталап бекемдөө үчүн кызыктуу мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат. Мисалы, дидактикалык «сыйкырдуу кутучасы» оюнунда балдар белгилүү бир тыбыштар бар оюнчуктарды алышат (капуста, өрдөк, кайырмак, короз). Сабактарда балдар сүрөт боюнча анын өңү-түсүн айтып беришет (кээ бир балдарда окшош сүрөттөр болушу мүмкүн). Оюндун жүрүшүндө сүрөттөрдү алмаштырып турууга болот.

**Туура айтымдар.** Балдар менен иштөөдө туура айтымдар кеңири колдонулат. Баланы тарбиялоо максатында адабиятка болгон табитин жогорулатуу үчүн элдик чыгармаларга кайрылуу керек.

Бала жашоосунун алгачкы жылдарында **грамматикалык нормаларды өздөштүрүү интенсивдүү түрдө жүрөт**. Балдардын сүйлөө кебин изилдөөчүлөр мектепке чейинки курактагы балдардын негизги грамматикалык системасынын формалары 3–4 жашта калыптанарын белгилешет. Алар өз кептеринде зат атоочтун бардык жөндөмө категорияларын, этиштерди колдонуп калышат. Алар өз кептеринде жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдү колдонушат.

Буга карабастан 3–4 жаштагы баланын кебинде дагы да болсо лексикалык каталар, сүйлөмдөрдөгү туура эмес ыкташуулар, грамматикалык формалардын бузулуусу кездешет.

- Экинчи кенже топтогу балдар менен иштешүүнү пландаштырган педагогго балдардын грамматикалык көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн биринчи кезекте кептин морфологиялык жагына көңүл буруу керек, б.а., балдардын сан, жөндөмө категорияларын билүүсү, зат атоочтордун жасалуу ыгын, жаныбарлардын балдарын билдирген зат атоочторго эмоционалдуу-экспрессивдүү баа бере билүүсү. Мында олуттуу көңүлдү кептин синтаксистик жагына да буруу керек. Балдарга сүйлөмдө бышыктоочту билдирүүчү сөздөрдү өздөштүрүүсүнө жардам берүү керек. Сүйлөмдүн түзүлүшү тууралуу да маалымат берүү керек. Бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү билүү да ашыкча болбойт.

Тилдин морфологиялык каражаттары боюнча иштердин мазмуну ушул курактагы балдардын кеби үчүн мүнөздүү болуп шартталган. Көнүгүүлөр үчүн 3–4 жаштагы балдар үчүн татаал болуп эсептелген грамматикалык формалар алынат:

«Эмне жок болуп калды?» дидактикалык оюну.

«Эмне жалгыз, эмнелер көп?» дидактикалык көнүгүүсү.

Экинчи кенже топто жаныбарлардын балдарынын атын билдирген сөздөр жана заттардын аттарын кичирейтилген түрүн билдирүү үчүн алынган сөздөр менен иштөөгө олуттуу маани берилүүсү керек. Балдарга сүрөттөрдөн жаныбарлардын балдарын көргөзүү менен педагог алардын аттарын атайт. «Менин сары жөжөлөрүмдү кичинекей үйгө киргизип койгулачы, кудай жалгагырлар». Бул зат атоочторду балдар оңой эле жаттап алышат. «Көрсөт, ата», «Эмне жок болуп калды?», «Сөз кош» дидактикалык көнүгүүлөрү зат атоочторду кичирейтип көрсөтүүгө багытталган. Мисалы, «Куту – куту**ча**, стол – стол**чо**».

Мектепке чейинки куракгагы балдар сөздөрдү кошуп айтуудан көпчүлүк учурда адашышат. Балдарды зат атооч менен башка сөз түркүмдөрүн чогуу кепте колдонуусу үчүн «Кимдин буюму» өңдүү дидактикалык оюнду колдонуу жакшы натыйжа берет (мында бала жооп катары таандык мүчөнү улоо менен жооп кайтарат: менин чакам, менин куурчагым, менин оюнчугум ж.б.), «Мага белек кылыңызчы, сураныч» *(жашыл чака, ак күчүк, тасма ж.б.у.с.)*. «Бирөө – көп» («Кереметтүү кутучадан балдар бирдей предметтердин сүрөттөрүн алышып, аташат: **«Бир алма.. көп алма... бир чоң дөңгөлөк... көп кичине дөңгөлөк»**). Балдардын кебиндеги каталар көбүнчө этиштин буйрук ыңгайын колдонуу менен байланышкан. Этиштин формаларын туура колдонуу үчүн «Мамалак, жат!» дидактикалык оюнун колдонууга болот. Ошондой эле «Катя менен мамалак муз тебүүдө» ойнун да ойноо этиштин формаларын туура колдонууга шарт түзөт.

4 жаштагы бала көптөгөн тактоочторду билип калат. Балдарын кебиндеги тактоочторду активдештирүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат. Мейкиндик боюнча мамилелерин билдирүүчү сөздөр тактоочтор болуп саналат. Мындан сырткары сабактарда оюн-инсценировкаларды сунуштоого болот. Балдарга таратма материалдарды сунуштоо менен (куурчактарды, балатычаларды ж.б.) педагог кыздан: «Сенин куурчагың кайда?» (чөнтөгүмдө, столдун астында, артымда ж.б.у.с.) педагог жандуу зат атоочту колдонууларына да көңүл буруусу керек. Оюндун элементтерин колдонуу менен педагог оюнчуктарга ат берет. Балдар педагогдон оюнчуктарды алып, ал эми башка балдар кимде эмне оюнчук бар экендигин айта алуусун да колдонууга болот.

Балдарды сын атоочторду айтууга көнүктүрүп жатып, негизги көңүл буюм жасалган материалды билдирген салыштырмалуу сын атоочко бөлүнөт (айнек, жыгач, резина ж.б.). Аларды балдардын кебинде активдештирүү үчүн «Кандай?», «Эмне жок болуп калды?» дидактикалык оюндары колдонулат.

**Кептин синтаксиси боюнча иштер.** 4 жаштагы баланын сүйлөө речи үчүн акырындык менен сүйлөмдөрдү татаалдаштыруу мүнөздүү жана эки багытта жүрөт: мында сөздөрдүн саны жана мазмуну татаалдаштырылат.

- Бул процесстин негизинде активдүү сөздүктүн өнүгүүсү жатат. Ошондуктан сөздүк иштер жана кептин грамматикалык түзүлүшү бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Бала өз оюн сүйлөм менен берүүнү билүүсү үчүн аны кубулуштар, предметтер менен жалпылап, алардын ортосундагы себептик мамилелерин аныктоо керек.

Ошентсе да, себеп-мезгилдик көз карандылыктарды жөндөө бөбөктөр үчүн алда канча кыйынчылыкты туудурат. ***Бул проблеманы жоюу үчүн педагог ар бир ыңгайлуу учурду туура колдонуусу керек (күнүмдүк жашоодо; сабакта, байкоо учурунда; предметтерди, сүрөттөрдү кароодо, окулган чыгармалар боюнча аңгемелешүү), ошол мамилелерди мүнөздөгөн сөздөр менен айтымдарды туура колдонууга багыт берүү. «Эмне үчүн?», «качан?»,*** «***кантип?» деген суроолор балдардан туура жооп берүүлөрдү талап кылат.*** Кээ бирде бул жооптор багыныңкы, тең багыныңкы сүйлөмдөр аркылуу берилет.

Балдар «ошону үчүн, ошондуктан» деген байламталар катышкан сүйлөмдөрдү кебинде көбүрөөк колдонуусуна педагог ар дайым көңүл буруусу керек. Бул курактагы балдарга жандуу жана жансыз заттардын аттарын, алардын мүчөлөрүн, бөлүктөрүн атоо аркылуу кырдаалды мүнөздөөгө болот. ***Бул тенденция бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдөрдү колдонууда ири мааниге ээ болот.***

Сабактарда да бул ыкмалар колдонулат, мисалы, сүрөттү кароодо *(балдардын көп оюнчуктары бар, тегеректелери, формачалары, желекчелери, машиналары)* сабактан тышкаркы учурларда пирамидачалар менен ойноо учурунда *(пирамидачалардын өңдөрү түстүү: сары, көк, жашыл)*.

- Педагог түрдүү сөздөр менен курулган сүйлөмдөрдү түзө алуусу керек.

Балдар, эреже болгондой, тапшырмаларды ийгиликтүү аткарышат, ошентсе да күнүмдүк турмушта сабакта өтүлгөн нерселерди кайталап туруу керек. ***Бул үчүн балдар көп жана активдүү сүйлөөсү кажет. Ушул максат менен аларды түрдүү темадагы аңгемелешүүгө тартуу керек. «Эмне үчүн?», «качан?», «кантип?» деген суроолорго туура жооп берүүсүн камсыздоо керек. Балдардын өз ой-пикирлери менен бири бирине кайрылуусу да ири мааниге ээ. Эгер баланын жүрөгүн өйүгөн эмне экендигин сураса, ал сөзсүз түрдө айтып, жооп берип баштайт. Ыңгайы келген учурда мисалы, Азаматтын кандай байкоо жүргүзгөнүн (Коля, Айдай), кандай иш жасагандыгын айтууга болот. Балдарда өз пикирлери менен улууларды кубантууну каалоо сезими пайда боло баштайт (сура, такта, сунушта, рахмат айт) жана улуулардын тапшырмаларын зор ынтаа коюп аткарышат.*** Балдардын улуулар менен курбуларына жагымдуу маанай тартуулоого аракет кылуусу байкалат. Бул куракта балдарды ***сюжеттүү сүрөттөр менен иштөөгө үйрөтүү керек***. Сүрөттү тандап алуу менен педагог алгач анын мазмунуна көңүл буруусу керек, андан соң сүрөткө ылайыктуу текст, суроолорду түзүүсү керек. Бул бир-эки айтымдан турса да болот. Текстти түзүүдө бир сүйлөм экинчисин толуктап тургандай болуусуна көңүл буруу керек.

Балдардын улуулар менен курбуларын кубандырууга болгон каалоосу ойгонот жана андан рахат алат. Бул куракта балдарды сюжеттүү картиналар менен иштөөнү көбөйтүү керек. Педагог картинаны тандоо менен мазмунун айтып берип, анан ага карата суроолорду түзөт. Түзүлгөн тексттеги сүйлөмдөр бири бирине маанилик жактан байланыштуу болуусу керек жана бири-бирин толуктап, уланмалуулук

принциби сакталуусу керек. Бул курактагы балдар кубануу менен стол үстүндөгү театр ойнун ойношот. Мындай оюндар балдарды текстти, жомокту кайра айтып берүүсүнө шарт түзөт.

## Ортоңку топ (беш жаштагы балдар)

Орто топто балдардын түрдүү предметтер тууралуу билимдерин тереңдетүү тууралуу интенсивдүү иштер каралат. **Мектепке чейинки курактагы балдардын пассивдүү жана активдүү сөздүгү предметтерди, бөлүктөрдү, алардын сапаты менен касиеттерин атоонун негизинде байыйт (өңүн, формасын, көлөмүн, фактурасын ж. б. у. с.), ошондой эле мейкиндик менен мезгилдик мамилелерди мүнөздөгөн түшүнүктөр.**

- Балдар кебинде *кийим, бут кийим, эмерек, идиш аяк, жаныбарлар* сыяктуу жалпылоочу сөздөрдү колдонууга үйрөнүшөт. Тааныш предметтерди топтоштурушат (идиш: *чайга колдонулуучу кашык, ашкана; бут кийим: кышкы, жайкы*).

Адамдар ортосундагы мамилени билдирүүчү сөздөр дагы балдардын сөз байлыгын байытууга жардам берет. Балдар кебинде аскер кесибине тиешелүү сөздөрдү колдоно башташат *(моряк, чек арачы, учкуч ж. б. у. с.).* Тилдин сөздүк курамы менен тааныш болушат жана грамматикалык түзүлүшү менен да таанышышат. 5 жаштагы балдар зат атоочтордун эмоционалдык-экспрессивдүү байламталар менен жасалуу жолун өздөштүрө башташат.

Бул курактагы балдардын кебинде жөнөкөй жайылма сүйлөмдөр көп колдонулат. Бир өңчөй мүчөлүү (толуктоочтор, аныктоочтор менен) жайылма сүйлөмдөрдүн саны көбөйөт. Бир өңчөй бышыктоочтор менен сүйлөмдөр пайда болот. Төрт жаштагы балдар салыштырмалуу эркин түрдө байламтасыз да, *ал эми, жана* байламталары менен да татаал бирикме сүйлөмдөрдү, ошондой эле татаал багыныңкы сүйлөмдөрдү да (эреже катары, кошумча багыныңкы жана мезгил багыныңкы менен) колдонот. Себеп багыныңкы, татаал багыныңкы сүйлөмдөрдүн саны өсөт.

Грамматикалык каражаттарды колдонууда өз оюн так айта албай калышат, эгер өз оюн гана туура айтууну максат кылышса, анда кептин грамматикалык курулушу аксап калат. Бул тууралуу сүйлөмдөгү каталардан, сүйлөмдүн курулушунун бузулуусунан жыйынтык чыгарууга болот.

- 5 жаштагы балдардын педагогдун айткандарын ырааттуулук менен, уланмалуулук менен кайра айтып берүүсү педагогдон максаттуу багытталган, пландаштырылган иш-аракеттердин топтомун талап кылат. **Педагог балдарды ар бир айтылган нерсени кунт коюп угууга, кептин таасирдүүлүгүн жоготпоо үчүн сөздү жыра тартып бузбоого үйрөтүүсү керек.** Ошентсе да, баланын кебинин мазмундуулугу, анын тилдик грамматикалык каражаттарын туура пайдалана билүүсү, анын билгичтиктерине жана сөздүк корунун байлыгына жараша болот.

**Балдар менен иштөөдө баяндап берүү өзгөчө орунга ээ болот.** Балдар предмет тууралуу, картина тууралуу таратма куралдарды колдонуу менен текст түзүшөт («Токойдогу жолугушуу», «Деңиздин түбүндө» ж. б.).

4–5 жаштагы балдар тыбышты айтуу жагы менен да айырмаланышат. Бир жагынан алып караганда, мектепке чейинки курактагы балдардын кабыл алуусу аз да болсо кемчиликтерге ээ болот. Артикуляциялык аппараттын моторикасы калыптана элек болот. Балдардын үндүк маданиятын тарбиялоо негизинен фонематикалык кабыл алууну тарбиялоо аркылуу ишке ашат. Бул аталган маселелер менен катар балдардын үндүк интонациясын тарбиялоо жана үндүн бийиктигин ченөө, сөздөрдү туура жана так айттырууга көнүктүрүүнү ишке ашыруу керек.

Педагогдун негизги максаты болуп, балдарды көркөм адабиятка жакындаштыруу эсептелет. Балдарга күн сайын китеп окуп бериш керек. Сүрөттөрдү сюжет менен дал келиштирип, балдарга китептерди карап чыгууну сунуштоо керек.

Сабактардагы окутуу ары татаал болгон материалды өздөштүрүүгө, материалды кабыл алууга жардам берет жана аны сабактан тышкаркы учурда калыптандырат. Көптөгөн кептик билгичтиктерди калыптандыруу үчүн кайталап туруу керек (мисалы, тыбышты так айтууга үйрөтүүдө, сөздүн грамматикалык формасын кепте колдонууда, сүрөт боюнча аңгеме түзүүдө, ырларды жаттоодо). Сабактарда бала өзү сүйлөш керек болот, ал эми 4 жаштагы балада бул көндүм жаңыдан гана калыптана баштаган кез болот.

- Педагог ар дайым ушул жагдайды сабак өтүүдө эске алуусу керек. Сөз өстүрүү боюнча сабактарда башка сабактардай эле, тарбиялоочу принцип ишке ашат. Балага таасир этүү кептик ишмердүүлүккө, анын тилдик жактан курулушуна, ошондой эле сабакты уюштуруу жана өткөрүүдө ишке ашырылат (иштин белгилүү бир темпи жана ритми, балдардын маанайы жана активдүүлүгү, педагогдун балдарга кайрылуу тону ж. б. у. с.).

Окууга болгон кызыгуу материалдын кызыктуу жана жеткиликтүүлүгүнө гана эмес, сабактын жагымдуу атмосферасына да байланыштуу болот. Орто курактагы мектепке чейинки жаштагы балдар педагогдун суроосуна жооп бергиче шашышат да, көпчүлүк учурда ката кетиришет. ***Алар педагогдун мактоосуна өтө муктаж жана башкалардын көзүнчө жоопко канааттанбоону билдирсе капа болушат.***

- Бул педагогду өтө сабырдуу болууга, бала кыялын кош колдоп колдоого мажбур кылат. Мындай мамиле жакшы натыйжа берет жана ийгилик жаратуу үчүн өбөлгө болот.
- Сабакка даярдануу процессинде педагог баланын кептик көндүмдөрүн, кызыкчылыктарын, өзгөчөлүктөрүн, мүнөзүн эске алуу менен ишмердүүлүк жүргүзүүсү керек.

**Балдардын сүйлөө кебин өнүктүрүүнүн шарты болуп эмоционалдуу, образдуу, адабий тилдин нормаларына жооп берген педагогдун тили болот.**

- Педагогдун ар бир сөзү балдар үчүн тууроонун үлгүсү болот. Ал кебинде синонимдерди, антонимдерди, сылык түрдө кайрылуунун формаларын көп колдонуусу керек.

Суроону түзүп жатып, көп учурда педагог аны балдар үчүн бир нече жолу кайталайт. Бул педагогикалык жактан туура. Балдарды өз көз караштарын билдирүүсүнө тоскоол болбой, каталарын өз алдынча оңдоосуна шарт түзүү керек. Бул талаптардын педагог тарабынан сакталуусу балдардын кебин өстүрүүгө өбөлгө болот. Балдарды окутуунун маанилүү шарты болуп, бир сабакта бир нече ыкмаларды колдонуу эсептелет. Мисалы, балдардын көңүл буруусун, эске тутуусун жөнгө салуучу ыкмаларды колдонуу ка-алагандай жыйынтык берет (мындай классификация көпчүлүк учурда шарттуу болот).

### Материалды жакшыртуунун шарттарын, ыкмаларын карайлы:

***Хордук жана жекече жоопторду кезектештирүү.*** Түрдүү хордук жана жекече жоопторду кезектештирүү ишке бардык балдарды тартканга мүмкүнчүлүк берет, ар бир балага жакшы кептик жүктөмдү камсыз кылат. Бардык балдардын жана чоң (анча чоң эмес) топчолордун, жалаң уул балдардын же кыз балдардын, терезеде отурган же биринчи партада отурган балдардын,аппликациясы менен футболкачан балдардын ж.б. жооптору хордук болушу мүмкүн.

***Түрдүү оюндук жагдайларды ишке ашыруу.*** Оюнчук тууралуу баяндап берүүнү оюн-инсценировка аркылуу берүү ыңгайлуу болот. Ага катышуу менен бала кийин өзүнүн жоопторунда оюндагыларды колдоно алат.

***Тапшырманы аткарууга негизделген зарылдыктар.*** Бул ыкма, белгиленгендей, бир типтүү кептик материалдарды кайталоодо өзгөчө ролду ойнойт. Педагог бала үчүн мааниге ээ болгон мотивдерди колдонот (кимдир бирөөгө жардам берүү, алсыздарды коргоо ж.б.). Мисалы, балдар мышыкка: «Кет, Царапка, тийбе, балапандарын коркутпа»,– дейт (ц тыбышын кайталоо үчүн).

### Көңүл бурууну калыптандыруучу ыкмалар:

***Оюндук ыкмалар менен айкалышкан көнүгүүлөр*** балдардын сабактын материалына болгон кызыгуусун ойготот. Оюндук ыкмалар түрдүү болуусу мүмкүн. Мисалы, педагог балдарга үндүн артикуляцияланышын түшүндүрөт жана балдардын кайталоосун өтүнөт. Андан ары балдар тыбышты айтып, жалбырактын шуудураганын, каздын каркылдаганын, жели чыккан автоунаанын дөңгөлөгүнүн үнүн ж.б. туурашат.

***Балдардын жоопторуна мотивдештирүүчү баа коюу.*** Бул ыкма балдарды жөн гана жооп берүүгө болгон умтулуусун жогорулатпастан, предметти, кырдаалды салыштыруу үчүн кызыктуу сөздү табууга болгон кызыгуусун ойготот. Балдарга сабакта катышкан каармандын баалоосу кызыктуу болот.

***Балдарды курбуларынын жоопторун кабыл алууга даярдоо.*** Мисалы, педагог: «Бүгүн биз Азамат экөөбүз ырды көркөм айтууну үйрөндүк. Мен Азаматты өткөн сабакка караганда жакшы окуп калды деп ойлойм. Келгиле, аны угуп көрөлү?» ж.б.у.с.

***Дене тарбиялык тыныгууларды колдонуу.*** Катардагы типтүү позалар 4 жаштагы балдар үчүн тажатма болушу мүмкүн, ошондуктан педагог аларга столдон туруп мольбертке жакындоого, столго келүүгө, дидактикалык оюндун шарты боюнча бөлмөдөн ылайыктуу предметти табууга, драмага катышууга уруксат берүүсү керек. Эгер бул варианттар кыйынчылыкты жаратса, оюндун жүрүшүндө тыным жасоого болот жана педагогдун көрсөтмөсү боюнча түрдүү жаныбарларды туурашат, кирпини туурап, тоголок позаны ээлешет, бакадай болуп секиришет, өз куйругун тиштегиси келип жаткан күчүктүн, турнанын басканын туурап беришет.

Дене тарбия тынымы бардык эле учурда сабактын ортосунда боло бербейт жана эс алуунун каражаты катары эмес, жакшы аткаруу керек болгон окуу тапшырмасы катары сунуш кылынат. Мындай тапшырмалар балдардын ойлоп-табуу жөндөмүн арттырат. Кийинчерээк бул ыкма балдардын драмаларына жана ролдоштурулган оюндарына жакшы таасир этет.

### Сөздүктү калыптандыруу:

Мектепке чейинки курактагы балдардын лексикасын байытуу жана тактоо боюнча иш-аракет, курчап турган чындыкты жигердүү түрдө таанууну камтыгандыктан, ал балдардын оюн, тиричилик, эмгек, окуу ишмердигинин ар кандай түрүнө кирет, демек, тиричиликте да, сабакта да жүзөгө ашырылат. Бул учурда байкап таануу ыкмасы алдыңкы орунда болот. Ар кандай анализаторлордун жана ар башка изилдөөнүн, практикалык иш-аракеттердин жолдорунун жардамы менен (предметти басып көрүү, аны ийип көрүү, чоюп көрүү, өлчөп көрүү, ж.б.), белгилүү нерсе менен салыштыруу, тажрыйбалык сыноолор аркылуу, улууларга суроо берүү менен балдар салыштырганда, предметтин касиеттерин бөлүшөт, жасалган материалды аташат, жыл мезгилдеринин белгилерин ачышат ж.б. Таанып-билүү ишмердигинин негизинде педагог сөздүк ишинин маселелерин чечет, жаңы сөздөрдү балдардын активдүү сөз байлыгына киргизет, белгилүү болуп калган сөздөрдү бышыктайт, сөздөрдүн ар түрдүү мааниси менен тааныштырат.

### Балдардын сөз байлыгын арттыруу жана тактоо үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонуу максатка ылайык келет:

- Жаңы сөздү колдонуу жана ал сөз билдирген предметти карап көрүү (көрсөтмөлүү иш-аракеттери). Мисалы, педагог түшүндүрөт: «Кареги кара болгон көздү кара деп

ОРТОҢКУ ТОП
(4 – 5 жаштагы балдар)

айтышат. Ал эми көзү кара куурчак жөнүндө кара көздүү деп айтат. Көзү көк экинчи куурчак жөнүндө эмне айта аласыңар?».

- ➔ Балдардын назарын жаңы сөзгө интонация менен буруу. «Мен кайсы сөздү үнүм менен бөлүп айтканымды байкадыңарбы? – деп педагог кызыкдар болот. – Күйүп калуу – бул кайнак сууну жаба куюп жиберүүнү билдирет, жанагы «Үч торопой» жомогундагы карышкырга окшоп».
- ➔ Сүйлөө үлгүсүн так чыгаруу үчүн аны көп жолку хор түрүндө жана жеке кайталоо (Айлакер карышкыр менен жарышып атаандашууда, мамалак утулуп калбасы үчүн, аны сиздин буйругуңузду угууну үйрөтүү зарыл: «Бир, эки, үч – чурка!»).
- ➔ Жаңы сөздөрдү (түшүнүктөрдү) ар кандай сүйлөө айтымдарында колдонуу («Кандай ойлойсуңар, майда ак тилкелүү көк кездемеден эмне тиксе болот»? – деп сурайт педагог. «Майда ак тилкелүү көк кездемеден мен көйнөк, белдемчи, жаздык кап, жууркан кап тигет элем» ж. б.).

## Төмөнкү ыкмаларды сөздүктү иштетип баштоо үчүн колдонууга сунуш кылынат:

- ➔ Балдарга жооп-констатацияны талап кылган (эмне? кайсыл жерде? кандай?) же жооп-ойлонууну талап кылган (кантип? эмне үчүн? эмнеге?) суроолор;
- ➔ балага белгилүү болгон сөздү эскертүү, кыйытып айтуу («Кызыл топучан кыз карышкырга ишенген. Ал абдан… (ишенчээк) болгон»);
- ➔ аналогия боюнча сөздөрдү түзүү («шекер үчүн – шекер салуучу идиш, кургак нан үчүн – кургак нан идиши»);
- ➔ объектке мүнөздүү болгон сын атоочтор менен этиштерди тандоо («Кандай аңгеме?» (шаңдуу, күлкүлүү, жомок сыяктуу);
- ➔ балдар тарабынан педагогдун адабий чыгармадагы атайылап калтырып кеткен сөздөрдү толуктап айтуусу («Мен эми жалгыз Чиркей Чиркейевич – Узун мурун эмесмин, мени менен чоң атам Чоң чиркей – … (Узун мурун) жана иним кичинекей чиркейче – … (Узун мурунча) учуп келген»).

## Грамматикалык туура кепти калыптандыруу

Тилдин грамматикалык ирээтин балдар улуу кишилер жана курбулары менен пикир алышуу процессинде үйрөнүшөт. Аларды курчап турган адамдардын сүйлөө речинен алар ар башка грамматикалык калыптагы сөздөрдү кабыл алышат жана акырындык менен өз алдынча ар түрдүү грамматикалык каражаттарды ар кандай колдоно башташат. Бирок сүйлөө речинин грамматикалык ирээтин өздөштүрүү татаал жана узакка созула турган процесс. Тил ченемдердин жана тил эрежелерин өздөштүрүп жатып, балдар сүйлөөдө көптөгөн грамматикалык каталар кетиришет. Ошондуктан мектепке чейинки курактагы балдар менен сүйлөө иштерин жүргүзүү системасына грамматикалык туура сүйлөөнүү калыптандыруу боюнча сабактар кирет. Тилдин морфологиялык каражаттарын өздөштүрүүгө багытталган иштин жүрүшүндө көңүлдү сөздүн үн тарабына бөлүүнү тарбиялоого зор маани берилиши керек.

- 🖬 Бул педагог балдардын ишмердигин, анын бир милдети – сөздүн үн тарабына багыттоо болуп тургудай кылып уюштурушу керек дегенди билдирет. («Эгерде сен жаныбарлардан туура эмес сурансаң, алар сенин жаныңа келбей коюшу мүмкүн. Суранычты кандай берүү керек… Мамалак сенин тапшырмаңды аткарбай койду, анткени сен сөздү туура эмес айттың. Уксаң, Жылдыз мамалактан капталына жатуусун кантип суранды. Мамалакка сенин суранычыңды кайра кайталап көрөлү»).

- Балдардын көңүлүн илик жана табыш жөндөмөлөрүндөгү көптүк сандагы зат атоочторго (бычактардын, бычактарды, алмуруттардын, алмуруттарды), сын атооч менен айкашкан зат атоочторго (жашыл чака, кызыл алма, көк баштык), этиштерге (каалоо, жатуу, качуу, секирүү, сүрөт тартуу), байламталарга (алдында, арасында, ошондуктан), ошондой эле окшоштуруп сөз куруугa буруу керек.

Педагог баланын артынан туура эмес айткан сөздөрүн кайталабашы керек. Бирок мындай ката типтүү болгондо, аны оңдоп коюу туура болот: «Күлкүнүчтүү» эмес, «күлкүлүү» деп айтуу керек.

Бул сөздүктү түшүнүү жана жигердүү пайдалануунун негизинде, улуу кишилерден уккан же жомоктон окуган сөздү эстөөгө, ж. б. балага биринчи жолу уккан сөзүн угуп түшүнүүгө, жардам бере турган сөздүк жалпылоолор түзүлөт. ***Педагогикалык жетектөөсүз мындай жалпылоолор кээ бир балдарда кечигүү менен пайда болот, бул тилди толук өздөштүрүү үчүн тоскоол болот.*** Сөздөрдүн түзүлүшүнүн жана грамматикалык жасалуусунун ыкмаларын өздөштүрүү сүйлөмдүн ичинде жүзөгө ашырылат жана анын түзүмүнүн татаалдашына байланыштуу. Сүйлөм өз кезегинде баланын баарлашууга болгон муктаждыктарынын өсүшүнө жана алгачкы монологдук сөз байланыш көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө жараша олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Үй-бүлөсү жана достору менен баарлашуу учурунда, өз ара оюн ишмердиги учурунда балдардын сүйлөө речинде жөнөкөй жалпы жана татаал сүйлөмдөр эрте пайда болот. Сабактагы оозеки баяндоо учурунда балдар татаал гана эмес, жөнөкөй сүйлөмдөрдү курууда дагы көп ката кетиришет, байламталарды калтырып, бир эле сөздү бир нече жолу кайталап, сүйлөмдүн өзүнчө мүчөлөрүн өткөрүп, негизсиз узак тынымдарды жасашат. Мажбурланбаган баланын сүйлөө речи, мажбурлуу сүйлөөгө караганда бай жана алда канча так болот.

- Ошондуктан сабактардагы балдар менен боло турган маекти пландоодо жана уюштурууда, жооп берип жатып, балдар ар башка түзүмдөгү сүйлөмдөрдү – жөнөкөй кеңири таралган, татаал түзүлүштөгү сүйлөмдөрдү колдоно тургандыктан, суроолорду алдын ала карап даярдоо зарыл. Бул предметтердин сапаттары жана касиеттери, көрүнүштөрдүн өзгөчөлүктөрү, иш-аракеттердин жагдай-шарты, окуялардын себептери жана башкалар жөнүндө суроолор.

Сүйлөмдүн түзүмүнүн кыйла жакшыруусу, улуулар менен пикир алышуунун жүрүшүндө баланын позициясынын өзгөрүшү менен болот. Эгерде баланын алдында улуу кишиге өз аңгемесин баяндап берүү маселеси турса, анда бала автоматтык түрдө сүйлөө ылдамдыгын азайтып, өз монологун жакшыраак башкарып жана көптөгөн таксызданууддан алыс болот. Ошондой эле нерсе балдарга өз курбусуна же кичүү балдарга оюндун – кыймылдуу, дидактикалык, столдук-басмалык эрежелерин түшүндүрүү тапшырылган жагдайда орун алат.

## Кептин табыштык маданиятын калыптандыруу

Орто топтордо балдар менен иштөөдө атайын сабактардын жана жеке иш үчүн материалдар, бул сүйлөө кыйындыгын туудурган жана тегиздөөгө кыйын үндөр – ышкырыктуу, сонордук үндөр болот.

***Мисалы, балдарга үндөрдү туура айтууга төмөнкү окутуу курамы жардам берет:***

- «Шаңдуу тил жомогуна» киргизилген үн жөнүндө окуя (педагог үн айтылышына балдардын назарын басым кылат, ал белгилүү бир нерсе менен байланыштырат («з» тыбышы – чиркей ыры, «ж» тыбышы – коңуздун, «р» тыбышы – учактын моторунун үнү), тыбышты айтууда тууроого себеп болот;
- үндүн артикуляциясын көрсөтүү жана түшүндүрүү;

- ➔ обочолонгон үндү көп ирет кайталоо, бул процесстин жүрүшүндө сүйлөө дем алуусу иштетилет (дем чыгаруунун узактыгы жана күчү), үндүк жана интонациялык таасирдүүлүгү калыптанат;
- ➔ муундарды кайталап айтуу, мындай тапшырмаларды аткарууда балдар катуу жана жумшак тыбыштардын айтылышына көнүгүшөт (ро – ре, ла – ля);
- ➔ аткарылып жаткан тыбышты сөздөрдө жана фразалык сүйлөөдө айтуу (жаңылмачтарды, ыр саптарын, табышмактарды);
- ➔ кыймылдуу жана дидактикалык оюндарды, сахналаштырылган оюндарды пайдалануу.

Үндү айтууну түзүүнүн кээ бир этаптарына кеңири токтололук. **Үндүн артикуляциясын көрсөтүү жана түшүндүрүү – бул иштин милдеттүү этабы.** Үндү чыгаруу менен педагог балдардын көңүлүн эриндин, тиштин, тилдин абалына бурат. Төрт жаштагы балдар артикуляциялык көнүгүүлөрдү, түшүндүрмөлөр менен коштоп көрсөтүп берүү боюнча аткара алат. («Эриндерди чойгула, бир аз тиштерди кымтыгыла, жогорку тишке тилдин учун жабыштыргыла»), бирок алар түшүндүрмөлөр менен коштолуп көрсөтүлгөн артикуляциялык көнүгүүлөр «Шаңдуу тил жомогуна» аралаш берилсе, аны даярдануу менен жемиштүү аткарышат. Ушундай жомокторду педагог ар бир жаңы үндү балдарга тааныштырууда айтып берип турат.

Туура үн айтылышын түзүү боюнча, окутуунун өзгөчөлүктөрү ошол эле үндү бир нече жолу кайталоодо жатат. Мындай шартта, балдардын назарын, алардын иштөөгө болгон каалоосун колдоого, кызыктуу түрдө берилген, кезектеги кайталоонун керектигин далилдөө жардам берет. («Каздын ар дайым ачууланып туруусу мүмкүн эмес. Адамдар да, канаттуулар дагы андан оолак болууга аракет жасашат. Келгиле, аны шайыр ыр ырдоого үйрөтөбүз… өтө шайыр ырды үйрөтөбүз»).

**Ошол убакта маанилүү ролду бала туура айтылыштын натыйжасын көрө турган жаратылган оюн кырдаалы ойнойт.** *Мисалы, балдар кээ бир үндөрдү туура жана так айтылышы менен (д, ж, б) бала оозун туура кармап турганда, кагаздын төмөнкү бөлүгү жылып «качып» кете турганына ишенишет. Ал эми кебез болсо мындай жагдайда алаканда так секирип, же такыр эле учуп кетиши мүмкүн.* Обочолонгон үндү айтууну жогорулатууга багытталган тапшырмалардын башкача түрлөрү, сүйлөө дем алуусун, үндүн күчүн жана бийиктигин, үндүн интонациялык дааналыгын иштетүүнү караштырат. Ушул максат менен балдарга бир эле үндү узак жана бийик, узак жана акырын ырдоо менен ар башкача айтууну сунуш кылышат.

- Сүйлөөнүн үн маданиятын тарбиялоочу сабактар балдар үчүн жекече мамиле кылууну талап кылат. Кээ бир баланын үнү жолго коюла элек, башкалардыкы пайда болгон, бирок фразалык сүйлөөдө так эмес, үчүнчүлөрү болсо аны айтууну жогорку деңгээлде өздөштүргөн. Балдарды көнүктүрүп жатып, педагог тапшырманын татаалдыгына жараша аны бир топко, же башка топко, же болбосо сабактын өзүнчө катышуучусуна багыттайт. Бул жумушту ишке ашырууда жеңил болушу үчүн балдарды бириктирүүгө болот. Аткарылып жаткан тыбыштарды башка тыбыштарга алмаштырган балдарга өзгөчө тапшырмаларды сунуштоо керек.

Сөздөгү, фразадагы, ырдагы тыбыштардын айтылуусун кайталоо тамашалуу жаңылмачтардан башталат (ци-ци-ци – биз циркуль алдык, ри-ри-ри – бири-бири ж.б.). Педагог жаңылмачты айтып туруп, ошол замат аны кайталоону балдардан сурайт. Анда жаңылмачтын биринчи бөлүгүн үн айтылышын жаңы өздөштүргөн балдар айтат, ал эми экинчи бөлүгүн бардык калган балдар кайталайт.

Педагог сунуштаган жаңылмачтарды кайталап, балдар убакыт менен керектүү сөздү издеп, белгилүү бир муун менен бүткөн, атына уйкаш болгон жаңылмачты өздөрү ойлонуп башташат. Бул көндүмдөрдү балдар менен ойноо жана пикирлешүү учурунда бекемдеш керек.

Төрт жаштагы балдар тиешелүү түрдө окутулса, улуу киши айткан фразадагы же төрт сап ырдагы тааныш үндү бөлүп угуу ыгын бат эле өздөштүрүшөт.

### Байланыштуу кепти өнүктүрүү

Балдардын жашоосунун бешинчи жылы – бул сүйлөө речинин активдүүлүгүнүн эң жогорку убагы. Балдар башталган сөздү оңой колдоп кетишет, өз оюн айтууга шашылышат, бири-биринин сөзүн үзүп, өз иш-аракетин жетишээрлик түрдө сүйлөө менен коштоп турат. Эрежеге ылайык, төрт жаштан өйдө бала ар бир экинчи кыймыл-аракетин (тиричилик, оюн) сүйлөө менен коштоп турат. Китептерден, телеберүүдөн, улуу кишилердин аңгемелеринен жеткинчектер өз тажрыйбасында орун албаган предметтер, көрүнүштөр, окуялар жөнүндө кээ бир маалыматтарды алышат. Аларда бир катар вербалдык (сөздүк) билим пайда болот. Аны колдонууда балдар көбүнчө логикалык жактан туура эмес жыйынтык чыгарат. Педагог балдардын ар кандай билдирүүлөрүнө олуттуу жана урмат-сый менен мамиле кылышы керек. Жеткинчектер терс баага өтө эмоционалдуу мамиле кылышат, анткени алар андай баа чыгаруу үчүн себептерди көрө албайт.

Сүйлөө речин өнүктүрүүнү үйрөтүүнүн негизги түрү диалог болуп саналат, анда улуу кишинин сүйлөө речи балдар тараптан сөздөрдү эрте өздөштүрүүнү камсыз кылат. Мектепке чейинки курактагы балдар менен сүйлөшүп жатып педагог антонимдерди, синонимдерди, сылык кайрылуунун түрлөрүн, ар кандай баш ийдирилген байланышы менен конструкцияларды колдонуусу шарт. Балдардын назарын сөздөргө, сүйлөмгө буруу үчүн педагог, мисалы, мышыкты кантип атаарын унуткан түр көрсөтсө болот. Балдар ар дайым «унутчаак» кишиге кубаныч менен жардам беришет.

Бул курактагы балдардын тапкычтыгы, суроого жооп берүү үчүн даярдыгы үчүн гана эмес, ошондой эле ийгиликтүү жоромолду айтканы үчүн мактап туруу керек. Мындай системанын алкагында балдар өз демилгеси менен кызыкдар боло баштайт («Мен баарын туура айттымбы? Жакшы болдубу?» ж.б.). Балдар сүйлөөнү өнүктүрүү сабактарында, алар туура сүйлөөгө үйрөнүп, кызыктуу маектеш болууну үйрөнүп жатканын акырындык менен түшүнүп башташат. Орто топто балдарды монологдук сөзгө окутуу боюнча иш башталат. Бирок биз баланын психикалык өнүгүшүндө бурулуш кез ирмем, жылдын ортосу экенин эстеп туруубуз керек. 4 жыл, 6 айдан кийин балдар бат ылдамдык менен «өсүшөт». Аларды баяндоого үйрөтүү ийгиликтүү боло баштайт. Биз баяндоого үйрөтүүнү оюнчуктарды сүрөттөп айтып берүүдөн баштоону сунуш кылабыз. Сабактын ийгилиги кээде тандалган оюнчуктардан көз каранды. Алар өзгөчөлүгү, сүрөтү менен балдарды өзүнө тартышы керек. Педагогго эртерээк оюнчукту сүрөттөгөн аңгемени түзүп алуусу зарыл, анда балдарга куурчакты сүрөттөп берүүгө жардам бере турган негизги сүйлөмдөрдү бөлүп көрсөтүп (адатта, үч сүйлөм), конкреттүү бир нерсени айтып берүүсү керек, мисалы, башында куурчактын сулуулугу жөнүндө, (биздин куурчак абдан сулуу. Анын *көздөрү көгүш, чоң, бети кызыл*). Анан – коздугу жөнүндө, акырында – куурчактын музыкалдуу экенин айтуу.

Баяндоого үйрөтүү боюнча биринчи сабактарда сахналаштырган кыска оюндарды колдонуу (3–4 мүнөткө созулат) сунушталат. Оюнда колдонулуучу ыкмалар ар түрдүү, ошону менен бирге алар балдарга назарын оюнчуктардын тышкы өзгөчөлүктөрүнө бурууга жана ал өзгөчөлүктөр чагылдырылган сүйлөмдөрдү айтууга жардам беришине арналган. Мисалы, өрдөк жашынып турат, балдар аны чакырышат: «Сары жүндүү Кряк, чыга бер», же коенго айтышат: «Сенин ак кулагыңды көрүп турабыз». Алар каармандын

ОРТОҢКУ ТОП
(4 – 5 жаштагы балдар)

көзү кандай түстө экенин табышат, анын өз кебетеси жөнүндөгү өз пикири менен макул болушат же төгүнгө чыгарышат, коен эмне үчүн кайгылуу экени тууралуу жана ага кандай жардам берүү туралуу ой жүгүртүшөт. Мындай жагдайда, сахналаштырылган оюнду бүтүрүүчү жана өзүнө «ойлонулган иш-аракеттердин жыйындысын» камтыган, педагогдун сүрөттөп айтылган аңгемесинин үлгүсү балдар аркылуу көңүлдүү, жагымдуу жана тааныш нерсе сыяктуу кабылданат. Аңгеменин аягы балдардын оюнчуктар менен эмоционалдуу мамилесин камсыз кылат: өрдөктү өзүнө тартып кучактоо, кайгылуу коенго сабиз берүү ж. б. у. с.

Балдардын жашоосунун бешинчи жылында аларда мотивди кармоо, кыймыл-аракеттин ирээти сыяктуу эс тутумдун жана көңүл буруунун бөлүгү түзүлө электигине жараша, педагогдун мектепке чейинки курактагы балдарга баяндоосуна, аларга негизги сүйлөмдү айтып туруусу менен жардам берүүсү керек: «Биздин куурчак абдан сулуу», – деп педагог эскертет. Балдар туюм деңгээлинде белгилүү бир план менен карманып сүйлөөнү үйрөнүшөт. Бул – баяндоону үйрөтүүнүн негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Балдар план менен баяндоого үйрөнүшөт жана көрсөтүлгөн нерсеге өз аталышын берүүгө аракет кылышат. Сүрөттүн сюжети менен иштөөдө эң негизги маселе сүрөттү карап чыгууну балдарга кичүү курактык топтордо үйрөтүлгөн. Сүрөт боюнча баяндап берүүнү үйрөтүү сабагына даярданып жатып, педагог алдын ала чоң эмес аңгеме түзүп алат (10–13 сүйлөм), андагы балдардын көңүлүн белгилүү бир объектке багыттоочу негизги фразаларды бөлүп алат. *Мисалы,* «Мышык – мышыктын балдары. Алар чоңоюшту жана өздөрүнө өздөрү кам көрө алат. Туурабы? (балдар каалоосуна жараша мышыктар тууралуу айтып беришет). Чоң, сулуу мышык кичине мышыктарды карап сүйүнүп атат, ушундайбы? Ал жөнүндө айтып бергилечи… Мышыктын балдарына үйүндө ыңгайлуу. А силер кандай ойлойсуңар?». Педагог суроону берип коюп, балдарды угат, кээ бир нерселерди тактайт, кээ бир нерселерге таңданат жана жетишээрлик маалымат алган соң, айтылгандын баарын жалпылайт же аны балдардын бирөөсүнө тапшырат.

Жыл бою балдар 4–5 сабактын жүрүшүндө сюжеттик сүрөттөөлөрдү карашат жана ал боюнча баяндама аңгемелерди түзүүгө үйрөнүшөт.

Балдардын чыгармачылыгын өнүктүрүү жана алардын сүйлөө речин жакшыртуу үчүн таратып берилүүчү сүрөтчөлөрдөн матрица талаасында түзүлгөн сүрөттү түзүү жана айтып берүү боюнча иш-аракет натыйжалуу каражаттардан болуп саналат. Адегенде бул маселени фланелеграфты же кийиз панносун колдонуу менен балдардын кичи тобуна (4–5 бала) сунуш кылган оң. Мисалы, педагог талаанын четине 3–4 сүрөттү коюп алып, балдарга алардын алдында цирк аренасы (токойдогу талаача, африкалык корук ж. б.) турат деп билдирет. «Циркте эмне оюн жүрөөрүн сиздер чечесиздер», – дейт педагог балдардын алдына таратылуучу сүрөтчөлөрдү жайып. Ошол эле учурда педагог балдар менен чогуу эреже киргизет: бала (балдар) 3–4-сүрөттү гана колдоно алат жана жаратылган сюжеттин мазмуну жөнүндө сөзсүз айтып берет. Жыл ичинде балдарды айтып берүүгө даярдашат. Сабактарда жана андан тышкары драмаланган оюндар, эркин оюндар, ролдор боюнча ыр окуулар өткөрүлөт.

## Жогорку топ (алты жаштагы балдар)

Алтынчы жылы балада, негизинде адамдык мамилелерге, жалпы кабыл алынган жүрүм-турум ченемдерине кызыгуу, пикир алышуунун инсандык түрүнүн калыптанышы башталат, ошондуктан бул курак баланын бардык жактарын жана сүйлөө функцияларын өнүктүрүү үчүн абдан жакшы мезгил болуп эсептелет. Улуу мектепке чейинки курактагы балдардын сүйлөө речин өнүктүрүү, анын ишмердигинин бардык түрлөрүндө

ишке ашырылат, бирок билим берүүнүн эң башкы түрү, бул балдардын сүйлөө речин өнүктүрүү боюнча атайын уюштурулган билим берүү ишмердиги.

- Окуу ишмердигинин түзүмү, сүйлөө иштеринин ар кандай бөлүктөрүнүн өз ара байланышынын принциби менен аныкталат: сөздүктү байытуу жана активдештирүү, сүйлөө речинин грамматикалык ирээтин түзүү, сүйлөө речинин үн маданиятын тарбиялоо ж. у. с. Мектепке чейинки улуу курактагы балдардын сүйлөө речин өнүктүрүүнүн негизги милдети – байланыштуу монологдук сүйлөөнү өнүктүрүү болуп саналат.

## Кептин табыштык маданиятын калыптандыруу

Үн чыгаруунун калыптануу процессинде угуу сезими жана фонематикалык кабыл алуу, сүйлөө речинин аппаратынын моторикасы б. а. сүйлөө органдарынын кыймылдуулугу чоң мааниге ээ. Угуу сезими, сүйлөө речин калыптандыруудагы милдеттүү шарт болуп саналат. Фонематикалык кабыл алуу өзүнө эки компонентти камтыйт: фонематикалык угуу – кептин бардык үнүн угуу сезимине кабыл алуу жана аны дифференциялоо жөндөмдүүлүгү, өзгөчө угулушу боюнча жакындарын жана жөнөкөй үн анализи. **Мектепке чейинки улуу курактагы балдарда фонематикалык кабыл алуу өнүгүүсү жетишээрлик жогорку деңгээлде, алар эне тилинин тыбыштарын туура айтышат, аларда сөздөрдүн жана өзүнчө үндөрдүн дифференцияланган үндүк бейнеси түзүлөт, ошондуктан бул баскычта речтик угууну өнүктүрүү, балдардын так, туура жана уккулуктуу сүйлөөсүн бышыктоо маанилүү.**

Сүйлөөнүн үн маданият маселелерин чечүү үчүн алдыда иштин фронталдык түрлөрү болот. Биринчи кезекте ага улуу топко айына 1 жолу атайын уюштурулган билим берүү иши кирет. Бул ишмердиктин көпчүлүк бөлүгү бир үндүн же туугандык үндөрдүн группасынын үстүнөн иштөөгө бөлүнөт, калган убакытты сүйлөө речинин башка сапаттарын тарбиялоого бөлүшөт (2–3). Улуу топто балдар көбүрөөк аралаштырылган үндөрдү дифференциялоого үйрөнүшөт: ***(ш-с, ж-з, ч-ц, ң-с),*** жумшак жана катуу ***(в-ф, з-с, ж-ш, б-п, д-т, г-к)***, сонордук **(р, л)**, аларды бул тыбыштардын акустикалык жана артикуляциялык белгилеринин айырмалануучу өзгөчөлүктөрү менен тааныштырышат. **Үн чыгарууну калыптандыруу үч тепкичте ишке ашырылат:**

- артикуляциялык аппаратты даярдоо;
- обочолонгон үн чыгарууну тактоо;
- тыбышты муунда, сөздө жана фразалык сүйлөөдө бышыктоо.

*Биринчи этабы* күн сайын эрте мененки машыгууда кыска көнүгүүлөр түрүндө бардык уюштурулган балдар ишмердигинде жүзөгө ашырылса болот, ошондой эле сүйлөөнүн үн маданияты боюнча атайын уюштурулган билим берүү ишмердигинде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

***Бир тыбышты изилдөө процессинин кийинки түзүмү сунуш кылынат:***

- үн артикуляциясын көрсөтүп, түшүндүрүп берүү (же тиешелүү тыбыштардын тобун), тыбышты педагогдун кайталап сүйлөөсү (үлгү түрүндө);
- балдардын обочолонгон үндү бир убакта сүйлөөдөгү дем алуу (дем чыгаруу узундугу) жана сүйлөөнүн көркөмдүк көнүгүүлөрү менен чогуу айтуу;
- балдардын муундарды, үндү окшоштурууларды айтуу күчүн өзгөртүү менен үндүн бийиктигин, сүйлөөнүн темпин өзгөртүп айтуу;
- сөздөрдөгү жана фразалык речтеги тыбышты айтуу боюнча көнүгүү (тамаша-жаңылмачтар, аңгемелерди сахналаштыруу, дидактикалык жана кыймылдуу оюндар, ырларды окуу).

***Бул иштин өзгөчөлүгү бир эле үндү бир нече жолу кайталоодо жатат.***

- Ошондуктан, педагог окутуунун ар түрдүү ыкмаларын жана сүйлөө материалын колдонуу менен балдарды атайын уюштурулган билим берүү ишмердигине кызыгуусун камсыз кылууга тийиш. Улуу топто артикуляциялык көнүгүүлөрдөн тышкары, педагог балдардын фонематикалык угуусуна багытталган, дидактикалык аңгемелерди жана оюндарды кошушу мүмкүн. Үн чыгарууну түзүү – жакшы дикцияны иштеп чыгуу менен тыгыз байланышкан. Көп балдарда өтө так эмес сүйлөө байкалган. Улуу топтордо дикцияны өнүктүрүү үчүн бат айтмалар жана жаңылмачтар колдонулат. Жаңылмачтардын максаты дикциялык аппаратты машыктыруу болуп саналат.

**Жаңылмачтар менен иштөөнүн төмөнкү ыкмалары сунушталат:**

- педагог жаңылмачты жай, так, көбүрөөк кездешүүчү тыбыштарга басым жасап айтат;
- балдарга тапшырма берип жатып (жаңылмачтар кантип айтылып жатканын кунт коюп угуп жана карап, аны эстеп калууга аракет кылуу), педагог аны бир нече жолу ыргагы менен акырын окуйт;
- балдар өз алдынча аны кайталашат (текст абдан жеңил болсо, бул жагдайды калтырып коюуга мүмкүн);
- жеке жана жалпы айтуу (педагог жаңылмачты кайталоо үчүн эс тутуму жана дикциясы жакшы балдарды чакырып, аларды эртерээк жай жана так сүйлөөгө багыттайт, жеке кайталоолордон кийин жаңылмачты хор менен жалпы топ жана кичине топтор кайталашат, андан кийин кайра өзүнчө балдар менен жана педагогдун өзү менен кайталанат);
- кайталоо сабактарында жатталган жаңылмачтарды ылдамдыгын өзгөртпөстөн катуурак же акырын айтуу сунушталат, качан аны бардык балдар жаттагандан кийин ылдамдыгын өзгөртсө боло берет, бир нече фразадан турган жаңылмачты ролдор аркылуу кайталоого мүмкүн (кичи топтор менен).

Үн чыгарууну калыптандыруу процессинде сүйлөө мезгилиндеги дем алуу олуттуу мааниге ээ.

- Бул этапта педагогдун милдети сүйлөө процессинде баланы туура дем алууга үйрөтүү. Ага балдарда үнсүз, ийиндерин көтөрбөстөн дем алуусун өнүктүрүүсү керек. Дем чыгаруунун узактыгы баланын курагына ылайык келүүсү тийиш. Жогорку мектепке чейинки улуу курактагы балдарга дем чыгарууну үч-беш сөздөн турган сүйлөмдү айтуу камсыз кылат. Бул учурда педагогго тынч эмес абал жана чарчоо жаралбас үчүн баланын туура турушун көзөмөлгө алып туруусу зарыл.

Сүйлөө, дем алуусун өнүктүрүү үчүн кээ бир дем алуу көнүгүүлөрү колдонулат («Саат», «Учак», «Насос» ж. у. с.), ошондой эле оюндук көнүгүүлөр (кагаз тилкесин үйлөө, шар чыгаруу, самын тоголокторун кое берүү ж. б).

Жогорку топто албетте, сүйлөөнүн угуу сезимин жетилтүүнү улантышат. Балдар сүйлөө речинин ар түрдүү компоненттерин бөлүп жана аныктоону үйрөнүшөт (интонацияны, үн бийиктиги жана күчү, ж. б.). Бирок негизги, абдан олуттуу милдет – баланы сөздөр жана сүйлөмдүн сөздүк курамынын үндөн түзүлөөрүн түшүнүшүнө алып келүү. Көнүгүүлөрдүн жана оюндардын жүрүшүндө улуу топтун балдарын биринчи сүйлөө речиндеги сүйлөмдөрдү бөлүүгө, анан сүйлөмдөрдөн сөздөрдү бөлүүгө тааныштырат. Алар сүйлөмдөрдү түзүшөт, тааныш ыр ыргактарына сөздөрдү толуктап айтышат, чачыранды сөздөрдү бир бүтүн сүйлөмгө чогултушат ж. б. Андан кийин сөздүн үн талдоосуна өтүшөт. Педагог балдарга «сөз», «тыбыш», «муун» деген терминдерди түшүндүрүүнү

уюштурат. Балдардын угуу сезимин жана көңүл коюусун өнүктүрүүгө педагогго балдардын сүйлөө жагына таасир эткен ар түрдүү ыкмалар жардам берет. Мындай ыкмаларга төмөнкүлөр кирет:

- педагог берген туура сүйлөөнүн үлгүсү («Уккулачы, мен «з» тыбышы менен сөздү кандай айтып жатам, атайын «з» тыбышын бөлүп аны узакка жана созуп айтуу: з-з-з-зебра…);
- сүйлөөнү кыймылдатуу аппаратын машыктыруусун камсыз кылган хордук жана жекелик кайталоолор, өзгөчө, кичине топтор менен тыбыштарды акырын айтуу пайдалуу;
- педагогдун берген тапшырмасын аткаруу керектигин далилдөө, аны тамашалуу же ишкер түрдө берүү сунуш кылынат;
- жумушту аткарууга жеке түрткү берүү дөн кийин (баланын жообу алдында педагог жеке көрсөтүүнү камсыз кылат), туура эмес жооп болгон учурда активдүү ыкмалар пайдаланышы мүмкүн: баланын жана педагогдун биргелешкен сүйлөөсү, ошондой эле чагылдырылган сүйлөө кеби (берилген сүйлөө кебин баланын дароо кайталоосу).

Баланын сүйлөө ыктарын кайталоодо жана бышыктоодо анын курбуларынын туура сүйлөө үлгүсү баалуу. Бул ыкманы атайын уюштурулган окуу ишмердигинде гана эмес, кандайдыр бир ыктарды үйрөнө албаган балдар тартылган эркин уюштурулган оюндарда жана көнүгүүлөрдө колдонуу зарыл.

- Мектеп курагына чейинки балдардын сүйлөө речинин таасирдүүлүгүн калыптандырып жатып, педагог балдарга таасирдүүлүктүн интонациялык каражаттарын өздөштүрүүгө жардам берет, башкача айтканда, үндүн бийиктигин жана күчүн көзөмөлдөөгө, сүйлөөнүн ылдамдыгын, тыныгууну сактоо жана маанинин басымын өздөштүрүүгө жардам берет. Бул үчүн көркөм тексти айтып берүү, драмалаштырылган оюндар, сахналаштырылган оюндар, көркөм окуу туура келет. Педагог балдардын уюштурулган окуу ишмердигинде дагы, өз алдынча көркөм-кебинин ишмердигинде балдардын сүйлөө кебинин таасирдүүлүк сапаттарынын спецификалык башкаруу ыкмаларын пайдаланууга болот:
  - **көркөм окуунун үлгүсү;**
  - каарманды ойноодо туура келген интонацияларды балага тандап берүү үчүн бериле турган **каармандын жөнөкөй мүнөздөмөсү;**
  - **педагогдун суроолору** балага таасирдүү каражаттарды тандоого жардам берет. Суроолордун конкреттүү болуусу өтө маанилүү;
  - **сөз көнүгүүлөр ыкмалары.** Балдарга чыгармалардан өзүнчө сабын кайталоону (биримдикте же жекече) сунуштоого болот, алардын назарын логикалык басымдардын туура эмес коюлушуна, үндүн темпин жана бийиктигин так эмес алмашуусуна бурат;
  - **чыгармачылык тапшырмалар.** Мындай тапшырмалар интонациялардын ар түрүн үйрөнүүгө жардам берет (шайыр, кайгылуу, кайдыгер, ж. б.);
  - **адамдарды (ролу боюнча) туурап окуу;**
  - **жаттоонун же окуунун жеке максаты** – эрте мененки чыгууларга; жеткинчектердин көңүлүн ачууда, тууугандары үчүн белекке, ж. б. Чыныгы эл алдына чыгуу мүмкүнчүлүгү балдардын күчүн чогултат, анын өзүнчө абдан жакшы окуп берүү каалоосун чакырат.

Балдардын сүйлөө речинин таасирдүүлүгүн калыптандыруунун ыкмалары абдан ар түрдүү, ошондуктан уюшулган тарбия жана окуу ишмердигинде бир эле убакта бир нече ыкмалар колдонулат.

## Кептин тыбыштык маданиятын калыптандыруу үчүн төмөнкү көнүгүүлөрдү пайдаланууга болот:

***«Берилген тыбышка сөздү айт»***

***1-вариант.*** Педагог балдарга тиешелүү тыбышы бар түрдүү сөздөрдү эстөөнү жана айтууну сунуш кылат. Балдардын аракеттери, сапаттарды, мамилелерди аталыштарды эстөө аракеттерин колдоого алуу керек. Тапшырманы аткаруу балдарга кызыктуу болуу үчүн сөздөрдү кезеги менен айтууну сунуштоого болот. Убакыттын өтүшү менен тапшырмалар татаалдашат, балдар керектүү тыбыш берилген позицияда жайгашкан сөздөрдү эстешет: башында, ортосунда жана аягында.

***2-вариант.*** Педагог балдардын көңүлүнө рифманы сунуш кылат. Аны 2–3 жолу толугу менен окуйт, андан кийин балдардан тиешелүү тыбышты камтыган сөздөрдү айтууну суранат. Эгерде педагог «таяныч» предметтерди колдонсо, бул тапшырманы аткаруу жеңил болот («Мен столго үч оюнчук койдум. Демек, силерге «з» тыбышы менен үч сөздү атоого туура келет»). Сөздү атаганга жараша педагог предметтерди алып кое берет.

***«Көрсөтчү, ким? (эмне?) кандай үн чыгарат?»*** Педагог айтылышы окшош 2 тыбышты айтат, мисалы, *ж* жана *ш*, ал эми балдар (мурдагы көрсөткөн жана түшүндүрмө боюнча) тыбыш менен байланыштуу образды мүнөздөгөн аракеттерге жооп берет: *ж* – эки колду шилтеген кыймыл («коңуз учууда»), *ш* – колдун сөөгү менен толкун сымал кыймыл («жылан сойлоодо») ж. б. Педагог бүтүндөй топ менен иштейт, андан кийин топчолор менен, андан кийин ката кетиргендерди карайт, кыйналуунун себебин аныктайт (бала тыбыштарды дифференциялабайт, берилген темпте иштегенге үлгүрбөйт ж. б.). Кийинки сабактарда жана бош убакытта педагог бул кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берет.

***«Кайсы тыбыш кайда, тапчы».*** Педагог окшош тыбыштар бар 8–10 сөздү айтат, мисалы, *д – т,* ал эми балдар жооп беришет (эгерде сөздө *д* тыбышы угулса, алаканды чабуу, эгерде *т* угулса, башты ийкөө). Педагог зат атоочторду гана эмес, этиштерди, сын атоочторду, тактоочторду да алат *(тоңкулдак, таш, тара, тарелка, дос, дарак, пол, парашют ж. б.).*

***«Рифма».*** Педагог балдарга айтылышы окшош сөздөрдү тандоону сунуштайт (рифма түзүү), *кар – жар – бар – тар; таш – каш – жаш; адам – кадам – бадам ж. б.* Педагог жума сайын уюштурулган окуу ишмердигинде, ошондой эле күндө бош убакытта тыбыштарды так айтууга, кептик дем алууга, интонациялык көркөм кепке багытталган оюндарды жана көнүгүүлөрдү өткөрүшү керек.

Ошентип календардык планда дээрлик ар күнү кептин тыбыштык маданияты боюнча иш каралат.

## Сөздүктү өстүрүү

Жогорку мектепке чейинки куракта сөздүктү байытуу жана активдештирүү уланат. Сөздүктү өстүрүү балдардын курчап турган предметтер тууралуу билимдерин кеңейтүү жана тактоонун негизинде ишке ашат. Жаңы сөздөр менен иштөө процесси төмөнкү чийме боюнча аткарылат: балдарга бул сөздү билдирген предметти көрсөтүп атайт, андан кийин балдар менен бирге анын сапаттарын жана касиеттерин изилдешет.

- Балдардын сөздүгүн активдештирүү менен педагог төмөнкүдөй ыкмаларды колдонушу зарыл: *балдарга суроолор* (Бул эмне? Кандай? Эмне кылып жатат? ж. б.).

***Сөздүк дидактикалык көнүгүүлөр*** (предметтердин сапаттарын, белгилерин, касиеттерин сыпаттоо, синонимдерди тандоо, антонимдерди пайдалануу).

***Предметтерди топтоштурууга, бөлүштүрүүгө карата дидактикалык оюндар.*** Жогорку мектепке чейинки балдардын сөздүгүн байытуу үчүн, ошондой эле табыштарды жана предметтерди, алардын аракеттерин, касиеттерин, сапаттарын жана алар жасаган материалды сыпаттоону кеңири колдонуу сунушталат. Сөздүн мааниси боюнча синонимдердин, антонимдердин жана көп маанилүү сөздөрдүн запасын кеңейтүү боюнча иштөөгө өзгөчө көңүл бурулат. Баладагы синонимдердин, антонимдердин жана көп маанилүү сөздөрдүн запасын кеңейтүү менен, педагог балада кырдаалга эң туура келген сөздү колдоно билүүсүн калыптандырат. Мисалы, сөз айкашына ***(жайдары – шайыр, ак көңүл; от күйөт – жалындайт, туманат),*** сөздөргө ***(тынчтык – макулдук, ынтымак; агат – куюлат, төгүлөт),*** тиешелүү кырдаалга ***(паркта каруселде айланышууда – тегеренишүүдө)*** синонимдерди тандоо менен сөздөрдү колдонуунун тактыгына үйрөнүшөт.

Аракеттин өсүүсүн билдирген синонимдик катар менен сүйлөм түзүү ***(түтөөдө, күйүүдө, жалындоодо)*** менен балдар этиштердин маанилеринин оттенокторун аңдап сезишет.

Жогорку топто балдарды ошондой эле кыймылдын мүнөзүн билдирген синонимдерди *(сүйүнүү, кубануу, ырахаттануу)* же баалоо мүнөзүндөгү сын атоочтордун маанисин *(кичинекей, кыска, узун эмес; сүйлөбөгөн, аз сөздүү, үн катпас)* айырмалоого үйрөтүшөт.

**Сөздүктү өстүрүүдө олуттуу орунду антонимдер менен иштөө ээлейт. Бул иш сөз айкалыштарын жана сүйлөмдөрдү түзүүдө өткөрүлөт.** Ошондой эле балдарга макал-лакаптардан антонимдерди табуу сунушталат. Балдар убактылуу жана мейкиндик мамилелери боюнча предметтерди жана кубулуштарды салыштырышат (көлөмү, түсү, салмагы, сапаты боюнча).

Мында педагог төмөнкүдөй дидактикалык көнүгүүлөрдү колдонот: «Тескерисинен айт», «Сүйлөмдү (фразаны) аякта» ж.б. Сөздүн көп маанилүүлүгү конкреттүү предметтик маани менен балдарга жакшы тааныш сөздөрдө көрсөтүлөт (тил, шляпа, ручка, үй, жол ж.б.) Педагог балдарга көп маанилүү сөздөрдү төмөнкү план боюнча тааныштырганы жакшы:

- сөздү атоо;
- анын маанисин түшүндүрүү;
- ага белгилерди жана аракеттерди тандоо (сөз айкалыштарын түзүү);
- бул сөз менен сүйлөмдү түзүү жана аны байланыштуу текстте колдонуу.

Түрдүү сөз түркүмдөрүндөгү көп маанилүү сөздөрдүн маанисин түшүнүү менен балдар контекстке ылайык мааниси боюнча сөздөрдү байланыштырууга үйрөнүшөт. Контекстке жана кептик кырдаалга жараша балдарда өнүккөн синонимдерди, антонимдерди жана көп маанилүү сөздөрдү пайдалануу билгичтигине байланыштуу айтууларды түзүү менен байланыштуу сөздөрдү эркин пайдаланганга, байланыштуу айтууларды түзгөнгө жардам берет.

### Кептин грамматикалык тарабын калыптандыруу

Мектепке чейинки балдардын кебинин грамматикалык түзүлүшү **морфологияны** (сандар жана жөндөмөлөр боюнча сөздөрдүн өзгөрүшү), **сөз түзүүнү** (атайын каражаттарды пайдалануу менен бир сөздүн базасында башкасын түзүү), **синтаксисти** (жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн түзүлүшү) үстүнөн иштөөнү өзүнө камтыйт. Бул балдардын кебинин морфологиялык түзүлүшү дээрлик бардык грамматикалык формаларды камтыйт, бирок жогорку мектепке чейинки балдар башка сөз түркүмдөрүн да көбүрөөк

колдоно баштайт – сын атооч, ат атооч, тактооч, сан атооч ж. б. Муну эске алуу менен морфологиянын, сөз түзүүнүн, синтаксистин үстүнөн атайын иш каралат.

**Морфологиянын үстүнөн иштөөдө** өздөштүрүү – бул балдарда кыйынчылык жараткан грамматикалык формаларга үйрөтүү улантылат: сын атоочторду жана зат атоочторду байланыштыруу *(кызыл алма, жашыл талаа, жылуу жай),* буйрук ыңгай менен этиштин татаал формаларын түзүү *(карма, ыргыт, бурулгула, секиргиле)* жана шарттуу ыңгай менен *(ойнойт беле, окуйт беле).* Зат атоочтордун жөндөмөлүк формасын туура колдонууга үйрөтүү, сын атооч менен, сын атоочторду салыштыруу деңгээлдери менен тааныштыруу *(жашыл-жашылыраак, тез-тезирээк).*

**Сөз түзүүнүн үстүнөн иштөө.** Сөз түзүү – бул кептин грамматикалык түзүлүшүн калыптандыруу боюнча иштин маанилүү бөлүгү. Педагог жогорку курактагы балдарды башка бир уңгулуу сөздүн негизинде башка сөздү түзүүгө алып келет. Сөз түзүүнүн түрдүү ыкмаларын билүү балдарга чоңойтуучу, кичирейтүүчү, эркелетүүчү, суффикстер менен зат атоочторду түзгөнгө жана түрдүү маанилик оттенокторду *(китеп – китепче), этиштерди (чуркады – чуркап кетти, чуркап баратат) жана* сын атоочторду *(акылдуу – акылдуурак; семиз – семизирээк)* түшүнгөнгө жардам берет, ошондой эле бул сөздөрдү түрдүү кырдаалдарда так пайдалануу билгичтигин өнүктүрөт.

Жогорку мектепке чейинки балдарда бир катар сөздөрдөн сөз түзгөн жупту тандоо билгичтигин өнүктүрүү (*учат,* көпөлөк, самолет, *учкуч*), үлгү боюнча сөз куруу, контекстен байланыштуу сөздөрдү табуу, мисалы, «сары». «Сары коондор талаада жатат. Күзүндө жалбырактар саргаят. Бакта сары чымчык отурат». Бул куракта сөздү өзгөртүүнүн жана сөз түзүүнүн типтүү ыкмаларында толук ориентир берүү зарыл. Анда тилди сезе билүүнү, тилге жана өзүнүн тилдик түзүлүшүнө көңүл бурган мамилени, өзүнүн жана башканын кебине сынчыл мамилени, туура сүйлөөнү каалоону тарбиялоо.

**Синтаксистин үстүнөн иштөө.** Синтаксистин үстүнөн иштөөдө жогорку мектепке чейинки балдарды, сөздөрдү түрдүү типтеги (жөнөкөй жана татаал) сөз айкаштарына жана сүйлөмдөргө байланыштыруу ыкмасына үйрөтөт. Муну менен катар балдарда сүйлөмдүн түзүлүшү жана түрдүү типтеги сүйлөмдөрдө лексиканы колдонуунун мүнөзү тууралуу элементардык түшүнүктөр, өз оюн берүүдө тилдик каражаттарды аң сезимдүү пайдалана билүүсү (сөздөр, сөз айкалыштары, сүйлөмдөр) калыптанат.

Оюн сюжеттерин колдонуу чоң адам баштаган сүйлөмдөрдү бүткөнгө жардам берет. Жогорку мектепке чейинки балдарга сүрөттөр сунушталат, алар персонаждардын көрүнүп турган жана элестетилген аракеттерин аташат, б. а. сүрөт боюнча сүйлөм түзүү менен бир өңчөй мүчөлөрдү аташат. Балдар кеңири тараган жана татаал конструкцияларды курушат, аларды мааниси боюнча байланыштырышат, түрдүү байланыштыруу каражаттарын колдонушат. Педагог жогорку мектепке чейинки балдарда сүйлөмдүн жөнөкөй түзүлүшү жана түрдүү типтеги сүйлөмдөрдө лексиканы туура колдонуу тууралуу элементардык түшүнүктөрдү калыптандыруусу зарыл. Балдар сүйлөмдөгү сөздөрдү айкалыштыруунун ар кандай ыкмаларын өздөштүрүшөт, сөздөрдүн ортосундагы айрым маанилик жана грамматикалык байланыштарды түшүнүшөт жана сүйлөмдү интонациялык жактан коштошот. Педагог кептин грамматикалык түзүлүшүн калыптандыруу, байланыштуу монологдук айтууну куруу процессинде зарыл каражаттарды (сөздөр, сөз айкалыштары, сүйлөмдөр) аң сезимдүү тандоону камсыз кылуу үчүн балдарды өз ойлорун берүүдө тил каражаттарын аң сезимдүү колдонгонго багытташы зарыл.

**Айтып берүүгө (монологдук кеп) окутуу.** Кептин бардык тараптарынын өз ара байланышы (тыбыштык маданиятты тарбиялоо, грамматикалык түзүлүштү, сөздүк ишти калыптандыруу) байланыштуу кепти өнүктүрүүнүн негизи болуп саналат.

Байланыштуу кепти өнүктүрүү адабий чыгармаларды кайра айтуу, картина жана оюнчук боюнча айтып берүү уюштурулган билим берүү ишмердигинде өткөрүлөт, анда комплексте бардык милдеттер чечилет, бирок негизгиси айтып берүү болуп саналат. Жогорку мектепке чейинки курактагы балдар эркин, ырааты менен, көркөм түрдө анча чоң эмес жомоктордун жана аңгемелердин мазмунун педагогдун суроосунун жардамы жок бере алышат.

**Кайра айтып берүү** – бул мектепке чейинки курактагы балдардын кебин өстүрүү каражаты. Кайра айтып берүү үчүн адабий текстке тиешелүү талаптар бар, анын маңызы төмөнкүлөрдө болуп саналат:

- ➔ толук кандуу жана жеткиликтүү мазмун (мектепке чейинки курактагы балдар көркөм чыгарма балдарды өзүнө тартса, чындап толкундануусун жаратса, аларга жакын болуп калса, аны жакшы кайра айтып беришет, ошондуктан кайра айтып берүү үчүн балдарга тааныш жагдайларга байланыштуу же алардын элестетүүсүн активдештирип, сезимдерине таасир эткен тексттерди тандаган жакшы);
- ➔ жанрлардын ар түрдүүлүгү (кайра айтып берүү үчүн бир канча жанрды пайдаланган туура болот: аңгеме, сыпаттоо, элдик жомок; ыр кайра айтып берүү үчүн алынбайт, анткени ал форма менен мазмундун биримдигин бузат жана поэтикалык формага көңүл бурбоого тарбиялайт);
- ➔ так композиция (аңгемени балдар жеңил аңдап сезишет, эгерде ал төмөнкүдөй курулса: анын бөлүктөрүнүн ортосунда логикалык байланыш көрүнсө, бир бөлүк экинчисине алып келсе жана аны түшүндүрсө, ал эми майда-баратына чейин жазылуу чыгармадагы негизгини түшүнгөнгө тоскоол болбойт);
- ➔ жөнөкөй, бирок бай тил (мектепке чейинки курактагы балдарга сунушталган чыгарма, алар үчүн үлгү болушу керек, чыгарманын грамматикалык түзүмүнө көңүл бөлүү маанилүү);
- ➔ көлөмүнүн чоң эместиги (чыгарманын көлөмү кабыл алууга жана кайра айтып берүүнүн сапатына таасир этерин эстен чыгарбоо керек, бир топ кыскаларын узундарына караганда балдар ырааттуу, так жана толук кайра айтып беришет);
- ➔ чыгарманын мааниси (ар бир чыгарма пайдалуу бир нерсеге окутушу, мектепке чейинки курактагы балдардын инсанынын оң мүнөздөрүн өнүктүрүшү (ак көңүлдүк, боорукердик, толеранттуулук керек).

▪ Кайра айтып берүүгө үйрөтүү боюнча иштер системалуу түрдө болжолдуу айына 1–2 жолу тарбиялык жана уюшулган окуу ишмердигинин бөлүгү катары өткөрүлүшү керек. Балдардан чыгарманы окугандан кийин дароо айтып берүүнү талап кылууга болбойт. Мектепке чейинки баланы ишмердиктин бул түрүнө даярдоо зарыл.

Педагогго чыгарманы алдын ала жакшылап иликтөөсү зарыл, эмнени балдар өз алдынча түшүнө турганын, эмне түшүндүрүүнү талап кылаарын аныктоосу, ой жүгүртүүгө мажбурлап, чыгарманын идеясын терең түшүнгөнгө жардам бере турган суроолорду белгилеп алуусу керек. Чыгарманын тилин кылдат талдоо сунуш кылынат, балдардын көңүлүн буруу керек болгон сүрөттөөлөрдү, эпитеттерди, салыштырууларды белгилеп алуу керек. Кайра айтып берүүгө үйрөтүүдө иштин тиешелүү этаптары болот.

**Текстти көркөм окуу же айтып берүү.** Кайра айтып берүүгө арналган чыгармаларды бүтүндөй топко окуп берүү керек.

**Чыгарманын мазмуну боюнча аңгемелешүү.** Аны да бүтүндөй топ менен өткөргөн жакшы. Бул этапта суроолор абдан аз болушу керек (5–7ден көп эмес). Алардын жардамы менен педагог балдарда чыгармага карата эмоционалдык оң настрой болгонун аныктай алат, текстти түшүнүүнү жана эстеп калууну камсыз кылат.

**Сунушталган ыкмалар чыгарманы жакшылап түшүнгөнгө жана эстеп калганга жардам берет:**

***Аныктоо*** (суроолордун жардамы менен) – чыгармадан эмне жаңы жана кызыктуу нерсе билишти.

***Суроолор*** – балдарды айрым фактыларды эстегенге, аларды салыштырганга түрткөн суроолор.

**Жоопту издөө** ойду, балдардын кебин активдештирет, негизгиси чыгармага карата туруктуу кызыгууну колдойт.

***Балдардын эки-төрт суроо талабын аткаруу.*** Аңгеме (жомок ж. б.) жакканын тактап, педагог балдар дагы уккусу келген үзүндүлөрдү атоону суранат. Аларды дароо окуп берет, ал эми айрым фразаларды баары чогуу кайталоону сунуштайт. Бул эстеп калууну жеңилдетет, кичинекей угуучулардын көңүл буруусун активдештирет.

***Жомокко (аңгемеге) балдардын ат ойлоп табуусу.*** Педагог жогорку мектепке чейинки курактагы балдарга атын айтпай тааныштырат. Аны өздөрүнүн ойлоп табуусун суранат. Бул ыкма балдар чыгарманын темасын кандайча түшүнгөнүн аныктаганга жардам берет, тексттик материалга карата алардын ориентирин жеңилдетет, тез кабыл алууну гана эмес, кеп айтууларынын маңызына сүңгүп кирүүнү камсыз кылат. Сабакты так уюштуруу жана педагогдун ар бир балага көңүл буруусу зарыл. Бир сабактагы кайра айтып берүүгө катышуучулардын саны чыгарманын көлөмүнөн жана кайра айтып берүүнүн толуктугунан көз каранды болот (болжолдуу 5–7 бала). Ориентир – ар бир баланын ийгилиги. Кайра айтып берүү боюнча сабактарда ар бир баланын ийгиликке жетишүүсүн камсыз кылуу.

**Оюнчуктар жана предметтер боюнча баяндоо аңгемелери.** Жогорку топто балдарда айтып берүүнүн жөнөкөй түзүмү тууралуу түшүнүктөрдү калыптандыруу улантылат (сыпаттоо жана баяндоо тиби). Мектепке чейинки балдарды предметти (оюнчукту), анын белгилерин так жана туура атаганга, белгилерин атоодо көңүл коюуга, предметти сыпаттоодо каталарын табууга багыттайт.

Оюнчуктарды сыпаттоо боюнча атайын уюштурулган билим берүү ишмердиги азыраак өткөрүлөт, ал эми оюнчуктардын бир топ татаалын тандайт, аларды сыпаттоо алардын бөлүктөрүнүн мейкиндикте жайгашканын аныктоону, ошондой эле материалын жана формасын (оюнчук саат, телефон, плита, автобус) талап кылат.

- Жылдын башында биринчи сабакта педагог үлгүнү жана айтуу планын (Сенин оюнчугуң кандай? Ал кандай бөлүктөрдөн турат? Бул оюнчукту кантип ойнойт, түшүндүрүп көрсөтчү?) берет. Эгерде бала жооп берүүдөн кыйналып жатса жана аңгеме болбой жатса, анда педагог тапшырманы кантип аткарууну так көрсөтүш үчүн бул оюнчукту сыпаттоону дагы эки-үч балага сунуштайт. Айтып берүүгө кызыкчылыкты төмөнкү ыкмалардын жардамы менен жогорулатууга болот.

***Тандоо боюнча сыпаттоо.*** Мектепке чейинки балага катар каалаган 2–3 оюнчукту коюуну жана алар тууралуу өзүң айтып берүүнү сунушташат же айтуу үчүн каалаган баланы чакырат.

***Каалоосу боюнча сыпаттоо.*** Балдарга сыпаттоо үчүн каалоосу боюнча оюнчукту тандоону жана ал тууралуу айтып берүүнү сунушташат.

Жалпы көрсөтмөлүү материал менен бир нече сабак өткөндөн кийин жекече таркатма материал менен 1–2 сабак өтүүгө болот. Ар түрдүү оюнчуктарды тандоого жол берилет, бирок алар болжолдуу бирдей татаалдыкта, чоң болбош керек. Мындай уюшулган билим берүү ишмердик процессинде педагог бир катар кошумча тапшырмаларды

сунуштай алат, мисалы, предметтерди түсү, багыты ж. б. боюнча классификациялоо, бул балдарды ар кандай түрдөгү дидактикалык оюндарга даярдайт.

Предметтерди сыпаттоо боюнча атайын уюшулган билим берүү ишмердиги ушуга окшош өткөрүлөт. Балдарга турмуш практикасынан тааныш, аны курчаган, күндөлүк турмушта колдонулган натуралдык предметтер сунушталат. Жогорку топ үчүн булар болушу мүмкүн: жуунуучу, почта буюмдары (открыткалар, маркалар), тигүү буюмдары (жип, анын түрмөктөрү, топчулардын топтому, кайчылар ж. б.), жаратылыш объектилери (жашылчалар, жалбырактар, бөлмө өсүмдүктөрү), эмгек шаймандары ж. б. Предметти сыпаттап жатып бала биринчи учурдагыдай эле анын багытын жана колдонуу эрежелерин түшүндүрөт, алар менен аракетти көрсөтөт (тишти тазалоодогу щетканын кыймылы, жиптин учун катушкага бекитүү ж. б.).

Предметтерди сыпаттай билүү, башка уюштурулган билим берүү ишмердигинде бекемделет – конструкциялоо; бала курулуш тууралуу айтып берет, анын бөлүктөрүн сыпаттайт.

**Картиналар боюнча сыпаттоо аңгемеси.** Сыпаттоо аңгемелерин түзүү үчүн да мектепке чейинки курактагы балдар үчүн атайын түзүлгөн предметтик жана сюжеттик дидактикалык картиналар колдонулат.

Сюжеттүү картиналарды сыпаттоодо жогорку мектепке чейинки балдарды аракеттердин башталышын жана аягын көрө билүүгө үйрөтүшөт, буга картиналарды ыраатты менен тизүү жардам берет. Кийинки аракетти атоо боюнча көнүгүүлөр аңгеменин каарманынын аракеттеринин логикалык ырааттуулугун өздөштүргөнгө жардам берет: «Айтчы, (кыз, уул, куурчак) эмне кылып жатат жана андан кийин эмне кылат?». Жогорку топто сыпаттоо үчүн пайдалуу материал – балдардын сүрөттөрү жана аппликациялары, ошондой эле алардын турмушунан алынган слайддар, фотографиялар, анын ичинде алардын портреттери да бар. Бул сүрөттөр экранга чоң кылып берилгенде, балдарга айрыкча кызыктуу болот. Жогорку топто ошондой эле пейзаждык картина, натюрморт боюнча сыпаттоо аңгемелерин түзүүгө болот. Ири сюжеттик картиналар, ошондой эле бир эле каармандар менен картиналардын сериясы боюнча балдар байланыштуу баяндоо аңгемесин түзүшөт. Картина боюнча баяндоо аңгемесин түзүүдө бардык курактык этаптарда ийгиликтин ачкычы жалпы картинаны аңдап сезүү болуп саналат. Картинаны түшүнүүгө киришүү аңгемелешүүсү (аны көрсөткөнгө чейин) жардам берет. Андан олуттуу деңгээлде картинаны кабыл алуунун толуктугу, мазмундуулугу жана балдар аңгемелеринин сапаты көз каранды болот.

- Аңгемелешүүнү даярдоо жана өткөрүү көпчүлүк учурда педагогдо тиешелүү кыйынчылыктарды жаратат. Балдарга картинанын маанисин, анын негизги темасын түшүндүрүүгө жардам бере турган ар түрдүү суроолорду жана тапшырмаларды кароо зарыл. Аңгемелешүү сыпаттоо жоопторун (объектилер, аракеттер, пейзаж) талап кылган суроолорду камтышы керек. Эң чоң топту ой жүгүртүү жоопторун, далилдөөлөрдү талап кылган суроолор түзөт. Жогорку топто картиналарды сүрөттөөдө да бир эпизод боюнча аңгеменин жарым-жартылай үлгүсү ылайык болот, бирок ал балдардын ошондой аңгемелерине окшош болот. Кийинки сабактарда аңгеме түзгөнгө план жардам берет.

Картинаны кабыл алууга даярданууда ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн:

***Ой жүгүртүүгө шыктандыруучу суроолор.*** Балдарга суроо берип, аларга айтканга мүмкүнчүлүк берүү менен, педагог суроого жоопту ал азыр көрсөтө турган картина бериши мүмкүн экендигин айтат.

***Музыка угуу.*** Күз жөнүндө картиналарды кароонун алдында, балдар күз тууралуу программалык музыкалык чыгармаларды угушат.

***Көркөм чыгармаларды окуу.*** Педагог кыш тууралуу картина боюнча сабакка карата кышкы жаратылыш жөнүндө чакан поэтикалык аңгемени окуйт. Сюжеттик, көп предметтүү картинанын максаттык багыты баланын өз кабыл алуусуна таянып, каармандардын аракеттери жөнүндө баяндоо (сюжеттик) аңгеме түзгөнгө балага жардам берүү болуп саналат. Жогорку курактагы балдарга сүрөттү жакшылап карап, кеңири айтып берүү сунушталат. Мындай суроо айтылышы мүмкүн: сен баарынан кеңири эмне тууралуу айткың келет? Жакшы айткан балага кыйыныраак тапшырма берилет, пейзажды сыпаттоо, аба-ырайынын абалы, каармандардын мимикалары жана колдорунун кыймылдары.

- Сыпаттоо аңгемесине жогорку мектепке чейинки балдарды окутуп жатып, алардын ар түрдүү кептик деңгээлин эске алуу абдан маанилүү. Мында ар бир бала менен жекече иш өзгөчө мааниге ээ болот. Анын максаты – ар бир баланын кептик жөндөмүн өнүктүрүү. Иш табигый баарлашуунун оюн кырдаалында ишке ашат. Жекече баарлашууда жеке тажрыйбасынан айтып берүүгө үйрөтүү сунушталат: сүйүктүү оюнчугу тууралуу, үй-бүлө мүчөлөрү жөнүндө, дем алыш күндөрүндөгү эс алуу тууралуу, баланын жана анын жакындарынын турмушундагы кызыктуу окуялар жөнүндө.

Жогорку топто балдарга төмөнкү темалар жана көнүгүүлөр сунуш кылынышы мүмкүн.

- «Биздин ынтымактуу үй-бүлө». Балдар үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу айтып беришет (ата-энеси, чоң ата-чоң энеси, бир туугандары, үй жаныбарлары тууралуу).
- «Менин сүйүктүү досум». Балдар суроолорго жооп беришет (бул ким? анын кебетеси кандай? эмне менен алектенет? кайда жашайт? бала эмне үчүн аны мыкты досум деп эсептейт?).
- «Үй-бүлө майрамына мен кантип даярданам». Бала апасынын (атасынын, чоң энесинин, чоң атасынын ж. б.) туулган күнүнө кантип даярданарын айтып берет, кандай белек даярдайт, кантип куттуктайт.
- Көнүгүүлөр: «Эгер мен сыйкырчы болсом, мен…»; «Мен алек болгонду жакшы көрөм…». Балдарга сүйүктүү оюндары жана иштери ж. б. тууралуу айтып бергенге мүмкүнчүлүк берилет.

Жекече ишти эрте мененки жана кечки сааттарда, кабыл алуу жана узатуу убактыларында өткөрүү сунушталат. Фонетикалык жана грамматикалык көнүгүүлөр жеңил жана табигый түрдө тандалган теманын контексинде бирдиктүү аңгеме түзүүгө өтүп кетиши мүмкүн. Эгерде бала предметтерди жана оюнчуктарды жакшы сыпаттаса, кызыктуу сюжетти ойлоп табуу менен драмалаштыруу оюнун да биргелешип айтып берүүгө активдүү тартуу менен, ага баяндоо текстин түзүүнү сунуштоо керек.

**Байланыштуу кебин калыптандыруу.** Оозеки кеп – бул ситуациялык, эмоционалдык, түрдүү көркөм каражаттарга толгон *(мимика, жест, көз караш, интонация ж. б.)* оозеки кептин формасы, ал маектештер менен колдоого алынат. Кептин мындай формасы синтаксис боюнча бир топ жөнөкөй. Ал бүтпөгөн сүйлөмдөрдөн, суктануулардан, тактоочтордон, суроолордон жана жооптордон, репликалардан жана маалымдоолордон турат. Жогорку мектепке чейинки курактагы балдар чоңдордун жетекчилигинде оозеки кепке ээ болушат. ***Диалогдук кепти өстүрүү ой жүгүртүүнүн, эс тутумдун, көңүл буруунун, грамматикалык түзүлүштүн, өсүүсүнөн, баланын сөздүгүнүн байышынан көз каранды болот.***

- Педагог жогорку мектепке чейинки балдардын диалогдук кебинин калыптануусуна жардам берүүчү ыкмаларды билиши зарыл.
  - ***Атайын пландык сүйлөшүү.*** Мындай пландуу сүйлөшүүлөр жекече (кеби кечиккенде, мүнөзүнүн жана жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрү) жана жамааттык болушу мүмкүн. Жамааттык сүйлөшүүлөрдө балдарга жолдошун

толуктоо, кошумчалоо, оңдоо, маектешин суроо жана кайра суроо сунушталат. Сүйлөшүүлөргө түртмөлөгөн суроолорду берүү, колдоо аркылуу өзгөчө унчукпаган балдарды тартуу зарыл. Мындай сүйлөшүүлөрдө чоң адамдар менен баарлашуу көндүмүн тарбиялоого, балдардын коомдук жайлардагы туура кептик жүрүм-турумун өздөштүрүүгө көп көңүл бурулат.

- ➔ ***Сөз тапшырмасы.*** Педагог сөз менен сурануунун үлгүсүн берет, кээде баладан аны кайталоону суранат, фразаны эстеп калганын аныктайт, бул тапшырмалар сылык кепти бекемдөөгө жардам берет.
- ➔ ***Картиналарды, балдар сүрөттөрүн, китептерди биргелешип кароо.*** Мында педагог балдарды белгилүү бир темада чакан аңгеме менен маектешкенге шыктандырат, автобустан алар эмнени байкашты, жолдон кызыктуу эмнени көрүштү ж. б. Бул аңгемелер балдардын эс тутумунда ошого окшогон нерселерди эске салат, алардын ойлорун жана бааларын активдештирет.
- ➔ ***Түрдүү курактагы балдарды бириктирүү, башка топко барууну уюштуруу.*** Бул абдан натыйжалуу ыкма, анткени жогорку мектепке чейинки балдар (коноктор) балдардан (кожоюндарынан) оюнчуктар, оюндар ж. б. тууралуу сурашат, бул алардын диалогдук кебинин өсүүсүнө жардам берет.
- ➔ ***Ролдук оюндар.*** Алар жогорку мектепке чейинки балдардын кептик баарлашуусу үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет, ошондой эле оозеки кептин көндүмдөрүн бекемдейт, кесиптик лексика менен тааныштырат.

## Сабатка үйрөтүү

### Жогорку топ (алты жаштагы балдар)

Кенже тайпасындагы балдар көптөгөн көрсөтмөлөрдү пайдаланып, сүрөттөгү көрүнүштөрдү билип, буюмдарды, оюнчуктарды таанный башташат, алардын көбүн атап да калат. Бул ишмердүүлүктөр сабатка даярдоого алгачкы кадамдар болуп эсептелет. Сөз өстүрүү методикасынын негизинде балдар тыбыштарды туура айтканга, грамматикалык жактан туура кеп түзүүгө, сөздүктү кенейтүүгө, байланыштуу кепти өнүктүрүүгө жетишип, сабатка үйрөтүүгө кандайдыр бир фундамент түзүлүп калат. Анткени, тыбыштарды туура айтууга, байланыштуу кепти калыптандырууга, сөздүк ишти жүргүзүүдөн баштап балдар «сөз», «тыбыш» деген терминдерди уга баштайт ошондой эле, аларды туура пайдаланууга мүмкүнчүлүк пайда болот.

**«Сөз» жөнүндөгү түшүнүк** ар кандай мисалдар, дидактикалык оюндар аркылуу аныкталып, бышыкталат. Сөз менен тааныштырууда дидактикалык оюндарды колдонсо болот. Мисалы, балдар өзүнүн жашоо чөйрөсүндө жакшы ориентир алат. Бөлмөнүн бир бөлүгүнө түр-түрү менен коюлган жемиштерди же жашылчаларды алып, ал жөнүндө айтып берет. Тарбиячы балдарга көмүскө жардам берет. **«Асан, сен эмне жөнүндө айтып бергиң келет?»,** – деп суроо берет. Бала колундагы буюму жөнүндө билгенин айтып берет. Балдарды стимулдаш үчүн ар бир туура айтылган сөз, маалымат үчүн балага фантик же фишка берилет. Бул сыяктуу оюндарга балдардын баары тартылат. Оюнду аякташ үчүн 20дан кем эмес сөздөр аталышы зарыл. Андан кийин балдардын көңүлүн буруп: **«Карагылачы, силер көп сөздөрдү билет экенсиңер»,** – деп оюнду жыйынтыктайт.

Ар бир үйрөтүлгөн сөздү бышыктоого туура келет, ал сөз жомоктон алынган болсо аны кайталап, инцenировкалап, каармандарды көрсөтүп, атын тактап, сөздү бир нече жолу кайталоо абзел. *Мисалы,* **«Абышка кемпирдин көмөчү»** деген жомоктогу каармандардын айткан сөздөрүн кайталоо же жасалган аракеттерге карата суроо берип, мазмунун түшүнсө болот. Жомоктогу кызыктуу сөздөр кайталанып, балдарга **«сөз»** деген түшүнүк

берилет. Сөз ар нерсеге таандык экендигин бышыктоодо **«Ким сергек»** деген оюн менен толуктаса болот. Бул оюнда ар бир оюнчук аталат. Ошол маалда кимдин колунда аталган оюнчук болсо бала колун көтөрөт. Сөз туура табылган болсо оюнчук – жаныбардын кылык-жоруктарын туурап берет. Же мисалы, уйдун сүрөтүн көрсөтүп туруп, кичирээк чагында эмне деп атайбыз? – деген суроо берсе болот **(музоо)** же тоту куштун сүрөтүн көргөзүп – **«Бул канаттуу сүйлөй алат, анын атын ким айтат?»**, карганын сүрөтүн көргөзүп – **«Куштун өңү капкара, эми атын тапкыла»**. Ар түрдүү оюндарды пайдаланып, балдардын сөзгө болгон кызыгуусун өнүктүрсө болот, *мисалы* **«Ким көп сөз табат?», «Сөздөгү биринчи тыбышы «а», «т»**, ж.б. же сөздө «а» тыбышы ортосунда болсун же сөздүн аягында болсун дегендей варианттарды пайдаланып, иш аракет жүргүзсө болот. Бара-бара тапшырмалар татаалдана берет, тапкан сөздөрдүн маанисине, аталган буюмдардын сапаттарына, жаныбарлардын аталышына көңүл бурулат. Бул ыкмалар менен балдардын «сөз» деген терминге түшүнүгү тереңдейт.

Андан кийинки татаалдануу **«Окшош сөздөрдү тандоо»** деген оюн аркылуу өткөрүлөт. Оюнду баштоодо биринчи педагог үлгү кылып, өзү бир нече сөздөрдү атап берет, **баш – таш – каш, ал – мал – кал** ж. б. у. с. Бул оюн балдарга бир тыбышты алмаштырса сөздүн мааниси өзгөрүлөөрүнө үйрөтөт. Муну башка вариант катары да колдонсо болот, топту ар бир сөзгө, балдарга ыргытып, алар тосуп, башка сөз менен балдардын бирөөсүнө ыргытат. Андан кийинки оюн **«сөзгө түгөй тап»** бул оюн татаалданууга кирет. Оюнга бардык балдар катышат, эрежеси балдар түгөй сөздү тапса биригишет. Оюн балдар түгөй тапкыча ойнолот.

***Кийинки этапта балдар тыбыштардын ыраатын тастыктаганга үйрөнүшөт.*** Аны үйрөтүш үчүн **«тыбыштык сызгыч»** колдонсо болот. Аны авторлор Ф. А. Сохин, Г. А. Тумаковалар сунуштаган. Балдар **узун сөз, кыска сөз** деген түшүнүктөрдү дагы үйрөнөт. Ал үчүн сүрөт тандалат, сүрөттүн астында буюмдун, нерсенин аталышына ылайыктуу торчолор тартылат, балдар аны санайт. Ошондой эле кыска сөздөрдү узартса да болоорун үйрөтөт, мисалы, **тара-тарак, ара-арал**. Балдарга бул сөздөрдүн эмнеси өзгөргөндүгүн табуу тапшырмасы берилет. Ошондой эле сөздөгү тыбыштар биринин артынан бири келээри түшүндүрүлөт.

**Педагогдун эсине:**

- **Эгерде «тыбыштык сызгыч»** болбой калса, кыймылдуу ыкманы пайдаланса болот, дайындалган сөздү атап, ар бир тыбышты бир кадам менен белгилесе болот.
- Ошондой ыкмаларды пайдаланып, балдардын көңүлүн **«кыска», «узун»** сөз болоорун тастыктап кетүү абзел. Кыска сөздө тыбыштар аз болоорун дагы балдардын эсине салуу зарыл.
- Бөлмөдөгү буюмдарды атоого, балдарга тапшырма берилет, кийинки татаалдануу алардын **«кыска», «узун»** сөз экенин тастыкташат.
- **«Үн чыкпас», «тымтырс»** оюндарды өткөн материалдарды бышыктоодо пайдаланса болот. Оюндун шарты – бала үнүн чыгарбай кыска аттуу буюмду же узун аттуу буюмду тапшырмага ылайыктап бөлмөдөн тапканда гана үнүн чыгарып атайт. Бул ыкма баланын тапкычтык сезимин да өстүрөт.

Балдардын сабатка үйрөтүү мезгилинде **фонематикалык угуу** сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзүлөт. Бул жерде сөздөрдү атоо учурунда **интонацияга** көңүл бурулуп, керектүү тыбыштарды, үн аркылуу баса белгилеп айтылуусу керек. *Мисалы*, ***ККар, ТТөр, мӨӨр***, үндүүлөр созулуңку айтылат, үнсүз тыбыштардын баары бирдей айтылбайт, аларды үндү бийик чыгаруу менен белгилесе болот. Балдарды интонация аркылуу тыбыштарды белгилөөгө үйрөтүүдө педагог үлгү катары өзү бир нече жолу көрсөтөт, ошондон кийин

гана балдарга тапшырма берилет. Үндүү тыбыштарды балдар тез өздөштүрүшөт, анткени алар жеңил артикуляцияланат.

**«Сөз»** деген түшүнүктү бышыктоого балдар өзүлөрү сөз табышат, сөздөр болжолдуу бир түшүнүктөрдү билгизүүсү абзел, ал жөнүндө айтып беришет.

Сөз менен жакшы таанышып, аларды так ажырата баштагандан кийин, сөздүн муундук түзүлүшүнө, сүйлөмдөгү сөздөрдүн түзүлүшүнө өтүш керек. Балдардын көңүлүн сөздөр бөлүктөрдөн турааарына буруш абзел. Ал бөлүктөр ар кандай бөлүнөөрүн, бир бөлүк экинчи бөлүктү ээрчишин түшүндүрүү керек. Ал бөлүктөр – **муун** деп аталышына көңүлдөрү бурулат. Сөздөрдү муундарга бөлө баштагандан тартып, муундардын ыраатын үйрөтүүгө болот: биринчи, экинчи, үчүнчү муун деп.

Сабатка үйрөтүүнүн максаттарынын бири – тилдеги тыбыштык системанын жалпы түшүнүгүн калыптандыруу, сөздөрдүн тыбыштык анализине үйрөтүү болуп саналат.

**Тыбыштык анализ жүргүзүү** биринчиден, сөздөгү тыбыштардын ыраатын белгилөө, экинчиден, тыбыштардын ар түрдүүлүгүн аныктоо, үчүнчүдөн, тыбыштардын сапаттуу негиздерин айырмалап билдирүүгө үйрөтүүнү көздөйт.

Тыбыштык анализди жүргүзүүдө тыбыштардын жайгашуу ыраатын белгилөө негизги максат болот. Бала сөздөгү тыбыштардын баарын кайталап, ыраааты менен тыбыштарды баса белгилеп айтуу менен үйрөнөт *мисалы*, ***ККат, кААт, каТТ.***

Бирок балдар тыбыштык анализди туура жүргүзгөнү менен ар бир сөздү модел менен көргөзүү керек. *Мисалы*, буюм, оюнчук, нерсе болобу, сүрөтүн тартып, астына сөздүн тыбыштарына жараша торчо тартылышы ылайык. Бул ыкмада балдар ар бир айтылган сөздү сүрөт менен бышыктайт, тыбыштык анализ жүргүзүлгөндө кетирген каталарын оңдогонго жетишет. Торчолорго фишкалар менен тыбыштарды белгилешет. Сөздөгү тыбыштардын баарын белгилегиче кайра-кайра айтыла берет. Тыбыштарды белгилөөчү фишкалар бир өңчөй түстө болушу керек. Педагог бир, эки жолу тыбыштык анализди жүргүзүп бергенден кийин, балдар өзүлөрү улантат.

**Үндүү тыбыштар** ооз көңдөйүндө эч бир тоскоолдукка учурабаганын балдарга үйрөтүп, бул тыбыштар ырдалат деп, мисалы, аа..., уу..., оо... Ошентип, 8 үндүү тыбышты өзүлөрү белгилегенге жетишсе аларды **кызыл** фишка менен белгиленгенин үйрөнүшөт.

**Үндүүлөрдүн муун жасоо** өзгөчөлүгүнө дагы көңүл бурулат, сөздө канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муун болоорун балдарга үйрөтүш зарыл.

Кийинки иште **үнсүз тыбыштарга көңүл бурулат**. Анда ар бир үнсүз тыбыштын ооз көңдөйүнөн кандайдыр бир тоскоолдука учураарын эске салып туруу жакшы мисал, **«тил», «т»,** тил эки тиштин ортосунда калып айтылат, демек тиштер **«тоскоолдук»** кылат. Калган тыбыштарды дагы ушул сыяктуу мүнөздөө зарыл.

Кээ бир үнсүздөрдү созуп айтууга болот, мисалы, **/сс/, /мм/, /рр/**. Созулушуна караганда үндүүлөргө окшошуп кетет, бирок сөздөн кандайдыр бир тоскоолдукка учурайт, ал дагы үнсүз тыбыштардын негизги мүнөзүнөн экендигин баса көрсөтүш керек. Тыбыштарды салыштыруу түрүндө кызыктуу өткөрсө болот. Алар үндүү, үнсүз тыбыштарды тез ажыратууга үйрөнүшөт. Үнсүздөрдүн ичинен жумшак, каткалаң тыбыштарды да ажырата билүүгө мүмкүнчүлүк туулат. Түгөйлүү үнсүздөрдү ***т-д, в-ф, с-з, к-г,*** ж. б у. с. үйрөтүү бир топ жеңил болот.

**Жумшак, каткалаң** тыбыштарды үйрөнгөндөн тартып аларды керектүү түстөгү фишкалар менен белгиленгенге өтүү зарыл, мисалы, үндүү тыбыштар **кызыл** фишка менен, каткалаң үнсүздөр **көк** фишка менен, жумшак үнсүздөр **жашыл** фишка менен белгиленет. Көп учурда тыбыштардын аталышына көңүл буруп, ар бир үйрөтүлгөн тыбыш өзүнүнө тийиштүү терминдерди колдонуу зарыл. *Мисалы*, **«Бул кандай тыбыш?» – /үнсүз/, /каткалаң/, /жумшак/ ж. б. Эмне үчүн үнсүз деп ойлойсуң? Андай болсо каткалаңбы**

**же жумшак үнсүзбү?** Балдардын көбү тез аранын ичинде эле тыбыштардын түрлөрүн өздөштүрүп алышы мүмкүн, балдарга коюлган талаптар так жана түшүнүктүү болушу зарыл. *Мисалы*, **«Сен эмне үчүн көк фишка менен белгиледиң?», «Менин оюмча кызыл фишка туруш керек эле?».**

**Педагогдун эсине:**

- Баланын канчалык тыбыштарды туура белгилөөсү автоматташтырылган болсо, ал өзүнүн оюн педагогго далилдеп бере алат.
- Жабык суроолорду бербестен, жогоруда коюлган суроолорго окшоштуруп, балдардын сөз байлыгын, ой-пикирин кеңейтүүчү суроолор менен өрчүтүш керек.

Тыбыштык анализге үйрөтүү менен бирге сөздөрдүн маанисине дагы көңүл бурулат, мисалы, ***кол-көл, топ-тап, баш-бош деген*** сөздөрдө бирден тыбышы алмашылып, сөздүн маанисин өзгөртө аларын түшүндүрүш керек.

Балдарды сүйлөм жана сөздөр менен тааныштыруу «сүйлөм», «сөз» терминдеринин маанисин баланын практикалык өздөштүрүүсүн түшүндүрөт, мында педагог бул терминдердин грамматикалык аныктамаларын бербейт.

- Сүйлөм менен иштөө кептен сүйлөмдү бөлүп алуудан башталат. Педагог сүйлөм бүткөн ой экенин түшүндүрөт. Балдарды угуп, аңгемедеги сүйлөмдөрдүн санын аныктаганга (алар 3төн көп болбошу керек) үйрөтөт. Түзүмү боюнча эң жеткиликтүүсү ээ зат атооч (айрым учурда – жеке ат атооч) менен, ал эми баяндооч этиш менен берилген сүйлөмдөр болот. Сөздөрдүн тартиби көбүнчө түз сүйлөмдөр. Мында ээ баяндоочтун алдында турат, акырындык менен талдоо үчүн суроолуу (Коен кайда жүгүрүп кетти?) жана илептүү (Уч, менин самолетум!) сүйлөмдөр киргизилет.

***Кийинки баскыч – сүйлөмдүн схемалуу көрүнүшүн түзүү.*** Сүйлөмдүн модели тик сызыктын (сөздүн) жана белгинин (чекит, суроо жана илеп белгилери) жардамы менен түзүлөт.

*Мисалы*,

Кыш келди ___.

Ак кар жаады _____.

Балдар чана тебишүүдө _____.

Балдарга кышында абдан жакшы _______!

Моделдер чакмак дептерде түзүлөт.

Түрдүү сүйлөмдөрдү түзүү билгичтигин өнүктүрүү менен бирге мектепке чейинки балдарда сүйлөмдүн курамын талдоону, сөздөрдүн санын айтууну жана алардын ырaатын айтууну өнүктүрүү керек. Алгачкы мезгилде балдарга 2–3 сөздөн турган сүйлөмдөрдү берген туура болот. Окутуунун баштапкы баскычында педагог балдарды сүйлөмдүн курамынын анализи менен кеңири жоопторду бергенге багыттайт. *Мисалы*, *«Атам топ алды.* Менин сүйлөмүмдөгү биринчи сөз – *Атам*, экинчиси – *топ*, үчүнчүсү – *алды»*. Андан ары жооптун формасы бир топ кыска болушу мүмкүн: «Менин сүйлөмүм үч сөздөн турат: *Атам...топ...алды*». Мында сөздөрдү тыным менен айырмалайт. «Эстафета» ыкмасын колдонгон максатка ылайык. Сүйлөмдү айтып, аны кайталап, педагог баланын алдына фишканы же каалаган кичинекей предметти коет, ал эми бала сүйлөмдүн биринчи сөзүн тез айтат. Педагог фишканы башка баланын алдына коет, ал экинчи сөздү айтат ж. б.

Ошентип, окутуу процессинде жогорку мектепке чейинки балдар сүйлөм сөздөрдөн турарын, сөз муундарга, ошондой эле муундар тыбыштарга бөлүнүшөөрүн өздөштүрө алышат.

Сабатка үйрөтүү сабактарында дидактикалык оюндарга өтө чоң маани берилет. Дидактикалык оюндарды туура, системалуу колдонсо балдардын эсинде сөздөрдүн туура тыбыштык структурасын өздөштүрүүсү, алардын тыбыштык сапаттарын туура белгилөөсү (үндүү, үнсүз, каткалаң, жумшак) деген түшүнүктөр, сөздүгүнүн байышына, кептин маданияты, байланыштуу кептин өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизет. Сөз оюндары ар бир өткөрүлүүчү иште колдонулат. Улам кийинки оюндарда татаалдана берет. Кээ бир оюндарды сиздерге сунуш кылабыз:

**«Сөздөрдү ата»**

*Оюндун максаты:* белгилүү тыбыштар катышкан сөздөрдү атоо; тыбыштарды интонация аркылуу белгилөө; сөздүктү байытуу; тыбыштарды туура атоону өркүндөтүү.

*Оюнду өткөрүү методикасы:* педагог балдарга **«Р»** тыбышы катышкан сөздөрдү атоо тапшырмасын берет. **Тарак, тырмоо** ж. б. Ар бир аталган сөз үчүн балдар фишкага, же кызыл желекчеге, же оюнчукка ээ болушат.

*Оюн бүткөндөн кийин балдардын колундагы буюмдарын санатып кимдин колунда көбүрөөк буюмдар чогулса жеңүүчү болот.* Ошентип, оюнду ар кандай варианттар менен өткөрсө болот. Эгерде балдар ката кетирсе ал жагдайга көңүл бурулат, бирок катаны балдар өзүлөрү оңдогонго шарт түзүш керек.

*Мисалы*, **«Р»** тыбышы катышкан сөздөрдү айттырып жатканда балдар адашып «р» тыбышы жок сөздөрдү айтып коюшу мүмкүн. Анда педагог балдарга кайрылып кайсы тыбыш катышкан сөздөрдү айтып жатабыз? Кимдин катасын оңдойлу? Балдарга кайра сөздөрдү кайталатып, анализдеп коюу талапка ылайык.

**«Сөз ата»** – деген оюндун варианттары көп, аталган тыбыш сөздүн башында болсун, сөздүн ортосунда болсун, сөздүн аягында болсун. Оюнду тематикалык багытта өткөрсө болот: **«Дүкөндө»** – деген оюнда жалаң керектүү тыбыш катышкан гана буюмдарды атоо. Же **«Жаңы үй»** – деген оюнда үйгө керектүү буюмдарда белгилүү тыбыш катышкан сөздөрдү атоо ж. б. Отурган бөлмөдө, буюмдардын ичинен **«С»** тыбышы катышкан гана сөздөрдү атагыла. Оюндун аягында кимде ким көп сөздү тапса, жеңүүчү катарына кошулат.

**«Тапшырмалуу оюндар».** *Оюндун максаты:* тыбыштык анализди туура жүргүзүү ыкмасын өркүндөтүү.

*Оюнду өткөрүү методикасы:*

*Биринчи варианты.* Сөздөрдүн тыбыштык структурасы менен жакшы таанышкандан кийин сөздөр менен ойноого болот. Сөздүн ар бир тыбышы бирден бала болот, мисалы, **«Алмаш, «там»** деген сөздүн биринчи тыбышы болот, экинчи тыбышы Асан, үчүнчү тыбышы Кайрат болот. Эми силер өзүңөрдүн тыбыштарыңарга таандык фишкаларды алып, доскага чыккыла». Оюн тез темпте өткөрүлөт.

*Экинчи варианты.* **«Кар»** деген сөздүн экинчи тыбышы кайсы? Ким туура тапса доскага чыгат. Оюн улантылып, бардык тыбыштар табылганда, балдарга сөздү окутуп, фишкалар туура коюлганын тактап, оюн башка сөз менен улантылат.

*Үчүнчү варианты,* мурунку оюндарда тыбыштардын аталышы боюнча ойнолсо, эми сөздөгү биринчи, экинчи, үчүнчү тыбыштарды көрсөткөн балдарды чыгаруу менен өткөрүлөт. Сөздөгү биринчи үндүү тыбыш – Асан, сөздөгү төртүнчү үнсүз тыбыш – Алмаш ж. у. с. оюндун мазмуну улам алмашылып, татаалданып турат. Акыркы этапта балдарга берилген тапшырма мындан дагы татаал болот. *Мисалы*, аталган сөздүн акыркы тыбышы менен жаңы сөз табуу: ***алма – Асан – Нарын – нокто – орок – кара*** ж. б. у. с.

***Колду өнүктүрүү.*** Биринчи кезекте, мектепке чейинки балада жазуу куралын туура кармоону калыптандыруу зарыл. Карандашты туура кармоо аны үч манжа менен кармоо дегенди билдирет – баш бармак, сөөмөй жана ортон. Мында карандаш ортондун сол

жагында болот. Бармак карандашты сол жактан колдойт, ал эми сөөмөй – үстүнөн басат. Карандаштын жогорку жагы мүрүгө багытталган. Карандашты туура кармоодо сөөмөй оңой көтөрүлүшү керек, бирок бул учурда карандаш жыгылбайт. Муну үчүн манжа оюндары колдонулат, айрыкча, бармак менен сөөмөй үчүн көнүгүүлөр («Карандашты эки (үч) манжаң менен тегерет»), **«Шорпого туз салабыз»** деген сыяктуу оюн көнүгүүлөрү ж. б. Ошондой эле бул курактагы балдарды колдун булчуң жүктөмүн туура бөлүштүрүүгө үйрөтүү зарыл. Булчуң жүктөмүн туура бөлүштүрүү күч чыңалуусун (карандашты колго кармоо үчүн) жана аны бошоңдотуу менен кезектештирүүнү жана бошоңдоштурууну билдирет. Колдун булчуңдарынын тонусун алмаштыруу боюнча так ушундай ырааттуулук туура жазууда ишке ашат. Булчуң жүктөмүн туура бөлүштүрүүнү калыптандыруу «Мозаика» сыяктуу оюндарда, кол эмгегинде ишке ашат. Бардык саналган иштин багыттарында бир эле мезгилде колдун чымчуусу калыптанат. Педагог баланын артыкчылык кылган колунун майда моторикасын системалуу өнүктүрүү үчүн шарт түзүү зарыл, кыймылда ырлар, аңгемелер менен коштоого болот. Педагогго колдун майда моторикасын өнүктүрүү үчүн балдардын турмушуна түрдүү иш формаларын активдүү киргизүү сунушталат (карандаш жана штамп, ниткопись жана бисерография ж. б. менен иштөө).

***Жазуу техникасына даярдоо*** мейкиндикте ориентир алууну өнүктүрүүнү, кыймылда жана тегиздиктеги сүрөттөрдө ритм сезимин тарбиялоону өзүнө камтыйт. Бала мейкиндикте ориентир алат, өзүнө, предметке, каршысында турган башка адамга карата өз ара мейкиндик мамилесин аныктайт.

Өнүккөн ритм сезими жазуу техникасына окутуунун негиздеринин бири болуп саналат. Иш ритмикалык сүрөттөр боюнча алакан чабуу менен байланышкан түрдүү көнүгүүлөрдөн башталат (чоң адамдын үлгүсү боюнча угуу боюнча, схемалуу сүрөткө таянуу менен). Акырындык менен балдар элементардык бордюрларды тартууга өтүшөт, алардын негизинде айрым элементтердин ритмикалык жайгашуусу жатат.

***Анализ-синтез ишмердигине карата көнүгүүлөр.*** Жазуу баланын тамганын графикалык образына анализ жана синтез жасоо билгичтигин билдирет. Жогорку мектепке чейинки куракта бала предметтердин графикалык шарттуу сүрөттөрүнө анализ жана синтез жасайт, бул ага мектепте тамганын образдары менен ушундай ишке өткөнгө жардам берет.

***Элементардык графикалык билгичтиктерди калыптандыруу*** мектеп тамгасын жазууга даярдоочу көнүгүүлөрдү өткөрүүнү өзүнө камтыйт («Кыска жана узун таякчалар», «Ылдый жана жогору жагы тегеректелген кыска жана узун таякчалар», «Толкундар» сыяктуу көнүгүүлөр).

## Айлана-чөйрө менен тааныштыруу

### Экинчи кенже топ (төрт жаштагы балдар)

Мектепке чейинки кенже курактагы балдар курчап турган чөйрөнү таануунун башатында болот. Так ушул учурда балдардын курчап турган чөйрө тууралуу алгачкы элестетүүлөрү калыптанат, алардын кеби өсөт жана акыл-эс ишмердүүлүгүнө ээ болуп, аларда таа-ныш-билүү кызыкчылыгы жаралат, курчап турган дүйнөгө карата мамилеси калыптанат. **«Балалык – бул дүйнөнү күн сайын ачуу. Бул ачылыш, биринчи кезекте, адамды жана Ата-Журтту таанып-билүүсү болуп калышы керек. Баланын акылынан жана жүрөгүнөн чыныгы адамдын сулуулугу орун алыш үчүн Ата-Журттун улуулугу жана эч нерсе менен салыштыргыс сулуулугу зарыл»,** – деп жазат В. А. Сухомлинский.

Кенже топтогу балдарды айлана-чөйрө жана социалдык чындык менен тааныштыруу боюнча иштин системасынын негизинде бул курактагы балдарды, алар жашаган коом,

адамдар дүйнөсү, буюмдар дүйнөсү менен тааныштыруу жатат, алар курчап турган чындыкты таанып-билүүгө жардам берет. Курчап турган дүйнө менен тааныштыруу боюнча иш төмөнкү темаларды камтыйт: үй-бүлө, бала бакча, менин шаарым, менин айылым, менин өлкөм, жандуу жана жансыз жаратылыш, чоң адамдар, предметтик дүйнө.

Экинчи кенже топто курчап турган дүйнө жана социалдык чындык менен тааныштыруу боюнча негизги сабактардан тышкары күндөлүк ишмердикте өткөрүлөт. Коомдук турмуштун кубулуштары, адам колу менен жасалган буюмдар дүйнөсү жөнүндө баланын түшүнүктөрүнүн байлыгы жана кеңирилиги балдардын акыл-эс жагынан да, адептик жагынан да өсүүсүн көп жагынан аныктайт. Таасирлер канчалык туура жана ачык болсо, ошончолук балдар көбүрөөк таанып, алардын турмушу ошончолук кызыктуу жана мазмундуу болот. Бул куракта курчап турган дүйнө тууралуу алгачкы түшүнүктөр жаралат жана бекемделет, курчап турган дүйнөнүн кубулуштарында жөнөкөй өз ара байланышты жана мыйзам ченемдүүлүктү аныктоо билгичтиги калыптанат, ошондой эле жеткиликтүү практикалык ишмердикте алган билимдерин өз алдынча колдонот. Балдардын таанып-билүү активдүүлүгү предметтик ишмердик процессинде калыптанат, ал курчап турган дүйнө менен таанышуу үчүн негиз болуп саналат. Ошондуктан бул сунуштарда, балдарды предметтик дүйнө менен тааныштырууга көп көңүл бурулат. Бирок балдарды түстү, форманы айырмалоого, предметтерди багыты боюнча топтоштурууга үйрөтүү ж.б. аздык кылат, кичинекей балдарга жеткиликтүү формада ар бир буюмга адамдын эмгеги жумшалганын, ага түрдүү кесиптеги адамдар катышканын, чоң адамдардын эмгеги башкаларга керектигин көрсөтүү маанилүү.

Кенже мектепке чейинки куракта балдарда коомдук турмуштун кубулуштары, адамдык карым-катыштын ченемдери тууралуу жөнөкөй түшүнүктөр калыптана баштайт. Бул курактагы балдарга зор эмоционалдык жан тартуу мүнөздүү, бул аларда курчап турган дүйнөгө жана адамдарга, биринчи кезекте, жакындарына, аларга жакшы бир нерсе жасоого карата ак көңүл сезимдерди жана мамилени тарбиялаганга мүмкүнчүлүк берет. Бирок балдар **«шаар», «айыл», «өлкө»** деген сыяктуу түшүнүктөрдү араң түшүнүшөт. Ошондуктан педагогдун негизги милдети балдардын оң эмоциясын, өз айылы, шаары, өлкөсү менен сыймыктануу сезимин тарбиялоо болуп саналат. Педагог балдарды курчап турган дүйнө жана социалдык чындык менен тааныштыруунун ар кандай ыкмаларын жана усулдарын пайдалана алат.

Балдарды курчап турган дүйнө менен тааныштыруунун абдан **маанилүү усулдарынын бири – түздөн-түз байкоо болуп саналат.** Кенже топто экскурсиялар аз өткөрүлөт, ошондуктан көңүл максаттуу сейилдөөгө, балдарды курчаган предметтерди кароого бөлүнөт. Балдар менен маектер жана сүйлөшүүлөр кеңири колдонулат. Көпчүлүк балдар бала бакчага биринчи келишет, ошондуктан бул усулдар жаңы шартка тезирээк ыңгайлашканга, персонал жана теңтуштары менен таанышканга жардам берет.

Курчап тургандар менен таанышууда **көп көңүл оюнга бурулат.** Бул – сюжеттик-ролдук жана театралдашкан, кыймылдуу жана дидактикалык оюндар. Балдарды курчап турган дүйнө менен тааныштырууда эмгек зор мааниге ээ болот. Экинчи кенже жаштагы балдар үчүн негизги эмгек – бул өзүн-өзү тейлөө боюнча эмгек, мындан сырткары балдарды жөнөкөй чарбалык-тиричилик эмгекке тартуу башталат. Түрдүү усулдарды, каражаттарды пайдалануу менен педагог эң негизгиси – анын коомго тааныштырып жаткан окуяларга жана көрүнүштөргө болгон мамилеси экендигин эсинен чыгарбашы керек.

**«Баладан эч нерсени алып качпаш керек, ага оң, мыкты азык керек, ага жек көрүүнү, жаман көрүүнү, үмүт үзүүнү баланын муктаждыктарын түшүнбөгөн адам гана бере алат».** К.Д. Ушинскийдин бул сөздөрү балдарды курчап турган дүйнө менен тааныштыруу ишинин маңызын эң сонун чагылдырат.

**Төмөнкү темалар менен иштөө методикасынын мазмунун жана айрым маселелерин карап көрөлү:**

**Үй-бүлө.** Бул куракта негизги көңүл эң жакын адамы – апасына болгон сүйүүнү тарбиялоого бурулат. Педагог балдар менен апасы тууралуу маектешет. Алардын көңүлүн апасы үй-бүлөдөгүлөрдүн баары үчүн кам көрөрүнө бурат – ал үйдөгү тартипти карайт, тамак даярдайт, кир жууйт, балдар менен ойнойт. Балдарда колунан келген жардамын берүү муктаждыгын өнүктүрүү керек – кийимин өзү бүктөп коюу, оюнчуктарын жыйноо ж.б. Апасына жардам берүүнүн зарылдыгын балдарга түшүндүрүү менен педагог балдарда эмгекке болгон муктаждыкты тарбиялайт, өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрүн өнүктүрөт.

Жыл ичинде педагог балдардан башка үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу сурайт – атасы, чоң энеси, чоң атасы, бир туугандары. Үй-бүлө сүрөттөрүн алып келүүнү, үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу айтып берүүнү суранат. Ошентип күн сайын балдарды үй-бүлө эмне экендигин түшүнгөнгө алып келет.

Мектепке чейинки билим берүү уюмунун үй-бүлө менен иштөө милдеттерин чечүү, маалыматтык чакан долбоор түрүндө биргелешкен чыгармачыл процесс катары кызматташуу формасын тандап алууга болот, анын катышуучулары балдар, алардын ата-энелери жана педагогдор болот. «Менин ийгиликтерим», «Менин балам – менин күнүм», «Мен жана менин үй-бүлөм», «Жаркын маанай» долбоорлорун пайдалануу сунушталат. Иш процессинде ата-энелерге балдардын үй чөйрөсүндөгү, жакын туугандарынын арасындагы сүрөттөрүн, сүйгөн жаныбарынын сүрөтүн пайдалануу менен, сунушталган тема боюнча маалымат тактасын, чакан китепчелерди, альбомдорду, плакаттарды даярдоо сунушталат. Педагог ата-энелерге баланын өзү, үй-бүлөсү тууралуу маалыматты чыгармачылык менен толтурууга жардам берет.

**Бала бакча.** Экинчи кенже топто көпчүлүк балдар бала бакчага үй-бүлөдөн келет, ошондуктан педагог балдар менен таанышат, балдарды бири-бири менен, топтун имараты, участок, аймагы жана алардын багыты, топто жайгашкан предметтер менен тааныштырат. Педагог балдардын ортосундагы карым-катыш байланышынын өсүүсүнө өзгөчө көңүл бурuусу зарыл. Турмуш-тиричилик процессинде педагог болушунча көрсөтмөлөрдөн, насаат окуудан, сын пикирден качат, балдарды жакшы, жаман деп бөлбөйт. Педагогдун милдети – ар бир баланы колдоо, бардык балдар тең укуктуу экендигин, ар биринин каалоосу жана кызыкчылыктары эске алынарын, бири-бирине көңүл буруу маанилүү экенин көрсөтөт. Бул теңтуштары менен гумандуу мамилени калыптандыруунун зарыл шарты болуп саналат.

Бардык иш сабактан сырткары өткөрүлөт – бул имараттарга баруу, балдар менен маектешүү, дидактикалык оюндар, көркөм адабиятты окуу, максаттуу сейилдөөлөр, эмгек ишмердигин уюштуруу. Педагог топто баары балдарга ыңгайлуу, жайлуу, жакшы болгондой жасалганына көңүлдү бурат. Педагогдон сырткары балдарга бакчанын башка кызматкерлери да кам көрөт – тарбиячынын жардамчысы, ашпозчу, медайым ж.б. Балдар башка топтордун имаратына, участокторуна да барышат, бала бакчанын аймагы, жашыл аймак, дене тарбия жабдуулары, сюжеттик курулуштар менен таанышышат.

Педагог чоң адамдар балдар үчүн көп нерсени жасаганын, алар балдарга кам көрөрүн, аларды курчап тургандын баарына аярлап мамиле кылуу керектигин айтып берет.

**Менин айылым, шаарым.** Өз айылына/шаарына болгон сүйүүнү тарбиялоо – балдарды эли, жерин сүйүүгө тарбиялоонун милдеттеринин бири. Кенже топтун балдары шаар, айыл эмне экендигин жакшы биле беришпейт, бирок аларды бул түшүнүктөр менен тааныштыруу зарыл. Жакынкы көчөлөр, үйлөр менен таанышуу башталат. Кичинекей балдар менен бакчанын айланасынан алыска чыгуу кыйынга турат, ошондуктан байкоону мектепке чейинки билим берүү уюмунун жанында өткөрүүгө болот. Балдар үйлөрдү карашат, педагог үйлөр көп экенине, алар тиешелүү көчөлөрдө жайгашканына, көчөлөр узун экенине, ар бир көчөнүн өз аты, үйлөрдүн, квартиралардын номерлери бар экенине көңүлдү бурат, ошондуктан адамдар үйлөрдү, квартираларды оңой табат.

- Педагог ата-энелерди тартуу менен, жыл ичинде балдар өз үйлөрүнүн даректерин эстеп калышына аракет кылат.
- Өз айылы/шаары менен тааныштыруу боюнча атайын сабак өтүүнүн кереги жок. Бардык иш сабактан сырткары өткөрүлөт. Педагог балдар менен үйлөр тууралуу, алар кайда жашаганы жөнүндө маектешет, балдарды айрым көчөлөрдүн жөнөкөй аталыштары менен тааныштырат, максаттуу байкоо жүргүзөт.

Жыл ичинде педагог китеп бурчуна айылдын/шаардын мыкты жерлеринин, ата-энелер балдары менен боло ала турган жерлердин сүрөттөрүн, иллюстрацияларды алып келет. Балдар менен майрамдардан кийин маектешет, алардын көңүлүн кооз айылга/шаарга бурат. Жылдын аягында балдар айылынын/шаарынын атын, өз үйүнүн дарегин жаттап калышат.

**Менин өлкөм.** «Мамлекет» түшүнүгүн кабыл алуу, кенже топтун балдары үчүн «айыл/шаар» деген түшүнүктөй эле татаал. Ошондуктан өз өлкөсүнүн турмушуна кичинекей балдар майрамдар, кайсы бир коомдук окуялар учурунда тартылышат. Бул тема боюнча иш өз айылы/шаары менен таанышууга тыгыз байланышта. Педагог балдардын көңүлүн майрамга карата кооздолгон айылдын/шаардын көчөлөрүнө бурат, бакчаны, топту майрамдарга карата кооздойт. Майрамдардан кийин балдар менен маектешет, анда майрамда алар кайда болушкандыктарын, эмне көргөндөрүн сурайт. Мындай маектер, сүйлөшүүлөр балдарда өз өлкөсүнүн ири окуяларына тиешеси бар сезимин жаратат.

- Педагог китеп бурчуна өз өлкөсүнүн жаратылышын, жыл мезгилдерин чагылдырган сүрөттөрдү, иллюстрацияларды алып келет, аларды балдар менен чогуу карайт, түрдүү пейзаждын сулуулугуна суктанышат, балдарга өлкөнүн атын маалымдайт, аны тез-тез кайталайт. Педагог балдарды кыргыз маданияты жана Кыргызстандагы башка элдердин маданияты менен тааныштырат. Элдик жомокторду айтып берет, элдик оюндарды ойношот, элдик ырларды окуп, жатташат, «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү окушат, элдик-прикладдык искусствонун предметтерин карашат. Ушунун баарын биздин өлкөнүн элдери жасаганын педагог баса белгилейт. Жылдын аягында балдар «айыл, шаар» жана «өлкө» түшүнүктөрүн ажырата башташат, алардын аталыштарын эстеп калышат.

**Чоң адамдардын эмгеги.** Экинчи кенже топтогу балдар биринчи кезекте, балдар бакчасынын кызматкерлеринин эмгеги менен таанышышат, алардын балдарга көргөн камкордугу баса белгиленет. Биринчи кезекте тарбиячынын жардамчысынын эмгеги менен тааныштырат, анткени ага балдар күн сайын туш болушат.

- Педагог балдардын көңүлүн дайыма тарбиячынын жардамчысынын эмгегинин түрдүү учурларына бурат – тамакты алып келет, столду даярдайт, столду жыйнайт, идишти жууйт ж. б.
- Балдарда билим топтолгондо педагог тарбиячынын жардамчысынын эмгеги тууралуу маектешет, анын балдарга көргөн камкордугун, балдарга дайыма жардам бергенин баса белгилейт. Балдарды ошондой эле медайымдын, ашпозчунун эмгеги менен да тааныштырышат. Андан сырткары, жыл ичинде балдарды короочунун, жумушчулардын эмгеги менен да тааныштыруу зарыл. Чоң адамдардын эмгеги менен тааныштыруудагы негизги усул – байкоо жүргүзүү.
- Педагог балдар менен бирге медайымдын бөлмөсүнө, ашпозчу иштеп жаткан ашканага келишет, балдар чоңдордун ишинде керек болгон предметтерди карашат, педагог чоң адамдарга өз иши тууралуу балдарга айтып берүүнү сунуш кылат. Короочунун иши менен балдар сейилдөө учурунда байкоо жүргүзүшөт. Балдардын билимдери сюжеттик-ролдук оюндарда, бир катар көркөм чыгармаларды окууда бекемделет. Башкы максат – адамдардын эмгегин баалоо, аларга колунан келген

жардамды берүү сезимин ойготуу: полду жууган тарбиячынын жардамчысына жеңил болушу үчүн сейилдеп келгенден кийин бут кийимди тазалоо; ашпозчуну кубандыруу үчүн түштөнүү учурунда тамакты калтырбай баарын жемей; короону тазалоодо короочуга жеңил болуу үчүн участокту булгабоо ж. б.

**Предметтик дүйнө.** Экинчи кенже топто көп көңүл предметтик дүйнө менен таанышытырууга бурулат, анткени предметтер балага курчап турган дүйнөгө киргенге, аны тааныганга, анда ориентир алганга жардам берет. Предметтик дүйнө менен тааныштыруу ишинин мазмуну көп түрдүү. Балдар гүлдөрдүн аттарын дайыма эле биле беришпейт. Алардын аттарын бекемдөө үчүн дидактикалык оюндар өткөрүлөт. Балдардын тиричилик предметтери боюнча түшүнүктөрү кеңеет. Балдарды предметтердин олуттуу деталдарын айырмалаганга жана атаганга, ошондой эле формасы, багыты жана аталышы боюнча айырмалаганга үйрөтүшөт. Транспорттук каражаттардын айрым түрлөрү менен балдарды тааныштыруу менен, педагог транспорттун ар кандай түрлөрү эмне үчүн керек экендигин, аларды ким башкарарын айтып берет. Балдарды предметтер жасалган материалдардын аттары, алардын сапаттары жана касиеттери менен тааныштыруу боюнча чоң иштер алып барылат: кагаз, кездеме, жыгач, резина. Педагог балдарды предметтерди өз алдынча иликтегенге, тиешелүү сапаттарын жана касиеттерин бөлүп көрсөткөнгө, атаганга үйрөтөт. Мындай ишти аткаруу педагогдордо тиешелүү бир кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн. Балдарды бул түшүнүктөр менен тааныштыруу боюнча иштер аз эмес болуп саналат: «эмерек», «кийим», «бут кийим», «баш кийим»,«идиш-аяк» ж. б. Бул тема боюнча иштин мазмуну үч-төрт жаштагы балдар үчүн жетишээрлик татаал, ошондуктан алар менен атайын сабактар өткөрүлөт.

Педагогго предметтердин сапаттары жана касиеттери, жалпылоочу түшүнүктөр менен тааныштыруу боюнча сабактарды өткөрүүнүн методикасын жакшы билиши зарыл. Балдар сабактарда алган билимдерди күндөлүк турмуштагы ишмердик менен бекемдөө керек. Буга, биринчи кезекте, түрдүү дидактикалык оюндар, тапшырмалар, балдар менен маектер, айланадагы предметтерди, предметтик сүрөттөрдү кароо жардам берет. Адам баласы кереги жок предметтерди ойлоп таппайт, ал аны курчап турган предметтерди, материалдардын касиеттерин көңүл коюп иликтеп-үйрөнөт жана предметти даярдоого көп күч жумшайт. Ошондуктан бардык курчап тургандарга этияттык менен мамиле кылуу зарыл. Балдарды кагаз менен, ал бекем эмес материал экендиги, айрылары, бүктөлөрү менен тааныштырып, педагог балдар китепке кайрылып жатканда, ага этияттык менен мамиле кылууну дайыма эсине салып турат, анткени китеп айрылып калышы мүмкүн, ал бекем эмес материалдан – кагаздан жасалган.

Бул куракта баланын тактилдик сезүүлөрүн өнүктүрүү абдан маанилүү. Баланын колу – түрдүү предметтердин өлчөмүн (чоң – кичине), касиетин (жылуу – суук, быдыр – тегиз), формасын (тегерек, тоголонот-тоголонбойт) таанып – билүү үчүн курал. Бала үчүн майда моториканы өнүктүрүү абдан маанилүү: баланын манжаларынын моторикасы канчалык өнүккөн болсо, бала ошончолук эртерээк сүйлөй баштайт. Аны үчүн педагог балдар үчүн бүчүлөмөсү бар рамкаларды (бул топчулар, сыдырмалар, илгичтер, курлар болушу мүмкүн), байлана турган бантты, шнуроктору, таштар менен түрдүү банкаларды, түрдүү түстүү шуруларды, крупаларды (фасоль, горох, чечевица ж. б.) даярдашы зарыл. Педагог балдарга ар бир рамка менен иштөөнү сунуш кылат; крупаны бир банкадан экинчисине куюуну же кашык менен салууну көрсөтөт.

- Курчап турган дүйнө менен тааныштыруу боюнча педагог өткөргөн ишти балдардын кебин өстүрүү боюнча иштен бөлүп кароого болбойт. Балдар предметтердин касиеттерин жана сапаттарын билдирген көптөгөн жаңы сөздөрдү, предметтердин

аттарын, алар жасалган материалдарды үйрөнүшөт. Картиналарды, предметтерди, оюнчуктарды кароодо, предметтерди иликтөөдө педагогдун суроолоруна жооп берип жатып, балдар монологдук жана диалогдук кепке ээ болушат.

## Ортоңку топ (бешинчи жаш)

***Балдарды жаратылыш менен тааныштыруу усулуна жалпы мүнөздөмө.*** Балдардын жаратылышты таануусун, алардын түрдүү билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүн башкаруу менен, педагог түрдүү усулдарды жана ыкмаларды колдонот.

Балдардын жаратылышты түздөн түз кабыл алуусун жана көндүмдөргө активдүү ээ болуусун камсыз кылган усулдарга жана ыкмаларга артыкчылык берилет. Мындай усулдарга булар тиешелүү: байкоо жүргүзүү, эксперимент, эмгек, оюндар. Аны менен катар сөздүк усулдар кеңири колдонулат: аңгеме, көркөм чыгармаларды окуу, натуралдык объектилерди жана алардын сүрөттөрүн көрсөтүү менен коштолгон маектешүү.

Педагог ишинде колдонгон усулдар жана ыкмалар бири-бири менен байланышат, мисалы, байкоо жүргүзүү маектешүү менен, педагогдун айтып берүүсү көркөм чыгарманы окуу менен, эксперимент эмгек менен ж. б. жуурулушат.

- Тигил же бул усулду колдонуу менен педагог түрдүү ыкмаларды колдонот. Мисалы, маекти байкоо менен айкалыштырып өткөрүүдө педагог объектини балдарга «жакындатат», аны буга чейинки тааныш менен салыштырышат, оюндун элементтерин киргизет, макал-лакаптарды колдонот ж. б.

Бир эле ыкмалар түрдүү усулдарда колдонулушу мүмкүн. Мисалы, салыштыруу байкоо, дидактикалык оюн, маек учурунда; оюн ыкмалары да байкоодо, маекте колдонулат; көрсөтүү, түшүндүрүү – эмгек көнүмдөрүнө окутууда, тажрыйбаларды өткөрүүдө ж. б. колдонулат.

- Усулдар менен ыкмалардын ар түрдүүлүгү жана натыйжалуулугу педагогдун чеберчилигин көрсөтөт. Усулдарды жана ыкмаларды тандоо программанын мазмуну менен аныкталат жана бала бакчаны курчаган жаратылыштан, байкоо объектинен жана ордунан, ошондой эле бала топтогон тажрыйбадан көз каранды болот.

***Жаратылыш менен балдарды тааныштыруудагы уюштуруу формалары.*** Балдарды жаратылыш менен тааныштыруудагы алардын ишмердигин уюштуруунун формасы сабактар, экскурсиялар, сейилдөөлөр, жаратылыш бурчунда иштөө, жер участогунда иштөө болуп саналат.

***Сабактар.*** Бул балдарды жаратылыш менен тааныштырууну уюштуруунун негизги формасы. Алар мурда иштелип чыккан программа менен макулдашылган план боюнча тиешелүү сааттарда өткөрүлөт. Сабактарда педагог балдарга жаңы маалыматтарды гана бербестен, аларда бар билимдерди бекемдейт жана тактайт. Сабактарда жаратылыш менен таанышуу процессинде балдардын таанып-билүү жөндөмү (байкагычтык, ой жүгүртүү) жана кеби, сөз байлыгы өсүп, жаратылышты сүйүүсүн жана ага болгон кызыгуусун өстүрүүсү керек. Сабактар иштин башка формалары менен тыгыз байланышта. Мисалы, сабактарда алган билимдерди жана билгичтиктерди балдар күндөлүк ишмердигинде колдонот (оюнда жана эмгекте), ал эми сейилдөө, участокто байкоо жүргүзүү учурунда топтолгон түшүнүктөр сабакта такталат, системалаштырылат.

***Экскурсия.*** Бул балдар табигый шартта жаратылыш менен таанышкан сабак: токойдо, талаада, бакчада, көлмөдө ж. б. Ортоңку топто бала бакчадан сырткары экскурсия сабак үчүн бөлүнгөн сааттарда алыс эмес аймакта өткөрүлөт. Экскурсиялардын

тарбиялоочулук-билим берүүчүлүк мааниси абдан жогору, анткени алар жаратылышка болгон кызыгуусуна жогорулатат, эстетикалык сезимдерди тарбиялоого жардам берет. Экскурсия үчүн орунду тандоодо, тик чыгуулар жана түшүүлөр бар жолдордон качуу керек. Ортоңку топтогу балдардын дене мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен экскурсия үчүн, биринчи кезекте, жакынкы орундарды пайдалануу керек. Шаарларда – бул бульварлар, бактар, парктар, көлмөлөр, анда өсүмдүктөрдүн, канаттуулардын, курт-кумурскалардын турмушундагы, ошондой эле элдердин эмгегиндеги сезондук өзгөрүүлөрдү байкоого болот. Элет шартында мындай орун талаа, дарыя, кушкана, мал короо ж. б. болушу мүмкүн.

Бир эле жерге экскурсияны жылдын ар кайсы мезгилинде өткөрүүгө болот. Бул балдардын сезондук өзгөрүүлөрдү байкоосун бир топ жеңилдетет.

Экскурсияга даярдануу менен педагог алдын ала экскурсия боло турган жерге барат. Мында ал программанын негизинде балдарга эмнени көрсөтүүнү, түрдүү нерселерди жыйноо үчүн эмнени алууну, байкоону кантип өткөрүүнү (суроолор, тапшырмалар), кандай оюндарды жасоону, кайда эс алууну чечет.

Балдарга жакындо боло турган экскурсия жөнүндө эскертет, алар кайда барышарын, эмнеге байкоо жүргүзөрүн, өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды алып жүрүү үчүн эмне алуу керектигин, кантип кийинүүнү айтат. Мындай алдын ала беш мүнөттүк маалымдоо балдарга жакшы маанайды жаратат, кызыкчылыгын арттырат, алардын көңүлүн боло турган экскурсияга бурат. Экскурсияны өткөрүүдө балдарды уюштуруу чоң роль ойнойт. Чыгардын алдында керектүүнүн баарын алыштыбы, текшерилет. Андан кийин балдарга өзүн кандай алып жүрүүнү эсине салат. Орунга келип, ийилип, чуркап, отуруп дене боюн жазганга уруксат берүүгө болот. Алар жаратылышты сезгени абдан маанилүү. Аны үчүн алардын көңүлүн дарактардын күзгү боегуна, кышкы жыйналууга, талаалардын жана шалбаалардын кеңдигине, гүлдөрдүн жытына, чымчыктардын сайраганына, чегирткелердин чыртылдаганына, жалбырактардын шуулдаганына ж. б. буруу керек.

***Сейилдөөлөр.*** Күндөлүк сейилдөөлөр балдарды жаратылыш менен тааныштыруу үчүн кеңири колдонулат. Алар чакан экскурсия мүнөзүндө болушу мүмкүн, алардын убагында педагог участокту кароону өткөрөт, аба-ырайына, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын турмушундагы сезондук өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүүнү уюштурат.

Сейилдөөдө алдын ала программанын негизинде, жергиликтүү шартты эске алуу менен түзүлгөн план боюнча балдар жаратылыш менен таанышышат. Пландын программалык мазмуну жаратылыштын тигил же бул кубулушу болгон учурларды сейилдөө аркылуу ишке ашат.

Сейилдөөлөрдө педагог жаратылыш материалдарын (кум, кар, суу, жалбырак), оюнчуктарды пайдалануу менен оюн уюштурат, алар шамалдын, суунун күчү менен кыймылга келет, бул процессте балдар сезүү тажрыйбасын топтошот, жаратылыш предметтеринин түрдүү сапаттарын таанып-билишет.

Сейилдөө убагындагы оюн үчүн участокто кум менен ящик, чоң эмес бассейн, суу жана шамал менен кыймылга келген сууда сүзүүчү оюнчуктар болгону жакшы. Күндөлүк сейилдөө учурунда балдар эмгек процесстерине катышат: түшкөн жалбырактарды чогултушат, жолду кардан тазалашат, жерди казып, өсүмдүктөргө суу куюшат.

**Предметтик дүйнө.**

Бул куракта мектепке чейинкилерде алардын жеке тажрыйбасында мурда болбогон предметтерге болгон кызыгуу ойгонот, бул кызыгууну канааттандыруу керек. Балдар жакынкы айланадагы предметтер менен таанышууну улантышат. Негизги милдет предметтер жөнүндө билимдердин, тажрыйбанын топтолушуна көмөк көрсөтүү, алардын максаты – балдардын оюнга, эмгекке, ишмердиктин үзүрлүү түрлөрүнө болгон муктаждыктарын канааттандыруу. Балдарды предметтердин белгилери жана алардын сенсордук эталондору (кызматы, багыты, түсү, формасы, көлөмү, материалы ж. б.) менен

тааныштырууну улантуу керек. Предметтер жалпы олуттуу белгиси боюнча биригишет – жалпы функциялык негизге ээ түшүнүктөр (идиш, кийим, бут кийим, оюнчуктар, эмгек, жеке гигиена предметтери ж. б.) ушинтип кабыл алынат.

Предметтик дүйнө менен тааныштырууда буларды эске алуу керек, айрым предметтердин аталышын, мисалы, эмеректер балдар билишет. Бирок жалпылоочу сөз менен кээде гана колдонушат жана бул белгини кыйынчылык менен түшүндүрүшөт. Кыйынчылык ар бир предметте өзүнүн колдонуу принциби бар (мисалы, стул отуруу үчүн, кровать уктоо, шкаф кийимди сактоо үчүн ж. б.). Ошондуктан балдарды предметтерди ар кандай белгилери боюнча бириктиргенге жана классификациялаганга шыктандыруу керек. Бул максатта дидактикалык «Оюн-аныктамаларды» колдонууга болот: «Бизге оюнчуктарды алып келишти», «Эмне ашыкча» ж. б.

*Ошентип, **«Петрушка спорттук формада»** оюнунда балдар предметтерди багыты боюнча (топ, скакалка, обруч, теннис ракеткасы, лента, гантелдер, таякча, мешоктор ж. б.) топтоштурганга (спорт сабактарында муктаждыктарды канааттандыруу) үйрөнүшөт.*

Петрушка топко багыты ар кандай предметтер тартылган картиналарды алып келет жана алардын баары спорт менен алектенүү үчүн керек деп ырастайт. Педагог балдарга муну текшерүүнү жана ашыкча предметтерди алып коюуну сунуштайт. Петрушка балдардан спорттук инвентарды ага көрсөтүүнү суранат. Балдар топто бар инвентарды алып келишет. Педагог алгоритмди сунуштайт – ар бир бала өзүнүн предметин атайт, аны сыпаттайт, анын багыты жана колдонулушу тууралуу айтып берет. Андан кийин бул предметтерди эмне бириктирерин сурайт, аларды ким түзгөн, алар адамда кандай сапаттарды өнүктүрөт. Спорттун ар кандай түрлөрүн эстөөнү жана Петрушкага спорттун кандай түрлөрү жайкысына, кайсылары кышкысына тиешелүү экендигин айтууну сунуштайт. Полдо «Кыш» жана «Жай» деген сүрөттөр менен эки обруч жатат. Балдар спорттун ар кандай түрлөрү жайгашкан картинкаларды алат да, аларды тиешелүү обручка алып барышат. Оюн тапшырма эгерде, бардык балдар, предметтерди жана картинкаларды туура топтоштурса, тапшырма аткарылды деп эсептелет. Зарылчылык болсо, педагог күндүн экинчи бөлүгүндө улантууну сунуштайт.

Беш жаштагы балдарда предметтин түрдүү белгилерин айырмалоого жана атоого, предметтерди сыпаттоого болгон кызыгуу артат. Бул иште «Оюн-сыпаттоо» сериясы жардам берет: **«Предметти ата», «Предмет үчүн орунду аныкта», «Билбесбекке сүйүктүү предметтер тууралуу айтып берчи» ж. б. «Билбесбекке сүйүктүү предметтер тууралуу айтып берчи»** оюнунда балдарга конокко Билбесбек сүйүктүү оюнчугу менен келет. Педагог андан сурайт: «Бул кандай оюнчук? Ал кандай? Ал эмне үчүн керек? Ал эмнеден жасалган? Аны ким жасады?». Билбесбек балдарда кандай сүйүктүү оюнчуктары, буюмдары бар экенин сурайт. Педагог аларга топтон бул предметтерди табууну жана Билбесбекке алып келүүнү жана алар тууралуу айтып берүүнү сунуштайт, предметти сыпаттоо алгоритмин берет (форма, көлөм, бөлүктөр, кызматы ж. б.) жана кайсы бир предметти сыпаттайт, мисалы: «Бул – стол, анын капкагы, төрт буту бар, ал ак, анын жанына отурууга, тамак жегенге жана жазганга болот, стол жыгачтан жасалган, колго жасаган буюмдарга кирет». Балдар кезеги менен өзүнүн сүйүктүү предметин сыпатташат.

Балдардын тиричилик предметтерин түзүүнүн максаттуулугу тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү зарыл, алар адамдардын турмушун ыңгайлуу кылат. Мектепке чейинки балдар тиричиликтин жогорку сапаттагы предметтери канчалык маанилүү экендигин түшүнүшү керек (жыгач эмерек бекемдиги менен айырмаланат, ден соолук үчүн пайдалуу, тефлон идиши азыктын сапатын сактайт ж. б.). Предметтин багыты менен анын курулушунун, багыты менен материалдын ортосунда байланышты; предмет менен анын пайдасынын ортосунда себеп-натыйжа байланышын аныктоону (мисалы, муздаткыч азыктарды

бузулуп кетүүдөн сактайт; кресло – эс алуу үчүн стулга караганда бир топ ыңгайлуу эмерек; тиш щетка менен паста тишти сактайт) тапканга балдарды түртүү зарыл.

Балдарда өзгөчө кызыгууну «Биздин сүйүктүү оюнчуктарыбыз» темасы жаратат. Аларды чоң адамдар оюнчуктарды оюн үчүн гана жаратпай турганына алып келүү зарыл. Техникалык оюнчук дүйнөнү тааныганга жардам берет. Педагог кырдаалды жаратат, анын жардамы менен балдар оюнчуктун күндөлүк турмуштагы зарылчылыгын аңдап сезишет.

Жыл ичинде мектепке чейинки балдар чоподон, кагаздан, материалдан, металлдан, резинадан, пластмассадан, айнектен, фарфордон предметтерди тааныганга; алардын касиеттери жана сапаттары тууралуу айтканга, өздөрүнүн ойлорун аргументтештиргенге үйрөнүшөт. Материал менен таанышууну мурдагыдай эле ар бир бала практикалык жол менен материалдын сапаттарын жана касиеттерин аныктай алгандай уюштуруу зарыл. Жогорку мектепке чейинки балдар үчүн бир топ татаал эксперименттик аракеттер каралат, ал бир нече оюн элементтеринен турат. Материал менен тааныштырууда «Эмне үчүн чымчыктар уча алат, ал эми адам уча албайт?», «Аба шары тууралуу баарын бил», «Адамдар эмне менен учушат?», «Жыгач сүзө алат», «Билбесбектин кенчи», «Укмуштуу айнек» ж. б. оюн-эксперименттерди пайдалануу сунушталат. Мисалы, «Аба шары тууралуу баарын бил» оюнунда балдар аба шары тууралуу билгендеринин баарын, ал эмнеден жасалганын айтышат. Балдар ал резинадан экенин түшүндүрүшөт, резина жумшак, жылма экенин аныкташат. Андан кийин шарик кандай кичинекей болушу мүмкүн экенин көрсөтүшөт (үйлөшөт). Шарик үйлөнбөйт, аны кайра да үйлөөнү суранат. Чоң адам шарикти үйлөп берет, ар бири ушундай кылууну суранат. Балдар педагог менен бирге резина чоюлгуч, жумшак экенин аныкташат, шарикке аны аба шариги деп айтарын, анткени анын ичинде аба барын айтышат. Шарик аны жууп коюуну суранат. Балдар аны жуушат, резина үстүнөн суу болуп калганын такташат. Кагаз, кездеме менен салыштырышат (кагаз суу болот, айрылат, кездеме суу болот, бирок айрылбайт), шарикти аарчышат, ал кайрадан кургак болуп калат, шариктин ичин карашат, анын ичине суу кирди бекен. Балдарды резина сууну өткөрбөйт дегенге алып келет. Резинадан жасаган предметтер сууну өткөрбөйт. Мисалы, резина өтүктөрдү жаанда, резина кол каптарды идиш жууганда кийишет, колдор дайыма кургак, таза турат. Балдар чоңдор менен бирге резина кол каптар менен тажрыйба өткөрүшөт: аларды кийишет жана колду сууга салат, андан кийин чечишет – колдор кургак. Шарик резинадан жасалган анын досторун атоону суранат. Балдар резина предметтерди санашат. Шарик коштошуп, учуп кетет.

Түрдүү предметтер жасалган материалдардын касиеттери жөнүндө балдардын билимдерин бекемдөө, предметтерди түсү, формасы, материалы, багыты боюнча бөлүштүрүүдө көнүгүү үчүн резинадан, пластмассадан, айнектен, металлдан жасалган түрдүү предметтер керек болот.

- ✓ Педагог балдарга конокко алардын эски досу Билбесбек келгенин айтат. Ал жакында саякаттан келди, ал жер алдынан кенч таап алды. Балдардын көңүлүн сандыкка бурат.
- ✓ Балдар кенчти (килемче, топ, кол каптар) карашат, предметтерди аташат, алардын баары резинадан жасалганын айтышат; алар бекем, жумшак, суу өтпөйт, сынбайт, жеңил.
- ✓ Педагог булардын баарын кагаздан жасоого болобу деп сурайт.
- ✓ Балдар ой жүгүртүп, кагаздан жасоого болбойт деген чечимге келишет – алар айрылып калат, сууну өткөрөт, сынат.
- ✓ Педагог сурайт, бул предметтерди айнектен жасоого болобу. Балдар болбой турганын айтышат – килемче бекем болбойт, оор болот, айнек кол капты кийүүгө болбойт, топ тез эле сынып калат. Андан кийин балдар ой жүгүртүшөт, бул

предметтерди пластмассадан жана металлдан жасоого болобу, андай кылууга болбой турганын түшүндүрүшөт.

- ✓ Балдар килемчени, топту жана кол капты резинадан гана жасоого болот деген жыйынтыкка келишет – алар жумшак, бекем, суу өтпөй турган, ыңгайлуу, сынбай турган болот.

**Андан кийин балдарга тиш щетканы, самын салгычты кароону сунуштайт, алар пластмассадан жасалаганын аныкташат.**

- ✓ Педагог эмне үчүн мынча көп буюмдар пластмассадан жасалганын түшүндүрүүнү суранат (ал бекем, суу өткөрбөйт, жумшак, сынбайт, кооз).
- ✓ Балдар аларды кагаздан, айнектен, металлдан, резинадан жасоого болбой турганын аныкташат. Балдар тиш щетканы, самын салгычты пластмассадан жасаган туура болорун аныкташат.

***Андан ары балдар металл пластинаны, оюнчук машиналарды карашат.***

- ✓ Алар металлдан жасалганын аныкташат; металл бекем, жылма, катуу.
- ✓ Буларды кагаздан, айнектен ж. б. жасоого болбой турганын аныкташат.
- ✓ Балдар машинаны металлдан жасаган жакшы деген жыйынтыкка келишет.

Балдар стаканды жана вазаны карашат. Алар айнектен жасалганын аныкташат. Айнектин белгилерин аташат: тунук, катуу, жеңил, суу өтпөйт, даярдап жатканда каалагандай формада кылса болот. Буларды кагаздан, резинадан жасаса болбой тургандыгын аныкташат. Стакан менен вазаны металлдан жасаса болот, бирок алар оор болот.

***Ошентип педагог балдарды материалды тандоо предметтин багытынан, аны колдонуу багытынан көз каранды болорун түшүнгөнгө алып келет.***

Балдар менен алгоритмикалык оюндарды өткөрүү максатка ылайык: «Айлананды кара», «Менин досторум» («Мен столмун. Менин досторум жыгачтан жасалган»), «Кандай эле, кандай болуп калды?», «Аукцион», «Чатышма», «Жакшысы эмнеден жасоо керек?», «Сенин ордуң кайда?», «Көргөзмө», «Жарнак», «Карандаш менен оюн», «Тартипке келтиребиз», «Кездеменин касиетин моделдештиребиз», «Жаңы үйгө көчүп келүү», «Түстүү тамгалар».

«Менин досторум» оюнунда балдар кагаздан же металлдан жасалган буюмдарды тандашат, өзүнүн атынан алгоритм боюнча аларды сыпатташат. Мисалы: «Мен китепмин, кол менен жасалган дүйнөгө кирем, мени адамдар колу менен жасашат. Мен тик бурч формадамын, түстүүмүн жана акмын. Мен кичинекей жана жеңилмин; мен кагаздан жасалганмын, менин мукабам калың, барактарым жука, анда кызыктуу тарых жазылган, сүрөттөр тартылган. Мурда китеп болгон эмес, баары кайыңдын кабыгынын жука кабатына (берест) жазышкан. Келечекте айрылбай турган китептер болот деп ойлойм, кнопканы басасың, китеп сүйлөп кирет, «Мен салфеткамын, колдо жасалган дүйнөгө кирем. Мен квадрат формадамын, ак түстөмүн, кичинекеймин жана абдан жеңилмин. Колуңду булгап алганда, аарчыш үчүн мен керекмин. Мен жука кагаздан жасалганмын жана бир жолу пайдаланганга арналганмын».

**Логикалык оюндарга универсалдык алгоритмди киргизүүгө болот,** ал калыңдык, куюлгучтук, катуулук, суу өтпөстүк, бекемдик, тунуктук, оордук сыяктуу, адам колунан жасалганбы же жаратылыш материалыбы деген параметрлерди изилдөөгө мүмкүнчүлүк берген бир нече блоктон турат. Сунушталган алгоритм боюнча айтуу мисалын келтиребиз: «Кагаз жука болушу мүмкүн – бул салфетка жана калың болушу мүмкүн – бул картон. Салфетка жумшак, ал эми картон катуу. Эгерде кагазга суу тийсе, ал суу болот. Кагазды кыркууга жана айрууга болот. Ал тунук эмес, жеңил, тегиз. Жаратылыш дарактарды жаратты, ал эми адам алардан кагаз жасайт. Кагаздан адам китеп, альбом, салфетка, коробкаларды жасайт».

Ушундай эле схема менен конкреттүү материал үчүн алгоритм курулат: «Металл», «Жыгач», «Пластмасса», «Кездеме», «Телефон», «Стул», «Куурчак», «Турак жай» ж. б.

Ортоңку мектепке чейинки балдар үчүн оюнда буларды аткарышы эстен чыкпашы керек:

➔ балдарды моделге жана алгоритмге ылайык бир катар ыраттуу аракеттерди (тажрыйба өткөрүү) аткарганга шыктандыруу;

➔ предметтердин жана алардын өзгөчөлүктөрүнүн ортосундагы өз ара байланышты жана өз ара көз карандылыкты аныктоо, талдоо билгичтигин өнүктүрүү;

➔ предметтин түзүлүшү менен аны колдонуунун ж. б. себеп-натыйжа байланышын аныктоо.

Беш жаштагы балдарда **предметтердин тарыхына кызыгуу жаралат.** Алар ар бир предметтин өткөнү жана азыркысы бар экенин түшүнгөнгө жөндөмдүү (дүмүр – устун – табурет – стул – кресло ж. б.). Оюн-саякат (мисалы, «Предметтин өткөнүнө саякат (стул, вилкалар, топ ж. б.)» балдарга көрсөтөт, бир эле предмет адамдын аны пайдалуу, ыңгайлуу, кооз кылуу каалоосуна жараша кантип өзгөргөн.

Балдардын **мейкиндик мамилелери тууралуу түшүнүктөрүн жана алардын тиешелүү сөздүгүн калыптандырууну** (солдо, оңдо, ортосунда, жанында, катар, алдында, артында, үстүндө, ылдый жагында, айланасында, артында ж. б.), «өзүнөн» ориентир алганга үйрөтүүнү («Менин алдымда эшик, артымда терезе, оң жагымда шкаф», «Менин катарымда Асыл отурат» ж. б.) улантуу зарыл. Аны үчүн атайын дидактикалык көнүгүүлөр өткөрүлөт: «Сенин сол жагыңда эмне турат, ал эми оң жагыңдачы (алдыңда, артыңда)?»; «Сол жактан ким эмнени байкады?»; «Азыр Актан менен Акылай кайда?» (Актан алдыда, эшиктин жанында, ал эми Акылай капталда, терезенин жанында); «Матрешкалар ойноп жүрүшөт» (чоң матрешка алдыда, кичинекейи анын артында, ал эми эң кичинекейи чоң менен катар ж. б.); «Ким кайда жашынды?» ж. б.

Сабактарда жана күндөлүк турмушта **балдар коомдук транспорт тууралуу өз билимдерин кеңейтишет** (автомашина, автобус, микроавтобус, троллейбус, поезд, самолет, теплоход). Сабактардын формасы максатка жана программанын мазмунуна жараша варианттар менен болот. Иштин жетектөөчү усулу «эвристикалык» усул (бала үчүн ачылышка алып келген), таанып билүү маеги, байкоо, картиналарды, иллюстрацияларды кароо, педагогдун аңгемеси, өз тажрыйбасынан баланын аңгемеси, көркөм чыгармаларды окуу, атайын кырдаалдарды түзүү ж. б. болуп саналат.

Балдарды жол кыймылынын эрежелери менен тааныштырышат (жолду жашыл түстө гана өтүүгө болот жана жөө адамдын жолу – «зебра» менен гана ж. б.).

**Коомдук турмуш көрүнүшү.**

Балдардын **үй-бүлө жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүү** боюнча иш улантылат. Алар менен апасы тууралуу («Апаңдын аты ким? Ал кандай? Анын жакшы көргөн иши эмне? Анын сүйгөн тамагы кайсы?») көбүрөөк сүйлөшүү керек.

Педагог ата-энелерди **баланын колунан келер ишти ал үчүн жасабоо керектигине, өзүн үй-бүлөнүн толук кандуу мүчөсү катары сезүү үчүн үйдө баланын такай милдеттери болушу керектигине ата-энелерди ынандырышы керек,** мисалы, балага чоң энесине телефон чалууну, столду тамакка ырастоону, идишти чогултканга жардам берүүнү, гүлдү сугарууну ж. б. тапшырып койсо болот.

Балдар менен үй-бүлө мүчөлөрүнүн милдеттери тууралуу маектешүү; үй-бүлөдө ар бири башкасына кам көрөрүн түшүндүрүү; башка үй-бүлө мүчөлөрү үчүн балдар эмне кылышарын суроо зарыл. Маектешүүдө педагог балдарды үй-бүлө – бул бала менен үйдө жашагандардын баары экенин түшүнгөнгө алып келет: апасы, атасы, бир тууганадры, чоң энеси, чоң атасы. Үй-бүлөдө баары бири-бирин сүйүшөт, улуулары кичүүлөрүнө кам көрөт, кичүүлөрү улууларына жардам бергенге аракет кылат.

Балдарга үй-бүлөдөгү туугандык мамилелер тууралуу алгачкы түшүнүктөр берилет: алардын ар бири бир эле мезгилде уулу (кызы), небереси, агасы (эжеси), ал эми апасы менен атасы чоң эне менен чоң атанын кызы жана баласы. Аны үчүн фотографияларды, иллюстрацияларды көрсөтүү менен, дидактикалык оюндарды жана көнүгүүлөрдү өткөрөт: «Сенин үй-бүлөңдө канча апа (ата) бар?» (чоң эне – атаңдын апасы, апа – сенин жана сенин бир туугандарыңдын апасы ж. б.); «Апасынын жардамчылары» (апасынын милдеттери кандай, кандай кызматтар ага жардам берет, биз апабызга кантип жардам берсек болот); «Чоң энебизди кубандырабыз» (чоң энеге телефон чалуу, өз колу менен белек даярдоо, кат жазуу, эркелеткен сөздөрдү айтуу ж. б.).

Ортоңку топто **бала бакча менен тааныштыруу иштери улантылат.** Балдар менен бала бакча эмне экендиги, анда кандай имараттар бардыгы, алар эмне үчүн керектиги тууралуу маектешүүгө болот. Өз тобун жана бакчанын башка имараттарын жасалгалоого балдарды тартуу максатка ылайык келет.

Балдар менен бала бакчанын башка топторуна барууга болот, анда алардын көңүлүн бакчада көп топ бар экендигине буруу керек. Оюнчуктарды, китептерди карап, тарбиячы, анын жардамчысы балдар менен таанышып, аларды өз тобуна чакырууга болот. Эң кичинекей балдарга барса жана ортоңку топ менен кичинекейлер кантип айырмаланарын салыштырууну балдарга сунуштоого болот.

Балдарга кезеги менен медициналык жана методикалык кабинеттерге барууну, тапшырмаларды аткарууну (китепти алуу, дептерди алып баруу ж. б.) сунуштаса болот. Аларга директордун, улук тарбиячынын, медайымдын аты ким экенин, чоң адамдар менен кантип учурашууну, бир нерсе тууралуу кантип суранууну дайыма эске салып туруу керек. Бала бакчага баруу аларга жагарын, жакпасын жана эмне үчүн экенин, бала бакчада аларга ким кам көрөрүн суроо максатка ылайык келет. Мындай чечимге алып келүү керек: бала бакчада кызматкерлер көп, алардын баары балдарга жакшы, жылуу, ыңгайлуу болуш үчүн эмгектенишет; чоң адамдардын эмгегине этияттык менен мамиле кылуу, аларга жардамдашуу маанилүү. Бала бакчанын кызматкерлерин чай ичүүгө чакырууга, аларды майрамдар, туулган күнү, мааракелери менен куттуктоого болот.

***Карым-катыш көндүмдөрүн өнүктүрүү жана толеранттуулугун, теңтуштарына карата симпатиясын калыптандыруу,*** маектерди өткөрүү (мисалы, «Биз кандай эрежелер менен жашайбыз?») оюндарын, («Жашыруун сырлар – предметтер», «Курбулардын сүйүктүү предметтери», «Предметти кара», «Досторуңдун сүйүктүү иштеринен айтып берчи» ж. б.) көнүгүүлөрүн өткөрүү, байкагыч болгонго, алдын алганга үйрөтүү, теңтуштарын атынан айтуу, бири бирине жардам берүү боюнча ишти улантуу зарыл.

Курчап турган чындык тууралуу элементардык түшүнүктөрдү калыптандыруу максатында педагогго максаттуу сейилдөө өткөрүү сунушталат «Көчө деген эмне?», балдардын көңүлүн үйлөргө, тротуарга, өтүүчү жерлерге бурат. Балдар менен бирге бакча жайгашкан көчөлөрдүн аттарын эстөө, ал эмне үчүн ушинтип аталып калганын, ар бир көчөнүн аты бар экенин айтуу, балдар жашаган көчөлөрдүн кантип аталганын айтуу зарыл. Өз үй дарегин айткан балдарды колдоп, мактоо зарыл, өз дарегин билген маанилүү экенин түшүндүрүү.

Балдар менен өз айылы/шаары тууралуу маектешүүгө болот: ал кандай аталат, кандай кооз жерлери бар ж. б. Китеп бурчунда балдарга тааныш кооз жерлердин фотографияларын, картиналарды кароо керек. Айылды/шаарды курган адамдар сыймыктануу сезими болушу үчүн абдан аракеттенгенин түшүнүүгө алып келүү зарыл.

Педагог **балдарга Мекенди коргогон армия, аскерлер** тууралуу айтып берет. Биздин өлкөдө 23-февраль Мекенди коргоочулардын күнү экенин эске салуу зарыл. Мекенди

коргоочулар кимдер экенин тактайт (элди, Мекенди коргогон аскерлер, солдаттар), ар бир элде армия бар экенин айтып берет. Педагог балдарды армиянын түрлөрү менен тааныштырат (моряктар, танкистер, артиллеристтер, жөө аскерлер ж. б.), иллюстрацияларды, картиналарды, фотографияларды пайдаланып, мындай жыйынтыкка алып келет: түрдүү аскерлер бар армия – күчтүү, ал өз өлкөсүн кургакта да, деңизде да, абада да коргой алат. Аскер кызматынын өзгөчөлүктөрү тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү калыптандырууга болот: солдаттар күчтүү, чыдамкай болуу үчүн машыгышат, таамай атканга, тоскоолдуктарды жеңгенге көнүгүшөт. Бул тематика боюнча балдарга көркөм чыгармаларды окуп берүүгө болот.

Мектепке чейинки балдарды **түрдүү кесиптер менен тааныштырууну** улантат (айдоочу, врач, почточу, сатуучу, педагог, музыкалык жетекчи ж. б.). «Кесип» түшүнүгү кирет. Кесип менен тааныштыруу методикасы усулдардын комплексин колдонууну билдирет, мында көбүрөөк эмоционалдык, кызыктыруучу-муктаждык, жүрүм-турум чөйрөсүнө тиешелүү болгондоруна артыкчылык берилет. Мында балдардын экскурсия, маектешүү, оюн-сабактар ж. б. учурунда чоң адамдар менен жолугушуусу зор роль ойнойт.

Өндүрүштүк жана ал тургай үйдөгү өнөрканаларга болгон экскурсияларды уюштурууда жана өткөрүүдө төмөнкү талаптарды эсепке алуу маанилүү: балдардын курагына ылайык максаттарды так аныктоо, экскурсиянын орду менен алдын ала тааныштыруу, материалдарды кабыл алганга даярдоо (маалыматтарды жана аракеттерди алдын ала тандоо). Экскурсиялар узакка созулбаган, бирок эмоционалдык жактан бай болушу кажет. Чоң адамдардын иштерине аралаштырып көргөн жакшы (прилавканын артында туруу, музыканын алдында кыймылды үйрөнүү, рулду тегеретүү, витаминдерди берүү ж. б.).

Маектерди уюштурууга болот: «Мыкты врач», «Музыкалык жетекчиде майрамда», «Сатуучуда конокто», «Биздин сүйүктүү педагог» ж. б. Маектер картиналарды, иллюстрацияларды, фотографияларды, предметтерди көрсөтүү менен коштолушу керек. Балдар жыйынтык кылышат: ишмердиктин натыйжасы көпчүлүк учурда адамдын эмгекке болгон мамилеси менен, б. а. иштиктүү жана инсандык сапаттар менен аныкталат.

*Мисалы*, «Музыкалык жетекчиде конокто» маектешүү процессинде балдарды музыкалык жетекчинин иштиктүү жана инсандык сапаттары менен тааныштырат, анын бүтүндөй образын түшүнгөнгө алып келет, ага карата эмоционалдык оң мамилени калыптандырат. Педагог балдар музыканы жана ырларды угууну жактырарын сурайт; алар музыканы кайдан угарын тактайт *(радио, телевизор, музыкалык жетекчи менен музыкалык сабактарда)*. Балдардын көңүлүн почтальон алып келген катка бурат, кат музыкалык жетекчиде болот, аны окуйт: «Кымбаттуу менин кичинекей досторум! Силерди конокко чакырам». Педагог балдар менен бирге музыкалык залга барат. Балдар музыкалык жетекчиге салам беришет. Ал музыкалык жетекчи болуу үчүн окуу керектигин түшүндүрөт; ар ким эле музыкант боло албайт, өзгөчө таланты барлар гана боло алат: музыкалык угум жана мыкты үн. Педагог ушундай жыйынтыкка алып келет: музыкалык жетекчи ушундай талантка ээ, ошондуктан музыкалык жетекчи болуп иштеп жатат, музыкалык аспаптарда ойнойт жана ырларды аткарат, ошондой эле балдарды окутат. Педагог ал музыкалык жетекчи гана эмес, ал апа (ата) экенине көңүлдү бурат, ал бала тарбиялайт, бош убакытта тигүү (оңдоо) менен алектенет; ал иштерман, таланттуу, сулуу, ак көңүл, мээримдүү, камкор, акылдуу деген жыйынтыкка алып келет.

«Адам – предмет» системасындагы өз ара аракеттенүүнү педагог өз мисалында көрсөтө алат. Мисалы, педагог балдарга куурчак Акылай конокко келгендигин айтат. Ал абдан кайгылуу жана эмне менен алек болууну билбейт. Куурчакка бала бакчада эмне менен алек болсо болорун айтууну сунуштайт *(ойноо, сүрөт тартуу, ырдоо, тамак жемей, ойноо).* Куурчак балдардан алар менен оюнду, сабакты ким уюштурарын сурайт. Балдар куурчакка өзүнүн педагогу тууралуу айтып беришет.

Бала бакчанын кызматкерлеринин кесиптери жөнүндө билимдерди жалпылоо үчүн маектешүү өткөрүлөт. Педагогдун маектин жүрүшүндөгү негизги милдети – балдарга адамдын инсандык жана иштиктүү сапаттарын жана ар бир эмгек процессиндеги эмгектин натыйжасын бөлүп көрсөткөнгө, анын маанисин аңдап түшүнгөнгө жардам берүү. Бул балдарга зарыл жалпылоону өткөргөнгө мүмкүнчүлүк берет.

Балдар менен иште төмөнкү дидактикалык оюндарды жана көнүгүүлөрдү колдонууга болот:

- «Иштөө үчүн кимге эмне керек» (кастрюл, эт туурагыч – ашпозчуга; сумка, газеталар, журналдар, каттар – почточуга ж. б.);
- «Буюм эмне үчүн керек?» (мисалы, балага оюнчук тараза сунуш кылат, ал сатуучуну туурап, «товарларды» таразага тартат, таңгактайт ж. б.);
- «Ката кетирбе!» (куурчак бөлмөнү тартипке келтирүүнү чечти, бирок эмнеден баштоону билбейт да, жардам сурап балдарга кайрылат; мишка айдоочу болууну чечти, бирок светофордун сигналдарын билбейт ж. б.);
- «Сизге кат!» (эгерде бала жашаган дарегин туура айтса (айыл/шаар, көчө, атыжөнү) почтальон-педагог ага катты берет.)

## Жандуу жана жансыз жаратылыш менен таанышуу.

Балдар 4–5 жашта бир нерсеге абдан кызыгат, көптөгөн суроолорду беришет, түрдүү предметтер, алардын сапаттары жана касиеттери, курчап турган жаратылыш менен чын дилден таанышышат. Бул курактагы балдардын көңүлү туруктуу болуп калат. Жаратылыштагы байкоого алынган кубулуштардагы жөнөкөй байланыштарды түшүнүү аларга жеткиликтүү болуп калат. Ушундан улам ортоңку топтогу педагог балдарды жандуу жана жансыз жаратылышы менен тааныштыруу боюнча жаңы милдеттерди чечет. Балдар предметтердеги мүнөздүү касиеттерди көргөнгө, предметтерди салыштырганга жана топтоштурганга, алгачкы элементардык жалпылоого үйрөнүшөт, айрым кубулуштардын ортосундагы жөнөкөй байланыштарды аныкташат.

Балдар күн сайын өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды кароо боюнча тапшырмаларды аткарышат, өсүмдүктөр өсүш үчүн нымдуулук, жарык жана жылуулук керектиги тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү алышат. Өсүмдүктөрдү өстүрүү боюнча алгачкы билгичтиктерге ээ болушат. Өсүмдүктөргө жана жаныбарларга байкоо жүргүзүү жана аларды кароо процессинде балдарда жаратылышка этият жана камкордук менен мамиле кылуу, сулуулук түшүнүгүн түшүнүү сезими тарбияланат.

Балдарды жаратылыш менен тааныштыруунун негизги усулу ***байкоо*** болуп кала берет. Ал күндөлүк жана максаттуу сейилдөөлөрдө ишке ашат. Ортоңку топто ***экскурсиялар*** өткөрүлөт. Аларды сезондук өзгөрүүлөр абдан ачык көрүнгөн кезде уюштурган жакшы. Байкоо учурунда калыптанган түшүнүктөрдүн көлөмү олуттуу түрдө кеңеет. Балдар айрым өсүмдүктөрдүн сырткы көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен таанышуусун улантышат, курамдык бөлүктөрүн, алардын ар бирине мүнөздүү белгилерин бөлүп көрсөтүшөт.

Байкоо жүргүзүүнү бир канча этапка бөлүүгө болот:

***Биринчи этапта*** байкоо жүргүзүүнүн башталышында педагог байкоо жүргүзүүнүн таанып-билүүчүлүк милдетин коет, ал көпчүлүк учурда практикалык ишмердик менен байланышта.

***Экинчи этапта*** педагог сырткы көрүнүштүн өзгөчөлүктөрүнө көңүлдү топтоого, балдардын зарыл байланыштарды жана мамилелерди аныктоосуна жардам берген түрдүү ыкмаларды колдонот. Балдарга карата суроолор кеңири колдонулат. Негизги

өзгөчөлүктөр тууралуу билимдерди тактоого багытталган суроолордон: «Ким бул? Бул эмне? Кандай түстө? Кандай формада?» дегендерден сырткары, балдардын объектилердин ортосундагы элементардык байланыштарды жана мамилелерди аныктоого багытталган издөө суроолорун да берүү зарыл. Байкоо жүргүзүүнүн натыйжаларын айтып берүү билгичтигинин балдарда калыптануусуна өзгөчө көңүл буруу керек. Бул максатта педагог балдардын кебин активдештирүү ыкмаларын ойлонуштурат. Айырмачылык жана окшоштук белгилери боюнча салыштыруу жана баланын жеке тажрыйбасын актуалдаштыруу ыкмасы колдонулат. Сабактын мазмуну менен байланышкан табышмактарды, ырларды, тамашалуу ырларды колдонуу, ошондой эле татаал эмес эмгек аракеттерин уюштуруу сунушталат.

***Үчүнчү этапта*** байкоонун аягында суроолордун жардамы менен байкоого алынган объект тууралуу түшүнүктөрдү балдар кандайча өздөштүргөнүн тактоо зарыл. Суроолорду балдарга кызыктуу болгондой жана алынган билимдерди жалпылоого алып келе тургандай берүү керек.

**Ортоңку топтогу жаратылыш бурчу.** Күн сайын жаратылыш бурчунда иш уланат, ал бүтүндөй жыл бою жаңы объектилер менен толукталып турат. Балдарда өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды кароо боюнча мурда алынган билгичтиктер жана көндүмдөр бекемделет, жаңылары калыптанат: предметтердин жана алардын бөлүктөрүнүн касиеттеринин жана сапаттарынын ар түрдүүлүгүн көрө билүү (форманын, түстүн, көлөмдүн, сырткы мүнөздөмөсүнүн ж. б. ар түрдүүлүгү).

Балдар салыштыруунун бир топ татаал ыкмаларына ээ болушат, предметтердин айырмачылыктарын жана окшоштуктарын аныктоого, предметтерди тигил же бул белгилери боюнча жалпылоого үйрөнүшөт. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө билимдер татаалдашат.

Балдар өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүктөрүн так айырмалашат, алар өсүш үчүн зарыл шарттар менен таанышышат. Балдар таанып, атын атаган өсүмдүктөрдүн саны артат.

Беш жаштагы бала жаныбарлар менен таанышып жатып, алардын сырткы кебетесинин өзгөчөлүгүн, түзүлүшүн, кыймылын, тамактануу ыкмасын белгилешет; алгачкы байланыштарды – кыймылынын мүнөзүнүн түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө көз карандылыгын аныкташат. Жаратылыш бурчундагыларды кароо процессинде (педагог менен бирге) балдар татаал эмес билгичтиктерге ээ болушат: өсүмдүктү кароо, аны туура сугаруу, жаныбарларды жууган жана тамак берген жерди тазалоо, тамак берүү. Өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды байкоо менен боюнун өскөнү ачык көрүнгөнүн белгилешет. Ортоңку топто программалык милдеттерди кеңейтүү жана татаалдаштыруу жаратылыш бурчун жаңылар менен толуктоону талап кылат. Бөлмө өсүмдүктөрү, алардын жалбырактары ар кандай формада жана өлчөмдө болушу керек. Мында балдар бөлмө өсүмдүктөрүн жалбырагынын чоңдугуна жана анын үстүңкү бетинин мүнөзүнө жараша кароону аныктоого үйрөнүшөт.

Бул курактагы балдар өсүмдүктөрдү таза кармоонун жаңы ыкмаларына ээ болушат: майда тешиктүү лейкадан куюшат же пульверизатор менен чачышат, нымдуу кыл калем менен жалбырактарды сүрүшөт, кургак кыл калем менен ылдый карап турган жалбырактарды ж. б. сүрүшөт. Жаратылыш бурчунда өсүмдүктөрдүн 5–6 түрү болушу мүмкүн.

Ортоңку топтун жаратылыш бурчу үчүн жаныбарлардын көрүнүшүнүн, кыймылынын, тамактануу өзгөчөлүгүн балдар белгилей ала тургандай болуп тандалат. Ортоңку топто аквариумда сырткы көрүнүшү айырмаланган эки түрдүү балыкты кармоого болот. *Мисалы*, алтын балыктын түрлөрү (вуалехвост жана телескоп) же жай өзөн карась жана кыймылдуу верхоплавка балыгы. Жаратылыш бурчунда канаттуулардан канарейканы, толкундуу тоту куштү кармаса болот. Бул топтогу жаратылыш бурчунда дайыма сүт эмүүчүлөр – деңиз чочкосу жана хомячок болушу мүмкүн.

**Жаратылыштагы эмгек.** Бул топто ***эмгек тапшырмалары*** кеңири колдонулат, аны аткарууга системалуу түрдө бардык балдар тартылат. Эмгекти уюштуруу формасы балдардын ден соолугунун абалын жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, балдардын алы жете тургандай жана ар түрдүү болот. Ошентип участокту тазалоого, өсүмдүктөрдү отургузууга бардык балдар катышат; башка иштерде балдар чакан топторго бөлүнүшөт же балдардын каалоосу боюнча жекече тапшырмаларды алышат. Биргелешкен эмгек балдарда берилген иш үчүн жоопкерчиликти жана жамааттык түшүнүктү тарбиялайт.

***Өсүмдүктөрдү сугаруу.*** Бул курактагы балдар өсүмдүктөргө өз алдынча суу куя алышат, бирок башында (жылдын башында) муну педагогдун жардамы менен аткаруу керек. Бул иште көзөмөл балдар кызыгып, бир эле өсүмдүккө кайра-кайра суу куя беришин кароодо эмес (муну балдар менен мындайча макулдашса болот, сугарылган өсүмдүктү тиешелүү түстөгү желекче менен белгилеп коюу керек), алар тапшырманы дароо туура аткара албаганында да болот. Аларда азырынча туура сугаруу критерийлери жок. Биринчи этапта суу горшоктун кырына жеткенге чейин же чоңдор койгон белгиге чейин куюу керек. Участокто жетиштүү сугаруу критерийи жакшы нымдалган кыртыш болот. Ориентирдин болушу балдардын ишин жана кызыккандыгын дагы да жандандырат.

***Кыртышты жумшартуу.*** Балдар жердин абалын аныктаганга жөндөмдүү: катып калганын же жумшартылганын сезүү менен гана эмес (манжаларынын учу менен кыртыштын үстүн басуу), карап көрүп да жумшак, катуу болуп турганын байкай алышат. Бул көндүмдү өздөштүргөнүнө жараша бала колунун кыймылын көзөмөлдөй баштайт. Балдар катар, шахматтык тартипте эгилген өсүмдүктөрдүн абалын айырмалашат, өсүмдүктөрдөн бош калган орундарды көрүшөт. Бул курактa балдарга бири биринен алыс жайгашкан ири өсүмдүктөрдүн топурагын бошотуп, жумшартууну тапшырууга болот.

***Отоо.*** Жогорку мектепке чейинки курактагы балдар маданий жана отоо чөптөрдү өтө жакшы айырмалай беришпейт, алардын аттарын билишпейт, анан да отоо чөптөрдү сууруп алуу ыкмаларын начар билишет, көпчүлүк учурда аларды чогуусу менен жулушат, анын натыйжасында отоо менен кошо маданий чөптөрдү да жулуп алышат. Ошондуктан чөптү отоого үйрөтүүнү тааныш өсүмдүктөрдүн (пияз, буурчак, фасоль) жөөгүндө өткөргөн жакшы болот. Чөптү үзүү ыкмаларын балдар бир топ жакшы өздөштүрүп калгандан кийин аларга тааныш эмес, бирок жөнөкөй түзүлүшкө ээ өсүмдүктөрдүн отоо чөптөрүн жулууну тапшырууга болот, алгач – кызылча, андан кийин бир топ татаалыраак, бул – сабиз.

***Жалбырактагы чаңды тазалоо.*** Бул курактa балдар жалбырактын үстүндөгү чаңды ным чүпүрөк менен сүртүп тазалоо ыкмасын өздөштүрүшөт. Алдын ала балдар өсүмдүктү карашат, колу менен сылап көрөт, чаң бар же жок экенин аныкташат. Чаңды тазалоо үчүн жалбырагы чоң өсүмдүктү тандашат жана ным чүпүрөк менен тазалоодо кантип жалбыракты туура кармоону көрсөтүшөт.

***Айдоо жана отургузуу.*** Ортоңку топто төө буурчакты, редисканы, сабизди, кызылчаны, пиязды, жоогазындарды, нарцисстерди өстүрүү сунушталат.

Түздөн түз байкоодон, оюндардан жана сабактардан сырткары, балдар менен иштөөдө ***картиналарды кароо*** татыктуу орун ээлейт. Бул өзүнчө өсүмдүктөр, жаныбарлар, ошондой эле токойдун, талаанын, дарыялардын картиналары, жыл мезгилинин живопистик картиналары болушу мүмкүн. Балдарды аңгемеге шыктандырган, билимдерди бекемдөөгө жана тактоого жардам берген картиналарды тандоо керек. Дарактар менен бадалдардын мөмөлөрүн чогултушат, алардан коллекцияларды жана гербарийлерди түзүшөт.

Ортоңку топто балдарды ***жаратылыштагы өзгөрүүлөр*** менен тааныштырышат. Байкоону айрым бир предметтердеги, кубулуштагы өзгөрүүлөргө жасаган жакшы

(өзгөрүүлөр 1–2 айда болгон жаратылыш объектилери, мисалы, редисканын, буурчактын өсүшү). Узакка байкоо жүргүзүү ортоңку курактагы балдар үчүн оор.

Беш жаштагы балдар ***байкоо күндөлүгүн жүргүзгөнгө үйрөнүшөт***. Күндөлүктү жазуунун формасы ар түрдүү болушу мүмкүн (гербарийлер, сүрөттөр). Күндөлүк кубулуштун жүрүшүн кайра калыбына келтиргенге жардам берет. Байкоо жүргүзүү процессинде, андан кийин гербарийлерди жана сүрөттөрдү түзүүдө, педагог балдарды салыштырууга алып келген суроолорду берет: «Кандай эле? Азыр кандай болуп калды? Бутон барбы? Жаңы эмне жаралды?» ж. б. Мында талкууга бардык балдар катышат.

**Оюндар.**

Оюндар айлана-чөйрө менен таанышуу боюнча сабактарында, экскурсияларда, сейилдөөлөрдө, балдардын түздөн-түз ишмердигинде өткөрүлөт.

***Дидактикалык оюндар*** сабактарда колдонулат, балдарга предметтердин сапатын өздөштүргөнгө, жаратылышты байкоо процессинде алынган түшүнүктөрдү тактоого жардам берет. Дидактикалык оюндарды акырындык менен татаалдаштыруу керек. Мисалы, предметтерди таанууну алгач сырткы көрүнүшү боюнча, андан кийин сыйпалаганга, андан ары сыпаттоого, аягында суроолорго жооп катарында берүүгө болот. Абдан татаалы – жалпы белгилери боюнча объектилерди бириктирүү жана суроолорго жооп боюнча предметтерди табуу болуп саналат.

Дидактикалык оюндар алынган билимдерди бекемдөөгө, тактоого жана системалаштырууга жардам берет.

***Жашылчалар жана жемиштер менен тааныштыруу үчүн оюндар:*** «Мен көрсөткөндү тапчы», «Мен айтканды тапчы», «Менин колумда эмне бар?», «Сыйкырдуу баштыкча», «Эмне жегенимди тапчы», жогорку мектепке чейинки куракта: «Вершоктор жана корешоктор», «Табышмак айт, биз табабыз», «Баштыкчада эмне бар, тапчы», «Бышты – бышкан жок», «Жесе болот – жесе болбойт», «Балдар бутакта», «Эмне мурда, эмне кийин?», «Үрөндөр дүкөнү», «Жашылча-жемиштер дүкөнү».

Ортоңку мектепке чейинки курактагы балдарды ***бөлмө өсүмдүктөрү менен тааныштыруу үчүн оюндар:*** «Эмне өзгөрдү?», «Ушундайды тап», «Өсүмдүктү сыпаттамасы боюнча тап», «Өсүмдүктү аты боюнча тап», «Эмне жок болду?», «Сыпатта, мен табам», «Мен атаганды тапкыла».

Ортоңку мектепке чейинки курактагы балдарды ***дарактар жана бадалдар менен тааныштыруу боюнча оюндар:*** «Мен көрсөткөндөй жалбыракты тап», «Букеттен ошондой жалбыракты тап», «Жалбыракты тап», «Өз үйүңдү тап», «Баары үйлөрүнө», «Ким биринчи кайыңды (эменди, карагайды) табат?», «Даракташыдай жалбыракты тап», «Сыпаттама боюнча даракты тап», «Мен айткан үйгө жүгүр».

Ортоңку топто бала сырткы кебетесин сыпаттоо боюнча предметтерди айырмалаганга үйрөтүү боюнча оюндар өткөрүлөт. Мындай оюнду уюштуруу менен педагог балдарга формасын, түсүн, көлөмүн, даамын, жытын сыпаттоо боюнча жалбыракты, гүлдү, сабизди, кызылчаны, картошканы ж. б. алып келүүнү тапшырат.

Ортоңку топто ойноо менен балдар предметтерди (жашылча, жемиш) сыйпалап, тактилдик сезимдерин өнүктүрүү аркылуу таанышат. Буларга «Тапчы, баштыкта эмне?», «Тапчы, колумда эмне?» тиешелүү болот.

Бул оюндардын биринчилери үчүн педагог алдын ала баштыкты даярдап, ага жашылчаларды же жемиштерди салат (картошка, пияз, кызылча, сабиз, бадыраң, алма, алмурут, лимон). Балдар кезеги менен баштыкка колун салып, предметти кармайт, аны сыйпалайт, атайт, андан кийин алып чыгып, бардык балдарга көрсөтөт. Андан ары оюнду баланын жашылчаны же жемишти, анын формасын, кайда өсөрүн, даамы кандай экенин сөзү менен сыпаттоо аркылуу татаалдатууга болот, ал эми балдар бул эмне болушу мүмкүн экендигин табышат.

### *Табигый жаратылыш материалы менен оюндар.*

***Табигый жаратылыш материалы менен оюндар*** жаратылыш жөнүндө конкреттүү түшүнүктөрдү калыптандыруунун абдан жеткиликтүү жана табигый ыкмасы болуп саналат. Педагог оюн аркылуу түрдүү жаратылыш материалынын касиети жана сапаты тууралуу таңуулабастан маалымдай алат, жаратылыштагы мыйзам ченемдүүлүктөргө, жансыз жаратылыш, жандуу жаратылыш объектилеринин түзүлүшүнө жана абалына кантип таасир этерине көңүлүн бурат. Оюн процессинде жансыз жаратылышты полисенсордук негизде иликтеп үйрөнүү сөз жана иллюстрация менен түшүндүрүүгө болбогон белгилер, сапаттар жана касиеттер менен таанышканга балага жардам берет. Мисалы, суу менен ойноп жатып, балдар суу абадан жыш экендигин, ошондуктан анда кыймыл абага караганда көп аракеттерди талап кыларын байкашат. Колдору менен абада жана сууда бирдей кыймыл жасап көрүп, балдар буга ынанышат.

Кум, суу, кар, таш, каштан, тобурчак, ракушка, түрдүү таякчалар менен ойнолуучу көптөгөн оюндарда балдар жаратылыш материалдарынын сапаттары жана касиеттери менен таанышышат, сезим тажрыйбаларын топтошот. Мисалы, балдар суу муздак жана жылуу болорун, куюларын, ага таш чөгөрүн, жеңил оюнчуктар, жыгач сүзөрүн, кургак кар куюларын, нымдуу кардан ийлеп жасоого болорун ж. б. билишет.

Жаратылыш материалы менен оюндардын жүрүшүндө педагог балдар менен маектешүү аркылуу аларга материалдын айрым касиеттерин өздөштүргөнгө жардам берет, мисалы: «Акыл кургак кум алды, ал куюлат» же «Ася нымдуу кумду салды, анда кооз пирог пайда болду».

Тегирмен, айланма сыяктуу оюнчуктар менен ойноп, балдар шамалдын, суунун аракети менен таанышышат, кийин физиканын жөнөкөй мыйзамдарын түшүнгөнгө жардам бере турган бир катар факторлорду өздөштүрүшөт (предметтердин сууда сүзүүсү, абадагы кыймыл ж. б.).

Жаратылыш материалы менен оюндарды уюштуруу үч этапта өткөрүү максатка ылайык: 1-этап – касиеттерди таанып билүүгө багытталган оюндар; 2-этап – жаратылыш материалдарынын абалын өзгөртүүгө багытталган оюндар; 3-этап – жаратылыш материалдарын конкреттүү балдар ишмердигинде пайдаланууга багытталган оюндар.

*Мисалы, суу менен оюн:* «Булут», «Сен, дарыя, алып кет», «Суудан тынч», «Стакандагы толкун», «Чоң жана кичинекей балык, кармалгын», «Чөгөт – чөкпөйт», «Суу бар эле, жок болду», «Кармап турганга аракет кыл», «Суу алдындагы падышалыктын сырлары», «Сүзүп келет – сүзүп келбейт»; *кар жана муз менен оюн:* «Карга печаттап жазуу», «Из менен жүрүү», «Изибиз менен сүрөт тартабыз»; *кум менен оюндар:* «Кумдан жамгыр», «Кум тоо», «Шамал кумга урууда», «Жамгыр жаап жатат», «Колдун издери», «Кумдагы оймолор», «Сыйлоо», «Сөөлжандын сырлары».

**Эксперименттерди уюштуруу жана өткөрүү методикасы.** Төрт-беш жаштагы балдар айлана-чөйрөнү изилдегенди абдан жакшы көрүшөт, ошондуктан бул куракта балдардын таанып-билүү кызыкчылыгын өстүрүү үчүн эксперименталдык ишмердикти колдонгон маанилүү.

Эксперименттерди уюштуруу методикасында бир нече төмөнкү этаптарды бөлүп көрсөтүү сунушталат:

- ➔ Көйгөйлүү кырдаалды аңдап түшүнүү жана таанып-билүү милдеттерин коюу.
- ➔ Көйгөйдү чечүү жолдорун издөө.
- ➔ Ишти аткаруу жана байкоо жүргүзүүнү өткөрүү.
- ➔ Натыйжаларды талкуулоо жана бүтүмдөрдү жазуу.

1. Көйгөйлүү кырдаалды аңдап түшүнүү жана таанып-билүү милдеттерин коюу. Эксперимент таанып-билүү милдеттерин чечүү ыкмасы катары колдонулат. Бул милдеттерди «эмне үчүн?», «эмнеликтен?» деген сыяктуу суроолорду такай берүү менен балдар өздөрү алып чыгышы мүмкүн. Мисалы, карды жебе деген чоң адамдардын тыюу салуусуна балдар минтип айтышат: «Эмнеге карды жегенге болбойт?». Кар таза эмес деп тастыктоо бекер: ал ушундай таза, жаркырап, кычырап турат… Бул көйгөйдү эксперимент аркылуу ишенимдүү чечүүгө болот. Ал үчүн карды таптап, анда пайда болгон киргилт сууну кароого болот. Нымдуулук үчүн бул сууну фильтрден өткөрүп, кийин кир сууну карап көрүүгө болот. Таанып-билүү милдетин балдардын алдына педагог коет. Бала бакчада эксперименттер байкалбастан эле бардык ишмердикке аралашып кетет жана алар менен бир бүтүндүктү түзөт. Мисалы, огородго үрөн себүүгө даярданып жатып, педагог балдардан сурайт: «Жерди кантип даярдоого болот? Сөзсүз эле аны казуу керекпи? Үрөндү казылбаган жерге отургузууга болобу?». Участокто ойноо менен, педагог балдардын көңүлүн төтө жолдо чөп өспөй тургандыгына бурат. Таякча менен чукуп көрүүгө аракет кылып, төтө жолдо жер катуу, ал эми катардагы жер – борпоң экенине ынанышат. Балдарды мындай жыйынтыкка алып келет: мындай кыртышты күчтүү адам каза албагандан кийин, демек, алсыз өсүмдүктүн ал аркылуу өсүп чыгышы кыйынга турат. Кээде көйгөй кырдаал биргелешип аныкталышы мүмкүн. Мисалы, «Аяз Иванович» жомогун окугандан кийин педагог «Эмне үчүн Маша чөптү аяды да, ал эми аяз Иванович кытмыр күлүп, минтип айтты: Кардын алдында чөпкө суук эмес? Эмне үчүн ал ушинтип айтты? Ал эми Машанын колдору кардан тоңуп селейип калбадыбы? Деги кардын алдында суукпу же жылуубу?». Балдар көйгөйлүү кырдаалга аралашат: «Аяз Иванович чөптү кар менен жаап жатат, ал эми Машанын колдору тоңуп калды?». Акырындык менен таң калуу кызыгууга, ал таанып-билүү кызыкчылыгына өтөт. Мына ушул жерде балдардан сураса болот: «Биз кантип билебиз, кардын алдында суукпу же жылуубу?».
2. Бул экспериментти өткөрүүнүн экинчи этабы болот – көйгөйдү чечүү жолдорун издөө. Турмуштук кырдаалдарды талдоонун жана педагогдун жетекчилиги менен таанып-билүү милдеттерин аңдап сезүүнүн натыйжасында көйгөйдү чечүүнүн болжолдуу ыкмалары тууралуу божомол менен алынып чыгат. Балдар айткан сүйлөмдөр көп учурда карама-каршылыктуу жана аткарууга мүмкүн эмес болот. Мисалы, бала сунуштайт: «Мени карга көмүп койгула, мен ал жерде отуруп, анан ал жерде жылуу же суук экенин айтам». Бардык ыкмалардын ичинен эң туура келгени (аны педагог сунушташы да мүмкүн) же абдан карама-каршылыктуусу тандалышы мүмкүн. Кээде эксперименттин методикасына атайын ката кетирүү мүмкүнчүлүгүн киргизүү максатка ылайык. Мисалы, балдарды өздөрүнүн жөөктөрүн сугарууга мажбурлабай, алар каалагандай иштегенге уруксат берүү керек. Эки башка кароодогу өсүмдүктөрдүн айырмасы билингенде, педагог балдар менен эмне үчүн айрым өсүмдүктөр жакшы өсүп, калгандары жаман өсөрүн талкуулайт. Себебин талдап, балдар жыйынтыкка келишет, бул кароонун сапатына жараша болот, андан ары өсүмдүктүн өсүшү үчүн кандай шарттар керектигин аныкташат.
3. Ишти аткаруу жана байкоо жүргүзүүнү өткөрүү. Эксперимент өткөрүүнүн методикалык талаптарынын бири балдардын жогорку активдүүлүгүн уюштуруу болуп саналат. Бирок кээде педагогго мындай милдетти чечүүгө туура келет: курагына байланыштуу керектүү көндүмдөр калыптанбаган балдар өз алдынча иштеп жатканын сезгендей кылуу үчүн эмне кылууга болот? Мектепке чейинки тарбиялоо, билим берүү системасы көптөгөн мындай ыкмаларды топтоду: балдардын колу менен иштөө; бир жол-жобону ар башка балага тапшыруу үчүн бир канча майда аракеттерге бөлүү; бала менен педагогдун биргелешкен иши; педагогдун балдарга жардамы; балдардын көрсөтмөсү менен педагогдун иштөөсү; иште педагогдун так эместикке жол берүүсү.

4. Натыйжаларды талкуулоо жана бүтүмдөрдү жазуу. Бул этаптын өзгөчөлүгү мында, өз аракеттерин сөз менен айтып коштоого балдарда муктаждык болгонуна карабастан, мектепке чейинки балдарда сөз азырынча сигналдын сигналы болуп кала элек (И. П. Павлов). Балдар азырынча образ менен ой жүгүртүшөт, ошондуктан көп учурда жакшы эле түшүнгөнүн да сөз менен бере албай калышы мүмкүн. Мисалы, магнит менен таанышып жатып, алар суусу бар стакандагы скрепканы кантип алып чыгууну тез ойлонушат, бирок, магниттин тиешелүү касиеттерин сөз менен сыпаттоодо кыйынчылыкка кабылышы толук мүмкүн. Максатты коюудан баш тарта албагандай эле бүтүмдөрдү айтуудан баш тартууга болбойт, анткени бул экспериментти таанып-билүү баалуулугунан ажыратат. Балдар мажбурланбаган түрдө ачылыш кубанычын педагог менен бөлүшкөндөй кылган баарынан жакшы, аны үчүн бардык балдардын айткандарын угуу, ой жүгүртүүгө багытталган кошумча суроолорду берүү, сөздү тандоодо жана сүйлөм курууда балдарга такай жардам берүү, балдар жаңылып калса, натыйжаларды өз алдынча айтып жибергенге шашпоо, балдар туура эмес же жеткиликтүү так эмес бүтүмгө келсе, жаралган карама-каршылыкты аңдаганга жардам берүү керек. Буга кошумча байкоо жүргүзүү, тажрыйбалар же «эвристикалык» ой жүгүртүүлөр жардам берет. Балдар тигил же бул кубулуштун маанисин түшүнүүдө туура жыйынтыкка келүү үчүн байкоого алынган жаратылыш кубулушунун себептери тууралуу ар бир туура эмес болжолдоо талкууланышы керек.

Ортоңку мектепке чейинки курактагы балдарды жаратылыш менен тааныштыруу экологиялык маданиятты тарбиялоонун маанилүү каражаты болуп саналат. Жаратылышты билбей, аны сүйбөй адам жашай албайт. Экологиялык тарбиялоонун негиздерин эрте жаштан берген маанилүү, анткени инсандын негизги белгилери мектепке чейинки куракта негизделет. Түрдүү формаларды, усулдарды жана ыкмаларды төрт-беш жаштагы балдар менен иштөөдө колдонгон, аны ата-энелер жана педагогдор менен тыгыз кызматташтыкта өткөргөн абдан маанилүү. Жаратылыш менен таанышууну балдар үчүн кызыктуу, чыгармачыл, таанып-билүүчүлүк кылуу менен, практикалык сабактарды көбүрөөк колдонуу керек. Ошондо жаратылыш менен таанышуу аркылуу биз планетабыздын сезимтал, ак көңүл, байкагыч, камкор тургундарын тарбиялайбыз.

## Жогорку топ (алты жаш)

**Айлана-чөйрө менен тааныштыруу – жогорку мектепке чейинки курактагы балдардын психикасын өстүрүүнүн жана инсандык сапаттарын калыптандыруунун зарыл шарты.** Айлана-чөйрө менен тааныштыруунун мазмуну жогорку топтогу мектепке чейинки билим берүүнүн этномаданий таандык болуу принцибин ишке ашырат. Бала кичинекейинен өз өлкөсүнүн маданиятынын негиздерине тартылышы зарыл.

- Программалык мазмунду ишке ашыруу менен, педагог балдардын кругозорун предметтер, адамдар, алардын эмгеги, өзү тууралуу билимдер менен байытышы зарыл. Бул милдетти чечүү балдардын акыл-эс жөндөмдүүлүгүн жана кебин өстүрүүгө алып келиши керек. Айлана-чөйрөнү таанып-билүү балдардын сезимдерин тарбиялоо менен байланышканда толук кандуу болот: сүйүү, кошо жан тартуу, адамдарга ак ниет мамиле, адамдарды, эмгекти урматтоо, Мекенин, аймагын, элин сүйүү, жаратылышына аяр мамиле кылуу.

Айлана-чөйрө менен таанышуу процессинде **балдардын кеби өсөт:** алар предметтердин өздөрүн, аттарын, алардын касиеттерин билишет; алар ойлорун айтканга, сураганга, суроолорго жооп бергенге, көргөндөрү тууралуу айтканга үйрөнүшөт. Айлана-чөйрө менен таанышуу милдетин чечүү үчүн байкоо жүргүзүү, сейилдөөлөр жана экскурсиялар абдан маанилүү. Алар алгачкы билимдерди жана таасирлерди алуунун натыйжалуу каражаты болуп саналат. Балдар алган билимдер максаттуу иликтеп

үйрөнүү, элементардык тажрыйбалар процессинде оюндардын, көнүгүүлөрдүн жана чыгармачыл билимдердин жардамы менен бекемделет, такталат жана жалпыланат. Айлана-чөйрө тууралуу билимдердин маанилүү булагы болуп педагогдун аңгемелери, картиналар, китептер, диафильмдер жана видеофильмдер кызмат кылат. Баланы толук кандуу өнүктүрүү жана алардын билимдерди өздөштүрүүсү каражаттардын толук комплекси менен камсыз болот.

Мектепке чейинки балдарды айлана-чөйрө менен тааныштыруунун түздөн түз (байкоо, экскурсия, предметтерди кароо) жана кыйыр (аңгеме, китеп, картина, видео) усулдарын айкалыштыруу зарыл. ***Бирок айлана-чөйрө тууралуу билимдердин негизги булагы – чоң адамдар уюштурган жана багыттаган түздөн түз байкоо жүргүзүү, баланын өзүнүн практикалык тажрыйбасы экенин баса белгилөө керек.***

## Предметтик чөйрө менен тааныштыруу.

Уюшулган окуу ишмердиги процессинде, дидактикалык оюндарда жана көнүгүүлөрдө, балдар менен баарлашуу процессинде педагог аларга предметтер тууралуу конкреттүү билимдерди бериши, алардын сөздүгүн так аталыштар менен байытышы, балдардын кебин өстүрүүсү керек.

Бала материалдык маданияттын предметтеринде эркин ориентир алып, аларды багыты боюнча туура пайдалануусу жана аларды баалоосу керек, алар баланы күндөлүк турмушта – үйүндө, көчөдө курчап турат.

Таанып-билүүнү уюштуруу менен балдарга **предметтердин өзгөчөлүктөрүн ачып берүү, байкагычтыгын өстүрүү, балага жеткиликтүү айлана-чөйрөдөгү объектилерге изилдөө мамилесин колдонуу маанилүү.**

Предметтерди алардын өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле бул предметтер жасалган материалдардын сапаттарын жана касиеттерин аныктоо үчүн кароодо иликтеп үйрөнүү аракеттеринин системасын (сылап-сыйпоо, колу менен басып көрүү, жыттоо, даамдап көрүү ж. б.) колдонуу сунушталат.

Түрдүү предметтерди (китеп жана журнал, сумка жана портфель) салыштыруу, предметтер менен материалдардын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын бөлүп көрсөтүү жана салыштыруу, салыштыруунун натыйжаларын жалпылоо керек.

Балдарды **түстөрдү атоого жана айырмалоого, предметтин негизги түсүн жана анын бөлүктөрүнүн түсүн аныктай алууга системалуу түрдө көнүктүрүү керек** («мышык ак, ал эми тамандары кара»). Түс кошумча маалыматты бериши мүмкүн экендигин айтуу керек – сигнал (светофор) катары кызмат кылат; түстүн жардамы менен предметке майрамдык маанай, коздук берүүгө болот. Медицинада (шапка, халат, врачтын кабинетиндеги эмереги) ак түс тазалыкты баса белгилейт. Өрт өчүргүч машинанын ачык кызыл түсү сигнализация менен айкалышып, ага жол берүү керек дегенди эскертет – ал жардамга шашып баратат. Дүкөндөрдүн витриналарындагы буюмдар түсү боюнча айкалышып, көздү кубантат, сатып алуучулардын көңүлүн бурат.

Балдарды түстөрдүн оттеноктору (ачык-жашыл, кочкул-кызыл, кызгылт, сирень түрүндө), түстөрдү спектрде жайгаштыруу зарыл. Балдарды айланадагы предметтердин түсүн айырмалаганга, предметтерди түсү боюнча топтоштура билүүгө үйрөтүү, түстүн сигналдык ролу түшүнүктөрүн тактоо зарыл. Балдар бардык негизги түстөрдү (ар биринин үч-беш оттеногун), кара, ак түстү билиши кажет.

Дидактикалык оюндарды жана көнүгүүлөрдү колдонуу максатка ылайык келет, мисалы, «Предметтин түсүн тактайбыз», «Чайнекке чыныларды танда», «Кур жоголду», «Жаркын хоровод», «Букет жаса», «Түсү боюнча танда», «Түстүн предметтерин ата», «Түстү ата», «Күн желе», «Түс – жети түс» ж. б.

**Балдарды убакытта жана мейкиндикте ориентир алганга үйрөтөт. Бала сөз менен тигил же бул предметтин өзүнө, башкаларга карата абалын аныктаганга үйрөнөт, мейкиндикте ориентир алуу билгичтигин өнүктүрөт, басуу, чуркоо учурунда оюнда кыймылынын багытын өзгөртөт.** Мейкиндик абалдарын кабыл алуу жана түшүнүү үчүн түрдүү оюндарды пайдалануу, сөздөрдү бекемдөө («Ким кайда турат?» ж. б.) керек. Алар аркылуу мурда өздөштүрүлгөн мейкиндик мамилелери жөнүндөгү билимдер бекемделет жана аларды сөз менен аныктоо, өз ишмердигинде эске алуу (алдында, артында, үстүндө, оң жагында, сол жагында, ортосунда, арасында, капталында, четинде, каршысында, катар, айланта, жанында, бир катарда, өзүндө ж. б.) жөндөмү өнүгөт.

Беш жашында балдар **сутка ичиндеги убакыттык бөлүктү айырмалаганга жана аларды так сөздөр менен бергенге үйрөнүшөт: эрте менен, күн, кеч, түн; убакыт мамилелерине жана сөздөр-түшүнүктөргө ээ болот: бүгүн, кечээ, эртең.** Алар жуманын узактыгын жана жумадагы күндөрдүн, жыл мезгилдеринин ыраатын, алардын негизги белгилерин, ар бир жыл мезгилиндеги айларды, жыл ичиндеги айлардын ыраатын билиши керек.

- Педагог балдарды тигил же бул сабакка, оюнга, сейилге жумшалган убакыттын узактыгын аныктоо менен тааныштырышы керек. Убакытка ориентир алууга карата көптөгөн атайын дидактикалык оюндар бар. Аларга «Ким оюнчуктарды бат чогултат?», «Ким биринчи чуркап жетип, желекчени алып келет?», «Ким күндөрдү, жумаларды айларды туура ирээти менен атайт?» сыяктуу оюндар тиешелүү болот.

Уюшулган билим берүү ишмердигинин мазмунуна буюмдар жасалган материалдар (кагаз, картон, айнек, металл, резина, тери, кездеме, пластмасса ж. б.); предметтерге жана материалдарга тиешелүү касиеттер (түстөрдүн жана оттеноктордун, жыттардын, даам сапаттарынын ар түрдүүлүгү; жумшактык/катуулук, тунуктук/тунук эместик, жылмалык/шуудурагандык, жеңилдик/оордук ж. б.) тууралуу балдардын билимдерин байытуу; предметтин түзүлүшү менен аны даярдоо үчүн материалды тандоо, анын багытына жараша болору тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү кирет.

- Балдар таанышкан ар бир предмет жалпысынан бүтүн катары, касиеттеринин ар түрдүүлүгү менен ачылышы керек. Педагог алардын арасынан предметтин негизги багыты (анын кызматы, турмуштагы ролу) байланыштуу болгон негизгини бөлүп алганга жардам берет.

Айланадагы буюмдар жасалган предметтер менен материалдардын касиеттерин аныктоого жана атоого балдарды көнүктүрүү зарыл.

Балдар предметтерди салыштырганга, алардын негизги белгилерин бөлүп көрсөткөнгө, материалы, сапаты, багыты боюнча топтоштурганга үйрөнүшөт. Балдар көп пайдаланган предметтин багыты менен алардын түзүлүшүнүн, ошондой эле ал жасалган материалдын ортосундагы байланыш аныкталат (мисалы: капюшон суу өтпөгөн материалдан, ал башты суу болуудан коргойт; манжеттер шамалдын жеңди үйлөшүнө тоскоол болот). Ишмердик үчүн (оюн, эмгек, көркөм өнөр) эмнеге тигил же бул предметти же материалды алуу (тандоо) керектигин түшүндүрүү керек (кайык сууда көпкө сүзүү үчүн аны тыгыз кагаздан жасоо керек). Сабактардын натыйжалары көбүнчө салыштыруу үчүн предметтерди тандоодон көз каранды болот. Салыштырыла турган сапаттар предметтерден ачык көрүнүшү керек, ал эми көрсөтмө материалды ар бир бала иликтеп үйрөнө турган санда даярдоо зарыл.

**Иликтеп үйрөнүүнүн түрдүү ыкмаларын пайдалануу менен (практикалык аракеттер: предметти басуу, аны ийүү, тартуу, ченөө ж. б.; тааныш менен салыштыруу; сынак эксперименттер; чоң адамдарга суроолор ж. б.), балдар түрдүү анализаторлордун жардамы менен (даам, көрүү, тактилдик, угуу) предметтердин касиеттерин аныкташат, предметтерди түсү, формасы, көлөмү боюнча салыштырышат, буюм**

**жасалган материалды аныкташат. Айрым тиричилик багытындагы предметтер жасалган материалдардын (жыгач, металл, кездеме, кагаз) өзгөчөлүктөрү менен балдарды таанып-билүү ишмердиги процессинде тааныштырууга болот, анын натыйжасында балдар изилдеп үйрөнүүнүн түрдүү ыкмаларына үйрөнүшөт, материалдар менен предметтердин касиеттери жана сапаттары тууралуу толук маалыматты алышат, өздөрүнүн сөз байлыгын кеңейтишет.**

**Таанып билүү ишмердиги** бир материалдын касиети менен таанышууга арналышы (мисалы, кагаз же кездеме) же эки материалды салыштырууга карата курулушу (жыгач-металл) мүмкүн. Педагог материал менен аракет кылууну сунуштайт: ийүү, бүктөө, айруу, тешүү, бурап кайруу ж. б. Мында объектини иликтөө боюнча балдардын аракеттерин уюштуруу менен, жаңы сөз жана анын сезимдик негизи бала үчүн биримдикте болушуна жетишүү керек (көрүү, атоо, кол менен кармап көрүү, даамдап көрүү ж. б.). Жаңы сөздү түрдүү кептик контексте пайдалануу үчүн мүмкүнчүлүк каралат.

*Мисалы:* «Пластинка кандай? (металл). Менин колумда кашык. Ал кандай…? (металл). Жыгачтан жасалган буюмдар (металл)… буюмдарга караганда жеңил».

Таанып-билүү ишмердиги процессинде педагог кездемелердин үлгүлөрүн карап көрүүнү сунуштайт, ар бирин атайт жана сенсомотордук, тактилдик иликтөөнү өткөрүүнү уюштурат. Анын негизинде педагогдун жетекчилиги менен балдар тигил же бул кездеменин 2–3 сапатын жана багытын аныктайт. Чийбаркут – калың, жумшак кездеме, ал тегиз эмес, сызыктары менен; андан балдар костюмдарын тигишет. Чыт – жука кездеме, жеңил; чыттан жайкы көйнөктөрдү тигишет. Сатин – тыгыз, бирок чытка караганда жука материал, бир жагынан жылтырак ткань; андан көйнөктөрдү, костюмчиктерди тигишет. Штапель – тыгыз, жибек ткань; андан жайкы көйнөктөрдү тигишет. Алынган билимдер «Материалдар дүкөнү» дидактикалык оюнунда бекемделет. Сатып алуучу материалды атайт, көрсөтөт, анын сапатын, багытын айтат. Дүкөндө сапаты балдарга белгисиз материалдар болушу мүмкүн. Анда педагог сатуучунун ролунда негизги сапаттарды атайт жана негизги сапаттарын көрсөтөт: мисалы, жүн кездеме (шерсть) – жука, жылуу, кооз, күңүрт материал, жибек – жука, жалтырак материал, капрон – жука, тунук материал.

Билимди колдонууга балдарды көнүктүрүү үчүн материалдардын комплектилерин топтоо, татаалдык деңгээли боюнча милдеттерди ойлонуштуруу керек: ткандарды жубу менен же башка белгиси боюнча коюу (түсү, сүрөтү, тыгыздыгы ж. б.); түсү бирдейлерин, бирок сапаты ар башкасын тандоо; түстүн оттеногу боюнча материалдарды тандоо; материалды сылап көрүп таануу жана үлгүгө салыштыруу; материалдарды багыты боюнча бөлүштүрүү: пальто, көйнөк, ич көйнөк ж. б. үчүн.

Балдарды металл, айнек, пластика ж. б. материал менен тааныштырууда сенсордук талдоону күчөтүү жана түрдүү материалдан жасалган предметтерди жана бирдей материалдан жасалган түрдүү предметтерди таанып-билүү жана салыштыруу ыкмаларын колдонуу зарыл. Мисалы, педагог балдарды жыгачтан жана металлдан жасалган буюмдарды салыштырууга үйрөтөт. Металл буюмдарды сенсордук талдоо жана иликтеп үйрөнүү балдар предметти басканда анын катуулугун, кол менен салмактап көргөндө оордугун, предметти урганда анын үн чыгаруусун, муздатканда суукту сезүүсүн, ысытканда жылуулукту сезүүсүнө багытталган.

Педагог балдарды курчап турган чөйрөдө окутуусу зарыл, балдар металл предметтерди турмуштан көрсүн, аларды даярдоонун, колдонуунун максатка ылайыктуулугун түшүнсүн. Балдарды бул предметтин материалын аныктаганга үйрөтүү гана эмес, анын сапаттары жана касиеттери менен тааныштыруу да маанилүү. Бала бул билимге абстракциялуу ойлонгондо, конкреттүү предметтин касиетин бөлүп көрсөтө алганда, бул касиетти салыштыруу ченеми катары пайдаланып, аны башка көптөгөн предметтерден көрө алганда гана ээ болот. Ошондуктан конкреттүү

билимди өздөштүрүү боюнча балдарды жаңы тепкичке которуу – **жалпылоо керек**. Буга бирдей материалдан ар түрдүү предметтердин тобу жана ар түрдүү материалдан бирдей предметтердин тобу менен балдардын ишмердигин уюштурууга түрткү берет. Мындай оюндар жана көнүгүүлөр предметтердин сапатын жана касиеттерин айырмалоого жардам берет. Материалдарды айырмалай билүү материалдарды предметтерден айырмалай алууга шарт түзөт – анын касиеттерин жалпылоого, ар түрдүү предметтердин материалдарын таанууну өнүктүрөт, аны өз алдынча ишмердик үчүн аң-сезимдүү түрдө тандай алат.

**Балдарды предметтерди тигил же бул белгиси боюнча топтоштурууга же бөлүштүрүүгө, функционалдык дайындалышы боюнча салыштырууга үйрөтүшөт.** Мында педагог ар түрдүү тапшырмаларды карап чыгуусу, узундугу, формасы, түсү, материалы боюнча салыштырылган объектилерди, тапшырмалардын ар түрдүүлүгүн карап чыгуусу керек. Жылдын аягында балдар айырмалоочу белгилерин эске алып, предметтерди жубу менен кое билиши керек («эки предмет тең кызыл», «эки буюм тең жыгачтан»); негизги белгиси боюнча предметтерди салыштыруу тапшырмасы каралышы керек.

Балдар «оюнчук», «тамак-аш», «бут кийим», «идиштер» жана башкалардай туугандык жалпылоолордун негизинде жаткан маңыздуу белгилерди билүүлөрү керек. Объектилерди топтоштуруу жана бөлүштүрүү кептик, таанып-билүүчүлүк, балдардын өз алдынча ишмердигинде (аңгемелешүүнүн болжолдуу темасы: «Биздин айланабыздагы буюмдар», «Идиш-аяктар, көйнөктөр, костюмдар эмнеден жасалат?», «Биздин жардамчылар») дайыма жүргүзүлөт.

Бул куракта балдар курчап турган предметтер жана көрүнүштөр жөнүндө кеңири билим алышат. Мисалы, ар түрдүү дайындалыштагы идиш-аяктарды карап, алар менен эксперимент жүргүзүп, кандай идишке, эмне жасаса болорун сунушташат (төгүү, куюу, бир нерсе коюу). Педагог кийимдерди, оюнчуктарды, китептерди жасоодо кеткен эмгек жөнүндө жана аларды кантип максаттуу колдонуу керектиги жөнүндө айтат.

- Бул учурда даяр кеңештерди берүүгө шашпаш керек, бар билимдердин негизинде коюлган милдеттерди чечүүгө жолдорду издөөгө, өз алдынча жыйынтык чыгарууга, алардын акыл эмгегин активдештирүүгө балдарга түрткү бериш керек: суроо коюп, байкоону, салыштырууну, ойлонууну сунуштоону уюштуруу.

«Ким (эмне) ашыкча (ашыкчараак)?», «Окшошпу – же окшош эмеспи?» деген сыяктуу көнүгүүлөрдү бат-бат пландаштырып туруу керек. Ал процессте педагог тарбиялануучуларды кыймыл-аракеттин үнөмдөө жолун (бардык предметтерге көз чаптырып, алардын көпчүлүгүн бир сөз менен кантип атаса болорун аныктоо, бул группага кирбеген объектини – ашыкчаны, ою менен бөлүүгө) үйрөтөт. «Бул предметтин ашыкча экенин, сен кантип билдиң?» жана «Тапшырманы аткарууда, сен кантип иштедиң, түшүндүр» деген балдарды ойлонууга, анализ жасоого түртө турган суроолорду пайдалануу зарыл.

Жогорку мектепке чейинки балдар тиешелүү билимдердин запасына гана эмес, интеллектуалдык процесстердин тиешелүү өнүгүү деңгээлине да ээ болуусу зарыл: бөлүп көрсөтүү, салыштыруу, бүтүм жасоо. Айлана-чөйрө менен таанышуу процессинде төмөнкү оюндардын тобун пайдаланууну сунуштайбыз:

- предметтер менен кубулуштардын негизги мүнөздүү белгилерин бөлүп көрсөтүү, салыштыруу, карама-каршы коюу билгичтигин калыптандыруучу оюндар. Алар («Тапчы кана», «Дүкөн», «Радио», «Ооба – жок», «Окшош – окшош эмес», «Эмне болгон чымчык?» ж. б.) оюн-тапшырмалары сыяктуу өткөрүлөт;
- предметтерди тиешелүү белгилери боюнча топтоо, жалпылоо билгичтиктерин өнүктүрүүчү оюндар («Үч предметти ата», «Керек – керек эмес», «Кимге эмне керек?», «Эгерде мындай болсочу…», «Мерген» ж. б.);

- ➔ чыныгы кубулуштарды чыныгы эместен айырмалоо, алогизмди (логиканын жоктугун) байкоо, туура жыйынтык жасоо, юморду түшүнүү билгичтигин талап кылган оюндар («Ким калпты көп байкайт жана түшүндүрөт?», «Калпты өзүң ойлоп тап», «Майрамдык оюнду (перевертыши) ойлоп тап», «Болот – болбойт»);
- ➔ өзүн башкарууну тарбиялоочу, көңүл бурууну, ойлоп тапкычтыкты өнүктүрүүчү оюндар («Хан-вазир (Фанты)», «Үй-бүлө», «Тескерисинен», «Жаңырык» ж. б.).

**Чоң адамдардын эмгеги менен тааныштыруу.** Жогорку топтогу балдарда бала бакчадагы жумушчулардын эмгеги жөнүндө түшүнүк калыптана баштайт (директор, педагог, тарбиячынын жардамчысы, ашпозчу, короо шыпыргыч, врач, медайым, айдоочу), өндүрүштөгүлөр (шахтер, металлург, тикмечи, модельер, менеджер), курулучулук кесиптер (маляр-дизайнер, жыгач уста, куруучу, менеджер ж. б.), айыл чарба кесиптери (фермер, тракторист, комбайнер, жашылчачы, чабан, малчы, машина менен саай турган оператор ж. б.).

- Педагогдун негизги милдети – балдарды конкреттүү эмгек процесси менен тааныштыруу (идиш жуумай, винегретти даярдоо ж. б.), алар жумуштун натыйжасын көрүүгө жана элдердин муктаждыгын канааттандырууга жана эмгектин натыйжасына жетишүүдө жардам берет; эмгек процессинин компоненттерин (иштин максатын жана мотивин, эмгектин предметин, инструменттер жана жабдуулар, иш аракеттер, натыйжа) көрсөтөт. Улуулардын эмгегине байкоо жүргүзүү – эмгек процессинин бардык компоненттерин эске алып каралат.

*Мисалы*, ашпозчунун эмгегине байкоо жүргүзүп жаткан мезгилде ашпозчуга тамак даярдоо үчүн тиешелүү азыктар, жабдуулар жана инструменттер керектелет. Атайын бир кесипке ишмердикти байланыштырып, эмгек процессин жалпылоо керек, тиешелүү сөздөрдү пайдаланып, суроолорго жооп берүүнү үйрөтүү: «Сен бул ашпозчу, врач экенин кантип билдиң?». «Тааны жана ата» деген дидактикалык оюнда, «Иштеш үчүн кимге эмне керек?» кыймыл-аракеттерди жана инструменттерди көрүп, балдар көнүгүшөт. Ашпозчунун, врачтын эмгектери менен максаттуу тааныштырып жатып, экскурсия учурунда аңгемелешүү, көркөм адабий китептерди окуп берүү, дидактикалык оюндарды уюштурса болот. Ар башка кесиптеги адамдардын кесиптери менен тааныштырып жатып, балдарды алардын өздөрү менен тааныштыруу зарыл. Алар кантип иштешерин балдарга көрсөтүп жана айтып берүүлөрү керек; педагог ар бир кишинин эмгеги кандай пайда алып келерин айтат. Эмгекти түздөн-түз байкоону көркөм адабиятты окуу менен балдар өздөрү көрө албаса, иллюстрациялык материалдарды пайдалануу менен (картиналар, фотографиялар, слайддар, видеофильмдер) айкалыштырыш керек. Эмоционалдык аракеттерди күчөтүш үчүн экскурсиянын алдында ошол кесип жөнүндө ырларды же аңгемеден үзүндүнү, табышмак айтып берүү керек.

«Тааны жана атын ата», «Чаташканды чыгар», «Сен жашаган үй» ж. б. дидактикалык оюндар кеңири колдонулат. Балдар кесип деген эмне экенин билишет, көптөгөн кесиптерди атоону үйрөнүшөт, эмгек аракеттери деген эмне жана аларды атай алышат. Балдар кесиптер жөнүндө системалуу түшүнүк алышат: анын аталышы, жумуш орду жана эмгек куралдары, эмгек аракеттери жана алардын ырааттуулугу, натыйжасы жана эмгектин пайдасы. Оюн тапшырмаларынын негизинде дидактикалык оюндар: «Ким билет, улуулар ким болуп, кантип иштешет?», «Иштегенде кимге эмне керек болот?», «Тикмечинин иши жөнүндө Билбескыз туура айттыбы», «Ателье», «Ким маанилүү?», «Ким болом?» ж. б.

Ар түрдүү эмгек жөнүндө конкреттүү түшүнүк алуу үчүн топтолуп калган конкреттүү түшүнүктөрдүн негизинде, ***өндүрүштөгү иштеген кишилердин эмгеги менен таанышуу***.

Ар башка кесиптер менен тааныштырууну тарбиялануучулардын ата-энелери иштеген ишканалардан же шаарда/айылда кеңири белгилүү болгон ишканадан башташ керек. Сабакка өзүнүн кесиби, андагы жабдуулар, өндүрүлгөн продукциялар, кантип бат жана сапаттуу иштесе болору жөнүндө балдардын энелери же аталары айтып берсе максатка ылайыктуу болот.

Ар түрдүү көрсөтмө куралдардын жардамы менен балдар жумушчулар шахтада, заводдордо, фабрикаларда, көмүр казып, машина, эмерек, тамак-аш, кийимдерди даярдап иштерин түшүнүшөт. Кийим тигүүчүлөр жана курулушта иштеген кишилердин эмгектери менен кененирээк тааныштырылат. Ательеде кийимдерди даярдоодо алардын эмгеги менен таанышуу, айтылган өндүрүш жөнүндө түшүнүк алуудан башталат (кантип аталат, ким иштейт, кандай продукция чыгарат ж. б.), иштин негизги участкаларын, ар башка кесиптеги элдердин эмгегинин жамааттык мүнөзүн көрсөтөт

Балдарга модельерлер кийимдердин ар түрдүү фасонун ойлоп табышарын, бычмачылар материалдарды бычаарын, тигүүчүлөр кийимдерди тигүү машиналарында тигерин, механиктер тигүү машиналарынын бузулбай иштеп жатканын көзөмөлдөп турушарын, үтүктөгөндөр даяр болгон кийимдерди үтүктөрүн балдарга айтышат. Андан кийин даяр болгон кийимдерди дүкөнгө же заказ берген кишиге жөнөтүшөт. Кийинки сабакта балдарды тигүүчүнүн эмгеги менен, мисалы, ательеси же жеке ишканасы менен тааныштырат. Тигүүчү – кесиптин аты; тигүүчүлөр фабрикада, ательеде, ишканада (жумуш орду) иштешет; алар кийим тигишет (иштин максаты). Иштеш үчүн аларга жиптер, ийнелер, тигүүчү машиналар, кайчылар, бычылган материалдар, топчулар жана башка материалдар керектелет. Тигүүчүлөр мындай ырааттуулукта иштешет: алгач кийимдердин деталдарын көктөп тигип алышат, андан кийин баарын машинада тигишет, даяр болгон көйнөккө, пальтого топчу тигишет. Тигүүчү кийимди тыкан, жакшынакай тиккенге аракет кылат. Экскурсияда, сүрөттөрдү кароо процессинде, дидактикалык оюн түрүндө: «Тигүүчүгө (чеберге) тигүү үчүн эмне керектелет?», «Эмне жок болсо, көйнөк тигилбейт?», «Ателье» ж. б. ушундай тигүүчүнүн иштери жөнүндө билимдер менен бышыкталат. Ошону менен бирге бычмачылардын, үтүкчүлөрдүн, тигүүчү машина боюнча механиктердин ишине көңүл бурулат. Балдар менен бычуу цехин сүрөттөгөн сүрөттөрдү көрсө болот. Кийимди тигүү боюнча алынган билимдер жыйынтыктоочу аңгемелешүүдө системалаштырылат жана жалпыланат. Аңгемелешүүнүн максаты – кийимди даярдоо боюнча ар башка элдеринин эмгегинин өз ара байланышын гендердик түшүнүгүн тереңдетүү, алардын эмгекке социалдык багытын белгилөө.

Курулуш менен таанышуу тиешелүү бир билимди өздөштүрүү жана системаны өздөштүрүү менен жүргүзүлөт. Курулушка экскурсияга барганда, китеп окуу процессинде, сүрөт карап жаткан мезгилде балдарга курулуш жөнүндө жалпы түшүнүк катары (үйлөр, офистер, көпүрөлөр, жолдор курулуп жатат), гендерди эске алып, ар түрдүү курулуш кесиптери (кран айдоочу, таш ташуучу, шыбакчы-дизайнер, жыгач уста), эмгектин жамааттык мүнөзү жөнүндө, жумуштун сапаты жөнүндө (үйлөр кооз, бийик, ыңгайлуу), коомчулук үчүн курулушчулардын эмгегинин натыйжасынын мааниси жөнүнө жалпы түшүнүк берилет. Кийинки экскурсияларда, аңгемелешүү учурунда балдардын билими конкреттешет жана тереңдейт. Аларды жакынкы жердеги курулуп жаткан бир-эки объектилер менен тааныштырышат (фундамент куюлганын, дубалы көтөрүлгөнүн, жасап-түзөө иштери ж. б.). Курулуштун сапатын жакшыртуучу, куруучулардын ишин тездетүүчү жана жеңилдетүүчү машиналар жана механизмдер каралат. Куруучулардын ишине сыйлоо менен мамиле кылуу тарбияланат. 5–6 жаштагы балдар жакынкы жердеги 1–2 объектилеринин негизги курулуш этаптары (долбоор түзүшөт, курулушка аянтча тандай алышат, материал жана механизмдерди алып келишет, фундамент куюшат, дубалын жана тосмолорун тургузушат, жасап-түзөө иштерин жүргүзүшөт, короосун жана көчөсүн оңдошот), эмгектин жамаатык мүнөзү жөнүндө, курулуш иштериндеги механизациянын ролу жөнүндө, эмгекке орноштуруунун мааниси жөнүндө айтып бере алышат.

Улуулардын эмгеги жөнүндө тааныштырууда элди тамак-аш менен камсыз кылып жаткан, өндүрүш үчүн сырье берип жаткан, айыл чарбасы жөнүндө билимди кеңейтүү жана бышыктоо негизги орунду ээлейт. Улуу группаларда ар түрдүү айыл чарба кесиптериндеги кызматкерлердин эмгектеринин өз ара байланышы, жетишкендиктери жөнүндө, айыл менен шаардын байланышы (эмгектин натыйжалары менен тажрыйба алмашуу, өз ара байланыш) жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырууга негизги көңүл бурулат. Негизги каражат катары этап менен айыл чарба эмгектери менен, нанды, пахтаны жана башка эгиндердерди өстүрүү менен тааныштыруу жүрөт. Экскурсиянын жүрүшүндө, китеп окуу, сүрөт көрүү жана башка сабактарда балдар айыл чарбасы жөнүндө өздөрүнүн түшүнүктөрүн өнүктүрүшөт. Биринчи сабактын негизги максаты болуп (экскурсия, окуу, китептерди, сүрөттөрдү, кинолорду кароо ж. б.) айыл чарбасындагы эмгек жөнүндө, айыл чарбасындагы кесиптердин негизги түрлөрү боюнча: фермер – эгин жыйнагыч, мал чарбачы, койчу, чай өстүрүүчү (чаевод) ж. б., алардын эмгегинин коом үчүн мааниси жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу. Андан кийин ошол жердеги бир-эки негизги айыл чарба кесиптери жөнүндө кеңири түшүнүк берилет. Эгинди өстүрүү боюнча жумуштун ырааттуулугун ачып берүү маанилүү. Фермерлер жерди эгин эккенге даярдашат (айдайт, жер семирткичтерди себишет), талаага урук чачышат, жетилген дандарды жыйнашат, дандарды кампаларга ташышат. Бардык билим берүүчү жана таанып-билүүчү ишмердикти «Дан» же «Нан кайдан келди?» долбооруна бириктиришет.

Эмгек процессине мүнөздүү жалпылоонун негизинде жана эмгектин натыйжасында балдарга кесиптердин ар түрдүүлүгү жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу улантылат (мугалим, учкуч, машыктыруучу, дирижер, куткаруучу, врач, банкир, кинолог, модельер ж. б.); конкреттүү эмгек процессинин структурасы жөнүндө түшүнүк берүү (максаты жана мотиви, материалы, инструменттери, эмгек аракетинин топтому, натыйжа).

Эмгектин конкреттүү түрлөрү менен таанышууда жергиликтүү шарттар эске алынат; жакынкы жердеги 2–3 ишкана жөнүндө түшүнүктөр (алардын аттары, продукция, бул продукциянын шаар, мамлекет, ушул ишканада иштеген адамдар үчүн мааниси) бышыкталат.

Балдар маданий-турмуштук мекемелерди, алардын аталыштарын билишет. Алар жакынкы мекемени тышкы көрүнүшү, илинип турган же витринасы боюнча таанышат, анда иштеген улуулардын иштерин ишинин мүнөзүнө жараша таанышат. Улуу группада билим берүүчү жана маданий уюмдар жөнүндө билимдердин системасына максаттуу көңүл бурушат (бала бакча, мектеп, балдар китепканасы, театр). Балдарда балдардын маданий жана билим берүүчү мекемелерине барып турууну калыптандыруу, коомдук жерлерде өзүн алып жүрүүнү үйрөтүү зарыл. Балдарды мектеп жана балдардын китепканасы, алардын тышкы түрлөрү, негизги мекемелери, мугалим менен китепканачынын иши тууралууу кеңири тааныштыруу зарыл. Бир канча, 2–3 жолу ар кандай максат менен бул мекемелерге мугалимдер, китепканачылар менен аңгемелешүү үчүн баруу керек. Балдар аларга мектеп (китепкана) болуп ойноорун айтышсын.

Экскурсия учурунда китепканада көп китептер сакталарын, алар улуу кишилерге жана балдарга берилерин айтуу зарыл. Китепканачы китепкананын имаратынын ичин көрсөтөт жана китептер кантип сакталарын айтып берет; балдар менен биргеликте балдар китептеринин текчелерин карашат. Китептерди берүү процессин байкоо, китеп окуп жаткан кишилерге, залдагы тынчтыкка көңүл бөлүү жакшы. Экскурсиянын аягында балдар менен макулдашып, китепти окуу үчүн группага алуу керек, аны качан кайтаруунун мөөнөтүн билүү керек.

Экскурсиядан кийин балдардын көңүлүн группалык китепканага, китептерди кароо, алардын аттарын, авторлорун эстеп калууга, алардын абалына буруу керек. Оңдоону талап кылган китептерди, тандап алуу керек, аларды оңдоп, текчеге жакшынакай

кылып коюу керек. Дагы бир жолу китепке аяр мамиле кылуу керектиги жөнүндө сүйлөшүү керек, үйдө китептердин абалын кароону сунуштоо керек.

- Балдарда китепке жана окууга сүйүүнү ойготуу керек жана анын кантип пайда болгону менен тааныштыруу керек: жазуучу ыр, аңгеме жазат, сүрөтчү аларга сүрөт тартат, жумушчулар машинкаларда китептерди басып чыгарышат, мукабасын каптагандар мукабаларын капташат.

Бул куракта эмгек жөнүндө аңгемелешүүнүн ролу чоң («Мен ата-энелеримдин эмгеги менен сыймыктанам», «Биздин шаардагы (айылдагы) элдердин эмгеги», «Бардык иштер жакшы – каалооңо жараша тандап ал»). Аңгемени: «Сенин оюң боюнча, жер жүзүндө кайсы кесип эң маанилүү?», «Сен ким болгуң келет, эмне үчүн сен тандаган кесип, элдерге керек жана кызыктуу деп ойлойсуң?» деп баштаса болот. Эмгек жөнүндө аңгемелешип жатканда программада сунуш кылынган көркөм чыгармаларды, видеофильмдерди, дидактикалык оюндарды «Иштеш үчүн кимге эмне керек», «Почтада», «Алма өстүрөбүз», «Томат согун кантип жасашты», «Курулушта иштөө үчүн эмне керек болот?» ж. б. пайдаланса болот.

Бардык предметтер жана буюмдар адамдын колу менен жасалганы жөнүндө түшүнүк берүү, өндүрүш товарларынын (кийимдер, китептер, нандар) 2–3 түрүн түзүү боюнча эмгектин ырааттуулугун жана өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү керек; элдердин эмгегин жеңилдетүү үчүн «акылдуу машиналардын» ролун түшүндүрүү, керектүү товарларды өндүрүүнүн сапатын жакшыртуу жана тездетүү керек. Мурда алынган тигүү фабрикасынын жамааттык жумушу жөнүндө билимге кошумча, балдар ошондой эле эгер материал болсо, элдер дагы жакшы кийимдерди тигишээрин билишет. Ал үчүн пахта өстүрүлөт, койлор багылат жана алардын жүнү кыркылып алынат. Чогултулган пахтаны, жүндү машинага, поездге, самолетко жүктөшөт жана атайын фабрикаларга алып келишип, ал жерден жип, материал жасашат. Андан кийин бул материалдардан тигүү фабрикалары кийим тигишет. Педагог балдарга эмгек процессинин – анын ырааттуулугундагы компоненттердин, алардын ар биринин маанилүүлүгүн түшүндүрөт, эмгек процессинин адегенде көрсөтмө-схемалык, андан кийин ойлонулган моделин түшүндүрөт.

Жылдын аягында балдар «кесип», «материал», «инструменттер» ж. б. деген түшүнүктөргө ээ болушат. Экономикалык азбуканын элементтерин берүү сунушталат, аванс, аукцион, банк, белек кылуу, карыз, импорт, лоторея, реклама, товар, баа ж. б. түшүнүктөр менен таанышышат. Мектепке чейинкилерге ар кандай кесип жөнүндө айтып жатып, эмгекте машинанын жана механизмдердин ролун (көп санда жана кыска мөөнөттө, аз күч жумшалып алынган натыйжаларын) көрсөтүү керек.

***Балдар үйдө кеңири пайдаланылган турмуш-тиричилик техникалары*** (чаң соргуч, жашылча кескич, кир жуучу машина ж. б.) менен таанышышат; аларды пайдаланып, натыйжаны алуу үчүн иш тездетилет, аны сапаты жакшырат, адамдын эмгеги жеңилдейт: жашылчаларды жакшынакай, кооз кылып бат кесет, ал көп жашылчаларды кескенде пайдаланылат. Сабактын мазмунуна эмгек ишмердигинде заманбап техниканын ролу (көтөрмө кран, электрондук таразалар, компьютер, мобильдик телефон ж. б.) жана адамдын эмгегинде машинанын жана механизмдин ролу жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу кирет. Бул максатта ырлар, аңгемелер, табышмактар, «Жаңы үйгө кирүү», «Эмне болгон кутуча, таап ал?», «Айлананды кара», «Мен киммин», «Менин досторум», «Автоматтар эмне жасай алышат?», «Адамдын жардамчыларынын мамлекетине саякат», «Көзгө көрүнбөгөн жумушчу» деген оюндар пайдаланылат.

Башкы көңүлдү балдарда чарбанын ар түрдүү тармагындагы адамдардын эмгегинин байланыштары жөнүндө, фермерлердин, жумушчулардын, тейлөө чөйрөсүнүн жумушчулары жөнүндө түшүнүктөрүн калыптандыруу. Сабактардын бири транспорт кызматкерлеринин (кесиптин аты, жумуш орду, эмгек аракеттери ж. б.) эмгек аракеттеринин

мүнөзү жана мазмуну жөнүндө билимдерди тактоого арналат. Экскурсияларда, сейилдөөлөрдө транспорттун кыймылына жана айдоочунун ишине көз салуу уюштурулат, балдар жол белгилери менен таанышат. Транспорт жөнүндө аңгемелешүүдө жакшы кошумча болуп, ар түрдүү кыймылдарды чагылдырган сүрөттөр жана оюнчуктар, видеонун, слайддардын демонстрациясы эсептелет. Мунун баары балдарды активдештирет, таанып-билүү процессине ишмердиктин ар түрүн камтыйт, кептин байланышын көрсөтмө-кыймылды өздөштүрүү билими менен байланыштырат. Балдар транспортту дайындалышы боюнча айырмалай алышат, «жүргүнчүлөрдү ташуучу», «жүк ташуучу» деп аталышын бекемдешет, суу, аба транспорттору менен таанышышат, бир канча транспорт каражаттарын аташат. Транспорт менен тааныштыруу сабагында максаттуу түрдө магниттик жана кийизден паннону пайдаланып, үч нерсени чагылдырган (жер, аба, суу), машиналардын моделин пайдаланса болот. Балдарга панного кыймылдагы чөйрөсүн эске алып жайгаштыруу сунушталат.

- Педагог балдардын кебинде транспорт каражаттарынын жана алардын бөлүктөрүнүн аттарын туура пайдаланууга жардам берет, транспорттун түрлөрүн аныктоо билгичтигине калыптанат.
- Педагог балдар менен биргеликте коомдук транспорт, анын адамдардын жашоосундагы ролу жөнүндөгү билимдерин тактайт, транспорт каражаттарынын көп түрдүүлүгүн көрсөтөт (автобус, троллейбус, трамвай, жеңил машиналар – такси, жүк ташыган машина, жүргүнчүлөрдүн поезди, вагон цистернасы, ат араба, самолет, вертолет, космос корабли, теплоход, траулер, суу трамвайы ж. б.). Балдарга проблемалуу суроолорго жооп берүү сунушталат: «Эч кандай транспорт болбосо, эмне болот?». Баарына сейилге чыгуу сунушталат: «Көчө кандай жайгашкан?» (тротуар, өтө турган жер, кесилишкен жол ж. б.); транспорт каражаттарына байкоо жүргүзүү; жолдо жүрүү эрежелерин өздөштүрүүгө байланышкан оюндар («Жол эрежелери»); «Автомобилдер» деген тематикалык альбом түзүү.

Баланы коркунучтан сактоо үчүн аны мүмкүн болушунча көчө менен жолугушууга эртерээк даярдоо керек, жол эрежелери, жол белгилери менен тааныштыруу, аны мейкиндикке ориентр алууга үйрөтүү, анда көчөдө, транспортто өзүн алып жүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу. Бул жол – транспорт окуяларын азайтууга шарт түзөт.

Транспорт менен тааныштырып жатып, педагог аңгемени табышмактарды жана дидактикалык оюндарды пайдаланып жүргүзсө болот: «Узун кулактын саякаты», «Айдар эмнени көрдү?», «Автобустун терезесинен эмнелер көрүнөт?», «Мен конокко жөнөп жатам» (транспорттун ар кайсы түрү менен), «Жол азбукасы», «Мен эмне менен саякаттайм?» ж. б. Кыргызстандын биринчи космонавты С. Шарипов жөнүндө айтуу сунушталат.

Педагог таанып-билүү компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана программаны өздөштүрүү максатында балдарда бар билимдин конкреттүү деңгээлин, алардын кругозорун жана түшүнүктөрүнүн деңгээлин аныкташы керек. Тажрыйба менен программанын жалпы талаптарынын туура келиши, педагог өзүнүн тарбияланууучуларынын билимдерин аныктоо, программалык мазмундун ырааттуулугун жана көлөмүн тактоо, ошол боюнча балдар окуу жылы ичинде, кварталда, бир айда, бир жумада билиши керек. Ар кандай теманы ачып берүүдө көрсөтмө куралдарды пайдаланууга, айлана чөйрө менен таанышууда, сабакты пландаштырганда өз ара активдүү мамиле түзүүгө жана балдар менен кызматташууга көбүрөөк убакыт калтырууга аракет кылуу керек.

**Коомдук жашоодогу көрүнүштөр менен таанышуу.** Бул курактагы балдарда курчап турган дүйнө жөнүндө тиешелүү билимдердин топтому болот, алар коомдук турмуштагы көрүнүштөргө кызыгышат, адамдардын жашоосунун маңызын түшүнүүгө, өзүнүн тегерегинде эмне болуп жатканын түшүнүүгө аракет кылышат. Педагогдун милдети балдарды курчап турган дүйнөгө кызыктыруу, жаратылышты жана туулган жерди сүйүүгө

тарбиялоо. Мектепке чейинки балдарда өзүнүн мамлекети жөнүндө жөнөкөй түшүнүктөрдү калыптандыруу зарыл. Туулган жер деген – биздин чоң мамлекеттин кичинекей бир бөлүгү экенин балдарга түшүндүрүү зарыл. Кыргызстандын ар башка райондоруна жалпы мүнөздөмөгө байланыштуу маалыматтар берилгенде, туулган жердин бардык өзгөчөлүктөрү (жаратылышы, климаты) балдарга түшүнүктүү боло баштайт.

**Туулган жер менен тааныштыруу** процессинде балдарда курчап турган территория жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу маанилүү, шаар менен (айыл менен) анын чет жакаларын тааныштыруу жана ушунун негизинде алгачкы географиялык билимдерди берүү зарыл. Мисалы, балдарга тапшырма берилет: үйгө келип, үйдүн терезесинен көрүнгөн имараттар, көчөлөр, аянтчалардын аттарын ата-энесинен сурайт. Андан кийин аларга байкагандарынын жыйынтыктарын айтуу сунушталат.

Педагогго экскурсияны, сейилдөөнү жакынкы жердеги шаардын/айылдын көчөлөрүнөн (мисалы, чоң көчө менен сейилдөө) жүргүзүүнү пландаштыруу сунушталат. Балдар шаарда/айылда көчөлөр көп экенин, ар биринин өзүнүн аталышы бар экенин, кээ бир имараттар коомдук мааниге ээ экенин (почта, магазин, чачтарач), аларды сырткы белгилери менен айырмаласа болорун билишет. Педагог эмне үчүн китепкана, супермаркет, почта керектигин түшүндүрөт. Балдарга шаардагы/айылдагы көчөлөр кимдердин атына коюлганын («Эмне үчүн көчөнү минтип аташты?») түшүндүрөт.

Балдарда туулган шаарынын/айылынын кооз жерлери жөнүндө шаардыктардын/айылдыктардын эс алуучу жерлерин, тарыхый эстеликтерин, жашоо, маданият жана жергиликтүү жашоочулардын турмушу жөнүндө көптөгөн көргөзмө экспонаттарды сактаган край таануу музейлери жөнүндө түшүнүк калыптанат. Сейилдөө мезгилинде балдар жаңы үйлөрдүн курулушун, шаардын/айылдын ыңгайлуулуктарын байкашат жана ага колдон келишинче катышышат (гүлдөрдү отургузушат, аларды сугарышат, жалбырактарды чогултушат ж. б.).

Балдардын көңүлүн жылдын ар башка мезгилинде туулган шаарында/айылында жумуштар ар түрдүү болоруна бурат: кышында жолду кардан тазалашат, жазында дарактарды отургузушат, күзүндө түшкөн жалбырактарды тазалашат ж. б. Балдарда шаардагы/айылдагы кишинин жашоосу жөнүндө түшүнүк (турмуш, үй, транспорт; заводдор, фабрикалар), тамак-аштын шаарда/айылда өндүрүлүшү жөнүндө түшүнүк калыптанат. Оюндар жүргүзүлөт: «Биздин шаардын/айылдын көчөлөрү», «Мен кайда жашайм?», шаардын/айылдын эсте каларлык жерлеринин сүрөттөрү, открыткалары каралат, альбом түзүлөт.

Педагог балдар менен дем алыш күндүн эртеси, алар кайда болгонун, эмнени көрүшкөнү боюнча аңгемелешет («Өзүңөрдүн көчөңөр жөнүндө айтып бергилечи»); балдар менен үй тапшырмасын аткаруу: «Өзүңдүн үйүңдү тарт жана ал жөнүндө сүйлөп бер»; «Биздин көчө» деген темада коллективдүү аппликация жасоо.

Мүмкүн болушунча группада край таануучулук мүнөздө материалдар болуш керек: биз жашаган шаар/айыл, мурда биздин шаар/айыл, тоолор, суулар, көлдөр кандай болгон; шаардын/айылдын тарыхый кооз жерлерин, заманбап архитектуралык жерлерин чагылдыруу.

Жогорку топто зарыл материал болуп балдар энциклопедиясы, планетадагы жаныбарлар жана өсүмдүктөр жөнүндө иллюстрациялык басылмалар, ар түрдүү мамлекеттердин элдеринин жашоосу жөнүндө, балдар журналдары, альбомдор, проспектилер эсептелинет. Эгерде шаарда же айылда край таануучу музейлер бар болсо, балдарга мурдагы элдердин жашоосун көрсөткөн экспонаттарды, декоративдик-прикладдык искусствонун предметтери, бул жерге тиешелүү өзүнчө жерлер, маданияттын көрүнүктүү ишмерлеринин жашоосуна байланышкан жерлерди көрсөтүү. Музейде келип көрүү үчүн бир бөлүмдү тандоо керек: «Биздин жер байыркы заманда» же «Туулган

жердин жаратылышы» же «Биздин жердин атактуу адамдары». Экскурсиядан кийин балдарга темага жакын китеп окуп бериш керек, сүрөт тартууну «Биз музейден эмнени көрдүк?» деген темада сунушташ керек. Шаарды/айылды аралап сейилдөөдөн кийин балдар чын көңүлүнөн сүрөт тартышат, «Биздин шаар/айыл» сүрөттөрдүн альбомун жасалгалоо керек. Балдар айылда же шаарда жашаганына жараша, бул түшүнүк менен таанышуу ырааттуулугу ар түрдүү болот.

Айылдык балдар алгач өзүнүн туулган айылы менен таанышышат, андан кийин аларга «шаар» деген түшүнүк ачылат. Педагог шаар айылдан эмнеси менен айырмаланарын, шаар чоңбу же айыл чоңбу, шаарда жашаган адамдар кайда иштешерин айтып берет.

Шаардын балдарын алгач өзүнүн шаары менен тааныштырышат, андан кийин «айыл» деген түшүнүк ачылат.

Бул билимдер салыштыруу жолу менен өздөштүрүлөт: балдар шаарды жана айылды сүрөттөгөн көптөгөн сүрөттөрдү көрүшөт, өздөрү айылды тартышат жана шаардагы көп кабаттуу үйлөрдү тартышат, айылдык курулуштарды конструкциялоо (үй, ферма, бир кабаттуу мектеп, бала бакча ж. б.). Педагог балдарга элестетүүчү кырдаалды сунуштайт: «Биз айылды курганга келген сыяктуубуз», «Биз шаарга (айылга) жашаганы жана иштегени келдик». «Айыл» жана «шаар» деген түшүнүктү дифференциациялоо керек, бул кырдаалдардан алардын окшош жана айырмачылык жактарын табуу керек: «Биринчи жолу айылга келген балага биз эмнени айтабыз жана көрсөтөбүз», «Эгерде мен айылда жашасам», «Эгерде мен шаарда жашасам», «Шаар айылга – айыл шаарга».

Беш жаштагы бала «айыл» же «шаар» деген түшүнүктү гана өздөштүрбөстөн, алар үчүн жаңы түшүнүк болгон «борбор», «республика», «мамлекет» деген түшүнүктөрдү да өздөштүрүшөт; алар кайсынысы чоң экенин билүүлөрү керек, айылбы же шаарбы, шаарбы же өлкөбү. Педагог алардын айылдары жана шаарлары көп Кыргызстанда жашарын айтат.

Балдар регионалдык түшүнүктөрдү дидактикалык оюндарды жана көнүгүүлөрдү жүргүзүү мезгилинде жеңил өздөштүрүшөт: «Мамлекеттер жана шаарлар» (Кыргызстан – мамлекет, Бишкекчи? Ош, Нарынчы? Бишкек – шаар, а Кыргызстанчы?); «Ким кайда жашайт?» (Бишкекте бишкектиктер жашайт, Нарындачы?); «Шаарлар, суулар» (Жалал-Абад – шаар, Чу?). Балдар Бишкек, Ош ж. б. шаарлардын негизги көрүнүктүү жерлерин эсинде сактап калуулары керек. «Кыргызстандын шаарлары» жана «Биздин мекенибиздин борбору – Бишкек», «Ош – Кыргызстандын чоң шаарларынын бири, мамлекеттин түштүктөгү борбору» деген темаларда сабактар жүргүзүлөт. Педагог бир жыл ичинде Бишкек жана Ош шаарларына арналган окуу ишмердигин пландаштырат.

- Негизги максаты: биздин мамлекеттин эң чоң жана кооз шаарларына балдардын кызыгуусун ойготуу; жыйынтыгында чоң шаар эмне экенин түшүндүрүү; бул шаарлар менен сыймыктануу сезимин ойготуу; шаарлардын сүрөттөрү, иллюстрациялары, ал жерде болгон балдардын таасирлери пайдаланылат. Сабактарды өткөрүүдө педагог чоң иллюстративдик материалдарды: сүрөттөрдү, фотографияларды, китептер менен иллюстрацияларды, слайддарды, видеоматериалдарды колдонсо болот.

Алты жаштагы балдар көркөм искусствонун ар түрдүү жанрдагы чыгармаларын кабыл ала алышат, ошондуктан аларга Бишкек жана Ош шаарлары жөнүндөгү айтуучу графикалык сүрөттөрдү, акварелдерди көрсөтүш керек.

- Группага Кыргызстандын чоң картасын алган максатка ылайык болот. Ачык түстөр менен республиканын областарын, тегерекчелер менен Бишкек жана Ош шаарларын, точкалар менен балдар жашаган шаарлар, кыштактар, айылдар белгиленет. Педагог: Кыргызстан – чоң мамлекет, бир жагынан экинчи жагына барыш үчүн көп саат жол жүрүш керек, бат жетиш үчүн самолет менен учуш керек, – деп түшүндүрөт.

Балдардан кимиси алыс жолго чыгышканын, кайсы шаарларда болушканын, кайсыларды укканын суроо максатка ылайыктуу. Кызыктуу оюндарды уюштурса болот («Өз мамлекетибизге саякат», «Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети», «Бишкек боюнча экскурсия» ж. б.). Балдардын туулган жерине кызыгуусун тереңдетүү үчүн педагог Кыргызстандын жаратылыш зоналары жөнүндө слайддарды, сүрөттөрдү, картиналарды, көркөм адабиятты пайдаланып айтып берет.

**Биздин мамлекеттин географиясы жөнүндө алгачкы түшүнүк калыптана баштайт.** Мамлекеттин жаратылышы ар түрдүү: көлдөр, дарыялар, тоолор, токойлор, шалбаалар, талаалар. «Баруулар», «Саякат» деген оюндар балдарда кызыгууну жаратат. Балдар өздөрү жашаган жердеги дарыяга чоң кызыгуу менен саякатташат, туулган жерине «экскурсияга чыгышат». Мектепке чейин балдарда биздин Мекен жөнүндө түшүнүктөр, аны келечекте билүүгө кызыгуусу, мектепке чейин калыптануусу маанилүү.

- Тарыхый материалдарды тандоодо балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн жана социалдык даярдыктарын эске алуу керек («Кыргызстандын өткөндөрү», «Кыргызстан бүгүн» – аңгемелер).

Балдарда Мекенди сүйүү тарбияланат, алар биздин мамлекет көп улуттуу, анын аймагында көптөгөн этникалык топтор жашарын билишет. Бул билимдер көп маданияттуулукка тарбиялоого жана балдарды башка улуттарга жакшы мамиле түзүүсүнө негиз болот. Балдарга биздин мамлекетте жашаган ар бир элдин бай маданияты бар деп билдиришет. Муундан муунга уламыштар, легендалар, салттар өткөрүлүп берилип келет. Жомокторду ар башка эл ар түрдүүчө айтышат, бешик ырларын ар түрдүү ырдап беришет, бирок ал элдердин баарын адилеттик, эркиндик үчүн күрөш бириктирет. Бардык элдердин каармандары эр жүрөк жана ак көңүл болушат.

Бир жыл ичинде ишмердиктин бардык түрлөрү: иллюстрацияларды, видео, слайддарды, улуттук кийим кийген куурчактарды пайдаланып, «Ар башка элдердин балдары жөнүндө» деген тема пландаштырылат; биздин мамлекеттеги элдердин достугу жөнүндө балдардын түшүнүгүн кеңейтүү.

**Сабактарда, күнүмдүк жашоодо балдарды ырлар, жомоктор, кыргыздардын улуттук кийимдери менен жана башка улуттар менен тааныштыруу зарыл.** Музыка жөнүндө аңгеме жүргүзсө болот (кыргыз жана Кыргызстанда жашаган башка элдер), музыкалык инструменттер (обондорду угуу, кыргыз жана башка элдердин композиторлорунун чыгармалары, кыргыздын жана башка элдердин улуттук инструменттерин кароо: комуз, чопо чоор, сыбызгы, балалайка, бубен ж. б.). Балдарды Кыргызстандын композиторлору, художниктери, улуу жазуучуларынын чыгармалары менен тааныштыруу зарыл. Алардын аттары менен биздин мамлекеттин көптөгөн жерлери, шаарлары, айылдары байланышкан. Көпчүлүк шаарларда, поселоктордо атактуу жердештерибиздин чыгармачылыгын жана жашоосун айтып берүүчү музейлер бар. Мындай маанидеги край таануу материалдарын педагог чакан-музейлерди уюштуруу үчүн пайдаланып, балдарда өзүнүн мамлекети, өзүнүн элинин тарыхы үчүн сыймыктануу сезимин тарбиялайт.

**Балдарды Кыргызстандын Герби, Гимни, Туусу менен тааныштыруу** сунушталат, биздин мамлекет үчүн бул символдордун маанисин түшүндүрөт. Гербди кароо, аны түзүүчүлөрдү, анын символикалык маанисин кароо; Гимндин обонун угуу, аны аткарып жатканда орундарынан туруу керектигин балдарга түшүндүрүү. Мамлекеттик символикаларды сыйлоо, Мамлекетти, өз элин сүйүүгө тарбиялоонун бирден бир негизи. Балдар Кыргызстандын Мамлекеттик Гимнинин обонун жакшы билиш керек жана аны аткарып жатканда эскертүүсүз эле орундарынан туруу керектигин түшүндүрүү зарыл. Герб – бул биздин мамлекетти айырмалап турууучу белги. Ар бир группанын бөлмөсүндө мамлекеттик символикалар үчүн атайын орун берилиши керек.

Балдарды Кыргызстан менен чектешкен 1–2 КМШ мамлекеттеринин элдеринин эмгектери, жашоосундагы, жаратылышындагы өзгөчөлүктөр менен тааныштыруу. Педагог мамлекетти, анын башкы шаарын – борборун атайт, бул мамлекеттин элдеринин чыгармачылыгы менен тааныштырат (педагог жомок айтып, ыр ырдашы мүмкүн; элдик кол өнөрчүлүктүн улуттук өзгөчөлүктүн көркөм жасалгалоосун баса көрсөтүп, кандайдыр бир жасалгаларын көрсөтүү). Мектепке чейинкилерди башка элдердин жашоосу менен тааныштырууда адабий чыгармалар, сүрөттөр, видеофильмдер жардам берет. Балдарга улуттук оймо-чиймелерди, жакында эле таанышкан элдердин улуттук кийимдеринин сүрөттөрүн тартуу сунушталат. Бул элдин жашоосу жөнүндө түшүнүктү балдарда бышыктоо үчүн сюжеттик-куруучулук оюнду же «саякаттоо» башка элдердин балдары менен «кат жазышуу» оюндарын уюштурса болот. Балдар өздөрүнүн каттарында аларга эмне кызыктуу, эмне тынчсыздандырары жөнүндө жазышат. Катка жоопту педагог жазат, алар башка мамлекеттеги курбуларынын жашоосу жөнүндө, алар эмнени ойношорун, эмне окушарын, кандай ырларды жатташарын, алар бири-бири менен кантип достошорун билишет; бул каттарда кат «келген» жактагы жаратылыштын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөр сүрөттөлүшү мүмкүн. 1–2 – сабакты «Биздин кошуналар жөнүндө» деген жалпы аталышта жүргүзсө болот. Балдарды Россия, анын борбору Москва менен тааныштыруу максатка ылайыктуу. Балдардын КМШ мамлекеттери, алардын экономикалык жана маданий байланыштары, достугу жана кызматташтыгы жөнүндө түшүнүктөрү бара-бара кеңеет. «Биздин кошуналар» деген темадагы сабакта оюн кырдаалдары киргизилип, дидактикалык оюндар пайдаланылат, улуттук кийимчен куурчактар пайдаланылат ж. б.

Педагог балдарга кошуна мамлекеттер жөнүндө айтып жатып, элдик кол өнөрчүлөрдүн булгарыдан, жүндөн, чоподон жасаган буюмдарын көрсөтөт. Бул буюмдар группада достук бурчунда сакталат. Алар «Сувенирлер магазини» деген дидактикалык оюн үчүн пайдаланылат, оюн кыймылдары сувенирлерди сатып алуу менен аяктайт, эрежеси боюнча бала бул сувенирдин кайсы мамлекетте, кандай материалдан жасалганын, анын өзгөчөлүгү кандай экенин туура тапканда гана сатылышы керек болчу. Элдик кол өнөрчүлөр жөнүндө аңгемелешүүдөн кийинки мындай дидактикалык оюндар, башка элдердин кол өнөрчүлүгү жөнүндө билимди бышыктайт. Балдарды улуттук кийимдер менен тааныштырат, алардын кээ бирлерин тартууну сунуштайт. Билимдерин бышыктоо үчүн педагог төмөндөгү оюндарды сунуштайт: балдарга бул же тигил кийим кайсы элге таандык экендигин табуу, ал кандай бөлүктөрдөн турары, кандай түскө ээ, баш кийимдердин өзгөчөлүгү кандай экендигин аныктоо тапшырмасы берилет. Суроолорго туура жооп берген бала куурчакка кийим кийгизүү жана аны менен курдаштарынын катарында бийлөө укугуна ээ болот. Бул тема боюнча сабактарда көрсөтмө материал, балдардын тажрыйбасы, оюн-саякат, аңгемелешүүлөр, оюндарды пайдалануу маанилүү. Тынчтыкты колдоо акцияларын жүргүзсө болот: «Бардык планетанын балдары достошот», «Жер – биздин жалпыбыздын үйүбүз», «Тынчтык канаттуулары уча берсин». Биздин планетанын сүрөттөрүн космостон көрсөтсө болот, биздин жалпыбыздын үйүбүз экенин, деңиздер жана океандар, шаарлар, чөлдөр, мөңгүлүү полярдык областтар, бул чоң үйдө бир үй-бүлөдөй жашаган адамдар жөнүндө айтса болот.

Балдарга Жер планетасы бардык адамдар, жаныбарлар, өсүмдүктөр жана минералдар үчүн бир үй экенин, биз үйүбүзгө кам көрүшүбүз керек экенин түшүндүрүү керек. Бул курактагы балдар өзүнүн шаарында болуп жаткан окуяларга гана эмес, мамлекеттеги, дүйнөдөгү окуяларга кызыгышат, аларга слайд-фильмдерди пайдаланса болот («Планетанын керемет бурчтары», «Кыргызстандын жаратылышынын кооздугу», «Космостон планета»). Алардын кээ бирлери курбулары менен талкууланат, улууларга суроолорду беришет. Балдарды кызыктырган мындай окуялар космоско учуу жөнүндөгү көрүнүштөр жөнүндө болот. Педагог балдардын космонавттар жана алардын иштери жөнүндө кызыгууларын колдоп жана тереңдетиш керек. Алар Ю. А. Гагарин жана башка

космонавттар жөнүндө, биринчи аял-космонавт В. В. Терешкова, заманбап космостук учуулар жана чет өлкөлүк космонавттар, космос мейкиндигине адамзаттын чыгуусу жөнүндө маалыматтарды алуулары керек. Группанын китепканасында космостун каармандары жөнүндө бир канча китептер, балдардын колу менен жасалган альбомдор, «Космос темасы» боюнча сүрөттөр болушу керек. Космонавттарга арналган иш-чаралар 12-апрелдин алдында, Космонавттар күнүнө карата жүргүзүлөт. Бул датага «Биздин космонавттар» деген альбомду даярдап, «Биз космосту жана космонавттарды тартабыз» деген көргөзмөнү уюштурса болот.

5–6 жаштагы балдарда ***улуттук армияга кызыгуу пайда болот***. Армияга кызыгууну жана урматтоону колдоо үчүн ишмердиктин бир канча түрлөрүн уюштурса болот, анда чек-ара аскерлери биздин Мекенибиздин чек арасын кантип кайтарышаары, алардын каармандыктары жана баатырдыгы жөнүндө маалыматтарды алышат. Кыргызстандын армиясы жөнүндө таанып-билүүчү материалдар жыл ичинде өздөштүрүүгө эсептелинген, эки чоң билим берүүчү темага бириктирилет: «Кесип» жана «9 май – Жеңиш күнү!». Уюшулган таанып-билүү ишмердиги бир гана биздин мамлекеттин элдик армиясы, анда чек арачылар, танкисттер, учкучтар бар экендиги жөнүндө гана түшүнүктү калыптандырбастан, аларга жакшы сезимдерди тарбиялоо да керек.

Балдар менен алардын армияда кызматын өтөгөн туугандары жөнүндө сүйлөшүп, солдатты, чек арачыны, милиционерди балдар менен жолугушууга чакыруу керек. Мындай жолугушуулар армия, милиция жөнүндө балдардын түшүнүгүн байытат, аларга кызыгууну өнүктүрөт; солдат, милиционердин каармандыгына жана кужурмөндүгүнө суктанышат. Балдарга аскерлер офицерлердин жетекчилиги менен кызмат кылышарын айтышат. Офицер болуу үчүн атайын аскердик окуу жайды аяктап, көп окуп, күчтүү, чыдамдуу, тапкыч болуш керек. Чек арачынын каармандыгын тууроону каалоо жана ошондой болууга сезимдерин ойготуп тарбиялоодо педагогдун чек арадагы солдатын жашоосун айтып берүүсү, ал жөнүндө ырларды окуп берүүсү түрткү болот.

Педагог балдарга Улуу Ата Мекендик согушта солдаттар биздин мамлекетти душмандардан коргош үчүн каармандык менен салгылашканын айтып берет. Педагог Улуу Ата Мекендик согуштун баатырларына коюлган эстеликтер жөнүндө, Жеңиш күнүн майрамдоо жөнүндө айтат. Мекенди коргоо күнүнүн алдында педагог балдар менен бирге армия жөнүндө альбом же көргөзмө уюштурат, ал жерге армиянын түрү жөнүндө сүрөт же иллюстрациялар, балдардын армия жөнүндө окугандары боюнча тартылган сүрөттөр жайгаштырылат, экскурсия уюштурулуп, курман болгондорго эстеликке гүл коюу, шаарда/айылда жашаган Улуу Ата Мекендик согуштун баатырлары жөнүндө аңгемелешүүлөр өткөрүлөт. Балдарга көрүнүштөрдү тактоо жана бышыктоо, армия жөнүндө ырларды жаттатуу менен жүргүзүлөт.

**Экологиялык тарбия.** «Жаратылыш» деген түшүнүк жалпы мүнөздү алып жүрөт, ал өзүнө «жандуу жаратылыш» (өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын дүйнөсү) жана «жансыз жаратылыш» (кыртыш, жарык, аба, суу, жылдыздар, күн) деген түшүнүктөрдү камтыйт. Бирок балдарды адамдардын колу менен жасалган предметтер, буюмдар да курчап турат. Ошондуктан күнүмдүк жашоодон байкагандарын, жаратылыш жөнүндө түшүнүктү калыптандырып, атайын уюшулган билим берүү процессинде жалпылоого өтүү, курчап турган жашоонун ар түрдүү көрүнүштөрүнө кайра кайрылып, андан ары тереңдетүү, кеңейтүү, алынган билимдерди бышыктоо жүрөт. Түшүнгөндөрүн бышыктоо үчүн мурда каралган материалдарды гана пайдаланбастан, жаңы объектилерди да пайдаланып, өзгөчө көңүл буруу керек.

Балдарды «жансыз жаратылышты» «жандуу жаратылыштын» объектилеринен адам колунан жасалган предметтерди ажырата алууга үйрөтүү маанилүү. Жансызды жандуудан айырмалоодо негизги белгилерди атоо: «жандуу» – бул тамактанат, өсөт, дем

алат, кыймылдайт, көбөйөт (өсүмдүктөр, курт-кумурскалар, жандуулар, адам); «жансыз» – тамактанбайт, өспөйт, дем албайт, көбөйбөйт, кыймылдай албайт, талкаланат (тоолор, таштар, суулар, жылдыздар, планеталар).

Адамдын колунан жасалган предмет жансыз жаратылыштын объектисинен айырмаланат, ал адам тарабынан кандайдыр бир пайда үчүн, адамдын ойлоосу боюнча (машина, идиш-аяк, кийим ж. б.) кайсы бир материалдан жасалат (жыгач, темир, пластмасса, материал). Билимдерин бышыктоо үчүн балдарга ар түрдүү көнүгүүлөр, оюндар, предметтерди классификациялоочу тапшырмалар («Өз ордуна кой», «Адамдын колунан жасалган предметтерди танда», жансыз жаратылыштын объектилери жөнүндө табышмактар ж. б.) сунушталат.

Жаратылыш көрүнүштөрү жөнүндө түшүнүктү калыптандырууда педагог балдардын көңүлүн жансыз жаратылыштын предметтерин жаратылыш көрүнүштөрүнөн – кандайдыр бир аракеттердин пайда болуусу, жаратылыштагы өзгөрүүлөр, жансыз да, жандуу да болушуна буруу: тоо – жансыз жаратылыштын объектиси, а тоолордун кулашы, вулкандын атылып чыгуусу, шамалдын согушу – бул жансыз жаратылыштын көрүнүшү; дарак – жандуу жаратылыштын объектиси, а жалбырактардын чыгышы, гүлдөшү, түшүмүнүн жетилиши, жалбырактарынын түшүшү – бул жандуу жаратылыштагы көрүнүш ж. б.

«Жансыз жаратылыш» түшүнүгүн эстеп калуу үчүн балдар менен жөнөкөй тажрыйбаларды жүргүзүү керек:

- ➔ веер менен бетти желпигенде, шамал болот, шамал вентилярорду, фенди иштеткенде да болот;
- ➔ эгерде банканын түбүнө бир аз кайнак суу куюп, капкагын жаап койсо, туманды байкаса болот;
- ➔ чайнектин капкагынын ички бетинен майда тамчыларды көрсө болот – бул шүүдүрүм;
- ➔ эгерде катуу тоңгон темирди жылуу бөлмөгө алып кирсе, анда анын бетинде бубак, кыроо пайда болот.

Заттардын бир абалдан экинчи абалга өтүп кетүүсүн түшүнүүдө балдардын өздөрүн катыштырып тажрыйба жүргүзсө болот. Мисалы, катуу заттын суюк абалга өтүүсү. Педагог балдардын көңүлүн, кардын алаканда, жылуу сууда, бөлмөдө, күнүмдүк жашоодо эригенине бурат: үйдүн күн тарабында, жолдун киши көп өткөн жеринде кардын эриши ж. б. Балдарга талаада эмне үчүн кар сакталып каларын ойлонуу сунушталат. Жыйынтыгында балдар жандуу жана жансыз жаратылыштагы көрүнүштөрдүн өз ара байланышын орнотушат. Жансыз жаратылыштын көмүр, кум, чопо, нефть, гранит сыяктуу объектилеринин касиеттери менен таанышууда турмуштук тажрыйбага жана балдардын билимине таянуу керек. Мындай объектилер менен таанышуу процессинде балдарга адамдардын чарбалык иштеринде тоо кендери жана минералдардын коллекциясын кароо мүмкүнчүлүгү берилет: көмүр, нефть – отун; гранит, кум, ылай – курулуш материалдары. Балдардын мүмкүнчүлүгүнө карап, заманбап техникаларды колдонуп, көмүр казуучу разрездер, шахталар жөнүндө видеофильмдерди көрсөтүү; нефтини кургакта жана сууда өндүрүү. Бул балдардын кызыгуусун жогорулатып, пайдалуу кендер боюнча билимин тереңдетет.

Кумдун жана ылайдын касиеттерин жөнөкөй тажрыйба менен көрсөтсө болот: кум сууну жакшы өткөрөт, суу кумдан сүйрү нандарды, үйлөрдү курса болот; бирок кургаганда кумдан курулган курулуштар урап түшөт. Ылай катуу болот; ылайдан таякчаларды, токочторду, шариктерди жасаса болот, кургагандан кийин да алар бузулбай көпкө турат. Ылайдан идиштерди, ар түрдүү оюнчуктарды, жаныбарлардын, канаттуулардын

келбеттерин, курулуш кирпичтерин (кызыл) жасашат. Самандан (чөп менен аралашкан ылай), үй, жаныбарлар үчүн сарай жана канаттуулар үчүн курушат.

Жансыз жаратылыштын объектилери жөнүндө билимди балдар «Эмне кайсыдан жасалган?», «Баштыкта эмне катылган?» «Табышмакты угуп, жандырмагын тап!» деген оюндар менен бышыкташат. Мындай оюндар балдарга жаратылыш объектилерин өзүнүн касиеттери менен айырмалоого (таруунун көлөмү, төгүлүүсү, жыштыгы, сууну кармоо жөндөмү, түсүнүн түрү ж. б.) көнүшөт.

### Экологиялык тарбиялоо боюнча сунушталган формалар жана методдор:

- Экологиялык аңгемелешүүлөр.
- Экологиялык экскурсиялар.
- Экологиялык конкурстар.
- КВН, аукцион, марафон, викторина, «Поле чудес», фестивалдар.
- Экологиялык акциялар.
- Кырдаалды талкуулоо жана уттуруу.
- Эмгек десанты.
- Жашыл патруль.
- Жаратылышты изилдөөчүлөрдүн клубу.
- Тематикалык жумалар жана күндөр.
- Киришүү. «Жакшы иштердин панорамасы».
- Календардык жаратылышка киришүү.
- Коллекциялоо.
- Экологиялык көргөзмөлөр жана экспозициялар.
- Күн \ жума \ экологиялык чыгармачылык.
- Экологиялык майрамдар жана фестивалдар.
- Экологиялык оюндар\ дидактикалык, тууроочу, оюндар – моделдештирүү экосистем, жарышуучу.

### Оюн – саякат

- Экологиялык жомоктор.
- Экологиялык тренингдер.
- Инсценировкалар, театрлаштыруу.
- Экологиялык жол менен саякат.

**Жаратылыштагы сезондук өзгөрүүлөр. Экскурсиялар.** Жаратылыштагы сезондук өзгөрүүлөрдү байкоо жүргүзбөй, алардын натыйжаларын жазбай, жалпылабай, жыйынтык чыгарбай билүү мүмкүн эмес. **Байкоо – бул чөйрөнүн атайын даярдыгы талап кылынбаган таанып-билүү ишмердиги.** Балдардын байкоосу үчүн педагог бул ишмердикти жетектеп, балдардын өнүгүүсүнүн деңгээлине ориентр алышы керек. Байкоо учурунда баланын белгисиз нерсени көрүүсүнө, мурдатан тааныш, байкалбаган нерселерди кароосуна аракет кылуу керек. Бул балага жакшы тааныш көрүнүштөрдүн күтүлбөгөн жактарын көрсөтүүгө, өзүнүн жеке «ачылыштарына» алып келет, ага таанып-билүү кубанычын сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Байкоо процессинде педагог эмоционалдык маанайды колдойт. Байкоого балдардын активдүүлүгүн жана

кызыгуусун колдоо үчүн педагог оюн учурларын, аңгемелешүүдө суроолорду пайдаланат, өзү туура эмес божомолдоолорду айтып, балдарды талкууга тартып, аларды өз алдынча туура чечимге келүүгө түрткү берет.

Балдар жаратылыштагы сезондук көрүнүштөр менен таанышып жатып, «жандуу» жана «жансыз» жаратылыштын бири-бири менен байланыштарын жана көз карандылыгын билишет. Жаратылышка экскурсиянын, сейилдөөнүн башкы мааниси, жаратылыштын көрүнүштөрүн жана объектилерди табигый абалда жана бөлбөй, башка объектилер менен бирге карайт. **Балдар жаратылыштын биримдүүлүгү жана ар түрдүүлүгү жөнүндөгү билимге муктаж болушат. Муну менен аларда байкагычтык, жаратылышты билүүгө кызыгуу пайда болот, жеке тажрыйбасы байыйт.**

Күзүндө күн кыскарып, түн узарaарын балдар билишет. Эртең менен суук болуп, шүүдүрүм түшүп, өзөндөрдүн үстүн туман каптайт, суук жамгыр бат-бат жаайт, адамдар куртка, плащ кийишет. Күздүн ар түрдүү мезгилиндеги экскурсияларда, сейилдөөлөрдө педагог жандуу жаратылыштын өзгөрүүлөрүнө байкоону уюштурат. Ал күздүн ар түрдүү мезгилинде дарактардын жана бадалдардын абалына көңүлдөрүн бурдурат: эрте күз – жалбырактар али түшө элек, саргайышкан, бирок толук эмес, чөптөр жашыл бойдон, клумбаларда чөп сыяктуу өсүмдүктөр гүлдөп турат, бакчаларды жашылчалар, бакта – мөмөлөр бышып турат; адамдар түшүм жыйнап жатышат. Күздүн ортосунда жалбырактар сары, кочкул кызыл; гүлдөр соолуй, чөптөр кургай, саргая баштаган, адамдар: картошканын, кызылчанын, сабиздин түшүмүн чогулта башаташат. Бул «Алтын күз» учуру. Акыркы экскурсия кеч күздө уюштурулат. Бул эртең мененки биринчи жолку суук учурга туш келет. Канаттуулар түштүккө учуп кетишти, а калгандары кыштоочулар, канттуулардын кээ бирлери токойдон жана тоолордон адамдардын жашаган жерлерине жакын келишет, курт-кумурскалар жок, бул жерден жем таап жесе болот. Дарактардын жалбырактары жок, жашыл боюнча карагайлар жана арчалар гана калышат. Суулардын жээктеринде муз каптай баштайт. Жаратылыш кышка даярдык көрө баштайт. Жаратылыштагы сезондук өзгөрүүлөргө байкоону уюштуруу методикасы жаратылыш көрүнүштөрүнүн динамикасын көзөмөлдөйт, бул мезгилдин өзгөчөлүгүн, коoздугун көрсөтөт. Байкоолор балдардын алдына жандуу жана жансыз жаратылыштын ортосундагы көрүнүштөрдү, татаал эмес байланыштарын ачууга мүмкүнчүлүк берет.

Мындай байланыштар элдик жөрөлгөлөрдө жакшы чагылдырылган. *Мисалы*, сентябрдагы күндүн күркүрөшү жылуу күздөн кабар берет. Күндүн кызыл болуп батканы – кургак аба-ырайын билгизет. Булуттар жапыз болсо – жакында күн сууктайт. Чабалекейлер жапыз учса – жамгыр жаайт. Канаттууларга күз мезгилинде байкоо жүргүзүү, аларды «келгин куштар», «кыштап калуучулар» деген түшүнүктү калыптандырат. Педагог балдар менен аңгемелешүүдө аларды маанилүү суроону чечүүгө алып келет: «Кээ бир куштардын түштүккө учушуна эмне себеп?», «Эмне үчүн кээ бир канаттуулар кыштап калышат?».

«Кыштап калган» түшүнүктү балдарга калыптандырууда, педагог балдардын көңүлүн кээ бир канаттуулардын парктан, токойдон адамдардын жашаган жерине жакын учуп келишине (көчмөн канаттуулар) бурат. Канаттуулардын мындай көчүшүнүн себеби, жемдин жетишсиздиги болот. Балдар мындай жыйынтыкка канаттууларга жасаган байкоолордон кийин келишет, адамдардын жашаган жерине жакын келген канаттуулар жетишерлик жем таап жешет, кээ бир канаттуулар кыш мезгилинде жемдин түрүн да өзгөртүшөт. Келгин жана кыштоочу куштар жөнүндөгү билимди «Эмнелер түштүккө учушат?», «Кыштоочу куштар» деген дидактикалык оюндар бышыктайт. Балдардын көңүлүн жаныбарлардын (жырткычтардын), алар үчүн тамак-аштын жок болушуна байланыштуу сырткы чөйрөнүн шарттарына өзгөрүп, ыңгайлашып, жашашына буруу керек.

Балдар сууктун түшүшү менен кээ бир жаныбарлар чээнге кирип, укташаарын билишет (аюу, кирпи, хомяк, кур бака, бака), башкалары өздөрүнө тамак тапкан жерлерге

жайгашышат (марал, бугулар), үчүнчүлөрү өздөрүнө тамак даярдап алышат (тыйын чычкан). Балдардын көңүлүн кээ бир жаныбарлардын жүнү коюу болуп каларына, түсү өзгөрүшүнө буруу керек: коен боз түстөн ак түскө, сары тыйын чычкан боз түскө алмашат. Көркөм чыгармадагы адабияттардан балдар жырткычтар, канаттуулар кандай кышташарын, катуу суукка кантип ыңгайлашарын билишет. Кышкы экскурсияны да күзгү экскурсия болгон жерде өткөрүү талапка ылыйык болот. Бул аны жүргүзүүнү байытат жана жеңилдетет. Экскурсияны скверде, паркта, бала бакчанын участкасында жүргүзсө болот. Кышкы экскурсияны дарак өсүмдүктөрүнөн: дарактардан жана бадалдардан байкоону башташат.

**Дарак өсүмдүктөрү менен таанышууда** педагог балдардын көңүлүн дарактын бадалдан айырмасына, өзгөчөлүктөрүнө бурат. Даракта демейде бир же эки өзөгү, жерден бийик жайгашкан көп бутактары, ал эми бадалда көп сөңгөгү бутактары менен жерге жакын жайгашат. Сөңгөгү жана бутактары дарактын же бадалдын сөлөкөтүн түзөт. Педагог балдарга дарактын сөлөкөтүнө көңүл бурууну сунуштайт б.а., анын сөлөкөтү айрыкча ачык жерлерде даана көрүнөт. Балдардын ар түрдүү дарактарды жакшы кабыл алышы үчүн педагог алдын ала ошол жерге мүнөздүү, бири биринен өтө айырмаланган 2–3 дарактын сөлөкөтүнүн сүрөтүн даярдап коет: тал, клен, кайың. Педагог балдар менен аңгемелешүүдө тал кайыңдан эмнеси менен айырмаланаарын тактайт. Бул дарактар ар түрдүү сөлөкөткө ээ экендиги такталат б.а., өзөктөрү, кабыгынын түсү боюнча, бутактары, ар түрдүү бүчүрлөрү менен айырмаланышат. Балдар бутактагы бүчүрлөрдү карашып, айырмасын аныкташат. Тарбиялануучулар менен аңгемелешүүдө дарактар менен бадалдардын ар түрдүү экендиги жөнүндө түшүнүк калыптанат. Экскурсияда балдар бул өсүмдүктөрдүн жемиштерин чогултушат, б.а., кээ бир дарактар жана бадалдар кышында гана бутактарынан мөмөлөрүн ташташат (клен, сирень, липа ж.б.). Чогулган түшүмдөрдү канаттууларга жем кылып берсе болот. Кийинки экскурсияны бала бакчанын аймагында же аларга жакын жерде жайгашкан ийне жалбырактуу дарактар менен бадалдардын (арча, кайың, крыжовник) айырмачылыктарын изилдөөгө буруу керек. Педагог балдар менен сүйлөшүп жатып, алардын көңүлүн карагай менен арчанын сөлөкөттөрүнө, бутактарынын жайгашуусуна бурат. Жалбырактарын кароодо карагай менен арчанын ийнелеринин айырмасын аныкташат: арчада алар кыска, ток жашыл, кезектешип жайгашат, карагайдын ийнелери узун, ачык жашыл жана бутактары жупташып жайгашат. Педагог клендун, талдын жалбырактарына караганда карагайдын ийнелери – 3–4 жылга, арчаныкы 5–7 жылга турарын айтат. Педагог таанып-билүү ишмердигин суроолорду берүү менен активдеширет: «Эмне үчүн бул дарактар дайыма жашыл болуп турат?»

Балдардын айткандарын угуп, күзүндө жалбырагын төгүп, жылаңач калган жалбырактуу дарактардан айырмаланып, ийне жалбырактууларда бир мезгилде түшпөйт, ошондуктан көпчүлүгү дарактарда каларын түшүндүрөт. Мындай дайыма жашыл болуп турган дарактар адамдарды кызыктырып келген. Көптөгөн жылдардан бери алар менен жаңы жылды жасалгалашкан. Ийне жалбырактуу дарактардан тобурчактарын алышат. Алар ар түрдүү: жашыл, толук жабылганы – бул жаштары, а күрөң жана ачыктары – эскилери. Тобурчактарда уруктар жайгашкан, алар кышында тобурчактардан агып калышат, шамал аларды дарактардан алыс алып кетет. Ийне жалбырактуу дарактардын уруктары менен канаттуулар, жырткычтар тамактанат.

Дарактарды кыюу, токойдогу өрттөр токойлордун жок болуп кетишине алып келет. Дарактар жок болсо – канаттуулар, жырткычтар, курт-кумурскалар, чөптөр, козу карындар жок болот, суулар соолуйт.

Экскурсиядан кийинки сабакта, педагог балдар менен бирге ийне жалбырактуу дарактар менен жаныбарлардын байланышын дарактардын жана жаныбарлардын сөлөкөтүн пайдаланып, эмнелердин жашоосу бул дарак менен байланышканын (тыйын чычкан,

коен, сагызган, чычкан, коңуз, жөргөмүш) карап көрүшөт. Балдар педагог менен биргеликте эмне үчүн бул жаныбар бул жерге жайгашып калганын түшүндүрүшүп, карагайда жана арчада ар биринин ордун аныкташат.

***Кышкы мезгилде балдар кыштап калган канаттуулардын жашоосуна байкоо салышат.*** Узак мөөнөткө байкоо жүргүзүп, эксперименттин элементтерин жасаса болот. Мисалы, кадимки эле жемге жаңыларды чакырыш үчүн – ашкабактын, дарбыздын, күнкараманын данегин кошушат: күнкараманын данегине көгүчкөндөр көп келишет. Чоң канаттуулар (каргалар) аяр болушат, ошондуктан жем берген жерге келгенден коркушат. Педагог аларга жемди түз эле кардын үстүнө же тынч бир бурчка берүүнү сунуштайт. Байкоолор балдарга көп «ачылыштарды» ачат: карга тойгондон кийин ашкан тамакты карга көмүп коет, канаттуулар тамак жей турган мезгилди билишет, аны күтүп дарактардын бутактарында отурушат.

**Жаратылыштагы өзгөрүүлөргө байкоо жүргүзүү жазгы мезгилде да уланат.** Мындай экскурсияны паркта, скверде жүргүзсө болот. Бул жерде негизги дарактарда бүчүрү ачыла электе дарак гүлдөй баштайт. Дарактардын жазгы козголуусу – бул аларда шире кыймылынын башталышы болот. Эгерде ширенин жазгы кыймылы башталса, бутактын сынган жаракаларынан ачык түстөгү суюктук ага баштайт.

Педагог балдардын көңүлүн, бул көрүнүшкө бурат: өсүмдүктөр ширеси жок болсо, бат куурап калышат, ошондуктан жараны ылай же пластилин менен шыбап салыш керек.

Эрте гүлдөгөн дарактардан балдарга тал, бадалдардан – сирень тааныш. Бул өсүмдүктөрдүн артыкчылыгы – жалбырагы чыкканга чейин гүлдөшөт. Бул жөнүндө айтып, педагог аларды проблемалык-изилдөөчүлүк кырдаалга тартып, балдардын көңүлүн активдештирет. Ал балдар менен бирге жаратылыш көрүнүштөрүнө, суроо берип, анализ жүргүзөт.

Балдар дарактардын бутактарын (талдын) көңүл коюп карашып, бир да жалбырак таппай, суроо беришет: «Ачылып калган эмне болгон бүчүрлөр?». Педагог бул гүлдүн бүчүрлөрү экенин түшүндүрөт б.а. гүлдөр ачылды – дарактар гүлдөй баштады. Балдар үчүн бул ачылыш, б.а., алар буга чейин чөп өсүмдүктөрүнүн, мөмө берүүчү дарактардын гүлдөгөнүн көрүшкөн.

Педагог алманын гүлдөгөнү менен талдын гүлдөгөнүндө айырма боюнча суроо берет. Талкуудан кийин балдар клен сыяктуу даракта гүлдөрү кооз эмес, жыты начар, аларда шире жок, бул курт-кумурскалар келбейт дегенди билдирет. Бул дарак кантип өсөт: жалгызбы же топ болуппу? Балдар байкоодон жыйынтык чыгарышат, алар бири бирине жакын өсүшөт. Педагог балдарга байкагандарына жыйынтык чыгарууга жардамдашат: эгерде курт-кумурскалар келбесе, анда бул дарактарга шамал жардам берет, ошондуктан гүлдөгөндө чаңдашууга тоскоол болбош үчүн гүлдөр эрте гүлдөйт.

Жазында мөмө берүүчү дарактар гүлдөгөн мезгилде балдар гүлдөрдүн жытына келген жапайы аары, аарыларды көп көрүшөт. Педагог курт-кумурскаларды гүлдөрдөгү шире – таттуу суюктук кызыктырат, курт-кумурскалар аларды жалайт же «сорот». Жапайы аары же аары, таттуу ширени татып, гүлдүн чаңына булганып чыгат, бутундагы, жонундагы чаңдарды башка гүлдөргө алып барат, аны чаңдаштырат, чаңдашуудан кийин урук пайда болот. Демек, курт-кумурскалар маанилүү иш жасашат экен – өсүмдүктөргө чаңдашууда жардам берет экен. Жазында балдар өсүмдүктөрдөн ар түрдүү курт-кумурскаларды көрүшөт: коңуздарды, көпөлөктөрдү. Сейилдөөгө чыкканда педагог коңуз жеген жалбыракты көргөзөт. Бул коңуз жалбырактардын четин жейт. Кошуна өсүмдүктөрдө жалбырактары тешилген, аны бирөө атайлап тешкендей тешик жалбыракты көргөзөт. Бул жалбырак жегич коңуздун кылганы. Көрсө, өсүмдүктөрдүн душмандары көп турбайбы. Курт-кумурскалардын душманы барбы? Бар – бул канаттуулар, курбака, бака жана жырткыч курт-кумурскалар. Кумурсканын жашоосу дайыма балдарды өзүнүн жаны

тынбаганы менен таң калтырып келет, үйүнө дайыма бир нерселерди: кандайдыр бир курттарды, чала өлгөн коңуздарды, көпөлөктөрдү, мителерди ташыйт. Бул курт-кумурскалар токойду зыянкечтерден тазалайт.

Канаттуулардын курт-кумурскалар менен тамактанарын балдар жакшы билишет, бирок курт-кумурскалар башкаларды кантип жегенине байкоо жүргүзүп көрүшө элек. Жаратылыш бурчуна эксперимент жүргүзсө болот. Банкага бутакты жалбырагы менен батырабыз, аларда мите – өсүмдүктөрдүн зыянкечтери бар. Бул бутакка дагы жырткыч курт-кумурска – эл кайда көчөт жайгаштырылат. Бир канча күндөн кийин жалбырактарды көңүл коюп карап, буларды көрсө болот: мителер бир топ азайган – аларды эл кайда көчөт жеп салган, кайрылып турган жалбырактар түздөлүп калган.

Бул келтирилген фактылардан жаратылыштагы тамак чынжырчасынын курулушун көрсө болот: өсүмдүк курт-кумурскалар үчүн тамак, курт-кумурскалар өздөрү – жырткыч курт-кумурскалар жана канаттуулар ж. б. үчүн тамак. Педагог балдар менен талаада, паркта, скверде сейилдеп же экскурсияда жүрүп, алар кандай канаттууларды, жаныбарларды, курт-кумурскаларды көргөндөрүн сурайт? Балдар көп жаныбарларды, канаттууларды, курт-кумурскаларды көрүшпөгөндөрүн айтышат, себеби, алар кайдадыр жашырынып жатышат, алар көрүнүшпөйт, чегиртке чырылдап, аарылар ызылдап, үндөрү гана угулуп турат.

Педагог балдардын көңүлүн бул жаратылыштын сыры, аны моделдердин жардамы менен жандырса болот деп билдирет. Моделге курт-кумурсканын маскасынын түсү берилет. Чегиртkенин келбетин жалпак тактайга коюп жатып, жашылды карага же жашыл фонго коюп педагог кайсы фондо чегиртке жакшы көрүнөт экен? – деп сурайт. Балдар чегирткени аныктаган фонду көрсөтүшөт – бул жашыл түс. Чегиртке же башка курт-кумурскалар эмнеден жашынышат? Жообу – канаттуулардан. «Жашыруучу маска» деген түшүнүктү бышыктоо үчүн балдарга «Жаныбарды «душманынан» корго» деген оюн сунушталат. Ар бир балага төрт чарчы кагаз берилет, жашыл, боз тактары менен, вертикалдык сызыктары менен, сары, ак, кара, ар кандай жаныбарлардын жалпак фигуралары берилет: жашыл бака, сары көпөлөк, күрөң коңуз. Балдар жаныбарларды ар кандай фондо жайгаштырышат жана кайда жашырса болорун аныкташат.

Педагог балдарга кызыл эл кайда көчөттүн фигурасын каалаган түстөгү төрт чарчылардын бирине жашырса болорун айтат. Балдар шашып калышат – эл кайда көчөт бардык фондо билинип калат, демек, аны канаттуу сөзсүз түрдө чокуп кетет. Педагог курт-кумурскада жашыруучу түс эмес, эскертүүчү түс экенин түшүндүрөт. Мындай түс эмне жөнүндө эскертет? Мындай коңузду жолуктурган канаттуу аларды чокубайт, анткени коңуз жагымсыз жыт менен күйгүзүүчү суюктук бөлүп чыгарат. Бир жолу мындай «даамсыз» коңузду жеп алып, кийин канаттуу аны айланып өтүп калат, мындай «таттууга» көңүл бурбай калат.

Балдардын жандуу бурчундагы уюшулган практикалык ишмердик өсүмдүктөр жана жаныбарлар үчүн «жашоо чөйрөсү» деген маанилүү түшүнүктү калыптандыруу үчүн негиз болуп берет. Бул иштин максаты – тирүү жандар – жандуу жаратылыш бурчунун жашоочулары – өсүмдүктөр жана жаныбарлар тарбиялануучулардан дайыма көңүл буруу жана камкордукту талап кылат, б.а., алардын жашоосу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылуу зарыл: тамак, таза аба, жылуулук, жарыктын жетиштүүлүгү, ным, топурак. Жаратылыш бурчунда дежурстводо болгондо балдар өсүмдүктөрдү, жаныбарларды кароо боюнча көндүмдөргө ээ болушат, иштерин өз алдынча жүргүзө алышат: өсүмдүктөрдү сугаруу, суу чачуу, клеткадагы жаныбардын алдын тазалоо, анча татаал эмес жемди даярдоо жана аны берүүнү билишет. Иштин жүрүшүндө балдар ич ара багылгандарды кароону бөлүштүрүп алышат.

Чоң балдар жаратылыш бурчундагы жаныбарларга узагыраак байкоо жүргүзүшөт. Бул убакытта алар тирүү жандар менен жакындан таанышышат. Аквариумдагы балыктарды

узак мөөнөткө кароонун натыйжасында педагог балдар менен аквариумда балыктарды кандай шартта кармоо керектиги боюнча жалпылоочу аңгемелешүүлөрдү жүргүзөт. Педагог аларга «Аквариумдун» моделин, аппликациянын жардамы менен фланелеграфта же магнит доскасында түзүүнү сунуштайт. Тапшырма балдарга аквариумдун бөлүктөрүн ирети менен коюу сунушталат (суу, топурак, балыр, жем, абаны тазалоо үчүн компрессор, аквариумду жарык кылуу жана жылытуу үчүн лампочка). Мындай жол менен балдарда аквариум – бул балыктар үчүн искусство чөйрөсү, ал адамдардан көңүл буруууну жана көзөмөлдөөнү, керектүү шарттарды түзүп берүү керек деген түшүнүк калат.

Байкоо жүргүзүү изилдөө жана эксперимент жүргүзүү менен айкалышат, анын жүрүшүндө жаратылыштын объектилерине таасир этүү мүмкүнчүлүгү ачылат. Балдардын анча татаал эмес тажрыйба жүргүзүүлөргө катышуусу предметтерден жана көрүнүштөрдөн жаңы сапаттарды ачууга мүмкүнчүлүк берет. Балдар менен фасолдун, горохтун ж. б. уругунун өсүү шарттарын байкоо тажрыйбасы жүргүзүлөт. Балдар педагог менен урукту кандай шартта өстүрүүнү аныкташат: жетишерлик нымдуулук же анын жетишсиздиги. Уруктун ийгиликтүү өсүшү үчүн анализдер, анын өсүшү үчүн жылуулук жана нымдуулуктун зарылдыгын көрсөттү. Мындай иштер жаратылыш жөнүндө билимдердин баалуулугуна, маанилүүлүгүнө ишендирет. Бөлмөдөгү гүлдөр менен иш алып баруу менен өсүмдүктөрдүн көп экендиги, алардын жашашы үчүн ар кандай шарттардын болушу, көбөйтүү жолдору жөнүндө түшүнүктөрү кеңеет. Балдар алардын өсүүсүнө, өнүгүүсүнө жыл бою байкоо жүргүзөт.

Фиалка кооз гүл, узак мөөнөткө гүлдөшү, жалбырактарынын формасы менен айырмаланат. Бул гүлдүн көбөйүү жолдору менен таанышууда (жаштарын бөлүп алуу, калемчелеп тамырлатуу) балдар бөлмө гүлдөрүн вегатативдик көбөйтүү көндүмдөрүн, жаштарын кароону, алардын өсүүсүнө байкоо жүргүзүүнү үйрөнүшөт.

Жаратылыш бурчунда пияз сымал өсүмдүктөрдү өстүрсө болот. Пияз топтому өсүп чыкканда, аларды жайында өзүнчө идиштерге отургузушат. Бөлмө өсүмдүгүнүн мындай көбөйүшүн балдар жеңил өздөштүрүшөт, жаш өсүмдүктөрдү кароодо, бардык агротехникалык иш-чараларды аткарышат. Көпчүлүк бөлмө өсүмдүктөрүн тамыр чыгаруу менен көбөйтүшөт, мектепке чейинки мекемелердин көпчүлүгүндө практикаланып жүрөт. Бардык өсүмдүктөр үчүн калемчелеп көчүрүү мезгили – жаз же күз.

Чөп сыяктуу өсүмдүк колеусту калемчелеп көбөйтсө болот. Бул өсүмдүк балдарды өзүнүн ачык түстөгү жалбырактары менен кызыктырат, кароодо кыйынчылыгы жок, топурагын жана абанын нымдуулугун туура кармаса, бат көбөйөт. Мындай мезгилде балдар байкагыч болушат, өз убагында жаш өсүмдүктүн өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү байкап турушат, албетте, аларга жаратылыш бурчунда дежурство убагында берилген бардык тапшырмаларды аткарууда педагогдун жардамы керек. «Жаратылыштын календары» менен уюшулган системалык иштер жылдын ар кандай мезгилдеринин өзгөчөлүгүн көргөзмөлүү сунуштайт, жандуу жана жансыз жаратылыштын өз ара байланышын орнотуу, жансыз жаратылыштын шартында кандайдыр бир өзгөрүүлөрдөн жаратылыштын жандуу объектилеринин өсүүсүнүн, өнүгүүсүнүн көз карандылыгын көрсөтүү: жамгырдын көп жаашы же жаабай коюшу, күндүн тийиши же бүркөө болушу, шамал же шамалдын болбошу. Жандуу жаратылышты бир жыл ичинде байкоону педагогдун жетекчилиги менен «жаратылыш календарында» балдар өз алдынча жүргүзүшөт. Мындай иштер балдарда анализ жасоо, байкагандарын жалпылаштыруу, байкагандарынын эң башкысын графикалык чагылдыра билүү жөндөмдүүлүгүн ойготот. «Жаратылыштын сезондук күрүнүштөрүнө байкоо жүргүзүү календары» менен иштөө ай сайын бир жума аралыгында жүргүзүлөт. Аба-ырайын күн сайын байкоо шарттуу белгилер, жандуу жаратылыштын абалы, учурдагы жаратылыштын абалын чагылдырган сүрөттөр

(жалбырактардын түшүшү, канаттуулардын учуп кетиши, биринчи кар ж. б.) менен белгиленет. Жандуу бурчтагы өсүмдүктөрдүн өнүгүүсүн жана өсүүсүн байкоо календарында белгилөө. Жума сайын педагогдун жетекчилиги менен өсүп жаткан өсүмдүктүн сүрөтүн тартышат, шартын, агротехникалык чараларын көрсөтүшөт. Өсүмдүктүн уругун жетилтүү мезгилинин аягында календардын барагынын сериясы топтолот, өсүмдүктүн бул түрүнө мүнөздүү өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү жана ырааттуу өсүүнү чагылдырат. Тосмого чогултулган календардын барактары конкреттүү өсүмдүктүн өнүгүүсүнүн графикалык моделине айланат. Бул модель менен балдар өсүмдүктү өстүрүүнүн ыңгайлуу жана ыңгайсыз шарттарын аныктай алышат, б. а., анализ жасап жана тиешелүү жыйынтыктарды чыгара алышат.

Таанып-билүү ишмердигинде балдар өзүнүн жериндеги ар кандай жаныбарлар, өсүмдүктөр менен таанышышат. Биздин республиканын өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү ар түрдүү. Балдарда экскурсиядагы байкоолордун эсебинен жаратылыштагы өсүмдүктөрдүн жашоосунун ар түрдүү шарттары жөнүндө тиешелүү түшүнүктөр калыптанган.

Жыйынтыктоочу аңгемелешүүдө балдар жаратылышта бир эле участкада өсүмдүктөрдүн өсүүсү ар түрдүүчө болот, бирөөнүн көрүнүшү чоң, башкаларыныкы кичине, кээ биринде өтө эле кичине болот. Кандай шартта бул өсүмдүктөр «ынтымактуу» болуп биригишет? «Өсүмдүктөр коомчулугу» деген алгачкы түшүнүктү калыптандыруу үчүн балдардын тажрыйбасына, жаратылыш менен байланышына, алардын чөп, дарак, бадал өсүмдүктөрү жөнүндө билимдерине таяныш керек. Балдарга өсүмдүк жансыз жаратылыштын шарттарынан ажыратылып (топурактын өзгөчөлүгү, нымдуулуктун көптүгү же жетишсиздиги, күндүн жарыгы, шамал ж. б.), бул өсүмдүктөр менен тамактанып жашаган жаныбарларсыз жашабасын жакшы белгилүү.

Балдар дайыма жаратылыштан кандайдыр бир жаныбарды: канаттуулардын балапандарын, кичинекей жырткычтар, бакаларды алып келүүгө даяр болушат. Аларга жаныбарлар ата-энелерисиз өлүп каларын, аларга өздөрү жашаган чөйрөсүз жаман болорун түшүндүрүү керек. Бадалдар көп өскөн токойдо жөргөмүштүн желесине чалынышы мүмкүн. Ар бир мындай жолугушууда аны бузууга аракет кылышат, туура эмес! Жөргөмүш – желенин кожоюну – ал өз кезегинде ар түрдүү курт-кумурскаларды, көбүнчө чымынды кармайт, ошондуктан аны талкалабай, айланып өтүү керек.

Балдар жазында, жайында суу алган жерлерден кичинекей балыктарды көрүшөт, кээ бир балдар колдору менен кармай башташат, сууда чуркап, коркутушат. Мындай учурда балдарга туура эмес жасап жаткандарын түшүндүрүү керек. Эл арасында, эгер кур баканы кармасаң, колдоруңа аныкындай сөөл чыгып кетет деген түшүнүк бар. Андай туура эмес түшүнүк. Кур бакалар пайдалуу болот, алар огороддун, бактардын, жүзүмзардын зыянкечтерин жок кылышат. Алар өздөрүнүн жабышчаак тилдери менен жанынан өткөн курт-кумурскаларды жок кылышат. Эгерде бала булар жөнүндө чындыкты билсе, эч убакта аларга зыян кылбайт.

Өсүп туруучу коомдогу токой, талаа, шалбаа, бактар, аларда ар түрдүү шарттарга ыңгайлашып жашаган жаныбарлардын жашоосун эсепке алуу максатка ылайык. Ар кандай коомчулуктун негизги өзгөчөлүгү болуп, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын биргелешип жашоого ыңгайлашуусу. «Талаа» деген түшүнүктү калыптандырууда, педагог «Талаа» деген картинаны көрсөтөт, анда чөптөр, дарактар, бадалдар жаныбарлар: кош аяк (чычкан), суур, талаа түлкүсү чагылдырылган.

Педагог балдарга суроого жооп берип, тапшырманы чечүүнү сунуштайт: «Эмне үчүн бул өсүмдүктөр бул участкада бирге өсүп жатышат? Кандай өсүмдүктөр? Бул бетеге, сөксөөл, сары акация. Сүрөттө чагылдырылган жаныбарлар, кайда баш калкалашат? Жаныбарлар – бул майда кемирүүчүлөр (талаа-чычкандары), кош аяк

(чычкандар), суурлар ийиндеринде жашынышып, кышында ийиндеринде уктап өткөрүшөт. Баарынын организмдери кургак климатка ыңгайлашкан. Шалбаанын модели курулат, анда өсүмдүктөр – ар түрдүү, жаныбарлар – канаттуулар, кемирүүчүлөр, курт-кумурскалар.

Жогорку топто балдар экологиялык мазмундагы дидактикалык тапшырмаларды аткарышат: предметтерди белгиси боюнча айырмалоо, группалаштыруу, классификациялоо, өнүгүү стадиясынын ырааттуулугун орнотуу ж. б. Бул жерде негизги орун сөздүк жана стол оюндарына, жаратылыш материалдары менен оюндарга берилет.

Экологиялык тарбия жана билим берүүнүн маңызы ар бир киши жаратылыш жөнүндө билим алууга, жаратылыш дүйнөсүнө, анын коолдугуна кирүүгө, жаратылыш – Жер жүзүндөгү бардык жашоонун негизи экенин, адам анын бир бөлүгү экенин түшүнүү болуп эсептелинет. Баланын психологиялык өзгөчөлүгүнө таянып, экологиялык билим берүү тапшырмасынын негизинде экологиялык маданияттын фундаменти жайылтылат. Бул учурда баланын жашоосунда ачык, образдуу, эмоционалдуу таасирлер топтолот, экологиялык билимдер, билгичтиктер жана жаратылыш менен мамиле түзүүдө ага көндүмдөр таасир этип, шаттыкты, таңгалууну, кубанууну чакырат, гумандуу сезимдер, анын ичинде бардык жандууларга жоопкерчилик деген сезим өнүгөт жана өсөт.

Жаратылышта, паркта, скверде, бала бакчанын участкасында экскурсия байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын дүйнөсүнүн өзгөчөлүгү менен таанышууга, жаратылыш менен байланышууда экологиялык маданияттын көндүмдөрүн пайда кылат.

Жандуу бурчта, участокто балдардын эмгегин уюштуруу, аларда жандуулардын баарына гумандуу мамиле кылуу көндүмдөрүн, башка дагы билгичтиктерди калыптандыруу, өзүнүн билимдерин аң-сезимдүү колдонуу үчүн шарт түзүлөт.

Жашыл өсүмдүктөр шаар/айылдын «өпкөсү», андан адамдардын ден соолугу көз каранды. Балдарды «жашыл досторго» аяр мамиле кылууга тарбиялоо – экологиялык тарбиянын башкы милдети. Бала жаныбарларга караганда, өсүмдүктөр менен көбүрөөк байланышат, ошондуктан ал кичинекей кезинен баштап эле жашыл дарактарды отургузууга кызыктар болушу керек.

Балдардын улуулар менен бирге өзүнүн короосун, бала бакчанын аянтчасын жашылдандыруусу, курчап турган дүйнөгө аяр мамиле кылуусу алардын экологиялык маданиятын байытат.

# Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу

## Экинчи кенже топ (төрт жаштагылар)

**Сан.** 3–4 жаштагы балдардын предметтердин ар кандай белгилерин жана касиеттерин ажырата билүү жөндөмү – педагогдун ишинин маанилүү натыйжаларынын бири болуп саналат.

**Белги – бул** сезүү органдарынын жардамы менен кабылданган предметтин сапаты, мис., түс, форма, көлөм, жылуулук, оордук, катуу үн ж. б.

**Касиет – бул** предметтин сапаты, анткени, башка предметтер менен өз ара аракетте ачыкка чыгат: магнит менен тартылат, чөкөт, ным болот, эрийт ж. б.

Экинчи кенже топто билим берүү процессин колдон келсе ушундай уюштуруш керек, анткени мугалим кандайдыр бир кызыктуу нерсени айтып жатса, балдар аны турмуштун табыгый бөлүгү катары кабылдашы керек, ошондуктан балдар каалоолору менен жасашат, тартышат, конструкциялашат, коллективдүү коллаждарды түзүшөт.

**Бул үчүн чыгармачыл, продуктивдүү ишмердүүлүккө математикалык мазмунду киргизүүнүн ыкмаларын активдүү колдонуу зарыл.**

- Бул курактагы **балдардын эркин катышышын** педагог билиши керек. Столго милдеттүү отургузганга болбойт. Ар бир бала убакытты жана сабакка катышуусунун интенсивдүүлүгүн өзү белгилейт. Албетте, сабактын узактыгы балдардын кызыгуусуна жараша жана алардын чарчоосунун даражасына жараша вариацияланышы мүмкүн.

Сабакта көптүк жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу, ар кандай белгилери боюнча топтоштуруу, жайгаштыруу жана салыштыруу ыкмалары менен көптүктү салыштыруу (окутууга чейин балдар сан атоочтордун жардамы аркасында бир көптүктү экинчисине жайгаштыруу менен, бир көптүктүн элементин башкасы менен өз ара жайгаштырууга, андан соң бир көптүктү башкасына салыштырууга үйрөтүү керек) жөндөмүн өнүктүрүү боюнча негизги предмет болуп сандык тарабы, б. а., аз менен көптүн ортосундагы мамилелерди түшүнүүнү тактоо эсептелет.

Экинчи кенже топто мындай маселелерди чечүү үчүн төмөндөгүдөй негизги бөлүмдөр каралат:

***Айрым предметтерден көптүктү түзүү жана бир предметти көптүктөн бөлүү.*** Предметтерди топтоштуруу үчүн предметтердин белгилерин бөлүп көрсөтүү, табуу жана атоо зарыл. Ошондуктан алгач бир белгиси боюнча топтоштурууга үйрөтөт, мында калган башка белгилери жок болушу керек же балдар үчүн болбогондой болушу зарыл. Мисалы, бардык машиналарды төмөнкү текчеге койгула, ал эми куурчактарды жогорку текчеге койгула (аталышы боюнча). Предметтерди топтоштуруу боюнча сунушталган белги балдардын курагы боюнча, б. а., эки, үч же андан ашык белгилери боюнча, (аты-түсү- чоңдугу- формасы-саны) татаалдашат. Мисалы: чоңдугу жана формасы боюнча фигура айырмалангандай кылып чынжырча түзүү. Бир өңчөй жана контрасттык предметтерден топторду түзүү жана көптүктөн бир предметти бөлүп көрсөтүү, көптүк жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча көнүгүүлөр же оюндар балдар менен өткөрүлөт. Анткени көптүк айрым элементтерден түзүлөөрү, көптүк кантип айрым элементтерге ажыраары, ал эми айрым элементтер биригип, көптүктү түзөөрү көрсөтүлөт. Алгач бир өңчөй предметтердин көптүгү алынат. Көңүл «Канча?», «Көп», «Бир», «Бирөө да жок» деген сөздөргө бурулат. Мисалы: балдар ар түрдүү жалбырактарды чогултушат, педагог балдардын саны боюнча алардын ичинен бир өңчөй жалбырактарды алат (клендун жалбырагын) жана минтип айтат: «Менде көп жалбырактар бар. Менде канча жалбырак бар? (Көп). Мен силерге бирден таратып берем, сага бирди, сага бирди, сага бирди. Жалбырактар аз калгандан аз калат. Менде бир да жалбырак калган жок. Сенде канча жалбырак бар? (Бир). Менде канча? (Бирөө да жок)».

***Айланадагы шарттарда бир жана көп предметти табуу.*** Бөлмөдө бирөө эле жайгашкан предметти балдар көбүнчө тез эле таап алышат, бирок жыйындыны табууда кыйналышат. Ошондо мугалим балдарга көрсөтүү менен мындай абалды атайын түзөт: балдар, карагылачы, кызыл/көк тилкеде эмне көп? (тилкелерде оюнчуктар жатышы мүмкүн: кызылда 3 сары, 1 кызыл, ал эми көктө тескерисинче, 3 кызыл, 1 сары). Суроонун аркасында балдар бир өңчөй предметтердин тобуна көңүл бурушат.

3 жаштагы балдар бир топко мейкиндиктен бириккен предметтердин көптүгүн алгач ирет бөлүп көрсөтүшөт. Бул үчүн көнүгүү сунушталат, анда бир объектке көп предмет коюлат (бир бак, анда көп жалбырак; бир кол чатыр жамгырдын көп тамчылары), б. а., педагог мейкиндиктик-сандык анализге балдарды багыттайт. Бир көптүккө бирдей элементтерди ой жүгүртүп, синтездөө жөндөмүнө багыттайт жана алардын көз алдына бир бүтүндүктүн жыйындысын атоону сурайт.

Бир жана көп предметтер тилке боюнча да, бир объект боюнча да чектелген эмес. Балдар ой жүгүртүү менен аларды топко бириктирет. Мисалы, текчеде бир куурчак, килемде бир мамалак, шкафта бир чыны. Калган столдордо ушул эле оюнчуктар жыйындысы боюнча жайгашкан: бир столдо көп куурчак, башкасында көп чыны, үчүнчүсүндө көп мамалак ж. б. Балдар аларга берилген санды издей баштайт. Тапшырма татаалдыгы боюнча жана балдардын өнүгүү деңгээли боюнча вариацияланышы мүмкүн. Мисалы, тапшырма: «Мага көп чыны алып кел» – бул баланын бир чыны кайда, көп чыны кайда экендигин айырмалай ала тургандыгын ачат. Тапшырма: «Кайсынысын каалайсың, бирдей оюнчуктарды алып кел» – бул баладан ал үчүн татаал болгон өз алдынча тандоону талап кылат. Ошондуктан сабакка чейин столдордун аралыгын, аларды оюнчуктардын жайгашуусун, кайсында көп, кайсында аз экендигин көрүүнү балдарга бирден барып же топ менен барып көрүүсүн сунушташ керек.

Бул оюндарды ойнотуу сунушталат:

- «Саякат» же «Поезд станциясы» (Педагог станцияда канча предмет бар экендигин түшүндүрөт. Туура жооп – экинчи станцияга кетүүгө уруксат берет);
- «Оюнчуктар дүкөнү» (бул үчүн көп оюнчуктар керек. Балдар канча оюнчук аларын өздөрү айтышы керек.);
- «Зоопарк» (Тордун ичинде ар түрдүү жаныбарлардын саны) ж. б.

Бардык оюндар көрсөтмө материалдардын аралыгы менен гана айырмаланышат.

***Бирдей өз ара окшоштук жолу аркылуу саны боюнча 2 топтогу предметтерди салыштыруу*** (жайгаштыруу, салыштыруу, жуптарды түзүү ж. б.)

**Жайгаштыруу** – жөнөкөй ыкма болуп саналат. Мындай кырдаалдагы көптүктүн элементтерин бир катарга жайгаштыруу зарыл. Оңдон солго карай ирээти менен предметтерди сүрөттөргө коюу. Аларды жайгаштырууну педагог түшүндүрүп берет. Жайгаштыруу ыкмасы төмөндөгү милдеттерди чечүүгө багытталган:

- ✓ сүрөттө кандай тартылса, ошондой кылып оюнчуктарды ага жайгаштыруу;
- ✓ оңдон солго карай колдун кыймылынын багытын айырмалоо;
- ✓ эмне жасалса, баяндоодо канча болсо, ошончо экендигин айтып колдонууга үйрөтүү.

Предметтердин ортосундагы аралык предметтин өзү менен тең келиши керек, жайгаштыруу үчүн мааниси боюнча сүрөткө окшоштугу бар кичинекей предметтер берилет. Проблемалык кырдаалдан башташ керек. «Бардык көпөлөктөргө гүл жетеби, б.а., көпөлөктөр менен гүлдөрдүн саны бирдейби». Педагог солдон оңго карай ар бир гүлгө көпөлөктөрдү кондуруп чыгат. «Бизде гүл канча болсо, көпөлөктөр да ошончо болду. Бардык көпөлөктөргө бирден гүл тийди». Ыкманы жасагандан кийин бул ыкма менен саны боюнча эки топтогу предметтерди салыштырууга балдарды үйрөткөн көнүгүүнү балдарга беребиз.

***Салыштыруу ыкмасы.*** Тапшырма жайгаштырууга окшош. Бир көптүктүн элементтерин экинчи көптүктүн элементтери менен салыштырууга балдарды үйрөтөбүз. Бирок тапшырма татаалдашат. Бала ар бир элементти өзү бөлүп чыгыш керек, о. э. мейкиндиктик аралыгын да өзү көрүш керек. Муну менен катар айрым элементтердин ортосундагы интервалды да сакташы керек.

> *Мисалы*, балдарга эки тилкеси бар кагаздын барагы таркатылат. Жогорку тилкесине жоогазындар жайгаштырылган, экинчисинде эч нерсе жок. Андан кийин жоогазындардын үстүнө каакымдар түшкөн кырдаал түзүлөт. Жоогазындар менен каакымдардын саны бирдейби? Андан соң ар бир каакым ирээти менен төмөнкү тилкесине жайгаштырылат (жел жүрүп кетти). Каакымдардын

ордунда эч нерсе жок. Жоогазындар менен каакымдардын саны бирдейби? – деген суроого жооп берүү менен балдар булардын саны бирдей экендиги тууралуу корутунду чыгарышат.

***Жуптарды түзүү.*** Бул салыштырууга окшош. Бирок карточка колдонулбайт. Мааниси жакын предметтер колдонулат. Алгач предметтер бир катарга коюлат. Мисалы, момпосуйлар менен куурчактарды сыйлайбыз. Берилүүчү суроого жараша оюнду ар кандай вариантта өткөрсө болот (Канча куурчак болсо, ошончо момпосуй. Бала жуптарды аныктайт, муну менен катар канча куурчак болсо, ошончо момпосуй же аз/көп экендигин айтат).

**Ар кандай анализаторлордун аркасында предметтерди саноого окутуу.** Балдарды курчап турган көптүк табияты боюнча ар түрдүү: окшош предметтердин көптүгү. Окшош үндөрдүн жана кыймылдардын көптүгү. Бул мүнөзү боюнча ар түрдүү көптүктөр ар кандай анализаторлор менен кабылданат: көрүү, угуу, булчуң ж. б. Тигил же бул анализаторлор тарабынан кабылданган окшош сезимдердин кайталанышы көптүк жөнүндөгү жалпы түшүнүктүн калыптанышына негиз түзөт. Ошондуктан балдарды эрте куррактан ар кандай анализаторлор менен көптүктү кабылдоого көнүктүрүү керек. Бир көптүктүн элементтерин башка көптүктүн элементтери менен салыштырууга үйрөтүү керек. Мисалы, угулган нерсени кыймыл менен берүүгө ж. б. Бул анализаторлордун ортосундагы байланышты бекемдөөгө жардам берет. Мисалы, үлгү боюнча аткаруу (канча болсо – ошончо, мен канча жолу кол чапсам, сен да ошончо жолу кол чап ж. б.). Экинчи кенже топто үлгү боюнча 1 же көп кыймылды (үндү) жасоо сунушталат. «Бири бирибиздин аркабыздан айланабыз» оюнунда балдар педагог канча кыймыл көрсөтсө, ошону жазбай кайталашы керек.

## Чоңдук

***Предметтин чоңдугу жөнүндө түшүнүк жана аны өлчөө.*** Конкреттүү мейкиндиктердин аталыштарын туура колдонуу жөндөмүн калыптандыруу (бул топтогу мейкиндиктик чоңдук болуп саналат: узундук, кеңдик, бийиктик, калыңдык) жана конкреттүү мейкиндиктердин аталыштырын мугалим туура атап бериш үчүн, предметтин чоңдугун билдирген аталыштарды дайыма кайталап туруу керек. Салыштыруучу белги боюнча көрсөтмө курал экинчи кенже топтун балдары үчүн абдан контрастуу болушу керек. Көрсөтүүнүн төмөнкү ыкмалары колдонулат:

- узундукту көбүнчө горизонталь боюнча солдон-оңго көрсөтөт;
- кеңдикти туурасынан кеткен ок боюнча төмөндөн-жогору көрсөтүү керек;
- бийиктикти – вертикаль боюнча төмөндөн жогору;
- калыңдыкты айлананын кесилиши боюнча.

Жалпак предметтерде узундук менен кеңдик гана бар, бийиктик жок. Салыштыруу жана жайгаштыруу ыкмаларынын жардамында узундугу, кеңдиги, бийиктиги, калыңдыгы боюнча эки предметти салыштырыш үчүн контрасттык өлчөмдөгү картон кесиндилерин колдонсо болот. Мисалы, бирдей кеңдиктеги узун жана кыска кесинди жана бирдей узундуктагы тар кесинди ж. б. Педагог бир кесинди менен экинчи кесиндини бири бирине коюу менен кесиндилердин узундугу менен кеңдигин салыштыруунун ыкмасын көрсөтөт. Салыштыруучу предметтерди бири бирине жайгаштырууда жана коюуда бир учунан баштап тегиздейт (сол тараптан), эгер бийиктигин салыштырса, бир тегиздикке экинчисин катар коет.

Чоңдугу боюнча предметтерди салыштырууда балдарга көнүгүү үчүн төмөнкүдөй тапшырмаларды берүү керек:

- столго коюлган ар кандай узундуктагы эки кесиндиден узунун, же тескерисинче кыскасын көрсөтүү;

- ➔ ар кандай узундукта сунушталган кесиндилерден үлгүдө берилген узундуктагы кесиндини табуу;
- ➔ эң узун кесиндини, андан соң кыскасын көрсөтүү керек;
- ➔ эки карандаштын ичинен узунун табуу керек, узунун үстүнө, кыскасын астына коюу керек.

Педагог балдардын тапшырманы кандай аткарып жатканын текшерет, тандалган предметтин чоңдугу жөнүндө айтууну сунуштайт, эмнеге ал бул предметти тандап алганын түшүндүрүп берүүсүн өтүнөт. Акырындап балдар мындай жооп берүүгө жетише баштайт: «Бул узун бутак», «Куурчак үйүнө көптө жетет, анткени жол узун», «Мен тар сызманын узундугун көрсөттүм».

Педагог предметтердин чоңдугун бири бирине салыштыруу жана карама-каршы коюу менен түшүндүрөт: «Кызыл сызма, көк сызмадан кыскараак, жашыл карандаш сарыдан жоон, сары жашылдан ичке». Мейкиндиктеги чоңдуктарды балдар аңдап билет. Бирок башкысы алардын аталыштарынын тактыгын билүү балдар менен жүргүзгөн педагогикалык иштен көз каранды. Балдар менен иштөөдө оюндук кырдаалдарга көбүрөөк орун бериш керек. Мисалы: «Машиналарды гаражга киргизебиз» (узун-кыска, бийик-жапыз), «Үйүнө ким биринчи келет?» (узун-кыска жол), «Куурчактар үчүн сызмаларды танда» (көк-кызыл). Билимдерди текшериш үчүн төмөндөгүдөй оюндар тандалып алынат: «Тап жана баянда», «Ал жакта эмне бар?», «Жубун танда». Мындай көнүгүүлөрдү аткаруу процессинде балдардын көз өлчөмү өнүгөт, өлчөмдүк катышты айырмалоо жөндөмүнө тажрыйба топтолот, бул билимдердин сезимдик негизин олуттуу кеңейтет; туура келген сөздөрдү предметтердин чоңдугуна карата колдонууга балдардын кеби байыйт жана жакшырат.

### Форма

**Геометриялык фигуралар менен балдарды тааныштыруу.** Балдар бул куракткы топто тегерек, квадрат жана үч бурчтук сыяктуу геометриялык фигураларды айырмалоого жана туура атоого үйрөнүшөт. Ар бир фигура бири бири менен салыштырууда таанылат. Тегерек менен квадратты салыштырууда, балдар аларды манжалары менен кармалап көрүүсү зарыл (тегеректин бети тегиз жана жылма, квадратта курч тоскоолдук бар). Педагог балдардан манжалардын кыймылын контур боюнча байкап, карап отурушун өтүнөт. Андан соң квадратка тегеректи коюп көрүүнү, айлана менен квадратты тоголотууну суранат (тегерек тоголонот, квадрат тоголонбойт). Педагог квадрат менен тегеректен поезд жасоону балдардан суранат. Мында поезд жүрүш үчүн дөңгөлөктөрү тоголок болушу керек. Тегерек квадрат менен салыштырылгандай, үч бурчтук менен да салыштырылат. Балдар ар башка түстөгү фигуралар менен аткарышат. Андан кийин фигураларды сөз менен тааныш үчүн көнүгүүлөр аткарылат: мисалы, «Мамалакка тегеректи, куурчакка квадратты бер»; «Жогорку текчеге тегеректи, төмөнкү текчеге көптөгөн квадрат менен үч бурчтуктарды койгула» ж. б. Үлгү боюнча тандоо үчүн көнүгүүлөр: «Ушундайын алып кел (бер, көрсөт, кой)». Үлгүнү колдонуу варианттуу болушу мүмкүн: фигуралардын формасына басым жасалат, анан түсү жана көлөмү мааниге ээ эмес; белгилүү бир түстөгү жана көлөмдөгү фигуралар каралат: «Бул эмне?», «Кандай түстө?», «Кандай көлөмдө?», «Предметтер эмнеси менен айырмаланышат?». «Эмнелери менен окшош?» Балдар муну менен предметтердин олутту белгилерин билишет. Сөздөр боюнча көнүгүүлөр: «Тегеректерди алып кел (бер, көрсөт, кой)». Варианттуу көнүгүүлөрдө белгилүү бир түстөгү, көлөмдөгү фигуралар колдонулат. Мисалы, «Ким биринчи үй курат?» Баланын алдында фигураларды тандоо турат. Балдар фигуралардын жайгаштырылышын байкашат жана алардын абалын сөз менен аныкташат. Дидактикалык жана кыймылдуу оюндар формасындагы көнүгүүлөр: «Тап», «Сыйкырдуу кап» ж. б. «Сыйкырдуу баштык» мектеп жашына чейинки балдарга абдан тааныш. Капта ар кандай

геометриялык фигуралар бар. Балдар капка колун салып, сыйпагылап, кармалап көрүп, көрсөтө турган фигуранын атын аташат. Эгер татаалдатууну кааласа, алып баруучу конкреттүү фигураны табууну буюрат. Бала керектүү фигураны тапканга чейин бир канча фигураны кармалап көрөт. Оюндун бул варианты жай аткарылат. Ошондуктан сыйкырдуу баштыктан ар бир балада болуусу максатка ылайык.

Мындай көнүгүүлөрдү аткарууда балдар түстү дагы тааный башташат. Аларда предметтердин чоңдугун билүү жөндөмү калыптанат. Геометриялык фигуралар жөнүндөгү билими бекемделет жана коммуникативдик ыктары өнүгөт.

**Мейкиндикте багыт алуу.** Курчап турган чөйрөнү таануу татаал процесс, сезимдик таануу башталат, балдарды эрте курактан мейкиндикте ориентир жасоого үйрөтүү абдан маанилүү. Экинчи кенже топтогу балдарда мейкиндик мамиле төмөндөгүдөй мейкиндиктик категорияларды көрсөтөт:

- ➔ өзүнүн денесинин бөлүктөрүнүн жайгашуусуна ориентир жасоо (баш, оң/сол кол, бут ж. б.);
- ➔ өзүнө салыштырмалуу ориентир жасоо.

Мейкиндикте ориентир жасоонун негизи болуп, өз денесинин бөлүктөрүн балдардын айырмалашы кызмат кылаарын изилдөөлөр көрсөттү. Бул өзгөчөлүктү эске алуу менен балдардын өз денесинин бөлүктөрүн, алардын аталыштарын билүүгө үйрөтүү керек, буга таянуу менен мейкиндиктик багыттар менен балдарды тааныштыруу зарыл. Бул курактагы балдарда күнүмдүк турмушунда ар кандай кырдаалдардын жүрүшүндө өзүнүн оң же сол колун, бутун, денесинин оң же сол капталын айырмалай билүүсү олуттуу мааниге ээ. Мисалы, машыгуу сабактарында «Оң-сол» көнүгүүсүн жасатуу.

*Педагог айтат:* Балдар, келгиле, тыйын чычканга кайсынысы оң колу, кайсынысы сол колу экендигин кантип айырмалоону айтып берели. Алгач биз өзүбүздүн оң жана сол колубузду аныктап алалы. Кутучадан кызыл түстөгү желекчени алып чыгып, балдардын оң колуна карматат. Бардыгыңар оң колуңарды көтөрүп, тыйын чычканга булгалагыла. Андан соң кутучадан көк түстөгү желекчени алып чыгып, балдардын сол колуна карматат. Эми сол колуңарды көтөрүп, тыйын чычканга булгалагыла. Педагог балдардын кыймылына, алардын көнүгүүнү туура аткарып жатканына көз салып турат. (Андан соң кутучодан султанчиктерди, кисточка формасындагы түстүү жумшак кагазды балдарга таратып берет). Колуңарга ар кыл түстөгү султанчиктерди алып, бири бириңердин артыңарга тургула. Музыка угулганда, бийлесеңер болот. Мен качан «Жогору» деп айтканда колуңарды жогору көтөрүп, султанчиктерди булгалайсыңар. Качан «Төмөн» деп айтканда отура калып, султанчиктериңерди катасыңар. Султанчиктериңерди оң колуңарга алгыла. Көнүгүүнү кайталайбыз. (Мындан кийин балдардын ичинен бирөөнү кутучада эмне калганын карап келүүсүн өтүнөт. Бала билерик алып чыгат. Педагог бир билерикти тыйын чычканга белекке берүүсүн жана анын оң аягына тагуусун суранат. Калган балдарга билерик таратылып берилет. Бардыгы оң колдоруна тагынышат). Эми тыйын чычкан кайсы аягы оң, ал эми кайсынысы сол экендигин билет.

Балдар оң жана сол колдорун айырмалап билип калышкандан кийин, тапшырманын жардамында денесинин симметриялуу бөлүктөрүн айырмалоону жана атоону үйрөнүшөт. «Оң колуң менен оң кулагыңды карма» тибиндеги тапшырма берилет. Эгер бала кыйналса, оң кулагы оң колу тарапта экендиги түшүндүрүлөт. Аз кыймылдуу «Дене бөлүктөрү» оюнун өткөрүү сунушталат.

*Мисалы*, педагог балдарга дене мүчөлөрүн айтуу оюнун сунуштайт, балдар аны көрсөтүшөт.

**Башым – кичинекей булбулум** *(башын сылайт);*
**Чекем – кичинекей буурчагым;**
**Мурдум – кетирекейим** *(көздөрүн жаап, мурдунун учтарын кармашат);*
**Жаактарым – кичинекей тоголокторум;**
**Көздөрүм – сырларым** *(ымдашат);*
**Кулактарым – укпастарым;**
**Колдорум – кармаактарым;**
**Манжаларым – балдарым;**
**Курсагым – кобураагым;**
**Буттарым – түрсүлдөктөрүм.**

Дене түзүлүшү жөнүндөгү билимдерди бекемдөө бардык сабактарда жүрөт (дене тарбиялык, музыкалык ж. б.).

***Өзүнө салыштырмалуу багыт алуу.*** Көнүгүүлөр үчүн предметтер бир же эки карама-каршы багытта балага жакын коюлат (сунулган колдон алыс эмес), багыттын сызыгы боюнча бир гана предметтен коюлушу керек. Суроолор: сенин сол жагыңда эмне турат? Топ сенин кайсы тарабыңда турат?

Балдар өздөрүнүн дене мүчөлөрү боюнча ориентир жасоолору керек. Менин оң колум оң жакта, менин бет алдымда, арт жагымда, башымдын үстүндө, бутумдун жанында ж. б.

*Мисалы*, «Эмне кайсыл жерде турат?» оюну. Бул үчүн оюнчуктар керек. Оюнда балдар тарбиячынын көрсөтмөсүнө ылайык мейкиндикте багытты сактоо жана өзгөртүү менен кыймылдоого үйрөнүшөт, мында кепте мейкиндиктик терминологияны колдонушат.

Педагог балдарга бардык оюнчуктар жашынып калгандыгын кабарлайт. Аларды табыш үчүн «шыбыроону» жакшылап угуу керек. Оюнчукту тапкандан кийин, бала кайсы багытта баскандыгын, кайсыл тараптарга бурулгандыгын жана оюнчукту кантип тапкандыгын айтып берүүсү зарыл. Балдар жогору-төмөн, алдыңда-артыңда деген багыттарды жеңил өздөштүрүшөт, ал эми оң-сол деген багыттар бир кыйла татаалдык жаратат. Бул багытта «Оюнчуктар дүкөнү» деген оюн ойнотулат. Мында балдар оюнчуктардын мейкиндикте жайгашышына жана суроолорго туура жооп берүүгө үйрөнүшөт.

«Дүкөн» деген жазуусу бар жазууну педагог балдарга көрсөтөт, балдар витринага жакын келишет, оюнчукту балдар ал кайсы жерде тургандыгын айтканда, б. а., мейкиндиктеги абалды айтканда гана сатып ала алышат.

Бул оюндар бир бала менен жекече ойнолуп, оюнчуктар анын айланасына жайгаштырылат жана суроо ушул балага гана берилет.

«Саякат» оюну элементардык план боюнча, мейкиндиктеги предметтердин өз ара жайгашыш абалын туура аныктоого көнүктүрөт.

***Педагог:*** – Балдар, бүгүн мен силерге сабактын ордуна саякатка чыгууну сунуш кылам. Силер макулсуңарбы? (балдардын жооптору).

***Педагог:*** – Саякатка биз автобус менен барабыз, жол алыс. Кезекке тургула.

Балдар эки колоннага биринин артынан бири турушат.

***Педагог:*** – Балдар автобустан орун алгыла.

«Автобус» – бул столдор, алар экиден катар жайгашып, алдыда бир гана стол бар.

Балдар тарбиячы менен бирге тартылган картага келишет.

***Педагог:*** – Балдар, силер мага кантип барабыз, жана кай тарапка бурулабыз (оңго, солго же түз), айтып тургула. Жана да оңдон, солдон эмнени көрдүк, аларды дагы айткыла.

***Балдар:*** – Мына кетип баратабыз, солдо кайың өсүп турат. Бурулушка жеткенде бурулабыз. Түз кетип баратабыз, солдо эки балаты, дагы эле түз баратабыз, карышкырды көрдүк. Мына, жомоктогу үйгө да келип жеттик.

***Педагог:*** – Азаматсыңар, балдар! Силер карта боюнча абдан жакшы ориентир жасадыңар. Эми биз адашпайбыз. Биз силер менен саякатка даярбыз.

Мындай оюндар тажрыйбаны жалпылаган сөздөргө акырындап ээ болууга мүмкүндүк берет. Бирок мейкиндиктик мамилелерди таанууда жетектөөчү ролду турмуштук тажрыйба да ойнойт. Ал балада ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө (оюндарда, эс алууларда, көркөм өнөрдө) мектепке чейин калыптанат. Мейкиндикти кабылдоодогу бул куракта сөзгө ээ боло баштайт.

***Убакытты билүү.*** Биз балдарды бардык кубулуштар убакытка жараша өзгөрүп турган, курчап турган дүйнө менен тааныштырабыз. Реалдуу көрүнүштөрдүн жайылышынын убакыттык мүнөздөмөсүн, алардын узактыгын, биринин артынан биринин болушун, өтүшүнүн ылдамдыгын, кайталанышын жана ритмин балдарга эрте жашынан баштап түшүндүрүшүбүз жана көрсөтүшүбүз керек. Ошондуктан убакытка ориентир жасоо боюнча маселени бардык курактык топтордогу сабактардын составдык бөлүгү катары пландоо керек.

Кенже топтордогу **балдарды «эртең менен», «күн», «кеч», «түн» түшүнүктөрү менен тааныштыруу керек** жана бул бөлүктөр сутканы түзөөрүн түшүндүрүшүбүз керек. Мындай бөлүштүрүү сутканын ар кайсы бөлүктөрүндөгү адамдардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу. Андыктан балдарды сутканын төрт бөлүгү, алардын айырмачылыгы жана сөздөр менен белгиленишин түшүндүрүү абзел. Конкреттүү аныктагыч болуп балдардын өздөрүнүн ишмердүүлүгү саналат. Ошондуктан, балдарды окутуу менен сутканын бөлүктөрүн убакыттык ырааттуулугуна жараша балдардын ишмердүүлүгүнүн конкреттүү, олуттуу белгилеринде көрсөтүү зарыл. Ишмердүүлүктүн кайсы түрлөрү сутканын ар кайсы бөлүктөрүнүн көрсөткүчтөрү катары пайдалануу сунушталат. Ишмердүүлүктүн ар кайсы түрлөрүнүн ичинен баланын күндө аткара турган ишмердүүлүктөрү бар. Ал белгилүү бир убакыттарда аткарылат: бул бала бакчага келүү, эртең мененки зарядка, түшкү тамак, түшкү тамактан кийинки уйку ж. б. Күнүнө бир канча ирет кайталануучу варианттуу ишмердүүлүктүн түрлөрү да бар, алар сутканын ар кайсы мезгилдеринде аткарылат: оюн, жууну, кийинүү жана чечинүү, эшикке чыгып эс алуу ж. б. Булар дагы сутканын бөлүктөрүнүн көрсөткүчтөрү катары колдонулат. Сутканын бөлүктөрү менен тааныштырууну өзү, балдардын конкретүү тажрыйбасы жөнүндөгү аңгемелешүүдөн баштоо керек.

Педагог мындай суроону берсе болот:

- ***«Балдар, силер качан апаңар ойгонуу керек дегенде гана турасыңарбы?***
- ***Эртең менен эрте үйдө эмне кыласыңар?***
- ***Силер бала бакчага саат канчада келесиңер? Бала бакчадан үйгө саат канчада келесиңер?***
- ***Силер эртең менен эрте бакчадан эмне кыласыңар?».***

Аңгемелешүүнүн акырында педагог жыйынтыктайт: ***«Балдар бакчасында силер ар күн сайын гимнастика жасайсыңар, эрте мененки тамакты ичесиңер. Андан кийин сабак окуйсуңар. Мунун бардыгы эрте менен болот. Азыр эрте менен, биз машыгабыз».***

Мындай аңгемелешүүлөр математика, сөз өстүрүү, курчап турган чөйрө менен таанышуу сабактарында сутканын бөлүктөрүнө мүнөздүү ишмердүүлүктүн түрлөрүнө байланыштуу жүргүзүлөт. Мындай учурларда сүрөттөрдү пайдалануу менен: ***«Бул качан болот?»*** акыркы сабактарда бул татаалдана баштайт.

Билимди бекемдөө үчүн сутканын бөлүктөрүнө байланыштуу жазылган аңгемелерден, ырлардан балдарга окуп бериш керек. Сутканын бөлүктөрүнүн аталыштары менен сөздүк оюндарды жүргүзсө, балдардын сөздүк запасы байыйт жана сөз байлыгы өсөт.

## Ортоңку топ (беш жаштагылар)

**Сан жана эсеп.** Орто топто көптүк окшош предметтерден, бирок алардын айрымдары ар түрдүү сапаттык белгилерге, мисалы, түскө жана көлөмгө ээ экендигин өзгөчө белгилөө зарыл. Балдар бул куракта көптүктүн алдындагы көптүктөрдү көрө баштайт, бул педагогикалык ишмердүүлүктүн натыйжасы болуп, саналат. «Көптүктүн алдындагы көптүк» термини математикада көптүктүн бөлүгү катары колдонулат. Бул балдардын бир бүтүндүк катары көптүктүн олуттуу жана анча олуттуу эмес белгилерин түшүнүүгө алып барат. Мисалы,бир нече кызыл жана көк желекчелерди бир бүтүндүккө бириктирүү же тескерисинче ажыратуу (түсү, көлөмү, формасы, түрү ж. б.).

***Балдарга тапшырманын башка варианты:*** балдарга ар түрдүү үч түстөгү, ар кыл чоңдуктагы кружкалар таркатылат. *Мисалы*, бирөөндө чоң кызыл, экинчисинде орточо жашыл, үчүнчүсүндө кичине көк ж. б., ошентип балдарга ар түрдүү кружкалар таркатылып берилет.

Көптүк кандай бөлүктөрдөн турарын такташ үчүн балдарга төмөндөгүдөй суроолор берилет:

- «Ошентип, бардыгыңарда кружкалар бар.
- Кандай түстөгү кружкалар бар? Кайсынысы көп? Кызылбы, жашылбы же көкпү?
- «Булардын кайсынысы чоң же кичине экендигин билсек болобу? Же бардыгы бирдейби?»

Алар солдон оңду карай катар тизе башташат. Түстөргө карата бөлүштүрүп тизишет. Сурамжылоодо балдардын жооптору ар кандай болуп чыгат: кызыл көп, жашыл көп, көк көп же тескерисинче, айрымдары тең деген жопторду беришет. Сабактын акырында балдарга кружкаларды аралаштыруу сунушталат. «Алар кайрадан көп», – дейт педагог. Бирок силер билесиңерби, бул көптүк ар кыл бөлүктөрдөн турарын- кызыл, жашыл жана сары кружкалардан».

Ошентип, түрдүк белги боюнча түзүлгөн бир эле көптүк, мүмкүн ар түрдүү белгилери боюнча көптүктүн алдындагы көптүктө тартипке салынган.

***Предметтерди топтоштуруу жөндөмү,*** балдар предметтерди эки же андан ашык белгилери боюнча топтоштурушат. Мында предметтер ушул белгилери боюнча айырмаланыш керек. Мисалы: жоогазын менен коңгуроо гүлүн түсү жана формасы боюнча карап чыгуу. Андан ары предметтерди үлгү боюнча топтоштуруу керек.

Белгилер сөз менен көрсөтүлбөйт, предметтер бир нече белгилери боюнча айырмаланат, балдар жалпы белгилерин өздөрү таап, топтоштурушу керек.

*Мисалы*, балдар столго көп гүлдөрдү көтөрүп келишет (чоңдугуна, түсүнө карабастан), андан соң жооп беришет, бири – кызыл, башкалары – көк, кээ бирлери – чоң, башкалары болсо-кичинекей; кызыл гүл көккө караганда көп, көктөр кызылга караганда аз, чоң гүлдөр кичинекейлерге караганда аз ж. б. д. у. с.

***Тапшырманын башка варианты,*** балдардын алдындагы столдо ар кыл гүлдөр жайгашкан: биринде – үч роза, башкасында – беш коңгуроо гүлү, үчүнчүсүндө – төрт ландыш. Бала көптүктөн көрсөтүлгөн сандагы тигил же бул предметти санайт жана аларды алып барып коюучу столду табат. Бул бөлүнгөн көптүктүн алдындагы көптүктөр бири-бири менен салыштырылат, муну менен алардын ортосундагы сандык катыш, барабардык, барабар эместик табылат.

### Көптүк менен тааныштыруу

Балдарга көптүк кантип түзүлөрү жана бөлүктөргө кантип ажыратылары көрсөтүлөт. Бөлмөдө көп ар кыл мебелдер бар, столдор жана отургучтар, аларды салыштырууда столдорго караганда отургучтар көп экен. Демек, бөлүктөр бирдей эмес болуп чыкты.

*Өз ара маанилеш дал келүүлөрүн белгилөө жолу менен саны боюнча предметтердин 2 тобун салыштыруу.*

Өз ара маанилеш дал келүүлөрдү белгилөөнүн ыкмалары бар:

- жуптарды түзүү
- жебелер менен бириктирүү
- эсеп.

***Жуптарды түзүү.*** Бул салыштырууга окшош, бирок карточкалар колдонулбайт. Мааниси окшош предметтер колдонулат. Алгач предметтерди бир катарга коебуз. Мисалы, чынылар менен тарелкаларды. Кийинкисинде катарга коюунун кажети жок (айлана кылса болот). Алардын барабардыгын салыштырыш үчүн жуптарга тизебиз.

***Жебелер менен бириктирүү.*** Балдарга мындай кырдаал сунушталат, анда тааныш ыкманы колдонууга болбойт. Торт жана балдардын сүрөтү тартылган. («Балдардын бардыгына торт жетеби?») Жебелер аркылуу ар бир балага торттorду туташтырабыз. Эгер ашык бала калбаса, анда торт бардыгына жетти. «Көп» деген түшүнүк «артык баш». Ал эми «аз» деген түшүнүк «жетпей калды». Өз ара маанилеш дал келүүлөрдүн бул ыкмасы 2 этапта киргизилет: 1-этап – барабардык катыш жөнүндөгү түшүнүк балдарда калыптанат, бул үчүн бирдей сандагы көптүктөр алынат; 2-этап – «көп»,«аз» жөнүндөгү түшүнүк балдарда калыптанат.

### Санакка үйрөтүү

**Санак – бул окшоштурулуучу эки көптүктүн ортосундагы элементтердин өз ара маанилеш дал келүүлөрүн белгилөө.** Санакка окутуу предметтердин саны боюнча эки барабардыкты салыштыруунун негизинде башталат.

Көптүктөрдүн ар бирин балдар аныкташат: саны боюнча алардын бири көп, бири аз. Бул көптүктөр кошуларын педагог түшүндүрөт, балдар саноого үйрөнүшөт. Балдарды санакка үйрөтүүнүн алдында балдардын ага үйрөнө тургандыгы үчүн педагог кырдаал түзүш керек.

Санакка окутуунун эки жагы бар. Бири – көп жана аз көптүктөрдү айырмалоо жана алардын элементтеринин санын аныктоо, башкасы – бул санак процесси.

Педагог бул процессти өзү алып барат, балдар аркасынан жыйынтык санды кайталайт. Предметтердин башка белгилеринен предметтердин санынын көз карандысыздыгы көрсөтүлөт. Мисалы, педагог балдарга биринин алдына бири коюлган, эки параллель катарга тизилген предметтердин эки тобун сунуштайт (каздар менен өрдөктөрдү). Педагог суроолорду берет:

- *Каздар (өрдөктөр) канча?*
- *Каздар менен өрдөктөр барабарбы?*

Андан ары бирден предмет кошулуп турат (мисалы, каз).

Салыштыргыла, балдар:

- *Каздар менен өрдөктөр азыр барабарбы?*
- *Каздар канча эле, канча болуп калды?*

ОРТОҢКУ ТОП
(4 – 5 жаштагы балдар)

Педагог санакты өзү жүргүзөт «бир», «эки», «үч». Колу менен бардык көптүктү санайт. «Болгону үч каз». Балдар процесске көз салып турушат жана жыйынтык санды аташат: «үч».

Дагы бир каз кошулат, каздар менен өрдөктөрдү балдар дагы салыштырышат. Суроолорго жооп беришет:

- *Азыр каздар менен өрдөктөрдүн саны бирдейби?*
- *Өрдөктөр канча болуп калды?*

Педагог өрдөктөрдү санайт (бир, эки, үч; бардыгы үч өрдөк). Балдар «үч» деген сан каздар менен өрдөктөр үчүн бирдей экендигин көрүшөт.

Окутуунун бул этабында санактын төмөнкү элементтерине балдардын көңүлүн буруш керек экендигин педагог эске алыш керек:

➔ тартиби боюнча сан атоочторду атоо;

➔ көптүктүн бир предмети менен гана ар бир сан атоочту катыштыруу;

➔ сандардын жыйынтыгынын маанисин өздөштүрүү б. а., санактагы акыркы сан жыйынтык сан экендигин түшүнүү;

➔ санакты оң колдон солго карай санап баштоо керек (балдарда стереотип калыптаныш үчүн);

➔ «Канча» деген суроого жооп бериш үчүн «бир» деген сан атоочтун ордуна «бир жолу» деген сөздү айтууга болбойт.

Сан атоочтордун жардамы менен эсепке балдарды окутуу процессинде кыймыл өзгөчө аракетти ойнойт. Санак операциясы ар бир предметти алгач кол менен көрсөтүүдөн башталат. «Мында эки кашык, тиги жерде үч кашык», – деп бала көрсөтөт. «Эми мында экөө болуп калды, тиги жерде үчөө», мен аны бул жакка өзүм жылдырдым».

Албетте, кыймылдын мүнөзү акырындык менен өзгөрөт, мисалы, жалпысынан предметти саноонун жыйынтыгы боюнча алардын жалпы санын атоо менен башка адамга өткөрүп берсе болот. Мисалы, педагог: «Мен сага беш кубик берем», эгер предметти жылдырса, педагог: «Бул жерде болгону төрт шарик калды», – деп айтат.

Санакка үйрөтүү так жана жуп көптүктөр 1 жана сандар менен жүргүзүлөт (1 жана 1; 1 жана 2; 2 жана 2; 2 жана 3; 3 жана 3; 3 жана 4; 4 жана 4: 4 жана 5: 5 жана 5.)

**Сандар менен тааныштыруу.** Балдар санаганды үйрөнгөндөн кийин, ырааттуу түрдө ар бир сандын мазмуну жөнүндө тааныштыруу зарыл. Саноо ишмердүүлүгүн калыптандыруу процессинде педагогдор ар кандай кырдаалдарда балдарды аталыштары, сырткы түрү жана 5 санына чейинки сандардын мазмуну менен тааныштырат (сейилдөө процессинде үйлөрдүн, машиналардын номерлерине; бароктардын номерлерине көңүл бурушат). Эгер балдардын билими төмөн болсо, аларга өзгөчө көңүл бурулуп, 5ке чейин предметтерди саноого, 3, 4, 5 сандарын тааныштыруу жана бекемдөө боюнча тереңдетилген иштер жүргүзүлөт.

Балдарга бир гана цифра менен белгиленген бирдей сандагы ар түрдүү предметтердин сүрөтү тартылган таблица сунушталат.

Бирдей сандагы предметтер дайыма бир сан менен белгиленери балдарга түшүндүрүлөт. **«Сан» жана «цифра» түшүнүктөрүнүн айырмасы: цифра – бул символ, санды билдирген шарттуу белги. Цифра экинчи даражадагы түшүнүк, цифралар санак процессин калыптандырууга таасир этпейт: цифралар эмес предметтер саналат.** Цифралардын жардамы аркылуу ирettик санакка алгачкы жөндөм калыптанат. Мисалы, столдо 3 карандаш, 3 оюнчук, 3 квадрат бар, эгер санакты баштасак, анда «канчанчы?», «санак боюнча канчанчы?» (биринчи, экинчи, үчүнчү) деген суроолор

берилет, сандын ирээттик мааниси «Канча?» (бир, эки, үч) деген суроого жооп берүү менен сандык маани менен салыштырууга мүмкүндүк берет.

### Сандардын ортосундагы катыш жөнүндөгү түшүнүктөрдү өнүктүрүү

**Сандарды салыштыруу.** Балдарды саны боюнча 2 көптүктү салыштыруунун негизинде сандарды салыштырууга үйрөтөт. Мисалы, көрсөтмө материалды пайдалануу менен 3саны 4төн аз, ал эми 4 – 3төн 1ге көп экендигине, 3 – 2ден көп жана 4төн аз жана экөөнүн ортосунда турарын далилдөө сунушталат. Көрсөтмө материалда балыктардын сүрөтүн астыңкы, крабдарды үстүңкү сызыкка жайгаштыруу сунушталат. Мында балдар балыктардын көп экендигине, ал эми крабдардын аз экендигине ынанышат. Педагог жыйынтык чыгарат: «балыктар – 4, крабдар – 3, балыктар көп болгондуктан 4 саны 3кө караганда көп.

Педагог эки сандын ортосундагы «көп» жана «аздын» катышынын туруктуулугун көрсөтөт, б. а., 4 – 3төн дайыма көп. Бул үчүн көнүгүүлөрдө предметтердин сапаттык белгиси жана алардын мейкиндиктеги жайгашуусу алмашылат.

**Предметтердин көлөмүнөн жана алардын мейкиндиктеги жайгашуусунан көз карандысыз, ал предметтердин санынын бирдей экендигин түшүндүрүү үчүн** жана балдардын мындай тыянак чыгарышы үчүн салыштыруу ыкмасы менен саны боюнча эки предметти салыштырууга көнүгүү жасалат (мис., ар башка жайгашкан 4 чоң жана 4 кичине ташты).

***Ар кандай анализаторлордун жардамы менен предметтерди санакка үйрөтүү (кол менен саноо, угузуп саноо, кыймылдарды саноо)***

**Кол менен саноо.** Жүз аарчы менен оролгон кичинекей бирдей предметтерди (мисалы, кичинекей кубиктер) балдарга берип, аларды бирден кармап, сан атоочторду айтуу менен белгиленген санга чейин саноо сунушталат. Белгиленген санга жеткенде, бала бардык кубиктерди жүз аарчынын алдынан алып чыгат. Бала кубиктерди тапшырманы туура аткаргандыгын текшериш үчүн дагы бир ирет санап чыгат.

**Угузуп саноо.** Педагог балдарга бирде барабанды, бирде столду, бирде айнекти, бирде бутакты каккылоо менен чыккан үндөрдү (добуштарды) саноону сунуштайт. Үндөр мүнөзү боюнча бири биринен айырмаланат, туура саноо үчүн аларды так ажыратуу керек.

Андан ары балдар үндөрдү санашат, кол менен предметтердин санын санашат. «Санагыла, мен канча жолу каккыладым жана жүз аарчынын алдындагы кубиктердин санын санап бөлгүлө», – деп сунуштайт педагог.

Төрт жаштан баштап балдар элементтерин саноо менен көптүктү кабылдашат жана жаратышат (добуштардын санын), жыйынтык санга үндөрдүн көптүгүнүн бардык элементтерин жалпылоо менен сөздөр, сан атоочтор менен сезимдик кабылдоо коштолот.

**Кыймылдарды саноо.** Бул топто балдарды ар кыймылдарды жасатуу максатка ылайык: секирүү, жай же тез чуркоо, бул учурда балдар ар кандай добуштарды көнүгүүнү токтоткула деген сигналга чейин жасашат. Тарсылдатуу оюнунда үлгү боюнча предметтердин санына ылайык каккылашат, андан соң аталган сөздөр-сан атоочтор боюнча каккылашат. Көптүктөрдү кабылдоодо жана жаратууда алардын санагында ар кандай анализаторлор айкалышат: угуу жана көрүү, угуу жана кыймылдоо, көрүү жана кол менен саноо ж. б. Мисалы, аралаш көнүгүүлөр: канча жолу уксаң, ошончо жолу отуруп тур.

### Чоңдук

**Предметтин чоңдугу жана чоңдукту өлчөө жөнүндө түшүнүк.** Орто куракта балдарды дароо 2 белгиси боюнча предметтерди салыштырууга (мис., узундугу жана туурасы) үйрөтүү башталат. Алгач эки параметрдин бир белгиси бирдей болуу керек, мисалы: бирдей узундуктагы, бирок жазыраак сызманы табуу. Андан соң ар башка эки параметр

боюнча ар түрдүү предметтер салыштырылат. Мисалы, картон жана кагаз кесиндилер, сызмалар, кездеменин кесиндилери ж. б. д. у. с. алардын ар биринин узундугун жана туурасын табышат, бардык учурларда узундугу туурасынан чоң экендиги балдарга көрсөтүлөт. Кайсы кесинди узунурак же алардын узундугу бирдейби? Кесиндилердин созулушу жөнүндөгү балдардын түшүнүгүн тактоо үчүн узундугу жана туурасы ар башка кесиндилерден узуну жана туурасы бирдейлерин табуу сунушталат. Жана ошондой эле узуну бирдей туурасы ар башка жана тескерисинче, туурасы бирдей, узуну ар башка кесиндилерди да табуу керек.

Күнүмдүк жашоодо пикир алышуу жана оюн процесси үчүн балдардын сөздөрүнө активдүү сөздүк – «оор», «жеңил», «оорураак», «жеңилирээк» аныктамалары киргизилет. Бул сөздөрдүн мааниси түшүндүрүлөт жана аларды салыштыруу милдети тагылат. Мисалы, кайсы куту оор, кайсы куту жеңил, аларды салмагы боюнча салыштыруу милдети жүктөлөт. Мындай тапшырмалар балдардын көңүл буруусунун өнүгүшүнө жардам берет. Алар логикалык жактан ойлонот, талашышат жана далилдешет. Бул боюнча өз пикирин бекемдешет жана алынган түшүнүктөрдү бекемдешет жана такташат.

***Көлөмү жана массасы боюнча 2 предметтен ашык тартипке салуу.*** Тартипке салуунун атайын методу көрсөтүлөт. Алгач даяр тартипке салынган катардын арасынан предметтин ордун табуу боюнча көнүгүү берилет. Андан соң тапшырылган белгилери боюнча тартипке келтирүү сунушталат: алгач көз болжолу (салыштырылуучу белгилери боюнча абдан карама-каршылыктуу 3–4 предмет болушу керек); андан соң сөздүк түшүндүрүү боюнча бардык предметтердин бир тарабын тегиздөө жолу менен, эң узунун жана эң кыскасын (салыштырылуучу белгилери боюнча абдан карама-каршылыктуу 3–5 предмет болушу керек), алгач чоңдугу боюнча тартипке салуу сунушталат. Тартипке келтирүүдө тапшырмада предметтерди жайгаштыруунун багыты дагы «төмөндөн жогору», «солдон оңго» болушу керек. Оюндук жана окуу кырдаалдары колдонулат, мисалы, «Тартипке келтиребиз» (куурчактар, машиналар, матрешкалар ж. б.) оюнда сөздөр, айрыкча сын атоочторду колдонуу шарт (эң узун, эң кыска, узунурак, кыскарак). Мында мугалим балдардын математикалык билиминин жогорулашы үчүн дайыма иш алып барып турат.

### *Көз болжолун өнүктүрүү*

Балдардын предметтердин чоңдукка ориентировка кылышы үчүн маанилүү сенсордук жөндөмдүүлүгү – көз болжолу менен аныкталат. Көз болжолун өнүктүрүү предметти салыштыруу методуна ээ болуу менен байланыштуу. Алгач предметтерди узундугу, туурасы, бийиктиги боюнча салыштыруу методу менен жүргүзүлөт, андан соң өлчөө колдонулат.

4–5 жаштагы балдарда көз болжолун өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Балдарга «4–5 предметтин арасынан чоң же кичине предметтерди табуу тапшырмасы» берилет (бирдей узундуктагыларын тап, узунурагын же кыскарагын тап). Мындай ***сабактарда алынган билимдер менен көндүмдөр ишмердүүлүктүн башка түрлөрүндө системалуу бекемделиши жана колдонулушу зарыл:***

- ➔ өсүмдүктөрдүн ар кайсы бөлүктөрүнүн көлөмүн салыштыруу;
- ➔ китептерди оңдоо үчүн керектүү чийиндерди тандап алуу;
- ➔ дал келген предметтерди чаптоо;
- ➔ курулуп жаткан үйдүн көлөмүнүн кандай өзгөрөрүн байкоо ж. б.

## Форма

***Геометриялык фигуралар менен балдарды тааныштыруу.*** Бул курактагы топто педагогдун негизги милдети айлана, квадрат, үч бурчтук сыяктуу геометриялык фигуралар жана шар, куб сыяктуу көлөмдүү телолор жөнүндө, бул

фигуралардын касиети тууралуу балдардын билимдерин тактоодо жана бекемдөөдө, о. э. тик бурчтук, сүйрү өңдүү геометриялык фигуралар менен цилиндр сыяктуу көлөмдүү телолор менен жаңыдан тааныштырууда турат.

Форманын белгилерин бөлүп көрсөтүү фигуралардын моделдеринин жок белгилерин вариациялоо жолу менен жетишилет (түс жана көлөм). Бирок качан фигуралар салыштырылып жатканда, алгач тааныштыруу үчүн жана таркатуучу материал катары түсү жана көлөмү боюнча окшош фигуралардын моделдери колдонулат, андан ары балдарга алгач түсү, андан соң көлөмү боюнча айырмаланган фигуралар берилет.

Олуттуу маани балдарды геометриялык фигуралардын контурун тааныштыруу ыкмаларына жана колдордун кыймылын байкоого берилет. Педагог фигураны балдарга көрсөтөт, анын аталышын атайт, балдарга ушундай эле фигураны көрсөтүүнү буюрат. Андан соң геометриялык фигуранын контурун айланта кармалап, балдарга колдору менен көрсөтүп, артынан кайталоолорун өтүнөт. Балдар колдордун кыймылын байкап отурушат, андан кийин өздөрү айландыра карап, анын атын аташат. 2–3 фигуранын сүрөтү тартылган карточкаларды колдонуу менен контурларды балдарга тереңден тааныштырат. Балдарга тигил же бул кыймылды жасоону сунуштоо менен контурларды айландыра карматуу менен көнүгүүлөрдү жасатат. Балдар фигуралар жөнүндө түшүнүк ала алышат, тегерек тоголонору, ал эми квадрат тоголонбосу жөнүндө билишет. Педагог квадрат эмнеге тоголонбой тургандыгы тууралуу түшүндүрөт, анын себебин ачып берет. Анткени, ага бурчтары тоскоол болору тууралуу маалымат алып, балдар жооп-торун ачыкка чыгарышат.

**Фигура – геометриялык түшүнүк.** Фигуралар жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу үчүн кагаздан, картондон, жыгачтан жана пластиктен жасалган көрсөтмө моделдер (үлгүлөр) колдонулат. Балдар ар кандай фигуралардын аталыштары жана алардын айырмасы боюнча көнүгүшөт. Бул үчүн аларга мындай тапшырмалар берилет: «Айлананы оң колуңарга, квадратты сол колуңарга алгыла», «Бардык айланаларды астыңкы сызыкка, квадраттарды үстүңкү сызыкка жайгаштыргыла», «Сенин оң колуңда кайсы фигура бар?», «Ушундай фигураны тапкыла (балдар педагог кармап тургандай фигураны табышат)», «Өз үйүңөрдү тапкыла (үйлөр ар кандай фигураларда берилет)», «Машинага, поездге дөңгөлөккө айлананы тапкыла (ар түрдүү фигуралардын ичинен айлананы табышат), «Домино», «Орнаменттерди түзүү».

Алынган билимдерди бекемдөө үчүн мындай ыкмаларды колдонуу менен тапшырмаларды пайдаланса болот:

- ➔ эки тарабын бириктирүүгө чейин баракты бүктөө;
- ➔ таякчалардан фигураларды жасоо. Бирдей өлчөмдөгү таякчалар сунушталат, көбүнчө так сандагы.

*Балдарга тапшырма аткаруу сунушталат:* так сандагы таякчалардан үч бурчтук, квадрат, тик бурчтук жасоо.

Тапшырманы формулировкалагандан кийин фигураларды анализдөө, канча жактан, бурчтан турарын, алар бирдейби же бирдей эмеспи, белгилөө маанилүү. Бул үчүн балдар ачылыш жасагандай тапшырмалар берилген шарттар түзүлөт, мисалы, квадраттын бардык жагы бирдей, тик бурчтукта коңшулаш жактары бирдей экендигин түшүнүшөт, квадрат сыйкырдуу төрт бурчтук болуп саналарын билишет (себеби, бардык жактары бирдей).

*Үч бурчтук, тик бурчтук, квадрат жана айлана жөнүндө балдардагы түшүнүктү тактоо үчүн провокациялык тапшырмаларды бериш керек:* таякчалардан айлана жаса (таякчалардан айлана жасалбайт).

- Педагог бул тапшырмаларды жалпылоо менен үч бурчтук, тик бурчтук, квадрат – булар тегиздик фигуралар экендигин, мындан башка көлөмдүк фигуралар – куб, шар, цлиндр бар экендигин түшүндүрөт.

Кандай фигуралар тегиздик, кандай фигуралар көлөмдүк экендигин текшерүү үчүн көнүгүүлөрдү аткартса болот. Мисалы, алаканга катылган фигуралар (тегиздик же көлөмдүк фигура экендигин текшеребиз). Андан соң тапшырма берилет «Квадраттан куб кантип айырмаланат?» Шардан квадрат? (балдардын жооптору).

Фигураларды салыштыруу үчүн тапшырма берилет, көлөмдүк предметтерден бир нерселерди куруу: кубиктен мунара, шардан мунара куруу. Мунараны шардан кура албайсың (балдарга эксперимент үчүн сунушталат).

*Андан кийин түшүнүктөрдү калыптандыруу үчүн төмөнкү тапшырмалар сунушталат:* балдар эки командага бөлүнүшөт. Бир команда себетке бурчтары жок бардык фигураларды, экинчиси, бурчтары бар фигураларды чогултушат.

Натыйжада окуу жылынын акырында балдар ар түрдүү фигуралардан айланаларды, квадраттарды жана тик бурчтуктарды ар кандай түстө, көлөмдө берилгендигине карабастан жеңил таба алышат. Балдар ар бир фигураны айырмалай алышат.

**Мейкиндикте ориентир алуу.** Орточо куракта мейкиндикте ориентир жасоону калыптандыруу ой жүгүртүү жана кепти өнүктүрүү менен тикеден-тике байланыштуу. Мейкиндиктик түшүнүктөрдү өнүктүрүү боюнча тапшырмалар көнүгүүлөр жана дидактикалык оюндар формасындагы сабактарда ишке ашырылат.

Мектепке чейинки курактагыларда мейкиндикти кабылдоодогу олуттуу өзгөрүү предметтердин, ордун, багытын жана мейкиндиктик жайгашуусун билдирген сөздөрдүн сөздүгүндө пайда болушунда байкалат. Мектепке чейинки курактагылардын активдүү сөздүгүндө оңго, солго, астыга, артка, жакын, ыраак, астында, үстүндө, ортосунда, аралыгында деген сөздөрдүн пайда болушу менен мейкиндиктик кабылдоо жогорку деңгээлге көтөрүлөт, мейкиндиктик түшүнүктөрү кеңеет жана тереңдетилет.

Балдар өз денесинин бөлүктөрүн: көздөрүн, кулактарын, мурдун, ээгин, башын, төшүн, далысын, буттарын жана колдорун айырмалоону жана атоону улантышат. Өз денесинин симметриялуу бөлүктөрүн билүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Алар оң жана сол деп ажыратылат. Бул билимдер диактикалык оюндарда бекемделет. Мисалы, «Ким туура айтат жана көрсөтө алат?». Оюндун мазмуну мында турат: жомоктор дүйнөсүнөн балдарга коноктор келет (ролду педагог же куурчак аткарат), балдарга ойноону сунуштайт. Ал балдардан буттары, колдору (оң, сол) кайда жайгашканын сурайт, оң же сол буту менен жер тепкилөөсүн суранат. Ошентип балдар оң менен солду ажыратат.

Курчап турган мейкиндиктеги машыгуу балдардагы өз денесине жана башка предметтерге салыштырып, мейкиндиктик кырдаалга, сөздүк мүнөздөмө берүүсүн өнүктүрөт.

**Өзүнө салыштырмалуу ориентир алуу жөндөмүн калыптандыруу.** Негизги мейкиндиктик багыттарды айырмалоо боюнча көнүгүүлөр объектилердин белгилүү бир орунда жайгашуусу менен айкалышы керек. Предметтердин ортосундагы мейкиндиктик катышты баланын түшүнүүсүнүн маанилүү шарты болуп «өзүнө салыштырмалуу» жана «предметке салыштырмалуу» ориентир жасоо жөндөмү саналат же педагогдук башкаруу барыдан мурда ориентир жасоонун ушул ыкмаларын жакшыртууга багытталышы керек.

Балдар предметтердеги ар башка тараптарды ажыратууга үйрөнөт: төмөнкү жана жогорку, арткы жана астыңкы, оң жана сол. Мейкиндиктин бул багыттарын балдар өз денесинин белгилүү бир бөлүктөрү (баш жак – жогору, бут жак – төмөн, бет жак – алды, далы жак – арты, оң кол жак – оң, сол кол жак – сол) менен катыштырат, о. э. карама-каршы

багыттарды айырмалайт (жогору – төмөн, алды – арты, оң – сол). Балдар өзүнүн коңшусунун кайда жайгашканын билдире турган көнүгүүлөрдү аткарышы керек, бул үчүн катарга же шеренгага туруу жана ордун аныктоо зарыл. Мисалы, Айдана менин артымда, оң жагымда, алдымда турат ж. б. д. у. с.

- Тапшырмаларды тандоодо башка адамга салыштырмалуу мейкиндиктеги өзүнүн жайгашуу ордун, же предметтин жайгашуусун аныктоо жеңил экендигин эске алуу керек.

Эгер предметтер менен оюндар же көнүгүүлөр өткөрүлсө, анда предметтер балага жакын бардык багыттарда жайгашышы керек. Улам предметтердин саны жана алардын жайгашуусу көбөйтүлүп жүрүп отурат. Бардык багытта 2 предметтен коюлат. Балдар алдыда – андан ары, алдыда – жакын, оң жакта – алыс, сол жакта – жакын ж. б. түшүнүктөрдү өздөштүрүшөт.

**Берилген багытта кыймыл жасоо жөндөмү.** Активдүү кыймылдоо процессинде негизги мейкиндиктик багыттарды айырмалоону талап кылган көнүгүүлөрдү кеңири колдонуу зарыл. Балдар оюнчукту же кандайдыр бир предметти табуу тапшырмасын алышат, оозеки көрсөтмөдө издөөнүн багыты көрсөтүлөт: «Оңго барсаң мамалакты табасың, солго барсаң матрешканы табасың» ж. б. д. у. с. Мындай оюн-көнүгүүлөрдүн ар кандай варианттары ориентирди акырындатып татаалдаштырууну көздөйт: издөөчү предметтердин санын көбөйтүү, бир нече багыттан бирөөсүн тандоо ж. б.

- Окутуунун баштапкы этабында орто топтогу балдар менен иштөөдө мейкиндикте ориентирди жеңилдетүү үчүн кыймылды аткаруунун жүрүшүнүн бөлүктөрү боюнча оозеки көрсөтмө берүүгө болот. Мисалы, педагог предметти бирдей кутуларга алдын ала жашырат. Көрсөтмө сунушталат: «Сол жагыңда мамалак, оң жагыңда куурчак катылган. Сен эмнени тапкың келип жатат? Оңго же сол жакка барасыңбы?». Акырында баладан оозеки жооп берүүсүн суранат: «Айтчы, сен бул оюнчукту кантип таптың?». Бул балага ойлонууга жана оозеки жооп берүүгө жардам берет.

Балдар предметтик ориентир жасоодо мейкиндиктик багыттардын белгиленишин алмаштырып албаганына байкоо салып туруу керек. Мындай оюндар алгач топтук бөлмөлөрдө же залда, кийинчерээк балдар аянтчаларында өткөрүлөт. Бул көрсөтмө боюнча кыймыл жасоого, багыттарды өзгөртүүгө, ар кандай бурулууларды жасоого жардам берет, балдар негизги мейкиндиктик багыттарды аныктоого көнүгөт.

***Башка объектилерге салыштырмалуу ориентир алуу жөндөмү.*** Мейкиндикте ориентир жасоонун андан аркы өнүгүшү мында турат, балдар предметтердин ортосундагы катышты аныктай башташат: бир предметтин артында, башка предметтин алдында, анын оң жагында, сол жагында, башкалардын ортосунда ж. б. балдар предметтин башка предметтердин арасында жайгашуу абалын жана предметтердин арасындагы өзүнүн ордун аныктоого үйрөнүшөт. Мисалы, бири бирине салыштырмалуу предметтердин мейкиндиктеги жайгашуусун аныктоо боюнча иш мындай уюшулушу мүмкүн: бөлмөнүн ар кайсы бурчтарына педагог оюнчуктарды жайгаштырат. Бала бир бурчтагы оюнчуктарга келип, мисалы, оң жактагы алдыңкы бурчтан коендун отурганын, анын оң жагында айлана турганын, коендун сол жагында куурчактар үчүн стол, коендун алды жагында сабиз жатканын, коендун артында балаты турганын ж. б. айтат. Курчап турган предметтердин арасында өз абалын аныктоо боюнча мындай мисал келтирсек болот: мен столдун артында, отургучтун жанында, терезенин алдында турам ж. б.

**Кагаздын барагында ориентир алуу жөндөмү.** Бул топтогу балдарда кагаздын барагында жогортон төмөн, солдон оңго сызык жүргүзүүнү калыптандыруу керек: «жамгыр», «жолдор», «сызмалар» ж. б.

Мейкиндиктик түшүнүктөрдүн жана ориентир жасоонун өнүгүшү сан, форма жана чоңдук жөнүндө түшүнүктөрдүн калыптанышы менен жакшы айкалышат. Барабардыктын жана барабар эместиктин катышын белгилөө менен балдар солдон оң багытка сызыктарга таркатуучу майда материалдарды жайгаштырышат (жогору же төмөн); кагаздын барагына геометриялык фигураларды коюшат: борборуна (ортосуна) – айлана, оң жагына – үч бурчтук, ал эми сол жакка – квадрат; ар кайсы багытта столдо сызыктардын көлөмү боюнча жайгаштыруу менен тартипке салынган катарды түзүшөт.

*Бул үчүн алгач барактын сол (оң) бөлүгүн аныктап алат, мисалы, аппликацияда оймо жасоодо жана сүрөт тартууда балдар баракка колун коюшат: сол колу кайда болсо – бул барактын сол бөлүгү, оң кол жак – барактын оң бөлүгү.*

*Тапшырмалардын башка түрлөрү:* 1 топчуну солго, көбүн оңго коебуз, предметтерди солдон оңго жайгаштыруу. Андан кийин көрсөтүп түшүндүрөт: жогору – бул сенден алыс, төмөн – бул сага жакын. Андан ары кагаздын барагында ориентир жасоо жөндөмүн калыптандыруу максатында балдар менен атайын көнүгүүлөр өткөрүлөт. Мисалы, белгилүү бир тартиптеги үлгүнү балдардын карап чыгышы сунушталат: «Айтып берчи, карточкадагы оймонун элементтери кандай жайгашкан?». Алгач педагог түшүндүрөт: «Мен столго кагаздан геометриялык фигураларды коем. Карагыла, алар кандай турушат?». Андан кийин балдарга төмөнкү көнүгүүлөрдүн түрлөрүн колдонуу менен жасоо сунушталат: оңдон (солдон, жогортон, төмөндөн) белгилүү бир предметтердин санын жайгаштыруу; геометриялык фигуралардан столдун тегиздигине оймолорду чийүү.

Көнүгүүлөрдүн башка варианттары:

- ➔ кайсыл жерге кандай предметтерди коюшту педагог түшүндүрөт;
- ➔ балдарга оймосу бар даяр карточка берилет, балдар аны айтып беришет;
- ➔ балдар оймолорду ойлоп табышат, жасашат жана баяндап беришет.

Столдун, кагаздын тегиздигине предметтердин жайгашышын айтуу менен эмнеге салыштырмалуу жайгаштырып жаткандыгыбызды сөзсүз айтышыбыз керек (мис., үч бурчтуктун үстүнө; оюнчуктун төмөн жагына, ж.б.) жана суроолорду беребиз: «Жогоруда (төмөндө, солдо, оңдо) эмне жайгашкан? Үч бурчтук /квадрат кайда жайгашкан?»

Ушул максатта «Жуп сүрөттөр» сыяктуу сүрөттөгү предметтердин жайгашуусун баяндаган, ар башкача жайгашкан окшош предметтерди сүрөттөн тапкан (мис., геометриялык фигуралар, ар кандай оюнчуктар, жаныбарлар) дидактикалык сүрөттөр менен иштөө кызмат аткарат.

Балдарга бирдей сүрөттөрдү табуу жана жебелер менен байланыштыруу сунушталат.

## Убакыты билуу

***Убакыттык түшүнүктөрдү жана убакытты өлчөөнүн бирдиктерин өнүктүрүү.*** Убакытты сезүү чоң мааниге ээ: ал күнүмдүк жашоодо тигил же бул сабакка, оюнга, кандайдыр бир практикалык маселени чечүүдө зарыл убакытты өз алдынча аныктоонун ыкмасы болуп саналат.

Экинчи кенже топто сутканын бөлүктөрүн (эртең менен, түш, кеч, түн) айырмалоо жана атоо үйрөнүлгөндүктөн, ортоңку топто сутканын бөлүктөрү жөнүндөгү түшүнүктөр бекемделиши керек. Күн бою педагог бул мезгилде балдардын сабактарынын мүнөзүн жана убакыттын бирдиктеринин айырмасын бир канча ирет аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, «Эрте менен биз жуунганбыз жана эрте мененки тамакты ичкенбиз. Азыр түш. Күндө ата-энелерибиз иштешет. Биз болсо сабак окуйбуз: алгач сүрөт тартабыз, анан ойнойбуз». Сутканын бөлүктөрүн аныктоо жөндөмдөрдү бекемдөө сабактарда да

ишке ашырылат. Бул качан болот? – деген суроону берүү менен суткадагы аткарган ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча сүрөттөр көрсөтүлөт.

Андан ары тапшырма татаалдашат, бир нече сүрөттөн сутканын бөлүктөрүндө (эрте менен, күндүз, кеч, түн) аткарылган иштер боюнча сүрөттөр сунушталат. Балдар жайгашкан топто же бөлмөдө 4 сүрөттөн турган топтом колдонулушу керек. Мында сутканын бөлүктөрү үчүн мүнөздүү ишмердүүлүктүн түрлөрү тартылган. Сүрөттө тартылган ишмердүүлүктүн мазмуну боюнча балдар сутканын бөлүгүн аныкташы жана аташы керек.

Окутуу процессине сутканын бөлүктөрүн таануу үчүн объективдүү көрсөткүчтөрдү – күндүн ар кайсы убагындагы күндүн жайгашуу абалы, убакытка жараша асмандын, жердин түстөрү, мезгилдик боектор ж.б. чоң өлчөмдө кошуу керек. Ошентип, көк түс таңдын, сары – түш мезгилинин, кызгылт – кечтин, кара – түндүн түсү катары берилет.

Сутканын бөлүктөрүнүн ырааттуулугу боюнча билимдерди бекемдөө үчүн таркатуучу материал катары түстүү белги-карточкаларды колдонсо болот. Педагогдун айтканы боюнча, сутканын бөлүктөрүнүн ырааттуулугуна карата түстүү карточкаларды балдар көтөрүшөт, б.а., ар бир сутка бөлүгүн символу болгон түстөрдү пайдалануу мүмкүнчүлүгү келип чыгат. Бул үчүн «Кошунаңды ата» («Кечтин кошунасын ата…» ж.б.д.у.с.), «Мага сутканын бөлүктөрүн атап бер» («Мен сутканын бир бөлүгүн атайм, силер ага удаалаш келген калганын атагыла») сыяктуу сутканын бөлүктөрүнүн ырааттуулугун бекемдеген оюндар колдонулат.

Бул материалды өздөштүргөндөн кийин ***кечээ, бүгүн, эртең*** деген сөздөрдүн мааниси түшүндүрүлөт. Бул үчүн балдарга эсте калаарлык окуялар тууралуу үч ирет кайталаш керек: алгач куурчак театры эртең келерин, анан, куурчак театры бүгүн көрсөтөрүн, акырында, аны кечээ көрсөткөндүгүн айтыш керек. Бул процессте ортоңку топтун балдарында убакыттын өтүшү жана үзгүлтүксүздүгү жөнүндө элементардык түшүнүктөр пайда болот.

**«Кечээ, бүгүн, эртең» убакыттык түшүнүктөрү менен таанышуу.** Бул топто негизги милдеттердин бири болуп кечээ, бүгүн, эртең деген сөздөрүн туура атоо жана колдонуу эсептелинет. Убакыттык түшүнүктөр менен балдарды тааныштыруу практикалык мисалдар менен коштолот. Тез жана акырын деген эмне экендиги түшүндүрүлөт. Тездиктин даражасы жөнүндөгү түшүнүк карама каршы мисалдарда салыштырылат, мисалы, машина менен аттын, жөө адам менен велосипед тепкен адамдын ылдамдыгы. Тездиктин даражасын түшүндүрүү ылдамырак жана жайырак сөздөрүнүн жалпы мааниси жөнүндө ориентир алууга балдарга мүмкүндүк берет. Муну практикалык турмушта колдонсо болот: «Бүгүн Айдана түшкү тамакты Дайанага караганда ылдамырак жасады». Мындай суроолорду берсе болот: «Самолеттун учканына караганда поезд ылдамырак же жайырак жүрөбү?».

Убакыт жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу менен педагог балдарды так, мазмундуу жана образдуу ойлонууга үйрөтөт.

Балдар өткөөл убакытты өздөштүрүүдө өзгөчө кыйынчылыктарды баштан кечиришет. *Бүгүн, эртең* болуучу окуялар **кечээ** деген сөз менен аталган убакыт болуп кала берет, *эртең* деген сөз – кийинки күнү *бүгүн* болот. Балдар дайыма суроо беришет: «*Эртең* эртең эмеспи, эмне *бүгүнбү*?», «Бул кандай – *бүгүн кечээ* болуп калат?». *Кечээ, бүгүн, эртең* деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү үчүн сутканын алмашышын түшүнүү керек. Балдар алдын ала сутка, анын бөлүктөрү, алардын алмашышы жөнүндө түшүнүк алуудан улам кечээ, бүгүн, эртең деген түшүнүктөрдү өздөштүрүүдө кыйынчылыктарга кабылбайт.

**«Эртең** – бул келе турган убакыт жана бул эртең – бул да төрт бөлүктөн турган сутка; качан ал келгенде аны биз башкача, **бүгүн** деп атайбыз, анткени ал сутка да келди, биз эртең эмне жасоону максат кылсак, ошол учур келди, бүгүн өтүп кетсе, **кечээ** деп аталып калат», – деп түшүндүрөт мугалим.

«Биз бүгүн паркка бардык, түн болуп сутка өткөндө, ал эртең болот», – деп кошумчалайт бала. «Ал эми эртең эч качан бүгүн болбойт, биз аны күтөбүз; ал качан келгенде – ошондо бүгүн болот», – деп түшүндүрөт башкасы.

Балдардын билимин бекемдеш үчүн сөздүк оюндарды колдонуу зарыл, анткени сутканын ар бөлүктөрү үчүн мүнөздүү практикалык кыймылдар баяндалат, мында өзгөчө орунду элдик оозеки чыгармалар ээлейт. Анткени, шарттуу образдуу формада убакыттын кыймылы, убакыттын өтүшү, убакыттын өлчөмү, ж. б. чагылдырылат. Мисалы, убакыт тууралуу **макалдар, ылакаптар жана табышмактар:**

**Макалдар менен ылакаптар:**

Баарынын өз убагы бар.
Күн төмөн – кеч жакын.
Эч нерсе жасабасаң, күн кечке дейре узак,

**Табышмак:**

Кечээ бар болчу,
Бүгүн бар,
Жана эртең да болот. *(убакыт)*

Оозеки дидактикалык оюндарды колдонуу сутканын бөлүктөрүнүн аталыштарынын эсебинен сөздүктү активдештирүүгө жардам берет: «Калтырылып кеткен сөздү ата», «Күндөн мурдагы сутканын аталышы?», «Түндөн кийин эмне болот?», «Таңбы же кечпи, кайсынысы эрте болот?» ж. б.

Сүрөттөр менен дидактикалык оюндарда убакыт боюнча окуялар чагылдырылат: «Биздин күн», «Бул качан болот?». Сүрөттөрдү колдонуу, анын мазмунуна бир канча ирет кайрылууга мүмкүндүк берет. Балдарга сутканын белгилүү бир убактысына тиешелүү турмуштан алынган сүрөттөр таркатылат. Педагог аларды карап чыгууну сунуштайт, сутканын белгилүү бир бөлүгүн атайт, мисалы, кеч. Мындай сүрөтү бар балдар сүрөтүн көтөрүшүп жана эмне үчүн кеч деп эсептешерин ачып бериши керек.

«Кечээ, бүгүн, эртең» оюну. Чоң адам менен бала бири бирине бет маңдай турушат. Чоң адам балага топту ыргытат жана кыска фразаны айтат. Мисалы: «Зарядка жасайбыз…», «Күн батып барат…» бала туура келген убакытты айтыш керек жана топту кайра ыргытышы керек. Максатка багыттуу окутууда, убакыт жөнүндөгү түшүнүктөрдүн активдүү калыптанышында, таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктү системалуу жетектөөдө, балдар убакыт боюнча ориентир алууга жана түшүнүктөрдү өздөштүрүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат. Балдар үчүн убакыттын конкреттүү аныктагычы болуп биринчи кезекте алардын өздүк ишмердүүлүгү эсептелет, ошондуктан педагог күнүмдүк жашоодо жана кепте эскертип турушу зарыл. Мисалы, педагог кечинде балдар менен коштошуп жатканда кайрылат: «Эртең эрте менен балдар бакчасына келгиле!».

Ошентип тикеден-тике билим алуу ишмердүүлүк процессинде сутканын убактылары жөнүндө балдарда түшүнүк бекемделет; баланын активдүү сөздүгүндө **«кечээ, бүгүн, эртең»** сөздөрү колдонулат.

## Жогорку топ (алты жаштагылар)

Мектепке чейинки балдардын жогорку тобунда математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруунун маанилүүлүгү бир катар себептер менен шартталган: бала ала турган маалыматтын көптүгү; компьютерлештирүүгө көңүл коюуну жогорулатуу, сандарды таанууга, эсептөөгө, маселелерди чечүүгө баланы болушунча эртерээк үйрөтүүгө ата-энелердин умтулуусу.

- Мектепке чейинки балдарды окутуунун ийгилигине сунушталган материалдын мазмуну гана эмес, балдардын кызыгуусун жана таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн чакырууга жардам берген материалды берүүнүн формасы да таасир берет.
- Уюшулган билим берүүчүлүк ишмердүүлүктүн формасы коюлган максаттарга, баланын тажрыйбасына негизделүү менен балдардын жекече мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ийкемдүү, кыймылдуу жана өзгөрүп турушу керек. Аны өткөрүүнүн ар кандай вариантын издөө зарыл.
- Жаңыны өздөштүрүү мурда өздөштүрүлгөн материалды кайталоодон башталат. Кайталоо оюндук көнүгүүлөр формасында уюшулат жана 2ден 5 мүнөткө чейинки убакытты алат.
- Каалоочу көңүлдү талап кылган уюшулган окуу ишмердүүлүгүнүн негизги бөлүгүн педагог ***оюндун элементтери*** менен алмаштырат. Бир тектеги көнүгүүлөрдүн саны 3–4 кө чейин чектелет.
- Чарчоонун биринчи белгилери мектепке чейинки балдарда пайда болгондо, дене тарбия мүнөтү өткөрүлөт. Анын мазмунун мүмкүнчүлүккө жараша музыка менен коштоо зарыл.

Уюшулган билим берүүчүлүк ишмердүүлүктүн акырында мектепке чейинки балдардын жогорку тобунда эмнени үйрөнүшкөнүн, кандай жаңы нерселерди билгендигин, дагы эмнелерди билгиси келгендиктерин айттырууга балдарды козгош керек. Бул балдардын өзүн-өзү текшерүүсүнүн жана бири бирин текшерүүсүнүн, өз билимин туура баалоо жөндөмүнүн жана досторунун тапшырмаларды аткаруусуна баа берүүсүнүн өнүгүшүнө жардам берет.

Мектепке чейинки курактагылардын жогорку тобундагы балдардын элементардык математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу менен педагог комплексте пайдаланылган окутуунун көрсөтмө, оозеки жана практикалык методдору менен ыкмаларын колдонот. Балдар бул куракта педагог тарабынан коюлган таанып-билүүчүлүк тапшырманы түшүнүүгө жана аны коюлган милдетке ылайык аткарууга жөндөмдүү. Милдеттерди коюуну пландоодо алардын таанып-билүүчүлүк активдүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берет, ошондуктан жогорку топто акыл ишмердүүлүгүнүн операцияларын өнүктүрүүгө (анализ, синтез, салыштыруу, жалпылоо) өзгөчө көңүл бурулат. Мектепке чейинки курактагылар бул операциялардын бардыгын көрсөтмөлүүлүк таянычы менен аткарышат.

Жогорку топто көрсөтмө куралдардын түрлөрү кеңеет жана алардын мүнөзү өзгөрөт. Педагог иллюстративдик материал катары оюнчуктарды, буюмдарды колдонууну уланта берет. Бирок сүрөттөр менен иштөөгө, предметтердин түстүү жана элестик сүрөттөрү менен иштөөгө көбүрөөк орун берилет. Мында предметтердин сүрөттөрү схемалык сүрөт болушу мүмкүн. Жогорку топто элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандырууда окутуунун оозеки ыкмаларынын ролу жогорулайт. Педагогдун түшүндүрүүсү балдардын ишмердүүлүгүн багыттайт жана пландайт. Педагогго көрсөтмө берүү менен балдар иштин жаңы ыкмаларын билерин, жасай аларын жана көрсөтө аларын эске алышы керек. Түшүндүрүүнүн жүрүшүндө маселелерди коюу, тигил же бул тапшырманы чечүүнүн ар кандай ыкмаларын издөөгө балдарды козгоо менен, алардын өз алдынчалыгын жана тапкычтыгын көрсөтүүгө стимулдаштырат. Жогорку топтогуларды математикалык катыштарды жана байланыштарды мүнөздөө үчүн формулировкаларды табууга да окутат. Ар бир баланын аракетин баалоо олуттуу мааниге ээ. Ошондуктан таркатуучу материал менен иштин жүрүшүндө педагог улам бир баладан эмне үчүн мындай жасап жаткандыгын сурап турат. Аракетти сөз менен коштоо балдардын ойлонуусуна мүмкүндүк берет. Андан ары балдар бөлүштүрүлөт, эмне үчүн мындай жасагандыгы жана жыйынтыгы тууралуу тажрыйба алмашышат.

**Көптүк, сан жана эсеп.** Сан жана эсеп жөнүндөгү түшүнүк сандарга чейинки сандык катыштарды калыптандыруу менен башталат: **чоңдугу боюнча предметтердин барабардыгы-барабарсыздыгы, предметтердин саны боюнча топтордун барабардыгы-барабар эместиги.**

Бала математикалык катышты **«көп», «аз», «тең»** менен түшүнө баштайт. Ушундан кийин гана аны санакка окутуу башталат, ондун чегиндеги сандар жөнүндө, ырааттуу сандар жөнүндө, айрым бирдиктерден сандар же эки аз сан жөнүндө түшүнүк берилет. «Кайсы?» (предметтин сапаты жана белгиси), «Канча?» (предметтердин саны), «Кайсынысы?» (башкалардын арасындагы предметтердин орду) суроолорун дифференциялуу түшүнүүгө баланы үйрөтүү маанилүү.

Жогорку топто сандардын пайда болушун түшүнүүнү калыптандыруу улантылат, бул предметтердин жыйындысын салыштыруунун негизинде ишке ашырылат. Балдар мурдагыдан алынган ар бир кийинки санды, кийинкиден улам мурдагы санды алуунун принциптерин түшүнүү керек. Буга байланыштуу эки санды алуу максатка ылайык. *Мисалы*, 5 жана 6. Ортоңку топтогудай кийинки сандын келип чыгышын көрсөтүү үчүн мурдагы санды кайталоо зарыл. Ошентип, дайыма 3төн кем эмес сан салыштырылат. «Барабар», «көп», «аз» катыштарын ачууда санактын жана салыштырылуучу эки көптүктүн элементтеринин чекене (бирди бирге) тең салмактуулугунун ыкмаларын түшүнүү үчүн предметтердин санын салыштыруу же аларды саноо зарыл. Мында салыштыруунун ар кандай ыкмалары колдонулат. Бул балдардын бир топто артыкбаш предмет бар экендигин, демек, ал көп экендигин, экинчисинде аз экендигин түшүнүүгө жол берет.

Көрсөтмө негизге таянуу менен алар сандарды салыштырат. Саны аз предметтерге кошуу менен, же саны көп предметтерден алып салуу менен топторду теңештирүү аркылуу жогорку топтогулар ар бир салыштырылуучу санды алуунун ыкмаларын өздөштүрүшөт. «Көп», «аз» өз ара катышын кароо сандардын ортосундагы катыштын өз ара кайтарым мүнөзүн андан ары түшүнүүгө жардам берет (мис.,7>6 6<7).

Мектепке чейинки курактагылар ар бир сандын кантип алынгандыгын айтуу жөндөмүнө үйрөнүшөт, б. а., канчага канчаны кошкондугун же канчадан канчаны алгандыгын. Мисалы, 6 момпосуйга 1ди кошсо, 7 момпосуй болот, 7 момпосуйдан 1ди алса, 6 калат ж. б. эгер балдар так жооп берүүдөн кыйналса, жетелеме, сүрөмөлөөчү суроо берилет: «Канча болду?», «Канчаны коштуң (алдың)?», «Канча калды?». Ар бир сандын алынышынын ыкмаларын жакшы түшүнүү үчүн дидактикалык материалдарды алмаштыруу, тапшырмаларды варианттоо жардам берет. Ар бир жаңы санды алуу менен мектепке чейинки курактагылар педагогдун көрсөтмөсү боюнча иш алып барышат (5 чыныга 1 чынына кошкула), андан соң жыйындысын өздөрү табышат. Педагог ойлонулган аракеттерди жана жоопторду алгандан кийин суроолордун варианттарын берет. Мисалы, «Көпөлөк болуш үчүн эмне кылыш керек?», «Эгер 8 кружкага бирди кошсок, канча болот?» ж. б. д. у. с. билимдерди бекемдөө үчүн таркатуучу материалдар аркылуу коллективдүү ишти өз алдынча иш менен алмаштыруу керек. Бала эки эркин тилкеси бар карточкага предметтерди жаюу менен эки жыйындыны салыштырат. Алынган жаңы санды демонстрациялоо көбүнчө 8–12 мүнөттү алат, бул балдарды чарчатпаш үчүн жасалат. Таркатуучу материалдар менен ушуга эле окшош сабак балдардын ишмердүүлүгү менен түздөн-түз байланышта кийинки сабакта жүргүзүлөт.

Жогорку топто предметтерди санап бөлүү татаалдаша баштайт. Ар түрдүү эки предметти кошуп (5 жылдызчаны 6 үч бурчтукка кошкула), же бир эле түрдөгү, бирок формасы же көлөмү башка предметти (7 чоң топту 8 кичинекей топко) эсебин чыгаруу жана аларды белгилүү бир орунга жайгаштыруу, мисалы, барактын көрсөтүлгөн жерине: жогору, төмөн, оңго, солго, ортосуна. Жогорку топтогуларды тапшырманы

жакшылап угууга, эстеп калууга, так аткарууга үйрөтүү зарыл. Алгач аларга так жооп берүү кыйынга турат. Ошондуктан педагог жетелеме суроолор менен жардам берет. *Мисалы*, «Канча козу карын жана сен аларды кайсы жерге койдуң?», «Канча жемиш бар эле, сен аларды кайсы жерге койдуң?». Эми сен ушулар жөнүндө айтып бер. Жооп бүтүндөй бир аңгемени түзөт. Эгер бала жооп берүүдө тапшырманы аткарууда кыйналса, педагог ага жардамга келет. Балдардын жоопторунда предметтердин саны менен алардын белгилеринин жана мейкиндиктеги алган ордунун ортосундагы байланыш сөзсүз болуш керек.

- Балдар педагогдун тапшырмасын кайталоо менен кептин аткара турган кызматын пландоону өнүктүрүүнү камсыздашат. Санак ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн ар кандай анализаторлорду катыштыруунун эсебинен жасалган көнүгүүлөр орчундуу мааниге ээ: үндү (добушту), кыймылды саноо, кол менен саноо.

Сандардын келип чыгышы менен тааныштыргандан кийин балдарга бир сандын чегинде үндү (добушту), кыймылды саноо, кол менен саноо сунушталат. Санактын чеги 1ден 10го чейин өсөт.

Жогорку топто предметтерди кармап көрүп, саноо бир топ татаалдашат. *Мисалы*, ортоңку топтогудай балдар картонго кадалган топчуларды санашат, бирок картонду алар аркасына кармап алып санашат. Өтө эле майда топчулар колдонулат. О. э. көзүн жумуп алып топчуларды, майда таштарды саноо сунушталат.

***Үндөрдү (добуштарды) саноо*** жогорку топто предметтерди саноо жана бөлүп саноо менен байланышат. Тапшырманын мүнөзү акырындап татаалдашат. Мисалы, балдарга алгач үндөрдү саноо, андан соң үндөр менен оюнчуктарды бир мезгилде саноо сунушталат. Бүткөндөн кийин канча жолу үн чыккандыгын, жана канча оюнчукту санагандыгы суралат. Беш жаштагы балдарга көзүн жуумп алып үндөрдү саноо сунушталат.

Жогорку топтогулар ошондой эле ***кыймылдарды санап үйрөнүшөт.*** Балдар педагогдун же башка баланын жасаган кыймылын санашат. Айтылган сан боюнча кыймыл жасашат жана аны санашат. *Мисалы*, «Канча жылдызча болсо, ошончо жолу алакан чапкыла!», «Отуруп тургула!». Педагог бир топ балдарды катыштырып көнүгүүлөрдү жасатууну уюштурат. Жогорку топто алар татаалдашат: топту ыргытуу, скакалка тебүү. Балдарга көрсөтүлгөн багытта белгилүү бир кадамды жасоо сунушталат: «6 кадам басып, солго бурулуп, дагы 2 кадам бас». Бул бир топ эле татаалдык болуп саналат. Себеби, кадамдарды саноо жана ошол эле учурда мейкиндикте ориентир жасоо зарыл.

- Балдардын кеби, жасаган кыймылы, үндөр, кол менен кармоосу менен байланышканы өтө манилүү («Мен топту 7 жолу ыргыттым», «Мен 5 жолу алакан чаптым», «Мен квадратты кармадым», «Мен 5 жолу үндү уктум» ж. б.).

Санакта үн менен кыймылдардын айырмасында аракеттер жасалат. Балдар тапшырмаларды аткарышат: «Канча үн уксаң ага караганда 1ге көп отуруп тур!», «1 квадратка көп (аз) карточканы тап!»

Жогорку топто ***предметтердин саны алардын көлөмүнөн, аянтынан жана формасынан көз карандысыз экендигин көрсөтүлөт***. Балдар буга өздөрү ынанышы үчүн ар кандай багытта санак жүргүзүү сунушталат: төмөндөн, жогортон, оңдон, солдон. Бир эле предметти ар кандай саноону, туура жоопту тез табыш үчүн рационалдуу жолдорун үйрөтөт. 3–4 ыкманы көрсөтөт. Балдар кайсы гана предметтен болсо санай баштаса болорун билет, бир предметти эки ирет саноого болбосун түшүнөт. Тапшырмалар ар кандай вариантта берилет, бул аларды татаалдаштырат.

Жогорку топто ***бирдей сандагы көптүктөрдү түзүүгө жана тандоого багытталган көнүгүүлөргө көп көңүл бурулат***. Бул алардын ар түрдүү предметтердин

бирдей сандагы көптүгү, барабардыкты түзөөрүн билишет. Балдар канча деген суроого жооп берүүгө көнүгүшөт. *Мисалы*, аларга ар түрдүү үч оюнчук берилет жана үч текчеге 3төн тизүү тапшырылат. Демек, алардын саны бирдей болуп чыгат.

Биринчи этапта, балдардан, канча окшош предмети бар экендиги суралат (Мисалы, «Менде жогорку текчеде 5 козу карын, ортоңкуда 5 гүл, төмөнкүдө 5 алма», – деп жооп берет бала. «Туура, сенде окшош оюнчуктар ар бири 5тен», – деп жалпылайт мугалим. Акырындык менен ар бир топто канчадан предмети бар экендигин балдар өздөрү санай башташат. Бул жерде балдар жооп берүүдө ар кандай формулировка кылууга мугалимдин үйрөткөндүгү маанилүү: «Жогорку текчеде 6 айлана, ортоңкуда 6 квадрат, төмөнкү текчеде 6 үч бурчтук, бардык фигуралар тепетең 6дан» же «Бардык фигуралар 6дан – 6 айлана, 6 квадрат, 6 үч бурчтук». Баланын ою жалпыдан жекеге, жекеден жалпыга карай бөлүнөт.

Алты жаштагы балдар ***бирдей бөлүккө предметти бөлүү жөндөмүнө жана бүтүн менен бөлүктөрдүн ортосундагы катышты белгилөөгө үйрөнүшөт.*** Бирок бөлүктөргө бөлүүдө кесүүдөн эмес, бүктөөдөн баштоону эске алуу керек. Кесүүдө ар бир бөлүк өз алдынча бүтүндүк катары балдар тарабынан кабылданышы мүмкүн. Бүтүндү бөлүктөргө бөлүүнүн материалы болуп, биринчи этапта кагаздан жасалган геометриялык фигуралар кызмат кылат. Ар кандай көлөмдөгү квадратты, үч бурчтукту бүктөсө болот. Балдар мында бөлүк бүтүндөн кичине, бүтүн бөлүктөн чоң экендигин түшүнүшү керек.

Кеспестен бүктөп жасоо менен балдар бүтүндөгү бирдей бөлүктөрдүн санын аныкташат (мис., кагазды экиге, андан соң төрткө бүктөп же узун жипти үч бөлүп бүктөп).

Мектепке чейинки балдарга бөлүктөрдөн ***алынган геометриялык фигураларды аныктоо сунушталат,*** *мисалы,* квадратты экиге бөлгөндө квадрат эмес, тик бурчтук пайда болот. Эгер так ортосунан эки ирет бүктөсөк, төрт бөлүк пайда болот, алардын ар бири кичинекей квадрат болуп калат. Ал эми квадратты диоганалынан бүктөсөк, тең капталдуу үч бурчтук келип чыгат. Практикалык көнүгүүлөрдүн натыйжаларын балдар кеп менен чагылдырат: «Мен квадратты тең экиге бүктөп, эки бөлүк – эки тик бурчтук алдым, дагы экиге бөлдүм эле төрт кичинекей квадрат келип чыкты» (бүктөө менен бала натыйжаларды көрсөтөт).

Практикалык көнүгүүлөрдүн жыйынтыгында корутунду келип чыгат, ар бир нерсени экиге бөлгөндө бирдей эки бөлүк пайда болот, дагы бир ирет экиге бөлгөндө, төрт бөлүк келип чыгат.

Жогорку топтогулар бөлүк менен бүтүндүн ортосундагы жөнөкөй катышты түшүнгөндөн кийин, «бүтүндүн бөлүгү же бүтүндүн эки бөлүгүнүн бири» сыяктуу сөздөрдү туура колдонууга жана айтууга үйрөнүшөт. Ушундан кийин, бүктөө же кесүү жолу менен алынган бөлүктөр кайрадан бириктирилет. Окутуунун ырааттуулугу ушундай: алгач – бүктөө, андан кийин – кесүү. Мектепке чейинки курактагылар нанды, алманы эки же төрт бөлүккө бөлгөндөн кийин жалпылоочу жыйынтыкка келишет: «Жарты деп нанды же алманы экиге бөлгөндө аталат, төрткө бөлүнсө, төрттөн бир бөлүгү деп аталат». «Эгер нанды же алманы бирдей эмес бөлүктөргө бөлсөк, анда эмне деп айтышыбыз керек?» «Алма бирдей эмес бөлүктөргө кесилген», – деп жооп беришет балдар. Балдардын турмуштук тажрыйбасы ушинтип окутуу процессинде алынган билимдер менен такталат жана байыйт.

- Педагог предметтерди өз алдынча экиге, төрткө, бирдей эмес бөлүктөргө бөлүү менен көнүгүүгө балдарга мүмкүнчүлүк берет (аркан, сызма,тасма). Балдар бөлүк бүтүндөн кичине экендигине, бүтүн бөлүктөн чоң экендигине ынанышат.

Жогорку топто ***сан жөнүндөгү түшүнүк тереңдетилет.*** Мектепке чейинки курактагыларды 10го чейинки сандардын бирдиктеринин курамы менен тааныштырат (4 – бул 1, 1, 1 жана дагы 1). Көптүктөн (элементтерден) курамды бөлүп чыгыш үчүн жана бул негизде сандардын курамы (бирдиктери) жөнүндө балдарга түшүнүк бериш үчүн жыйынды алынат, анткени ар бир предмет башкалардан айырмаланат. Балдарга ар бир көптүк айрым элементтерден турарын гана көрсөтүп тим болбостон, бирдикке сандын катышын түшүндүрүү, б. а., сандагы бирдиктердин санын да белгилөө керек. Айрым элементтерден турган көптүктүн курамы, качан ар бир элемент башка элементтерден кандайдыр бир белгиси менен (түсү, көлөмү, предметтик мазмуну ж. б.) айырмаланганда өзгөчө көрсөтмөлүү. Ошондуктан түсү, көлөмү же формасы боюнча айырмаланган алгач бир түрдөгү предметтер, кийинчерээк бир тектик түшүнүк менен бириккен предметтер (мисалы, оюнчуктардын комплектиси: идиш-аяк, мебель, кийим-кече ж. б.), о. э. предметтердин тегиздиктеги сүрөттөрү же предметтик сүрөттөр колдонулат.

Ар бир сандын курамы 2 же андан ашык предметтерде иллюстрацияланат. Тапшырманы аткаруу менен мектепке чейинки курактагыларды суроолордун жардамы менен козгойт *(«Сен ар түрдүү мөмөлөрдү канчадан алдың?», «Алардын бардыгы канча?», «3 түрдүү мөмөдөн кантип алдың?»)*. Мөмө-жемиштердин тобу канчадан түзүлгөнүн, алардын бардыгы канча, алардын санын айтып беришет (1 алма, 1 алмурут, 1 банан – бардыгы 3 түрдүү мөмө).

Бирдиктерден турган сандардын сандык курамын үйрөнүү менен дагы бир ирет белгилей кетчү нерсе, бирдик – айрым предмет эмес, бүтүндөй топтун чагылышы болушу мүмкүн. Педагог балдарга ар түрдүү түстөгү кружкаларды көрсөтүп, алардагы бөлүктөрдүн санын аныктоону сунуштайт. Балдар көптүк беш бөлүктөн турганын айтышат. «Түсүн айткыла жана бул көптүктөгү бөлүктөрдүн санын атагыла». «Бул көптүктө ар кандай түстөгү беш бөлүк бар: бир бөлүк – бул кызгылт сары түстө, бирөө – сары, бирөө – кызыл, бирөө – көк жана бирөө – жашыл кружкалар. Бардыгы – беш бөлүк», «Беш саны канча бирдиктен турат?», «Беш айрым бирдиктерден», «Бирдик эмнени чагылдыра алат?», «Бирдик айрым предметти же предметтердин бир тобун чагылдыра алат».

Уюшулган билим берүү ишкердүүлүгүндө мектепке чейинки курактагылар бирдиктерден турган сандын сандык курамын өздөштүрүшөт; сан бирдиктердин ылайык келген санын чагылдырарын түшүнүшөт, сан көптүктүн күчтүү көрсөткүчү болуп саналарына ишенишет. «Мага үч бөлүктөн көптүк түзгүлө», – деп сунуштайт мугалим. «Бир бөлүгү – үч бурчтуктар, бир бөлүгү – квадраттар жана бир бөлүгү – айланалар, бардыгы – үч бөлүк», – деп жооп беришет балдар. Бул катыштардын калыптаныш механизми бир катар ассоциациялардын түзүлүшүнөн турат. Уюшулган билим берүү ишмердүүлүгүнүн ырааттуу системасы балдардын билимин калыптандыруучу улам жаңы байланыштардын акырындап түзүлүшү үчүн шарт түзөт. Бул билимдерди өнүктүрүү көптүк жөнүндөгү элементардык түшүнүктөрдүн пайда болушунан жана алардын өз ара катышын түшүнүүдөн көптүктүн күчтүү көрсөткүчү катары сандарды түшүнүүгө алып барат.

Ар бир сандын курамын изилдөөдө педагог төмөндөгүдөй оюндарды колдонсо болот: «Жупту тап» (педагог 10 го чейинки кайсы гана санды болбосун атын суранат, мисалы, 6; андан кийин бир цифра жазылган карточканы алат, бала башкасын алууну өтүнөт, себеби аларды кошкондо 6 чыгыш керек. Бул оюндун оозеки вариантын ойносо да болот). «…чейин сандарды толукта» (педагог тапшырма берет: «Мен айткан санды 7 ге чейин толукташ керек. Мен 6 атайм. 7 болуш үчүн канча бирдик жетпей калды?». Алгач балага тапшырманы аткарыш жеңил болот. Эгер санак материалын колдонсок, акырындап мындай тапшырмаларды көрсөтмөлүүлүккө таянычсыз аткарууга өтүү керек).

Жогорку топтогу мектепке чейинки балдарды ***ирээтик сан атоочторду*** колдонууга үйрөтүү башталат. Анткени, көпчүлүк балдар ирээтик сан атоочтор менен эсептик сан

атоочтордун ортосундагы айырманы билишпейт. Педагог алардын ортосундагы айырманы ачып бериши керек. Буга сандын ирээтик маанисин анын сандык мааниси менен салыштыруу мүмкүндүк берет. Канча предмет экенин билгиси келгенде санашат: бир, эки, үч, төрт ж. б. минтип саноо менен «канча?», – деген суроого жооп ала алышат. Бирок кезектүүлүктү тапканда, башкалардын ичиндеги предметтердин ордуна келгенде башкача саналат. «Канчанчы?» деген суроого келгенде башкача саналат: биринчи, экинчи, үчүнчү ж. б. «Эсеп боюнча канчанчы?» деген суроо өзгөчө саноону талап кылат. Мында ар бир предмет өз катардагы номерине ээ болот. Муну балдарга туура түшүндүрүү керек. Ирээтик номерди солдон оңду карай саноо кабыл алынган. Бирок ар кыл багыттан саноого болот. Педагог балдарга муну көрсөтүп берет. *Мисалы*, солдон үчүнчү, оңдон бешинчи ж. б.

Ирээтик сан атоочторго окутууда мындай оюнду колдонсо болот: «Кайсы оюнчук жоголду?». (Педагог балдардын көздөрүн жуумп туруусун суранат, оюнчуктардын бирин алып коет. Мисалы, солдон үчүнчү коен жок.) «Ким биринчи атайт?» (Ар түрдүү предметтер тартылган сүрөттөрдү педагог балдарга көрсөтөт. Санактын каяктан баштап жүргүзүш керек деп сурайт. Андан соң балка менен оюнчуктарды коет, канчанчы оюнчук экенин сурайт, балдар соккуну санап, эсеп боюнча оюнчукту табышат).

Айрым учурларда ирээтик санак күнүгө өтүүчү уюшулган билим берүүчү ишмердүүлүктүн негизги, башкы милдетин түзөт. Качан ал өздөштүрүлүп бүткөндө, бекемдөө үчүн уюшулган билим берүүчү ишмердүүлүктүн кандайдыр бир бөлүгү бөлүнүшү мүмкүн.

Жогорку топтун окуучулары ***чектеш сандарды*** окууну улантышат, б. а. алардын кайсынысы чоң, кайсынысы кичине экенин аныктайт. Чектеш сандар жөнүндөгү балдардын түшүнүгүн тереңдетүү менен педагог чектеш сандардын ортосундагы байланышы конкреттүү мисалдарда ачып берет (5 дайыма 4төн чоң, 4 – 5тен кичине). «Чоң» жана «кичине» түшүнүктөрү салыштырмалуу экендигин башында эле белгилейт, ар бир сан (бирден башкасы) кайсы бир сан менен салыштырганына жараша чоң же кичине ($4>3$, бирок $4<5$). Сандардын белгилүү бир ырааттуулугу жөнүндөгү түшүнүк калыптана баштайт. Балдарды 10го чейинки сандарды салыштырууга үйрөтөт. Ишти 1 жана 2ни эмес, 2 жана 3тү салыштыруудан баштаган жөндүү. Анткени, башка сандар менен салыштырууда 1 балдар тарабынан көптүк катары кабылданбайт.

Сандардын ортосундагы байланышты дайыма көрсөтүү ар түрдүү предметтердин жыйындысын салыштырууга таяныч жасоо менен ошол эле чектеш сандарды бир канча ирет салыштырууга мүмкүндүк берет. Мисалы, 4 куурчакты 5 коен менен, куурчактар коендорго караганда аз. Демек, 4 – 5тен кичине, 5 – 4төн чоң. Дайыма эле ушундайбы? Текшеришет. Бул үчүн саналуучу материалды 3–4 ирет алмаштыруу керек.

**«Чоң»** жана **«кичине»** ортосундагы катышты ачуу сандардын ортосундагы катыштын өз ара кайтарым мүнөзү жөнүндөгү түшүнүктү калыптандырууга жардам берет (5 – 4төн чоң, эгер 4кө 1ди кошсо 5 болот; 4 – 5тен кичине, эгер 5тен 1ди алса 4 болот).

Көлөмү, формасы боюнча айырмаланган предметтердин жыйындысын салыштыруу «барабар», «барабарсыздык», «чоң», «кичине» катыштарын ачуу үчүн предметтердин чекене тең салмактуулугунун ыкмаларынын (салыштыруу, колдонуу) маанисине балдардын көңүлүн бурууга мүмкүндүк берет. Балдар салыштырылып жаткан 2 сандын кайсынысы чоң, кайсынысы кичине экендигине көрсөтмөлүү далилдин ыкмасы катары бул ыкмаларды колдоно башташат. Жыйындыларды теңештирүүдө мектепке чейинки курактагыларга көнүгүүлөрдү көбүрөөк жасатууга мугалим көңүл буруусу зарыл. Жыйындыларды теңештирүү менен бала чектеш сандардын ортосундагы катышты практикалык жактан билет.

Мектепке чейинки курактагыларды «барабарсыздыктан барабардыкты» гана табууга үйрөтпөстөн, о. э. «барабардыктан барабарсыздыкты» табууга да үйрөтөт. Мында

сандарды салыштыруу көз, кулак жана кармоо жолу менен кабылданган жыйындыларды салыштыруунун негизинде жүргүзүлөт. Тапшырманы аткаруу менен бала канча жолу предметти койгондугун, канча ирет кыймыл жасагандыгын гана айтып бербестен, эмне үчүн ошончо экендигин түшүндүрөт. Кээ бир балдар сандарды салыштыруу менен алардын бирин гана айтат: «4 чоң же 3 кичине». Так жоопту алыш үчүн педагог сүрөмөлөөчү суроолорду берет. Мисалы: «Биз 4тү кайсы сан менен салыштырдык?», «Кайсы сан чоң (кичине)?», «Чоң» жана «кичине» айтылыштарынын салыштырмалуулугун белгилөө менен, педагог бу санды мурунку же кийинки сан менен салыштырууну сунуштайт (мис., «Сен 4 кичине дедиң. Эгер мен 3 жана 4 санын айтсамчы, сен эмне дейсиң?»). Балдар салыштырылып жаткан санга карата бир сан бир учурда кичине, бир учурда чоң болуп каларына ынанышат. Ошондуктан салыштырылып жаткан эки сандын экөөсүн тең айтып, кайсынысы чоң, кайсынысы кичине экендигин белгилеш керек. Антпесе жооп так болбой калат.

***Чоңдук.*** Предметтердин чоңдугун туура аныктоо жана салыштыруу, предметтердин мейкиндиктеги параметрлерин түшүнүү жөндөмү мектепке чейинки баланын математикалык өнүгүшүнүн зарыл шарты жана фундаменти. Предметтердин чоңдугун практикалык салыштыруудан чоң-кичине, барабардык-барабарсыздыктын сандык өз ара катышын таанууга өтөт. Предметтердин чоңдугу жөнүндөгү түшүнүктүн калыптанышы жана ***«узунураак-кыскараак, жогору-төмөн, чоң-кичине»*** катыштарын түшүнүү математикалык көз карандылыкты ачууну, сан жөнүндөгү түшүнүктү тереңдетүүнү балдарга көрсөтмө куралдар менен көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Мектепке чейинкилердин жогорку тобунда салыштыруучу предметтердин чөйрөсү кеңеет. Ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө балдар дайыма кезиккен предметтер колдонулат (сызма, скакалка, кур, куту ж. б.). Чоңдуктарды салыштыруу обочолонтулбастан, предметтердин башка касиеттерин кароонун системасында (алардын багышталышы, бөлүктөрү, түсү, материалы ж. б.) ишке ашырылат. Бул балдардын акыл-эсинин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ. Чоңдуктарды салыштыруудагы көнүгүүлөр олуттуу татаалдашат. Балдар көрсөтмөлүү сунушталган предметтердин ортосундагы көлөмдүк катышты гана аныктабастан, сунушталгандар боюнча окшош катыштарды түзүшөт. *Мисалы,* аларга сунушталат: бирдей узундуктагы, бирок туурасы бирдей эмес эки-үч тик бурчтук тартуу же кесүү; эки сабиз тартуу: бирөө узун, бирөө-кыска; кагаздан квадрат кесүү: бирөө – чоң, башкасы – кичинекей.

Предметтердин мейкиндиктеги ар түрдүү параметрлери жөнүндө алган балдардын билимдери кебинде туура чагылдырылышы керек: «Ак сызык кара сызыкка караганда жоонурак» же «Мага шуру тизиш үчүн узунурак жип керек» (балдар көбүнчө чоң деп айтышат). Бул билимдерди балдар ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө колдонушу керек: сүрөт тартууда, аппликация менен иштөөдө, кагаздарды чаптоодо, оюнда ж. б. Мектепке чейинкилердин жогорку тобундагы балдарда предметтердин ортосундагы чоңдук боюнча катыштар тууралуу түшүнүктөр так калыптанышы зарыл. Анткени, сөздө башка предметтердин арасындагы алардын орду көрсөтүлөт: **узун, кыска, кыскараак, эң эле кыска**. Эгер ортоңку топтогу балдарга эки-үч предметтин ортосундагы катышты таануу жүргүзүлсө, жогорку топто бир катар өсүүчү жана төмөндөөчү чоңдуктардан түзгөн беш – он предметтин ортосундагы катышты өздөштүрүү керек.

Бул катыштарды өздөштүрүү предметти аналитикалык кабылдоону (узунун, туурасын, бийиктигин бөлүп көрсөтүү) балдарда өнүктүрүү жана бул параметрлер боюнча аларды салыштыруу жолу аркылуу өлчөө жөндөмү менен байланыштуу салыштырмалуу татаал маселе болуп саналат. Мында көз болжолун өнүктүрүү чоң роль ойнойт.

Жогорку топто бир катар чоңдуктарды куруууда көнүгүүлөрдү татаалдаштыруу көп сандагы предметтерди (10 го чейин) салыштырууда гана берилбейт, айрым гана

предметтерди эмес, предметтердин жубун тандоо жана куруу киргизилет; бир гана эмес, эки-үч өлчөмдөрдө айырмаланган предметтер колдонулат. Бир эле предмет ар кайсы белгисинде коюлат (мис., цилиндр алгач тигинен, кийин туурасынан).

Билимдерди текшериш үчүн балдарга үлгүгө ылайык сызма берилет. Туурасы бирдей, бирок түстөрү, узундуктары ар башка 5 жуп болот. Балдарга тапшырма – бирдей узундуктагы сызмаларды табуу. Бала өзү текшериш керек. «Кантип эле сенин сары сызмаң менин көк сызмам менен бирдей узундукта болуп калды?». Дагы бир вариант: Ар бир балага 5 ар кыл түстөгү туурасы бирдей, бирок узуну ар башка жол-жол кездеме берилет. Тартиби боюнча коюу сунушталат. Андан кийин түшүндүрүшөт: «Менде эң узуну – кызыл, кыскараагы – жашыл, дагы кыскараагы – көк, андан да кыскараагы – ак, эң эле кыскасы – кызыл». Бул көлөмдү жана түстү тактап эстеп калууга жана сөз байлыгын өстүрүүгө жардам берет. Мындай оюндарды ар кыл вариантта ойнотсо болот.

Мектепке чейинкилердин жогорку тобунда **көз болжолун өнүктүрүүгө чоң көңүл** бурулат. Предметтерди тикеден-тике салыштыруунун ыкмаларына ээ болуунун негизинде (салыштыруу, өлчөө, ченөө ж. б.) көз болжолдун татаал аракетин талап кылган тапшырмаларды чечүүнү үйрөнүшөт. Алгач аларга көз болжолу менен үлгүдө берилген чоң же кичине предметти табуу тапшырылат, андан соң бул татаалдаша баштайт. Бир эле үлгү бир канча предметтерди узунуна, туурасына, бийиктигине салыштыруу үчүн колдонулат. Ар биринде балдар салыштыруу, ченөө, өлчөө ыкмаларынын негизинде көз болжолдун тууралыгын текшеришет. Мындай тапшырмаларды ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүндө балдардын алдына койсо болот.

Көп сандагы предметтерди салыштырууда балдардын көңүлүн бир предмет экинчисинен канчалык узунурак экендигине буруу маанилүү. Тартипке салынган катарлардын белгилери жөнүндөгү билимдерди бекемдөө үчүн балдардан зээндүүлүктү, тапкычтыкты талап кылган көнүгүүлөр колдонулат. *Мисалы*, ар кыл узундуктагы 5–6 кездеменин кесиндиси берилет, алар бири-бири менен тең эмес, бирок экөөнүн узундугу бирдей. Балдар ушул эки бирдей узундуктагы кесиндини табышы керек.

Мындан сырткары «Тапкыла, кайсыл жерде калып кеткен?» «Кайсынысы артыкбаш?» «Эмне өзгөрдү?» сыяктуу оюндарды ойнотсо болот. Тартипке салынган катарды түзүүдө педагог эреже киргизет: коюуга жана ордун алмаштырууга болбойт. Калтырылып кеткен элементти балдар көз болжол менен табышы керек. Предметтердин көлөмдөрүн салыштыруу тажрыйбасы элестетүү боюнча салыштыруу үчүн өбөлгөлөрдү түзөт. Балдарга тапшырма берилет: тигил же бул предмет кандай көлөмдө экендигин көрсөт, мисалы, дарбазанын, дубалдын, баланын столунун бийиктиги кандай; үлгүдөн узун, кыска, чоң, кичине предметти көрсөт; же карандаштын, чынынын, топтун чоңдугун мурда көргөндөргө салыштыр; 2 предметтин узунурагын (кыскарагын), жогорусун (төмөнүн) көрсөт.

Мындай тапшырмаларды аткаруу процессинде педагог өлчөөнүн эрежесин белгилөөгө балдарга жардам берет. Мисалы, эң кыска жол болуш үчүн түз сызык боюнча өлчөө керек; кенен кадам менен түз басуу; кадам-өлчөө. Өлчөм бардык аралыкта бирдей болушу керек. Мисалы, эшикке чейин канча кадам, кум салынган ящикке чейин канча кадам ж. б. Дамир 5 кадам десе, Асел 6 кадам дейт. Ар кандай болуп калышынын себебин балдар кадамдын канчалык кенен ташталышында экендигин билишет. Тажрыйба топтолгондон кийин, тигил же бул предметке чейин канча кадам экендигин көз болжол менен билүү балдарга сунушталат.

**Жылдын акырында балдар предметтин узундугун, туурасын, бийиктигин бөлүп көрсөтүүгө гана үйрөнбөстөн, алардын салыштырма көлөмүн баалоого да үйрөнүшөт. Алар тилкелик көлөмдү салыштыруунун ыкмаларына, чоңдуктун так сандык мүнөздөмөлөрүн колдонуу, ориентирлик аракеттердин ыкмаларынын ортосундагы байланышты белгилөө жөндөмүнө да ээ болушу керек. Чоңдук**

**элементардык математикалык аракеттердин объектиси болуп калат. Анын белгилери жөнүндө балдар алгачкы конкреттүү маалыматтарды алышат. Чоңдукту ченөөгө, өлчөөгө балдарды окутуу үчүн өбөлгөлөр түзүлөт.**

## Форма

**Геометриялык фигуралар** – бул эталондор, алардын жардамында предметтердин формасын же алардын бөлүктөрүн аныктоого болот. Форма чоңдук катары курчап турган предметтердин маанилүү белгилери болуп саналат; ал геометриялык фигураларда жалпыланган чагылууга ээ болот. Жогорку топтун педагогунун негизги милдети мында турат, формасы боюнча предметтерди салыштыруу үчүн эталон катары аларга белгилүү геометриялык фигуралардын жөнөкөй белгилери жана өзгөчөлүктөрү менен аларды тааныштырат. Балдар аларды жакшы гана айырмалабастан, ошондой эле айлана, квадрат, үч бурчтук, тик бурчтук, сүйрү тегерек экендигин аташат. Бул жалпак фигуралар ар кандай көлөмдө жана түстө болот. Алар ошондой эле шар, куб жана цилиндр сыяктуу көлөмдүү телолорду да билишет; жогорку топто овалоид, конус менен таанышышат.

Бул формалардын бардыгы балдарды курчап турган предметтер аркылуу көрсөтүлөт. (шар – топ, куб – кубиктер, цилиндр – стакан, чака, овалоид – жумуртка, конус – шляпа) элементардык математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча уюшулган билим берүүчүлүк ишмердүүлүктө, балдар фигуралардын формасы боюнча жакын үлгүлөрүн айырмалоого (шар жана овал), кабылданган фигураларга элементардык анализ жүргүзүүгө, алардын айрым белгилерин бөлүп көрсөтүүгө жана баяндоого үйрөнүшөт.

Үч бурчтуктардын ар кандай түрлөрү, овал формасындагы фигуралар менен таанышышат, форма боюнча өзгөрүүлөрдү көрө билүүгө үйрөнүшөт, окшош фигураларды табышат. Балдар предметтердин формаларын ырааттуулукта изилдешет жана баяндашат, геометриялык моделдер менен окшоштуктарын жана алардан айырмачылыктарын табышат. Ар бир фигура ар кыл түстө, ар кыл көлөмдө жана ар кыл тараптардын катышында моделдер менен балдарга сунушталат, алар ар түрдүү материалдардан жасалат (кагаз, картон, пластилин, фанера ж.б.). Ошондуктан бардык ишти геометриялык фигуралардын моделдерин салыштыруу жана карама-каршы коюунун негизинде курат. Геометриялык фигуралардын жана алардын моделдеринин белгилеринин окшоштуктары менен айырмачылыктарын ачуу үчүн алгач жуп боюнча салыштырат (айлана жана сүйрү тегерек, квадрат жана тик бурчтук), андан кийин ар бир түрдөн үчтөн бешке чейинки фигуралар салыштырылат.

Бир түрдөгү фигуралардын варианттары менен балдарды тааныштыруу максатында бул түрдөгү фигуралардын беш вариантына чейин салыштырылат: тараптарынын ар кандай катыштыктары менен тик бурчтуктар жана үч бурчтуктар, окторунун ар кандай катыштыктары менен сүйрү тегерек. «Жубун тап», «Формасы боюнча танда» сыяктуу дидактикалык оюндарды колдонуу менен педагог балдарды окшош фигураларды табууга үйрөтөт. Геометриялык фигуралардын ар биринин мүнөздүү касиети, түсү, көлөмү, материалы боюнча айырмаланган 4–5 анын моделин салыштыруу жолу менен ачылат.

Педагог фигураларды кантип топтоштурууга боло тургандыгына, канча топ болооруна божомол жасоого балдарды түртөт. Өз божомолдорун айтуу менен балдар фигураларды топтоштурушат. *Мисалы*, мурда балдарга белгилүү болгон тектик белгилери боюнча ар кандай көлөмдөгү жана түстөгү жалпак фигураларды (ар кандай түрдөгү айланалар, сүйрү тегерек, үч бурчтуктар, квадраттар, тик бурчтуктар) топтоштурушат:

- ➔ эки топту бөлүү: тегерек жана бурчтук фигураларды;
- ➔ үч топту бөлүү: тегерек фигуралар, төрт чокусу, төрт бурчу жана төрт тарабы бар фигураларды, үч чокусу, үч бурчу жана үч тарабы бар фигураларды, алардын ичине өсүүчү жана кемүүчү тартипте көлөмү боюнча жайгаштыруу;

➔ фигуралардын үч тобун бөлүү (алардын формасына жана түсүнө карабастан): көлөмдүү, орточо жана кичине;

➔ көлөмүнө жана формасына карабастан түсү боюнча фигураларды топтоштуруу.

Жогорку топтогулар үчүн моделдерди тактилдүү изилдөө ыкмасын колдонуу олутуу мааниге ээ.

- Педагог манжалар менен фигуранын контурларын айланта кармоо ыкмасын балдардын эсине салат жана контур боюнча манжанын же таякчанын кыймылын кароону аларга сунуштайт.

Бири биринен фигуралардын айырмачылык белгилерин ачып көрсөтүү үчүн балдар салыштыруу жана салыштырып коюу ыкмаларын колдонууну улантышат. Алар фигуралардын элементтерин санашат, бир түрдөгү, бирок ар түрдүү түстөгү жана көлөмдөгү фигуралардын, моделдеринин, жактарынын жана бурчтарынын санын, о. э. квадрат менен үч бурчтуктун, тик бурчтук менен үч бурчтуктун жактарынын жана бурчтарынын санын салыштырышат. Мында башынан баштап элементтерди туура көрсөтүүнүн ыкмаларын калыптандыруу керек.

**Чоку** – бул чекит. Балдар манжасын же таякчаны коюу менен жактардын бириккен чекитин так көрсөтүшөт. Көп бурчтуктун жактары – **кесиндилер**. Бала бир чокудан экинчисине чейини колу менен көрсөтөт. **Бурчту** педагог көрсөтүү менен, бир бурчтан бурулган экинчи бурчка чейин алып барат.

Фигуралар жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекемдөө үчүн ортоңку топто колдонулган ыкмалар менен катар жаңылары колдонулат. Маселен, балдар ар кандай ыкмалар менен бирдей бөлүктөргө фигураларды бөлүштүрүшөт, бөлүктөрдөн бүтүн фигураларды жасашат. Бир фигурадан башкасын түзүшөт, таякчалардан ар кандай көлөмдөгү фигураларды жасашат, пластилинден мейкиндиктик фигураларды жасашат (куб, шар, тегерек сүйрү, цилиндр, конус).

- Бир эле фигуралардан ар кандай композицияларды түзүүдө геометриялык фигураларды комбинациялоого балдардын көнүгүшү өтө маанилүү. Бул кайсыл гана предмет болбосун ар түрдүү бөлүктөрүнүн формасын кароого, конструкциялоодо техникалык сүрөттөрдү окууга үйрөтөт. Геометриялык фигуралардан реалдуу предметтер түзүлүшү мүмкүн. Жогорку топто бала геометриялык фигуралардын жайгашышын ырааттуу бөлүп көрсөтүүгө жана баяндоого гана үйрөнбөстөн, үлгү боюнча сызыктарды табууга да үйрөнүшөт, аны педагогдун көрсөтмөсү жана элестетүү боюнча кайрадан жасашат.

Фигуралардын өз ара катышын белгилөөгө көнүгүүлөр дидактикалык оюндар формасында жүргүзүлөт («Эмне өзгөрдү?»), «Ушундай сызыкты тап» ж. б.). Дидактикалык оюндарды колдонуу чоң мааниге ээ. Бул форма жөнүндөгү билимдерди бекемдөөгө, тактоого жана байытууга жардам берет.

«Эмнеге окшош?» деген оюн белгилүү бир формадагы предметтерди табууга, геометриялык фигуралар жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекемдөөгө үйрөтөт.

«Геометриялык мозаика» оюну элестетүүнү өнүктүрөт, бөлүктөрдү жайгаштыруу ыкмасын анализдөөгө үйрөнүшөт, үлгүгө карап, фигураларды түзүшөт.

***Мейкиндикте ориентир алуу.*** Балдардын мейкиндикте ориентир жасоосу да олуттуу, анткени бул түшүнүк предметтердин чоңдугун, алардын формасын жана субъектке салыштырмалуу абалын баалоого кирет. Балдар акырындык менен алардан бир топ алыс жайгашкан кайсы гана предмет болбосун жайгашышынын багытын аныктоого үйрөнүшөт, б. а. кабылдоо деңгээлинде ишке ашырылуучу мейкиндикте «түздөн-түз» ориентир жасоодон, мейкиндиктик түшүнүккө таянган ортоңкулукка өтүү жүрөт.

Жогорку топтогуларда оң жана сол колун айырмалоо, өзүнө карата предметтин жайгашыш абалынын багытын: **өйдө, төмөн, алдыда, артта, оңдо, солдо** аныктоо жөндөмү бекемделет. Ортоңку топтогудай балдар карама-каршы багыттарды айырмалоого көнүгүшөт, бирок тапшырма предметтердин санынын көбөйүшү менен татаалдашат (2ден 6га чейин), алардын жайгашыш абалын аныктоо балдарга сунушаталат. Жогорку топтогу мектепке чейинки балдар предметтер кайсы багытта жайгашкандыгын аныктоого гана эмес, о.э. көрсөтүлгөн багыттарды өз алдынча түзүүгө да үйрөнөт: **«Алишер сенин алдыңда, ал эми Нурай артыңда болгон абалда тур!», «Сенин сол тарабыңда шкаф, оң жагыңда стол болгондой абалда тур!».**

Балдар предметке салыштырмалуу абалда өзүн элестетип койгонго үйрөнүшөт. Балдардын башка предметтерге карата абалды да аныктоо жөндөмү жогорку топтогу башкы милдеттерден. *Мисалы*, **Амирдин сол жагында Бакыт, Амирдин оң жагында Мадина отурат, ал эми алдында Марат отурат.**

Предметтердин ортосундагы мейкиндиктик катышты билдирген сөздөрдү түшүнүү жана колдонуу, өзүнүн сезимин, тажрыйбасын түшүнүүгө жардам берүүчү маанилүү фактор болуп саналат. Мейкиндиктик ориентирди өнүктүрүүдө сейилдөө, экскурсия, кыймылдуу оюндар, дене тарбиялык көнүгүүлөр өзгөчө орунду ээлейт.

Жогорку топтогу мектепке чейинки балдарда мейкиндиктик ориентирди өнүктүрүү үчүн педагог төмөндөгү көнүгүүлөрдү жана оюндарды колдонсо болот:

- ➔ дидактикалык сүрөттөрдү кароо жана андагы предметтердин жайгашуусун баяндоо, окшош, бирок жайгашышы боюнча ар башка сүрөттөрдү тандоо;
- ➔ чуркоо, басууда кыймылдардын багытын команда боюнча өзгөртүүгө, тигил же бул предметке карата өзүнүн мейкиндиктик абалын баяндоого балдарды үйрөткөн дене тарбиялык көнүгүүлөр, мисалы, «Мен столдун алдына турдум, бирок артына туруш керек болчу» ж.б.
- ➔ **«Ким каякта?»** оюну. Бөлмөнүн бурчтарына педагог оюнчуктарды коет. Бала ар бир бурчка барып, эмнелерди көрүп жатканын айтат. Мисалы, биринчи алдыңкы бурчта куурчактын столу, куурчактын алдында баштык жатат, куурчактын артында мамалак турат. Оюнчуктар ар түрдүү, бирок алар бешөө гана.
- ➔ **«Сүрөтчүлөр» оюну.** Педагог балдар менен ойлонуп сүрөт тартат. Мисалы, ортосунда – үй, үстүндө, чатырда – антенна, үйдүн алдында – гүлзар, оңдо – дүкөн, солдо – автобус аялдамасы ж.б. Оюн балдардын мейкиндикте ориентир жасоосуна, предметтердин мейкиндиктик жайгашуусун аныктаган терминдердин бекемделишине жардам берет, алардын салыштырмалуулугу жөнүндөгү түшүнүктү берет.
- ➔ **«Эмне өзгөрдү» оюну.** Белгилүү бир тартипте предметтер жайгаштырылат, кайда эмне жаткандыгын балдардын эстеп калуусун мугалим сурайт. Андан кийин педагог алардын көздөрүн жумуп турууларын өтүнөт. Мугалим бул учурда алардын ордун алмаштырат же айрымдарын алып таштайт. Балдар көздөрүн ачып, өзгөрүүлөр жөнүндө айтып беришет. Алгач предметтердин анча көп эмес саны (4–6) коюлат, алардын ичинен экиден ашык алмаштырууга болбойт. Кийин тапшырманы татаалдаштырат, бул балдардын жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша болот.
- ➔ **«Ким туура барса, ал оюнчук табат»** оюну. Чоңдордун көрсөтмөсү боюнча оюнчукту табыш үчүн берилген багытта жүрөт (эки кадам алдыга бас, солго бурул, үч кадам алдыга бас, ж.б.).
- ➔ **«Өз батириң жөнүндө айтып бер»** оюну. Бала өз батири, анын бөлмөлөрү, кайсы бөлмө кайда экендиги, ашкана, зал, уктоочу бөлмө кайда экендиги тууралуу айтып берет.

Жогорку топто тегиздикте ориентир жасоого көп көңүл бурулат, ***эки өлчөмдүү мейкиндикте*** эркин ориентир жасоого балдар үйрөнүшөт. Жогорку топтогу балдарды окуу жылынын башында көрсөтүлгөн багытта предметтерди жайгаштырууга үйрөтүшөт: ***жогортон төмөн же төмөндөн жогору, солдон оңго же оңдон солго.*** Бири бирине катышы боюнча геометриялык фигуралардын өз ара жайгашышын баяндоого жана кайра жаратууга, ырааттуу бөлүп көрсөтүүгө көп көңүл бурулат. **Тегиздикте андан ары ориентировканы өнүктүрүүгө кагаздын ортосун, жогорку жана төмөнкү, оң жана сол капталдарын табуу жөндөмүнө үйрөтүү кызмат кылат. Кийинчерээк аларды көрсөтмө боюнча аракет кылууга үйрөтүшөт. Ал эми үлгүнү тапшырма аткарылып бүткөндөн кийин көрсөтүшөт.** Эми ал өзүн-өзү текшерүү үчүн кызмат кылат. Тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин балдар канча фигура жана кандай жайгаштырышкандыктарын айтып беришет.

Баракка, полго, аянтка катышы боюнча предметтердин абалын белгилөө үчүн балдар сөздөрдү колдонушат. Жогорку топтогу мектепке чейинки балдар атайын уюшулган билим берүүчүлүк ишмердүүлүктө тигил же бул мейкиндиктик байланыштар жана катыштар тууралуу алгачкы түшүнүктөрдү алышат. Аларды өздөштүрүү балдардын практикалык ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүндө жүрөт.

***Убакытты билуу.*** Убакыт түшүнүгү балдар үчүн абдан татаал. Убакыттык түшүнүктөрдү өздөштүрүү мектепке чейинки балдардын өздүк ишмердүүлүгү аркылуу жүрөт, сутканын ар кайсы бөлүктөрүндө чоңдордун ишмердүүлүгү объективдүү көрсөткүчтөрү (күндүн абалы, жарык болуу, аба ырайынын көрүнүштөрү) аркылуу бааланат. Жогорку топтогу балдарда окуу жылынын башталышында **эрте менен, түш, кеч, түн** сыяктуу убакыттын бөлүктөрү жөнүндөгү түшүнүк бекемделет жана тереңдетилет. Сутканын бөлүктөрүнүн аталышын балдардын ишмердүүлүгүнүн конкреттүү мазмуну жана чоңдорду курчап турган чөйрө менен гана байланыштырбастан, о.э. убакыттын объективдүү көрсөткүчтөрү – жаратылыштын көрүнүштөрү (эртең менен күн чыгат, улам жарык боло баштайт) менен да байланыштырышат.

Педагог балдар менен бир күн ичиндеги убакыттын өтүшү жөнүндө, андагы жасалган иштердин ырааттуулугу жөнүндө аңгемелешүү жүргүзөт. Буга байланыштуу ырларды жана аңгемелерди окуп берет. Сутканын бөлүктөрү жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекемдөөгө «Биздин күн», «Алгач эмне, андан кийинчи?», «Эмне биринчи, эмне кийин?» сыяктуу дидактикалык оюндар жардам берет.

**«Кечээ», «бүгүн» жана «эртең»** сыяктуу убакыттын белгилеништеринин өзгөрмөлүүлүгү жана салыштырмалуулугу балдардын аларды өздөштүрүшүн татаалдатат. Беш жаштагы балдар буларды чаташтырышат. Ошондуктан бул үчүн «Биз силер менен кечээ каякта болдук эле?», «Биз экскурсияга качан барганбыз?», «Азыр биз эмне кылып жатабыз?» өңдүү суроолорду берүү менен бул сөздөрдүн мазмундук маанисин педагог ачып бериши керек. Кийинчерээк жогорку топтогу мектепке чейинки балдарды жуманын күндөрү менен тааныштырат. Балдар алгач адамдар көбүнчө күн деп аташкан сутканын күндөрү бири-бири менен алмашаарын билишет. Жуманын ар бир күнү өзүнчө аталышка ээ. Алар ырааттуу аталат: **дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби** ж.б. Аптанын күндөрүнүн аталыштарын балдардын конкреттүү ишмердүүлүгү менен байланыштырышат (бейшемби күндөрү бизде куурчак театры болот, жумада спорт менен машыгабыз). Педагог ар бир күн сайын анын аталышын сурайт. Бүгүнкү күндөн кийин кайсы күн келээрин да балдардан сурап турат.

Күндөрдүн алмашышын билүү менен балдар убакыттын алмашып тураарын түшүнүшөт. Күндөрдүн өтүшү менен апта, андан соң ай келээрин жана алмашаарын билишет. Жылдар алмашарын балдар өздөрү айтышат, күз өтүп, бир жылдан соң кайра күз келерин айтышат. Дүйшөмбү, жети күндөн кийин кайра дүйшөмбү болоорун да өздөштүрүшөт.

Балдар менен иштөөдө көнүгүүлөрдү пайдалануу керек, *мисалы*, «Улант» деген оюн, мында балдар тегерек болуп турушат. Топ менен ойносо болот. *Мисалы*, педагог топту балдардын бирине ыргытып: «Биз экскурсияга бардык» – дейт. Бала «кечээ», – деп улантат, «Сейилдөөгө биз чыктык», – деп кийинки балага ыргытат, ал «бүгүн» деп жооп берет, оюн ушинтип улантыла берет.

Мындан сырткары «Жандуу апта» оюнун ойнотсо болот. Оюнга 7 бала чакырылат. Аптанын күндөрүн белгилеген жети түстүү кружкаларды алышат. Балдар аптанын күндөрү боюнча ырааттуу тартипте тизилишет. Оюн улам татаалдашып жүрүп отурат.

«Жыл бою» оюну. Балдар тегерек болуп тизилишет. Алып баруучу топту ыргытып суроо берет: «Февраль жылдын канчанчы айы?», «Жыл кайсы ай менен бүтөт?», ким жооп берсе, ал бала суроо берет. Топту башка балага ыргытат, оюн ушинтип улана берет.

Бул оюндар аптанын күндөрүн, жылдын айларын, **«кечээ», «бүгүн», «эртең»** сыяктуу убакыттын аталыштарын, алардын ырааттуулугун балдардын эстеп калышына жардам берет.

***Салмакка ориентир жасоо.*** Жогорку топтогуларда ар кандай салмак боюнча булчуңдардын катышуусу менен ал салмактарды айырмалоо боюнча көнүгүүлөр жасалат. Мисалы, предметтерди алаканга салып өлчөө. Предметтердин салмагын айырмалоо акырындап кичирейтилип жүрүп отурат (300 граммдан 50 граммга чейин). Акырындык менен салмактардын катышы өзгөрөт 1:1,5 – 1:2,5. Көнүгүүлөрдүн мүнөзү мейкиндиктин параметрлеринин айырмаланышы сыяктуу көнүгүүлөрдүкүнө окшош. Мисалы, балдарга формасы жана көлөмү боюнча бирдей баштыкчалар берилет (биреөнүн ичине кум, экинчисине ун салынган). Тапшырма: кайсынын салмагы оор? Балдар алакандарына баштыкчаларды коюу менен алардын салмагынын айырмасын табышат. Андан соң баштыкчалар, кутучалар, челекчелер менен алмаштырылат. Балдар алардын салмактарын өлчөөнү улантышат. *Дагы бир вариант:* салмактары ар башка кутучалар столго коюлат. Балдар жеңилин бир тарапка, оорун бир тарапка бөлүшөт.

Тапшырмалар барган сайын татаалдашат. Эки, үч, төрт беш салмактык айырмачылыктарга чейин балдар табышат. Алардын салмактык өлчөмүнүн өсүшү же кичирейиши боюнча ырааттуу тартипте жайгаштырышат.

Балдарга **көлөмдөн салмактын көз карандысыз экендигин** түшүндүрүш керек. Маселен, чоң үйлөнгөн шар менен кичинекей жыгач же темир таякчанын салмагын салыштыруу. Экинчи жарым жылдыкта жогорку топтогулар примитивдүү салмактын жардамында предметтин салмагын так аныктоого көнүгүшөт. Алаканга предметтерди коюп, салмагын аныктоо менен балдар салмактын маанисин түшүнө алышат. Салмакты өлчөөгө балдардын кызыгуусун жаратуу «Дүкөн», «Жашылча базары», «Супермаркет» ж. б. сюжеттик-ролдуу оюндарды ойнотуу менен өнүктүрсө болот.

## Конструкциялоо

### Экинчи кенже топ (төрт жаштагылар)

Төрт жаштагы балдарды куб, кирпич, пластина сыяктуу курулуш бөлүктөрүнүн аттарын атоого жана аларды айырмалоого, тааныш курулуш материалдарынын формаларын комбинациялоо жолу менен элементардык курулушту курууга, тегиздикте аларды жайгаштыруусуна жараша, алардын туруктуулугу менен тааныштырууга үйрөтүү улантылат.

Бири бирине тыгыз же белгилүү бир аралыкта (тосмо, дарбаза) коюу менен айлана боюнча, төрт бурчтук боюнча куб, кирпич, пластинаны жайгаштырууга, узундугу жана бийиктигине жараша аларды өзгөртүүгө үйрөнүшөт. Өз кыялындагыдай кылып, аларды сюжет

боюнча бириктирип, курулуш куруугa (жолдор, үй, көчө) каалоо пайда болот. Курулуштун үлгүсүн анализдөө учурунда (окутуунун негизги ыкмасы катары) балдарды алардын аталыштарын атоого жана аныктоого үйрөтөт, төмөндөгүдөй суроолор берилип, аларга жооп алынат: ***«Курулушту сен эмнеден баштайсың?», «Кандай бөлүктөрдү сен тандап аласың?», «Курулуш бийик болуш үчүн сен эмне кыласың?»*** ж. б.

Балдарга оозеки көрсөтмө чектелген түрүндө боло баштайт, *мисалы*: ***«Кызыл кубиктерди алып, аларды бири бирине жакын кылып бир катарга кой»***. Балдар түркүн түстө курулуш курганга үйрөнүшөт, түстөрдү айырмалап гана койбостон, алардын аталыштарын аташат.

Тапшырма балдарга улам татаалдашат. Педагог балдарга кандай куруу керектигин көрсөтпөстөн, ***«Менин дарбазама окшош дарбаза кур, бирок сенин дарбазаңдын алдынан машина өткөндөй бийик болсун!»*** – деп аларды өз алдынча ойлонууга мажбур кылат.

***Балдар эки тепкичи бар сыйгалануучу кырды*** (горка) куруугa үйрөтөт. Педагог кутудагы деталдарга балдардын көңүлүн бурат. Алар канча экендигин, кандай аталаарын сурайт: «Келгиле, кубиктерден эки тепкичтүү сыйгалак кырын курабыз. Динара, алгач чогуу курабыз, балдар болсо, бизге жардам берет (педагог бир кубикти алат). Мен канча кубик алдым? (столго коет). (Педагог кийинки деталды алат жана кура баштайт). Динара, эми сен кой. Биз Динара экөөбүз эмне курдук? Эми Динара экөөбүз эмне кылабыз? (Дагы бир кубиктен коюшат). Бизде эмне пайда болду». Келгиле, андан ары улантабыз».

Балдар сыйгалакты өз алдынча кургандан кийин, курулушту кантип пайдаланууну айтат. Конокко матрешкалар келет. «Матрешка, сага Даниярдын сыйгалагы жагып жатабы? Ал кандай түстө? Мага да жагып жатат, кубиктер түз тизилген, сыйгалак бекем. Тепкичтер менен ага чыккың келеби?».

Балдар ***жол*** курганды үйрөнүшөт. Педагог балдарга эки түстөгү кирпичтер менен пластилин берет, жолдор курулат: «Келгиле, эки башка жол курабыз бири узунураак болуш керек. Алишер, буларды жолдорго кой. Кайсынысы узунураак болуп калды? Кайсынысы сары түстөгү жол. Туура, узун. Жашылчы? Туура, кыска. Биз кыска жолду да узун кылсак болот. Эмне кылыш керек? Айбек, кана, сен көрсөтчү (бала окшоштуруу боюнча кирпичтен экини коет), азаматсың, Айбек! Башкача кылып узун жолду жасаса болобу? (педагог биринчи жолдон эки кирпичти алып салат). Эрлан, сен узун жол кур! Кандай гана узун жол!».

Педагог балдарга өз алдынча эки узун жол курууну сунуштайт. Эмнеден жасалгандыгын балдардан сурайт. Узартууну сунуш кылат, узартуунун эки ыкмасын колдонгон балдарды мактайт. Педагог жолду узартууну сунуш кылат: «Кызыл жол салгыла, ал үчүн алдыңардагы кирпичтерди пайдалангыла. Эми жолдоруңарды дагы узарткыла. Ал үчүн ошондой деталдарды колдонгула. Түсү окшош болсун. Азат, сен жол узун болуш үчүн кандай деталдарды пайдаландың?». Андан кийин педагог балдардын көңүлүн өзүнө бурат: «Биз Арууке экөөбүз башкача жол курабыз. (Эки кирпичти ичке жагынан катар коет, балага үч кирпич берет. Диана, сен дагы жол кур, бирок туурасы кенен болсун! Бул ичке жол, а бул кенен жол. Силер дагы Арууке экөөбүздөй кылып жол кургула, бирок узун болсун!».

Акырында балдарга курулушта ойноого сунуш кылат. Жолдун чекелерине алар жашыл балатыларды отургузушат, жолдо куурчактар ойношот.

Сабакка оюн формасында анализ жүргүзсө болот. Мисалы, педагог куурчакты алып, анын атынан сүйлөйт: «Айдай, сенин жолуң менен куурчагың экөөбүзгө сейилдөөгө уруксат берчи. Айдай, сенин жолуң кандай түстө? Кандай деталдардан курулган? Эми мен Эрландын жолунда сейилдегим келип жатат» ж. б.

Андан ары балдар ***эмерек*** жасашат. Педагог алдын ала кресло, диван, керебет жасап, столдо аларга оюнчуктарды жайгаштырып коет. Балдар көлөмдүү оюнчуктарды

тандашат, себеби, алар эмеректерге сыйбагандай болуш керек. Үлгүлөрдү анализдөө учурунда балдарга эмеректерди, алардын негизги бөлүктөрүн атоо сунушталат, бул алардын деталдардын аталышын, алдардын түсүн билүүсүн бекемдейт, кандай ыраттуулукта балдар ишти аткаргандыгы ачык болот. Сабактын жүрүшүндө предметтерде оюнчуктар кичирейбестигин билишет. Педагог балдарга өз кургандарын кайрадан курушун сунуштайт, аларга кеңеш берет, балдар менен биргеликте ойнойт.

Кийинки сабакты оюн формасында өткөрсө болот. Ар бир балага педагог оюнчуктарды таркатат (алар көлөмү боюнча айырмаланат), деталдарды колдонуу менен өз каалоосу боюнча тигил же бул эмеректи курууну сунуш кылат. Балдардын ишин карап көрүп: *«Кандай кооз дивандар жана креслолор! Алар түстөрү боюнча да ар башка! Карагылачы, Зумрат кандай сонун диван жасаган! Анын мамалагы бул диванда эң сонун уктайт. Айтып берчи, сен кантип курдуң?».* Муну менен педагог ар бир баланын ишин белгилеп өтөт. Баланын жасаган ишин оюнчуктун атынан да белгилөөгө болот. «Мага Сашанын керебети жагат. Анда уктоо керемет!» ж. б. д. у. с.

Балдар өз билимдерин үй куруу менен бекемдешет. Бирок мында конструкциялар бир кыйла татаалдашат. Алардын түстүк өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулат. Сабактарда «Кичинкей үй» жомогунун каармандары үчүн үй курса болот. Үлгүнү анализдөө менен педагог балдарды ой жүгүртүп конструкциялоого үйрөтөт. Жомоктун негизинде чычкандын ролун аткаруу менен үйдүн курулушу, анын бөлүктөрү тууралуу балдарга түшүндүрүп айтып берет.

Балдарда курулуш тууралуу тажрыйба топтолот, алар түз дубалды курууга, түсүн жана түр боюнча формасын өзгөртө алышат. Педагог шарт боюнча балдарды курганга үйрөтөт, бул дагы татаалдашат. Балдарга ар башка (тааныш) оюнчуктар таркатылат, өз каалоосу боюнча каалагандай дубал куруу сунушталат (парк үчүн, балдар бакчасы үчүн, оюн аянтчасы үчүн). Аларды төрт тарабынан бириктирүү талабы коюлат. (Мисалы, дубалдын четинде бактар өсүп турат, балдар иттери менен сейилдеп жүрүшөт ж. б.). Эми тапшырма мындан да татаалдашат. Балдарга үйдүн төрт тарабынан столбаларды орнотуу, алардын ортосуна кирпичтерди коюу, алардын аралыгынын бирдей сакталышы көрсөтүлөт.

Балдардын ишин баалоо менен берилген шарттарды аткарышына көңүл бурулат. Курулуштун ырааттуулугу, чыгармачылыкты көрсөтө билиши бааланат.

Ар бир балага ат берилип, ал үчүн кубиктер менен кирпичтерден сарай салуу сунушталат. Аттын короосу кенен болуш керек, анткени, ат анда кеңири басууга, чөп жегенге ылайыктап салуу керек. Андан ары тапшырма татаалдашат. Эми уй сарай салуу керек. Ал сарайдан секирип чыгып кетпеш үчүн дубалдарын бийик кылып салуу абзел. Эми башка сарай салгыла, бул жапыз болуш керек, анда коен жашайт. Андан соң суроолор берилет: сен эмне үчүн аттарга кенен, бийик сарай салдың? Бул сарай үчүн кандай деталдарды колдондуң?

Сабактарда курулуш конструкцияларынан сырткары «Лего» конструкторун да пайдаланса болот. Балдар «Лего» конструкторунун негизги деталдары менен таанышышат. Балдардын деталдарды бириктирүү жөндөмү калыптанат.

Окуу жылынын акырында балдардын өз ой жүгүртүүлөрүнүн негизинде үч-төрт сабак өткөрсө болот. Себеби, аларда конструктордук тажрыйба топтолуп калат. Ой жүгүртүү боюнча уюшулган сабакты өткөрүү менен педагог баланы колдошу керек, анын кызыгуусун андан ары арттырып, анын ийгилигине бала менен биргеликте кубануу зарыл.

Бул курактагы балдар үчүн эркин ишмердүүлүктө кум менен кардан конструкцияларды жасоону уюштуруу мүнөздүү. Эркин ишмердүүлүктө кум менен кардан конструкцияларды жасоого үйрөнүү башталат. Бул үчүн конструкциялоо боюнча сабактын

темасы менен курулушту байланыштыруу сунушталат. Кумдан кичине күрөктүн жардамы менен ар кандай конструкциялар жасалат (мунара, үй, дубал ж. б.). Кумду таптоо менен жол салса болот.

Ушундай эле иштерди кар менен да жасаса болот. Кичинекей чака, чылапчын, ящиктер менен карды ар кандай калыпка салууну балдарга үйрөтөт. Мисалы, карды ящикке салып, калып жасоо менен курулуш материалы кылса болот. Бирок кар менен иштөө 15–20 мүнөттөн ашпаш керек.

Карды мугалимдин жардамы менен топтоп, ар кандай кар фигураларын жасашат.

## Ортоңку топ (беш жаштагылар)

Беш жаштагы бала өз алдынча жана демилгелүү. Анын көз болжолу активдүү өнүгө баштайт. Балада өз ишинин сапатына көңүл буруу күчөйт. Ал тарбиячы койгон талаптарды аң-сезимдүү аткара баштайт. Конструкциялоонун тигил же бул ыкмаларына үйрөнүүгө болгон каалоо күч алат. Балада өзүнүн ишинин сапатына болгон кызыгуу жаралат; ал педагог койгон тиешелүү талаптарды (операциялардын ырааттуулугу, конструкциялоонун түрдүү ыкмаларын колдонуу) сактоого аң сезимдүү аракет кыла баштайт, тигил же бул көндүмдөргө ээ болууну каалайт жана конструкциялоого чындап кызыгат.

Бала себеп-натыйжалык байланышты, сандык жана мейкиндиктик катышты белгилей алат. Баланын иштиктүү пикир алышуусу күч алат, элестетүүсү, конструктивдик чыгармачылыгы өөрчүйт. Предметтердин көрүнбөгөн жактарын кайра жаратууда активдүү ой жүгүртө баштайт, фантазиясы күч алат. Келечекте жасай турган конструкциясын элестете алат, аны ишке ашыруунун жолдорун издейт. Бирок чоңдордун жардамысыз бул натыйжа бербейт. Бала эгерде кежирлик кылса, анда баланын каалоосу менен мүмкүнчүлүктөрү дал келбеген болуп калат. Ал бир нерсени абдан жасагысы келет, бирок аны кантип жасоону билбейт же жолун таба албайт. Бул анын алдыга койгон максатын жоготкон менен барабар.

- Ошондуктан баланын ишмердүүлүгүнө туура багыт берүү педагогго мектепке чейинки балдардын конструктивдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча максатка багыттуу иш алып барууда кыйынчылыктарды жеңүүгө мүмкүндүк берет.

Байкоо жүргүзүү процессинде балдарды ***көлөмү боюнча оюнчуктарды өз алдынча дал келтирүүгө; призма, цилиндрди айырмалоого жана атоого; пластилиндер ар кандай формада: узун жана кыска, ичке жана жазы болооруна көңүл бурууга үйрөтүү зарыл.***

Эгер экинчи кенже топто балдар узундугу жана бийиктигине карата кайра курууга үйрөтүлсө, эми балдар өз алдынча тарбиячынын жардамында туурасын өзгөртүүгө, тегиздиктеги деталдардын жайгашышынын туруктуулугун белгилөөгө, өз ишин пландоого, деталдарды алдын ала тандоого жана аларды ишке ашырууга үйрөнөт.

Эгер кенже топто чыгармачыл оюндун сюжети аныктоочу болуп, конструктивдик тапшырмалар анын чегинде ишке ашырылса, эми конструктивдик тапшырма биринчи планга чыгып, оюн ага жараша курулат. Педагог ар кандай үйлөрдү кантип кургандыктарын эске салат, алардан сурайт.

Предметтердин эстетикалык сапаттарына көп көңүл бурулат: конструкцияланууучу объект менен балдар активдүү тааныштырылат; визуалдык маалыматтын түрлөрүн колдонуу менен архитектуралык имараттар, машиналар ж. б. каралат. Балдар үлгү боюнча курганды улантышат. Балдарга тапшырма берилип, алардын шарттары коюлат, ал конструкцияга ылайык келиши керек. *Мисалы, «Достор, жомоктун каармандары үчүн дивандарды* жасагыла, алар уктаганга ыңгайлуу болсун».

Балдарда конструктивдик тажрыйба бар, андыктан жылдын башындагы бир сабакты аларды бекемдөөгө арнаган максатка ылайыктуу болот. Мисалы, «Балдар бакчасынын дубалы», мында курулуштун деталдарын колдонууда балдардын өз алдынчалыгын бекемдөөгө багытталат: кирпичтерди вертикалдуу коюу, алардын ортосундагы аралыкты сактоо, башка балдар менен аракеттерин макулдашуу ж. б. балдардын кайра жаратуу мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү, мисалы, педагогдукуна окшоштуруп дарбаза куруу. Педагог дарбазанын үлгүсүн берет, балдар дал ошондой кылып дарбаза курушат. Мында балдар жаңы форма – брус менен таанышышат.

Андан ары тапшырма татаалдашат. Балдар машиналар үчүн ачылып-жабылган дарбаза курушат. Бирдиктүү сюжет менен куруу балдарга сунушталат. *Мисалы,* машиналардын токтоочу жайын карап чыккандан кийиин ар бир машина үчүн өзүнчө орун бөлүнөт, андан соң кароол үчүн орун конструкцияланат. Бул объект менен таанышкандан кийин, балдар биринчи сабакта үлгү боюнча гараж курганга үйрөнүшөт, гараж тууралуу балдар жалпыланган түшүнүк алышат (дубалы, чатыры, полу, дарбазасы ж. б.) жана гараж курууга үйрөнүшөт. Машинанын туурасына жараша эки жагынан чыккан гараж куруу балдарга сунушталат. Андан кийин балдар өз кыялындагыдай гараж курушат.

Гараж куруунун негизинде балдарга сарай, будка, короо салуу сунушталат. Ошондой эле жүк ташуучу машиналар үчүн токтоочу жай курушат, ал машиналардын узундугуна, туурасына дал келиши керек. Алардын ар бир бөлүгү тууралуу айтып беришет. Алардын ыңгайланышып, ырааттуу тартипте курулушу маанилүү.

Билимдерди бекемдөө максатында бийиктиги жана туурасы боюнча ар түрдүү боз үйлөрдү куруу сунушталат. Тегиздиктик конструкциялоого өзгөчө көңүл бурулат. Мисалы, «Кайыңдар жана ромашкалар», «Жер-жемиштер жана жашылчалар», «Планета» темалары боюнча бирдей жана ар түрдүү геометриялык фигураларды конструкциялоого, мозаика жасоого (бактар, гүлдөр, жемиштер жана жашылчалар, ай, жылдыздар, күн) үйрөнүшөт. Иш педагогдун жетекчилигинде коллективдүү болушу зарыл. Балдар өз ишмердүүлүгүн эркин эксперименттей алышат.

**Кагаздан конструкциялоо.** Балдар кагаз менен иштөөнүн ыкмаларына: бүктөө, жабыштыруу, кесүү ж. б. үйрөнүшөт, мисалы, балдар кагаздан вагон жасаганга үйрөнүшөт. Баракты (15Х20) бурчтарын бирдей кылып тең экиге бүктөшөт, бүктөлгөн чийиндин жанынан кесишет, кагазды (3Х18) эки ирет бүгүп бөлүктөргө бөлөт, терезелер менен дөңгөлөктөрүн чапташат. Педагог кантип жасашты көрсөтүп берет. Сабактын акырында бардык вагондор катар тизилип, поезд курулат.

Мындан сырткары кагаздан айланаларды бириктирүү менен балыктар жасалат. Иштин жүрүшүндө балдар мугалимден кеңеш алышат, кантип жасаштын жолдорун, ыкмаларын сурап билишет.

Балдар жараксыз материалдардан (коробкалар, кездеменин кесиндилери ж. б. д. у. с.) анча татаал эмес предметтерди жасаганды үлантышат; балдарда бир нерсени жасоого болгон кызыгуу пайда болот; көркөм изденүүчүлүк жөндөм жаралат, ал кайчы жана желим менен иштөөгө көнүгөт. Методика негизги принципке (жалпынын бөлүктөргө, бөлүктөрдүн бүтүндүккө дал келишине) багытталган. Балдар картон коробкаларды ар кандай формада кесип алып, жаңы нерселерди жасаганды жакшы көрүшөт. Сабактарда алынган билимдер оюн ишмердүүлүгүндө бекемделет.

Балдарды акырындык менен табыгый материалдарга тартуу керек. Данектердин, тобурчактардын, жалбырактардын, бутактардын өзгөчө формаларына көңүл бурушат. Педагог алардын эмнеге окшош экендигин сурайт. Алардан кызыктуу буюмдарды жасашына шарт түзөт, мисалы, пластилиндин жардамы менен көгүчкөн же коен жасалат. Мында жогоруда аталгандардын негизги бөлүгүн пайдалануу керек.

Конструкциялык ишмердүүлүккө балдарды тартууда негизги ыкмалардын бири катары чоңдор менен балдардын бирдиктүү ишмердүүлүгү каралат. Мында «Легону» пайдалануу жакшы. «Лего» конструктору менен үлгү боюнча иштөө жөндөмү балдарда калыптанат. «Лего» топтомунда объектинин айрым бир бөлүктөрү менен конструкциялоого мүмкүнчүлүк бар, мисалы, терезе, дөңгөлөк.

Сабактарда алынган билимдер балдардын өз алдынча оюн ишмердүүлүгүндө бекемделет. Жайкысын балдар кум менен ойноп, ар кандай курулуштарды жасашат (үй, мунара, дубал ж. б.).

Ал эми кышкысын кардан ар кыл нерселерди жасашат. Педагог кардан жасалган ар кандай иллюстрацияларды балдарга көргөзөт. Мында балдардын кызыгуусун жаратуу маанилүү. Маселен, куурчактар үчүн сыйгалак кырды (горка) жасоо.

Ошентип балдарда алынган билимдер менен конструкциялоонун ыкмалары бекемделет, чыгармачылык, өз алдынчалык жана уюшулгандык, коюлган максаттар жана ойлорду ишке ашыруу өнүгөт.

## Жогорку топ (алты жаштагылар)

5–6 жашында балада эркин көңүл коюу туруктуу боло баштайт. Инсан калыптана баштайт, кызыгуу күч алат жана кеңеет. Коммуникативдик өз алдынчалык калыптанат, бала иштиктүү пикир алышууда керектөөсүн канааттандырат. Бала шеригинин позициясын түшүнө жана анын калоосун эске ала баштайт.

Балдар өз билимдери менен бөлүшүшөт, аларда таанып-билүүгө, маалыматты алууга болгон кызыгуу пайда болот. Конструкциялоого болгон балдардын кызыгуусу өсөт, бул ишмердүүлүк мазмундуу боло баштайт. Балдар конструкциялоонун ыкмаларына ээ болууга аң-сезимдүү түрдө умтулушат, эксперимент жасашат, эске тутуп калышат. Аларда таанып-билүүнүн жаңы ыкмалары, ой жүгүртүүнүн символикалык функциясы пайда болот. Балдар келечекте кура тургандарын, жасай тургандарын ойлонушат. Алар өздөрүнө сынчыл баа бере алышат.Теңтуштары менен чоңдордун арасында татыктуу орунду ээлөөгө умтулушат.

- Балдар менен иштөөнү уюштурууда педагог предметтер жөнүндөгү түшүнүктөрүн конструкцияларда жалпылап чагылдырууга балдарды кызыктыруу максатын алдыга коет. Байкагычтыкты калыптандыруу, курчап турган чөйрөнү кароо (адамдардын жашоосу үчүн зарыл баалуулуктарды жаратуудагы адамдардын эмгегин баалоо; сулуулукту жана кооздукту сактоо, өз теңтуштарынын арасында тартиптүүлүгүн көрсөтүү).
- Ишмердүүлүккө болгон балдардын кызыгуусуна таянуу менен педагог алардын конструктивдик ишмердүүлүгүнүн өсүшүн жана чыгармачылыгын жакшыртууга басым жасашы керек. Мында балдардын фантазиясына, ой жүгүртүүсүнө өзгөчө көңүл бурулат.

Бул курактагы мектепке чейинки балдар менен иштөөнүн негизинде мурунку топтордогудай эле балдардын тандоосунун эркиндиги жатат. Дал ушул нерсе алардын активдүүлүгүнүн, өз алдынчалыгынын өнүгүшүнө; инсандык позициясынын калыптанышына мүмкүндүк берет; балдардын иштиктүү пикир алышуусунун негизинде өз ара окутууга, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жардам берет.

Конструкциялоочу объект жөнүндөгү балдардын түшүнүгүн кеңейтүү зарыл. **Бул максатта байкоо жүргүзүү, экскурсиялар жүргүзүлөт. Мында балдар ар кандай архитектуралардын, көпүрөлөрдүн, машиналардын чиймелерин жасоого мүмкүндүк алышат, жыйынтыгында конструкция жасоо үчүн үлгүлөр колдонулушу мүмкүн.**

Жогорку топто биргелешип иштөөгө өзгөчө көңүл бурула баштайт, бир максатка жетүү үчүн макулдашуу, пикир алышуу жүргүзүлөт. Бул куракта конструкциялоо оюн менен коштолбостон, өзүнчө ишмердүүлүк катары саналат. Ортоңку топто конструкциялоого болгон кызыгуу белгиленсе, бул эми ачык көрүнө баштайт. Балдар оюн үчүн гана эмес, конструкция үчүн курулуш материалдарын колдонушат. *Мисалы,* бир канча күн «Театр» сүрөтү боюнча курушат, деталдарды кайра өзгөртүшөт, толукташат, аларды алмаштырышат. Алардын туруктуулугун, бекемдигин сынашат. Бирок конструкцияларды куруп бүткөндөн кийин алар менен сюжеттик-ролдук оюндарды уюштура алышат.

5–6 жашында бала өзүн конструктор, дизайнер катары көрсөтө алат. Ал пландайт, анализ жасайт, жасалгалоону ойлоп табат, ой-пикирин билдирет, туура жана туура эмес чечимдерди таба алат. Бул курактагы балдар башкалардын жасаган иштерине объективдүү баа бере алышат. Педагог балдарга суроолор менен кайрылат: ***«Бул конструкцияда кызыктуу эмне бар?», «Сен Абайдын ордунда болсоң, кандай кылмаксың?»*** ж. б. балдар кеңеш берүүгө, өз пикирин айтууга үйрөнүшөт.

Талаптар боюнча конструкциялоого чоң маани берилип, өзгөчө көңүл бурулат. Балдарга бир катар тапшырмалар берилип, ал куруп жатканда эске алынышы керек. *Мисалы,* «***Дарыяга көпүрө кур,*** андан эки машина, алдынан кеме өтө алгандай болсун» ж. б. Ар бир бала кандай материалдар керек экендигин өзү тандайт.

Ар түрдүү машиналар, алардын эмне аткара тургандыгы жөнүндө балдардын түшүнүктөрүн калыптандыруу үчүн ***«Көңүл кой»*** темасы сунушталат. Балдар ар кандай жумуштарды аткара турган машиналарды конструкциялашат. Алгач алардан кандай машиналарды көргөндүктөрүн, алар кандай кызмат аткара тургандыгын педагог сурайт. Тышкы көрүнүшүн сүрөттөө да маанилүү (жүк ташыгыч машина-самосвал, бензин ташыган машинада цистерна ж. б.). Балдарга бензин коркунучтуу экендиги жана машиналар зыяндуу газ бөлүп чыгара тургандыгы тууралуу маалымат берилет.

Башка конструкторлор менен бирге ***магниттик конструкторду*** пайдалануу да максатка ылайык. **Магниттик конструкторлор** – бул ар кыл узундуктагы жана формадагы магниттик таякчалар менен магниттик шариктерден, магниттешкен ар кыл деталдардан турган, конструкциялоо үчүн кызыктырарлык топтом. Топтомдо дөңгөлөк, сирена (жарык жана үн сигналын жаратат) сыяктуу деталдар, кандай гана бурч болбосун тепкичти орнотууга боло турган атайын бекитүүчү нерселер (мисалы, өрт өчүргүчтүн машинасына), о. э. кыймылдуу кол-буттары бар фигура бар. Деталдар бири бирине магниттин жардамы аркылуу бекитилет. Мындай топтомдун маанилүү артыкчылыгы болуп, деталдар жөндөн жөн бузулбайт, жыгач конструкциялардан ушунусу менен айырмаланат.

Комплексине жараша деталдардан машина, пирамида, мунара, көлөмдүү геометриялык фигураларды, ар түрдүү элементтерден түстүү мозаиканы жасоого болот. Мисалы, «Фея» кир жуугуч машинасы», «Момпосуйлар», «Косманавт менен ракета» ж. б. геометриялык фигуралардан көлөмдүү моделдер түзүлөт.

Жогорку топто **тегиздикте конструкциялоо** кеңири колдонулат. Анткени ал келечектеги конструкцияларды түзүүгө балдарды жетелейт. *Мисалы,* «Күн желеси, булуттар жана жамгыр», сүрөттөр боюнча толтурулат. Конструкциялоо боюнча сабактарда оюн үчүн кагаздан предметтерди түзө алышат. Мында предметтерди түзүүнүн жалпыланган ыкмаларына ээ болушат. Мисалы, «Жемиштер үчүн себет». Бүгүлгөн, кесилген кагаздардан себет жасашат. Ага оймо түшүрүшөт. Мындан сырткары «Балаты үчүн шурулар», «Көпөлөктөр» ж. б. жасоого болот.

**Кагаздан ар кандай фигураларды** жасаш үчүн «Биздин канаттуу досторубуз» ар кыл канаттууларды жасаса болот.

**«Менин жакындарыма белек»**, алгач тик бурчтуу баракты алып, тең ортосунан бүктөп, бурчтарын жана жактарын дал келтирип, андан кийин «гармошка» кылып бүктөп, өзү ойлогондой кылып аппликациядан жасап, аларды коздоп, өз колу менен майда нерселерди жасап, жакындарын кубантуу, андан ары бышыктоо үчүн балдарга «Көпөлөктөр» деген материал сунушталат, анда баракты ийип бүктөө, бүктөмү боюнча кесүү, курт-кумурскаларды өз алдынча конструкциялоо, тыкан иштөө ишке ашат.

***«Балатыга шурулар»*** шартталган ченем боюнча кесилген түстүү кагаздардан жана картондордон көлөмдүү оюнчуктарды жасоо. Педагог бирдей геометриялык фигураларды (айлана, ромбик, сүйрү тегерек, квадрат ж. б.) кантип даярдоону көрсөтөт жана бирдей же ар түрдүү фигуралардан тандоосуна жараша туташтыруу аркылуу 6–9 форманы жасашат;

***«Бөлмөдөгү гүл»*** педагогдун түшүндүрүүсү боюнча балдар кагаз менен өз алдынча иштешет, алгач кагазды ар түрдүү көлөмдө тоголоктоп (шарикче) алышат, андан кийин бул тоголоктордон тандоосуна жараша гүлдөрдү жасап, шариктердин контурун кесип, бутактарына чапташат. Билгичтикти өстүрүү үчүн, андан ары тапшырмалар ыкмаларды көрсөтпөстөн, бырышкан кагаздардан майда нерселерди жана ар түстөгү салфеткалардан «Осьминогдорду жана осьминогчолорду» жасашат.

***Суу кагаздан (папье-машадан) «Вазочка» буюму,*** *педагогдун көрсөтмөсү боюнча* кагаздын бир кичинекей бөлүгүн үзүп алып, сууга малып, аткаруу ыкмаларын көрсөтүп, формага (банкага) жабыштырат. Ушундай эле жол менен аткаруу ыкмаларын көрсөтпөй туруп, сөз менен эле түшүндүрүп, «**Жемиштерди»** жасоо сунушталат.

Кагаздан ар түрдүү фигураларды кесүү үчүн жана аларга ар түрдүү бөлүктөрдү клейлөө үчүн канаттуулардын түрлөрүн түрдүү фигуралардан бөлүктөрдү тандап «**Биздин канаттуу досторду**» конструкциялоо сунушталат.

Бул куракта балдар татаал оюнчуктарды жасоого үйрөнө башташат. Балдар квадрат барагын диагонал боюнча коюу ыкмасын өздөштүрүшөт жана мурдагы бүктөмгө карама-каршы жакты бүктөөнү өздөштүрүшөт.

***«Мышык»,*** бaрактын бырыштарын жазып, ар түрдүү багытка карай бүктөшөт. Кагаздын квадрат барагын диагоналы боюнча бүктөп жана дагы бир жолу жарымынан бүктөшөт. *Даяр болгон үч бурчтук экиге бөлүнгөн жерден түз бурчка чейин терең кесилет. Мышыкты кантип жасоону педагог кенен түшүндүрүп, көрсөтүп берет, ал эми «Көлмөдөгү ак кууларды» балдарга өз алдынча жасоо сунушталат.*

***«Иттерди» конструкциялоо үчүн*** педагог кагаз цилиндринен жасалган бир канча жаныбарлардын (мышыктын, коендун, түлкүнүн ж. б.) сүрөттөрүн көрсөтөт, өздөрүнүн ишмердигин пландаштырууну жана туура келген даярдалган материалдарды тандоо сунушталат. Анан: «Бардык оюнчуктардын кайсы деталы бирдей экен? Цилиндр кантип жасалат?» – деп сурайт.

**Жараксыз материалдардан конструкциялоо.** Даяр коробкалардан, пакеттерден, пластик жана башка упаковкалардан ар кандай нерселерди жасоого үйрөнүшөт. Алар коробкаларга кагаздан, кездемеден кесиндилерди чаптоо менен ар кандай фигураларды жасашат. Чапталган коробкалардан курулуш блоктору түзүлөт, андай коробкалардан балдар, маселен, «Балатылар талаасын» курса болот.

**Табигый материалдардан конструкциялоо.** Табигый материалдарга кесиндилерди чаптоо, жабыштырууга үйрөнүшөт, бул аркылуу алар жаңы нерселерди жасашат. Аларга кагаздын ж. б. материалдардан кесиндилерди чапташат. Бул курактагы балдардын ПВА желиминин жардамы менен табигый элементтерди бекитүүнүн ыкмаларына

үйрөтөт. Мисалы, адамдын денеси менен башын жасоо үчүн эмен жыгачынын уруктарын бири бирине ичке стержень менен бекитсе бекем болот.

Айбанаттарга, ар кандай объектилерге балдар менен байкоо жүргүзүү көпчүлүк учурда болушу керек. Мында визуалдык маалыматтын ар кыл түрлөрү колдонулат. Байкоо жүргүзүү процессинде объектилердин формасын, көлөмүн, түзүлүшүн, абалын (чуркап баратат, отурат, жатат, учуп баратат, сойлоп жүрөт ж. б.) бөлүп көрсөтүү керек.

- Табигый материалдардан конструкциялоодо бүтүн материалды даярдоонун ыкмаларын түшүндүрүү жана көрсөтүү менен өтө эле алектенбеш керек. Балдарга чыгармачылыгын, фантазиясын, ойлоп табуучулугун көрсөтүүгө мүмкүндүк берүү менен али өздөштүрүлө элек улам жаңы ыкмаларды түшүндүрүү зарыл.

**Сабактан тышкаркы иштер атайын уюшулган ишмердүүлүк катары жүргүзүлөт.** Балдарды ар түрдүү материалдардан интерьерди жасалгалоо үчүн декоративдүү панно түзүүгө үйрөтөт.

Балдар ***кумдан курулуштарды*** курууга үйрөнүшөт. Форма жасоо үчүн жыгач ящиктер, темир банкалар пайдаланылат. Мындай ыкмалар менен балдар үйлөрдү, театрларды, дубалдарды, мунараларды курушат. Жолдорду салышат. Дарыялардын нугун жасашат. Аңдарды казып, суу толтуруп бассейн, көлмөлөрдү жасашат.

Балдар ***кардан курулуштарды*** жасоону дагы улантышат. Кичинекей чака, чылапчын, ящиктер менен карды ар кандай калыпка салып, ар кандай фигураларды курушат. Чана тебүү үчүн дөбөнү жасоодо чоңдорго активдүү жардам беришет.

## Көркөм адабият

*Бала ага эмне кызыктуу болсо, ошону эстеп калат.*

*Масару Ибука*

*Силер балдарыңарга алар эмнени түшүнүп жатканын аңдабастан, аңгемелерди, жомокторду окуп бересиңер. Сиздин балаңыз эгер сиз көңүл коюп окуп бербесеңиз, ал сиз кетирген катаны дароо байкайт.*

*Балдар балдардын окуяларын жана жомокторду так эстеп калышат, бирок бул тактык түшүнүүгө караганда ассоциативдүү эстеп калууга негизделген.*

*Масару Ибука*

### Экинчи кенже топ (төрт жаштагылар)

Мектепке чейинки балалыктын этабын өтүүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп, көркөм адабиятты окуу саналат. Бала балдар адабиятынын эң сонун чыгармалары менен тааныша алат. Бул балдар бакчасында, үйдө ишке ашырылат. 3–4 жаштагыларга китеп окуп берүүгө чоңдордун катышы кенже мектеп курагында өзгөчө маанилүү. Бул курактагы балдар 5–10 мүнөттөн ашык окулганды жакшы угушат. Аз убакыт ичинде уккандары алар үчүн абдан маанилүү. Балдарга педагог чыгарманы окуп гана берип койбостон аларды кызыктырышы да керек. Балдар менен чыгарманын каармандарын тааныштыруунун формаларын издеши керек. Чыгарманын пассивдүү угуучулары эмес,

чыгарманын каармандарынын ролунда катышууга мүмкүнчүлүк түзүшү зарыл. *Мисалы,* Т. Үмөталиевдин **«Данек»** ыры.

**– Кичинекей данекти,**
**Ким дүйнөгө жаратты?**
**– Бак.**
**– Бак бутагын силкинтип,**
**Ким туш-тушка таратты?**

Бул чыгарма менен тааныш эмес мектепке чейинки курактагы балдар да, бирдиктүү окууга активдүү катыша алышат. Чоңдор менен биргеликте активдүү окууга кандайдыр бир себептерден улам катышкысы келбей, жөн гана чыгарманы уккусу келсе, бул маселени педагог чечиши керек.

Бул үчүн маанилик мазмуну жана көркөм формасы балдардын ишмердүүлүгүн көрсөтүүгө жардам берген чыгармалар тандалып алынат. *Мисалы,* Г. Эсенгулованын «Мамалак» ырынын биринчи төрт сабын окууда педагог оюнчук мамалакты көрсөтүп, башка оюнчуктар менен салыштырат. *Мисалы,* ырдан үзүндү:

**Эликтирбейм эч качан.**
**Сага берем убада.**
**Майпаң, майпаң жүгүрүп,**
**Кана, бизди кубала!**

**Программа** окуу процесси баалуу болуп саналат, мында педагог чыгарманы тандап гана койбостон, балдардын бул тобуна ылайыкташы керек. Ар кандай жанрдагы чыгармалар тандалат. Балдарга белгилеп кеткендей ар кыл тематикадагы, түркүн жанрлардагы чыгармалар сунушталат. Сейилдетип келгенден кийин чыгарманы окуп берүү үчүн убакыт табылат. Бул учур абдан максатка ылайык келет. Окуудагы бул убакыт билим берүү ишмердүүлүгүнө тиешелүү эмес, ошондуктан балдарга окула турган чыгарма, аларга тааныш болуш керек, б. а., үйдөн окууга же өз алдынча ишмердүүлүккө алдын ала киргизилиши керек.

### *Көркөм адабият бөлүгүн ишке ашыруунун алгоритми:*

1. Педагог 3–4 жаштагы балдар үчүн көркөм адабият боюнча сунушталган программалык материалдар менен таанышат жана күн сайын чыгармаларды тандайт. Иш күн сайын же бир айга пландалышы керек.
2. Күн сайын окуу үчүн чыгармаларды педагог варианттуулук принцибинде тандоону ишке ашырат. Тандоонун мындай принциби 3–4 жаштагы балдардын курактык өзгөчөлүктөрү менен шартталат. Алардын кызыкчылыктары менен мүмкүнчүлүктөрү эске алынат.
3. Мугалим балдарга окуп берүүчү чыгарманы өз алдынча тандайт, анда чыгармалардын тизмеси бир жыл ичинде даярдалып, педкеңеште бекитилет.
4. Чыгармаларды тандоо программаны тематикалык пландоодо сунушталган балдар менен иштөөнүн жалпы темаларына таяныч кылуу менен ишке ашырылат. Педагог окуу үчүн чыгарманы колдонууда ишмердүүлүктүн башка түрлөрүн сабактарда ишке ашырарын эске алышы керек. Балдар өз алдынча китепти кармалаганга, көргөнгө, сылаганга мүмкүндүк түзөт.

### Бул үчүн педагог төмөндөгү көрсөтмөлөрдү берүү зарыл:

➔ **биринчи көрсөтмө**: китеп чоңдор менен бала биргеликте иш алып барган өзгөчө предмет; китепке куурчакка мамиле жасагандай мамиле кылбаш керек; аны топ сыяктуу ыргытканга болбойт, момпосуй сыяктуу оозго салганга болбойт;

➔ **экинчи көрсөтмө**: китеп балдар жете ала турган текчеде, жарык бөлмөдө турат (бул китеп үйү); окуп бүткөндөн кийин аны ордуна коюш керек (өз үйүнө коюу);

➔ **үчүнчү көрсөтмө**: китеп – кубанычтын жана оюндун булагы;

➔ **төртүнчү көрсөтмө**: китеп – кептин булагы, ал педагог тарабынан айтылат; узак эмес жана көркөм кепти угуу кызыктуу.

### *Окууга кызыкдар мамилени түзүү*

➔ окууну жүргүзүү боюнча педагогдун ишинин маанилүү кадамы болуп көркөм чыгарманы кабылдоого балдардын мотивациялык даярдыгын түзүү саналат.

*Мисалы,* эрте мененки тамактан кийин ойноочу бөлмөгө отургучтарды коюусун балдардан суранат. Аларга абдан жакын китеп бурчу жана оюнчуктардын шкафы коюлган. Бардыгы тамак жеп бүтө элек болгондуктан, калгандарын да күтүшөт. Педагог балдардын китеп бурчуна барып, тандап, китеп алышын сунуштайт. Кооз китептерди, анда тартылган сүрөттөрдү көрсөтүү менен балдардын сезимин козгойт. Окууну улантууну балдарга сунуш кылат. Бул аракет формасында болот: чакыруу билеттери, афиша ж.б.

➔ Мектепке чейинки кенже, ал тургай орто курактагы балдарга окуп берүүнү баштоо үчүн педагогго окуу үчүн бир катар татаал эмес башталыштарды иштеп чыгууга туура келет, мисалы, чыгарманын авторунун ролун белгилөө менен абдан кыска кириш сөз: «Керемет балдар жазуучусу Агния Барто балдар үчүн кандай ырларды жазган! Балдар, кана угуп көрсөңөр!». Бир автордун бир эмес, бир нече чыгармасын окуу керек болсо да, балдарга окуп берүүнү ушуга окшош баштоого болот.

➔ Окуу учурунда педагог балдарды *эмоционалдык жактан шыктандырышы* керек. Эгерде балдардын кимдир бирөөсү окууну уккандан алаксып кетсе, педагог окуунун жүрүшүндө ал балага суроо менен кайрыла алат, мисалы, «Данияр, сен Жазгүлгө жардам бере алат белең?» же жөн гана көркөм текст жеке ага багытталгандай кылып баланы атынан атоо керек: «Канат, сен элестетип көрсөң, бир тууган мышыктар аңчылыкка кетишип, ал эми короз үйдө жалгыз калды!».

➔ Педагог окуунун *аякташына* жоопкерчилик менен мамиле жасашы керек. Мисалы, окуу аяктаганда ал балдарга өз алдынча ойноону, китептерди кароону, театралдык атрибутиканы колдонууну сунуш кыла алат. Педагог оюндагы ролдук жүрүм-турумду өзү көрсөтүү менен балдарга ролдук жүрүм-турумдун моделин бере алат.

### **Балдар менен көркөм адабияттын чыгармаларын кабыл алууда билим берүү ишмердигинин мазмуну**

Чыгарманы түшүнүү баланын турмуштук тажрыйбасынан көз каранды, каармандардын жүрүм-турумун, түшүнүүгө аракеттер боло баштайт, аларды эмоционалдуу баалоо жүрө баштайт. Мектепке чейинки кенже курактагы балдарга окуу үчүн чыгармалар балдардын өз алдынча ишмердигин калыптандыруу принцибинен тышкары, китеп окууда улуулар менен биргелешкен ишмердикте жана көркөм чыгармаларды кабыл алууда сунушталат. Ошондуктан окуу үчүн чыгарманы тандоо аң-сезимдүү болуусу керек. Чоң көлөмдөгү чыгармаларды же башка курактагылар үчүн чыгармалардан такыр эле баш тартпаш керек. Китепти мындай тандоо кенже мектепке чейинки курактагы 3–4 жаштагы балдарга көркөм адабияттын чыгармаларын тааныштыруу, анын ичинде айтып берүү жана театрлашкан көрсөтүүлөрдү тааныштыруу ар түрдүү формада болот.

Ошондуктан 3–4 жаштагы балдарды сунушталган чыгармалар менен тааныштырууда: көркөм адабияттын кандай чыгармаларын балдарга жөн эле окуп бериш керек, кайсыларын айтып бериш керек, кайсыларын балдардын ишмердигинде чыгармачыл

активдүүлүгүн калыптандыруу үчүн пайдаланса болорун педагог тандайт. Эрте мененки тамакка чейинки убакыт балдардын ишмердигинде бош убакыт болуп эсептелет.

Педагог балдардын жекече өзгөчөлүгүн эске алып, бул бош убакытта окуу ишмердигине пайдаланса болот. Педагогдун эрте мененки жекече иштери, 3–4 жаштагы нормалдуу өнүгүп жаткан балдардын психологиялык-педагогикалык мүнөзүнө ыңгайлашат.

Жалпыбызга маалым болгондой 3–4 жаштагы балдардын чоң жана майда моторикалары интенсивдүү өнүгүп жаткан мезгил болот. Балдардын көпчүлүк кыймылдары максаттуу жана башкарылган боло баштайт.

Ой жүгүртүүсү көрсөтмө – аракеттеги мүнөздө болот. Кеп өстүрүүдө чоң-чоң процесстер жүрө баштайт: балада активдүү сөздөр калыптанып, грамматикалык нормаларды өздөштүрүү жүрө баштайт. Эркин жүрүм-турумдун жөнөкөй түрлөрү пайда боло баштайт. Улуулар менен өз ара карым-катышта болуп, балада өз алдынчалуулук жана өзү жөнүндө түшүнүк калыптана баштайт. Эрте мененки тамакка чейинки убакытта балдардын өз алдынча эркин ишмердиги мезгилинде, педагог *балдар менен жекече иш алып барып*, бул убакытты билим берүү ишмердигине пайдаланса болот. Жекече иштер үчүн материал болуп, балдардын ар түрдүү оюндарынын жана сабактарынын күн сайын жаңыланган материалдары пайдаланылат:

- мазмуну боюнча жөнөкөй, бирок формасы боюнча ар түрдүү (түсү, материалы, өлчөмү);
- кармалап көрүүгө жагымдуу китептер (жумшак, шылдыраган, чубуруп туруучу материалдары менен ж. б);
- көрүү жана угуу таасирлерин чакыруучу китептер (үн, музыкалык);
- кичинекей-китепчелер, бүктөмө китептер;
- интерактивдүү китептер (окутуучу жана өнүктүрүүчү);
- көркөм чыгарманын каармандары менен ар түрдүү вкладыштагы рамкалар;
- куурчак театры (манжалар, столдогу, би-ба-бо ж. б.);
- ар түрдүү жаратылыш жана майда-чүйдө материалдар – тосмолор, оюнчуктар.

Топто өнүктүрүүчү чөйрөнүн жаңы материалдар менен толтурулушу аларды бир күн ичинде колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Жекече иштер демейде баланын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөрдү эске алып жүргүзүлөт. Бирок балдардын группада өз алдынча иштешине бул материалдар толугу менен жеткиликтүү болуп сунушталышы керек. Улуулар менен мамиледе жана өз алдынча ишмердикте предметтик ишмердиктин таасиринин алдында балада бардык психикалык процесстер, көбүнчө – түшүнүү активдүү өнүгөт.

Окуу чогуу өнөктөштүк ишмердиктен бара-бара балдардын эркин өз алдынча ишмердигине өтөт. Кичинекей балдар үчүн улуулар менен мамилелешүүнүн ар түрдүү формалары өзгөчө маанилүү. 3–4 жаштагы балдарды көркөм чыгарманы угууга кызыктыруу кыйынчылык жаратат жана «Келгиле, жомок угалы!» деген сүйлөмдүн натыйжасы аз болушу мүмкүн. Ошондуктан окууну бош убакыт менен аралаштыруу, ошондой эле аны окуудан кийин коюу – бала бакчада балдар менен иштеген, бул курактагы балдардын өзгөчөлүгүн эске алган педагогдун бирден бир өзүнчөлүүлүгү болуп эсептелинет.

**Улуулар балдар менен бирге ойногондо жаңыра турган эң маанилүү сөздөр:**

- ➔ балдарга кайрылган сөздөр (аларды педагог алдын ала ойлонуштурат);
- ➔ балдар адабиятынын жогорку көркөм чыгармаларынын тексттери;

- ➔ чыгармалар балдар үчүн жөн гана окулуп берилбей (көп жолку кайталоолор менен), кайра ойнолот.

Эгерде педагог чогуу ишмердикте балдарды театр менен тааныштыргысы келсе, анда улуулар театрлашкан аракеттерде эмнелер пайдаланылса алдын ала даярдайт: чакыруу билеттери, афишалар, элдин баарын көрүүгө чакыруучу Петрушка, декорация, спектаклдин каармандарын сүрөттөгөн фигуралар ж. б.

Кечки сейилдөөдөн кийин өз алдынча ишмердүүлүктүн учурунда педагог балдарга окулган чыгарма боюнча спектаклдин каармандарынын фигураларын сунуштайт. Балдар аларды буга чейин көрүшкөн, бул көркөм чыгарманын мотивдери боюнча оюнду уюштуруу максатында болот.

**Кенже мектеп курагындагы балдардын китепканасын түзүү үчүн сунушталат:**

- ➔ 3–4 жаштагы балдар үчүн китептер – көргөзмө-образдык таасирлерди, оюндарды, бош убакытты уюштуруучулар, чыгармачыл, театралдык ишмердик, эмгек ишмердигинин ар башка түрлөрүн жеткирүүчү болуп кызмат кылат;
- ➔ китеп менен иштөөдө жетектөөчү болуп кеп ишмердиги эсептелет, китеп сөздүктүн булагы жана баланын кеби болуп эсептелет, анын фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик үлгүлөрүн өздөштүрүүчү каражат;
- ➔ окуунун негизги чөйрөсүн атайын балдар үчүн түзүлгөн чыгармалардын классикалык репертуары түзөт;
- ➔ балдардын китептеринин тематикасы ишмердиктин предмети катары китепке кызыгууну калыптандырууга жана байланыш түзүүгө багытталган;
- ➔ окуу чөйрөсүндө китептер ар түрдүү форматта жана дизайнердик жасалгалоодо болот: китеп – театр, – альбом, – комикс, – фильм, – боемо, – өзү жасоочу, – оюнчуктар; чоң форматтагылар, орто форматтагылар жана кичинекейлер.

**Экинчи кенже группанын балдары үчүн окууга сунушталган адабияттар.**


1. Асаналиев Б. Селкинчек. Ырлар, табышмактар, жаңылмачтар, калптар, аңгемелер, жомоктор. Бишкек, 2013 – 180 б.
2. Асаналиев Б. Жомоктор. Бишкек. 2014.
3. Балаты: Балдар бакчасы үчүн хрестоматия. Түзүүчүлөр: Сартбаев К., Мураталиева А., Искакова А., ж. б. – Фрунзе: Мектеп, 1989.
4. Жунушев К. Күн чубак (Ырлар жана жомоктор) – Бишкек: «Кутаалам», 2012.
5. Күмүш жомоктор. Түзүүчүлөр: Сагынбекова Г. Бишкек: «Кутаалам», 2009.
6. Мөл булак. Түзгөн Рахимова М. Р. . – Бишкек, 2000.
7. Рахимова М. Р. Кыргыз жазуучулары балдарга: Хрестоматия. – Фрунзе: Мектеп, 1986.
8. Кыргыз эл жомоктору: Жомок.Түз. Ааматов А., Түлөбердиева Д. Бишкек, – Бийиктик, 2011. – 152 б.
9. Сатыбекова Б. С., Садыкбекова А. К., Кутманалиева Д. О., Эсенгулова М. М. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. – Бишкек, 2016.


## Ортоңку группа (беш жаштагылар)

**Төрт жаштагы бала – бул мүмкүнчүлүгү бар бардык маалыматтарды «пайдалануучу», таң калтыруучу жыйынтыктардын жана жалпылоолордун чебери жана фантазер, кызыгып угуучу.**

Ортоңку группада ар күн сайын балдарга тааныш жаңы чыгармаларды окуп берүүнү улантуу керек: сабакта жана сабактан тышкаркы убактарда (сейилдөөгө чыгаардын алдында, сейилдеп жүргөндө, уктаар алдында ж. б.).

Бул курактагы балдар үчүн адабияттын репертуары ар түрдүү жанрлар, темалар, сюжеттер менен айырмаланат. Мурдагыдай эле маанилүү орунду майда фольклордук формадагы чыгармалар ээлейт. Программалык репертуарга эсеп ырлар, табышмактар, жаңылмачтар камтылат. Балдар өздөрүн билген жана компетенттүү сезип, аларды айтышат жана эстеп калууга аракет кылышат. Эсеп ырлардын жардамы менен жетектөөчүнү тандоо (бул курактагылардын жаңыны кабыл алуусу) балдар улуулардын жардамы менен ишке ашырат. Бала педагог менен бирге текстти жай айтып берет, а педагог болсо ар бир айтылган сөз үчүн кийинки оюнчуга колу менен жеңил тийип өтөт.

Жаңылмачтарды айтуу билгичтиги жаңы гана калыптана баштайт. Ийгиликтин болбой калгандары азырынча өкүндүрбөйт, тескерисинче, кубандырат, анткени жаңылмачтын сөздөрүн бузмайынча, чаташтырмайынча айтууга болбойт.

Жомоктор көлөмдүү жана татаал боло баштайт. Балдарга бул куракта жаныбарлар жөнүндө жомоктор, тиешелүү сапаттарды алып жүрүүчүлөр катары каралышат (түлкү акылдуу, айлакер жана артист сыяктуу, коен көйрөң жана бой көтөрмө). Бирок бул сапаттар адамдарды да мүнөздөйт: «Жомок – калп, бирок анда бир нерсенин чети чыгып турат!» Балдар бара-бара жомок бир гана көңүл ачпастан, жамандык жазаланарына, а чындык үчүн күрөшүү керектигине түшүнө башташат. Белгилүү болгондой, балдар жомокту чын жашоо катары кабыл алышат. Ошон үчүн ал нравалуулукту калыптандырууда өтө чоң таасир көрсөтөт.

Жаныбарлар жөнүндө элдик жомоктор менен бирге ошондой эле чет элдик, ата мекендик жана чет элдик авторлордун адабий жомоктору, балдар, жаныбарлар жөнүндө аңгемелер, жаратылыш жана жыл мезгилдери, балдардын окуялары жана алардын тынчсыздануусу жөнүндө ырларды балдарга окуп жана айтып берүү сунушталат. Мугалим балдардын мүмкүнчүлүктөрүн жана жеке каалоолорун эске алып, жаттоо үчүн бөлүнгөн ырларды тандай алат.

4–5 жаштагы балдар менен иштөөдө негизги көңүлдү адабий чыгармаларды кабыл алууда, алар менен кошо кайгыруу жөндөмүн калыптандырууга бурулат. Буга тарбиячынын чыгарманы так жана көркөм окуусу түрткү берет. Бирок балдарды чыгарма менен тааныштыруудан мурда, педагог аны анализдөөсү керек.

Анализдин үч аспектисин шарттуу түрдө төмөнкүчө бөлүп көрсөтүүгө болот:

➔ ***Мазмундук-методикалык.*** Педагог бала өзү эмнени түшүнөрүн аныктайт, анын көңүлүн эмнеге буруу керектигин, чыгарманын маанисин, анын моралын түшүнүүсү үчүн эмнеге көңүл буруу керектигин, каармандарды жакшы көрүп жана андан ары аларды жакшы иштерде чагылдырып, алардын эстен кеткис окуяларына жана ойлоп тапкандарына чын көңүлдөн күлүшү керек.

➔ ***Тилдик.*** Бул анализ тексттен сөздөрдү, фразаларды, диалогдорду тандоону болжолдойт, себеби көркөм адабияттын тили баланын тили үчүн жетишкендик болуп эсептелет.

➔ ***Аткаруучулук.*** Педагог чыгарманы көркөм окууга машыгыш керек.

Балдар сүрөттөлгөн окуяны эмоционалдуу кабыл алышкандыктан, көпчүлүк убактарда туура түшүнүшпөй калышат. Алардын көпчүлүгү «Бир тууган Гриммдер жомогунда» коен кирпиге караганда жакшы деп эсептешет. Кирпи – жалганчы, бул болсо жаман. Суроого жооптор: «Коен өзүн-өзү жазалаган жокпу, а эмне орой жана наадандарды тарбиялабаш керекпи?» – ар түрдүү болгон. Педагог дагы бир

жолу жомоктун башталышын окуп бергенде, текебер коен кирпинин үстүнөн шылдыңдаганын көрүшүп, мээнеткеч коен жөнүндө ойлору өзгөрөт. Балдар арасында ар түрдүү көз караштар пайда болгондо текстке кайрылуу керек. Балдарды эң алгачкы көз караштарын ойлонууга жана кайра кароого, аларды аргументтештирүүгө буруу зарыл.

Белгилүү болгондой жашоонун бешинчи жылы – тилге болгон сезимди өнүктүрүүдө ыңгайлуу курак болуп эсептелет. Аны калыптандыруунун шарттарынын бири болуп, образдуулук жана кептин көркөмдүүлүгү көз карашынан чыгармаларды анализдөө балага жеткиликтүү болуп эсептелет.

Окуу процессинде педагог сөзгө жана фразага өтө көңүл буруш керек. Алар балдардын кебинин байлыгы болушу үчүн, аларга аны айтууга, аны сүйлөөгө мүмкүнчүлүк берүү керек. Мисалы, педагог фразаны баштайт, балдар аны аякташат. Чыгарманы угуп, окуянын жүрүшүн гана көзөмөлдөбөй, кызыктуу сөздөргө жана айтууларга кубанууга, окшоштугуна анализ жасоого үйрөтүү керек. Тилдин образдуулугун түшүнүүдө балдарга физкультуралык паузалар да жардам берет. Мисалы, педагог балдарга түлкүнүн оролуп жатып, буттарын бекиткенин (килемдин үстүндө) көрсөтүүнү сунуштайт. Балдар демейде уккандарынын таасиринде болушат жана аларга чыгарманы дагы бир жолу окуп беришин каалашат, бирок убакыттын жоктугунан улам педагог тандап окуп берүү менен чектелет. Балдарды жылдын башынан эле кайталап окуу үчүн үзүндүлөрдү тандоого тартуу максатка ылайыктуу. Демейде жылдын башында каармандарды гана аташат, бирок убакыт өткөн сайын алар үзүндүнүн маңызын кыска жана так айтууга көнө башташат. Үзүндүнү тандоо – оор, бирок балдардын ишмердиги үчүн өтө эле пайдалуу. Ал балдарга педагог тарабынан окуган чыгармаларды түшүнүүгө жардам берет. Бул тарбиячыга балдардын кантип кабыл алганын жана канчалык маани бергенин анализдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Ортоңку группада жаттоо үчүн көбүнчө юмордук маанайдагы, анча чоң эмес динамикалуу ырлар сунушталат. Ошентсе да, ырды жаттап жана түшүнүү, аны көркөм окуу үчүн балдарга улуулардын түшүндүрүүсү зарыл. Ырларды көнүгүүлөрдүн айкалышында жаттап калууда жана бири-биринин артынан логикалык жактан аяктаган үзүндүлөрдү көркөм окууда **этаптык анализ** берүү убакытты талап кылат, бирок так ушундай иштер балдардын акыл жагынан активдүүлүгүн жогорулатат, текстти аңдап түшүнүүнү камсыз кылат. Эң башкысы – декламация менен көнүгүү балдарга убакытты жагымдуу өткөрүү болуп эсептелинет.

Демейде бала сабакта ырды толугу менен жаттоо учурунда үзүндүлөрдү айтып жатканда пайда болгон көркөмдүүлүгүн (интонациясын) жоготот. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш, же ал бир убакта бир канча тапшырмаларды чечүүгө аргасыз болот, сөздөрдү бузбай жана алмаштырбай эмне үчүн айтуу керектигин эстейт жана көркөм окуйт.

- Бала текстти эстеп калмайынча, көркөм окуу жапа чегиши мүмкүн, ошондуктан сабакта да, андан тышкаркы мезгилде да ырга бир нече жолу кайрылып, кайталап туруу зарыл.

Балдарды кубандырыш жана алардын тааныш жомокторду, аңгемелерди, ырларды унутпагандыгын текшериш үчүн адабий викториналар (адабий калейдоскоптор) өткөрүлүп турууcу керек.

Бардык курактык группаларда мезгил-мезгили менен балдардын программалык материалдарды канчалык жакшы билерин текшерип туруу керек. Бул жумушту жүргүзүүдө, эч качан мындай суроолорду пайдаланбаш керек «Сен кандай жомокторду (аңгемелерди) билесиң? Аларды атап бер», «Сен кандай ырларды эстеп калгансың?» Бул же тигил курактагы топтогулар үчүн чыгармалардын тизмесине максаттуу ориентр

алып, ар түрдүү жанрдан 5–6 чыгарманы тандап алып, балдарга чыгармалардын башталышын же андан үзүндүнү эстетип коюу керек. Эгерде бала жомокту (аңгемени) билсе, анда анын аталышын (өзүнүн редакциясында) жана мазмунун эстейт. Кеп ыр жөнүндө болуп жатса, анда улуу киши аны өзү баштап окуусу керек, андан кийин балага улантууну сунуштайт.

Педагогдун ишинин кийинки этабы болуп, предметтик-өнүктүрүүчү оюн чөйрөсүн түзүү болуп эсептелет. Беш жаштагы балдарда көркөм чыгармага кызыгууну ойготууну калыптандыруу үчүн китеп борбору, китеп бурчу сунушталат, анда балдар үчүн илимий-популярдуу китептер, классикалык адабияттар, жаратылыш жөнүндө китептер, фольклордун ар түрдүү жанрындагы жыйнактары, адабий прозалар жана поэзиялар мезгилге ылайык болушу керек. Китеп борборунда китептердин ар түрү болот. Балдардын оюн-тамашалары үчүн – китеп-оюнчуктар, китеп-сүрөттөр, китеп-панорамалар бар. Мектепке чейинки балдардын китеп менен таанышуусу үчүн искусствонун баалуу түрү болуп китептин классикалык түрү эсептелет. Предметтик-өнүктүрүүчү чөйрөнү жуурулуштуруу сунушталат. Балдардын адабий чыгарманын мазмунун туура түшүнүшүнө жардам берүү үчүн окуянын өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү, стереотип болбогон, Ю. Васнецовдун, Е. Рачевдин, Е. Чарушиндин, В. Сутеевдин, А. Барсуковдун ар түрдүү көркөм манераларда жана техникаларда аткарылган жогорку көркөмдүктөгү иллюстрациялары.

Балдарды чыгарманын мазмунуна тартуу үчүн балдарды каармандарга аң сезимдүү, шыктандыруучу бааларды берүүгө үйрөтүү керек, группада сюжеттүү картиналарды батыруу жана адабий чыгармалардын мотиви боюнча педагогикалык этюддарды ойноо сунушталат.

Балдар жомоктон жаккан эпизодорун, мультфильмдерди жалпак, көлөмдүү, көлөкө, столдогу, манжа театрында өз алдынча жаратуу үчүн оюнчуктардын топтому сунушталат «Короз жана буурчак даны» (орус элд.), «Кол кап» (орус.элд.), «Үч торопой» (англ. элд.), «Үч аюу» А. Толстой, «Чымын-цокотуха» К. Чуковский. Фигуралар жыгачтан, картондон, резинадан анча чоң эмес чоңдукта, ашыкча кездемелерден балдардын, ата-энелердин жардамы менен педагог жасаса болот.

Адабий чыгармаларды драмалаштыруу үчүн балдардын күчү менен жомоктогу каармандардын кийимдеринин элементтерин, жаныбарлардын маскасынын декорациясын, адабий каармандарды чагылдырган эмблемаларды: мамалактар, торопойлор ж.б., шуруларды, сумкаларды, бантиктерди биргелешип жасаса болот. Балдарга адабий жанрларды айырмалоодо дидактикалык оюндар жардамга келет: «Табышмактарды ойлоп табабыз», «Эмне биринчи, эмне кийин», «Каармандар адашты», «Жомокту геометриялык фигураларга катабыз» фольклордук жана автордук чыгармалардын мотивинде лото, домино оюндары.

Адабиятка жана фольклорго туруктуу кызыгууну тарбиялоо үчүн искусствонун башка түрлөрүнө, анын ичинде музыкага да кызыктырылат. Эгерде группада теникалык каражаттар бар болсо: ар түрдүү музыкалык дисктери менен DVD; музыкалык бурчта: оюн-драмаларга, инценировкаларга, музыкалык жана адабий концерттерге тартууга жардам берүүчү: жыгач кашыктар, барабан, металлофон, шалдырактар балдардын музыкалык инструменттердин болуусу кажет.

Көркөм адабий чыгармалар балдарга кыргыз элинин жана башка элдердин үрп-адаты, салты менен таанышууга, балдарда Мекен (Ж. Садыков) эмне деген түшүнүктү калыптандырууга жардам берет.

**Жайы-Кышы кетпеген,**
**Мөңгүсү бар Ала-Тоо.**
**Асман менен тирешкен,**
**Белгиси бар Ала-Тоо.**

Балдар көркөм сөздөрдү окуу жана педагогдордун айтуусу аркылуу кабыл алышат. Ошондуктан чыгарманы көркөмдөп бере билүү маанилүү. **Ал үчүн көркөм окуунун ыкмалары пайдаланылат.**

- ***Негизги тон.*** Чыгарманын темасына, мазмундун идеясына, тилдин стилине жараша негизги аткаруучулукта үн чыгаруу белгиленет.
- ***Интонация.*** Чыгарманы окуунун жүрүшүндө ар түрдүү кошумча үндөр балдардын элестетүүсүндө каармандарды, мүнөздөрүн, маанайларын, жасаган иштерин тартууга жардам берет, тартылган каармандарга өзүнүн мамилесин көрсөтөт.
- Балдарды кызыктыруу үчүн алардын көңүлүн буруу үчүн, көркөм адабиятты окуу мезгилинде төмөндөгүдөй элементтер пайдаланылат: ***басым, үндүн күчү, темп, паузалар, үндүн жогорулашы жана төмөндөшү, тембр*** (үндүн сапаты), ***мимика***.

Таанып-билүү ишмердигин активдештирүүдө каражат катары искусствонун чыгармалары пайдаланылат. *Мисалы,* Т. Кожомбердиевдин «Кылганын кызык» деген ыры боюнча аңгемелешүүдө балдарга В. Ефимовдун «Мышык шар менен», В. Домогацкийдин «Мышык» деген сүрөттөрүнүн репродукциясын сунуштаса болот. Негизги көңүл суроолорду ылгоого бөлүнөт жана алар балдарга жооп берүүдө туура сүйлөм түзүүгө жардам берет. Чыгарманын тексти боюнча аңгеменин жүрүшүндө педагог тарабынан балдарга берилген суроо балдардын окуяга жана каармандарга мамилесин көрсөтөт, нравалык жана эстетикалык сезимдердин пайда болушун стимулдаштырат.

Мектепке чейинки орто курактагы балдарда көркөм адабиятка кызыктырууну калыптандыруу проблемасында жуурулушкан подходду табуу маанилүү. Беш жаштагы баланын көркөм чыгармага кызыгуусун калыптандыруу боюнча мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын адистерин, анын ичинде музыка жетекчилерин тартуу зарыл. Музыка жетекчиси балдар үчүн көркөм адабий чыгармалардын текстерин эмоционалдуу кабыл алууну тереңдетүүгө түрткү берүүчү музыкалык репертуарды тандоого жардамдашат.

Жомоктор дүйнөсүнө саякат балдарда элестетүүнү, фантазияны, образдуу ой жүгүртүүнү өнүктүрөт. Балдар өздөрү жакшы иш жасап, жеке элестөөлөрдү өнүктүрөт, фантазиялайт.

**«Кыймылдуу иллюстрацияларды»** пайдалануу – көркөм адабий чыгармаларды окуу учурунда натыйжалуу метод болуп эсептелет, балдарга жомоктун мазмунун эстеп калууга, каармандардын өз ара мамилесинин маанисин түшүнүүгө шарт түзөт.

Адабий чыгармаларды өздөштүрүүнү жеңилдетүү үчүн башка натыйжалуу каражат болуп, чыгармада эске салуучу сюжеттин өзүнчө фрагменттерин, предметтерин тартуу эсептелет. *Мисалы,* Н. Байтемировдун «Ак улак» деген ыры.

**Мүйүзү бар ак улак,**
**Мүйүзү чыгар жаңылап.**
**Көрүнгөндү сүзөм деп,**
**Бар балээге кабылат.**



Кыймыл-аракеттин мазмунун жана уланмалуулугун, каармандардын ортосундагы тиешелүү мамилени таап чыгууда, бирден бир натыйжалуу метод болуп **моделдештирүү методу** эсептелет. Моделдештирүү методун пайдалануу балдарга жомокто пайдаланылган ырларды, табышмактарды, макалдарды жеңил эстеп калууга жардам берет.

Педагог жетектөөчү болуп, балдарда өз алдынча режиссердук оюндарды уюштура билүү жөндөмүн өнүктүрүү болуп эсептелинет. Балдарда оюн ишмердигин ишке ашырууда тааныш жомоктордун сюжеттерин көз алдына келтирип, аларды өзгөртүү өнүгөт, режиссердук оюндун шартын түзүү үчүн зарыл оюнчуктарды жана материалдарды тандоо, предмет алмаштыруучуларды пайдалануу, оюн талаасында оюнчуктарды өз алдынча жылдыруу, оюнда болуп жаткан окуяларды айтып туруу билгичтиги өнүгөт.

Балдар жакшы тааныш сюжеттерге ылайык предметтерди, оюнчуктарды, зарыл материалдарды тандашат, мисалы, «Үч аюу», «Көмөч», ошондой эле оюнда предмет алмаштыруучулар пайдаланылат. Балдар менен чогуу сюжеттин корутунду вариантын сунуштаса, оюнга ар түрдүү чыгармалардын каармандарын тартса болот. Мисалы, Көмөч нанды токойдогу жалгыз аяк жол менен эмес, тоонун боору менен жөнөтүү керек, «Чамгыр» жомогун жаңыча айтып берүү.

4–5 жаштагы балдар менен оюн-импровизацияны уюштуруу боюнча иштер адабий чыгармалардын инсценировкасын өздөштүрүү үчүн негиз түзөт.

Үй-бүлө менен мамиле түзүү беш жаштагы балада көркөм чыгармага кызыгууну калыптандырууда негизги иш болуп эсептелет.

**Педагогго төмөнкү натыйжалуу формаларды пайдалануу сунушталат:**

- Алардын окуу кызыкчылыгын жана үйдө ата-энелер менен китеп окуу маселеси боюнча мамилени чечүү үчүн **балдардын үйүнө баруу**.
- **Анкета жүргүзүү** группадагы ата-энелер жамаатын бириктирет жана ата-энелерде бири-бири менен мамиле түзүүгө каалоолор ойгонот.
- Бул темалар актуалдуу болушу мүмкүн: «Балада китепке аяр мамиле кылууну тарбиялоо», «Баланы кантип китепти сүйүүгө тарбиялоо керек?», «Үйдөгү театрды кантип жасаса болот?».
- Ата-энелерге **билим берүүнүн жүрүшү боюнча маалымат берүү**.
- **Жекече жана группалык кеңештер** «Баланы көркөм адабий дүйнөгө аралаштыруу», «Баланы кантип китепке аяр мамиле жасоого үйрөтөбүз?».
- **Ата-энелердин чогулуштары:** «Балдарды үй-бүлөлүк театрдын жардамы менен көркөм адабиятты сүйүүгө тарбиялоо», «Келечектеги окурманды тарбиялайбыз».
- **Маалымат тактасын жасалгалоо:** «Сиздин балаңыздын окуу чөйрөсү», «Үйдө окуйбуз», «Дем алыш күндөргө китептер», «Биз – китеп сүйүүчү үй-бүлөбүз»; жылдыруучу – папкалар «Балдарга китеп окуп бергиле!»; көркөм чыгармалардын мотиви боюнча балдар чыгармачылыгынын көргөзмөсү.
- **Эстеткичтерди түзүү:** «Үй-бүлөлүк окууну кантип уюштуруу керек?», «Балдардын үйдөгү китепканасын калыптандыруу», «Кантип жакшы окурман болуу керек?», «Сиздин балаңыз китепке кандай мамиле кылат?», «Балдар менен чогуу окугула», «Эгерде сиз балаңызга жаңы китеп сатып берүүнү чечсеңиз», «Биз менен чогуу окугула».
- Ата-энелердин билими: «Биздин үй-бүлөдөгү китептер», «Биздин үй-бүлөнүн салты»; **тегерек столдор:** «Балдардын китепке болгон мамилеси», «Үй-бүлөлүк тарбияда китептин ролу»; **мастер-класстар** «Келгиле, ойнойбуз», «Эскертпей жана канааттануу менен»; балдар китепканасын толуктоодо педагог/психологдун, китепканачынын сунуштары; **оюн тренингдери** «Калп жана болгон иш», «Бир жомоктун каармандарын чогулт».
- **Чогуу биргеликте ишмердик:** ата-энелерди адабий кечелерге, бош убакыттарга тартуу «Жаш манасчы»; «Китеп борборунун ачылуу майрамы»; «Адабий калейдоскоп»; «Жомокто конокто»; «Күздөн жайга чейин»; Конкурстарга катышуу

үчүн «Ким автор?»; «Пантомима»; «Жомок ойлоп тап»; «Атам, апам, мен – китеп окуучу үй-бүлө».

- Предметтик – өнүктүрүүчү чөйрөнү байытуу.
- Башка билим берүүчү областар менен жуурулушуу.

Сунушталган иштер жакшы жыйынтыктарды берет: балдардын көркөм адабиятка кызыгуусунун деңгээли жакшы жагына өзгөрөт. Балдар көркөм чыгармада сюжетти ойлоп табууда, каармандардын образын түзүүдө чыгармачыл демилгени көрсөтүшөт.

**Ортоңку топтогу балдарга окуу үчүн сунушталган адабияттар:**


1. Сонун китеп. Айлана-чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматтар./түз.: Б. Жылдыз, З. Мамбетова. Бишкек, 2010. 36 б.
2. Керемет китеп. Жер шарындагы материктер жана Кыргызстандын аймактары жөнүндө алгачкы маалыматтар./ түз.: Б. Жылдыз, Ш. Керимова. Бишкек, 2010. 36 б.
3. «Байчечекей» Түз. Т. Самудинов, Д. Түлөбердиева. Бишкек, 2011.
4. Кыргыз эл жомоктору. Апендинин жооптору. Басма үй «Кыргызсоюзпечать» Бишкек, 2012.
5. Ганс Христиан Андерсен. Туруктуу калай солдат. Басма үйү «Кыргызсоюзпечать» Бишкек, 2012-ж.
6. Сатыбекова Б. С., Садыкбекова А. К., Кутманалиева Д. О., Эсенгулова М. М. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. – Бишкек, 2016.
7. Рахимова М. Р. Мөл булак. – Бишкек, 2000.


## Жогорку топ (алты жаштагылар)

Жогору топто чыгарманын элементардык билгичтиктерин анализдөө калыптанат (анын мазмунун жана формасын), бала негизги каармандарды аныктайт (чыгармада ким жөнүндө сөз болуп жатканы), аларга өзүнүн мамилесин билдирет (ким жагат жана эмне үчүн), чыгарманын жанрын аныктайт (ыр, аңгеме, жомок), тилдин образдуулугунун ачык үлгүсүн кармоого аракет кылат (аныктоо, салыштыруу ж.б.). Программалык чыгармалардын бир бөлүгүн балдар жатташат (ырлар, чакан фольклордук жанрлары), дагы бир бөлүгүн – текстке жакын кылып беришет (айтып беришет). Мындан сырткары, бала инсценировкада адабий сюжет боюнча оюн-драмалаштырууда ролдорду аткаруу жөндөмүнө ээ болот. **«Көркөм адабият» боюнча билим берүү ишмердигиндеги бирден бир маанилүү милдет болуп балдардын көркөм-кептик жана театралдык-оюн ишмердигинде өз алдынчалуулугун калыптандыруу, алардын чыгармачыл жөндөмүн өнүктүрүү эсептелет.**

Мектепке чейинки улуу балдарда китепке жана китеп окууга туура мамиле калыптанат:

- ➔ Биргеликте угуу көндүмү пайда болот, суроолорго жооп берүү билгичтиги, иллюстрацияларды көңүл коюп кароо, аларды тааныш текст менен туура келтирүү;
- ➔ Китепке аяр мамиле кылуу көндүмүн калыптандыруу, көркөм чыгармаларга тандап мамиле кылуу, китеп дүйнөсүнө ориентр алуу билгичтиги.

«Көркөм адабияттын» билим берүү ишмердигин уюштуруу үчүн педагогдун чыгарманы көркөм аткарууга жана балдарды чыгарманы кабыл алууга даярдоодо даярдык керек.

**Уюшулган билим берүү ишмердигинде чыгармаларды окуунун негизги методдорун карайбыз.**

- ➔ ***Педагогдун окуусу*** – текстти сөзмө-сөз жеткирүү. Бул эң жайылган метод. Көлөмү анча чоң эмес чыгармаларды педагог балдарга жатка окуп берет, чыгарманын чоң

бөлүгүн китептен окуп берет. Окуп берүү көпчүлүк учурда ар түрдүү көрсөтмө куралдар менен коштолот. Бул учурда педагог текстин так байланышына жетишип жана көрсөтмө куралды көрсөтүүгө күн мурдатан даярданыш керек (стол театрында оюнчуктарды же алардын сөлөкөттөрүн орнотуу, слайддарды алмаштыруу ж. б.) Педагогдун китеп окуп жатканда китепке аяр мамилеси балдар үчүн үлгү болот.

➔ ***Айтып берүү*** – текстти эркинирээк жеткирүү (текстти кыскартуу болот, сөздөрдү токтотуу, түшүндүрүүлөрдү киргизүү ж. б.). Мындай жол менен балдарды көптөгөн чыгармалар менен кээ бирлерин таанып-билүүчү аңгемелер менен тааныштырат. Уюшулган билим берүү ишмердигинде ошондой эле бул же тигил чыгарманы жакшы көрүүгө, аны өздөштүрүүгө жардам берүүчү инценировканын ар түрүн жүргүзүшөт.

➔ ***Жатка айтуу***. Бул анча чоң эмес ырларга колдонулат.

Көпчүлүк учурда бир эле сабакта ар түрдүү методдор колдонулат. Көркөм адабият менен тааныштыруунун методдорунун бардыгынын негизи болуп, педагогдун көркөм окуусу эсептелинет. Ал алдын ала салмактуу даярдык керек: чыгармаларды талдоо жана машыккан окууну үн чыгарып окуу, узакка машыккан көнүгүүлөр.

Көркөм чыгарма балага түздөн түз таасир эткени менен баалуу. Ошондуктан көптөгөн методикалык ыкмалардын дайындалышы, балдарга угуу жана түшүнүү (чыгарманы эстеп калууга, аны терең түшүнүүгө жардам берүү) процессин жеңилдетүүдө турат.

**Чыгарманы кабыл алууну калыптандыруунун негизги ыкмалары:**

➔ ***Окуунун көркөмдүүлүгү*** – текстте чагылдырылган маанайды жана сезимдерди берүүдө ачыктык жана тереңдик менен мүнөздөлгөн көркөм окуунун профессионалдык искусствосунун биринчи баскычы. Ар бир педагог биринчи баскычка ээ болуусу жана көркөм окууда чеберчиликке жетишүүсү керек.

➔ **Окуунун кайталанмалуулугу.** Балдардын кызыгуусун туудурган анча чоң эмес чыгарманы ошол замат 1–2 жолу кайталап окуп берүү максатка ылайыктуу. Көлөмдүү чыгармалардан маанилүү жана ачык түшүнүктүү жерлерин окуп берүү керек.

➔ ***Тандап окуу (үзүндүлөрүн, ырлар, аягын).*** Улуу группада тандап окуу оюн жолу менен, табышмак, викторина түрүндө берилет. Эгерде биринчи окуудан кийин чыгарма балдарга түшүнүктүү болсо, педагог анда аңгеменин (ырлардын ж. б.) эмоционалдык аракетин күчөтүүчү, бир катар кошумча ыкмаларды колдонсо болот – оюнчуктарды, иллюстрацияларды, сүрөттөрдү, инсценировканын элементтерин көрсөтүү, тематикасы ж. б. боюнча жакын чыгармаларды эсине салуу кирет.

Балдарга көп убакыттарда кээ бир сөздөр же ойлор түшүнүксүз болуп калат. Мындай мезгилде аларга кырдаалга жараша фразалардын түзүлүшүн, жаңы сөздөрдү түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берүү керек. Эреже боюнча өзгөчө ырларды окуп жатканда, жаңы сөздөрдү түшүндүрүү үчүн бөлбөш керек, бул көркөм образды жана ритмди бузат. Мындай таанып-билүүчү чыгармаларды окуп жатканда, түшүнүксүз сөздөр үзүндүнүн негизги маанисин же чыгарманы толук түшүнүүгө оорчулук келтирсе уруксат берилет. Кээ бир учурда жаңы сөздөр окуганга чейин түшүндүрүлөт.

Жогору топто балдардын көңүлүн тилдин көркөмдүүлүгүнө жана образдуулугуна (аныктоо, салыштыруулар, фразеологизмдер), жазуучуга каармандардын образдарын даана, так сүрөттөөгө (кээ бир сөздөр инсандын сапатын, башкалары – жүрүм-турумун, ой толгоолорун көрсөтөт), көркөм тексттин мазмунунан аталышынын көз карандылыгына буруу керек. Балдарды адабий каармандардын диалогун угуп, так, таамай сөздөрдү табууга үйрөтүшөт.

***Иллюстрацияларды кароо*** – бул тексттин таасир этүүсүн күчөтүүчү жана аны түшүнүүгө жардам берүүчү кеңири жайылган ыкма. Иллюстрация – тексттин тиешелүү бир бөлүгүнө

туура келген, кандайдыр бир учурду түшүндүргөн сүрөттөр. Эгерде тиешелүү үзүндүдөгү мазмун белгилүү болсо, ал толугу менен түшүнүктүү болот. Көпчүлүк учурда иллюстрацияны балдарга текстти окугандан кийин, китепте жайгашкан боюнча ирети менен көрсөтүшөт.

Жогору топто сүрөттөгү көркөмдүүлүк каражаттарына алардын көңүлүн буруу үчүн балдарга суроо беришет (жести, фигуралардын жайгашуусу, түсү). Кандайдыр бир иллюстрацияны көрсөтүү менен бирге, текстке кайрадан кайрылса болот, сүрөттөрдө тартылган эпизоддорду кайталап окуу керек. Мындай жол менен текстти кабыл алуу менен иллюстрациянын ортосунда өз ара байланыш ишке ашат.

Балдар үчүн жыл ***бою таркатуучу материалдар менен бир канча сабактарды*** жүргүзүү сунушталат: алардын баары мурда тааныш текст менен окшош бирдей китептерди алышат. Педагогдун жетекчилигинин астында алар китептерди карашат. Бир эле мезгилде кээ бир сөздөр активдешет (китептин бети, барагы, мукабасы, автору, аталышы, иллюстрация, сап, оң жана сол беттер ж. б.). Мындай уюшулган билим берүү ишмердигинде *китепке мамиле кылуу эрежелери* бекемделет.

***Чыгарма боюнча аңгемелешүү*** – жөнөкөй ыкмалардын бир катарын – сөздөрдү жана көрсөтмөлөрдү өзүнө камтыган комплекстүү ыкма. Окуганга чейин *киришүү* окуганга чейинки (алдын ала) аңгемелешүү жана окугандан кийинки кыска түшүндүрүүчү *(жыйынтыктоочу)* аңгемелешүү. Бирок бул ыкмалар милдеттүү түрдө эмес.

Көркөм чыгарманын үстүнөн иштөө төмөндөгүдөй болушу да мүмкүн. Демейде аңгемени (ырларды ж. б.) биринчи окуудан кийин балдар уккандарынын күчтүү таасири алдында калышат, репликалар менен алмашышат, дагы окуп берүүнү суранышат. Педагог мажбурлабаган сүйлөшүүлөрдү колдойт, ачык эпизоддордун катарын эске салат, андан кийин чыгарманы экинчи жолу окуп, балдар менен иллюстрацияларды карашат.

Бир катар жогорку татаалдыктагы чыгармалар бар, анда бул курактагы балдардын тажрыйбасынан алыс (жаратылыш көрүнүштөрү, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жашоосу) объектилер жөнүндө айтылат же жаап-жашырылган мораль камтылат. Мындай чыгармаларды туура түшүнүү үчүн балага улуулардын жардамы керек, мисалы, окшош көрүнүштөрдү күн мурунтан байкоодо, сүрөттөрдү алдын ала кароодо, окуурдун алдында киришүү аңгемесин жүргүзүүдө.

Киришүү аңгемесин жүргүзүүнүн максаты – чыгарманын идеясын туура түшүнүүнү, чыгарманын каармандарынын жүрүм-турумун, угууга кызыгууну чакырууну туура камсыз кылуу. Түшүндүрүү аңгемелешүүлөрүнүн максаты ар түрдүүчө.

Балдардын көңүлүн каармандардын моралдык сапаттарына, алардын жүрүм-турумдарынын мотивдерине буруу керек.

- ***Аңгемелешүүнүн*** ыкмаларын пайдалануу – адабий образдын эстетикалык таасирлерин бузбай өзгөчө тактык үчүн керек.

**Көркөм чыгармалар боюнча аңгемелешүүдө пайдаланылган натыйжалуу ыкмаларды** карап көрөлү:

- ➔ ***Суроолор*** балдарга чыгарманын башкы идеясын сезе билүү үчүн, тагыраак айтканда, башкы каармандарды мүнөздөө үчүн керек. Алардын жардамы менен балдарга тиешелүү эпизоддорду эстетсе, өзүнчө сөздөргө, фразаларга, мамилелерге, каармандарга көңүлдөрүн бурдурса болот.
- ➔ ***Иллюстрацияларды кароо.*** Сүрөтчүлөрдүн сүрөттөрү балдарды чыгармаларды түшүнүүгө, алардын окуялары жана каармандары жөнүндө баланын түшүнүгүн байытууга жардам берет.
- ➔ ***Сөздөрдүн сүрөттөрү.*** Балдарга өздөрүн сүрөтчү-иллюстратор кылып элестетүүнү, жомокторго, аңгемелерге кандай сүрөттөрдү тартууну ойлонууну

сунушташат. Балдардын айткандарын угуп, педагог балага тигил же бул деталды тактоодо жардам берүүчү суроолорду берет.

- ➔ ***Балдардын суроолору боюнча тексттен үзүндүлөрдү кайталап окушат.*** Мындай окууда балдар чыгарманын көркөм жетишкендиктерин толук кабыл алышат, салыштырууларды, эпитеттерди жана көркөмдүүлүктүн башка каражаттарын байкашат.
- ➔ ***Эпизодду эстетүү.*** Педагог бир эпизоду эстетип жана ал жөнүндө кененирээк айтып берүүнү суранат. Тиешелүү үзүндүнү окуп берет, балдар муну менен өзүнчө сөздөрдү макулдашышат. Аларга «Кимдин аңгемеси кызыктуураак экен» деген мелдешти сунуштаса да болот (кененирээк)?».
- ➔ ***Эпизодду айтып берүү.*** Педагогдун тапшыруусу боюнча балдар эң күлкүлүү, эң кайгылуу, эң коркунучтуу окуяларды эстеп айтып беришет, жаратылыштын сүрөттөлүшүн, аларга өзгөчө эсинде калган каармандардын кылык-жоруктары жөнүндө айтып беришет.
- ➔ ***Үзүндүлөрдү драмалаштыруу,*** балдардын сөздүк запасын активдештирүү жана байытуу планында. Мындай метод балдардын чыгармачылык активдүүлүгүн, артисттигин жана фантазиясын өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Жогорку топтордо балдарга окуу үчүн көлөмү боюнча анча чоң эмес жана чыгарманын мазмуну боюнча жөнөкөй чыгармалар сунушталат.

**Ырлар.** Балдардын ырдын мазмунун талдап, анын маанайын (лирикалык, жомоктук, көңүлдүү же майрамдык) түшүнүүдө ыкмаларды пайдалануу сунушталат.

- ➔ Балдарга ырга мүнөздөмө берүү сунушталат. Эгерде аларга бул оор болсо, анда өзү 3–4 аныктама берет, андан балдар туура келгенин тандап алышат.
- ➔ Алдын ала суроолор ойлонулуп, андан кийин сунушталат, алар балдарга автордук аныктамалардын, салыштыруулардын жана башка көркөм каражаттардын маанисин түшүнүүгө жардам берет.
- ➔ Балдарга аталышын айтпай туруп, ырларды окуп берүү. Анын жакканына кызыгуу, ага кандай аталыш берсе болорун сунуштоо. Андан кийин аталышын угузуу жана анын атын жана авторун эстеп калууну угузуу керек.
- ➔ Улуу топтордо ырды жаттоо боюнча уюшулган билим берүү ишмердиги ай сайын (бир айда бир жолудан кем эмес) жүргүзүлөт.
- ➔ Балдар менен ыр жаттоодо педагог алдына бир канча милдет коет: ырга кызыгууну жана каалоону пайда кылуу, мазмунун толугу менен жана кээ бир татаал жерлерин түшүнүүгө жана угуучулардын алдында сөздөрдү көркөм окуу, поэзияны сүйүүгө тарбиялоо.

Ырларды жаттоого тандоодо алардын көлөмү эске алынат: улуулар үчүн 2–3 строфа.

Алты жаштагы балдар үчүн чыгармалардын сунушталган тизмеси балдар тарабынан жаттоо үчүн тандалган чыгармаларды камсыз кылат. Мындан башка да педагог балдардын кызыкчылыгын эске алып, ырларды өзү тандаса болот. Орто эсеп боюнча балдар бир ай ичинде 1–2 ыр (уюшулган билим берүү ишмердигинде) жатташат. Алардын ичинен кээ бирлери (ырлар, макалдар, лакаптар ж. б.) балдар тарабынан оюн, сейилдөө процессинде өзүнөн өзү эстеп калынат.

Ырды жаттоо процесси балдар үчүн татаал процесс болуп эсептелет, анткени алар бир эле текстке бир канча жолу кайрылышат, педагог дагы алардын эске сактап калуусунун жекече жана типтүү касиеттерин эске алуусу керек. Педагог балдардын кимиси бат, кимиси жай, кимиси бекем, кимиси начар жаттаарын, кимисине текстти үн чыгарып окуу жардам берерин ж. б. билүүсү зарыл.

**Балдарга ыр жаттоодо жардам берүүдө, төмөнкү ыкмаларды пайдалануу сунушталат:**

- балдарга өзгөчө жаккан бөлүктөрүн атоо сунушталат; 3–4 билдирмени аткарып, аларды окуу;
- баладан кайталоону талап кылуучу, суроолорду алдын ала тексттен цитата түрүндө ойлонуу керек;
- үзүндүлөрдү балдар ар түрдүү окуган варианттарда (3–4 вариантта); мисалы, педагог бул же тигил сапты кантип окуса болорун түшүндүрөт, тиешелүү интонацияны издөөгө кызыктырат; бул иштин процессинде балдар текстти эстеп калышат.

**Ырларды жаттап калуунун төмөндөгүдөй алгоритми сунушталат:**

➔ Балдарды ырды кабыл алууга даярдоо: **кыска мөөнөттүү киришүү аңгемелешүүсүн жүргүзүү.** Педагог балдардын образдуу, эмоционалдуу эске тутуусуна кайрылат, үндөш образды эстөөгө жардам берет (көңүлдүү майрамдардын сүрөттөрү, алтын күз ж. б.). Ырдын темасына жакын предметтерди, оюнчуктарды, сүрөттөрдү көрсөтсө болот.

➔ **Ырды көркөм окуу жана аны кайталоо.** Кайталап окуур алдында балдарга ырды жаттоо керектиги эскертилет (мындай кылуу эстеп калууну жогорулатат) жана ыр жөнүндө, аны окуудагы форма жөнүндө кыскача түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

➔ Балдар менен ырды *жирн.* Алгач текстти бир канча жолу угуу камсыз кылынат, бат жаттап калган балдарга кайталоо сунушталат.

Окуунун жүрүшүндө педагог текстти айтып берип турат, саптарды балдар менен ордунда макулдашышат, окуунун мүнөзү боюнча түшүндүрүп, тапшырмаларын берет. Кээде кээ бир суроолор боюнча кеңири баалар берилет. Эгерде балдар көркөм окубаса, педагог дагы окуунун үлгүсүн сунуштаса болот. Эгерде ыр анча чоң эмес болсо, анда ал толугу менен окулат (сап же строфа эмес), окуунун маанисин жана эстеп калууга туура машыгууну камсыз кылат.

■ **Балдар ырды хор менен эмес, жеке кайталашат;** ушундай жол менен көркөм каражаттарды тандоодо баланын өз алдынчалуулугу сакталат.

Психологдор ырды жаттоо үчүн таанып-билүү ишмердигинин ар башка түрлөрүндө 8–10 жолу кайталоо талап кылынат. Балдардын ырга кызыгуусун колдоо үчүн жана эстеп калуунун жыйынтыгын жакшыртуу үчүн кайталоонун формасын өзгөртүү өтө зарыл. Жатталган ырларды бөлүк боюнча окуу керек, «Ким окуганын тап?» оюнуна балдарды тартуу. Жыйынтыгында ыр баланын эсинде көпкө сакталып калат, жеңил айтылат жана оозеки кебинде колдонулат.

Эстеп калууга мотивацияны калыптандыруу үчүн көркөм окуган баланы чакыруу керек, ошондой эле мурда жаттаган ырларды кайталоо керек, окуунун техникасы боюнча ырларды уюштуруу же көнүгүүлөрдү аткаруу керек. Сабактарда балдарга жага турган диалогдук ырларды пайдалануу өзгөчө зарыл. Атайын бир жактын атынан сүйлөп, бала жеңил бошонуп, өнөктөшү менен мамиле түзө алат. Кийинки этабында ырдан кичине-спекталь түзүп, аны этюд формасында ойносо болот. Андан башка дагы ырды жаттоо эске сактоону жана интеллекти өнүктүрөт.

Мектепке чейинки балдардын аткаруу ишмердик көз карашынан караганда, аларга ар түрдүү сезимдерди айтууда жардам берүүчү интонацияны пайдаланууну үйрөтүү эң зарыл. Бир эле сөздү же фразаны кайгылуу, көңүлдүү, ачуулуу, таң калып, сырдуу, суктанып, арызданып, кабатырланып, жек көрүп, айыптап ж. б. айтса болот. Интонациянын үстүнөн иштөө менен балдарды мисалы, арызданган же таң калган фразаларды абстрактуу эле айтууну суранбай, сунушталган кырдаалга жараша импровизацияга умтулууга

кызыктыруу керек. Балдарга «Тегерек боюнча фразалар» деген оюнду сунуш кылып, ар бир бала кайда, кимге, кандай шартта, ал тиешелүү бир интонация менен болгон фразаларды айта аларын түшүндүрө алуусу керек.

Балдар менен логикалык басым боюнча сүйлөшүп жатып, биз фразадагы сөздөрдүн маанисин жана көркөмдүүлүгүн аныктоочу өзүнчө сөздөрдү бөлүп айтууну түшүнөбүз. Мисалы, жаттаган жаңылмачты сунуштап, аны айтып, ар түрдүү сөздөргө бөлөт: ***«Көзү бүтүк, үч күчүк үшүп, үч күчүк үшүп үнү бүтүп».***

Балдар логикалык басым эмне экенин түшүнгөндөн кийин, келечектеги спектаклдин сценарийин же ырдын текстинин үстүнөн иштеп жатып, өзүнчө фразадагы жана сүйлөмдөрдөгү ачкычтуу сөздөргө көңүл буруп, аларды бөлүү керек.

Көпчүлүк балдар үчүн булчуңдарынын, анын ичинде тилдик аппараттын жалпы чыңалуусу, кебинин монотондуу жана түшүнүктүү эместиги, маанилүү тынымдардын жана логикалык басымдардын жоктугу, сөздөрдүн башталышын жана аягын жутуп алуусу мүнөздүү көрүнүш. Баланы эркин сүйлөөгө үйрөтүүнүн үстүнөн иштөөдө, дем алууну өнүктүрүүчү атайын оюндарсыз жана көнүгүүлөрсүз, кептик аппараттын булчуңдарын бошотуучусуз, үндүн кыймылдуулугу жана так дикцияны калыптандыруусуз мүмкүн эмес.

Бул куракта дем алуучу жана үндүк аппараттар калыптанып бүтө элек болот, бирок балдар ага умтулуп жатып, актердун тили турмуштагыга караганда так, уккулуктуу жана көркөм болору зарыл экенин билүүлөрү керек. Кептик көнүгүүлөр жана оюндар, ритмпластикалык жана театралдык оюндар бириктирилип, ар бир сабакка камтылуусу керек.

Эң алгач балдарды мурунү аркылуу үн чыгарбай дем алуу, ийиндерин көтөрбөй, каалгып, тегиз, чыңалбай жана түртүлбөй дем чыгарууга үйрөтүү (көнүгүүлөр «Шам менен оюн» жана «Самын көбүкчөлөрү»). Мындан ары ар бир сабакта дем алууну гана машыктырбастан, комплекстүү түрдө тилдин башка компоненттери да машыгат. Коюлган максатка байланыштуу, акцент бирде артикуляцияга, бирде дикцияга, бирде интонацияга же жаңыруунун бийиктигине жасалат.

Үн эркин чыгышы үчүн бардык кептик аппараттын булчуңдарына машыгуу зарыл. Артикуляциялык көнүгүүлөрдө эриндердин, жаактардын жана тилдин булчуңдарын өнүктүрүү үчүн белгилүү бир көнүгүүлөр пайдаланылат. Үндүн эркин чыгышында байланыштардын биригүүсү дем чыгаруу менен дал келип калса, анда жумшак аттоо менен түздөн-түз байланышта болот. Буга жетүү үчүн «онтоо» сыяктуу көнүгүүлөр пайдалуу – «Оорулуу тиш», «Чырлуу», «Коңгуроолор», «Бешик ырлары» тыбыштын таянычы менен жумшак чабуул айкалышып, оюнда машыгышат «Үйрөтүлгөн иттер», «Канаттуулардын короосу». Бул маселелерди чечкенден кийин дикциянын, үндүн диапазону, үндүн күчү, кептин темпи ж. б. үстүнөн иштөөгө буруш керек. Мында атайын актердук тренингдерди пайдаланбай эле, тилдин бардык компоненттери жаңылмачтарда, ырларда абдан жакшы машыгат. Балдарга эмне жөнүндө кеп болуп жаткандыгы түшүнүктүү болушу үчүн, мындай көнүгүүлөрдү сунуштаса болот «Жайкы күн», «Зоопаркта», «Токойдо». Алар сөздүн аягында үнсүз тыбыштар катышкан сөздөрдү так айтууга машыгышат жана балдар менен биргеликте бир нерсени ойлоп табышат. Үндүн диапозонун машыктыруу үчүн «Самолет», «Укмуштепкич» оюндары сунушталат. Балдар үн музыкалык инструментке окшош экендигин, бирде жапыз, бирде бийик, же бара-бара жогорулайт, же төмөндөшүн түшүнүүлөрү керек. Үндүн күчү жөнүндө сүйлөп жатып, балдар ар кандай каармандарга катышкан «Диалогду ойлоп тап» оюнун сунуштаса болот. Жомоктун каармандарынын атынан үндүн ар түрдүү күчү менен ырларды окуса болот.

Бош убакытта балдар менен адабий викториналарды өткөрсө болот. Бул балдарга программадагы көркөм адабий чыгармаларды кайталоого жана аларды жаттап калууга мүмкүнчүлүк берет.

**Жогорку топтогулар үчүн сунушталган адабияттар:**


1. А. С. Пушкин. Жомоктор. Балдар классикасы. Мещеряков М., Басма үйү, 2009.
2. К. Д. Ушинский. Төрт каалоо. Балдар классикасы. Мещеряков М., Басма үйү, 2009.
3. И. А. Крылов. Тамсилдер. Балдар классикасы. Мещеряков М., Басма үйү, 2010.
4. А. М. Горький. Таранчы. Балдар классикасы. Мещеряков М., Басма үйү, 2010.
5. А. Н. Афанасьев. Жыйнак. Балдар классикасы. Мещеряков М., Басма үйү, 2009.
6. Кыргыз жомоктору. Алдар-Көсөнүн жоруктары. Апенди жөнүндө жомоктор. Бишкек.: Раритет, 2003
7. А. Карасартов. Табышмактар. Бакчадагы балдар үчүн. Бишкек, 2008.
8. Бек Жылдыз. Эң чоңу жана эң таттуусу. Бишкек, ЮНИСЕФ, 2008.
9. Б. Асакеева. Акылдуу бака. «Бийиктик», Бишкек, 2015.
10. Гримм бир туугандар. Саман, көмүр жана боб. Балдар классикасы М., 2009
11. Самудинов Т. Ар бакчадан бирден гүл: ырлар, оюн ырлары, табышмактар, жомоктор. «Бийиктик», Бишкек, 2012 -184 б.
12. Луговая С. Ачкычтар. Боемо ырлар. Т. Самудиновдун котормосу Бишкек, 2013
13. Рахимова М. Р. Мөл булак. – Бишкек, 2000.




## Музыкалык өнүгүү

### Экинчи кенже топ (төрт жаштагылар)

Төрт жаштагы балдар музыкага эмоционалдык дилгирликти көрсөтө алышат, музыканын контрасттык маанайын айырмалай алышат, музыкалык чыгарманын мазмунун түшүнүүнү үйрөнө баштайт. Аларда музыка-угуучулук тажрыйба аз болсо да топтоло баштайт, музыкалык каалоолор байкала баштайт, музыка-угуучулук маданияттын негизи пайда болот. Өздөштүрүү процессинде балдар эч нерсеге алаксыбай башынан аягына чейин музыкалык чыгармаларды угушат. Өздөштүрүүнүн дифференцивдүүлүгү өнүгө баштайт: балдар өзүнчө көркөм каражаттарды бөлүшөт (темп, динамика, регистрлер), кыймылдардын алмашышы эки бөлүктүү музыкалык чыгармадагы бөлүктөрдүн алмашышына таасир этет, эң жөнөкөй – марш, бий, бешик жанрларын айырмалай баштайт.

Музыка ишмердиги процессинде негизги музыкалык жөндөмдүүлүктөр өнүгөт (ладдык сезимдер пайда болуусу менен музыкага эмоционалдык дилгирлик, ритмди сезүү пайда болот). Музыкалык-сенсордук жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү улантылат, балдар бийиктиги, динамикасы, узактыгы, тембри боюнча карама-каршы үндөрдү айырмалай алышат (тааныш музыкалык инструменттерди салыштыруу учурунда).

Музыканы аткаруу ишмердигиндеги тажрыйба чогулат. Музыкалык аткаруучулуктун бардык түрлөрү активдүү өнүгө баштайт. Балдар бара-бара ырды аткаруучулук, ритмикага, элементардык музыкалык инструменттерде ойноо көндүмдөрүнө ээ боло башташат. Үн жана дем алуучу аппараттар өсөт жана өнүгөт. Балдар улуулар аткарган ырларды кызыгуу менен угушат, улуулар менен, жана өздөрү каалоосу менен эмоционалдык мамилени билдирип, ырларды ырдашат. Аларда туруктуу ырдоо көндүмдөрү пайда болот жана өнүгөт, жакшы көргөн ырлары пайда болот.

Таяныч-кыймылдаткыч аппаратынын өнүгүүсүнө жараша музыка менен бийлөө ритмдүү жана координацияланган болот. Балдар мейкиндикке ориентр ала алышат, музыка менен ишенимдүү жана ачык-айкын, мүнөзүнө жараша адекваттуу жана музыкалык

чыгарманын өзгөчөлүгүнө жараша кыймылдай алышат. Кыймылдын жардамы менен балдар динамикага, темпке, регистрге өзгөрүүлөрдү киргизүүгө жөндөмдүү болушат. Балдардын бий жанры жөнүндө (бий музыкасы, полька) түшүнүктөрү кеңеет, бий кыймылдарынын запасы көбөйөт. Сюжеттүү оюндарда пайдаланылган образдуу-оюн кыймылдарында ырды угуу таасирдүү болот.

Балдардын ырдоодо, оюнда, эркин бийде чыгармачылык өздөрүн көрсөтүүсү байкала баштайт. Музыкалык инструменттерде ойноого кызыгуусу туруктуу боло баштайт. Элементардык музыкалык инструменттер жөнүндө түшүнүгү кеңеет, аларда ойноо көндүмдөрү өркүндөйт.

Балдар ишмердиктин бардык түрүнө (өз алдынча музыкалык ишмердикке, майрамдарга, көңүл ачууларга) чын көңүлү менен катышышат.

Музыкалык тарбиянын мазмуну жана милдеттери окутуунун методдорун тандоону жана методикалык ыкмаларды аныктайт. Музыкалык тарбиянын методдорун тандоо балдар билим алууда **кандай булактарды** пайдаланганына көз каранды болот:

- Албете, **биринчи булак болуп музыка өзү эсептелет,** анткени ал гана адамдагы «музыкалык» сезимди ойгото алат. Башында балдар менен иштөө, айрыкча, музыканы угуу тажрыйбасынын топтолушуна жараша болот. Балдар канчалык жаш болсо, бул убакыт узагырак болот.
- Билим алуунун экинчи булагы болуп, **педагогдун сөзү эсептелинет,** ал балдарды музыкалык образды толугу менен кабыл алууга жана конкреттүү музыкалык чыгармалардын мазмунун түшүнүүгө алып барат.
- Үчүнчү булак **түздөн-түз балдардын өздөрүнүн музыкалык ишмердиги эсептелинет,** анткени ансыз, көнүгүүлөрсүз болбойт, мисалы, ырдоодо. Ритмикада көндүмдөр жана билгичтиктер иштелип чыгат.

Бир гана практикалык ишмердик баланын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн түрткү берет, коомдук көрүнүштөргө адекваттуу мамилени тарбиялайт, демилге көтөрүүгө, аң сезимдүү, активдүү болууга чакырат.

Мектепке чейинки курактагы балдарды музыкалык тарбиялоодо жана окутууда үч өз ара байланышкан ***иштин методдору:***

➔ **көрсөтмөлүү;**

➔ **сөз менен;**

➔ **практикалык ишмердик методу.**

Ар бир метод анын спецификасынан көз каранды болгон, ар түрдүү ыкмалардын системасын өзүнө камтыйт. Окутуунун тигил же бул методикалык ыкмаларын тандоо музыкалык сабактын конкреттүү милдеттери, музыкалык материалдын татаалдыгы, окутуунун этаптары жана балдардын өнүгүүсүнүн жалпы деңгээли менен аныкталат.

**Балдарды окутууда ар түрдүү методикалык ыкмаларды тандоо менен, педагог төмөндөгү эрежелерге жетекчилик кылуусу зарыл:**

➔ Балдарга сунушталган музыкалык материалдын жогорку көркөмдүк деңгээлин жана аны сапаттуу аткарууну камсыз кылуу;

➔ андагы балдар жамаатынын өзгөчөлүгүн, анын жалпы жана музыкалык өнүгүүсүнүн деңгээлин, анын уюштуруучулугун эске алуу;

➔ мектепке чейинки кенже курактагы балдардын музыканы кабыл алуусунун образдуулугун жана конкреттүүлүгүн эске алуу.

Методдорду жана ыкмаларды тандоо балдардын курагына жараша болот. Мектепке чейинки кенже курактагы балдар ар түрдүү турмуштук жана музыкалык тажрыйбасы жок болгондуктан көрсөтмөлүү-көрүүчүлүк ыкмалар колдонулат. Бул курактагы балдарга азырынча алардын тили жеткиликтүү өнүкпөгөндүгүнө байланыштуу, сөздүк ыкмаларды кеңири колдонуу жеткиликтүү болбойт. Педагогдун жана музыкалык жетекчинин алардын кебин өстүрүүдөгү, анын ичинде образдуу өстүрүүдөгү ролу дагы өсөт. Ал балдарды жаңы сөздөрдү колдонууга түртүүчү жана бир эле мезгилде бул мүмкүнчүлүктү жеңилдетүүчү ыкмаларды пайдаланат. Мисалы, туура келүүчү мүнөздөмөлөрдү тандоодо жардам берүүчү альтернативалуу жана жол көрсөтүп туруучу суроолор (Музыка назикпи же шайырбы? Тынчпы же кайгылуубу? Демейде муңдуу ырлар тынч болот). Музыкалык жетекчи жоопторду толуктайт, угуу (музыканын жаңырышы) жана көрүү көрсөтмөлүүгүнүн жардамы менен жаңы сөздөрдү түшүндүрөт.

Кенже топто **сөздүк метод** пайдаланылат, музыкалык жетекчи көпчүлүк учурда түшүндүрүүнү колдонот. **Ал так жана кыска болушу керек.** Мисалы, балдар «Манжалар жана колдор» (М. Раухвергердин иштеп чыгуусунда орус элдик обону) бий музыкасын угушат. Музыкалык жетекчи катуу музыкага кол чабасыңар дейт, а тынч болгондо, манжаларын бири бирине тийгизишет. Бийди экинчи аткарганда балдар тапшырманы аткарышат, б. а. түшүндүрүү балдардын өздөрү аркылуу практикалык ишмердикте бышыкталат.

Ошондой эле педагогго **кыска түшүндүрмөлөр да** жардам берет. Мисалы, А. Дөөлөтказиеванын «Нооруз» деген ыры менен тааныштырууда, музыкалык жетекчи жакында майрам болот, бала бакча жасалгаланат, балдар жана улуулар жакшынакай кийинип, желекчелер, гүлдөр менен келишет, деп түшүндүрөт. Эмоционалдуу тон балдарды жаңы сөздөрдү өздөштүрүп, ырларды кызыгып угууга шыктандырат. Эки-үч жолку угуудан кийин, музыкалык жетекчи ырдын атын атайт. Тапшырма балдар менен оюндарды, бийлерди, көнүгүүлөрдү аткарып жатканда берилет. *Мисалы,* музыкалык жетекчи желекчелер менен көнүгүүлөрдү аткарып жаткан мезгилде: «Балдар, желекчени Азаматтай кармагыла» деп көрсөтмө берет.

Кенже топто **поэтикалык сөздөр көп колдонулат**. *Мисалы,* Б. Туратованын «Мамалак» деген ырдын алдында (музыка В. Витлиндики) бул ырды окуса болот:

**Мамалак, мамалак,**
**Мулук кулак мамалак.**
**Бал жегиси келгенде,**
**Бал челекти сагалап.**

Оюндарды, бийлерди, көнүгүүлөрдү угуп, кайталап жана машыгууда, педагог балдарга көптөгөн суроолорду берип, алар менен дайыма макулдашып турат; мисалы: «Музыканын мүнөзү кандай экен? Музыка кандай экен, батпы же жайбы? Бул ыр элге тааналганбы?». Бирок көпчүлүк учурда өзү жооп берет, себеби, балдардын музыка жаатында азырынча билими жок, аларга өздөрүнүн сезгендерин байкагандарын айтып жооп бериш кыйынчылык туудурат. Балдарды акырындык менен музыкалык терминдерге үйрөтүү керек, анткени алар кийин да өз алдынча аны колдоно билүүлөрү керек. Балдарга музыка боюнча эле эмес, анын мазмуну боюнча да суроолор берилет. Мисалы, «Мамалак» (музыка В. Витлиндики) деген ырды уккандан кийин педагог балдардан сурайт: «Ырда эмне жөнүндө айтылат? Мамалак эмне кылды? Ал кимди күттү?».

Кенже топто образдуу **аңгемелешүү** кеңири колдонулат. Ал сюжеттик оюндардын жана музыкалык программаны угуунун алдында берилет. Образдуу аңгемелешүү балдардын чыгарманын мазмунун терең түшүнүүгө, балдардын кызыгуусун ойготууга түрткү берет, аларда эмоционалдык ой-толгоолорду чакырат, элестөөлөрдү өнүктүрөт. Образдуу аңгеме музыкалык чыгарманын сюжеттик фабуласына окшошуш керек.

Балдар менен иштөөдө чоң орунду **көрсөтмөлүүлүк методунун ыкмалары,** айрыкча, **угуу көрсөтмөлүүлүгү ээлейт.** Балдар аткара турган бардык чыгармаларды, алгач музыкалык жетекчинин аткаруусунда угушат. *Мисалы,* Р. Рустамовдун «Короз» аттуу ырын угууда педагог аңгемесин минтип айтса болот: «Короз таң эрте турду, ырдап балдарды ойготту, короздун апасы аны таң эрте ойготпошу үчүн, ага ыр ырдап берди. Корозго апасы кандай ыр ырдап бергенин угалычы?» – мазмуну балдарга түшүнүктүү жана жакын болгону үчүн балдар аны өтө кызыгуу менен угушат.

**Көз менен көрүү көрсөтмөлүүлүгү** да кеңири колдонулат. Педагог сабакка көпчүлүк учурда сүрөттөрдү жана оюнчуктарды алып келет. *Мисалы,* жаңы жыл майрамынан кийинки сабакта ал балдарга кичинекей балатыны оюнчуктары менен көрсөтүп, минтип айтат: «Аяз ата бул балатыны бизге калтырып кетти. Ал аябай, аябай ак көңүл, жакшы. Аяз ата жана бул кооз балаты жөнүндө ырды уккула». Балдарга ырда ырдала турган музыканы угуу жана оюнчуктарды кароо чоң канаттанууну пайда кылат. Көрүү менен кабыл алынган образ аткарган ырдын мазмунун түшүнүүгө, аны эстеп калууга түрткү болот. Мындан тышкары, музыкалык жетекчи ырдоо ыкмаларын жана кыймылды аткаруунун жолдорун көрсөтөт. *Мисалы,* жеңил жана таза үнгө жетиш үчүн алгач муундарды ырдаш керек: га, ка, ку, го, гу, андан кийин үндүүлөрдү туура калыптандырыш үчүн көнүгүүлөрдү пайдаланат, мисалы, тыбыш «а» – куурчак ыйлайт «а» же мамалакты уктат «а-а-а-а-а-а»…; «о» тыбышы – тоок балапандарын чакырат «ко, ко, ко»; ырды таза ырдаш үчүн, ырдоо абалын туура сакташ керек, башкача айтканда, бала ырдап жатканда туура абалда болушу керек: балдар отургучта туура жана түз олтуруусу керек, денесин жана башын алдыга карай эңкейтпей; балдарда ырды аткаруучулукту өнүктүрүү үчүн чыгармачыл тапшырмалар, дидактикалык оюндар сунушталат, мисалы, «Мышыкты чакыр», «Тоок жана балапандар», «Куурчакты терметип, ырдап уктат» ж. б.

**Оюн ыкмалары** активдүү пайдаланылат. *Мисалы,* А. Александрованын «Мышык» деген ыры менен тааныштырып жатып, музыка жетекчиси оюнчукту көрсөтүп, ырдап бүткөндөн кийин сурайт: «Мышык сүт сурап жатат». «Мя-у, мя-у»,– деп ырдап, анан сурайт: «Мышык кантип сүт сурайт?». Бул балдарды аны менен бирге акыркы фразаны чогуу ырдаганга түртөт.

Үч жаштагы балдарды туурап бийлөөгө жана такталган кыймылдарга үйрөтүүдө педагог ар түрдүү ыкмаларды пайдаланат. Балдар туура кайталап, кийин да үйрөнүлгөн кыймылдарды өз алдынча пайдалануу үчүн дайыма туура көрсөтүү талап кылынат. Педагог бийди көрсөтүп, аны менен бирге бийлөөнү, бийлеп жатып жакшы бийлегендерди белгилейт жана аны менен кайталап бийлөөнү сунуштайт (калган балдар карап турат). Кийинки сабакта бийди өздөштүргөндөргө өз алдынча бийлөөнү сунуштайт, а өзү жардамга муктаж балдар менен машыгат.

Машыгууларда өзүнчө музыкалык-ритмикалык көндүмдөр бөлүштүрүлөт, педагог аны окутууда көрсөтөт, андан ары балдарга тапшырма аткарууда өз алдынчалуулукту сунуштайт, туура кыймыл жасагандарды колдойт, аны менен кыймылдоодо кыйналгандарды кызыктырат.

Төрт жаштагы балдарга музыкалык-ритмикалык кыймылдарды үйрөтүүдө **педагог өзүнүн көргөзгөнүнө балдардын туура көргөзгөнүн кошуп пайдаланат**. Жаңы бийди, оюнду үйрөнүүдө музыканы максаттуу кабыл алууну, анын жаңырышынын өзгөчөлүктөрүн аныктоону талап кылат (алакан чабуу, колду жаңсоо ж. б.). *Мисалы,* В. Карасеванын «Куурчактар менен ойноо» аттуу эки бөлүктүү пьесасынын контрасттуу жаңырышын айырмалоо үчүн балдар алакандарын беттерине коюшат – куурчак «уктап жатат»; колдорун көтөрүшүп, манжаларын тегеретишип – куурчак «бийлеп жатат» ж. б.

Музыкалык тарбиянын бардык методдору педагог тарабынан бир система, бөлүнгүс бүтүн сыяктуу колдонулат. Сөз баланы чыгарманын мазмунун түшүнүүгө жана кабыл алууга, а музыка эмоционалдуу ойлорго алып барат. Музыка сезимге таасир этет, бирок ал ойлорду да пайда кылат. А ой болсо, сөздү айтмайынча ишке ашпайт.

Балдардын музыкалык тарбиясы музыкалык ишмердиктин жардамы менен жүрөт. Бул татаал педагогикалык процессте, баланын тажрыйбасын жана кызыкчылыктарын жана жекече муктаждыктарын эске алып, жетектөөчү роль улууларга жүктөлөт. Кенже балдарда музыкалык ишмердиктин (оюнчуктар, картиналар) көргөзмөлүүлүктүн ар түрдүү каражаттарын пайдалануу, аткарылган ырдын (пьесанын) мазмунун түшүнүүгө, аны эстеп калууга жардам берет. Педагогдун таасирдүү көрсөтмөсү кыймылды туура кайталоону калыптандырат. Ыр менен системалуу машыгуу, музыка менен кыймыл жасоого үйрөнүү, аны угуу балдардын музыканы кабыл алуусуна түрткү болот. Музыкадан улам пайда болгон эмоциялар, туруктуу, кызыктуу бекемирээк боло баштайт. Педагог тарабын музыкалык материалдарды максаттуу тандоо, аны берүүнүн системалуулугу баланын музыкалык өнүгүүсүнө түрткү берет.

## Ортоңку топ (беш жаштагылар)

*4–5 жаштагы балдар өз алдынчалуулукту жана дилгирликти көрсөтүшөт.* Бул суроо берүүлөрдү мезгили. Бала көрүнүштөрдүн жана окуялардын ортосундагы байланышты түшүнө баштайт, анын ичинде музыкага мамиле боюнча жөнөкөй жалпылоолорду жасай баштайт. Бул курактагы бала байкагыч, ал кандай музыка аткарылып жатканын аныктай алууга жөндөмдүү болот: көңүлдүү, кубанычтуу, тынч; үндөр бийик, төмөн, катуу, жапыс, кандай инструментте ойнойт (рояль, скрипка, баян). Ага талаптар түшүнүктүү, ырды кантип ырдаса, бийде кантип кыймылдаса болот. Баланын үнүнүн аппараты бекемделет, ошон үчүн үнү кээ бир шаңгырааактарды, кыймылдуулукту пайда кылат. Ырчылык диапазону **ре–си биринчи октаванын** болжолдуу чегинде. Вокалдык-угуучулук координация жолго коюлат (ырчылык, угуучулук жана булчуңдук сезүүлөрдүн өз ара байланышы). Кыймылдаткыч аппарат байкаларлык бекемделет, чоң жана майда моторика өнүгүүсүн улантат. Дене тарбия сабагынын процессинде кыймылдын негизги түрлөрүн өздөштүрүү (басуу, чуркоо, секирүү) аларды музыкалык-ритмикалык оюндарда, бийлөөдө пайдаланууга кеңири шарт түзөт. Балдар музыканы угуп, кыймылдын ырааттуулугун эстеп калышат. Бул куракта музыкалык ишмердиктин башка түрлөрүнө кызыгуусу пайда боло баштайт.

Ортоңку топтун балдары музыкалык ишмердиктин көптөгөн түрлөрүнө активдүү катышып: угуу, ырдоо, музыкалык-ритмикалык кыймылдар, музыкалык инструменттерде жана чыгармачылыкта ойной алуу менен жетишерлик эле музыкалык тажрыйба ээ болушат.

Балдардын музыкалык өнүгүүсү билим берүү ишмердигинде жана күнүмдүк жашоодо түздөн-түз ишке ашат. Сабак окутуунун негизги формасы болуп эсептелет. Балдарга берилген тапшырмалар татаалыраак болот. Оюн жана көңүл ачуучу мүнөздөгү окутуулар сакталып калганына карабай, алар оюн бир жерге чогултууну жана кыймыл-аракетти түшүнүүнү талап кылат.

**Сабактар жумасына эки жолу 20 мүнөттөн төмөндөгүдөй түзүмдө жүргүзүлөт.**

1. **Киришүү бөлүмү:**

**Музыкалык-ритмикалык көнүгүүлөр**

Максаты – баланы сабакка даярдоо жана бийде, хордо пайдаланылган, бийдин кыймылдарынын негизги көндүмдөрүн өнүктүрүү.

2. **Негизги бөлүм:**

**Музыканы угуу**

Максаты – обондун жана аккомпанементтин жаңырганын угууну жана түзүлгөн көркөм-музыкалык образды жана аларга эмоционалдуу таасир этүүнү балага үйрөтүү.

**Ырдоо:**

Максаты – баланын вокалдык шыгын өнүктүрүү, обонду интонация менен айтууга үйрөтүү, үндү кыспай ырдоо, ошондой эле ырды музыкалык жетекчи менен бирге баштап, бирге бүтүрүүнү үйрөтүү. Сабактын негизги бөлүгүнө балдардын музыкалык инструменттери менен таанышууга, эске тутуусун жана элестөөсүн, музыкалык-сенсордук жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган музыкалык-дидактикалык оюндар киргизилет.

3. **Корутунду бөлүмү**

**Оюн же бий:**

Максаты – балага эмоционалдык рахаттанууну тартуулоо, жасаган иштерине кубануу сезимдерин чакыруу, музыка сабагына кызыгууну жана аларга катышууну каалоону ойготуу.

## Балдардын музыканы угуу көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө багытталган методдор жана ыкмалар

Бул курактагы балдарда угуу маданиятынын элементардык көндүмдөрү калыптана баштайт – музыканы кабыл алуу, аны аягына чейин угуу. Бул балага жалпы мүнөзүн, пьесанын маанайын, анын көркөм каражаттарын түшүнүүгө жардам берет. Ырды же пьесаны эстеп калууда көндүмдү өнүктүрүү үчүн педагог ырды тексти жана коштоосу жок эле ырдайт, инструменталдык пьесада кээде обон гана ойнолот.

Репертуарга балдардын кабыл алуусу үчүн анча татаал эмес чыгармалар камтылат, мисалы, П.И.Чайковскийдин «Торгойдун ыры» деген чыгармасын угуп, музыкалык жетекчи балдарга кайрылып, суроо берет: «Силер чымчыктардын кантип сайраганын уктуңар беле? Алар токойдо, дачада, паркта абдан көп, алар кооз жана жагымдуу ырдашат. Мындай бир куш бар – ал торгой деп аталат. А өзгөчө жакшы сайрайт. Угуп тургула, мен силерге анын ыры жөнүндө музыканы ойноп берем». Музыкалык жетекчи чыгарманы аткарып, анан сурайт. «Музыка торгой жөнүндө эмнени айтты, ал кандай сайрайт экен?». Музыкалык жетекчи музыканын мүнөзү боюнча аңгеме жүргүзөт, анда торгой ичке, назик ырларын жана жеңил, бат учарын айтат. Аңгемелешүүдөн кийин «Торгойдун ыры» экинчи жолу аткарылат. Балдар музыка жөнүндө, анын өзгөчөлүктөрү, мүнөздүү белгилери боюнча толук түшүнүк алышат. Аларда жөнөкөй каражаттар менен лирикалык, баатырдык, күлкүлүү сезимдер берилет.

Окутуунун методикасы, музыканы кабыл алуунун өнүгүшү балдарда эмоционалдык мамилени чакырууга багытталган. Бул тапшырмада көркөм аткаруу, кыска түшүнүктөр, ар түрдүү көрсөтмө ыкмаларды пайдалануу камтылган. Музыка эгерде иллюстрацияларды көрсөтүү менен коштолсо, музыкалык образды ачык көрсөткөн ырлардагы, пьесалардагы өзүнчө эпизоддорду бөлүштүрүүдө ийгиликтүү өздөштүрүлөт.

Балага музыканы түшүнүп жана эстеп калууда жардам берүүчү ар түрдүү оюн ыкмаларын, музыкалык табышмактарды, оюнчуктарды колдонуу зарыл. Ар бир жаңы чыгарма – таасирлер, тынчсыздануу, ачылыштар.

*Мисалы,* музыкалык жетекчи Петрушканын катышуусу менен оюн ыкмасын пайдаланат:

*МЖ:* Бизге сабакка Петрушка келди. Ал силердин музыканы кантип угуп, ырдап, бийлеп жатканыңарды көргүсү келет. Карагылачы балдар, силердин оюңар боюнча биздин Петрушканын маанайы, кандай?

*Балдар:* Көңүлдүү, кубанычтуу!

*МЖ:* Туура, анткени ал биз менен жолугушканына кубанычтуу, анын бетинде жылмаюу турат, ал өзү дагы тамашалаганды, баарынын көңүлүн көтөргөндү, табышмак тапканды жакшы көрөт. А силер табышмак тапканды жакшы көрөсүңөрбү?

*Балдар:* Ооба, жакшы көрөбүз!

*МЖ:* Анда силерге Петрушкадан табышмак: азыр музыка жаңырат, мүнөзүн айырмалоо керек. А силер аны көңүл коюп угуп жана музыканын алдында тиешелүү кыймылдарды аткаргыла. Силер даярсыңарбы?

*Балдар:* Ооба!

Балдар музыканын мүнөзүнө ылайык кыймылдарды өз алдынча аткарышат: «Марш» - шамдагай басышат; «Барабанщик» – токтойт. «Бешик ыры» – колдорун бетине коюп, тизелеп токтошот. Мындай жол менен оюн ыкмалары тааныш обондорду таанууга, музыканын мүнөзүн аныктоого, чыгарманын өзүнчө бөлүктөрүндө маанайдын өзгөрүшүн, жанрды айырмалоо, обондун жаңырышын тууралыгын баалоого түрткү берет.

- Сабактарда педагог угуу көндүмдөрүн тарбиялоо боюнча иш алып барат. Балдар музыканы аягына чейин угуш керектигин, ал аткарылып жатканда суроо берип, аны бөлбөш керектигин билишет.
- Окутуу процессинде балдардан аларга ыр жактыбы, анда эмне жөнүндө сөз болуп жатат деп бат-бат сурап турушат.
- Эң башкысы алар музыканы **аң сезимдүү түрдө түшүнгөнүндө**.

***Алар аң-сезимдүү түрдө түшүнүүсү үчүн эмне кылуу керек?***

Музыкалык иллюстрациялар менен кыска дем берүүчү сөздүк мүнөздөмөлөр, балдарга музыка жөнүндө элементардык маалымат берет, аны угууга мажбурлайт. Балдардын музыкага кызыгуусун төмөндөтпөш үчүн, музыкалык жетекчи чыгарманы көп жолу ар бир сабак үчүн жаңы тапшырмаларды, жаңы методикалык ыкмаларды тандап, кайталап туруусу керек.

Угуу сезимдерин жана кабыл алууларды ийгиликтүү өнүктүрүүгө **музыкалык-дидактикалык оюндар жардам берет**. Алардын ар биринде бала угууну, айырмалоону, көркөм каражаттарды салыштырууну: бийиктигин, тембрин, динамикасын, улам татаалдашкан ритмин үйрөнөт. *Мисалы,* Е. Тиличееванын «Кана, эмесе, тапкыла» оюнунда балдар канаттуулардын, жаныбарлардын үндөрүн туурашат жана ырдап муундарды айтышат, «га-га-га» же «ме-ме-ме» кичинекей өрдөктөргө, улактарга ылайык бийигирээк туурашса, чоң өрдөк, эчкини акырынырак туурашат. Үндүн тембрин айырмалай алышат («Үнүнөн тааны»), айтылуунун күчү («Акырын-катуу бубен бейге»), ритм («Музыкалык балкалар»). Бул оюндарды балдар кийин өз алдынча, өздөрүнүн демилгеси менен пайдаланышат.

Беш жашында балдар ырдын ар түрдүү маанайын эмоционалдуу жана кабатыр болуп кабыл алышат. Мектепке чейинки балдар тиешелүү бир музыкалык даярдыкка ээ болушат. Аларда бир канча ырдоо көндүмдөрү калыптанат, үнү бекемделет, дем алуусу уюшулган болот, кээ бир тыбыштарды, сөздөрдү айтуу так боло баштайт. Бул ырдоо билгичтиктеринин көлөмүн кеңейтүүгө шарт түзөт. Эң алгач балдарды табигый жана кыйналбай ырдоого үйрөтүү керек. Музыкалык жетекчи

ушул көндүмдөрдүн үстүнөн дайыма иш алып барып, жеңил, күч келтирилбеген ырды көрсөтүп берүүсү керек. Бир эле учурда туура, өз убагында алынган дем алуу көндүмү музыкалык фразаны акырына чейин ырдоо билгичтиги өнүгөт. Туура айтууга да чоң көңүл бурулат, ырдын мазмуну түшүндүрүлөт, түшүнүксүз сөздөрдүн мааниси түшүндүрүлөт, адабий тексттин көркөмдүүлүгү баса белгиленет. Аны менен бирге сабактарда артикуляция иштелип чыгат, балдарды ырдап жатканда ооздорун активдүү ачууга үйрөтүшөт. Жамаат менен ырдаганда бир убакта баштап, бир убакта аяктоо көндүмдөрүн өнүктүрүүгө чоң көңүл бурулат. Бул курактагы балдарда ырдап жаткандардан оозуп кетүү же артта калуу тенденциясы дагы деле сакталып калган болот. Музыкалык жетекчи ырдагы жалпы темпти сактоону үйрөтөт, өзүңдүн педагогуңдун вокалдык интонациясына кулак сал, жыйынтыгында ар бирине жалпы хордо ырдоого жардам берет. Ырды үйрөтүүдө балдар үндү бийиктиги, кеңири аралыкта жайгашканы (октава, секста) боюнча ажырата алууга жетишип калгандыктан, алардын сенсордук жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө системалуу иш алып баруу керек.

### *Балдардын ырдоо көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө методдор жана ыкмалар*

Туура (таза) интонациянын жана тыбыштарды түзүүнүн үстүнөн иштөөдө педагог дайыма балдарды көнүктүрөт, 2–3 бала туура эмес ырдаса да, жамааттык ырдоонун сапатын төмөндөтүп коюшу мүмкүн. Ырды жаттай баштаганда, аны фортепианонун коштоосунда аткаруу, андан кийин анысы жок аткаруу талапка туура келет. Бул курактагы балдар улуулардын аткаруусун укканда жакшы ырдашат жана тагыраак айтканда туура инновациялай алышат.

Эгерде балдарга кандайдыр бир мелодикалык оборотту аткаруу кыйынчылык туудурса, анда максаттуу көнүгүш керек.

Эгерде балдар тапшырманы аткара алышпаса, анда алар менен жекече же сабактан кийин машыгуу керек. Практикада балдардын анча чоң эмес тобунун аткаруусундагы ырларды аткаруу ыкмасы кеңири колдонулат, ар бир солист кезеги менен өзүнүн музыкалык фразасын аткарат.

Кезектешип ырдоо балдардын угуп көңүл буруусун активдештирет. Мындай кылса да болот: балдардын баары кайырмасын, а солист ырдын өзүн ырдаса да болот. ***Бул ыкманын кандай пайдалуу жагы бар?*** Балдар бири-бирин угуп, аткаруунун сапатын баалашат, кемчилдиктерин белгилешет. Ошону менен бирге музыкалык угум активдешет.

Созулган ырдын көндүмдөрүн өздөштүрүүдө музыкалык жетекчи өзү туура аткарып көрсөтүүгө жана образдуу салыштырууларды пайдаланууга жетишет: «Созуп ырдайбыз, обонду жиптей кылып созобуз». Бул көндүмдү өнүктүрүү ошондой эле обонду сөзү жок, муундап, үндүүлөр менен аяктаган ыкмада **(ля-ля-ля)** жардам берет. Ар бир чыгарма өзүнүн өзгөчөлүгү менен айырмаланаарын, музыкалык жетекчиден педагогикалык ыкмаларды издөөнү талап кылаарын эстен чыгарбаш керек. Ырдоодо үндү өнүктүрүү үчүн анча чоң эмес ырларды 2–3 тыбыштан турган бардык мүмкүнчүлүктөгү ыңгайлуу муун айкалыштарын аткарууда **(ду-ду-ду, да-да-да, ля-ля-ля, ку-ку, ау-ау)** тыбыштардын катарынын ар түрдүү баскычында, балдардын жекече мүмкүнчүлүгүн эске алып, ырдоо диапазонун бара-бара кеңейтүү керек. Мындай көнүгүүлөр ар бир сабакта максатка ылайыктуу. Айрыкча, бала кичинекей ырларды бирөөнүн коштоосусуз ырдаганда пайдалуу. Анын үстүнө бала ырдын сапатын угуп жатып, көзөмөлдөйт. Үндөрдү бийиктиги боюнча айырмалоону талап кылган образдуу тапшырмаларды берсе болот. Мисалы, Е. Тиличееванын «Чоң жана кичине чымчык» деген ырында **«эне-чымчыктын»** үнүн (биринчи октавага чейин) **«бала чымчыктын»** үнүнөн айырмалоо (экинчи октавага чейин). Бул бара-бара үндүн

бийиктигин түшүнүүгө жакындатат. Ырга үйрөтүү процессинде айрым бир чыгармачыл көрүнүштөрдүн негиздерин өнүктүрүүгө болот. Музыкалык жетекчи:«Куурчакка ыр ойлонуп таап, бешик (бий) ырын ырдап бер», – деп колуна оюнчукту кармап айтат. Бала татаал эмес обондорду импровизациялайт.

Ырды жаттатуу сабакты окутуунун ырааттуулугун талап кылат: чыгармага алдын ала музыкалык анализ берүү, педагогикалык ыкмаларды тактоо. М. Красевдин «Барабанщик» деген ырын жаттоодо тапшырмалардын ырааттуулугун көзөмөлдөйбүз. Бул көркөм мүнөздөгү интонациялык жүрүштөгү көңүлдүү марштык ырлар. Биринчи сабакта ыр фортепианонун коштоосунда аткарылат, кайырманын ритми бир эле мезгилде «барабанды» элестетет (Тра-та-та, тра-та-та, мага таякча бергиле). Экинчи сабакта музыкалык жетекчи жалгыз ырдайт, жеңилирээк кайырмасын балдар ырдашат. Үчүнчү сабакта балдар татаал обондуу бурулушар кезиккен жерлерди, жалгыз ырдоого көнүшөт. Музыкалык жетекчи интонацияны кайра ордуна келтирүүдө балдарды кезектештирип сурап, көнүктүрөт: «Барабан кайда илинип турат?». Балдар: «Дубалдагы терезеде» деп ырдашат.

Төртүнчү этабында жакшы аткарган балдар жалгыз ырдап, калгандары кайырмасын ырдашат. Кийинки сабактарда балдар ырды коштоосусуз ырдашат, анын алдында марш тебишет, өздөрүн барабан кылып ойношот.

Жылдын аягында беш жашында балдар жасай алышат:

- ➔ табигый үн менен күч келтирбей, созуп ырдай алышат;
- ➔ кыска музыкалык фразалардын ортосунда кыска дем ала алат;
- ➔ сөздөрдү түшүнүктүү айтат, ырды бирге баштап, бирге бүтүшөт;
- ➔ анча татаал эмес обондорду туура бере алат;
- ➔ биринчи октаванын ре-си чегинде ырдай алат;
- ➔ башкалардын үнүн угуп, үндү бийиктиги боюнча айырмалай алышат;
- ➔ инструменттин коштоосу менен жана ансыз ырдай алуу.

### *Музыкалык-ритмикалык кыймылдарды өздөштүрүү үчүн багытталган методикалык ыкмалар*

**Музыкалык-ритмикалык кыймылдар** – мектепке чейинкилер үчүн алардын демилгесин жана өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө түрткү берүүчү жагымдуу ишмердик: алар өзүнчө оюндун персонаждарын «чагылдырышат», бийлешет, кыймылдардын ырааттуулугун эстеп калышат.

**Көркөм кыймылдар** балдардын курчап тургандар боюнча түшүнүктөрүн тереңдетет, көп кызыктуу окуялар жөнүндө айтып беришет, музыкага сүйүүнү жана кызыгууну тарбиялоо менен кубанышат.

Музыкалык-ритмикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү музыкалык оюндар, хороводдор, бийлер, көнүгүүлөр менен таанышууда жана үйрөнүүдө болуп өтөт. Музыка менен ойноодо, балдар сюжеттүү жана сюжеттүү эмес музыкалык оюндарды жатташат. Сюжеттик эмес оюндарда негизги орунду мелдештер, кармап көрүүлөр ээлейт. Сюжеттик оюндар ачык музыкалык-оюндук образга ээ. Мында ар түрдүү каармандар катышат, кызыктуу окуялар болуп өтөт, достук мамилелер, келишпестиктер пайда болот. Балдар музыканы угуп, образдарды көркөмдөп бере алышат: шашып бараткан тоокту, кербезденген корозду, жароокер мышыкты, тентек мышыктын балдарын ж. б.

Бир рече бала кол кармашып ойногон оюндарда (өзгөчө элдик) балдар музыканын мүнөзүнө жана поэтикалык тексттерге жараша кыймылдарды аткарышат.

Оюн мүнөзүндө башкы образ болгон бийлер жана көнүгүүлөр түзүлүшү боюнча татаал эмес, балдардын кыймылдаткыч билгичтиктерин өнүктүрөт: «султанчиктерди» колуна кармап чуркоо жана айлануу, жуп болуп чуркап жер тепкилөө, кол чабуу, айлануу ж.б.

Балдарга кубаныч тартуулоо менен бирге, бул бийлер музыканын жеңил кыймылдуу мүнөзүн берүүгө, эки бөлүмдүү формага ылайык кыймылдарды өзөртүүгө, кол чабууда, жер тепкилөөдө метрдик кагылышты берүү көндүмдөрүн талап кылат. Методикалык ыкмалар тапшырманын татаалдыгынан көз каранды болуп, түрү өзгөрөт, көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн баскычтары, материалды үйрөнүүнүн мезгили.

- Башкысы – милдеттүү түрдө педагог тарабынан музыканы көркөм аткаруучу болуп калышы. Бул балдарды кубандырат, өз алдынча активдүү кыймылдоого каалоону пайда кылат.

Бул куракта балдар дагы деле ачык кыска түшүндүрүүлөргө, туура көрсөтүүлөргө муктаж. Музыкалык жетекчи кайсы учурда өз алдынча кыймылдарды издөө тапшырмасы жеткиликтүү болорун, кайсы учурда улуулардын көрсөтмө куралы керек болорун ойлонуусу зарыл. Мындай тапшырмалар сюжеттүү оюндарды үйрөнүү учурунда аткарылат, демейде программа музыка менен коштолот. Пьесанын аталышы, жалпы маанай тигил же бул ойноп жаткан каармандын жалпы мүнөзүн айтып берет. Мисалы, В. Ребиковдун «Аюу» деген пьесасы балдарга чоң жаныбардын олдоксон адаттарын ар кандай тууроого чакырат. Бул ыкмалар өзгөчө оюн-инсценировкаларда пайдалуу.

**Сабактарда оюн кырдаалын түзүү маанилүү.** Г. Фриддин иштеп чыгуусунда орус элдик музыкасынын алдында «Тооктор жана короз» оюнун ойношот, камкор короз жай басып жүрөт, ал тоокторго жем издейт жана балдарга ыр окуйт:

**Кукареку короз,**
**Таажың кооз.**
**Алмадай жүзүң**
**Мончоктой көзүң.**

*Р. Рыскулов*

***«Мына короз келе жатат»***, – деп педагог айтып, дароо эле анын «салабаттуу» мүнөзүн көрсөтүп, биринчи музыкалык вариацияны аткарат. Короз жаңгак таап алып, тоокторду чакырат.

«Тооктор угушуп, чуркап келишти», – деп педагог жаны тынбаган, чуркаган экинчи вариацияны аткарат. Бул сабакта балдар музыка жана ыр угушту, аларда камкор, бир аз «бааланган» короз жана тынчы жок, чуркаган тоокторун образы калды, балдар бул образдарды өздөрүнүн элестөөлөрүндөгүдөй сунушташат.

Эгерде кыймылдар ыраattуу жазып белгиленип туруп, бий, көнүгүүлөр үйрөнүлсө, анда мындай методика сунушталат: алгач музыка ойнолот, анын мүнөзү белгиленет, андан кийин кыймыл көрсөтүлөт, анын түзүлүшү түшүндүрүлөт. Кээ бир оюндар, бийлер, көнүгүүлөр балдар тарабынан бат өздөштүрүлөт (алар ойноп, бийлеп жатып, алар музыканын үнүнө кубанышат, ага берилишет, кыймылдары так (эркин) боло баштайт; башкалары узагыраак үйрөнүүнү талап кылат. Кээде балдарды мейкиндикке ориентр алуу, өзгөрүүлөр кыйнайт же аларга тигил же бул кыймылдын элементтери жетишпейт. Мындай учурда кошумча алдын ала көнүгүүлөр керек.

***Балдардын музыкалык аспаптарда ойноосу.*** Бала ойногон биринчи оркестр – **урма**. Анда оркестрдин жана ансамблдин башка түрлөрүндөй эле, музыкалык жөндөмдүүлүктүн бардык системасы өнүгөт, бирок башкы орунда – тембрлик угуу жана ритмди сезүү турат. Урма оркестрде ойнолуу үчүн сунушталган жуптуу инструменттерди тандоо мүмкүнчүлүгүн эске алып, пьесанын жаңырышына тембрдин туура келүүсүнө карап,

музыкалык репертуар түзүлүшү керек. Бирдей метрикалык пульсту калыбына келтирүү милдети бирдей чечилет. Эгер балдар тембр боюнча тапшырманы эрте башташса, метрикалык пульска ээ болуу бир канча убакытты талап кылат. Бардык топтор 5 жашында аны катасы жок калыбына келтиришет жана метрикалык пульс ритмикалык сүрөттүн негизин камтууга жетишиш керек.

Балдардын оркестри менен ийгиликтүү иштөөнүн маанилүү шарттары – ар түрдүү тембрдеги жана таза күүлөнгөн үнү бийик инструменттердин болушу.

Бирден бир педагогикалык ыкмалар – улуулар менен балдардын фортепиано же башка бир клавишалуу инструментте биргелешип музыка ойноону үйрөнүүсү. Бала бул шарттарда метрикалык пульсту бир клавишага төмөн же бийик регистрде калыбына келтире алса, анда аны бат өздөштүрөт. Угуусу боюнча тандоо импровизацияны тандоого түрткү болот, эгерде балага чыгармачыл тапшырманы сунуштаса, анда метрикалык пульска ээ болуу, аны уюштуруунун башталышы болот.

## Жогорку топ (алты жаштагылар)

5–6 жаштагы балдар жалпы өнүгүүнүн фонунда сапаты боюнча жаңы натыйжаларга жетишишет. Алар өзүнчө көрүнүштөрдүн белгилерин салыштырууга жана бөлүүгө, алардын ортосунда байланыштарды, анын ичинде музыкалык да байланыштарды орнотууга жөндөмдүү болушат. Кабыл алуу максаттуу мүнөздү алып жүрөт, кызыкчылыктары, жөндөмдүүлүктөрү ачык-айкын болуп, өзүнүн музыкалык каалоосун мотивдештирүү, өзүнүн чыгармаларга баасын берүү жүрөт. **Бул куракта балдар бул же тигил музыкалык ишмердикти гана каалабастан, анын ар түрдүү жактарына тандап мамиле кылышат.** Мисалы, алар кол кармашып айлангандан көрө, бийлегенди жакшы көрүшөт, алардын жакшы көргөн ырлары, кол кармашкан ырлары, бийлери пайда болот. Ыр кантип аткарыларын түшүндүрүп бере алышат (мисалы, лирикалык): «Кооз, созуп, жагымдуу, назик ырдаш керек». Балдар, музыканы угуу тажрыйбасынын негизинде, анча татаал эмес музыкалык көрүнүштөрдү жалпылоого жөндөмдүү болушат. Ошентип, музыка жөнүндө бала: «Бул башында биз ырдай электе ойнолот» деп айтат.

Баланын үн байланыштары байкаларлык бекемделет, вокалдык угуу координациясы жолго салынат, угуу сезими дифференцияланат. Балдардын көпчүлүгү аралыктан квинтанын, квартанын, терциянын үнүнүн бийик жана төмөн экенин ажырата алышат. Кээ бир балдардын беш жашында үнү коңур, бийик болуп, атайын бир тембр пайда болот. Үндөрдүн диапазону **биринчи октаванын ре–си** чегинде жаңырат, кээ бир балдардын үнү бийик **экинчи октаванын – до, ре** үнүндө жаңырат.

5–6 жаштагы балдар кыймылында шамдагай, тез, мейкиндикте кыймылдай алып, жамаатка ориентр ала алат. Балдар музыканын жаңырышына көп көңүл бурушат, кыймылдарын анын мүнөзүнө, формасына, динамикасына ылайыкташтырышат. Улам жогорулаган мүмкүнчүлүктөрүнө жараша балдар музыкалык ишмердиктин бардык түрүн өздөштүрүшөт: музыканы угуу, ырдоо, ритмикалык кыймылдар. Алар бара-бара инструменттерде ойноо көндүмдөрүнө ээ болушат. Музыкалык сабаттуулук боюнча жөнөкөй маалыматтарды өздөштүрүшөт. Бул балдардын музыкалык ар тараптуу өнүгүшү үчүн база болот.

Балдардын музыкалык өнүгүүсү билим берүү ишмердигинде, күнүмдүк жашоодо түздөн-түз ишке ашат. Сабак окутуунун негизги формасы болуп эсептелинет.

**Сабак жумасына эки жолу 25 минутадан төмөнкү түзүлүштө жүрөт:**

**1. Киришүү бөлүмү. Музыкалык-ритмикалык көнүгүүлөр.**

Максаты – баланы сабакка даярдоо жана бийде, хороводдордо пайдалануу үчүн негизги жана бий кыймылдарынын көндүмдөрүн өнүктүрүү.

## 2. Негизги бөлүк

### Музыка угуу

Максаты – музыканы жана көркөм-музыкалык образды түзүүчү аккомпанементти угууга жана аларга эмоционалдуу реакция кылууга үйрөтүү.

### Кошулуп ырдоо жана ырдоо

**Максаты** – баланын вокалдык шыгын өнүктүрүү, обонду таза интонация менен айтууну, тамагына күч келтирбей ырдоого, ошондой эле ырды тарбиячы менен чогуу баштап, чогуу аяктоого үйрөтүү.

Негизги бөлүмгө балдардын музыкалык инструменттери менен таанышууга багытталган, музыкалык-сенсордук жөндөмдүүлүктөрүн эске тутуусун жана элестөөсүн өнүктүрүү үчүн музыкалык-дидактикалык оюндар киргизилет.

## 3. Корутунду бөлүм

### Оюн же бий

Максаты – балага эмоционалдык ырахат тартуулоо, жасаган иштерине кубануу сезимдерин чакыруу, музыка сабагына кызыгуу жана аларга катышууга каалоону пайда кылуу.

Жумасына эки жолу 25 минутадан өтүүчү сабактарда, окутуунун жамааттык жана жекече методдору пайдаланылат, ар бир баланын өзгөчөлүгүн жана мүмкүнчүлүгүн эске алып, жекече-дифференцияланган мамиле ишке ашат. Алар чыгарманын көркөм аткарылышын, түшүндүрүү, практикалык иштер, көрсөтмө каражаттарды камтышат.

Музыкалык жетекчи ырды же пьесаны ойлоп табат, керектүү ыкмаларды издейт, балага музыканы түшүнүүгө жардам берет, эмне үчүн бир чыгарма көңүлдүү, тамашалуу, а экинчиси – тынч, жайдары экенин кыскача түшүндүрмөдө белгилейт. Жанрлар жөнүндө балдарга түшүнүк берилбейт, бирок алар алардын дайындалышын сезишет. **«Бул музыка тынч, апасы баласын уктатып жатат»**, – деп айтышат балдар бешик ыры жөнүндө; **«Бул музыкада басканга ыңгайлуу»; «Музыка көңүлдүү, жакында майрам, баары кубанычтуу»**. Мындай айтуулар балдардын кайгыруусун, кубануусун бекемдейт. Балдардын өнүгүүсүнүн жеткиликтүү деңгээли музыкалык жетекчиге алардын көңүлүн бардык чыгарманын мүнөзүнө гана бурбастан, анын бөлүктөрүнө да көңүл буруш керек. Бөлүмдөр дагы чыгарманын жалпы мүнөзүн бере алат.

Эгерде пьесаны угуу кыймылдар менен коштолсо, музыканы кабыл алуу көндүмдөрү бышыкталат. Мисалы, балдар аларга тааныш Д. Кабалевскийдин «Маршы» менен марш тебишет же бий музыкасынын ритми менен кол чабышат. Музыкалык жанр жөнүндө көрсөтмө-көрүүчүлүк түшүнүк ала турган ыкманы киргизсе болот. Ар бир балага марш тээп жаткан, бийлеп жаткан балдардын, куурчагын уктатып жаткан кыздардын сүрөттөрү чагылдырылган үчтөн карточка берилет. Сүрөттөргө үч аткарылган пьеса туура келет: марш, бий, бешик ыры. Аларды таанып, балдар, тиешелүү карточкаларды көтөрүшөт.

Кабыл алуу көндүмдөрүн бышыктоодо, ошондой эле тапшырмасы музыкалык көркөм каражаттарды: тыбыштардын бийиктиги, ритм, тембр, динамиканы калыбына келтирүүдө жана айырмалоодо *дидактикалык оюндар* жардам берет. Окутуу кызыктыруучу кырдаалда өтөт. Мисалы, «Тапчы, ким ырдады?» балдар үнүнүн тембринен ким ырдаганын аныкташат:

**Карачы бул үйдү укмуштуу!**
**Бул үйдө ким жашайт тук-тук-тук.**
*Г. Эсенгулова*

Угуу маданиятынын көндүмдөрүнүн үстүнөн иштөөдө музыкалык жетекчи бир эле мезгилде баланын угуу байкагычтыгын өнүктүрөт, музыка жөнүндө элементардык маалыматтарды билдирет, өз оюн айтуу сунушталат.

Бул куракта балдар пьеса канча бөлүктөн турарын, так билишет. «Бөлүк» деген түшүнүк (контрасттык музыкалык эпизоддорго салыштырып караганда), «киришүү» дээрлик катасыз аныкталат.

Музыка жөнүндө маалыматтарды музыкалык иллюстрациялар менен бекемдеш керек. Балдардын көңүлүн музыканын бийик же төмөн жаңырганына коюп, педагог мүнөзү боюнча контрасттуу болгон алгач биринчи, андан кийин экинчи пьесаны ойнойт. Балдардын айтып бергендерин музыкалык жетекчи, алардын толгонууларын талдап, кыймылдуу мимикалар, топтолгон көңүлдөр менен коштошот. Ар бир чыгарманы өздөштүрүү жана эстеп калуу көптөгөн сабактарда кайталоону талап кылат.

### *Балдар тарабынан ыр көндүмдөрүн өздөштүрүүгө багытталган методдор жана ыкмалар*

Жогорку топто ырга окутуунун мазмуну алдыдагы группадагы принциптердей эле курулат. Балдардын өнүккөн мүмкүнчүлүктөрү аларды ырдын каражаттары менен турмуштук көрүнүштөр жөнүндө кеңири тааныштырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Муну менен ырдын таанып-билүүчүлүк ролу жогорулайт.

Алты жаштагы баланын жалпы өнүгүүсү, анын физикалык күчүнүн бекемделиши үнүнүн аппаратын өнүктүрүүгө таасири тиет. Бала бакчанын мурдагы группаларында жүргүзгөн иштердин көндүмдөрү такталат жана бекемделет.

Үндү жасоонун үстүндө иштеп жатып, музыкалык жетекчи ырдын күч келтирилбей ырдалышына байкоо жүргүзүшү керек. Бирок ырдын мүнөзү маанилүү айырмачылыкты пайда кылат, балдар табигый, салмактуу, обондуу, кыймылдуу, жеңил, шыңгыратып ырдай алышат.

Ырдоодо дем алууну өнүктүрүү менен балдар өздөрүн көзөмөлдөөгө, кемчилдигин оңдоого, үнүнүн күчүн жөнгө салууга, бардык тыбыштарды, сөздөрдү туура, так айтууга үйрөнүшөт. Дайыма көңүл буруу таза ырдоону иштеп чыгууга алып келет.

Практика көрсөткөндөй, группада 5–6 бала начар жана так эмес ырдашат. Алар менен жекече сабактарды алып баруу керек. Жаңыруунун сапаты ырдоонун орнотулушунан көз каранды. Ырдын көркөмдүгү музыкалык кошумча сапаттарды, нюанстарды аткарууга, ошондой эле ансаблдин сезими б. а. ырчылык билгичтикти макулдашып пайдаланууга түрткү берет.

Бул куракта баланын үнү бекемделет, ырдоонун диапазону биринчи октава – ре-си жана экинчиге чейин аныкталат (бул үн ырдоо репертуарында сейрек учурайт). Көңүл дайыма угууну өнүктүрүүгө, уга билүүгө, туура жана туура эмес айтылууларды айырмалоого бурулат.

Методикалык ыкмалар ырдоодо үндү өнүктүрүүгө, мелодиялык угууларды, көндүмдөргө окутууга багытталат. Ырдоонун алдында балдарга өзүнчө тыбыштардан куралган ырдоо үчүн көнүгүүлөр сунушталат: «ку-ку» *(кичинекей терция),* «ле-ле» *(прима)*. Аларды системалуу кайталоо таза интонация жасоо көндүмүн пайда кылат. Ошондой эле угууну өнүктүрүүчү көнүгүүлөр пайдаланылат: «музыкалык жаңырык» (бала берилген үндү кайталайт).

Бийиктик жана ритмикалык дал келүүлөр жөнүндө биринчи музыкалык-угуучулук түшүнүктөрдү өнүктүрүү үчүн салыштыруу методу пайдаланылат: ар түрдүү бүткөн бирдей музыкалык фразалар аткарылат жана балдарга жогорку жана төмөнкү үндөрдү аныктоо сунушталат. Башка учурда эки үн салыштырылат (ырдагы аралыктар). Бул тапшырмалар балдарды кызыктырып жана образдуу же оюн формасында болуусу керек.

Балдар музыка жөнүндө алгачкы маалыматты ырды жаттоо мезгилинде алышат: ырдоонун мүнөзү жөнүндө билишет (обондуу, үзүп-үзүп), аткаруу темпи (жай, кыймылдуу),

динамикасы (катуу, акырын). Бул маалыматтарды балдар ырдын мазмуну жөнүндө, ырдоонун мүнөзү жөнүндө жоопторунда пайдаланышат.

Бала бакчадагы жогорку топтун ырларын жаттоо боюнча иштердин ырааттуулугу, ортоңку топтогу балдардай эле жүргүзүлөт. Педагог ырга анализ жасап, ар бир сабакта өзүнүн алдына милдет коет, мисалы, балдарды татаал ырларды обондуу аткарууга, кошумча динамикалык жана темптик обондорду аткарууга, обондуу жана кыймылдуу ырларга машыктырышат. Ар бир сабакта 2–3 ыр аткарылат. Башында угууну өнүктүрүүчү вокалдык ырлар жана көнүгүүлөр берилет. Андан кийин ойдун баарын бир жерге чогултууну талап кылган жаңы ыр жатталат. Кийинки ырды балдарга тааныштыруу менен анын көркөмдүүлүгүнүн үстүнөн иштөө талап кылынат. Жыйынтыгында балдар аларга жаккан жана жакшы тааныш болгон ырларды аткарышат.

Жогорку топтордо мектепке даярдоо боюнча алдын ала иштер башталат. Бул – угуп, өзүн көзөмөлдөөнү, сенсордук жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө балдарга ар түрдүү бийиктиктеги (квинтанын, квартанын, терциянын чегинде), жана узактыктагы (анча катуу эмес кол чабуулар менен белгилеп) үндөрдү жаратууга жана аныктоого шарт түзөт. Мындан сырткары, балдарда анча татаал эмес ырларды коштоосу жок ырдоо калыптана баштайт, татаалыраактарын бир аз бөлүгүндө педагогдун жардамы менен – улуулардын жардамысыз фортепианонун коштоосунда жамааттык ырдоо көндүмү калыптана баштайт. Балдар ырды жөн гана жаттабастан, мурда жаттагандарды жакшы билип жана аткара билиш керек.

### *Балдардын музыкалык-ритмикалык кыймылдарды өздөштүрүүсүнө багытталган методдор жана ыкмалар*

Мектепке чейинки жогорку топтогу балдар менен музыкалык кыймылдарды машыгууда маанайы боюнча ар түрдүү, ачык образдарды камтыган жогорку көркөмдүктөгү музыканы пайдалануу зарыл. Негизги кыймылдын үстүнөн иштөөнү улантып жатып, балдарга аткарылышы мүмкүн болгон музыканы: көңүлдүү, тынч, салтанаттуу, жумшак, чоюлчаак, абайлаган секириктер, спорттук жана бий кадамы, акырын, умтулган, жумшак, жеңил, күчтүү, бир буттап, эки буттап, буттарын алмаштырып, колдордун жумшак жана катуу, эркин жана күчкө салынган, кенен жана майда кыймылдары ж. б. сунушталат.

Музыкалык жетекчи негизги жана бий кыймылдарын аткаруу техникасынын үстүнөн татаал кыймылдарды кайра иштөө компонентин эске алып, көбүрөөк иштөөсү керек. Сабактарда булчуң сезүүлөрүн машыктыруу, жесттердин гимнастикасын, бий гимнастикасын жүргүзүү пайдалуу, элестетүүчү предметтерди жана кырдаалдарды пайдаланып, этюддарды жана оюн көнүгүүлөрүн киргизүү керек.

Музыкалык-кыймылдаткыч этюддар менен иштөөдө балдардын жекече чыгармачылыгын пайда кылуу башкы нерсе болуп эсептелет. Улуулар алар менен этюддун берейин деген оюн жана маанайын талкуулай алышат, андан кийин анын жекече музыкалык-кыймылдаткыч интерпретациясына тапшырма сунуштайт. Балдар тарабынан тандалган эң жакшы варианттар группалык композициянын негизи болуп калат. Сюжеттик этюддардагы музыкалык-кыймылдаткыч импровизация – балдарга музыкалык чыгармачылыктын түрүндөгү бирден бир жеткиликтүүсү жана кызыктуусу болуп эсептелет. Бий кыймылдарынын тактыгы, ритмдүүлүгү жуп болуп бийлөөдө текшерилет, ар бир жуп балдар өзүнчө кыймылдашат, педагог жана калган катышуучулар байкап турушат, аткаруусун баалашат.

***Музыкалык-дидактикалык оюндар.*** Оюндарды, бийлерди, көнүгүүлөрдү үйрөнүү методикасы жетекчи тарабынан музыканы аткаруу дайыма таасирдүү жана так болуусун мүнөздөйт. Ритмика – музыкалык тарбиянын каражаты экенин унутпоо керек. Жалпы талап кылуу болуп, кыймылдарды так, таасирдүү көрсөтүү жана кыска, образдуу

көрсөтүү болуп эсептелинет. Негизги көңүл балдардын өз алдынчалуулугун өстүрүүгө, алардын чыгармачылыгын пайда кылууга бурулат. Мындан тышкары дагы окутуу процессинде ритмикалык ишмердиктин өзүнчөлүүлүгүн аныктоочу эң ар түрдүү методикалык ыкмалар пайдаланылат.

Сюжетти өнүктүрүү оюндарына кыймылдын мүнөзүн жана өзгөрүүсүн аныктоо үчүн музыка коштолот. Сюжеттик оюндардын мазмуну программалык музыкада, адабий тексттик аталышта жаздырылат. Мисалы, «Карга» музыкалык оюну ушундай эле аталыштагы орус элдик ырын коштоп ырдоолор менен коштолот. Е. Тиличееванын фортепианолук кайрадан иштеп чыгуусу вариациялык формага ээ. Ар бир вариация өзүнүн үн чыгаруусунда жомоктогу бой көтөргөн «кызыл өтүкчөн, алтындын буусуна кармалган сөйкөчөн карганын» иш-аракеттерин, анын бара-бара ылдамдаган бийлерин образдуу берет. Ырларды жаттоо музыкалык-поэтикалык образды ачуу менен, анын аракеттерин айтууга байланышкан. Педагог алгач балдарга тегеренип кантип кол кармашып кыймылдоону түшүндүрөт, андан кийин аларга музыканы, ырдын сөздөрүн угуп, өз алдынча «карганы» сүрөттөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Оюн бүткөндө түшүнүк берүү зарыл («карга» балдардан «жашыруун түрдө тандалат»). Эгерде балдар жетекчинин ролун начар аткарса, анда педагог кийинки сабактарда бардык балдарга образын мүнөздөп берип, карга болууну сунуштайт. Бул ролду кызыктуу аткарган бала жамааттын алдына чыгып, белектер менен сыйланат.

Сюжеттик эмес музыкалык оюндар көбүнчө тиешелүү бир кыймылдарга ээ болушат. Мындай үйрөнүлгөн оюндар көрсөтүүнү, түшүндүрүүнү камтыйт. Башка ыкмаларды да пайдаланса болот. Балдар эң биринчи анын маанайын, мүнөзүн сезүү үчүн музыканы угушат. Андан ары аларга чыгарманын формасы, түзүлүшү түшүндүрүлөт (кыймылдар бөлүктөр, музыкалык сунуштар, фразаларга ылайык өзгөрүп турат).

**Оюн формасында ар түрдүү кол чабуулар, жер тепкилөөлөр, колду шилтөө, манжаларын айлантуу ж.б. үйрөнүлөт.** Андан кийин балдарга бул музыканын алдында кантип кыймылдаса болорун, варианттарды кантип талкуулоону (балдардын көрсөткөндөрүн пайдаланып) ойлонуу сунушталат жана жыйынтыгында балдар жаттай турган түзүлүштү көрсөтүү керек. Мындай методика музыканы активдүү кабыл алууда көндүмдөрдү өздөштүрүүдө, өз алдынча аракеттерди, чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүдө жардам берет. Репертуар аны жайылтуунун каражаты.

Бий дагы ырдай эле жатталат, бирок балдарга тааныш эмес бийдин элементтерин жана түзүлүштөрүн өздөштүрүүдө көбүрөөк кошумча көнүгүүлөр талап кылынат. Мисалы, балдар «майда» кадамды же тегеректе турууну (аны көбөйтүү же азаю) жасай алышпайт. Педагог башка музыкага туура келүүчү кыймылды пайдаланып, балдарды ушул көндүмдөргө машыктырат.

Музыкалык-оюндук образдардын таасирдүүлүгү чыгармачыл тапшырмага – балдар өздөрү тигил же бул каарманды мүнөздөгөн кыймылдарды издешет. Кээ бир көнүгүүлөр жардамчы мүнөздү алып жүрүшөт, алар бийде, кол кармашып айланууда, оюнда балдар кыйналган кыймылдын элементтерин өздөштүрүүгө багытталат. Бий кыймылдарынын тактыгы, ритмдүүлүгү жуп болуп, бийди аткарууда текшерилет, балдардын ар бир жубу өз алдынча бийлешет, музкалык жетекчилер жана калган катышуучулар аткарууну баалашат.

### *Балдардын музыкалык инструменттеринде ойноо*

Айрыкча түшүндүрүүчү-иллюстративдик методдор алдыдагы группаларда иштөө үчүн мүнөздүү болгон окутуунун продуктивдүү методдоруна (мисалы, балдар ошол эле жерден аткарыла турган тигил же бул чыгарманын оркестринин варианттарын өз алдынча

сунуштай алышат жана эң жакшы варианты тандалат) акырындык менен өтүү каралат. Педагог угуусу боюнча обондорду тандоодо жана импровизациялоодо чыгармачыл жана демилге көтөргөндөрдү сыйлайт. Балдарды чыгарманын ар түрдүү жанры жана мүнөзү боюнча тааныштыруу зарыл, эталондуу обондуу түзүлүштөгү, анча чоң эмес, бирок таасирдүү, ачык обондуу, музыкалык материалды кылдат кароо зарыл.

## *Балдардын чыгармачылыгы*

5–6 жаштагы балдар бир нерсе ойлоп тапканды, курапштырганды, түзгөндү аябай жакшы көрүшөт. Көптөгөн музыкалык чыгармалар өзүн чыгармачыл кыймылдарда, ырлардын инценировкасында көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кээ бир чыгармалар композиторлор тарабынан атайын мектепке чейинки балдардын музыкалык-оюндук чыгармачылыгын стимулдаштыруу үчүн түзүлөт. Педагог тиешелүү тапшырманы табат, мисалы, «Бар жогу саксайган, төрт буту бар, өзү мурутчан» жана тиешелүү пьесаны ойнойт. Балдар табышмакты таап, керектүү оюн образын чагылдырышат.

Чыгармаларда каармандын музыкалык мүнөзүн алып жүрүүдө же аракетти мүнөздөөдө балдар музыканы угуп, кыймылдарды импровизациялайт. Көрсөтүү боюнча өз алдынча кыймылдарды айкалыштыруу, билим берүүчү жана чыгармачылык тапшырмаларды аткаруу методиканы ар түрдүү кылат жана балдардын аткаруу ишмердигин активдештирет.

Жуп болуп бийлөөнү аткарууда бий кыймылынын тактыгы, ритмдүүлүгү текшерилет, ар бир жуп өзүнчө кыймылдашат, педагог жана башка катышуучулар байкап турушат жана аткарууга баа беришет.

Бала бийдин элементтерин өзүнчө өздөштүрүүсү (кадам таштап жарым отуруу, жеңил секирип, буттарын алдыга кезектештирип коюу, бир кадам аттоо ж. б.) жекече сабактын жүрүшүндө текшерилет. Балдардын бийлөөдө чыгармачылык жактан өздөрүн көрсөтүүсүндө мындай ыкманы пайдаланса болот, бардык катышуучуларды майда группаларга бөлүп (экиден-үчтөн), элдик бий музыкаларын ойноо жана ар бир группага өзүнүн композициясын кезектешип көрсөтүүнү сунуштоо керек.

Башында чыгармачылыкка даярдоо, кызыктыруучу атмосфера түзүлөт. Педагог бийдин кээ бир элементтерин гана көрсөтөт, а балдар болсо аларды ооштуруп, түрүн өзгөртүшөт. Андан кийин педагогдун ролу кыйыр мүнөздө болуп, а балдар активдүү, өз алдынча аракеттенишет. Балдар башкалардан «сыр болгон» тапшырманы алып, кантип бийлөөнү макулдашат.

**Көнүгүүлөрдүн мазмуну жана түрү билим берүүдөгү тапшырмага жараша болот. Бийдин кээ бир элементтери техникалык аткарууну талап кылат жана балдарды жеңил, кыймылды ээн-эркин кылууга машыктырышат.**

### Майрамдык утренник программа үч бөлүктөн турат

**Биринчи бөлүк,** убактысы анча чоң эмес (5–7 минут), жакшынакай кийинген балдар колдоруна гүл, желекче ж. б. кармашып, салтанаттуу чыгышат, ырларды окушат, бир-эки ыр аткарышат.

**Экинчи бөлүк** – узагыраак. Ал балдардын жекече жана жамааттык аткарууларынан, оюн көрсөтүүлөрдөн турат. Балдар музыка сабагында үйрөнгөн ырларын аткарышат. Бул жерде негизги орунду балдарга тааныш автордуктардай эле элдик ырлар, хороводдор, бийлер ээлейт.

Бардык чыгуулар ишмердиктин бардык түрлөрү кезектешип, концерт түрүндө өтөт же репертуардын бир бөлүгү бир темага биригет. Ырдан кийин балдарга тааныш ар башка элдердин оюндары ойнотулат. Коноктордун ар түрдүү сюрпризлер менен келиши, куурчак театрынын көрсөтүлүшү, балдар группасынын аткаруусунда инсценировканы аткарышы кызыктуу учур болуп эсептелинет.

**Үчүнчү,** аяктоочу бөлүгүндө балдардын көңүлү дагы майрамдын негизги идеясына топтоштурулат. Алып баруучу дагы бир жолу бардык катышуучуларды майрамы менен куттуктайт, балдар Мекенге, майрамга арналган төрт саптан турган ырларды баары чогуу окушу мүмкүн. Балдар шаңдуу марштын алдында кетишет.

***Жаңы жылдык сценарий*** ошондой эле үч бөлүктөн турат, ар бири өзүнчөлүүлүккө ээ.

**Биринчисинде** – балдар кооз жасалгаланган балатыны карап чыгышат, ыр окушат, кол кармашып ырдашат.

**Экинчи,** кульминациялык бөлүгүндө салт боюнча утренникти улантып, көңүлдүү атмосфераны түзүп, алып баруучу Аяз ата менен Аяз кыз пайда болушат. Балдар ырларды, инсценировкаларды, тамашалуу сценкаларды аткарышат. Майрамдын бул бөлүгүндө аттракциондор, тамашалуу оюндар, табышмактар ж. б. жүргүзүлөт.

**Үчүнчү бөлүктө** утренник аяктайт. Аяз ата менен Аяз кыз балдар менен коштошушат. Балатыны айланып балдардын баары бир-эки айланып бийлешип, группаларга таркашат.

***Бала бакча менен коштошуу жана балдарды мектепке узатуу утренниги*** *башкача планда өтөт.* Бул жерде өзгөчө парад болбойт, жөн гана даярдоо группасынын балдарына достук атмосфера түзүлөт. Алар өздөрүнүн сүйүктүү ырларын, бийлерин аткарышат, башка группанын балдарынын аткарууларын угушат, алардын куттуктоолорун, гүлдөрүн, эстелик сувенирлерин кабыл алышат. Утренникти аяктоо мезгилиндеги ырларда балдар бала бакчанын кызматкерлерине ыраазычылык билдиришет, мектепте жакшы окууга убада беришет.

Акыркы жылдарда мектепке чейинки мекемелердин практикасында туулган күндөрдү белгилөө ар бир группада үй-бүлөлүк салт болуп калды. Балага анча чоң эмес импровизацияланган концерт, курбулары тарабынан даярдалган белектер (колго жасалган, сүрөттөр ж. б.) тапшырылат. Мунун баары күндүн экинчи жарымында жүргүзүлөт.

## Майрамдык утренникти даярдоо жана өткөрүү

Утренник бала бакчада жүргүзүлүүчү жалпы тарбиялык иштердин бир бөлүгү болуп эсептелет. Утренникте нравалык, акыл, физикалык жана эстетикалык тарбия ишке ашат. Ошондуктан майрамга даярдык, аны өткөрүүнү жана балдардын алган таасирлерин бышыктоону педагогикалык процесстин бир бүтүн звеносу катары кароо керек.

Утренниктин программасы болжол менен аны өткөрүүгө бир жарым ай калганда түзүлөт. Ага балдарга жакшы тааныш бийлер, музыкалык оюндар, ырлар жана алар майрамга чейин калган сабактардын санында жакшылап жаттай ала тургандар камтылат. Ошондуктан, майрамдык программа үчүн музыкалык материал тандоодо балдардын мүмкүнчүлүгүн эске алуу каралат. «Күзгү бал» деген утренниктин сценарийи эң жөнөкөй материалда түзүлөт: окуу жылы жаңы гана башталып, балдардын таталыраак репертуарларды аткарууга зарыл көндүмдөрү жок болгондуктан оюндар, тамашалар көбүрөөк камтылат. Эгерде майрамдык программага кошумча ырларды, бийлерди киргизүү зарыл болуп калса, алар балдардын көндүмдөрүнө туура келиш керек жана алар жеңил өздөштүрө алуулары керек. Программага тандалып алынган репертуар бара-бара музыкалык сабактын планына киргизилет. Татаалыраак ырлар, бийлер бир, бир жарым айда үйрөнүлөт.

Репертуардын дагы бир бөлүгү – сюрприз учурлары, анча татаал эмес оюндар жана инсценировкалар майрамга аз калганда балдар менен даярдалат.

Майрамга, өзгөчө коомдук-саясий майрамга даярдык ар түрдүү сабактарда, көркөм ишмердиктин ар башка түрлөрүндө даярдык жүрөт. Балдар менен боло турган майрам жөнүндө сүйлөшүүлөр жүрөт, тиешелүү аңгемелер окулат, ырлар жатталат. Алар менен коздолгон көчөдө экскурсия жүргүзүлөт; майрамдын темасы сүрөттөрдө,

аппликацияларда чагылдырылат. Музыка сабагында алдыда боло турган майрамдык утренникке байланыштуу жалпы тарбия берүүчү иштер ишке ашат.

Утренникти ийгиликтүү өткөрүү үчүн эң башкысы жакшы ойлонулган сценарий керек. Ал оюндар жана көрсөтүүлөр менен толтура болот жана алар жогорку жана даярдоо топторунда 35–45 минут жана кенже тобунда 25–30 минутага созулат.

Жакшы түзүлгөн программада балдардын кыймыл-аракеттери менен эс алуу да туура кезектешип түзүлөт. Ошентип, салтанаттуу бөлүктөн кийин балдар отуруп, ыр угушат, көңүлдүү бийден кийин бир канча бала гана катышкан инсценировканы көрүшөт. Кичинекей балдарды алардын колдорунда бар атрибуттар: желекчелер, шарлар, гүлдөр кубандырат. Бөлмөнүн майрамга карата жасалгаланышын балдар дароо байкашпайт, ошондуктан аларга бөлмөнү карап чыгууга убакыт бериш керек. Алгач балдар өздөрүнүн сезимдерин билдире алышпайт. Көңүлдүү музыка, түстүү бет аарчылар менен бийлөө, алардын жүзүндө жылмайууну пайда кылып, кыймылдоого каалоону пайда кылат. Кээде ачык таасирлердин көптүгү балдарда тоскоолдукту пайда кылат. Алардын көндүмдөрү азырынча туруктуу эмес, ошондуктан балдар тааныш бийдеги кыймылдардын тартибин унутуп коюшу мүмкүн, ошондуктан педагогдор аларга дайыма жардам берип турушат.

Кенже топтогу балдардын утренниginде улуулардын (МЧББ кызматкерлеринин же ата-энелердин) жана улуу балдардын катышуусунда көрсөтө турган программалар көп болот.

Бөбөктөрдүн кыймылдары азырынча татаал эмес, алардын өз алдынчалуулугу азыраак болот. Алар ырды педагог менен чогуу, кошулуп ырдашат. Бийлер жана оюндар көрсөтүү менен жүрөт. Куурчак театрынын каармандары, сюрприз берүүлөрүн даярдашып, майрамдык программанын бир бөлүгүн алып барышат (клоун, Аяз ата ж. б.).

Улуурак балдарга аткаруу ишмердигинде жана өздөштүрүүдө активдүүлүк көбүрөөк. Имараттын ичинин кооздолушу, ар түрдүү атрибуттар, каармандардын кийимдери – мына ушунун баары балдардын көңүлүн бурат. Алар өздөрү жасалгалоонун деталдарын байкашат жана түстөрдүн натыйжасына суктанышат. Жогорку топтордун утренниктеринде көбүнчө балдар өздөрү аракеттенишет, тарбиячынын жардамысыз эле тааныш оюндарды, бийлерди, инсценировкаларды аткарууга катышышат. Алар жамаатта өздөрүн алып жүрө алышат, досторунун кыймылдарды туура аткаргандарын көз салып турушат. Чыгып, өз өнөрлөрүн көрсөтүүгө бардык балдар катышуусу зарыл. Бул ырлардын бөлүктөрүн, бийлерди, оюндарды, хороводдорду жамааттык аткарууда жетишилет. Мындан башка дагы ар бир бала жекече жана анча чоң эмес топ менен чыкса болот. Жамааттык чыгуулар дайыма ырларды жекече окуулар, балдардын музыкалык инструменттеринде ойноолор менен кезектешилет. Кээ бир сырдуу чыгууларды уюштурууда балдардын анча чоң эмес группалары биригишет. Алар ар түрдүү каармандардын ырларын жана бийлерин аткарышат, анча чоң эмес сцена-драмаларды аткарышат.

Жекече чыгуулар тартынчаак балдарга тартынчаактык менен күрөшүүгө жардам берет, өзүнүн күчүнө ишенүүгө ишеним берет, кыймылдоодо шамдагай эместикти жоет. Жекече чыгуулар ар бир балага өзүнүн музыкалык-чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Музыкалык тарбия боюнча жакшы уюшулган иште бардык балдар ар бир курактык группаларга бөлүнгөн программалык материалдарды өздөштүрүшөт. Ошону менен бирге ар бир группада башкаларга караганда программалык материалдарды жеңил жана бат өздөштүргөн балдар кездешет жана аларды андан ары өнүктүрүү үчүн татаалырак чыгармалар колдонулат. Мындай балдарга татаалырак ролдорду, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып бере турган ырларды, бийлерди аткарууну берсе болот. Топто тигил же бул тапшырманы кыйналып аткарган же бала бакчага жаңы келген балдар болушу мүмкүн. Бирок алар деле жалпы көңүл ачууларга катышышы керек, алар үчүн жөнөкөй, кызыктуу чыгууларды ойлоп тапса болот.

Майрамдык утренниктерде педагогдун ишмердиги эң эле ар түрдүү болот. Алып баруучунун ролу эң жооптуу болуп эсептелет. Анын эмоционалдуулугу, жандуулугу, балдар менен тил табышып иштей алуусу, ырларды көркөм окуусу көпчүлүк жерде жалпы маанайды жана майрамдын жүрүшүнүн темпин аныктайт. Алып баруучу программаны гана жакшы билбестен, капыстан болгон өзгөрүүлөргө даяр болушу керек. Балдарга педагогдордун жамааттык жана жеке чыгуулары аябай жагат. Алар ар түрдүү элдердин бийлерин көрсөтө алышат, кандайдыр бир каармандын ролун аткара алышат, ырларды ырдай алышат. Кандайдыр бир роль аткарбаган педагогдор, балдар менен өздөрүнүн группасында болушат. Алар балдардын тигил же бул чыгууларды кандай кабыл алып жаткандарына көз салып турушат, алар менен бирге ырдашат, атрибуттарды, кийимдердин деталдарын даярдашат, өз убагында балдарды кийиндиришет, оюнду жана бийди өткөрүүдө, зарыл болгон учурда жардам беришет. Утренник жакшы темпте өтүш керек. Берүүлөрдүн узарып кетиши жана алардын санынын көптүгү, себепсиз эле тынымдардын көптүгү – мунун баары балдарды чарчатат, көңүлүн калтырат, биримдиктеги эмоционалдык-физиологиялык жүктөмдүн сызыгын бузат.

Педсоветте сценарийди талкуу учурунда ар бир педагогдун ролун, анын милдеттерин аныктап, балдарды кийинтүү, жарык берүүнү жөнгө салуу, кээ бир каармандардын так чыгуусу, сюрприз учурларын жүргүзүүдө жардам ж. б. боюнча атайын жооптууларды дайындоо керек. Майрамдан кийин балдар жаккан берүүлөрдү көпкө чейин эстеп жүрүшөт.

Педагог майрамдын тематикасына байланыштырып, мазмундуураак, кызыктуураак таасирлерди бышыктоого аракет кылат. Алар сүрөттөрдө, ийлеп чаптоодо, аңгемелерде жана аңгемелешүүлөрдө эсинде сакталып калат. Балдар өздөрүнө жаккан бийлерди, ырларды, кээ бир каармандардын кыймыл-аракеттерин кайталашат. Педагог мындай аңгемелешүүлөргө катышат, балдардын алган таасирлерин эң башкысын, эң маанилүүсүн жыйынтыктайт, түшүнбөгөндөрүн түшүндүрөт. Кээ бир бала бакчаларда алган майрамдык таасирлерди музыка сабагында бышыктоо боюнча жакшы салт бар. Балдар майрамдык жасалгалоолор, кийимдердин деталдары, оюндар үчүн атрибуттар калган залга келишет. Педагог аларга утренникте эмне жакканын эстөөнү сурайт, ой бөлүшүшөт жана каалоосу боюнча ырларды, оюндарды, бийлерди, драмаларды аткарууну сунуштайт. Кээ бир аткарууларды эки-үч жолу аткаруучуларды алмаштырып, кайталаса болот. Мунун баары майрамдын мазмунун терең түшүнүүгө, ал жөнүндө жакшы таасирлерди сактап калууга жардам берет. Бала бакчасындагы майрамдар – педагогикалык процесстин негизги бөлүгү болуп саналат. Алар мектепке чейинки балдардын личностунун калыптанышына активдүү таасир этет, өзүнүн көндүмдөрүн, билгичтиктерин, чыгармачылык демилгесин көрсөтүүгө шарт түзөт, педагогикалык иштин тиешелүү бир жыйынтыгын чыгарат.

## Көркөм өнөр: ийлеп чаптоо, аппликация, сүрөт тартуу

### Экинчи кенже топ (төрт жаштагылар)

Бул куракта педагог балага көбүрөөк өз алдынчалык бергенге жана анын ишмердигин жаңы мазмун менен байытканга көңүл бурушу зарыл.

Өз аң сезимин өнүктүрүү жана «Мен» образын бөлүп көрсөтүү инсанды жана жекеликти өнүктүрүүгө кызыктырат. Бала так аңдап сезе баштайт, ал ким жана ал кандай. Баланын ички дүйнөсү карама-каршылыктар менен толо баштайт: Ал өз алдынчалыкка умтулат жана ошол эле учурда чоңдордун жардамы жок милдеттерди чече албайт; Курчап тургандарга карата балада өздүк ички позиция калыптанат, ал өзүнүн жүрүм-турумун аңдап сезүү жана чоңдордун дүйнөсүнө кызыгуу менен мүнөздөлөт.

Бул куракта баланын аракетин конкреттүү предметтен акырындык менен алыстатуу, абалды «ошого окшоп» дегенге өткөрүү жүрөт.

Бул курактагы балдар үчүн түрдүү булактардагы элементтерди аралаштыруу, чыныгы менен жомоктогуга аралаштыруу мүнөздүү.

Балада болуучу фантастикалык образдар эмоцияга толгон жана ал үчүн реалдуу.

**Сүрөт тартуу**. Көркөм өнөр боюнча ишке киришип жатып, педагог балдар кандай тажрыйбага ээ экендигин билиши зарыл жана анын тажрыйбасында ишин пландаштырышы зарыл. Бул курактагы балдар сүрөт тартуунун маанисин түшүнөт, бирок так үлгү менен предметти чагылдыра албайт. Чоңдордун ою боюнча линияларды формасыз айкалыштырган өздөрүнүн сүрөттөрүнө балдар кайсы бир белги менен байланыштуу кокусунан ойго келген аттарды берет.

- Педагог балдардын сүрөт менен предметтин ортосундагы окшоштукту табуу аракетин колдоого алышы керек жана ошол эле учурда түрдүү формаларды туура чагылдырганга үйрөтүшү зарыл, анткени курчап турган жашоону кабыл алуу – окутуу методикасынын негизи.

Көркөм өнөр үчүн сүрөт тартуу процессинен оюнга тез өтүп кетүү мүнөздүү, бул элестетүүсүнүн кыймылдуулугу, баланын жалпы активдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. ***Оюн кырдаалы тартылып жаткан предметти бир топ жакын, жандуу, кызыктуу кылат. Баланын оюнга умтулуусу сүрөт тартууну каалоосун жогорулатуу максатында колдонуу зарыл.*** Ошондуктан шарттарды түзүү керек, анда сызыктар,тегеректер, чекиттер байланышкан бардык образдар көрүү менен гана эмес, активдүү ишмердүүлүктө да мурда кабыл алынган болушу керек: «Жол менен чуркайлы», «Түйдөк жипти ороп, тоголотолу» ж. б. (педагог балдарга жипти орогонду сунуш кыла алат, муну менен колдун кыймылдарын бекемдейт). Предметти активдүү таанып-билүү сүрөт тартууда да активдүү аракеттер үчүн негиз аратат.

Сүрөт жаратуу үчүн байкагычтыкты, көңүлүн предметтерге, кубулуштарга токтото билүү жөндөмү, иллюстрацияларды кароо билгичтиги керек. Балдар тигил же бул предметке, кубулушка тиешелүү айрым өзгөчөлүктөрдү байкаганга үйрөнүшөт, аларды сүрөткө которушат, мисалы, жашыл түс балаты, ритм жамгырдын тамчылары ж. б.

Педагог уюштурган айланадагы предметтерди кабыл алуунун натыйжасында балдарда көрүү түшүнүктөрү түзүлөт, ага ылайык балдар өзүнүн чыгармачыл кабыл алуусуна жараша сүрөттөрдү жаратышат. Көпчүлүк учурда бул сүрөттөр жалпы кабыл алынган стереотиптерден айырмаланат. Ошондуктан бул куракта биринчи планга **көркөм билгичтиктерге жана көндүмдөргө үйрөтө турган төмөнкү милдеттер чыгат:**

- ✓ негизги белгилерин (түс, форма) берүү менен, татаал эмес предметтердин түрдүү түз жана тегерек формаларын тартканга үйрөтүү;
- ✓ түс сезимин өркүндөтүү, б. а. негизги түстөрдү айырмалай алуусу жана айтуусу;
- ✓ композициялык көндүмдөрүн, сүрөттөрдү беттин ортосуна жайгаштыра билүүсүн өнүктүрүү;
- ✓ техникалык көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**Коюлган милдеттерди ишке ашыруу үчүн түрдүү усулдарды жана ыкмаларды колдонуу зарыл:**

- ➔ **көрсөтмөлүүлүк;**
- ➔ **сөздүк.**

**Байкоо усулу көркөм өнөргө үйрөтүүнүн бүтүндөй системасынын негизинде жатат.** Балдарда байкоо, кубулуштардын ортосундагы байланыштарды аныктай алуу, жалпы менен жекени бөлүп көрсөтүү билгичтиги канчалык өнүккөнүнө жараша алардын чыгармачыл жөндөмүн өстүрүү ийгилиги жаралат. Предметтер жана кубулуштар тууралуу түшүнүктөр балада канчалык так, ачык болсо, ага ошончолук көркөм өнөр боюнча көндүмдөрүн өнүктүрүү жеңил болот.

- Көрсөтмөлүү окутуунун натыйжалуу ыкмаларынын бири педагогдун сүрөт тартуусу болуп саналат. Педагогдун сүрөтү сабаттуу, өтө жөнөкөй болбошу керек. Образды реалдуу предметке туура келгендей жандуу сактоо зарыл. Мисалы, балатыны тартууда педагог бул курак үчүн программанын талаптарына ылайык аракеттениши шарт – негизги белгилерин берүү: тик өзөк, эки тарапка кеткен жашыл бутактар. Сүрөттөгү көрүү образы реалдуу предметтен айырмаланбашы керек, анда балдардын эс тутумунда туура сүрөт сакталат. Үлгүнүн көлөмү, ачыктыгы боюнча маалыматты кошууга болот.

Педагогдун сүрөт тартуу процессине байкоо жүргүзүү менен аны туурап башташат. Тууроо активдүү окутуу ролун аткарат. Сүрөт кантип жаралып жатканын байкаган балдарда тегиз сүрөттө форманын, түстүн өзгөчөлүктөрүн көрүү жөндөмү өнүгөт. Бирок өз алдынча ой жүгүртүү, тартуу, алынган көндүмдөрдү эркин колдонуу жөндөмү өнүгүү үчүн бир гана тууроо жетиштүү эмес. Ошондуктан балдарды окутуу ыкмалары акырындык менен татаалдашат.

Андан аз эмес натыйжалуу ыкма балдарды акырындык менен, педагог менен бирге сүрөт тартуу процессине тартуу болуп саналат. Бала башталган ишти аягына чейин – тартылган шарларга жипти, гүлгө өзөгүн, желекчелерге таякчаны ж. б. тартат. Мунун максаты мында, бала башында тартылып жаткан предметти таанышы, тартылганын жана жетпеген бөлүктөрүн талдашы керек, түрдүү мүнөздөгү сызыктарды өткөрүүгө көнүгүшү, өзүнүн эмгегинин натыйжасынан ырахат жана эмоционалдык канааттануу алышы зарыл.

**Сүрөт тартуу ыкмаларын жана сөз менен түшүндүрүүнү колдонууга болот,** ал эми балдар тапшырманы таяныч сүрөт жок өздөрү аткарышат. Педагог өзүнүн түшүндүрмөсүн көрсөтмө материал менен бекемдейт. Мисалы, эс тутум, көпкө аны кармап туруу, тактык менен кабыл алуу – бул балада анча өнүккөн эмес (бул учурда педагогдун түшүндүрмөсү), ал же көрсөтмөнүн бөлүгүн гана эстеп калат да, тапшырманы туура эмес аткарат же кайталап түшүндүрмөйүнчө эч нерсени баштай албайт. Ошондуктан педагог дагы бир жолу тапшырманы ар бир балага түшүндүрүшү зарыл. Эрте мененки кабыл алууда, сейилдөөдө ж. б. алдын ала түшүндүрүүнү жүргүзсө болот.

- Кичинекей бала үчүн боек менен сүрөт тартуудагы ишмердиктин натыйжасы ачык, так болот. Педагог түстөр сүрөттө образды жаратуу үчүн берилерин балага түшүндүрүү керек. Балдар боек менен иштеп жатып, предмет менен окшоштугун жакшыртканга жетишүүсү зарыл.

**Боек менен иштөө эрежеси,** ал сүрөт тартуу техникасын жакшылап өнүктүргөнгө жардам берет:

- ✓ кыл калемди үч манжанын ортосуна кармоо керек (чоң жана ортоңку, сөөмөй менен үстүнөн басат), манжалар менен бекем баспайт. Карандаштай эле кыл калемди туура кармоону үйрөтүү үчүн кыска өзөк менен кыл калемдерди пайдаланууга болот;
- ✓ түрдүү сызыктарды тартууда кыл калемди түгү (ворс) боюнча алып жүрүү керек, ошондуктан кыл калем менен кол сызыктын алдында жүрөт; кеңири сызыктарды сызууда кыл калемдин бардык түгүнө таянуу, таякчаны кыйшайтып кармоо керек;
- ✓ ичке сызыкты тартуу үчүн кыл калемдин таякчасын өйдө каратып кармоо жана кагазга кыл калемдин учу менен тийүү зарыл;

- ✓ сүрөттөрдү кыл калем менен боеодо сызыктарды катар, бир гана тарапка тартуу, ар бир жолу кыймылды жогору же ылдый жактан баштоо керек (карандаштагыдай тигил тарапка, кайра артына эмес);
- ✓ сүрөт тартууда жана боеодо ар бир сызыкты бир гана жолу өткөрүү керек;
- ✓ сызыкты токтобостон дароо тартуу керек, бул эрежелерди көнүгүүлөрдөгү конкреттүү мисалдар менен коштосо болот.

Түрдүү оюн учурларын колдонуу, кенже мектепке чейинки курактагы балдарды окутууга оң таасир тийгизет. Көркөм өнөр учурунда оюн учурларын колдонуу окутуунун көрсөтмөлүү-аракет ыкмасына кирет. Бала канчалык кичине болгон сайын, аны тарбиялоодо оюн ошончолук көп орунду ээлеши керек. Окутуунун оюн ыкмалары балдарды коюлган милдеттерге шыктандырып турат, ой жүгүртүүнүн жана элестетүүнүн ишин жеңилдетет. Мисалы, балдарга конокко жаңы куурчак келет, балдар куурчак менен таанышышат, анын кийимдерин карашат, түсүн аныкташат жана көйнөгүн тартышат. Мында педагог билим, билгичтик, көндүм алуу системасын бузбай, көңүлүн окуу милдеттерин аткарууга бурушу керек.

Сүрөт тартууга окутууну **оюн көнүгүүлөрүнөн** баштоо сунушталат. Оюн көнүгүүлөрүнүн максаты жөнөкөй сызык формаларын түзүү жана колдун кыймылын өнүктүрүү боюнча процессти бир топ натыйжалуу кылуу. Балдар педагогдун артынан алгач кол менен ар кандай сызыктарды абада, андан кийин сөөмөйү менен баракта тартышат, кыймылды түшүндүрмө менен толукташат: «Жол менен бала чуркап баратат», «Чоң эне жипти түрүп жатат» ж.б. Оюн кырдаалында образ менен кыймылды бириктирүү сызыкты жана жөнөкөй формаларды тартуу билгичтигине ээ болууну тездетет. Коллективдүү иш балдарда жолдошторунун сүрөттөрүнө жана сүрөт тартууга кызыкчылык жаралганга жардам берет.

Тигил же бул усулдарды жана ыкмаларды тандоо төмөндөгүлөрдөн көз каранды болот:

- ➔ балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрү, аларды өнүктүрүү деңгээли;
- ➔ сабактын алдында турган мазмун жана милдеттер;
- ➔ көркөм ишмердик милдеттери;
- ➔ балдар колдонгон көркөм өнөр материалдары.

Балдардагы зарыл көндүмдөр калыптанып, тартуу техникасы өздөштүрүлгөндөн кийин жалпылоочу сабактар өткөрүлөт, аларда балдарга оригиналдуу сүрөттөрдү жаратууда өз билгичтигин көрсөткөнгө мүмкүнчүлүк жаралат. Сүрөт тартуу көндүмдөрүнө окутуудан, көркөм өнөргө кызыгуудан жана оң мамиледен сырткары кеп, фантазия өнүгөт, балдар айлана-чөйрө менен таанышышат. Бала сүрөт тартууну каалабаса, аны мажбурлоонун кереги жок. Аны тартууга бекем туруп албастан, ал ойной берсин же башкалар кантип иштеп жатканын байкап турсун. Эгерде жагдай мажбурлабаган абалда болсо, балдар чын дилден тартышат. Ачык, өзүнө тартып турган материал, балада жалпы ишке катышууну каалоону жаратат. Сабак да бир убакта эмес, балдардын каалоосу боюнча бүтөт. Сүрөт тартууда начар билгичтикке ээ болгон балдарга көп көңүл буруу, шарт түзүү жана колдоп туруу талап кылынат. Бул куракта жекече мамиле өзгөчө маанилүү, анткени так ушул жерде балдардын жөндөмү жана шыгы калыптана баштайт. Аларды аныктоо жана өнүктүрүү – негизги билим берүү максаттарынын бири. Иш бүткөндөн кийин жалпы сүрөттөрдү кароону уюштуруунун, аларды талдоонун кереги жок, анткени балдар ал үчүн азырынча жаш, бирок балдар өздөрүнүн жана башкалардын сүрөттөрүн карап, суктанганга мүмкүнчүлүк болуу үчүн, аларды өзүнчө столго жайгаштырып коюуга болот.

Балдарда техникалык билгичтиктерди өнүктүрүүгө, бул топто өзгөчө окуу сабактары бөлүнбөйт, ал режимдик учурларда ишке ашат. Балдардын техникалык билгичтиктерине кыймылдын чечкиндүүлүгү, басымдын мыктылыгы, форманын тактыгы, түстүү карандаштар менен штрихтөө, карандашты, кыл калемди, красканы пайдалана алуу тиешелүү болот.



**Карандаш менен тартуу эрежелери:**

- ➔ карандашты үч манжа менен (баш бармак менен ортоңку, үстүнөн сөөмөй менен басылат), учталган жагына жакындатпай, кармоо керек. Туура кармоону өнүктүрүү үчүн кыска стержень, мом өзөк менен карандаштарды колдонуу сунушталат;
- ➔ сызык үстүнөн ылдый тартылып жатканда карандаш кармаган кол сызыктын капталында кетет, ал эми сызык солдон оңго болгондо, кол сызыктын алдында жайгашат. Колду мындай алып жүргөндүн себеби, кантип тартылып жатканын көрүү керек, ошондо түз сызык болот;
- ➔ сызыкты токтобостон, карандашты кагаздан албастан, дароо тартуу керек, ансыз ал түз эмес болуп калышы мүмкүн. Бир сызыкты бир нече жолу өткөрүүнүн кереги жок;
- ➔ тик бурчтуу жана квадрат формадагы предметтерди, андан ары кантип тартууну ойлонуу үчүн бурчтарына токтоп тартуу зарыл;
- ➔ тегерек формадагы предметтерди бир кыймыл менен токтобостон тартуу керек;
- ➔ сүрөттү карандаш менен боеодо аны кагаздан албастан тигил жакка, кайра артка тартуу зарыл;
- ➔ сүрөттү боеодо тартылган предметтин, анын сызыгынан чыкпоо керек;

**Ийлеп чаптоо**. Экинчи кенже топтун балдары ийлеп чаптоо боюнча сабактарга даяр болуп калган. Алардын айрымдары даяр материал менен чоподон, пластилинден ийлөөгө болорун билишет, цилиндрди, шарды, дискти алуунун жөнөкөй ыкмаларын билишет. Фигураларды аткаруу балдарда кубаныч жана канааттануу сезимин жарата баштайт. Бирок аларда колдун кыймылы менен форманын ортосундагы так байланыш жок, чопо, пластилин менен иштөөдө гигиеналык эрежелер жетиштүү сакталган эмес дегенди билдирет. Буга байланыштуу экинчи кенже топто негизинен бар көркөм билгичтиктер жана көндүмдөр бекемделет.

Бул топто ийлеп чаптоого үйрөтүү милдеттери балдарда ийлөөнү каалоону, предметтердин формасына, көлөмүнө жана санына ориентир алууну өнүктүрүүгө, эстетикалык сезимдерин тарбиялоого багытталган. Милдеттерди ишке ашыруу үчүн чопонун, пластилиндин бөлүгүн алакандар ортосунда түз кыймылдар менен жаюу боюнча бир катар көнүгүүлөр өткөрүлөт. Бул көнүгүүлөрдүн негизги максаты – балдарды эки кол менен иштөөгө, алакандарды басымга ылайыктоого үйрөтүү. Балдарга түрдүү тапшырмалар сунушталат: бир столбик же бир нече таякча, карандашты ийлеп даярдоо, аларды оюнда колдонуу.

Кийинки этап – бул башкасын алуу үчүн, тааныш предметти өзгөртүү, тактап айтканда, шакек, тегерек, бублик.

- Шакекти ийлеп жасоо көз менен карап көзөмөлдөөнү талап кылат, ал эми форма тегерек болуш үчүн эки учун туташтырып, аларды бекем басып, бири бирине бириктирүүсү керек. Балдар алакан менен иштеген тааныш аракеттерден, манжа менен иштегенге өтүшөт. Бул предметти түзүү үчүн да, ийлөө менен байланышкан кийинки иштер үчүн да маанилүү учур болуп саналат, анткени манжалар менен гана жандуу, кызыктуу форма жаралат.

Көркөм мүнөз билгичтиги менен катар балдар чопо, пластилин менен иштөө эрежелерине, стол менен кийимин булгабаганга, тактада ийлегенге, ийлөөнүн алдында жеңди

түргөнгө, бүткөндө колду жууганга үйрөнүшөт. Балдар таякчаны жана шакекти ийлеп жасоону үйрөнгөндөн кийин аларды тегерек формадагы предметтерди жасаганга үйрөтөт, б. а. чопонун, пластилиндин бөлүгүн эки алакандын ортосунда айлантып тоголоктошот. Мында эки колдун кыймылынын координациясы керек болот, кыймылды карап көзөмөлдөп туруу зарыл, чопонун, пластилиндин бөлүгү сүйрү тегерек же жалпайган болбостон, тегерек формага келиши керек. Көнүгүүлөрдө балдарга шар, алма, апельсин, алча ийлөө сунушталат. Бир формадагы түрдүү предметтерди жасоо, ийлөөгө болгон кызыгууну колдоого алат жана көркөм мүнөздөгү милдеттерди аткарганга жардам берет – балдар акырындык менен тегерек формадагы түрдүү предметтердин өзгөчөлүктөрүн биле башташат. Бир учурда алар чоң алмаларды ийлеп жасашат, башкасында – көптөгөн майда шариктер, кийин аларды негизги ийнелер менен бириктирип, алчалар пайда болот. Ийленип жасалган фигуралардан, өздөштүрүлгөн аракеттердин натыйжасында тиешелүү форма түзүлөт, балдар өз иштеринен ырахат алышы керек.

Түрдүү предметтерди жасоо менен шар түрүндөгү формаларды алакандардын ортосунда жалпайтуу ыкмасын балдар тез өздөштүрүшөт, ал эми түрдүү тематика бул билгичтикти бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Балдар нанды, печеньени, пряникти жасашып, аларды кооздошот, үстүнөн манжа же атайын даярдалган таякча – печатка (алар түрдүү формада: тегерек, квадрат, сүйрү тегерек ж. б. болушу мүмкүн) менен басышат. Жасалгалоодо балдарга өз алдынчалуулук берүү зарыл. Алгач балдар элементтерди (тегерекчелер же квадратиктер) ар кандай эле жайгаштырышат, бирок акырындык менен тиешелүү окутуунун натыйжасында, аларды өздөрүнүн жасагандары менен бир топ ритмдүү кооздоп башташат. Тегиз жасалгалоодон сырткары балдар көлөмдүүлөрүн да жасай алышат. Ошентип, куурчак үчүн торт даярдоого болот. Чоңураак шариктер ортодо, кичинекейлери чекесинде. Таякча түрүндөгү кооздоолорду балдар торттун үстүнө шам катары коюшат, борбордон четти карай же сетка түрүндө болот. Ошентип, печеньени, тортту жасоодо балдар ийлөө техникасын бекемдешет, ошондой эле өз ойлоосу менен предметтин образын жасоого үйрөнүшөт. Балдар шарды, цилиндрди, дискти алууну үйрөнгөндөн кийин, алар бир нече бөлүктөн турган предметтерди жасаганга өтө алышат. Балдар самолет, кар киши, шарлардан мунара, шарларды же дисктерди, жыгылбас мишканы, жыгылбас куурчакты, жыгылбас коенду жана чымчыктарды жасашат. Бул топтогу балдарга көптөгөн бөлүктөрдөн турган предметтерди жасоо, бөлүктөрдү керектүү куруу тартибинде жайгаштыруу азырынча кыйынга турат, ошондуктан кар кишини эки гана шардан, чоң жана кичине, ал эми самолетту үч валиктен жасаган жакшы. Бул предметтерди даярдоо ушул жөнөкөй түрүндө да балдардан акыл-эс чыңалуусун, бир катар татаал маселелерди чечүүнү талап кылат. Мисалы, кар кишини ийлеп жасоодо түрдүү чоңдуктагы эки шарды ийлеп жасоо керек, алдына чоңун коюп, үстүнө кичинесин коюу керек. Мындан сырткары, алардын формасын бузбай, бир бөлүктү экинчисине бекем жабыштыруу зарыл. Кар кишини жасоо жыгылбас куурчакты жасаганга чейинки алдын ала иш болуп саналат, ал көптөгөн бөлүктөрдөн турат – майда шар түрүндөгү колдор кошулат.

Жатпаган мишканы жасоо андан да татаал болуп саналат, анткени балдар тегерек кулактарды баш болгон үстүңкү чоң шардан чымчып тартып жасашат. Эгерде алар жатпас коенду жасашса, анда кулактарды таякчалардан ийлеп жасоого болот.

***Каалаган предметти ийлеп жасоо – бул тиешелүү көркөмдүккө ээ болгон образды жаратуу, ал туура пропорциядагы формалардан, кошумча бөлүктөрдөн жана фактуралардан түзүлөт, ошондуктан кенже топтон баштап, көркөм каражаттарды пайдаланганга үйрөтүү керек.*** *Мисалы*, кар киши, жыгылбас куурчактар, мишкалар, коендор, эгерде балдар форманы жана пропорцияны гана бербестен, таякча менен көз, мурун, ооз тартып койсо, бир топ кооз болот. Бул бөлүктөрдү тартуу ыкмасы балдарга тааныш, анткени алар ушундай жол менен печеньеге жана

прянктерге кооздоо жасашкан. Акырындык менен ийлеп жасоо процессине колдун иши кошулат, балдарга жасалгалары менен пряник, пирожное ийлеп жасоо сунушталат, алардын четтери чымчып жасалат.

Жайкы учурда жыл ичинде балдар алган билгичтиктерди бекемдөө боюнча иштер жасалат. Алар алча ийлеп жасай алышат (чопо шариктер, карагай ийнелери), жемиштер, козу карындар, айрым жашылчалар жана жемиштер. Ийлеп жасоого үйрөтүү ортоңку топко өтүү учурунда көркөм образды түзүү үчүн тиешелүү техникага жана билгичтиктерге ээ болгондой курулушу керек. 3–4 жаштагы балдар үчүнчү жаштагы балага караганда өз ойлоосу менен ийлеп жасай алышы мүмкүн, анткени алардын турмуштук тажрыйбасы көбүрөөк, бир топ аң сезимдүү болуп калды, алар тааныш темаларды жана ийлөө ыкмаларын колдоно алышат.

Бирок балдардын ойлоосу али туруктуу эмес, алар теманы тандап жатып, ийлөө процессинде тез-тез андан алыстап кетишет. Бала ийлөөнүн ыкмаларын билбегендиктен, ийлөө кыйынга турат. Кээде ийлөө процессинде алынган фигуралар балдарда, башка предметке окшошуу сезимин жаратат, алар өз иштерине таптакыр башка атты беришет. Мисалы, бала кар кишини жасагысы келди, бирок ийленген шариктер ага алманы элестетти. Натыйжада бала бир канча шарик жасады жана аларды «алмалар» деп атады. Же бала шылдыракты ойлоп, шарды таякча кол менен байланыштырып жатты, бирок бөлүктөрдү бириктирип жатып, шарды жалпайтып алды. Алынган буюм ага козу карынды элестетти да, алгачкы ою өзгөрдү. Окутуунун биринчи этабында педагог бул ишке макул болсо болот баланы колдоо үчүн, бирок акырындык менен ийлөөнүн ыкмаларына ээ болуу деңгээлине жараша, балдарды башында ойлонулган теманы аткарууга багыттташы, фигураны кайра жасоону сунушташы зарыл.

Акырындык менен окутуунун таасиринде балдардын ойлоолору бир топ туруктуу болуп калат жана предметтин формасы дагы да абдан так эместигине карабастан, алар бир сабак ичинде өз алдынча ойлонулган темага карата бир же эки фигураны ийлеп жасай алышат. Педагогдун тапшырмасы боюнча да, балдардын ойлоосу боюнча да сабактарды ийгиликтүү өткөрүү окутуунун бүтүндөй системасынан, педагог кандай усулдарды жана ыкмаларды тандаганынан көз каранды болот. Экинчи кенже топто көркөм жана техникалык мүнөздөгү милдеттер балдарды кийинки шарды, цилиндрди, дискти ийлөө ыкмаларын айырмалоого, алардын көлөмүндө ориентир алганга, алардан татаал эмес фигураларды түзгөнгө окутуу менен байланышкан.

Негизги орун ***маалыматтык-рецептивдик жана репродуктивдик усулдарга*** берилет. Балдар менен шарлар, топтор, жашылчалар, карандаштар ж. б. тааныш предметтер каралат. Бала аларды колуна алып кармап көрүшү, көлөмүн, өлчөмүн сезиши маанилүү. Ал үчүн балдарды сабактардын алдында 5–10дон кылып, чоң эмес топторго бириктирет. Предметти алаканынын ортосунда тоголотуп көрүүнү сунуш кылса болот, шар болсо – айлантма кыймыл менен, цилиндр болсо – узунунан. Мындай жол менен бир нече бөлүктөн турган предметтерди да иликтеп көрсө болот, мисалы, жатпас куурчакты. Бул учурда балдардын көңүлү алгач негизги бөлүктөрдүн формасына – дене, баш, андан кийин майда, кошумча образдарга – колдорго багытталат. Предметтин формасы менен мындай активдүү таанышуу, форманы түшүнгөнгө гана алып келбестен, куурчактын түзүлүшүн түшүнгөнгө да жардам берет. Бир эле мезгилде бөлүктөрдүн ортосундагы пропорциялык байланышты тактоо жүрөт: тулку дене өлчөмү боюнча эң чоң, баш ага караганда кичине, ал эми кол абдан кичине. Мындан сырткары, куурчакты бөлүктөрдүн саны боюнча да талдоого болот: бир тулку дене, бир баш жана эки кол.

Экинчи кенже топто негизги геометриялык телолор менен тааныштыруу өзүнө алгачкы жалпылоону камтыйт: шардын же цилиндрдин формасын өздөштүрүп, бала андан

ары аларды башка предметтерден көрө алат. Мисалы, шар – алмада, апельсинде, жемиштерде. Бул негизде жалпыланган билгичтиктер калыптанат жана өз алдынча аракеттенүү жөндөмү өсөт. Мисалы, тегерек апельсинди алма сыяктуу жасаш керек. Кар кишини түзгөн бөлүктөр, жыгылбастар да тегерек жана ошондой эле жол менен ийленип жасалат. Алгачкы сабактарда жасоонун ыкмаларын көрсөтүү жана аларды түшүндүрүү максатка ылайык келет. Балдар педагогду карап отурушат, ал чопонун, пластилиндин бөлүгүн бир колу менен алат, аны ачык алаканына жайгаштырат жана керектүү кыймылдарды көрсөтөт. «Чопонун (пластилиндин) бөлүгүн алам, – дейт педагог, – алаканыма салам, аны минтип тоголотом: алдыга, артка, алдыга, артка. Мына мындай таякча пайда болот». Көрсөтүүдөгү педагогдун бардык аракеттери так жана түшүнүктүү жана бардык балдарга көрүнүп тургандай болушу зарыл. Тигил же бул ыкманы жакшылап бекемдөө үчүн ийлөөнүн алдында керектүү кыймылда абада көрсөтүүнү сунуш кылса болот. Көрсөтүү жана түшүндүрүү 3–4 мүнөттөн ашпашы керек.

Балдарды окутуу – балдардын өз алдынчалуулугун карашы зарыл. Ошондуктан ийлөөнүн ыкмалары менен тааныш болгон учурда, аларды кайра да көрсөтүүнүн кереги жок. Сабактагы жакшы натыйжага педагог балдарды алдыдагы ийлөөгө кызыктыра алса, жетишүүгө болот. Аны үчүн сабактын темасын ойноп көрсөтүүгө болот, балдарга куурчак үчүн пряник ийлеп жасай турганын айтуу керек же жасалган жатпас куурчактын колуна кичинекей желекче берүү керек. Балдар балапандарды ийлеп жасаган учурда, алардын баарын талааны билдирген жашыл кагазга коюуга же эне тооктун жанына жайгаштырууга болот, аны алдын ала педагог ийлеп даярдап коет. Оюн кырдаалдары балдардын өздөрү түзгөн образды жакшылап түшүнүүсүнө алып келет, бул абдан маанилүү, анткени негизги максат – түрдүү каражаттарды пайдалануу менен, балдарды ийлеп жасоодо көркөм образ түзүүгө үйрөтүү. Образга кызыгууну бүтүндөй сабак учурундагы балдардагы оң эмоция жаратат: алар муну аракеттери, мимикасы, күлкүсү менен билдиришет, ал эми сабактан кийин алар кантип ийлегендерин эске салышат.

Сабактын аягында балдардын иштерин талдоо окутуу процессиндеги абдан жоопкерчиликтүү учур болуп саналат, анткени ал негизинен айрым жасалган нерселердин сапатына эмес, жалпы натыйжага багытталат. Бирок айрым балдарга кемчиликти кантип оңдоону көрсөтүүгө болот же башка баланы суранып, ага ушул мүмкүнчүлүктү берсе болот. Демек, педагог колдонгон бардык окутуу ыкмалары балдарда акыл-эс активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өстүрүүгө багытталат.

**Аппликация**. Аппликация менен иштөө экинчи кенже топтон башталат. Бул курактагы балдардын өзгөчөлүктөрүн (колдун майда булчуңдарынын жетишээрлик өнүкпөгөндүгү, кыймылды алсыз координациялоо, өзүнүн аракетине алсыз көрүү көзөмөлүн жасоо), аппликациялык иштерди аткаруунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, алгач аларга кайчы берилбейт, бардык формаларды жана элестерди алар даяр түрүндө алышат. Окутуунун милдеттери жасоо ыкмаларын жана техникалык ыкмаларды акырындык менен татаалдаштырууну карайт, балдар аларды кийин жыл ичинде алышат.

Аппликация сабагында педагог балдарды тегеректи, квадратты, үч бурчтукту туура аныктаганга жана атаганга үйрөтөт. Кийин дидактикалык оюндарда, ийлөө сабактарында да бул геометриялык фигуралар менен таанышуу уланат. Балдар топ тегерек экенин, кар киши тегерек формалардан турарын билишет, арабанын дөңгөлөгү да тегерек. Бул фигуралардан сырткары сүйрү тегерек, трапецияны да колдонууга болот, бирок алардын аттары берилбейт, алар предметтик-образдуу ассоциациянын негизинде аныкталат (жумуртка, чатыр, кайык). Көлөмү ар кандай фигуралар менен иштеп жатып, балдар чоң жана кичинекей, бирдей бөлүктөрдү тапканга үйрөнөт. Мисалы, жатпас куурчакта денеси тегерек, чоң, башы да тегерек, бирок кичирээк,

ал эми колдору кичинекей, тегерек, бирдей. Сабак процессинде балдар түстү туура атаганга, айырмалаганга жана предмет менен байланыштырганга үйрөнүшөт (балаты жашыл, желекче кызыл, балапан сары ж. б.).

**Балдарды негизги түстөр менен тааныштыруу** милдети сүрөт менен аппликацияда катар чечилет. Түрдүү тапшырмаларды аткаруу менен балдар жалпак кагаздагы жөнөкөй ориентирге үйрөнүшөт. Алар мейкиндик түшүнүктөрүн өздөштүрүшөт: үстүндө, алдында, бурчунда, ортосунда, түз, катар, туурасында, биринин артынан бири. Мисалы, кол жоолуктар жипте катар илинип турат, тегерек тарелканын ортосуна гүл тартылган.

Декоративдик аппликация сабактары балдарда ритм, симметрия сезимдерин өстүрөт. Мисалы, тилкеге гүлдөрдөн жана жалбырактардан оймону жайгаштырып жатып, балдар тиешелүү ритмди өздөштүрүшөт (гүл, жалбырак, гүл, жалбырак). Куурчак үчүн килемчени квадраттар жана үч бурчтуктар менен кооздоп жатып, алар симметрия принцибин сезип баштаашат (бир бурчта экинчидегидей). Бул балдарды декоративдик сүрөт тартууга даярдоо үчүн маанилүү, ал ортоңку топто башталат. Негизги программалык милдеттер формаларды кагазга коюу жана чаптоо ыкмаларына окутууну билдирет. Балдар үчүн өтө оору бул – чаптоо ыкмаларын үйрөнүү болуп саналат.

Предметтик аппликация алгач жөнөкөй болушу керек. Балдар тегеректердин, квадраттардын негизинде предметтик сүрөттөрдү чаптаганга үйрөнүшөт: шариктер жол менен тоголонот, сүрөттөрдүн альбому, шурулар, аба шарлары, түстүү түстөгү желекчелер, жиптеги жоолуктар. Андан кийин темалар татаалдашат: козу карын, топ (эки бөлүктөн), шылдырак, гүл, кар киши, светофор, жатпас куурчак, мунара, үй, балапан, желек, уя, тележка, парустуу кайык. Татаал эмес декоративдүү аппликациялар балдар менен тилкени, төрт бурчтукту жана тегеректи пайдалануунун негизинде колдонулат. Балдарга жасалгалай турган предметтердин катары көрсөтүлүшү керек. Мисалы, тилке куурчактын шарфы, китептин бетин белгилөөчү тилке кагаз, килем дорожкасы, кур болушу, төрт бурчтук – куурчак үчүн килемче, жасалгаланган жоолук, дасторкон болушу, тегерек – кооз тарелка, салфетка, гүл менен клумба болушу мүмкүн. Мындан сырткары, кээде балдарга оймо менен кооздоо үчүн жөнөкөй элес сүрөттөрдү берүүгө болот: чашка, көпөлөк, челек ж. б. Жамааттык иштерди топтун бөлмөсүн, куурчак бурчун кооздоо үчүн колдонуу максатка ылайык. Алар балдарды кубантат, эстетикалык сезимдерин өстүрөт, аппликация менен алектенүүгө кызыктырат.

Окутуу усулдарын аныктоо учурунда педагогдун ишинин эки негизги багытын бөлүп көрсөтүүгө болот: ***боло турган сабакка даярдануу жана сабакта окутуу.***

***Даярдоо*** процессинде буларды колдонуу зарыл:

- ➔ **маалыматтык-рецептивдик** (жасай турган предметтер менен тааныштыруу);
- ➔ **репродуктивдик** усул, балдар предметтердин формаларын, түстөрүн айырмалоо менен алектенишет.

Сабакка даярданууда балдардын кабыл алуусун өнүктүрүү, аларды предметти көргөнгө сезип жана көрүп талдоо жасаганга үйрөтүү маанилүү. Ошондуктан өзгөчө роль предметти иликтөөгө тиешелүү болот, анда балдар алардын аппликациялык тартуу үчүн маанилүү сапаттары менен таанышышат. Мисалы, балдар топ тегерек, жылмакай экени, эки түскө боелгону менен таанышышат – бир бөлүгү кызыл, экинчиси – сары. «Чоң кызыл топ» аппликациясын аткарып жатып, балдар анын сүрөтүн эки түстөгү жарымдардан оңой эле түзүшөт. Сабакка чейин балдар менен иллюстрацияларды, картиналарды карап көрсө да болот. Формасы жалпыланган, элеске жакындатылган сүрөттөр жакшы. Иллюстрацияларды кароодо балдардын көңүлүн иш процессинде эмне талап кылынса, ошого буруу зарыл. Мисалы, сүрөттөн козу карынды карап жатып, анын буту жана калпагы бар экенин тактоо зарыл, буту алдында, ал эми калпагы үстүндө жайгашкан.

Форма, көлөм, түс менен тааныштырууга карата дидактикалык оюндарды өткөрүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл. Сабакта педагог оюнчуктарды, предметтерди түздөн түз кабыл алууну уюштурушу зарыл. Балдар предметти карашат, анын бөлүктөрүнүн формасын аныкташат, көлөмүн, түсүн, түзүлүшүн такташат. Педагог суроолорду берип, алардын көңүлүн предметтин тигил же бул сапатына багыттайт, жестти билдирген образдуу сөздөрдү колдонот.

Экинчи кенже топто кээде үлгүлөр, көпчүлүк учурда декоративдик аппликациялар колдонулат. Мисалы, балдарга китептин закладкасын көрсөтөт. Предметтин өзүн көрсөтүүгө мүмкүн болбогондо үлгүсүн көрсөтүүгө болот (ал балдарга тааныш болгон шартта гана). Кээде түрдүү варианттарын көрсөтүү максатында варианттык үлгүлөр колдонулушу мүмкүн. Бирок үлгүнү колдонуу дайыма эле милдеттүү эмес, балдар аны көчүрүшү керек дегенди билдирбейт.

Балдарды окутуудагы маанилүү учур коюу жана чаптоо ыкмаларын көрсөтүү болуп саналат. Коюу процессин ал бардык балдарга жакшы көрүнүп тургандай көрсөтүү керек. Аны үчүн фланелеграф, мольберт, магнит доскасын колдонууга болот. Кадимки досканы колдонгон учурда бир аз гана желим сүйкөлгөн арткы тарабын жогору кылып коюу керек, кнопканы же пластилинди колдонуунун кереги жок. Мындан сырткары, зарылчылык болсо алардын ордун которуп койсо болот. Чаптоо процесси төмөнкүдөй бир канча ырааттуу баскычтардан турат, аларды балдар өздөштүрүшү керек:

- ➔ кыл калемди оң колго туура кармоо жана жетиштүү желимди алуу;
- ➔ форманы клеенкага коюу, түстүү эмес жагы жогору карайт;
- ➔ форманын үстүнө толук жакшылап желим сүртүү керек жана кыл калемди ордуна коюп, сүйкөлгөн форманы этияттык менен оодаруу;
- ➔ бaрактын белгилүү жерине кагазды желимин ылдый каратып коюу, үстүнөн салфетка менен жаап, форманы алакан менен басуу ашыкча желимди соруп алат.

Чаптоонун ырааттуу этаптарын өздөштүргөн алгачкы сабактарда иштин ыкмаларын тик турган абалда педагогдун бардык аракеттери балдарга көрүнүп тургандай көрсөтүү керек. Формаларды жабыштыра турган клеенканы кагаздын оң жагына бекиткен жана бардык аракеттерди ирети менен, сөз менен так түшүндүрүп айткан жакшы. Кийинки сабактарда чаптоо ыкмаларын педагогдун ордуна доскага чакырылган бала көрсөтүшү мүмкүн. Бул балдардын иштин этаптарына жана аткаруунун сапатына болгон кызыгуусун жогорулатат, ыкмаларды активдүү өздөштүрүүгө жардам берет. Чаптоо ыкмаларын көпчүлүк балдар өздөштүргөн учурда көрсөтүүнү сөз түрүндө эскертүү же балдарга суроолор менен алмаштырган максатка ылайык болот.

Бул курактагы балдар менен иштөөдө жогоруда белгиленгендей, оюн учурлары тууралуу унутпоо керек. Балдар жаңы оюнчуктардын пайда болгонуна эмоционалдуу реакция кылышат, сунушталган оюн кырдаалына чын дилден катышышат. Бул балдардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат, алардын активдүүлүгүн арттырат. Балдар тарабынан аппликацияларды аткарууда жекече окутуунун ар кандай формаларын жана түрдүү кошумча тапшырмаларды колдонгон маанилүү: сүрөттү кантип түзүүнү бир балага көрсөтүү, башкасына эскертүү, үчүнчүсүнөн чаптоо ыкмасы тууралуу суроо керек. Өзүнчө бала менен иштеп жатып, педагог бардык топту көрүшү зарыл, балдар кантип, кандай темпте иштеп жатканын, кимге жардам керек экенин көрүшү керек.

Балдардын иштерин кароо үчүн, аларды көрүнөө жерге коюу зарыл. Талдоо учурунда балдарда оң эмоцияны жаратуу, баарын мактоо, аппликацияны карап суктанууга чакыруу зарыл. Бул алгачкы сабактарда өзгөчө маанилүү, анда көркөм өнөрдүн жаңы түрүнө кызыгуу жаралат. Акырындык менен балдардын көңүлү иштин көркөмдүк жагына, кооз түстүк чечимдерге, аппликациялардын көркөмдүгүнө буруу керек. Мисалы,

балдар аппликациялык майда буюмдарды карашат жана алардын ичинде шайыр, кооз, ачуулуу оюнчуктар, сынгандары бар экенин белгилешет.

Жылдын экинчи бөлүгүндө балдардын көңүлүн каталарга, аларды көргөнгө буруу зарыл. *Мисалы*, элементтердин көлөмү же түсү боюнча туура эмес кезектешкенине көңүл буруу. Балдарды чаптоонун сапатын мүнөздөгөнгө да үйрөтүү зарыл: «таза жумуш», «кылдат иш». Акырындык менен суроолорду ушундай берип, ишти талдоого балдардын өзүн тартуу зарыл, балдар суроолорго жооп берип жатып, бүгүн эмне өздөштүргөнүн, каталарды кандайча кетирбөө керектигин түшүнүшү зарыл.

## Ортоңку топ (беш жаштагылар)

Бешинчи жыл – балдардын кызыккандыгын өнүктүрүү үчүн маанилүү мезгил. Балдар чоң адамдар менен интеллектуалдык баарлашууга активдүү умтулушат, бул көптөгөн суроолордон көрүнөт (эмне үчүн? эмнеге? кандайча?), таанып-билүү мүнөзүндөгү жаңы маалыматтарды алууга умтулат. Балдардын суроолорунан качпаңыз, кызыкдар балакай курчап турган дүйнөдөгү предметтерди, адам мамилелеринин дүйнөсүн активдүү өздөштүрөт. Түрдүү тапшырмаларды аткарууда ал аябагандай тапкычтыгын көрсөтөт. Бала акырындык менен колунун майда кыймылдарын башкарууга жана көрүү көзөмөлүнө ээ болот. Бул көркөм өнөргө карата жөндөмдөрдү өркүндөтүү мүмкүнчүлүгүн берет. Беш жаштагы бала кызыгуу менен гана ойнобостон, сүрөттү да кызыгып тартат.

Кенжеден ортоңкуга келген балдар предметтин формасын жана айрым белгилерин бере турган негизги көркөм көндүмдөргө ээ болуп калышат. Балдарда аң сезимдүү кабыл алуу жөндөмү, предметтерди айырмалоо жана салыштыруу билгичтиги өнүгөт.

Кенже топтогудай педагог предметтерди кароодо сүрөттөгөн жесттерди жана сөз менен түшүндүрүүнү колдонот. Сүрөт тартууда көндүмдөргө ээ болгон балдар үчүн бул жест сүрөттү эмнеден баштоо жана кандай ырааттуулукта аткаруу жетиштүү болот. Колдонулган натура зор орунду ээлейт. Бөлүктөрү ачык көрүнгөн татаал эмес формадагы балдарга тааныш предмет натура болуп кызмат кыла алат, мисалы, козу карын (2 бөлүк), жатпас куурчак (4 бөлүк). Предметти кароодо педагог балдардын көңүлүн бөлүктөрдүн формасына жана жайгашканына, алардын өлчөмүнө, түсүнө, ар кандай деталдарына бурат. Төрт жаштагы балдардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, окутуунун түрдүү ыкмаларын оюн учурларына кошуу керек.

Ортоңку топто образды тартуу үчүн педагогдун картинасы же сүрөтү колдонулушу мүмкүн. Аларды колдонууга карата талаптар кенже топтогудай калат, сүрөт сабаттуу, жөнөкөйлөтүлбөгөн, кооз, ачык жана бардык балдарга жакшы көрүнгөн болушу керек. Образды чыныгы предметке туура келген жандуу сактоо керек. Сүрөт тартуунун ыкмаларын көрсөтүү окутууда олуттуу орун ээлөөсүн улантат (предметтин бөлүктөрүн чагылдыруунун ырааттуулугу, ритм, оймо жөнүндө түшүнүк ж. б.). Сабак кайталанганда балдар үлгүнү карагандан кийин өз алдынча тарта алышат, анткени аны так кайталоого милдеттүү эмес.

**Ортоңку топто көркөм сөздү колдонуу мурдагы топторго караганда көп орунду ээлейт.** Бир тараптан, көркөм сөз образын тартуу темасы менен байланышта колдонууга болот, ошондо кызыкчылык жаралат, балдардын эс тутумунда мурда турмушта кабыл алынган образдар жанданат. Бул учурда сөз образы балдардын сезимине таасир этиши жана ошол эле учурда предметтин тышкы белгилерин так бериши керек, кайсы бир көрүнүктүү белгисин көрсөтүшү зарыл. Башка учурда педагог өзгөчөлөнгөн белгилери менен образды берген табышмакты тандайт да, жообун тартууну сунуштайт. Бул учурда сөз образ балдар ишинин мазмуну болуп саналат. Жыйынтыктоочу талдоодо сабактын аягында бул табышмак сүрөттүн тууралыгынын критерийи болот.

Декоративдик сүрөт тартуу сабактарында педагог балдарды мазокторду, чекиттерди, түз тилкелерди, шакектерди, тегеректерди тартууга үйрөтөт, оймону куруу билгичтигин иштеп чыгат, анын элементтерин тилкеде тиешелүү ритмде, тегеректе, квадратта жайгаштырат, кагаздан кыркылган көйнөктү, жеңди, фартуктарды, шапкаларды сунуштайт. Балдар оймонун элементтерин тиешелүү ырааттуулукта жайгаштырууну үйрөнүшөт: ортосунда, бурчтарында, бүтүндөй барак боюнча. **Педагог мурдагы топтогудай эле балдарга краска менен тартуунун эрежелерин эске салат:**

- ➔ жоон сызык жана мазка – кыл калем жантайган;
- ➔ ичке сызык, чекит -— кыл калем тик турат.

Бул курактагы балдарды контурдан чыкпаганга үйрөтүү зарыл, үзүлбөгөн, жай кыймыл, баспастан. Алгач балдарга оймону жалпысынан көрүү зарыл, андан кийин оймонун элементтерин бөлүп көрүшөт, алардын кайталанышына көңүл бурулат. Кургак кыл калем менен педагог үлгүдө кайталап мазокторду, чекиттерди көрсөтөт, сүрөткө туура келген кыймылды аткарат. Ортоңку топто баладан тааныш оймолорду кантип тартса болорун башкаларга көрсөтүүнү суранса болот, мында педагог «башында, андан кийин, аягында» деген сөздөрдү колдонуп, бардык кыймылдарды тиешелүү тартипте эсинде сактап калганга жардам берет. Жыл ичинде түстөр кошулат: күрөң, сары, ачык жашыл. Балдарды тиешелүү түстү жана оттенокторду алуу үчүн краскаларды кошконго үйрөтүү зарыл. Сабактын аягында сүрөттөрдү талдоо ар түрдүүчө курулушу мүмкүн. Төрт жаштагы балдар сүрөткө майда-баратына чейин айтылган. Негизделген талдоо бере алышпайт, бирок алар өздөрүнө жаккан сүрөттү өз алдынча тандай алышат, тартылып жаткан сүрөткө окшош же окшош эмес экенин айтышат, сүрөт кылдаттык менен тартылганбы. Педагог негиздегенге жардам бере алат, эмне үчүн кооз, окшош же окшош эмес ж. б.

Педагог балдарды предметти бөлүктөр боюнча түзгөнгө окутуу боюнча иштерди аткаруусу зарыл: алгач абдан чоңдору, андан кийин майдалары. Мында фигуралардын симметриялуулугуна көңүл бөлүү маанилүү. Декоративдик сүрөт тартуу сабактарында балдар алгач мазокторду, чекиттерди, түз тилкелерди, шакектерди, тегеректерди тартканга үйрөнүшөт. Андан кийин балдарда элементтерди тилкеде, тегеректе, квадратта тиешелүү ритмде жайгаштыруу менен оймону түзүү билгичтиги иштелип чыгат.

**Ийлеп чаптоо.** Беш жаштагы балдар өзүнүн өсүүсү боюнча мурдагы курактагы балдардан айырмаланат. Аларда булчуң системасы жетиштүү деңгээлде бекемделген, сөз байлыгы кеңейген, ушуга байланыштуу кептин жөнгө салуучу ролу жогорулаган.

Балдар предметтердин айрым кызматтык белгилерин бөлүп башташат, бул тартуу процессин жеңилдетет. Алар педагогдун түшүндүрүүсү учурунда бир топ көңүл буруп калышат, бирок иштин натыйжалары экинчи кенже топто аткаргандан азыраак айырмаланат, б. а. предметтерди тартууда пропорция бузулат, форманы берүүдө тактык жок, бөлүктөр бекем бекитилбейт. Бул балдар керектүү деңгээлде тартуу ыкмаларына ээ болбогонунан улам болот, аларда преметтер, алардын формалары, курулуштары тууралуу так түшүнүк жок.

Мурдагы топко караганда формаларды, ритм сезимдерин, симметрияны, пропорцияны эстетикалык кабыл алуу көбүрөөк болот. Бир топ жогорку талаптар балдарга ийлөөнүн айрым ыкмаларын өз алдынча колдонууга жана сабактарда өз оюу боюнча теманы тандоого коюлат.

**Ийлеп чаптоонун техникасына карата талаптар жогорулайт:** балдарга шарт түзүү зарыл, анын учурунда балдар манжасынын учу менен форманы, бөлүктөрдү бекем бириктирүүнү ийлөөгө, майда бөлүктөрдү таякча менен чымчып жасаганга үйрөнүшөт.

Алгачкы сабактарда балдарга чопонун, пластилиндин бөлүктөрүн түз жана тегерек кыймылдар менен сүрүүнү, алынган форманы эки алаканынын ортосунда жалпайтууну сунуштайт. Кайталаган тапшырмалар ийлөө ыкмаларын бекемдөө жана педагогдун талаптарын так аткаруу үчүн өткөрүлөт. Муну үчүн балдарды алакандын аракети менен гана эмес, манжа менен да форманын мүнөздүү бөлүктөрүн берүүгө үйрөтөт. Мындан сырткары, манжа менен балдар сабиздин сүйрү тегерек формасын такташат. Бул процесс оор. Ал предметтин формасын түшүнүүнү, образды так элестете билүүнү, колдун кыймылына көрүү көзөмөлүн жүргүзүүнү талап кылат. Ошентип, жылдын башында болжолдуу декабрга чейин балдар тааныш предметтерди чагылдырышат. Чопону, пластилинди сүргөндү үйрөнүп, түз жана тегерек кыймылдар менен балдар бүтүн предметтерди (жашылча, жемиштер), ошондой эле бир нече бөлүктөн турган фигураларды ийлеп жасашат. Алар куурчактарды, узун шубадагы кызды, кроликти, мышыкты, оюнчук мамалакты, коенду ж. б. ийлеп жасашат. Бардык бул предметтер бөлүктөрдөн турат, аны түзүүгө балдар ээ болушкан, бирок пропорцияларды берүү, предметтерди түзүү, бөлүктөрдү бириктирүү кыйынчылык жаратат. Адамдын фигурасын курууну балдар батыраак түшүнөт, эгерде кар кишини ийлеп жасоодон баштаса. Экинчи кенже топто балдар кар кишини эки шардан ийлешти. Ортоңкуда алар аны үч бөлүктөн ийлешет, бул адамдын фигурасынын негизги пропорцияларын алгачкы өздөштүрүү болуп саналат: алдында чоң шар, ортосунда кичирээк, жогоркусу эң кичине шар. Балдар колду ж. б. бөлүктөрүн чагылдыра алышат: шапка, көз, ооз, мурун. Андан кийин көйнөкчөн куурчакты же узун шубадагы кызды ийлөөгө болот. Эки фигура тең өзүнчө бекем туташтырылган бөлүктөрдөн турат. Акырындап милдеттер татаалдашат. Балдар жаныбарларды чагылдырганга өтүшөт. Мисалы, мышыкты чагылдыруу сүйрү тегерек денени ийлөөдөн башталат, андан кийин баш жана куйрук; алдыңкы буттар жалпы массадан созулуп чыгарылат (арткыларды чагылдырбай койсо боло берет, анткени отурган мышыкта алар дээрлик көрүнбөйт).

- Ийлөө ыкмаларын өркүндөтүүнү улантуу менен, педагог толугураак жана сулуу форманы түзүү үчүн балдарды диск-лепешканын четин чымчып манжасы менен таякчанын учун курчутуп жана тегеректегенге үйрөтөт. Балдар ушул ыкманы пайдаланып, сабизди, пирожкини, ватрушканы, печеньени ж. б. ийлей алышат.

Чопону, пластилинди жалпы массадан созууну балдар жөжөнү, чымчыкты, балыкты жасоодо үйрөнүшөт, ошол эле учурда алар бул предметтердин формасын туура берүүгө, бөлүктөрдү формасы жана көлөмү боюнча өз ара салыштырганга үйрөнүшөт. Мисалы, бүтүн бөлүктөн балыкты ийлөөдө алгач сүйрү тегерек түрүндөгү дененин негизи түзүлөт, андан кийин бир аз тартып, бир тарабын тегеректеп, башын жасайт, куйругун жасаш үчүн каршы тарабын күчтүрөөк тартат, башка салыштырмалуу аны жалпак кылат. Ишти андан ары улантууга болот. Балдар чопону керектүү бөлүккө бөлгөндү үйрөнүшөт. Мисалы, чымчыкты жасаш үчүн балдардын муштумундай чопону экиге бөлүүгө болот. Бир бөлүктөн денеси, экинчиден башы менен койгучу жасалат.

Идишти ийлегенге үйрөтүш үчүн балдарга эки ыкманы көрсөтүшөт: стаканды, кружканы алуу үчүн манжалар менен тегерек жана цилиндр форманы басуу жана тарелка, подносту алуу үчүн жалпайган форманын четтерин көтөрүү керек. Чашканын кармагычын балдар жалпы формадан чымчып тартуу аркылуу, ошондой эле жаңы ыкма менен – ага валикти жабыштыруу аркылуу жасаса болот. Идишти, куурчактын кийимин, чымчык отурган столду жогорку же терендетилген рельеф менен коозлоого болот. Бул бир топ ачык образды түзгөнгө жана балдарды оң эмоционалдык настройго, ритм, симметрия сезимин өстүргөнгө, өз ишин кооз жана бүткөн абалда жасоого жардам берет.

Жайкы мезгилде эреже катары балдар жыл ичинде үйрөнгөн бардык предметтерди ийлешет, андан сырткары, педагог башка предметтерди сунуштайт. Анын сүрөтү балдардын билгичтиктерине дал келиши керек, мисалы, чычкан, кирпи, кой, жемиштер менен

идиш, козу карын менен корзиналар, идиштер. Бардык сабактар предметтик мүнөзгө ээ болот. Алардын бир бөлүгү педагогдун тапшырмасы менен өткөрүлөт, ал эми калган бөлүгү балдардын өздөрүнүн ою боюнча. Балдардын ою боюнча сабак процессинде көпчүлүк учурда үйрөнгөнүн кайталашат. Бул сабактардын негизги милдети – балдарды ийлөө үчүн тема, ойлоп табууга, ишти аягына чейин чыгаруу, предметтин так формасын түзүүдө, аларды бөлүктөр менен кошумчалоодо, ийлөөнүн тааныш ыкмаларын колдонууда өз алдынчалыкты көрсөтүүгө үйрөтүү.

Ийгиликтүү окутуу үчүн окутуунун тиешелүү ыкмаларын тандоо зарыл. Тактап айтканда, ийлөө учурунда балдардын көңүл буруусун активдештирген ыкмаларды, ошондой эле балдардын курчап турган чөйрө тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүүчү ыкмалар. Топто жана сейилдөө учурунда предметтерди кароо жана кубулуштарга байкоо жүргүзүү уюштурулат, аларды чагылдыруу үчүн балдарга сунушталышы мүмкүн. Кароодо педагог балдардын көңүлүн негизги формага, элементардык пропорцияга жана курулушуна гана жана алар түшүнүп, кийин чагылдыра ала турган аракеттерге багыттайт. Мисалы, чымчыктарды кароодо балдардын көңүлүн алардын сүйрү тегерек денесине, тегерек башына, жалпак куйругуна, башы денеден жогору, четине жакын турганына, ал эми куйругу башка тарабынан экенине бурат. Көпчүлүк учурда башка салыштырганда, тумшугу абдан кичинекей экени өзгөчө белгиленет. Мейкиндиктеги абалын педагог жаныбар эмне кылып жатканы менен байланыштырат: эгерде чымчык дан чокуп жаткан болсо, ал башын ийип турат, эгерде суу ичип жатса, анда алгач сууну тумшугуна топтоо үчүн башын ылдый иет, андан кийин сууну жутуу үчүн башын бийик көтөрөт. Кирпи тоголок болуп алган – ал коркуп жатат. Педагогдун мындай түшүндүрүүсү балдарда жаныбардын образы менен анын абалынын ортосундагы байланыштын балдарда түзүлүшүнө жардам берет.

Тереңирээк таанышуу үчүн изилдөө өткөрүлөт, ага колдордун кыймылы кошулат. Алгач чоң адам өзү колу менен денени, башты көрсөтөт жана сөз менен бөлүктөрдүн формасын аныктайт, андан кийин балдардын көңүлүн майдараак бөлүктөрүнө бурат, аларды колу менен сыйпайт жана бул аракетти кайталоону суранат. Мындай изилдөөнүн негизинде балдарда предмет (жаныбар) жөнүндө жалпысынан, анын бөлүктөрүнүн формасы, алардын ортосундагы пропорциялык катыш тууралуу түшүнүк жаралышы керек. Бул алдын ала изилдөө ийлөө учурунда жардам берип, балдарды форманы аң сезимдүү чагылдырганга багыттайт. Бирок предметтерди алдын ала кароо жана талдоо менен чектелүүгө болбойт, сабактын башында талдоого кайра кайрылуу зарыл, бирок эми көрүү менен. Педагог предметтин негизги бөлүктөрүн кол менен тартып көрсөтөт, алардын формасын, көлөмүн жана салыштырмалуу пропорциясын баса белгилеп, атайт. Окутуунун алгачкы баскычтарында балдарга ийлөө ыкмасы тааныш болуш үчүн бөлүктөрдүн формаларын тандоодо формасын жакшы билген ал предметтер менен салыштырууну колдонууга болот. Мисалы, куурчакты ийлөөдө колу таякча сыяктуу, денеси жоон сабизди эске салат, демек, колду да таякча катарында, денени сабиз сыяктуу ийлөө керек деп айтууга болот. 4 жаштагы балдардын билгичтиктери али өтө жогору эмес, көп нерсени алар али жасай алышпайт. Башында сүйрү тегерек дайыма эле жакшы боло бербейт, балдар сүйкөө аркылуу бири бирине туташтырууну жакшы биле беришпейт. Буга байланыштуу педагог толук же жарым жартылай көрсөтүү менен түшүндүрөт. Негизинен балдарга тааныш эмес ыкмаларды гана көрсөтөт же толук өздөштүрүлө элегин көрсөтөт. Мисалы, кирпини чагылдырууда сүйрү тегерек денени көрсөтүшү мүмкүн. Педагог айтат: «Балдар, биз бүгүн кирпини жасайбыз. Анын денесинин формасы жумуртканы элестетет. Карагылачы, аны кантип ийлеп жасоо керек. Чопонун, пластилиндин бөлүгүн оң колумдун алаканына коем, сол колдун алаканы менен минтип жабам, алгач кол менен минтип тегеретип айлантам, тегиз шар болгонун текшерем. Эми кол менен минтип ал жакка-кайра артына кыймыл жасайм, эмне болгонун

текшерем, шар бир аз чоюлду. Оң колумдун манжасы менен бир тарабын бир аз созом, аны жукараак кылам, ал эми экинчи жагын калыңыраак калтырам. Мына, кирпинин денеси даяр болду». Балдар көрсөтүүнүн жана түшүндүрүүнүн баарын дароо өздөштүрбөшү да мүмкүн. Мындай учурларда көңүл бурууну жана эс тутумду активдештирүү үчүн педагог бул ыкманы өздөштүргөндөргө аны балдарга көрсөтүүнү сунуштай алат. Ортоңку топто балдарды айрым көркөм каражаттарды колдонууга үйрөтүү керек, б. а. предметтердин негизги гана формасын эмес, мүнөздүү деталдарын да чагылдыруу керек. Ушундай максат менен предметтерди кароодо балдардын көңүлүн алмадагы чуңкур ж. б. сыяктуу өзгөчөлүктөргө буруу керек болот. Ийлөөнүн натыйжасына балдардын кызыкчылыгын жогорулатуу үчүн сабиз үчүн картондон, алма үчүн барактан сап даярдап коюуга болот. Бирок мындай ыкманы балдарда тиешелүү билгичтиктер жетишсиз болгон башында гана аткарууга болот. Окутуу процессинде акырындык менен балдар сапты өздөрү ийлеп баштайт. Бир топ ачык образды түзгөнгө балдарды алып келүү үчүн жандуу объектини байкоодон сырткары балдар менен оюнчуктарды, кичине формадагы скульптураларды же педагог даярдаган фигураларды кароону уюштурса болот. Кароо үчүн эки бирдей, бирок эки абалдагы фигура тандалып алынат. Мисалы, «чымчыктар тамак чокуп жатышат» деген темада ийлей алышат. Бир чымчык тынч турган абалда, анын денеси столдун тегиздигине карата горизонталдуу, ал эми экинчиси ийилген абалда, ал чокуп жатат, анын денеси кыйшык турат. Башка теманы аткарууда: «Коендор сабизди кемирип жатышат» – бир коен өзүнө жабышкан таман менен, анын жанында сабиз, ал эми башкасы арткы буттарында отурат, алдыңкылары менен сабизди кармап турат.

Теманы ушундайча берүү балдарга кызыктуу жана аларды чагылдырууда ар түрдүүлүк жөнүндө ойлоого шыктандырат. Бирок бир сабакта эки фигураны ийлеп жасоо балдар үчүн оор экенин унутпоо керек. Ошондуктан бир предметти, баланы тарткан абалда жасоону сунуштоого болот. Теманы жана натыйжаны башкача кылып көрсөтүү мурдагы топтогудай эле иштиктүү окутуу ыкмаларынан болот. Ошентип, бардык жасалган чымчыктарды бир койгучка (подставкага) жайгаштырышат, аны чымчыктардын акыры деп аташат. Бул акырды балдарга көрсөтүп, педагогдун мурда жасап койгону жакшы. Бул максатта тактаны же калың картонду пайдаланууга да болот. «Тортту ийлеп жасоо» темасы куурчактар үчүн тамак даярдоо менен байланыштырылат. Сабактын башында балдарга куурчак үчүн тамак даярдоо сунушталат, аягында жасалган буюмду столго жайгаштырышат, аны тегеректеп куурчактар отурушат. Эгерде балдар жаныбарларды чагылдырса, анда коенектерди картон балатынын же педагог даярдаган эне коендун жанына жайгаштырышат ж. б.

Балдарды пропорцияны туура берүүгө үйрөтүү үчүн салыштыруу ыкмасын колдонуу керек. Мисалы, куурчактын колун чагылдырууда педагог алдын ала даярдалган таякчаны алат, аны тең экиге бөлөт, алынган бөлүктөрдү салыштырат, алардын узундугун аныктайт. Деталдардын узундугун салыштырууга балдарды үйрөтүү, шакектерден корзинаны ийлеп жатканда да колдонууга болот. Балдарга түп болгон дискти жана бирдей узундуктагы 4 таякчаны ийлөө сунушталат. 3 таякчадан корзинанын өзү жасалат, ал эми төртүнчү ручка үчүн колдонулат. Бөлүктөрдүн узундугун тактоо таякчаларды салыштыруу менен болот, балдар бир таякчаны түпкө коет, эгерде ал узунураак болсо, аны кыскартат. Ар бир кийинки таякча мурдагыга теңдештирилет да, ага бекем басылат. Ийлөө алдында түшүндүрүү учурунда, ошондой эле каалаган сабак процессинде педагог балдардын акыл активдүүлүгүн шыктандыруучу форманын мүнөзү, деталдары, пропорциялары, ийлөө ыкмалары тууралуу балдарга суроо берет. Мисалы, кыздардын шубасындагы жаканы кантип жабыштыруу керек, коендун кулагын кантип жасоого болот ж. б.

Балдарда сабакка карата кызыкчылыкты жана оң мамилени, ошондой эле ачык образдуу түшүнүктөрдү жаратуу үчүн ийлөөгө бир күн калганда же сабактын башында

кыска жомокторду, ырларды же табышмактарды окуп берүүгө болот. Бул чыгармалардын мааниси теманы, форманы, түзүлүштү, өлчөмдү ж. б. ачып бериши маанилүү. Бир топ көркөм образдарды жаратуу үчүн стека-таякчаны ж. б. сунуштоого болот. Балдарга аны менен чопону, пластилинди бөлүктөргө бөлүп кесүүнү, ашыкча чопону алып койгонду, ошондой эле анын жардамы менен майда деталдарды, оймолорду койгонду көрсөтүү керек. Мисалы, коендун көзүн чагылдыруу үчүн фигураны койгучка коюп, бир кол менен кармап турат, экинчи кол стека менен көздөрдү белгилейт. Балдардын ою менен сабактар өзгөчө көңүл бурууну талап кылат, алар бардык мурдагы иштердин негизинде даярдалат. Сабактын башында балдарга теманы тандоону сунуш кылат, анүчүн сейилдөөдө эмнени көрүшкөнүн, аларга эмне жөнүндө окулганын ж. б. эстөөнү суранат. Балдар теманы аныктап, ишке киришкенден кийин педагог суроолору жана сунуштары менен алардын көңүлүн түзүлүп жаткан образдын көркөмдүгүнө багыттап турат, коендун, мышыктын, мамалактын кулагынын өзгөчөлүгүн, алардын жайгашуусун, персонаждын аракеттерин белгилейт. «Сенин коенегиң эмне кылып жатат? – деп сурайт педагог баладан. – Ал отурганы баарына түшүнүктүү болгондой кылчы». Же бала жасаган чымчык жакшы ачык көрүнбөгөндүгүн байкап, айтат: «Чымчык жакшы болуптур, бирок ал эмне кылып жатканы түшүнүксүз. Ойлонуп көрчү, ал суу ичип жатканын баары дароо түшүнгөндөй болуш үчүн аны койгучка кантип орнотуу керек». Мындай суроолор ийлөө учурунда балдардын ой жүгүртүү ишмердигин активдештирет, балдарды образдын үстүнөн иштегенге үйрөтөт.

Балдардын предметтин формасы, пропорциясы жана ийлөөнүн ыкмалары тууралуу түшүнүгүн кеңейтүү менен натыйжаны талдоо мезгилинде эмне жаралганы тууралуу чакан маектешүүлөрдү өткөрүү маанилүү. Балдарга эмне жаралып жатканы тууралуу шыктандыра турган суроолорду берүү менен аларды дайыма активдештирип туруу зарыл.

**Аппликация.** Беш жаштагы балдарда таасир алуу, билим жана билгичтиктер олуттуу байыды. Колунун булчуңдары бекемделди, кыймылдары бир топ ишенимдүү, эрктүү болуп калды жана кыймылынын үстүнөн кыйла максаттуу көзөмөл жаралды. Мунун баары аппликация боюнча сабактардын мүнөзүн сапаттуу өзгөрткөнгө мүмкүнчүлүк берет.

Ортоңку топто акырындык менен татаалдатуу – жөнөкөйдөн татаалга принцибин сактоо, көп сандагы деталдар жана формалар менен предметтик, декоративдик жана сюжеттик аппликацияга окутат. Кайчы менен иштөөнүн техникалык ыкмаларын балдар акырындык менен өздөштүрөт. Кыркуунун тигил же бул ыкмасына ээ болуу, бир канча жолу кайталоону, көнүгүүлөрдү талап кылган узак процесс, бирок алар балдар үчүн кызыктуу жана жеткиликтүү болушу керек. Балдарды тегерек формаларды – тегерек менен, сүйрү тегеректи кыркууга үйрөтүү абдан кыйын болуп саналат. Предметтик сүрөттөрдү тандоо менен ишке балдардын алы жетерин эске алуу зарыл. Балдар кар кишини, жатпасты, жемиштерди, самолетту, пирамиданы, кызыктуу оюнчукту кырка алышат.

Окуу жылы ичинде кээде татаал эмес сюжеттик композицияларды сунуш кылуу керек: көмөч токойдогу жол менен тоголонуп бара жатат, кар киши дөңчөдө, балапандар шалбаада, козу карындар чөптө. Сабактарда балдар жекече гана эмес, жамаат менен да иштешет. Алар чоң аппликациялык килем, жашылча-жемиштер менен дүкөндүн витринасын, абадагы самолету чагылдыра алышат.

Мындан сырткары, ортоңку топто балдарга өз каалоосу менен аппликацияны аткаруу мүмкүнчүлүгү берилет – апасы үчүн открытка жасоо, сүйүктүү оюнчугун кыркуу, даяр элести (фартук, кол кап, шапка) татаал эмес оймо менен коздоо, жөн гана ким эмнени кааласа, ошону кесип, чапташат.

Ортоңку топто негизги көңүлдү балдардын предмет тууралуу түшүнүктөрүн тактоого буруу сунушталат. Буга колдун кыймылын кошуу менен предметти контуру боюнча иликтөө, түрдүү дидактикалык оюндарды колдонуу, картиналарды, иллюстрацияларды,

открыткаларды карoo, ошондой эле курчап тургандарга байкоо жүргүзүү кызмат кылат. Сабактарда колдонулган окутуу усулдары тема, программалык мазмун менен гана эмес, балдар тарабынан эмне, өздөштүрүлгөнү менен да тыгыз байланышта.

Окутуунун жетектөөчү усулдарынын бири предметти кароону жана талдоону өзүнө кошкон **маалыматтык-рецептивдик** болуп саналат, аны чагылдыруу керек. Педагог предмет, анын сапаттары жана чагылдыруу ыкмалары тууралуу балдардын өздөрүнүн айтуусуна мүмкүнчүлүк берүү менен балдарды активдештирет. Өзүнчө бөлүктөрдөн предметтик сүрөттү түзүү менен балдар форманы кескенге, предметтин түзүлүшүн берүүгө, мында көлөмдүк катышын сактоого үйрөнүшөт. Ошентип, мисалы, чоң даяр кагаздардан чоң бөлүктү, кичинеден кичинекей бөлүктөрдү кесишет ж.б. Балдар сабакта декоративдик иштерди же бир типтүү предметтик сүрөттөрдү аткарып жатканда, конструкциялардын варианттарын, түстүк чечимди, түрдүү жайгашууну көрсөтүү керек. Түсү, көлөмү жана жайгашуусу ар башка элементтерден кандай ар түрдүү предметтик сүрөттөр (балаты шурусу, кызыктуу оюнчук, шылдырак) жараларын көрсөтүүгө болот. Же балдар бир эле элемент менен кайсы бир предметти ар кандайча коздоого болорун көрүшөт. Мисалы, квадрат салфетка айланта же ортосунда, же бурчтарында тегерек жана үч бурчтук оймо менен кооздолгон.

**Ортоңку топто кесүү биринчи жолу киргизилет.** Ошондуктан негизги көңүл кайчы менен иштөө техникасын өздөштүрүүгө багытталган, кесүү ыкмаларын көрсөтүү колдонулат. Биринчи сабактарда педагог кайчыны кантип туура кармоону көрсөтөт – оң колдун чоң жана ортоңку манжалары кайчынын шакектерине киргизилет, сөөмөй аларды алдынан колдойт, лезвияларынын учу алдыга багытталган. Кагазды кесүү ыкмаларын көрсөтүү менен педагог алгач лезвияны ачып, сол кол менен ичке тилке кагазды салып, кайчынын шакектерин басып, тилке, тик бурчтук пайда болгонун көрсөтүү керек. Кагаздын эндүү тилкесин кесүүдө кайчынын алдыга жылуу ыкмасын көрсөтүү зарыл: лезвияны ачып, кагаз менен алдыга жылдыруу – кайчы «кадамдоодо». Тегерек формаларды кесүү ыкмаларына балдарды үйрөтүү процессинде алардын көңүлүн буга буруу керек, квадратта, тик бурчтукта аларды колдо акырын тегеретүү менен бурчтарын гана кесүү зарыл. Бул ыкма балдар үчүн абдан татаалдардын бири, ошондуктан башында жөнөкөй кагаз менен көнүгүүлөрдү аткарып, анан түстүү кагазды берүүгө болот. Тигил же бул форманы тааныш ыкма менен кесүү талап кылынганда, айрым балдардан кесүү ыкмасын көрсөтүүнү сурануу максатка ылайык. Бул балдардын кызыгуусун, иштин сапаты үчүн жоопкерчиликти жогорулатат.

- Педагог **бардык көрсөтүү аракеттерин сөз менен так түшүндүрүү, көрсөтмө берүү менен коштолушу керектигин эсинен чыгарбашы абзел,** кээде образдуу салыштырууларга өтүү керек: «Сүйрү тегеректи тик бурчтуктун кичине тарабынын ортосунан кесип баштайм, акырындык менен бурчтарын анын чоң жагынын ортосуна чейин бурч түшүп калганча тегеректейм…». Сүйрү тегерек кесиле турган фигураны өздөрү тандоосун балдарга сунуштоого болот.

Кесүү техникасына ээ болуу – кызыктуу жана ар түрдүү аппликациялык сүрөттөрдү алуу ийгилигинин негизи экенин балдарга түшүндүрүү зарыл. Абдан оор сүрөттөрдү түзүү ыкмасын фланелеграфта жана доскада форманы бир аз майлоонун жардамында көрсөтүүгө болот. Мында балдарда активдүү ой жүгүртүү, мурдагы тажрыйбага таянып туура чечим табуу жөндөмүн өстүрүү зарыл. Айрым учурларды **репродуктивдүү** усул – тигил же бул ыкмада көнүгүү натыйжалуу болот. Мисалы, педагог көрсөткөндөн кийин бардык балдарга кайчыны туура кармоону жана абада бир канча жолу жеңил кыймыл жасоону – лезвияны ачууну, жабууну сунуштоого болот. Педагог балдар кайчыны кантип кармап жатканын, кантип ачканын, кимде көйгөй болгонун карап көзөмөлдөйт. Алгач кагазга манжа менен сызык «тартууну» сунуштоого болот, ал боюнча кайчы менен кесилет. Бул кесүү ыкмасына аң сезимдүү мамиле кылганга жардам берет.

Сабак процессинде түрдүү усулдар жана ыкмалар биримдикте жана өз ара байланышта колдонулат. Педагогдун ролунун мааниси өсөт, ал балдардын билимине, билгичтиктерине, көндүмүнө таянуу менен көрсөтмөлүү аракеттерди колдонбой, тапшырманы түшүндүрөт. Балдардын алдына аппликацияны кантип аткаруу, тигил же бул форманы кандай даярдалган кагаздардан кесүү керек деген суроолорду балдарга тез-тез берип туруу зарыл. Иште көркөмдүктү берүү үчүн көркөм сөздү (табышмактар, макалдар, ырлар ж. б.) жакшылап колдонуу керек. Вариативдүү мүнөздөгү аппликацияларды түзүүдө балдардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын күчөтүп турган кеңештерди берүү кажет. Анткени кайчы менен иштөө татаал, мында жекече окутууга зор көңүл бурулушу керек. Бирок бир бала менен иштеп жатып, бардык топту дайыма көрүп туруу зарыл.

Балдардын иштерин талдоону балдарды активдүү катыштыруу менен өткөрүү зарыл. Балдарга суроолорду кемчиликтин, каталардын, сапатынын начар болушунун себептерин атай билүү сунушталат. Мисалы, «Көмөч токойдогу жолдо тоголонуп барат» темасы боюнча балдардын аппликациясын кароодо педагог бардык көмөчтөр тегерек болбогонун белгилейт да, эмне үчүн көмөч тегерек болушу керектигин сурайт. Жооп берип жатып, балдар тегерек форманы кесүү ыкмасын дагы бир жолу такташат. Көңүлдү образдын көркөмдүгүнө буруу, кимдин көмөчү шайыр, ак көңүл же кайгылуу жана эмне үчүн ушундай болуп калганын суроо маанилүү. Балдар муну байкашат, шайыр көмөчтүн оозу чоң, ал эми көздөрү кичинекей, ошондуктан ал күлүп жатканга окшойт.

## Жогорку топ (алты жаштагылар)

Беш жашка карата балдар курчап тургандар жөнүндө жетиштүү көп запастагы түшүнүктөргө ээ болушат, аларды өзүнүн активдүүлүгүнүн, суроолорду берүүгө жана эксперимент жасоого умтулуусунун негизинде ээ болот. Предметтердин негизги касиеттери жөнүндөгү түшүнүктөр тереңдейт. Бала негизги түстөрдү билет жана өңдөрү жөнүндө түшүнүгү бар, геометриялык фигуралар эмнеси менен бири биринен айырмаланарын айтып бере алат, көптөгөн предметтерди көлөмү боюнча салыштырат.

Көпчүлүк балдар ойлогонун жетишерлик так чагылдырат, кистинин арты жана плашмя, краска менен ичке жана жоон сызыктарды жасашат, шакектерди, догоону тартышат, бир чекиттен үч мазокту жасашат, ачык, кочкул жана жаңы өңдөрдү алуу үчүн палитрада красканы аралаштырышат, ачыгыраак түстү алуу үчүн негизги тонду агартат, бир красканын үстүнө экинчисин бере алат. Балдар чын дилинен сүрөттү контуру боюнча сызышат, фигураларды штрихтешет.

Алар бүтүн чопо пластилин бөлүгүнөн ийлеп жасай алышат, форманы манжаларынын учтары менен моделдештиришет, бириккен жерлерди сыйпалап сүртөт, манжасы менен негизги формадан деталдарын чымчып чоет, өзүнүн ишин стектин жана налептердин жардамы менен коздойт. Аларда кайчы менен иштөө практикалык көндүмдөрү өркүндөйт. Балдар квадраттан тегеректи, тик бурчтуктардан овалды кесе алышат, бир геометриялык фигураларды башкасына айлантышат: квадрат – бир нече үч бурчтук, төрт бурчтук – тилке, квадраттар жана майда тик бурчтуктар; кесилген фигуралардан түрдүү предметтердин сүрөттөрү же декоративдик композициялар.

**Сүрөт тартуу**. 5–6 жаштагы балдардын жаңы мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык, балдардын сүрөт тартуусун башкаруу бир топ системалуу болуп калат, окутуу милдеттери татаалдашат. Жогорку топтогу балдардын сүрөт тартуунун колдонмосу баланы эмнеге, кантип окутууну так аныктап, сүрөт тартуунун бардык түрлөрүн камтышы керек.

Баланын **ою боюнча** сүрөт тартуу колдонмосу чоң роль ойнойт. Балдар өз ойлору боюнча өздөрү тарта алашат. Бирок педагогдун балдар чыгармачылыгынын бул түрүнө карата мамилеси, анын сапатына талап кое билүүчүлүгү, иш процессинде жардам

бере билүүсү, иштерди балдар менен бирге мезгил-мезгили менен сынчыл кароо балдардын өз ойлору менен тартуусуна оң таасир этет. Балдардын оюю менен сүрөт тартуу олуттуу деңгээлде жогорку топто да балдардын ойлорун, кызыкчылыктарын жана ички кыйналууларын чыгармачыл көрсөтүү каражаты катары калышы кажет; ага жетиштүү деңгээлде көңүл буруп, сезимталдык менен башкаруу керек. Балдардын чыгармачыл демилгесин ойлонуп өнүктүрүү зарыл, ал сүрөт тартуунун бул тибинде толугу менен ачылат. Көп көңүл балдардын өз алдынча чыгармачылыгын өстүрүүгө бөлүнөт. Элестетүү боюнча чыгармачыл иш биринчи кезекте тажрыйбанын байлыгына негизделиши мүмкүн. Ошондуктан кабыл алуу тууралуу маселе борбордук болуп саналат жана сүрөт тартуу боюнча түрдүү усулдарды жана ыкмаларды талап кылат. Жогорку топтун балдары үчүн оюн дагы да сүрөт тартуу боюнча окутуунун негизги ыкмаларынын бири болуп кала берет. Мисалы, сабактын башында топко Аяз Атадан кат алып келишет, анда ал жаныбарлардын балдарына балатыга чакыруу кат жазууну суранат.

**Натура катарында** мында ортоңку топко караганда бир топ татаал жана ар түрдүү предметтер колдонулушу мүмкүн. Башында натура жөнөкөй – жашылчалар, жемиштер, бирок эгерде ортоңку топто алманы тартууда көңүл анын негизги белгилерине – тегерек формасына жана түсүнө бурулса, жогорку топто так ушул биздин алдыбызда жаткан алманын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн – формасы тегерек, узунураак же жалпайган ж. б. көргөнгө жана бергенге үйрөтөт. Бул өзгөчөлүктөргө өң бериш үчүн натура катары эки башка формадагы эки алманы сунуш кылууга болот. Жөнөкөй формадагы предметтерден сырткары жогорку топто татаалыраак натураны да колдонуу керек – жалбырактары чоң жана түзүлүшү татаал эмес бөлмө өсүмдүктөрү: фикус, амариллис. Тандалган нускада азыраак жалбырак болушу керек (5–6, амариллисте 1–2 гүл). Натура катары жалбырактары, гүлдөрү бар дарактардын жана бадалдардын жалбырактарын, жалбырактары жана гүлдөрү жөнөкөй формадагы айрым талаа жана бакча гүлдөрүн тартууга болот. Симметриялуу түзүлгөн туура геометриялык формага ээ предметтерге караганда мындай предметтерди тартуу татаалыраак. Өсүмдүктүн татаал түзүлүшү, анда жалбырактар топ-топ болуп, бутактары көп тарамдап кетсе, жогорку топтун балдары аны бере албашы көбүрөөк, бирок жалбырактарынын бирин жогору каратып, экинчисин түшүрүп тарта алышат.

Андан да татаал натура – түрдүү предметтерди чагылдырган оюнчуктар. Эгерде кайсы бир жаныбар тартылса, жөнөкөй форма менен тукаба оюнчуктарды алган туура болот – буттары узун, сүйрү тегерек дене, тегерек баш, мисалы, мишка, коен. Натуранын балдардын алдында жайгашуусу тапшырмадан көз каранды болот. Эгерде туура пропорцияны берүү керек болсо, натура статикалык (тынч) абалда, бардык бөлүгү көрүнгөндөй балдарга бурулуп турушу керек. Балдарга кыймылды берүү тапшырмасы берилсе, кээде бөлүктөрдүн абалын өзгөртүүгө туура келет. Жогорку топто балдар жандуу объектилердин татаал эмес кыймылдарын бере алышат. Бул кыймылдагы предметтин негизги түзүмү бөлүктөрүнүн формасы сыяктуу эле көп өзгөрүп кетпеши керек. Колдору жөнөкөй формада, бирок жогору көтөрүлгөн, буттардын башы бир тарапка бурулган ж. б. Сүрөт тартууда форманы өзгөртүү зарылчылыгы балдарды натураны бир топ көңүл коюп кароого, аны менен сүрөттү салыштырууга мажбурлайт. Кыймылдын мүнөзү тууралуу түшүнүктү жана алар менен байланышкан бөлүктөрдү дагы көбүрөөк тактоо үчүн педагог бүгүлгөн колду жана бутту тартууда кыйналып жатканга өзү ушундай туруп көрүүнү жана кыймылын сөз менен берип көрүүнү сунуштай алат, мисалы, «Колума желекче алдым, аны чыканактан бүктүм да көтөрдүм, экинчи колум ылдый түшүп турат, ал түз болуп турат». Натура сүрөттүн кагазда туура жайгашуусун өздөштүргөнгө жардам берет. Бул максатта натура түстүү кагаздын же ошондой эле формадагы картондун алдына жайгаштырылат, бирок чоң өлчөмдө. Натураны кароодо педагог балдардын көңүлүн ал барактын ортосунда тургандыгына, капталдарынан барактын кагаздын четтери көрүнүп турганына бурат. Бул балдардын өзүнүн барагында сүрөткө орун табууда балдардын милдетин жеңилдетет.

Натуранын формасын жана абалын кароо жана талдоо педагогдун сүрөттөлгөн жесттери жана суроолору менен коштолот. Натурадан тартуу кошумча көрсөтүүнү талап кылбайт, жаңы техникалык ыкмаларды өздөштүрүү буга кирбейт, мисалы, карагайдын бутагын тартууда үзбөгөн штрихтөө. Натураны карагандан кийин педагог балдарга бөлүктөрдү чагылдыруу ыраатын түшүндүрөт. Балдар түшүндүрмөнү түшүнгөнүн тактоо үчүн алардын ичинен бирөөдөн алар эмнеден баштап тартарын суроо керек жана сабактын башында туура эмес баштагандарга көңүл буруу керек. Натура иштердин натыйжаларын предмет менен салыштыруу үчүн сабактын аягында да пайдаланылышы мүмкүн. Педагог үчүн баалоо критерийи болуп коюлган программалык милдеттер, ал эми балдар үчүн натура менен конкреттүү окшоштук саналат.

Сүрөт сабактарында **картиналарды колдонуу** балдардын тигил же бул предмет тууралуу түшүнүктөрүн тактаганга гана жардам бербестен, аларды көркөм ыкмалар менен да тааныштырат. Мисалы, кыз топ ойноп жатат – анын жогору көтөрүлгөн колдору тартылган. Кээде картинаны сүрөт тартуу процессинде качан бала предметтин кайсы бир бөлүгүн, деталын унутуп калганда колдонууга болот. Картинаны карагандан кийин педагог балдардын көчүрүп албоосу үчүн аны алып салат. Картина, педагогдун аны алмаштырган сүрөт сыяктуу балдар сүрөттөрү үчүн үлгү болуп кызмат кыла албайт жана көчүрүп тартуу үчүн колдонулат. Картинаны кабыл алуу турмуштагы байкоолорго негизделиши, көргөнүн аңдап сезгенге балага жардам бериши керек. Педагог даярдаган үлгү жогорку топто негизинен декоративдик сүрөт тартууда колдонулат. Сүрөт тартуунун максаттарына жараша үлгүнү колдонуу методикасы ар кандай болушу мүмкүн. Так кайталоо үчүн ал качан балдар кайсы бир жаңы композициялык ыкма же оймонун элементи менен таанышкан учурда берилет. Мисалы, алар «примакивания» аркылуу борборду айланта гүлдүн таажыларын симметриялуу жайгаштырып, гүлдү түзгөнгө үйрөнүшөт. Бардык көңүл бул милдетти аткарууга топтолушу зарыл, ошондуктан бул жерде педагогдун үлгүсүн балдардын көчүрүүсү толугу менен өзүн актайт, гүлдүн таажыларын тартуунун ырааты – үстүндө-алдында, солдо-оңдо, алардын ортосунда. Бирок жогорку топто көпчүлүк учурда үлгү коюлган милдетти түшүндүрүү үчүн колдонулат. Оймону балдар өз алдынча аткарышат, өзүнүн каалоосу боюнча бардык анын элементтерин. түсүн ж. б. тартат. Жаңы тапшырма балдарга түшүнүктүү болушу үчүн жана сүрөттөр ар кандай болушу мүмкүн экендигин алар түшүнүш үчүн 2–3 үлгүнү алып, аларды өз ара салыштырууга, аларда эмне жалпы, кандай айырмачылык бар экенин аныктоого болот.

Сабактын аягында сүрөттөрдү талдоодо балдардын демилгесин колдоо максатында педагогго чыгармачылык элементтери бар жерлерди бөлүп көрсөтүү сунушталат. Балдар педагогдун чыгармачылыкка карата колдогон мамилесин дароо сезишет жана өз алдынча иштегенге аракет кылышат.

Натураны, картинаны, үлгүнү пайдалануу көпчүлүк учурда тартуу ыкмасын көрсөтүүнү талап кылат. Жогорку топто сүрөттү толук көрсөтүү ортоңку топко караганда азыраак колдонулат. Дайыма иштин кайсы бир бөлүгүн балдардын өз алдынча чечимине калтырууга болот. Бөлүктөрдү тартуу ырааттуулугун түшүндүрүү керек болгондо көрсөтүү толук болушу мүмкүн. Мисалы, жүк машинаны кантип тартууну балдарга түшүндүрүп жатып, педагог сүрөттү кабинадан баштайт, ал сүрөттүн курулушунун борбору болуп саналат, андан кийин машинанын калган негизги бөлүктөрүн тартат, балдарга өз алдынча майда бөлүктөрүн чагылдыруу гана калат.

**Жарым-жартылай көрсөтүү да колдонулат.** Мисалы, балдар көп кабат үйдү чагылдырууга үйрөнгөн жерде эки же үч кабат үйдү тартууда терезелерди катар жайгаштырып жатып, педагогдун бүтүндөй үйдү тартып чыгуусу зарыл эмес. Алдын ала тартылган тик бурчтукта ал бир кабатты кантип экинчисинен ичке сызык менен бөлүүнү жана ошол сызыктын үстүнөн катар терезелерди тартууну көрсөтөт. Бардык терезелерди

тартуунун зарылчылыгы жок, ошондой эле чатыры, терезелердин үстү тартылбайт. Кандай үйлөрдү көргөнүн эстөө жана өздөрүнө жаккандай тартуу балдарга сунушталат. Декоративдик сүрөт тартууда оймо түзүүдө бир нече үлгүнү карагандан кийин педагог гүлдү эмнеден баштап тартууну, таажыларын кантип симметриялуу жайгаштырууну жарым-жартылай көрсөтөт. Педагог бүтүндөй гүлдү тартпайт, болгону таажылардын 2–3 катарын гана тартат, гүлдүн толук сүрөтүн балдар үлгүдөн көрүшөт.

Тапшырманы бала аткара албай жатса, педагог сөзсүз түрдө жардам берет. Мында бала тарта албай жаткан элементти анын сүрөтүнөн эмес, башка баракта көрсөтүү керектигин эсинен чыгарбашы керек. Бул учурда бала кантип тартуу керек экендигин көрөт, мүмкүн бул ыкманы өзү кайталап көрөт. Сүрөттүн баракта жайгашканын түшүндүрүүдө педагогдун тартпай эле койгону жакшы, жөн гана тигил же бул тапшырманы кантип аткарууну тартып жаткандай жест менен көрсөтсүн. Жогорку топтогу балдардын тапшырманы түшүнүүсү жана аны өз алдынча аткарууга аракет кылуусу үчүн бул жетиштүү болот.

**Көркөм чыгармаларды колдонуу** балдар сүрөттөрүнүн тематикасын кеңейтет жана ошол эле мезгилде алардын чыгармачыл демилгелүүлүгүн өстүрүүгө жардам берген окутуу усулу болуп саналат. Көркөм сөз образы кайсы бир предметтин конкреттүү белгилерин же кубулуштарын ачып берет жана ошол эле учурда образды жана аракет болуп жаткан кырдаалды ойлонууга мүмкүнчүлүк берет. Мисалы, Ш. Перронун «Кызыл топучан» жомогунун каарманы үчүн сырткы белгилер сөзсүз: кызыл түстөгү топу (шапочка), чоң энесине тамак салган корзинка, калган бардыгын сүрөт тартууда бала өзү ойлоп табат – кыздын позасы, анын бети, прическасы, кийими, бут кийими. Жогорку топтун балдары мындай сөз образдары менен ишти жакшы аткарышат, алар тууралуу түшүнүк турмуштагы ошого окшош нерселерди кабыл алууга таянат. Айрым жомоктордун каармандары оюнчук түрүндө берилген – Буратино, доктор Айболит ж. б. Алар менен оюн бул образдарды балдар үчүн жандуу, аракеттенген, конкреттүү кылат, бул аларды тартууну жеңилдетет. Бирок жогорку топтогу балдар үчүн сөз образын көрсөтмө менен түздөн түз бекемдөө милдеттүү эмес. Алардын элестетүүлөрү көркөм образда бар бир нече белгинин негизинде аны бүтүндөй түзө алат. Көркөм образдарды колдонуу ойду ачып бергенге жардам берет. Сюжеттүү темада өзүнүн ою же тапшырма боюнча сүрөт тартуунун алдында балага көптөгөн таасирлерден ушул темага тиешелүүсүн тандоого жардам берүү зарыл, анткени таптакыр өз алдынча тандоо кээде кокустуктан толук эмес, туура эмес болот. Көркөм чыгарманы бир катар эпизоддорго бөлүүгө болот, анда тексттин өзү менен аракеттенген адамдар, окуялардан орду жана убактысы аныкталат. Беш жаштагы балдар муну дайыма эле чече бербейт. Педагог сабактын башында алар менен бирге бул чыгарма боюнча кандай картиналарды тартууга болорун, башында эмне болду эле, анан ал эмне менен аяктады эле, буларды талдайт. Педагог кайсы бир эпизоддун темасын өзү сунуштай алат же балдардын тандоосуна бир канча эпизодду бере алат. Мисалы, «Кичинекей үй» темасына сүрөт тартууда жаныбарлар эшикти биринин артынан бири кантип ургулаганын, так кимиси экенин бала өзү тандайт, ошону тартууну сунуштайт.

Бул курактагы балдар гүлдөрдүн кооз айкалышуусу, предметтердин жайгашуусу, тартуу техникасы жөнүндө алган билимдерин пайдалануу менен өздөрүнүн жоопторун негиздей алышат.

- Начар иштин жамаат менен талкуулоонун кереги жок, аны автор менен жекече талкуулоо керек.

Ишмердиктин натыйжасына карата сынчыл мамиле бул курактагы балдарда жогорулайт, ошондуктан мында өзүнүн ишин **натура же үлгү менен салыштыруунун** натыйжасында аны талдоого болот. Бала тиешелүү сүрөткө толук, объективдүү баа бере

албаганы менен (ал туура иштелгенби же жок), туура келбестикти, катаны байкай алат. Муну андан талап кылууга болбойт, анткени бала өзүнүн ишине канааттануу сезимин сактаганы маанилүү. Бул ойду иштерди баалоо тууралуу маалыматты баяндап жатканда, бардык бөлүмдөр боюнча кызыл сызык катары өткөрүү керек. Эгерде ал катасын таап, аны аңдап сезсе, аны азыр же бош убакытта оңдогонго мүмкүнчүлүк берүү зарыл. Ыкмаларды тез өздөштүрүп, тапшырманы жакшы аткарган жөндөмдүү балдарга иштин сапаты жана мазмуну, сүрөттүн көркөмдүгү боюнча чоң талаптарды коюуга болот. Баланы дайыма эле мактай берүү такай эле уруша берген сыяктуу алардын чыгармачыл өсүүсү үчүн зыяндуу, анткени ал да, бул да мыкты натыйжага жетишүүгө тоскоол болот. Мында педагог такты жана ченемди сакташы зарыл.

**Ийлеп чаптоо.** Алтынчы жылы балдар ийлөөдө белгилүү тажрыйба топтошту, алардын иштери мазмуну боюнча да, чагылдыруу ыкмасы боюнча да ар түрдүү боло баштады. Колунун манжалары бекемделип, колунун майда жана ири булчуңдары чыңалды, буга ылайык чопо менен иштөө үчүн так жана татаал аракеттерди жасаганга мүмкүнчүлүк жаралды. Психикасында өзгөрүүлөр болду. Көңүл буруусу омоктуу болуп, эс тутуму жакшырды. Балдарда алгач предметти элестетип, анан аны ийлөө билгичтиги пайда болду. Ийлөө учурундагы балдардын кыймылы бир топ так болуп калды, анткени манжаларынын кыймылы үчүн көрүп көзөмөлдөө жогорулады.

Ошол эле учурда жогорку топтун балдары предметти түзүп жатып, форманы тактоонун үстүнөн аз иштешет. Муну алар үчүн предметтин бөлүктөрүнүн болушу жана анын формаларынын сырткы белгилери маанилүү экени менен түшүндүрүүгө болот. Майда деталдарды чоюп чыгарганда анын чуңкурайып калган ордун балдар оңдошпойт. Форманы чагылдыруунун кылдаттыгына умтулбастан, сабактын калган бөлүгүндө балдар башка предметтерди ийлеп киришет. Мисалы, итти чагылдырууда бала тамак үчүн табакты же күчүктү жасашы мүмкүн. Калыптанган көрүү образынын негизинде жогорку топтогу балдар ортоңкуга караганда предметтерди динамикада көп ийлеп жасашат, бирок аракеттери, эреже катары алдын ала ойлонулбайт. Предметти чагылдыргандан кийин адамдын, жаныбарлардын буту-колдорун накта механикалык өзгөрткөндөн уланып кетет. Мисалы, бала итти ийлеп жасады жана кокусунан тамандарын бекем басып алды. Бул ага жүгүрүп бара жаткан итти элестетти. Ал педагогдун ит эмне кылып жатат деген суроосуна: «Ал кожоюнунун артынан жүгүрүп бара жатат» деп жооп берет.

Жыл башында балдар абдан жөнөкөй жана тааныш предметтерди ийлешет, мүнөздүү деталдарын берүүнү үйрөнүшөт, колдун кыймылын, башкысы – манжаларын пайдаланышат. Балдарды өзүнчө бөлүктөрдөн предметти чагылдырууга, ошондой эле жалпы массадан чоюп тартууну үйрөтүү улана берет. Балдарга жашылчаларды жана жемиштерди ийлеп жасоо сунушталат. Балдар форманын мүнөзүн бергенге үйрөнүш үчүн, алар бир эмес, эки же үч ачык көрүнгөн формадагы предметти ийлеп жасашы зарыл. Мисалы, балдар сабизди жана кызылчаны ийлей алышат, булардын формасы балдарга жакшы тааныш, алардын бардык көңүлү мүнөздүү деталдарды жана өзгөчөлүктөрдү чагылдырганга бурулат. Предметтердин жалпы формасын балдар эки колдоп, колунун бүтүндөй манжасы менен ийлеп жасашат, ал эми форманын мүнөзүн жана деталдарды манжа менен чагылдырышат. Ошондой эле балдар адамдын жана жаныбарлардын фигурасын ийлешет (бөлүктөрү боюнча болот). Бүтүн бөлүктөн ийлөө адатта элдик оюнчуктар боюнча иштөө менен байланыштуу. Бул короз, ышкырган өрдөк жана куурчак болушу мүмкүн. Аларды чагылдыруу учурунда формасы жана пропорциясы такталат. Мисалы, куурчакта башы денесине караганда кичине, ал конуска окшош, ал эми колдору кол кап түрүндө. Элдик оюнчуктар боюнча ийлөө балдарга форманы жыйнактуу бергенге, декоративдүү оформить этkенге жардам берет. Ошентип, жогорку топтун балдары мурдагы топтордо алган билгичтиктерин бекемдешет, ошондой эле жаңы билгичтиктерге ээ болушат, алар кызыктуу жана мазмундуу ийлеп жасоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Декабрдан баштап балдарды предметтердин белгилерин бергенге үйрөтүү сунушталат (узун жана кыска, жоон жана ичке), фигураны тик абалда орнотушат, бөлүктөрдүн салыштырмалуу чоңдугун сакташат, ийленген фигуралардын бөлүктөрүн бири бирине бекем бекитишет, алардын ордун жылмалашат. Билгичтиктерин бекемдөө менен, ошондой эле жаңы ыкмаларды өздөштүрүп, балдар Аяз Атаны, Аяз Кызды элдик оюнчуктар тиби боюнча ийлеп жасай алышат. Ошол эле учурда бул предметтердин пропорциялары такталат, бөлүктөрдү бекем бириктирүү билгичтиктери бекемделет, фигураны кеңири негизге орнотушат, кийимди терең жана жогорку рельеф менен кооздошот. Кийинки этап – буту бар фигураларды ийлөөгө үйрөтүү. Бул кеңири негизде скульптураны орнотконго караганда бир топ кыйын, ошондуктан балдардын көңүлү бутту жоон жана бекем ийлеп жасоо керектигине багытталат. Балдар кызды же уул баланы кышкы кийимде чагылдыра алышат, болгондо да денесин жана башын бүтүн бөлүктөн ийлешет, ал эми колун, бутун өзүнчө жасап, денеге бекем басышат. Ошол эле учурда майда бөлүктөрүнө да көңүл бурулат – баланын башында кышкы топу, тонуна жака, топчу кошулат. Кыздын башында топу, ал эми тонунда колкап түрүндөгү салаңдаган нерселер кошулат. Колдун кыймылын берүүнү колдоо маанилүү, аны чанага отургузууга болот же карды тоголоктоп жатканын чагылдырып, аны эңкейтсе болот. Темалар башка да болушу мүмкүн: «Балдар гимнастика жасап жатышат» же «Балдар сейилде».

Андан ары окутуу жаныбарларды жана акырындык менен сюжетти чагылдырууну камтыйт. Алгач балдар бир фигура боюнча ийлешет, андан кийин билгичтиктердин топтолушуна жараша мышыкты мыйлары менен, итти күчүктөрү менен чагылдырышат. Ийлеп жасалган эки-үч предмет калыңдыгы 1 – 1,5 см чопо койгучка бекемделет. Балдарды бир бөлүктөн жаныбарларды ийлеп жасаганга үйрөтөт (дене жана баш же дене жана буттар), бул скульптураны бекем жана омоктуу кылат. Бул ыкма дээрлик бардык жаныбарларды чагылдырганга жарайт (мышык, ит, улак. коен ж. б.), бирок ал бардык бөлүктөрүн өзүнчө ийлеп, анан бириктирүүнү жокко чыгарбайт.

Бул курактагы балдардан форманы жана пропорцияны тактоону талап кылууга болот. Мындан сырткары кыймылды берүүнүн үстүнөн иш уланат. Майда деталдар негизги формага жабыштыруу же негизги массадан чымчып чоюу аркылуу түзүлөт. Ошентип, корозду чагылдырып жатып, короздун ээгин чоюп жасоого, таажысын, куйругунун, канаттарынын чачыларын өзүнчө жасап, бекитип коюуга болот.

Идишти бүтүн кусоктон керамикалык элдик буюмдар мотиви менен ийлеп жасоодо кармагычы өзүнчө ийленет, андан кийин бекем бекитилет. Ийлеп жасалган идиш декоративдик жактан кооздолсо жакшы. Муну үчүн балдарды үстүн сууланган манжа же нымдуу чүпүрөк менен кылдат жылмалаганга үйрөтүү зарыл.

Балдарга дубалды кооздоо үчүн декоративдик пластинканын сүрөтүн сунуштоого болот. Алар шуруларды, тамактарды жана койгучтарды ийлей алышат.

Ийлеп жасоого үйрөтүүдө педагог көптөгөн усулдарды жана ыкмаларды, алар конкреттүү тема жана жалпы милдеттер менен аныкталат. **Окутуунун алгачкы баскычынан натура колдонулат,** бул балдар үчүн бир топ татаал, анткени балага дайыма аны менен өзүнүн ишин салыштырууга туура келет. Натурадан ийлеп жасоо предмет менен алдын ала таанышууну талап кылат. Аны үчүн балдарды кичинекей топторго бириктирген жакшы жана ар бир предметти колуна алып, формасын сылап, ал жөнүндө айтууну сунуштайт. Сабакта натураны дагы бир жолу кароого болот. Педагог пропорцияны аныктайт жана колунун ишенимдүү кыймылы менен предметтин формасынын мүнөзүн баса белгилейт, андан кийин балдарга алардын көңүлүн форманын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн аныктоого жана аны чечүүгө багытталган суроо берет. Балдар кантип ийлеп жасоону билсе, анда алар чагылдырууга киришет, эгерде билбесе, анда педагог зарыл ыкмаларды жарым-жартылай көрсөтөт. Балдарга ыкмаларды толук көрсөтүү

жогорку топтогу топтордо дээрлик колдонулбайт, анткени алар баштапкы форманын сүрөтү менен тааныш жана көрсөтүүнү балдар али көрө элек чагылдыруу ыкмалары гана талап кылат. Мисалы, ышкырыкты чымчык түрүндө ийлеп жасашат. Баштапкы форманы чагылдыруу ыкмасы балдарга тааныш, ошондуктан педагог сүйрү тегеректен моюн, баш жана куйрук кантип чымчып чоюлганын гана көрсөтөт.

Балдар өз түшүнүгү боюнча ийлеп жасашат. Бул сабактардын негизги милдети – мурда кабыл алынган образды жаратууда өз алдынчалыкты жана чыгармачыл активдүүлүктү өнүктүрүү. Так көрүнгөн буюмдарды түзүү үчүн балдарда тажрыйба топтолушу зарыл. Педагог балдар менен жандуу объектилерге байкоо жүргүзүүсү, көркөм чыгарманы окуусу жана иллюстрацияларды, ошондой эле кичи формадагы скульптураны, элдик оюнчуктарды, муляждарды ж. б. кароосу керек. Балдар предметтерди, иллюстрацияларды жөн гана карабастан, кийин чагылдыруу үчүн жасаганы маанилүү. Сюжеттик ийлөө ошондой эле өзгөчө окутуу ыкмаларын талап кылат. Эреже катары, балдарга ийлөө үчүн сунушталган сюжет балдарга тааныш предметтерди камтыйт. Буга байланыштуу ийлөө ыкмаларын көрсөтүү чагылдыруунун ырааттын түшүндүрүүнүн зарылчылыгы жок болуп калат, ал эми сабакка алдын ала даярдануу предметтерди кароодо, көркөм чыгармаларды окууда, иллюстрацияларды, картиналарды кароодо болот. Балдардын көңүлү предметтердин формасына бурулат.

Сабактын башындагы маектешүүдө композициялык чечим такталат. Мисалы, балдар мышыкты тырмактары менен ийлеп жасашат. Койгуч кандай болушу керектигин, мышык менен мыйлар кандай абалда болушун чечүү керек. Кызыктуу композициялык чечимдерди колдоо зарыл.

- Сабак процессинде педагогго ар бир балага предметтин формасы кантип түзүлүп жатканына, пропорциялар, аракеттер, композициялар кантип берилип жатканына көңүл буруу сунушталат. Суроолору жана кеңештери менен педагог балдарды туура жана кызыктуу теманы чечкенге багыттап турат. Бала ойноп жаткан мыйларды чагылдырууну чечип, аларды статтык абалда жасаганын көрүп, педагог мындай сунуш кылат: «Фигуралар ойноп жаткан мыйларга окшош болуш үчүн эмне кылуу керектигин ойлончу».

Эгерде бала жооп берүүдө кыйналса, педагог суроосун тактайт: «Мыйлар бири-бири менен ойногондо, буттары кандай абалда болушу керектигин ойлончу». Мындай суроолор түз кеңештерди бербейт, бирок балдарды сабак учурунда образдын үстүнөн ойлонгонго үйрөтөт. Балдар форманы, пропорцияны туура берүүдө кыйналган учурда, жеке ишке өтүүгө, балага оюнчукту, картинаны көрсөтүүгө, анын түшүнүктөрүн тактоого, такыр болбогондо, башка чопо менен ийлөө ыкмасын көрсөтүүгө болот. Балдарды кызыктыруу үчүн педагог сабактын башында төрт сап ырды окуп бере алат, табышмак айта алат. Бул балдарда жакшы маанайды жаратуу жана алардын көңүлүн сабактын башынан баштап образды ойлонууга багыттоо үчүн жасалат. Ырлар жана табышмактар абдан кыска, так формада образга ачык мүнөздөмө бериши жана бөлүктөрдүн формаларына жана предметтин деталдарына тиешелүү өзгөчөлүктөрдү гана белгилеши керек. Балдар үчүн зор мааниге сабактын аягындагы ишти талдоо ээ болот, ал маектешүү түрүндө өздөштүрүлөт. Педагог чагылдырылган предметтердин формасы, пропорциялары тууралуу суроолорду берет. Эгерде балдар түшүнүгү боюнча ийлеп жасаган болсо, анда педагог эмне чагылдырылганын, форма жакшы берилгенби, кандай ыкма менен ийленгенин айтууну сунуштайт. Кээде ишке бааны авторлор өздөрү эмес, башка балдар берет. Мындай учурда педагог баа адилет болушуна, эч кимди капа кылбоосуна көз салат. Эгерде балдар натурадан ийлеген болсо, педагог талдоодо алардын көңүлүн форманы, пропорцияларды чагылдырууга багыттайт, жасалган ишти натура менен салыштырууну сурайт. Балдардын оюу менен аткарылган иштерди бир

аз башкача талдашат. Алгач бүтүндөй ой каралат, андан кийин форма, пропорциялар, кыймылды чагылдыруу, ийлөө ыкмалары талданат.

**Талдоону уюштуруу ар кандай формада болушу мүмкүн:** балдар өздөрүнүн ордунда отурушат, педагог аларга суроо берет; педагог айрым балдарды өзүнө чакырат, алар бирөөнүн ишин талдашат; бардык иштер атайын столдо аралаштырылат, педагог менен балдар столдун жанында турушат, аларды карашат жана иштин сапаты тууралуу маектешишет. Талдоо формасы башкача да болушу мүмкүн: алар педагогдун чыгармачылыгынан, шарттан жана кырдаалдан көз каранды болот.

**Аппликация.** Алты жаштагы балдарда байкоонун, оюндардын жана сенсордук тарбиялоонун таасири менен предметтердин формасы, түсү, көлөмү ж.б. сапаттары тууралуу билимдер жана түшүнүктөр калыптанат. Бул куракка карата балдар курчап тургандар тууралуу кеңири запастагы билимдерге ээ болушат, көптөгөн көркөм билгичтиктерге жана кесүүнүн техникалык ыкмаларына ээ болушат. Баланын колу бир топ бекем жана күчтүү, ал эми кыймылдары бир канча ишенимдүү жана так болуп калат. Мунун баары окутуунун бир топ татаалыраак милдеттерин аныктаганга мүмкүнчүлүк берет. Алтынчы жаштагы балдар үстүндө, алдында, ортосунда, биринин артынан бири, катар түшүнүктөрүн да бир топ тез өздөштүрүшөт, бирок сол жана оң жактарын аныктоодо кыйналышат, көпчүлүк учурда бул эки түшүнүктү алмаштырышат. **Буга байланыштуу балдардын түрдүү мейкиндик түшүнүктөрүн бекем өздөштүрүшү мурдагыдай эле маанилүү болуп саналат.**

Балдарды **кайчы менен кыркуу ыкмаларына андан ары үйрөтүү уланат,** анткени аппликациянын сапаты ушундан көз каранды болот. Мында балдар ортоңку топто ээ болгон ыкмалар кайталанып, бекемделип гана калбастан, жаңылары, бир топ татаал жана үзүрлүү ыкмалар калыптанат: кагаздан бирдей фигураларды кыркуу, ал эми гармошка түрүндө бүктөлгөн жана симметриялуу фигураларды кыркуу эки эсе татаал.

**Жогорку топтогу балдардын ишинин негизги мазмуну – жалпак конструкциялоо принцибиндеги предметтик сүрөттөр.** Тигил же бул предметтин сүрөтүн аппликацияда берүү менен, балдар кыркуунун ар кандай ыкмаларын колдонушат: түз сызыктуу, кыйшык бурчтуу, кыйшык сызыктуу, тегеректелген, толкундуу. Ошондуктан чагылдыруу үчүн предметтерди тандап жатып, педагог анын эстетикалык касиеттерине көңүл бурушу керек. Мындан сырткары, мурдагы тажрыйбанын негизинде балдарды жаңы билимдерге жана билгичтиктерге үйрөтүү үчүн алардын көркөм мүмкүнчүлүктөрүн жана кайчы менен иштөө техникасына ээ болуусун эске алуу керек.

Окуу жылынын башында, тегерек формаларды кесүү билгичтиги бекемделип жаткан мезгилде, төмөнкүдөй тематикаларды колдонууга болот: күзгү жалбырактар, жемиштер, жашылчалар, козу карындар, гүлдөр, балапандар, коен, чымчык ж.б. Жыл ичинде чагылдыруу үчүн түрдүү оюнчуктарды (самолет, ракета, машина, автобус, троллейбус, кораблик, аюу, Чебурашка, жатпас куурчак) сунуш кылуу менен мезгил-мезгили менен предметтик аппликацияга кайрылууга болот. Гармошка болуп бүктөлгөн кагаздан бирдей формаларды кыркуунун негизинде түрдүү предметтик сүрөттөрдү тандоого болот – жалбырактар менен бутак, гүлдөр, балаты шурулары, балаты оюнчуктары, кызыктуу оюнчуктар. Өзгөчө декоративдик аппликацияда жуп болуп кесүү абдан кеңири колдонулат, анда балдарга көптөгөн бирдей элементтер талап кылынат. Ошондуктан жыл ичинде балдарга оймо жана тилке (шарф, сүлгү, дорожка), квадрат (килем, кол жоолук, салфетка, скатерть), тегерек (тарелка, койгуч, тегерек килемче, салфетка) жана үч бурчтук (жоолук, петрушкин колпак) менен коолдоону сунуш кылууга болот. Мындан сырткары, даяр элестерди коолдой алышат (фартук, зонтик, чайник, топу ж.б.). Балдарды симметриялык фигураларды кескенге үйрөтүп, симметриялык формадагы сүрөттөрдү тандоого болот: ваза, алмурут, көпөлөк, петрушка, балаты, куурчак, матрешка, куурчактын кийимдери ж.б. кийимдер.

Предметтик жана декоративдик аппликациядан сырткары **сюжеттик жана пейзаждык** да аппликацияларды сунуштоо керек. Мисалы, коендун көмөч менен жолгушуусу, кыш, кичинекей үй карда, кыз желекче менен баратат, майрамга карата кооздолгон үй, бутактагы чымчык, сары каакымдар гүлдөдү ж. б.

Жогорку топто **балдар өз ойлору боюнча ар кандай иштерди аткарышат.** Болгон билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн негизинде, алар тигил же бул теманы өз алдынча чечкенге үйрөнүшөт. Жаңы жылдык майрамга, мисалы, балаты, топтун бөлмөсү, зал үчүн кооздоолорду сунуштоого жана ойлоп табууга болот. Түрдүү майрамдарга куттуктоо открыткаларын жасоо. Мындай сабактарда балдарга эмне эсинде өзгөчө макталып калса, ошону жасоону айтуу керек. Сабактарда жана күндөлүк турмушта балдар түрдүү мазмундагы жамааттык иштерди аткара алышат: гүлдөрү жана жомоктогу чымчыктары менен чоң кооз килем, ваза менен витрина, сүйүктүү оюнчуктар, жолдогу машиналар, чымчыктар учуп келди, балыктар сүзүп жүрөт, токой талаасы ж. б.

Мурдагыдай эле күндөлүк турмушта чагылдырууга туура келген предметтерди иликтегенге, иллюстративдик материалдарды карaганга, айлананы байкаганга көп көңүл бурулат.

Сабактарда **предметтерди кабыл алууга жана талдоого маанилүү орун берилет.** Бирок мурдагы топто педагог суроолору менен балдарды активдештирсе, эми балдардын өздөрүнө көбүрөөк өз алдынчалык берүү керек. Балдарга талдоо үчүн планды сунуштоого болот. Кыйынчылык болгон учурда педагог предметти талдоо процессинде эмне эске алынбай калгандыгын суроого болот. Бул куравтык топто белгилерди жана сапаттарды салыштырууга, көлөмдө, пропорцияда айырмачылыкты көргөнгө үйрөтүүгө көп көңүл буруу зарыл, форма түзүүчү кыймылдарды улантуу зарыл. Балдар менен декоративдик-прикладдык искусство чыгармаларын кароо менен, гүлдөрдүн айкашуусунун кооздугун, формалардын гармониясын, композициялардын көркөмдүгүн байкоого үйрөтүү зарыл.

Жогорку топто үлгүлөрдү пайдаланууга педагог балдарга жаңы, оор иштин акыркы натыйжасын көрсөтүү керек болгон айрым учурларда келет. Мисалы, педагог ваза тартылган сүрөттүн үлгүсүн көрсөтөт, симметриялуу формага көңүл бурат, анын жарымы экинчи жарымына абдан окшош, күзгүдө чагылгандай. Вариативдик үлгүлөрдү колдонууга болот. Ар бир сабакта кыркуу ыкмаларын көрсөтүүнүн кереги жок. Балдардын өзүнүн тажрыйбасына көбүрөөк таянуу зарыл, алардын айрымдарын иштин татаал учурларын көрсөтүүгө, аппликацияны кантип аткарууну түшүндүрүүгө, кыркуу ыкмаларын көрсөтүүгө тартууга болот. Кыркуунун жаңы ыкмасы кирген учурда этаптарды жана ыкмаларды көрсөтүү педагог тарабынан ишке ашат. Мисалы, гармошка болуп бүктөлгөн кагаздан бирдей предметтерди кыркуу киргизилет. Педагог көрсөтөт, кагазды кантип бүктөө керек, кайсы бир тааныш форманы кантип кесүү керек, андан кийин дароо бир канча бирдей фигуралар пайда болот. Балдар симметриялык формаларды кыркууну баарынан кыйынчылык менен өздөштүрүшөт, анткени акыркы натыйжаны элестетүү алар үчүн кыйын. Бул учурда иштин ыкмасын көрсөтүү сөзсүз керек. Балдарды бул ыкмага үйрөтүү менен машыгуу аракеттерин колдонуу, айрым учурларда кагазда манжа менен контурду «тартууну» колдонуу максатка ылайык. Акырындык менен «предметтин жарымы» түшүнүгүнө ээ болуу менен балдар бул ыкманы аң сезимдүү колдонууга өтүшөт. Симметриялуу формадагы предметти иликтөө учурунда балдардын көңүлүн анын жарым контурун сызууга топтоо маанилүү, жарымын кагаз менен жаап коюу керек. Иштин ыкмаларын көрсөтүүгө педагог кайчы менен жаңы ыкмаларды киргизгенде гана эмес, чагылдыруунун жаңы ыкмасын киргизгенде да кайрылат. Мисалы, жогорку топто кагазды айруу усулу аркылуу аппликацияны даярдоо ыкмасы кирет, ал тегиз эмес фактурадагы предметтерди, айрым пейзаждарды, декоративдик түшүнүктөрдү чагылдыруу

үчүн колдонулат. Иштин ыкмаларын көрсөтүү менен педагог аппликация кайчысыз, манжалар менен гана аткарыларын баса белгилейт. Сол кол кагазды кармайт, ал эми оң баш бармак жана сөөмөй менен ойлонулган сызык боюнча кагазды айрыйт. Бул ыкма балдарда зор кызыгууну пайда кылат, алар муну чын дилден жасашат.

Алты жаштагы балдар менен иштеп жатып, педагог тигил же бул форманы кантип кыркуу тууралуу гана эмес, көркөм аппликацияны алуу боюнча да суроолорду тез-тез бериши зарыл: ийгиликтүү композицияны табуу, татаал эмес кыймылды айрым бөлүктөрүнүн абалын өзгөртүү менен берүү, туура келген кагазды тандоо. Бул топто кагаздын түсүн тандаганга балдарга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүү зарыл, ал эми аны үчүн материалдарды даярдоодо анын түсүн чектебөө керек. Педагог окутуунун сөздүк усулдарын колдонот, анткени балдарда аппликацияны даярдоо боюнча жетиштүү тажрыйбага ээ. Суроолордон, көрсөтмөлөрдөн, эске салуулардан сырткары, балдардын чыгармачыл активдүүлүгүн өстүрүүгө багытталган кеңештерди да колдонууга болот. Мисалы, декоративдик аппликацияны аткаруу үчүн педагог балдарга алгач туура келген кагаздын түсүн тандоону сунуш кылат.

- Педагог көбүрөөк балдарды шыктандырат, өз алдынчалыгын өстүрөт. Айтып жиберүүгө шашпай, ал кыйыр түрдө баланы туура чечимге алып келгенге аракет кылат. Мисалы, бала тилкенин бурчтарын кесип жатат – бирдей болбой калды. Педагог бирдей эки бурчту кантип алууну ойлонууну сунуш кылат. Зарылчылык болгондо гана иштин ыкмасын айтуу керек – бүктөө сызыгын жасабай, тилкени эки кабаттоо жана бурчту кесүү – эки тараптан бирдей болот.

Аппликацияны талдоону балдардын активдүү катышуусу менен жүргүзүү керек. Мурдагыдай эле балдардын көңүлүн иштин көркөмдүүлүгүнө, көркөм өзгөчөлүктөрүнө, кесүүнүн сапатына, ортоңку группага салыштырмалуу талаптын жогорулугуна буруу керек. Балдарды өздөрүнүн аппликациясын сындап баалай билүүгө, башкалар менен салыштырууга үйрөтүү керек. Мисалы, балдарга ар биринин жасаган иши жакшы болдубу, түсү боюнча кагаз туура тандалганбы, бардык элементтер туура кесилгенби, кызыктуу жайгашканбы ж. б. чечүү балдардын өздөрүнө сунушталат. Балдар өздөрүнүн аппликацияларын столдун үстүнө кызыл желекче менен өз алдынча коюусун (педагог айткан талаптардын баарына жооп берсе), же көк желекчени столго (эгерде баланын өзүнүн ою боюнча катасы бар жана кооздугу аз болсо) койсо болот. Балдар андан кийин группадагы иштерди биринин артынан бирин көрүп жатып, жамаатtык түрдө өзүн-өзү туура баалаганын түшүнүшөт. Сабактардын жыйынтыгын чыгарууда балдардын да жалпы ийгиликтерди көрүп, каталарды жана табылгаларды табуусу үчүн өздөрүн тартуу керек.

## Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия

### Экинчи кенже топ (төрт жаштагылар)

Төрт жаштагы балдарда өтө чоң кыймылдоо муктаждыгы байкалат. Психологдор жана изилдөөчүлөр кыймылды жана баланын аракеттерин өнүктүрүүчү сенситивдик мезгил демейде бала төрөлөрү менен башталып, ал төрткө толмоюнча улана берет деп айтышат.

Ошондуктан, 3–4 жаштагы балдар менен иш алып барган педагогго бардык физикалык көнүгүүлөр бала үчүн пайдалуу экенин билүүсү зарыл: баш мээсинин клеткалары туура өнүгүшү үчүн күчөтүлгөн кыймылга жараша баланын каны кислород менен толукталып турат. Чын көңүлүнөн активдүү кыймылдаган балдар батыраак өнүгүшөт, жакшы окушат, кыскасы, мүмкүн болгон бардык жерлерде, жакшы көрсөткүчтөрдү жаратышат. Бекер

жеринен белгилүү педагог Мария Монтессори авторитеттүү түрдө баш мээнин кабыгы балдардын кичинекейинен эркин кыймылдаганына жараша калыптанарын ырастаган.

- Педагог эч качан балдардын активдүү умтулуусун токтотууга, алардын эркиндигин чектөөгө болбосун билүүсү керек – мунун баары балдардын туура багытта «жүрүүсүн» токтотот жана өзүнүн психикалык өнүгүүсүндө «катып калууну» пайда кылат (М. Монтессори).

3–4 жаштагы балдар менен иштеген педагог баланын дайыма, керек болсо сабак учурунда да кыймылда болуусуна көз салып туруусу керек. Бул үчүн бардык зарыл болгон материалдар негизги сабак боло турган жерден бир аз башка жерде болушу, себеби, бала бөлмөдө аны алуу үчүн кыймылдоого, ар түрдүү кыймылдарды, тапшырмаларды ж. б. аткарууга шарт түзүлүшү керек. Мындан тышкары М. Монтессори дайыма өзүнүн иштеринде айткандай, туура түзүлгөн айлана-чөйрө атайын кыймылдоочу зонаны (же «ызы-чуу» бөлмөсүн) талап кылат, кыймылдын муктаждыгын сезип, аны толук канааттандыра ала турган болуусу керек. Ал жерде ар түрдүү тренажерлор, «шведдик дубалча», батут, «кургак бассейн», фитболдор жана башка спорттук инвентерлар болушу керек. Мындай жол менен педагог бул курактагы балдардын кыймылга өтө муктаждыгын эске алып, балдар үчүн чоң мейкиндикти уюштурууга жоопкерчилик жана чыгармачылык менен мамиле кылуусу керек.

Ортоңку топтун педагогу ар күн сайын балдар менен эрте мененки көнүгүүлөрдү узактыгын оюн жана музыкалык форманы пайдаланып, балдарды активдеширип, эмоционалдык – жакшы абалды түзүп, 5–6 минуттан өткөрүү зарыл. Педагогикалык ишмердик процессинде денени чыңдоо процедурасын, сейилдөөнү активдүү пайдалануу менен узартуу зарыл. ***Балдар ойногонго кандай гана аба-ырайы болбосун, кышында 4 саатка чейин, жайкы мезгилде мүмкүнчүлүккө жараша балдардын ишмердигин сыртта күнү бою жүргүзсө болот.***

Педагог гигиеналык процедураларды аткарууда, баланын өз алдынчалуулукка умтулуусуна колдоо көрсөтүү, жеке гигиенанын эң жөнөкөй көндүмдөрүн жана билгичтиктерин (жуунуу, кийинүү, киринүү, тамак ичүүнүн көндүмдөрү, имаратты тазалоо ж. б.) ден соолуктуу сактоодо жана бекемдөөдө колдоо көрсөтүүгө кызыктыруу; күндүн тартиби, ден соолукка коркунуч келтирүүчү кырдаалдар жөнүндө эң жөнөкөй билимдерди калыптандыруу; маданий-гигиеналык процедураны аткарууда негизги алгоритмди үйрөнүүгө үйрөтүү. Мисалы, күн суук мезгилде сейилдөөгө чыгууда, алгач жылуу шымдарын/рейтузаларын, свитерин, бут кийимин, курткасын, шарфын, мээлейлерин кийүүнү; чечинүүдө – бул процессти тескерисинен жасоо керек; жуунганда: жеңин түрүү, кранды ачуу, колду самындоо, колду, бетти, моюнду абдан жуу, кранды жаап, өзүнүн сүлгүсүн алып, бетин, мойнун, колдорун кургата аарчып, шкафчигине сүлгүсүн илип коюу керек. Эгерде бул алгоритмдер сүрөт түрүндө же түшүнүктүү схемада группанын кире бериш жерине, жуунучу жерге илинип коюлса жакшы болмок. Бул балдардын, ошондой эле алардын ата-энелеринин балдарын эрте менен жана кечинде кийиндирүүдө кыймылынын тууралыгын жана ырааттуулугун бекемдейт.

**Физикалык өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү.** Ар бир курактык мезгил өзүнө тиешелүү спецификалык өнүгүүгө ээ. Төрт жаштагы балдардын да өздөрүнүн **өзгөчөлүктөрү** бар. 3–4 жаштагы балдардын физикалык жактан өсүүсүнүн көрсөткүчү болуп, бою, салмагы, көкүрөк клеткаларынын курчалышы, сөөктөрүнүн абалы жана булчуңдарынын системасы, ички органдары, ошондой эле моторикасынын өнүгүү деңгээли эсептелет.

Төрт жаштагы баланын боюнун өсүүсү алдыдагы мезгилдерге – биринчи үч жылга караганда бир аз жайлайт. Бул мезгилде орточо бою 95–100 см, денесинин салмагы 16 – 18 кг, көкүрөк клеткасынын курчоосу – 53 см, сүт тиштеринин саны 20. Төрт жаштагы баланын *мээ коробкасынын көлөмү* чоң кишинин мээсинин 80%ын түзөт жана 48 см ге

жетет. 4 жаштагы баланын боюнун өсүшү кыймылдын негизги түрлөрү: секирүү, чуркоо, ыргытуу, тең салмак менен түздөн-түз байланышта. Бою узун балдар курбуларына караганда бат чуркашат, бою анча бийик эместер салыштырмалуу майда кадам ташташат, бирок аларды алга жылуунун жогорку темпи менен толукташат. Чуркоого жөндөмдүүлүк башка жекече айырмачылыктар жана бул курактык группада анча көп эмес координациялык мүмкүнчүлүктөр менен да аныкталат.

Кенже курактагы ***таяныч-кыймылдаткыч аппаратын*** өнүктүрүүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүгү болуп, ийкемдүүлүк жана ийилчээктик эсептелет. 3–4 жашта кыр арка сөөктүн кыйшаюусу туруктуу эмес жана муундар жагымсыз аракеттердин таасирине бузулууга бат дуушар болот. Туура эмес дененин турушу (ийинди кысуу, бир ийинин түшүрүү, башын салаңдатуу) көнүмүш болуп калып, жыйынтыгында келбети бузулат. А бул өз учурунда кан айланууга, дем алууга терс таасирин тийгизет. 3–4 жыл аралыгында булчуңдун диаметри 2–2,5 эсеге чоңоет, булчуң волокондорунда дифференциация жүрөт.

Балдар өзгөчө төрт жашында бүт колу менен кыймылдоо жеңил болот (топту, машинаны тоголотуу), баары бир өз учурунда ***ири булчуң эттер*** өзүнүн өнүгүүсүндө *майдаларын* коргойт. Бирок бара-бара көркөм ишмердик процессинде, курулуш жана дидактикалык оюндарда колдун манжаларынын кыймылы өнүгөт. Колду жогору көтөрүү, туш тарапка жоюу, эңкейүү, денеси менен кыймылдоо жана бурулуу бир мезгилде өзүнүн денесине ээ болууга жардам берет.

Балдардын ***дем алуу жолдору*** чоң кишилерден айырмаланат. Балдарда аба өткөрүүчү жерлер (кекиртек, бронхилери, мурун жолчолору) тар. Алардагы былжыр челдери назик жана тез жабыркайт. Бул дем алуу органдарынын бат жабыркашына алып келет. Үч-төрт жаштагы балдар азырынча дем алууну аң сезимдүү түрдө башкара албайт. Балдарды муруну менен дем алууга үйрөтүү керек. Бөбөктөр үчүн демди чыгарууну талап кылган көнүгүүлөр аябай пайдалуу: мамык менен ойноо, жеңил кагаз буюмдары.

*Жүрөк* ***кан тамыр системалары*** дем алуу органдарына салыштырганда өсүп жаткан организмдин талаптарына жакшы ыңгайлашкан. Бирок баланын жүрөгү көбүрөөк кыймылдаганда жакшы иштейт.

Организмдин күч келтирүүгө реакциясы, айрыкча, физикалык күч келтирүүдө сырткы белгилери: алагды болуу, алсыроо, энтикме, бетинин кубарып жана кызарып кетиши жана кыймылынын координациясынын бузулушу. Балдардын ден соолугу, боюнун өсүшү жана өнүгүүсү көбүнчө *тамактан* көз каранды, ошондуктан тамактын рационунда белоктор, углеводдор, майлар, минерал туздар жана витаминдер, суулар болушу зарыл.

***Жогорку нервдик ишмердиктин өнүгүшү*** чоң жарым шардын кабынын морфологиялык өнүгүүсүнөн көз каранды. Балада төрт жашында курчап турган чөйрө жөнүндө анализ, синтезге жөндөмдүүлүк өнүгөт.

3–4 жаштагы балдардын ориентр рефлексинин өзгөрүүсүнөн пайда болгон таасирлердин алдында ***көңүл буруусу туруксуз*** болот. Баш мээнин кабыгында кыймылдоо жана токтоо процесстери көбүрөөк импульсивдүү болот. Сыртынан бул кыймылында тынчы жоктук, көп сүйлөшөт же тескерисинче, түнт болушат. Көбүнчө жогорку козголгучтук байкалат жана бул балдардын бат чарчашына алып келет.

3–3,5 жаштагы балдарда ***сигналдык системанын өз ара аракеттери*** аяктай элек болот. Анализаторлордун ортосундагы байланыштардын деңгээли мындай, балдар көнүгүү аткарып жатканда, тарбиячынын сөздөрүн кабыл алышпайт. Балага түздөн-түз жардам көрсөтүү натыйжалуу болот: кыймылдын туура амплитудасын берип, анын денесин, колдорун жеңил буруу ж.б. Бул этапта педагог балдар үчүн сөздүн таасирлерин түздөн-түз гармониялуу айкалыштыруусу зарыл.

Баланын ***жыныстык идентификациясы*** үч-төрт жашында жүрөт б. а. мектепке чейинки кенже курактын аягында, бирок азырынча «эркек бала», «кыз» деген түшүнүктөрдүн маанисин толук түшүнбөсө да, бала өзүнүн жыныстык буюмдарын өздөштүрөт. Эркектердин жана аялдардын жүрүш-турушу балдардын психологиясына эркектердин жана аялдардын жүрүш-турушун түздөн-түз байкоо жүргүзө баштагандан кирет. Бала баарын: айлана-чөйрөдөгүлөр үчүн пайдалуу болгон жүрүм-турумдун формаларын, жана зыяндуу социалдык адаттар болгон, улуулардын жүрүм-турумунун стереотиптерин туурайт. Бала азырынча «эркектердин» жана «аялдардын» деген символдорду өзүнүн практикасында колдонбойт, бирок аларды оюндун сюжетине киргизе баштайт. Педагог өз практикасында дене тарбия сабагында гендердик спецификаны эске алуусу маанилүү.

Дене тарбия сабагында алган бардык билгичтиктер балдардын ***өз алдынча кыймылдаткыч*** ишмердигинде жайылтылыш керек. Бул үчүн педагог балдардын кыймылын өнүктүрүүгө жардам берүүчү, спорттук инвентарларга жана предметтерге бай, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүүсү, педагогикалык ишмердиктин процессинде дене тарбия майрамдарын, бош убакыттарды, ден соолук майрамдарын, ар кандай спорттук иш-чараларды өткөрүүгө жана уюштурууга ата-энелерди тартуусу зарыл.

Бала бакчанын **экинчи кенже тобундагы** сабактар жумасына эки жолу имараттын ичинде, дагы бири – ачык асман алдында, узактыгы – 13–15 мүнөт. Имараттын ичи (зал, группанын бөлмөсү) алдын ала желдетилип, нымдуу тазалоо жүрөт. Нымдуу тазалоодон кийин, жыгылуулар болбосу үчүн полдун үстү кургак болуш керек. Балдар ылайыктуу жана жалпы кабыл алынган кийимчен машыгышат (трусы/лосина, майка же футболка). Ар бир бала өздөрүнүн килемчелерин пайдаланса болот. Эгер шарт жок болсо, отуруп жана жатып жасаган көнүгүүлөрдү башкалар менен алмаштырса болот.

Балдар машыкканга чейин, аларды зал менен тааныштыруу керек: пособияларды, жабдууларды жана аларды сактоочу жерлерди көрсөтөт. Аларга ортоңку жана улуу группанын дене тарбия сабактарынан фрагменттерди көрсөтүп, алардын көңүлүн балдар ар түрдүү көнүгүүлөрдү кантип аткарып жатканына буруу керек.

Ачык асман алдында сабактар спорттук аянтчада же болбосо группанын участкасында аба ырайына ылайыкташкан кийимдерди кийип жүргүзүлөт.

**Сабактын түзүлүшү**. Экинчи кенже группада дене тарбия сабагы жалпы кабыл алынган структура боюнча түзүлгөн жана **киришүү, негизги жана корутунду** бөлүмдөн турат. Ар бир сабактын бөлүгү үчүн өзүнүн мүнөздүү милдеттери бар.

***Киришүү бөлүмү*** (2–3 мүнөт) балдардын көңүлүн буруучу көнүгүүлөрдү өзүнө камтыйт, алдыда боло турган кыймыл жүктөмүн аткарууга даярдайт, чакан кыймылдоо болот. Бул түрдүү тапшырмалар менен, мүмкүн музыканын коштоосу менен басуу, чуркоо, тизилүү көнүгүүлөрү.

Басуу жана чуркоо көнүгүүлөрү, эреже катары, кезектештирилип өткөрүлөт. Алгач басуу сунушталат – болжол менен «тегеректин» жарымын жана үчтөн бирин, андан кийин – «тегеректи толук жүгүрүү сунушталат жана тапшырмалар кайталанат. «Тегерек» түшүнүгү шарттуу, атайын басуу менен чуркоодон башкасы тегерек менен болот. Балдарга ориентир алуу жеңил болуу үчүн залдын бурчтарына ориентирлерди (анча чоң эмес буюмдар – кубиктер, кеглдер, таякчадагы желекчелер коюлбайт) койсо да болот. Тизилүү жана кайра тизилүү балдардын мейкиндикте ориентир алуусун өнүктүрөт, өзүнүн аракеттерин аңдап сезгенге жардам берет.

Жылдын башында, алгачкы сабактарда педагог уюшкан тизилүүнү сунуш кылбай эле койсо болот, балдар оюн түрүндө биргелешкен аракеттерди жасай алышат, мисалы, залдын бир тарабынан экинчи жагына жылууда «Куурчакка (Мишкага) конокко баралы»

деген оюнду сунуш кылса болот. Бир нече сабактан кийин педагог ориентирлерди пайдаланып (кубиктер, топтор, бут кийимдин жиптери ж. б.), анча чоң эмес топтордо шеренгага, колоннага, тегерек болуп турууну сунуштайт.

***Негизги бөлүк*** (9–10 мүнөт) түрдүү предметтер менен жана аларсыз *жалпы өнүктүрүүчү мүнөздөгү* гимнастикалык көнүгүүлөрдү, *кыймылдын негизги түрлөрүн* (тең салмактуулуктагы, секирүүдөгү, тырмышып чыгуудагы жана түртүп ыргытуудагы көнүгүүлөр), *кыймылдуу оюнду өзүнө камтыйт.*

*Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү* аткаруу үчүн тизилүү ар кандай болушу мүмкүн жана айрыкча, окутуунун башында ориентир (кубиктер, топтор, кеглдер) боюнча аткарылат.

Педагог буттун туура баштапкы абалына өзгөчө көңүл бурат, анткени бул организмге түшкөн жалпы жүктөмдү аныктайт, анан да айрым булчуңдар тобуна көңүл бурат.

Ар түрдүү баштапкы абалдар сунушталат: бутту тамандын кеңдигинде, мүрүнүн кеңдигинде коюу, тизелеп туруу, жонуна жана ичине жатуу. Бир баштапкы абалдан башкасына ырааттуу өтүү маанилүү. Эгерде балдарды турган абалдан жаткан абалга өткөрүү керек болсо, анда алгач аларды (акырындык менен эңкейип) отурган абалга, андан кийин жаткан абалга өткөрүү керек. Турган абалдан тизелеп турган абалга өтүү үчүн алгач балдардын жарым отуруп, анан акырындык менен (полго бутун уруп албай) тизелегенге өтүүсү талап кылынат.

Турган абалда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү өткөрүүдө эреже катары эки абал колдонулат – буттун тамандын кеңдигиндеги абалы жана мүрүнүн кеңдигиндеги абалы. Эңкейүүнү жана бурулууну педагог балдар менен 1–2 жолу аткарат. Андан кийин балдар педагогдун көрсөтмөсү менен өз алдынча аткарууну улантышат.

Негизинен көнүгүүлөрдү педагог өзү көрсөтөт, бирок алардын айрымдарын бир топ даярдалган бала көрсөтүшү мүмкүн. Көрсөтүп, түшүндүргөндөн кийин балдар өз алдынча аткарышат, педагог ритм берип турат – бул бубенди уруу, кол чабуу же музыкалык коштоо болушу мүмкүн.

Ар бир айдын бир жумасында жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү предметсиз өткөргөн жакшы. Калган сабактарда түрдүү жабдуулар (кубиктер, тасмалар, топтор, тобурчактар ж. б.) колдонулат. Бул көнүгүүнү бир топ кызыктуу кылат жана бир эле тапшырманы ар кандай варианттарда аткарганга мүмкүнчүлүк берет.

Предметтерди тандоодо сабактарды оптималдуу уюштуруу принциби керек болот. Сабактын негизги бөлүгүндө топ менен көнүгүү – тоголотуу же бир нерседен ашырып ыргытуу болсо, анда жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү да топ менен өткөргөн жакшы.

Сабактардын планын түзүп жатып, педагог окутуу, кайталоо жана бекемдөө үчүн көнүгүүлөрдү белгилейт. Окутуучу көнүгүүлөрдү аткарууга убакыттын көбү кетет, тааныш материалды кайталоону майда-баратына чейин түшүндүрүштүн кереги жок, айрым тактоолор же жарым-жартылай көрсөтүү талап кылынат.

Экинчи кенже топто адатта бир сабакта негизги кыймылдардын эки түрү пландалат. Негизги кыймылдардын топтомун көбөйтүү көнүгүүнү өздөштүрүүнүн сапатын төмөндөтүшү мүмкүн.

Сабактарды туура уюштуруу колдонмолорду туура жайгаштырууну билдирет, ошондуктан сабактардын планында же конспектинде аларды жайгаштыруу схемасын, ошондой эле балдардын жана педагогдун жайгашкан ордун көрсөткөн жакшы.

Балдардын кыймыл билгичтиктерин жана көндүмдөрүн өздөштүрүүнү камсыз кылган шарт ар бир сабакка негизги кыймылдарды алардын шайкеш келишин жана акырындык менен татаалданышын эске алуу менен тандоо болуп саналат. Бул бир жуманын ичинде ар бир сабакты анча көп эмес өзгөртүүлөр жана экинчи негизги

кыймылды туура тандап *эки жолу кайталоо менен* жетишилет, экинчи негизги кыймыл бул учурда балдардын кыймыл тажрыйбасын кошумчалоо каражаты, аларды жаңы тапшырмага даярдоо катары болот. Мисалы, ар бир айдын биринчи жумасында экинчи кыймыл катары секирүүлөр пландалат, ал эми кийинки жумада секирүүлөр биринчи негизги кыймыл болуп саналат: мындай ырааттуулук аларды жакшы өздөштүргөнгө жардам берет.

*Кыймылдардын негизги түрлөрүн пландоо системасын төмөнкүдөй түрдө элестетүүгө болот:* ар бир айдын биринчи жумасында балдарды тең салмактуулукка үйрөтөт жана секирүүгө көнүктүрүшөт; экинчи жумада секирүүгө үйрөтүп, түртүп ыргытууга көнүктүрүшөт (топ менен бардык көнүгүүлөр «түртүп ыргытуу» термини менен белгиленди); үчүнчүдө – түртүп ыргытууга үйрөтүшөт жана жөрмөлөп чыгууга көнүктүрүшөт; төртүнчүдө – жөрмөлөп чыгууга үйрөтүшөт жана тең салмактуулукка көнүктүрүшөт. Иш практикасында бул система педагогдор тарабынан «айланма» деп аталган.

*Кыймылдуу оюн* – баланын организмине келген денелик жана эмоционалдык жүктөм планында сабактын кульминациялык учуру.

***Жыйынтыктоочу бөлүк*** (2–3 мүнөт). Балдардын кыймылдуу оюнунан кийин салыштырмалуу тынч абалга келтирүү керек, ошондон кийин гана ишмердиктин башка түрлөрүнө өтүүгө болот. Эреже катары сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүнө жөнөкөй көнүгүүлөр, аз кыймылдаган оюндар, хороводдор кирет.

**Кыймылдуу оюндар.** Педагог негизги кыймылдардын көндүмдөрүн бекемдөө үчүн түрдүү режимдик учурларды кеңири колдонот. Басуу, чуркоо, секирүү, догоонун алдынан сойлоо жана гимнастикалык шатыга, устунга чыгуу, топторду, тобурчактарды ыргытуу менен кыймылдуу оюндар.

Балдар чоң адамдардын жардамы менен кыймылдуу оюндардагы негизги эрежелер менен таанышышат, сигналга тез реакция кылганга, оюндагы ийгиликке жана чоң адамдардын оң баасына эмоционалдуу мамиле кылганга үйрөнүшөт.

***Кыймылдын координациясын өнүктүрүүгө карата оюндар:***

«Сойлоп өт – тийбегин», «Мишка менен өт, Мишка менен сойло», «Тегиз жол менен», «Ашкабак чапмай», «Дөңдөн дөңгө».

***Ылдамдык-күч сапаттарын өнүктүрүүгө карата оюндар:***

«Топту түрт», «Шылдыракка сойлоп жет», «Дүмүрдүн жанында чуркайбыз», «Таранчылар жана автомобиль», «Мышык-чычкан», «Көпөлөктү карма», «Ак терек, көк терек».

***Тездигин өнүктүрүүгө карата оюндар:***

«Бачым ал», «Бат алып – бат кой», «Каруселдер», «Батыраак айланага», «Күн жана жамгыр», «Аюунун токоюнда», «Коюма карышкыр тийди».

**Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия сабактарын өткөрүүнүн оюн формасы.** Кенже мектепке чейинки курактагы балдарда оюн ишмердиги басымдуулук кыларын билип, педагогго дене өсүүсү боюнча сабактарды оюн формасында өткөрүү сунушталат. Сунушталган оюн формасынын өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар: бардык сабактар оюндун, жомоктун же саякаттоонун (мисалы, «Теремок», «Көмөч», «Мишка эс алууда», «Коенго конокко», «Укмуштар өлкөсүндө», «Токойдо эс алуу» ж. б.) сюжетине негизделет.

Тандалган сюжетке милдеттерди, каражаттарды жана усулдук ыкмаларды тандоо керек. Ар бир сабакка жомоктун сюжети менен байланышкан текст даярдалат. Текст сабактын сюжетине жана балдардын кыймылына туура келиши зарыл. Текстин мазмунуна

балдар акындарынын ырларын, балдар жазуучуларынын чыгармаларын, макал-лакаптарды, бат айтмаларды, өздөрү чыгарган ырларды кошууга болот. Мисалы, «Мен азыр бир нече суроо берем, ага жооп берүү оңой эмес!» же «Колубузда сабиз, машыгууну уланталы биз!».

Дене тарбия сабагынын киришүү бөлүгүндө текст билим берүү милдеттерин эле эмес, психологиялык милдеттерди да чечет: балдардын көңүл буруусун активдештирет, сабакка кызыктырат, эмоционалдык оң жагдай жаратат.

*Мисалы:*

**Куштай учуп закылдап,**
**Биз ойнойбуз жашынмак.**
**Оңго чейин санаймын,**
**Жашынгыла батыраак.** *А. Кадыров*

Сабактын негизги бөлүгүндө ыр текст бир нече кызматты аткарат:

➔ психологиялык процесстерди өнүктүрүүгө жардам берет:

Кызыл топ

**Токтобойсуң ыргытсам**
**Менден алыс кетесиң.**
**Топ-топ этип токулдап**
**Далай жерге жетесиң.**
**Тепкен сайын күч кирип,**
**Тоголоно бересиң,**
**Мен ыргытсам дубалга**
**Кайра өзүмө келесиң.** *«Мөл Булак» хрестоматиясы*

➔ Кептин тыбыштык маданиятын калыптандырууга жардам берет. Балдар текстти жаттап, аны кайталашат:

**Бир дегенде кол сунам,**
**Эки десем олтурам.**
**Үч дегенде мурдагы,**
**Калыбымда түз отурам.**

➔ балдардын активдүү аракеттенүү формаларынын бири болуп саналат:

**Муштумдарды түйөбүз,**
**Оюн жайын билебиз.**
**Бирде оң жак кол менен,**
**Бирде сол жак кол менен,**
**Алмай-телмей урабыз,**
**Мушкерлерге окшойбуз.**

➔ балдардын эмоционалдык жана адептик сапаттарынын көрүнүшү үчүн шыктандыргыч болот:

**Таза абадан дем алып,**
**Тал чыбыкты кыйбайбыз.**
**Таасир берген өмүргө,**
**Табигатты сыйлайбыз.**
**Бир, эки, үч, төрт, беш, –**
**Кыймылдаттык буттарды.**
**Бир, эки, үч, төрт, беш, –**
**Туурайлы эми куштарды.**

➔ Кыймыл көндүмдөрүн калыптандырууну жеңилдетет:

**Коенго жетишибиз үчүн,**
**көпүрөдөн өтүшүбүз керек.**

Жыйынтыктоочу бөлүктө педагог балдарды сабактын аякташына даярдап, мазмунуна ылайык ыр сабынан окуп берет.

Сабактын мазмунуна туураган, образдуу мүнөздөгү көнүгүүлөрдү, ритмикалык гимнастиканы, спорт оюндарынын элементтерин, кыймылдын негизги түрлөрүн, эстафеталарды, кыймылдуу оюндарды, кызыкчылыгы боюнча тапшырмаларды кошуу сунушталат.

Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү ритмикалык гимнастиканын комплекси менен алмаштырууга болот, алар кыймыл маданиятын, кыймылдын көркөмдүгүн, тактыгын, аны башкарууну өздөштүргөнгө жардам берет жана балдардын эмоционалдык-оң абалын камсыз кылат.

Негизги кыймылдарга окутуу, аны өркүндөтүү жана бекемдөө чыгармачыл же өз алдынча, комплекстүү же оюн тапшырмалары формасында, ошондой эле кызыкчылыгы боюнча тапшырма катары өткөрүлөт. Негизги бөлүктө негизги кыймылдардын 2–3 түрүн пландаган максатка ылайык келет. Оюндар, эстафеталар, комплекстүү сабактар жана кызыкчылыгы боюнча тапшырмалар негизги кыймылда алган көндүмдөрүнө бекемдейт.

## Балдарда кыймыл көндүмдөрүн калыптандыруунун методикасы

Жаңы кыймыл көндүмдөрүн калыптандырууда баскыч-баскыч менен окутуу сунушталат.

➔ ***Биринчи баскычта*** (кыймыл тууралуу алгачкы түшүнүктөр) «Тапчы, кана!» оюнун колдонсо болот. Ал кыймыл элементтерин ырааттуу аткарууну аңдап сезген деңгээлин аныктоо максатында өткөрүлөт.

➔ ***Экинчи баскычта*** (көндүмдү өркүндөтүү) «Эмне үчүн?» оюну ойнолот, анын жардамы менен көнүгүүнү аткаруунун сапатына көзөмөлдүк жасалат. Окутуунун бул баскычында негизги кыймыл аракеттери балдарга тааныш болуп калат, ошондуктан аларда акыркы натыйжага болгон көңүл буруу активдешет. Педагог кыймылды так аткарганын карап көзөмөлдөшү, ага балдарды кызыктырышы керек болот.

➔ ***Үчүнчү баскычта*** «Ойночу, кана!» ойну өткөрүлөт, анын жардамы менен балдарда кыймыл көндүмдөрү бекемделет. Чыгармачыл тапшырмалар курчап турган дүйнөнү таанып билүүнүн өзүнчө каражаты болуп саналат. Оюн сабактарынын мазмунуна педагог баланын кругозорун кеңейтүүчү таанып билүү материалын кошот. Бир учурда жаныбарлардын, канаттуулардын, курт-кумурскалардын, жомоктордун каармандарынын кыймылдарын тууроо сунушталса, экинчи учурда ой жүгүртүү операциялары менен шайкеш келген дене сапаттарын көрсөтүү максатында кыймылдар аткарылат (мисалы, коендун таманында канча тартылган болсо, ошончо сабизди алып баруу керек). Үчүнчүдө баланын акыл-эс жөндөмдүүлүктөрү көрсөтүлөт, мисалы «Коендор короодо» оюну.

Текст оюндун мазмунун аныктайт:

**Коенек**

**Ай, коенек, коенек,**
**Тентектигин кое элек**
**Ичин басын олтурат**
**Капустадан тое жеп.**

*Н. Байтемиров*

Педагог чыгармачыл тапшырмалардын бир нече вариантын сунуштай алат:

- ➔ коендор арткы буттарына турбай капустаны алып кетиши керек;
- ➔ ар бир коен капустаны алып баратып, изин шыпырып жашырат;
- ➔ кыймылдоо ыкмасын көрсөтүү: бир буттап, үч буттап ж. б.;
- ➔ капустаны жуп болуп көтөрүп кетүү варианттарын ойлоп табуу.

Мындай тапшырмалардагы реалдуу-шарттуу жагдай балага тааныш образды көрсөткөнгө, кайталаганга жана кыймыл милдеттерин аткарууда чыгармачылыгын көрсөткөнгө жардам берет.

**Балдарды уюштуруу ыкмалары.** Дене тарбия сабактарын өтүүдө балдарды уюштуруунун жалпы кабыл алынган ыкмалары сунушталат - фронталдык, потоктук, топтук жана жекече.

**Фронталдык ыкманы** колдонууда бардык балдар бир эле көнүгүүнү бир мезгилде аткарышат. Балдарды басууга, жүгүрүүгө үйрөтүүдө жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдө, топ менен ар кандай тапшырмаларда колдонулат.

**Поток ыкмасы** – абдан кеңири тарагандардын бири. Балдар поток түрүндө, биринин артынан бири (анча чоң эмес интервал менен) кыймылдашат, ошол эле учурда берилген көнүгүүнү аткарышат (тең салмактуулук – шнур менен, гимнастикалык скамейкада басуу; алдыга жылуу менен секирүү ж. б.). Бул ыкма балдардын аракеттерин түзөтүп турганга, каталарды оңдоп, эң негизгиси зарылчылык болсо камсыздандырганга педагогго мүмкүнчүлүк берет.

Поток ыкмасы өтүлгөн материалды бекемдөөдө кеңири колдонулат. Кээде ушул ыкма менен бир нече көнүгүү катар аткарылат. Мисалы, балдар колонна менен, биринин артынан бири гимнастикалык скамейка менен өтүшөт, тең салмактуулукка тапшырма аткарышат, андан кийин эки буттап секиргенге өтүшөт, алдыга айтылган аралыкка жылышат, аягында топту корзинага ыргытышат.

**Топтук ыкмада** балдар педагогдун көрсөтмөсү менен топторго бөлүнүшөт, ар бир топ тиешелүү тапшырма алат да, аны аткарат. Бир топ педагогдун жетекчилиги менен иштешет, башкасы өз алдынча же жупта иштешет (мисалы, топ менен). Колдонмо жана жабдуулар педагог бардык балдарды көргөндөй жайгашуусу керек жана зарылчылыгына жараша команда берип турушу зарыл. Адатта уюштуруунун мындай ыкмасы балдар кыймыл көндүмдөрүнүн жана билгичтиктеринин тиешелүү запасына ээ болгондо колдонулат.

**Жекече ыкма** жаңы программалык материалды түшүндүрүүдө колдонулат, анда бир баланын мисалында (абдан даярдалган) көрсөтүлөт жана тапшырма түшүндүрүлөт, балдардын көңүлү көнүгүүнүн техникасын туура аткарууга, мүмкүн болгон каталарга жана так эместиктерге бурулат. Көнүгүүнү көрсөтүү жана түшүндүрүү абдан так жана кыска болушу кажет. Мындай ыкма балдардын баштапкы мүмкүнчүлүктөрүн жана максаттуу дене тарбия сабактарынын натыйжаларын аныктоо максатында денелик жактан даярдык деңгээлин баалоодо (жылдын башында, ортосунда жана аягында) колдонулат.

**Өнүктүрүүчү чөйрөнү уюштуруу.** Дене тарбия сабагы үчүн өнүктүрүүчү мейкиндик денени өстүрүү каражаттары (анын ичинде техникалык да) жана тиешелүү материалдар менен жабдылышы керек:

- ✓ программага ылайык оюндун, спорттук, денени чыңдоочу жабдуулар, инвентар (ар кандай диаметрдеги жана багыттагы топтор, обручтар, секиргичтер, гантелдер, кеглдер, гимнастикалык таяктар, догоолор, бутага ыргытуу үчүн каптар, алыска ыргытуу үчүн ичи толтурулган топтор, султанчиктер, түрдүү формадагы жана өлчөмдөгү модулдар, «городоктордун» топтому, бадминтон ж. б.).

Балдар менен иштөөдө денени чыңдоо жана өзүн өзү укалоо үчүн ыңгайлашмаларды колдонуу сунушталат: пробкалык килемчелер, кырдуу одур-бодур такталар, кум менен каптар, ичи толтурулган топтор, таш менен килемчелер ж.б. Мындай ыңгайлашмаларды педагог өзү жасап алса да болот, ата-энелерди жардамга чакырса болот.

**Билим берүү мейкиндигин педагогдун сабаттуу жана чыгармачылык менен уюштуруусу жана материалдардын, жабдуулардын жана инвентарлардын көп түрдүүлүгү (имаратта же участокто) буларды камсыздайт:**

- ➔ бардык тарбиялануучулардын оюн, таанып билүү, изилдөө жана чыгармачыл активдүүлүгү;
- ➔ кыймыл активдүүлүгү, анын ичинде ири жана майда булчуңдарды өнүктүрүү, кыймылдуу оюндарга жана мелдештерге катышуу;
- ➔ балдардын предметтик-мейкиндик чөйрөсү менен өз ара аракеттенүүдөгү эмоционалдык бакубатчылыгы;
- ➔ балдардын өзүн көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгү.

Топтун имаратынын жана оюн аянтчаларынын мейкиндик чөйрөсү баланын *«жакынкы өсүү аймагына»* багытталышы зарыл: өз алдынча ишмердик үчүн балдарга тааныш материалдар жана предметтер, ошондой эле теңтуштары менен бирге аткарган ишмердик үчүн (топтор, кеглдер, обручтар, кубиктер, желекчелер); педагог менен биргелешкен ишмердикте балдар ээ боло турган предметтер жана материалдар: (гимнастикалык таяк, гимнастикалык шаты, шаты – стремянка, сойлоо үчүн догоо, скамейкалар, кыры бар, өңгүл-дөңгүл дорожкалар, анча бийик эмес дүмүрлөр; такыр тааныш эмес коопсуз предметтер жана материалдар, алар балдардын кыймылдуу активдүүлүгүн өнүктүрүүгө жардам берет (фитболдор, лыжалар, үч дөңгөлөктүү велосипеддер, майтамандын алдын алуу үчүн дорожкалар).

Мейкиндик денелик чөйрө педагог тарабынан бардык тарбиялануучулар, анын ичинде ДМЧ балдар үчүн да, окуу куралдарын эркин ала тургандай уюштурулушу зарыл, балдардын коопсуздугу коопсуздук техникасынын талаптарына, санитардык-гигиеналык ченемдерге, балдардын физиологиясына, аракеттенүү ыңгайлуулук принциптерине шайкеш келүүсү шарт. Кабыл алуучу жана топтун бөлмөсүнүн интерьери, жабдуулардын жана инвентарлардын ар түрдүүлүгү кенже мектепке чейинки курактагы балдардын денелик өсүүсүнө дал келиши, алардын муктаждыктарын, өзгөчөлүктөрүн эске алышы керек, зарылчылык болсо кемчиликтерин түзөтүп туруу зарыл.

Предметтик чөйрө дайыма өркүндөтүлүп турушу, өнүктүрүүчү мүнөзгө ээ болуусу абзел, анда жекече да, топтук ишмердик үчүн да орун болушу зарыл. Балдардын денесин чыңдоо үчүн участокто «Ден соолук жолу» балдар бакчасынын экологиялык жолун түзүү сунушталат, ал жаратылыш материалдарынын компоненттеринен турушу мүмкүн: тобурчактар, ар кандай өлчөмдөгү таштар, кумдар, шагылдар, ар кандай бийиктиктеги дүмүрлөр. Бул жолду эркин кыймыл ишмердигинде жана балдар менен жекече иштөөдө май тамандын жана таяныч-кыймыл аппаратынын бузулуусун алдын алуу үчүн колдонсо болот.

Балдардын өз алдынча кыймыл активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында педагог тематикалык оюн аймактарын уюштурууну ойлонушу кажет. Мисалы, «Жомок зоопаркы» аймагы, ал кенже мектепке чейинки курактагы балдарды ар тараптан өнүктүрүү үчүн колдонулушу мүмкүн. Балдар жогору бийикке чыгып, жылмышып түшүүсү үчүн «Ашып өтүү үчүн дубалды» жана «Жылгаяк тепмени (горька)» орнотсо, түрдүү ыкмалар менен шатыга чыгарып, түшүрсө болот. Жай мезгилинде парк аймагында ачык бассейн, суу чачыша тургандарды уюштурса болот.

Өз алдынча кыймыл ишмердиги кыймыл билгичтиктерине ээ болуу деңгээлин аныктай турган критерий болуп саналат. Эгер балдар кыймылды жеңил, эркин жана

чыгармачылык менен колдонсо, демек, аларды ишти уюштуруу формаларында толук деңгээлде өздөштүрүшкөн.

Кыймыл өнүгүүсүндө артта калып жаткан балдар менен педагог системалуу түрдө сейилдөө учурунда, күндүн экинчи бөлүгүндө түзөтүү, теңдештирүү жана жекече иштерди жүргүзүп, ата-энелерге практикалык сунуштарды берип туруусу зарыл.

Ошентип, дене тарбия боюнча сабактардын ар кандай түрлөрүн рационалдуу айкалыштыруу, эс алууда, сейилдөөдө эрте мененки гимнастиканы, кыймылдуу оюндарды жана дене көнүгүүлөрүн, акыл-эске күч келген сабактарда физкультминуткаларды колдонуу баланын толук кандуу дене өсүүсү жана ден соолугун бекемдөө үчүн зарыл тиешелүү кыймыл режимин жаратат.

**Үй-бүлө менен иштөө.** Бардык дене тарбиялык чыңдоочу иш педагог тарабынан үй-бүлө менен тыгыз кызматташтыкта өткөрүлөт. Педагог ата-энелерди бала бакчадагы, топтогу дене тарбия иштери менен тааныштырат, баланын даярдык деңгээли менен тааныштырат (жекече өнүгүү картасынын негизинде), биргелешкен сабактарга катышууга чакырат (дене өсүүсү боюнча билим берүү ишмердиги, эс алуулар, майрамдар, ден соолук күндөрү); үй-бүлөдө сергек жашоо образын (кыймыл режими) уюштурууну сунуштайт; атайын адабияттарды жана видеофильмдерди сунуштайт, ар башка үй-бүлөдөгү дене маданияты тажрыйбаларын иликтеп үйрөнөт жана жайылтат.

Баланын шайкеш инсанын өнүктүрүүнүн абдан маанилүү курамдык бөлүгү денелик жактан аны өркүндөтүү болуп саналат: бекем ден соолук, дененин чыңдыгы, шамдагайлык, күч жана чыдамкайлык. Бул сапаттардын баарын тарбиялоо эрте жаштан башталуусу керек.

## Ортоңку топ (беш жаштагылар)

**Беш жаштагы балдарды дене жагынан тарбиялоонун максаты** бакубат, активдүү, демилгелүү, шайыр, турмушка чыдамдуу, дене жагынан жана чыгырмачылык жактан өнүккөн, өзүнүн денесин жакшы башкарган жана ар түрдүү кырдаалда кыймыл тажрыйбасын билгичтик менен колдонгон баланы тарбиялоо болуп саналат.

**Ден соолукка кам көрүү.** Дене өсүүсүнүн башкы милдеттеринин бири – бул мектепке чейинки баланын **бакубатчылыгы.** Балдар үчүн дене көнүгүүлөрү эмгек же тиричилик аракеттери менен бирдей эмес экенин баса белгилөө зарыл, алар менен алмаштырууга болбойт. Аракет тууралуу билим жана түшүнүктөр менен бала аларды аткарганга аракет кылат, ал эми бул аракетти көп жолу кайталоонун негизинде кыймыл көндүмү өздөштүрүлөт. Бешинчи жаштагы баланы кыймыл билгичтиктерине окутуу процесси аң сезимди активдүү аралаштыруу менен байланыштуу.

Имараттагы абанын температурасын 20–21°С абалда кармап, такай желдетип туруу маанилүү. Педагог уктоочу бөлмөгө таза абанын келип турушун көзөмөлдөшү керек. Уктоочу бөлмөдөгү абанын температурасы оюн комнатасына караганда 1–2°С төмөн болушу зарыл. Туура уюштурулган температуралык режим, тиешелүү нымдуулук денени чыңдоочу натыйжа берет, вирус инфекциясы менен оорунун деңгээлин төмөндөтөт.

Педагог баланын күн сайын таза абада болуусун уюштурушу абзел, кыш мезгилинде кандай температура болсо да 3 саатка чейин, жайкысын – бүтүндөй күн бою. Баланын кийими жеңил типте болушуна жана сезонго туура келишине көз салуу кажет. Жылдын жылуу мезгилинде күн процедураларын эрте менен өткөрүү зарыл, бастырманын алдында, көлөкөдө балдардын ишмердигин камсыздоо керек. Ар бир баланын ден соолугунун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, ден соолукту чыңдоочу процедураларды (суу процедуралары, аба ванналары, точкалык массаж, кинезиологиялык жана дем алуу гимнастикалары) өткөрүү маанилүү.

Педагог маданий-гигиеналык талаптарды өз алдынча аткарганы үчүн балдарды кызыктырып, ошого тарбиялоосун улантуусу керек: тамактын алдында жана туалеттен кийин колду жуумай, кол жоолук же салфетка пайдалануу, тишти таза жуумай, тарануу, стол аспаптарын колдонуу, этияттык менен үн чыгарбай тамак жемей, столдо туура позаны кармоо.

Эрте мененки гимнастика процессинде, ал 8–10 мүнөт болот, балдар көнүгүүлөрдү активдүү жана ынтымак менен аткарууга аракет кылышат: чуркоо, басуу, секирүү, моюндун, тулку дененин, колдун, буттун булчуңдары үчүн көнүгүүлөр. Балдарды активдүү тартуу үчүн педагог музыкалык коштоону, оюн ыкмаларын колдонушу зарыл.

Дене өнүгүүсү боюнча сабакта алган балдардын кыймыл көндүмдөрүн бекемдөө үчүн дене ишмердигинин ар кандай түрлөрүнө өткөрүү сунушталат: спорт майрамдары, эс алуулар, баланын үй-бүлө мүчөлөрүн активдүү тартуу менен көңүл ачуу: «Атам, апам, мен – үй-бүлө достошкон спорт менен!», «Жаш олимпиядачылар», «Спорт менен достошобуз», «Топ мектеби», «Суу майрамы», «Кышкы таймаштар», кышкы жана жайкы спорттук майрамдар, үй-бүлөлүк футбол жолугушуулары, үй-бүлөлүк веложарыш, түрдүү спорттук эстафеталар.

- Мектепке чейинки балдар менен иштеген, баланын ден соолугуна кам көргөн азыркы педагогдун балага чоң адамдын кичирейтилген көчүрмөсү сыяктуу мамиле кылганга укугу жок, анткени ар бир курактык мезгилге тиешелүү өзүнүн дене түзүлүш жана аракеттенүү өзгөчөлүктөрү бар.

**Беш жаштагы баланын ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия өзгөчөлүктөрү (ортоңку топ).** Балдардын денелик мүмкүнчүлүктөрү өстү: алардын кыймылдары бир топ ишенимдүү жана ар түрдүү болуп калды. Бул балдар **кыймылга болгон курч муктаждыкты** сезишет. Активдүү кыймыл ишмердигин чектеген учурда, алар тез толкунданып кетишет, укпай чырланышат. Ошондуктан ортоңку топто акылга сыярлык кыймыл режимин жолго коюу, балдардын турмушун түрдүү кыймылдуу оюндар, оюн тапшырмалар, музыканын коштоосундагы ритмдүү жана бий кыймылдары, хоровод оюндары менен толтуруу абдан маанилүү. Бул курактагы балдарды көпчүлүк учурда «тынчы жок» деп аташат.

Балдардын өз алдынчалуулугун өнүктүрүүгө көңүл буруу менен педагог жекече мамиленин ыкмаларын кеңири колдонушу зарыл, бул эрежени сакташы керек: бала өз алдынча аткара ала турганды жасабоо керек. Бирок мында ал билгичтиктеринин реалдуу деңгээлинен аракеттенет, алар ар башка адамда олуттуу айырмаланышы мүмкүн. Ошондуктан, айрым балдар үчүн керектүү аракет тууралуу эскертүү, кеңеш жетиштүү болот, башкалары үчүн көрсөтүү же бала менен биргелешкен аракет керек болот – мында эрте курактагы балдардын бир өзгөчөлүгү көрүнөт.

Балдарга тиешелүү байкалган өзгөчөлүк балдардын фантазиясы болуп саналат, көпчүлүк учурда алар оюнан чыгарганы менен чындыкты чаташтырышат. Фантазиянын ачыктыгы баланын акыл-эс мүмкүнчүлүктөрүнүн алкагын кеңейтет жана педагог тарабынан балдар оюн тажрыйбасын байытуу үчүн колдонулат, мисалы, оюнда жаныбарлардын, адамдардын фантастикалык образдарын, жомоктогудай саякаттарды ойлоп табуу.

Беш жашта балдар жыныс маселесине кызыкканын көрсөтүшөт, өзүнүн жыныстык тиешелүүлүгүн аңдап сезүү башталат. Балдар уул балдар менен кыздардын ортосундагы тышкы айырманы белгилешет. Педагогдун медициналык кызматкер менен биргеликтеги милдети балдардын ден соолугунун абалын жана кыздар менен уулдардын дене өсүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, уулдар менен кыздардын ылдамдык-күч сапаттары жогорулаганда балдардын жыныстык тиешелүүлүгүн учетко алуу, уулдун же кыздын жүрүм-туруму, алардын өз ара мамилеси тууралуу түшүнүктөрдү акырындык

менен калыптандыруу болуп саналат. Мындай милдеттерди аткаруу уулдар менен кыздардын ортосундагы өнөктөштүктү өнүктүрүүгө, топтогу балдардын гендердик социалдашуусуна ийгиликтүү таасир этет.

**Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча сабактарды уюштуруу.** Бала бакчанын ортоңку тобундагы ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча сабактар 15–20 мүнөттөн жумасына 3 жолудан өткөрүлөт, аны эрте менен өткөргөн жакшы. Ар бир үчүнчү сабак бала бакчанын аянтчасында ачык абада өткөрүлөт.

Вариативдик мектепке чейинки билим берүү уюмдарында (МБУ) спорт залы жок болгон учурда, сабактар алдын ала желдетилген топто өтөт; бул учурда педагогго тиешелүү коопсуз чөйрөнү түзүү, чоң мейкиндикти бошотуу, спорт инвентарын даярдоо керек болот. Ошондой эле бир сабак ачык абада өткөрүлөт.

Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча сабактардын **түзүмү** жалпы кабыл алынгандай – **кириш** (2—3 мүн), **негизги** (10—13 мүн) жана **жыйынтыктоочу бөлүк** (3—4 мүн).

Сабактын ***биринчи бөлүгүндө*** басуу, жүгүрүү, тизилүү, кайра туруу сыяктуу көнүгүүлөр, татаал эмес оюн тапшырмалары сунушталат. Педагог басуу менен жүгүрүүдөгү көнүгүүлөрдү кезектештиргенге өзгөчө маани бериши керек: алардын бир түрдүүлүгү балдарды чарчатат, зериктирет, көнүгүүлөрдүн сапатын төмөндөтөт, ошондой эле начар кесепеттерге алып келиши мүмкүн (кыйшык өсүү, тамандын бузулушу ж.б.).

***Экинчи бөлүктө*** жалпы өнүктүрүүчү мүнөздөгү көнүгүүлөргө, кыймылдын негизги түрлөрүнө үйрөтүшөт, кыймылдуу оюндар өткөрүлөт.

***Үчүнчү бөлүктө*** басуу көнүгүүлөрү, татаал эмес оюн тапшырмалары колдонулат.

**Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр** организмге жалпысынан, айрым булчуң топторуна жана муундарга багыттуу таасир этет, ошондой эле кыймылды башкарууну, мейкиндикте ориентир алууну жакшыртат, жүрөк кан тамыр жана дем алуу функцияларынын жакшырышына оң таасир этет. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдүн биринчи тобу мүрүнүн айланасындагы жана колдордун булчуңдарын өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө багытталган. Көнүгүүлөрдүн экинчи тобу – тулку денеге, жондун булчуңдарын өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө иштейт. Көнүгүүлөрдүн үчүнчү тобу буттун булчуңдарын жана ичтин прессин өнүктүрүүгө жана бекемдөөгө багытталат. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү туура аткаруу үчүн баштапкы абал маанилүү. Ар кандай баштапкы абал колдонулат: жатып, отуруп, тизелеп туруп, ичине жатып, жонуна жатып. Баштапкы абалды өзгөртүп, педагог кыймыл милдетин татаалданта же жеңилдете алат. Сабакта кандай инвентарь колдонула турганына жараша педагог тизилүүнү ойлонуштурат жана пландайт; *мисалы,* таяк, желек менен көнүгүүлөрдө колоннага бири-биринен алысыраак турган жакшы, анткени шеренгага тизилүү кыймылдардын зарыл амплитудасына жеткенге мүмкүнчүлүк бербейт, мындан сырткары жаракат алууга алып келиши мүмкүн.

Сабакты баштардын алдында педагог ири жана майда дене тарбия инвентарларын даярдайт жана аларды тиешелүү жерге жайгаштырат. Педагогдун көрсөтмөсү менен балдар желекчелерди, таякчаларды, кубиктерди ж. б. өз алдынча алышат, ал эми көнүгүүлөр бүткөндө аларды ордуна коюшат. Ири инвентарды ордунан жылдырганда педагог балдарды тартат. Мында мектепке чейинки бала үчүн ашыкча жүк зыяндуу экенин эске алуу зарыл, ал начар кесепеттерге алып келиши мүмкүн: кыйшык өсүүгө жана грыжаларга алып келүү.

***Кыймылдын негизги түрлөрүнө окутуу*** аныктоочу болуп саналат. Балдарды денелик жактан шайкеш өнүктүрүү максатында жыл ичинде кыймылдын ар бир түрү боюнча болжолдуу бирдей көнүгүүлөрдүн саны каралат.

Ар бир сабакта кыймылдын үч негизги түрү берилет. Аларды тиешелүү ырааттуулукта кайталашат, салыштырмалуу анча чоң эмес убакыт аралыкта татаалдантып, вариантташтырып турат. Мында кыймылдын шайкеш келиши гана эмес, ар бир этаптагы ар бир түр үчүн окутуу милдеттери да маанилүү: көнүгүүлөрдү үйрөнүүдө, кайталоодо жана бекемдөөдө (экинчи кенже топто «Дене көнүгүүлөрүнө этап менен окутуунун методикасын» кар).

Сунушталган пландоо системасында педагог буларды эске алуусу керек: ар бир айдын биринчи жумасында балдар менен тең салмактуулук көнүгүүлөрүн үйрөнүп, секирүүдөгү көнүгүүлөрдү кайталап, түртүп ыргытуудагы көнүгүүлөрдү бекемдейт; экинчиде окутуу үчүн секирүүдөгү көнүгүүлөрдү колдонот, ал эми түртүп ыргытуудагы жана жөрмөлөп чыгуудагы билгичтиктерди кайталайт жана бекемдейт; үчүнчүдө түртүп ыргытуудагы көнүгүүлөрдү үйрөнөт, ал эми жөрмөлөп чыгуу менен тең салмактуулуктагы көнүгүүлөрдү кайталап, бекемдейт; төртүнчүдө жөрмөлөп чыгууга үйрөтөт, тең салмактуулук менен секирүүдө көнүгүшөт.

Жалпы өнүктүрүүчү мүнөздөгү көнүгүүлөргө үйрөтүүдө педагог балдар менен майда (желекчелер, кубиктер, секиргичтер, таяктар, кеглдер ж. б.) жана ири (рейкалар, обручтар, фитболдоры, шатылар, скамейкалар) дене тарбия инвентарларын колдонот. Дене тарбия инвентарларын ар кандай ырааттуулукта кезектештирүү ар түрдүүлүктү берет; мисалы, ири инвентар менен көнүгүүлөрдү аткаруу балдардан аң сезимдүүлүктү, өзүнүн аракеттерин башка жолдошторунун аракеттери менен макулдаша билүүнү талап кылат.

Сабактын оптималдуу мотордук тыгыздыгын камсыз кылуу зарыл. Аны үчүн педагог буларды аткарышы керек:

➔ балдарды уюштуруунун ар кандай ыкмаларын колдонуу: фронталдык, потоктук, топтук жана жекече;

➔ баланын эрктик сапаттарын күчөтүү үчүн атайын кырдаалдарды түзүү: чечкиндүүлүк, эр жүрөк, тапкычтык;

➔ дене тарбия сабактарын уюштурууда жана өткөрүүдө түрдүү усулдарды колдонуу: көрсөтмөлүү, сөздүк, практикалык, оюн.

Ортоңку курактагы топто дене тарбиялык-чыңдоочу иштердин системасы башка куракттык топтордогудай эле денени чыңдоочу, билим берүүчү жана тарбиялоочу милдеттерди **комплекстүү** чечүүгө багытталган. Иштин артыкчылыктуу багыты үзүрлүү, үнөмдүү, аң сезимдүү кыймылдарды калыптандыруу, кыймыл тажрыйбасын топтоо жана аны күндөлүк, тактап айтканда, оюн ишмердигине которуу болуп саналат.

🖬 Ортоңку курактагы балдар менен иштөөдө педагог баланын кыймыл көндүмдөрү өзүнүн калыптануусунда **үч стадиядан** өтөрүн эстен чыгарбашыбыз керек: биринчи – *иррадиация,* экинчи – *специализация,* үчүнчү – *стабилдешүү.*

***Биринчи стадия, иррадиация*** – убактысы боюнча кыска. Ал ички тормоздолуу жетиштүү болбогон учурда толкундануунун нерв борборлору боюнча кеңири таралышы менен мүнөздөлөт. Ошентип, аткарылып жаткан кыймылга «керексиз» булчуң топтору кошулат. Физиологиялык картина жаңыга карата эмоционалдык реакция кээде коркуу менен коштолот. Жаңы кыймыл менен таанышып жатып, бала ишенимсиздикти сезет, кыймылды мейкиндикте жана убакытка аткарууда анда так эместик байкалат, «ашыкча» кыймыл-аракеттер жаралат, булчуңдарга күч келет. Бул стадияда педагогдун гендердик өзгөчөлүктү эске алганы маанилүү, анткени беш жашта уул балдар менен кыздардын ортосунда секиргич аркылуу секирүүдө олуттуу айырмачылык белгиленет – уул балдар бирден секирүүнү аткарышат; кыздар түрдүү секирүүнү үйрөнүшөт, аларды күндөлүк турмушта колдонушат; уул

балдардын жүгүрүүдөгү, секирүүдөгү жана түртүп ыргытуудагы орточо натыйжалары кыздардын орточо натыйжаларынан ашып түшөт; кыздар ийкемдүүлүккө жана тең салмактуулукка карата көнүгүүлөрдү уул балдардан жакшы аткарат.

***Экинчи стадия, специализация*** – убактысы боюнча бир топ узагыраак. Ал кыймыл башкарган нерв борборлорунда толкундануунун топтолушу менен мүнөздөлөт. Ички тормоздоо өнүгөт, айрым кыймыл рефлекстерин жана жалпы системаны бүтүндөй тактоо ишке ашат. Мунун натыйжасында үйрөнүлүп жаткан кыймылды туура аткаруу ишенимсиздик сезимин жоготот. Аткарууда дагы да ката бар болгонуна карабастан, динамикалык стереотип калыптанып баштайт. Бала аракеттерди аткаруунун ыкмаларын аңдап түшүнөт, бирок көңүл буруу чыңалган жана кыймылды аткаруу процессине топтолот. Башка балдардын көңүлүн кырдаалга буруусда техниканын сапаты начарлайт. Натыйжада кыймыл көндүмдөрүнүн түзүлүшү эркин түрдө болот. Бала бирде көнүгүүнү жеңил жана эркин аткарат, бирде сырттан байкап туруп, ал аны биринчи аткарып жатат деп болжолдоого болот. Кыздарга жана уул балдарга бир эле кыймылды аткаруу менен байланышкан ар башка талаптар коюлушу керек: балдар үчүн тактык, ритмдүүлүк, кошумча аракеттерди жумшоо, кыздар үчүн ийилгичтик, көркөмдүк, көрктүүлүк мүнөздүү.

***Үчүнчү стадия, стабилдүүлүк*** – көндүмдүн автоматташуусу менен мүнөздөлөт. Баланын кыймылы жигердүү, үнөмдүү, жетишерлик так жана эркин болуп калат. Ал кыймыл милдетин аңдап түшүнөт, үйрөнүлгөн кыймылды оюн жана күндөлүк ишмердигинде чыгармачылык менен колдонот. Айрым кыймылдарга ээ болууда уул балдар менен кыздарда бирдей эмес натыйжага карата талаптар да ар башка болуш керек дегенди билдирет. Мисалы, секиргич менен секирүүдө уулдар үчүн токтоосуз секирүүнү жакшы натыйжа деп эсептөөгө болот, ошол эле учурда кыздар үчүн жакшы натыйжа – секирүүнүн бир топ татаал варианттары эсептелет.

Мунун негизинде, орто курактагы балдар үчүн методикалык сунуштарда ***дене көнүгүүлөрүнө этап менен окутуу усулу*** сунушталды, аны жогорку мектепке чейинки куракта ийгиликтүү колдонууга болот.

### Дене көнүгүүлөрүнө этап менен окутуу методикасы

*Биринчи этап* – Кыймыл аракеттердин баштапкысын үйрөнүү. *Экинчи этап* – кыймылды үйрөнүүнү тереңдетүү. *Үчүнчү этап* – кыймыл техникаларын бекемдөө жана өркүндөтүү.

**Биринчи этапта** балдарды жаңы дене көнүгүүсү менен тааныштыруу, кыймыл акты жөнүндө алгачкы бүтүндөй түшүнүктү түзүү, элементтерин туура ырааттуулукта жалпысынан аткарууга үйрөтүү милдеттери коюлат. Этаптын узактыгы – бир сабак. Кийинки сабакта башка милдеттер коюлат. Бул этапта баланын тапшырманы ар тараптуу кабыл алуусун, көрүү, угуу, кыймыл таасирин камсыз кылуу, баланын аң сезимин активдештирүү зарыл.

Аны үчүн педагог түрдүү окутуу ыкмаларын болжолдуу төмөнкүдөй ырааттуулукта колдонот:

- ➔ көнүгүүнү атоо;
- ➔ эч кандай түшүндүрмөсүз кыймылдын үлгүсүн туура, так көрсөтүү;
- ➔ ал педагог тарабынан баштан аяк талап кылынган темпте аткарылат, бул балдарга кыймылдын бүтүн образын динамикада кабыл алганга, ага кызыгып, аны аткарууга умтулганга мүмкүнчүлүк берет;
- ➔ бир топ жай темпте кыймылды түзгөн бардык элементтерин түшүндүрүү менен майда-баратына чейин көрсөтүү;
- ➔ көнүгүүнү балдардын өз алдынча аткаруусу.

Мисалы, педагог айтат:

– Бүгүн биз жаңы көнүгүүнү үйрөнөбүз, ал «төрт санда кол үчүн көнүгүү» деп аталат. Карагылачы, ал кандай аткарылат экен (түшүндүрмөсүз тиешелүү темпте көрсөтөт).

– Ал эми дагы бир жолу карагыла жана уккула: баштапкы абал – негизги туруу: согончоктор бирге, буттун башы ажырап турат, кол түшүп турат. Мен колумду алдыга, жогору көтөрөм. Алаканымды карадым. Эми эки жакка. Ылдый түшүрөм, баштапкы абалга кайтам.

– Ал эми азыр бул көнүгүүнү өз алдынча аткарганга аракет кылып көргүлө.

– Баштапкы абал – негизги туруу. Текшергиле, согончоктор бирге, буттун башы ажырап турат, кол түшүрүлгөн.

– Көнүгүүнү баштагыла! Колду алдыга-жогору, колду карагыла; эки тарапка; ылдый түшүрдүңөр. Алдыга, жогору, эки тарапка, түшүрдүңөр. Эми акыркы жолу… – Азаматсыңар, көнүгүүнү бүттүк.

Кыймылды өз алдынча аткарууда балдар педагогдун көрсөтмөлөрүн угуу менен аларды практикалык жактан түзүлгөн кыймылдын образын текшеришет, ал эми педагог алар тапшырманы кандай түшүнгөнүн карайт, тактап, түшүндүрүп, көрсөтүп турат. Бул этапта педагог эсепти колдонбойт, анткени бул кыймылдуу аң сезимдүү аткарганга тоскоол болот. Ошол эле учурда сөздөр балдардын аң сезимине таасир этүү менен мейкиндикте болжолдоо-изилдөөчүлүк рефлексин чакырат, ориентирлер өздөштүрүлөт (жогору, ылдый, эки тарапка) жана өзүнүн денесинин бөлүктөрү тууралуу түшүнүктөр берилет.

- Бардык бул ыкмалар баш мээнин кабыгында убактылуу байланыштардын түзүлүүсүн камсыз кылат да, баланын бул көнүгүүнү түзгөн кыймыл элементтеринин бардык ырааттуулугун аң сезимдүү эстеп калуусуна, булчуңдук сезүүгө таянуу менен аларды бүтүндөй образга бириктиргенге жардам берет.

Педагогдун балдардын көнүгүүнү аткаруусун кызыктырып колдоп туруусу маанилүү, ал баланын кыймылга карата эмоционалдуу оң мамиле жасаганга кызыктырып турат жана кыймыл көндүмдөрүнүн калыптануусунун баштапкы этабынын ийгилигин аныктайт.

***Экинчи этапта*** – кыймылды тереңдетип өнүктүрүүдө – үйрөнүлүп жаткан кыймылды аткаруунун тууралыгын тактоо, каталарды акырындык менен оңдоо жана кыймылды жалпысынан так аткаруу милдеттери чечилет. Экинчи этаптын узактыгы кыймыл аракетинин татаалдыгынан көз каранды болот, мисалы, «обручту жогору кармап туруу» билгичтигин калыптандыруу «топту алып жүрүү» көндүмүнө караганда аз убакытты талап кылат.

Бул этапта түрдүү методикалык ыкмаларды колдонот, алардын болжолдуу ырааты төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

- көнүгүүнүн аты;
- кыймылдын техникасын эске салуу. Окутуунун экинчи жылында кыймыл аракеттери балдарга дайыма тааныш экенин, ошондуктан педагог аткарылып жаткан кыймылдын татаалдыгына жараша окутуунун усулдарын жана ыкмаларын тандай турганын түшүндүрүп коюу зарыл. Мазмуну жана түзүмү боюнча жөнөкөй көнүгүүлөрдө, педагог сөз усулун колдонуу менен гана эске салат, көрсөтпөйт. Бир топ татаал кыймылдарды аракетти түшүндүрүп көрсөтүү менен эске салган максатка ылайык;
- көнүгүүнү балдардын өз алдынча аткаруусу.

Маселен, балдар баштапкы абалды ээлегенден кийин педагог айтат:

– Биз өткөн сабакта аткарган көнүгүүнү эстегиле; ал «төрт санга кол үчүн көнүгүү» аталат. Биз колду алдыга, жогору көтөрүп, алаканга караганбыз; андан кийин колду эки тарапка, андан кийин ылдый каратабыз.

Мындай эске салуу балдардын аң сезимине кыймылдын образын анын бардык ырааттуулугунда эске салат, алар көнүгүүнү педагогдун көрсөтүүсү жок өз алдынча аткара алышат. Техниканын бөлүктөрүн тактоо үчүн педагог балдардын көңүлүн кыймылдын айрым элементтерине бурат, мисалы:

*– Көңүл бургула, колду жогору көтөрөбүз – алакандар бири-бирине карайт; колду ылдый – алакандар полду карайт.*

Бул учурда педагогдун түшүндүрүү менен көрсөтүүнү пайдалануусу максатка ылайык. Педагог ар бир баланын көнүгүүнү аткаруусун, аны үчүн балдарды колонна боюнча текшерет. Бир колонна кыймылды аткарат, педагог мында сөз менен же позаны акырын оңдоо менен айрым балдарга жекече жардам көрсөтөт. Башка колоннада турган балдар педагогдун көрсөтмөсүн угушат жана эмнеге умтулуу керектигин практикалык жактан көрүшөт.

Тереңдетип үйрөтүүдө көнүгүүнү аткаруунун түрдүү варианттары колдонулат:

- ➔ корпустун, буттун, колдун баштапкы абалынын өзгөрүшү; төрт санга кол үчүн көнүгүүнү баштапкы абалдан отуруп же жатып аткарууга өтүүгө болот; буттун абалы да өзгөрүшү мүмкүн, мисалы, буттар бирге, буттар мүрүнүн кеңдигинде, туруп оң (сол) тизеде ж. б.;
- ➔ көнүгүүлөрдү аткарууда предметтерди пайдалануу (кубиктер, желекчелер, тасмалар, султанчиктер);
- ➔ аянтчадагы балдардын жайгашуу абалын алмаштыруу (колонна боюнча, айланада, эркин ж. б.).

Мында көнүгүүнү аткаруу ордун алмаштырууга болот (дене тарбия же музыка залы, аянтча, топтун бөлмөсү ж. б.), дене тарбиялык-чыңдоочу иштин түрдүү формаларын тандоо (дене тарбия сабагы, эрте мененки гимнастика, физкультминутка, жекече иш, эс алуулар ж. б.).

Бул этапта көнүгүүнүн айрым элементтерин көздү жумуп алып аткарган натыйжалуу. Мында булчуңдун сезүүлөрү көрүү анализаторунун көзөмөлүн жок кылуунун эсебинен такталат. Акырындык менен бала өздөштүргөн кыймыл көндүмдөрү бекемделет, ал чыгармачылыкка жана өз алдынчалыкка шыктанат. Топтогу бардык балдар көнүгүүнү аң сезимдүү, б. а. сөз боюнча аткара алганда гана кыймылды тереңдетип үйрөнүү этабын өтүлдү деп эсептесе болот.

***Үчүнчү этапта*** – кыймылдын техникасын өркүндөтүүдө – өздөштүрүлгөн көндүмдү бекемдөө жана өркүндөтүү, аны кыймылдуу оюндарда жана күндөлүк ишмердикте колдонуу үчүн шарттарды түзүү, балдар өз алдынчалыкка жана чыгармачылыкка шыктандыруу милдеттери чечилет.

Бала тапшырманы аң сезимдүү кабыл алат, анын көңүлү кыймылдардын сапатына топтолгон, анткени анын аракеттери автоматташкан. Методикалык ыкмалардын ырааттуулугу болжолдуу төмөнкүдөй:

- ➔ көнүгүүнүн аты;
- ➔ балдардын көнүгүүнү өз алдынча аткаруусу;
- ➔ кыймылдарды аткаруу боюнча чыгармачыл тапшырмалар.

Педагог айтат:

– Кийинки көнүгүү – төрт санга кол үчүн көнүгүү. Баштапкы абал – негизги туруу. Баштапкы абал кабыл алынды! Көнүгүүнү башта!

Балдардын аң сезиминде бир гана аты боюнча кыймылдын бардык ырааттуулугу жаралат, алар көнүгүүнү бат жана так аткарат. Үчүнчү этапта педагог эсепти, музыканы, интонациялык вариативдүүлүктү колдонсо болот. Чыгармачыл тапшырмаларда балага тааныш көнүгүүгө өзгөртүү киргизүү; аны башкача кантип аткарса болорун ойлоп табуу: предметтерди тандоо, баштапкы абалын өзгөртүү, жуп болуп аткаруу же өзүнчө, оригиналдуу нерсени ойлоп табуу сунушталат.

Ошентип, **этап боюнча окутуу методикасы** кыймыл билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырууга, психофизикалык сапаттарын тарбиялоого гана эмес, мектепке чейинки курактагы балдардын **чыгармачылыгын өнүктүрүүгө** да багытталган.

Бул усулду педагогдор тарабынан бир топ жеңил жана системалуу кабыл алуу үчүн таблица сунушталды:

**МБУда дене тарбиялык-чыңдоочу ишти уюштурууга карата комплекстүү мамилени ишке ашыруу**

| **Окутуу этаптары** | **Иштөө формалары** | **Кыймылдарды аткарууда балдардын аң сезиминин багыттары** |
|---|---|---|
| 1. Кыймыл аракетин баштапкы үйрөнүү | Дене тарбия сабагы | Аң сезим жаңы кыймыл аракетине ээ болууга багытталган. |
| 2. Кыймылды тереңдетип үйрөнүү | Жекече иш, эрте мененки гимнастика, физкультминутка, кыймылдуу оюндар, сейилдөө, күндүн экинчи бөлүгүндөгү дене көнүгүүлөрү, өз алдынча кыймыл ишмердиги ж. б. | Аң сезим техниканын айрым элементтерин тактоого, кыймылдарды жалпысынан аткаруунун сапатына багытталган. |
| 3. Кыймыл аракетинин техникасын өркүндөтүү | Дене тарбия эс алуулары, дене тарбия майрамдары. Ден соолук күнү, туристтик саякаттар ж. б. | Аң сезим кыймыл көндүмдөрүн өзгөргөн шартта колдонуу мүмкүнчүлүгүнө, үйрөнгөн кыймылды чыгармачыл пайдаланууга багытталган. |

Ар бир бала табиятынан жекече жана өзгөчө экендигин баса белгилөө маанилүү, ошондуктан педагогдон жогорку деңгээлдеги даярдык, жоопкерчилик жана чыгармачылыгын көрсөтүү, ошондой эле балдар менен иштеген бардык адистердин тыгыз кызматташуусу, ата-энелер менен өз ара аракеттенүү талап кылынат. ДМЧ балдарды алардын ден соолук өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен спорттук-чыңдоочу ишмердикке тартуу, сабактарды медициналык көрсөткүчтөргө ылайык атайын ЛФК комплекстерин пайдалануу зарыл.

Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча сабактар үчүн аларды «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият», «ЖМТК», «Музыка», «Айлана-чөйрө менен тааныштыруу», «Көркөм өнөр» билим берүү чөйрөлөрү менен **жуурулуштуруу** максатка ылайык. Жуурулуштуруу сенсордук эталондорду өздөштүрүүдө, коопсуз жүрүм-турум эрежелерин, социалдык тажрыйбаны, кеп билгичтиктерин өздөштүрүүдө, жомоктордун каармандарынын кыймылдарын, түрдүү образдарды ойноодо, адам жөнүндө түшүнүктү кеңейтүүдө ишке ашат.

## Кыймылдуу оюндар

***Башкарууну (координацияны) өнүктүрүү үчүн оюндар жана кыймылдын тездигин өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр***

«Эң шамдагай»: зигзаг түрүндө 5–6 м аралыкка чуркоо, «Коендор жана корукчу», «Желекке чейин ким биринчи чуркап жетет», «Устун менен өт», «Алдыга (эки тарапка) сунулган колдогу предмет менен айланып өт», «Көзүңдү жумуп, сызык менен өт», «Түстүү автомобилдер», «Өзүңө шерик тап», «Биз – көңүлдүү балдарбыз», «Үкү», «Аюунун токоюнда», «Каздар-каздар», «Жоолук таштамай», «Ак терек – көк терек».

Ортоңку курактагы балдар менен иштөөдө тездикти өнүктүрүү үчүн педагог кайталама усулду колдонот, анда көнүгүүлөр кыймылдарды тереңдетип үйрөнүү менен аткарылат. Мында тездикке багытталган көнүгүүлөр узакка созулбашы керек, дем алуу үчүн интервалдар колдонулат – акырын чуркоо, жай басуу, тынчтандыруучу кыймылдар.

***Обруч менен оюндар***

«Обручка жет», «Ким алысыраак барат?».

***Кагаз предметтер менен оюндар***

«Көгүчкөнгө жет», «Кимдин самолету алыска учат?», «Ыргытып, тез карма», «Кагаз топ менен ойнойбуз».

***Ылдамдык-күч сапаттарын өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр***

«Кулун»: жамбашты бийик көтөрүп, тоскоолдук аркылуу, ылдамдап чуркоо.
«Жол менен»: ордунан жана алга жылуу менен секирүү.
«Дөңдөн дөңгө»: бийиктиги 12-15 см болгон бийик эмес предметтерге секирүү.
«Топтор»: ордунда уруу.
«Сааттар»: гимнастикалык дубалда туруп, бир кол менен рейканы кармап, бутту кезектештирип шилтөө (ар бир бут менен 5-6 жолудан).
«Чегиртке»: гимнастикалык дубалда аны карап туруп, бир рейканы эки колдоп кармап, тез арада ылдый жактагы экинчи, үчүнчү рейкага туруп жана полго түшүү. Татаалдатуу: эки бут менен секирип, экинчи рейкага чыгуу.
«Көрүшкөнчө, топ!»: ичи толтурулган (500 г) топту 3-4 м аралыкта жупта баштапкы абалдан, отуруп, бутту ажыратып тоголотуу.
«Үйдөн үйгө»: 30-35 см аралыкта полдо жаткан обручтан обручка (диаметри 30-35 см) эки буттап секирүү.
«Кенгуру»: 12-15 см бийиктикте 1 м аралыкта жайгашкан резинкалар же рейкалар аркылуу секирүү.
Кыймылдарды көп жолу кайталоо менен узакка аткарылган кыймылдуу оюндар: «Поезд», «Кулундар», «Күн жана жамгыр», «Өзүңдүн барагыңды тап», «Желекчени тап», «Улактар», «Качмай топ», «Аркан тартмай».

**Үй-бүлө менен иштөө.** Бардык дене тарбиялык-чыңдоочу иш педагог тарабынан үй-бүлө менен тыгыз кызматташтыкта өткөрүлөт.

Педагог ата-энелерди бала бакчадагы дене тарбия иштери менен тааныштырат; баланын жыныстык жана гендердик таандыктыгын эске алуу менен, анын даярдык деңгээли менен тааныштырат (жекече өнүгүү картасы); биргелешкен сабактарга катышууга чакырат (дене өсүүсү боюнча билим берүү ишмердиги, эс алуулар, майрамдар. Ден соолук күндөрү, туристтик саякаттар ж.б.); үй-бүлөдө сергек жашоо образын (кыймыл режими, тамактануу, психикалык ден соолук) кантип уюштурууну сунуштайт; атайын адабияттарды жана видеофильмдерди сунуштайт; үй-бүлөдөгү дене маданияты тажрыйбаларын иликтеп үйрөнөт жана жайылтат.

## Жогорку топ (алты жаштагылар)

**Мектепке чейинки курак – адам инсанын калыптандыруунун маанилүү учуру. Так ушул куракта балдардын дене жана психикалык ден соолугунун негиздери калыптанат.**

Дене кыймылдарынын жетишпестиги, төмөндөгөн кыймыл активдүүлүгү баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн жетишпегендигинен көрүнөт. Дене сапаттарын, кыймыл билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу баланын психикалык ден соолугу, эстетикалык сезимдерин жана адептик-эрктик сапаттарын тарбиялоо менен тыгыз байланышта.

Көпчүлүк адистер дене тарбиянын милдеттери комплекстүү түрдө жана акыл-эс, адептик, эстетикалык жана эмгек тарбиясы менен өз ара байланышта чечилиши керектигин белгилешет. Учурда Кыргызстандагы мектепке чейинки билим берүү системасы олуттуу өзгөрүүлөргө учуроодо. Мектепке чейинки билим берүү системасында болуп жаткан инновациялык процесстер жалпысынан мектепке чейинки курактагы балдардын дене тарбиясына да тиешелүү. Бирок бир топ оң өзгөрүүлөр менен бирге мектепке чейинки билим берүүдөгү терс тенденцияларды да белгилөө маанилүү, аларга буларды киргизүүгө болот: кыймыл ишмердигинин эсебинен таанып-билүү ишмердигинин көлөмүнүн жана интенсивдүүлүгүнүн өсүшү; медициналык жана педагогикалык персоналдын ишмердигинин бири бирине окшобогондугу.

Жогорку мектепке чейинки куракта педагог балага оң эмоция алып келген, стресстик абалдарды жана кыймылды аткаруунун алдындагы коркууну жокко чыгарган дене көнүгүүлөрүнүн системасын; кыймыл ишмердигинин жетишээрлик интенсивдүүлүгүн жана ар түрдүүлүгүн; дене тарбиялык-чыңдоочу иштин формаларынын көп варианттуулугун балдардын активдүү эс алуусун, көнүгүүлөрдү тандоого жекече дифференцирленген мамиле кылуу мүмкүнчүлүгүн; баланын күн режиминде жүктөмдү тез-тез алмаштырууну жана эс алууну; түрдүү курактык топтордогу балдардын ишмердигиндеги ырааттуулукту; ден соолугунун абалына, чарчоосуна, климаттык жана аба-ырайынын шарттарына жараша ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды өткөрүүнүн ийкемдүү графиги; дене көнүгүүлөрүн колдонуунун сезондуулугун; дене тарбиянын башка предметтик өнүгүү чөйрөлөрү менен өз ара байланышын (дене тарбияны жана башка өнүгүү чөйрөлөрүн жуурулуштуруу) эске алышы керек.

**Алты жаштагы балдарды дене жагынан өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрү.** 5тен 6 жашка чейинки балдардын курактык мезгилин «алгачкы созулуу» мезгили деп аташат, бир жылда бала 7–10 см ге өсүшү мүмкүн. Баланын орточо бою орточо 106–107 см, ал эми салмагы 20–21 кг. Баланын ***таяныч-кыймыл системасынын*** (скелет, муун-байланыштыруу аппараты, мускулатура) өсүүсү 5–6 жашта али бүтө эле. Бул куракта ийилүүчү тарамыштардын күчү жазылуучу тарамыштардын күчүнөн жогору, бул баланын позасынын өзгөчөлүктөрүн аныктайт: баш бир аз алдыга ийилген, ичи чыгып турат, буту тизесинен ийилип турат. Ошондуктан мында дене тарбия менен алектенүү зор роль ойнойт, алар тиешелүү күч берет. Дененин пропорциясы өзгөрөт. Кыймылдар жакшырат, балдардын кыймыл тажрыйбасы кеңеет, кыймылдоо жөндөмү активдүү өнүгөт. Көпчүлүк кыймылдарды аткарууда абдан зарыл тең салмактуулуктун координациясы жана омоктуулугу олуттуу жакшырат. Мында кыздар уул балдарга караганда айрым артыкчылыктарга ээ болот. Уул балдарда денесинин жана колу-буттарынын ири булчуңдары активдүү өнүгөт, ылдамдык-күч жөндөмү бир топ олуттуу; бирок булчуңдары али майда, өзгөчө колунун манжаларыныкы алсыз. Кыздарда – тескерисинче. Бала 6–7 жашта

гана манжаларынын кыймылдары бир топ татаал жана так кыймылдарга ээ болот. Мында кеңеш берүүгө болот: болушунча көбүрөөк топ менен ойноо, пластилинди, чопону ийлөө, сүрөт тартуу ж. б.

Педагог ***майда моториканын*** өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл буруусу керек. Жогорку жаштагы мектепке чейинки бала техникалык жактан көпчүлүк дене көнүгүүлөрүн туура аткарат. Ал башка балдардын кыймылына сын көз менен караганга жөндөмдүү, бирок өзүн-өзү көзөмөлдөө жана өзүнө-өзү баа берүү дайыма эле боло бербейт жана эпизод менен гана көрүнөт, ошондуктан педагог баладагы ушул инсандык сапаттарды колдошу зарыл. Балдардын ден соолук жана сергек жашоо образы, гигиеналык жол-жоболордун (эмне үчүн колду жуш керек, тишти тазалаш керек ж. б.), денени чыңдоонун, спорт менен алектенүүнүн, эрте мененки гимнастиканын мааниси тууралуу түшүнүктөрүн өнүктүрүүнү улантуу маанилүү. Балдардын өз ден соолугуна, өз организми тууралуу маалымат алууга (сезим, кыймыл, тамакты сиңирүү, дем алуу органдары) кызыгуусун жана өз денесин кароо боюнча практикалык билгичтиктерин бекемдөө зарыл.

***Жүрөк-кан тамыр жана дем алуу системалары*** да өнүгөт. Өпкөсүнүн көлөмү болжолдуу 1500–2200 мл болот жана дене жүктөмү таасирине жараша өнүгөт. Балдардагы артериалдык кан басымы чоң адамдыкына караганда аз. Ал эми дене жүктөмү жүрөк-кан тамыр системасына машыгуу таасирин берет; дене жүктөмүнүн таасири менен башында пульстун тездиги өсөт, жогорку жана төмөнкү кан басымы көбөйөт. Машыгууга жараша дене жүктөмүнө болгон жүрөк-кан тамыр системасына болгон реакциясы өзгөрөт, жүрөктүн иштеши бир топ үнөмдүү болот.

Мектепке чейинкилерде ***зат алмашуу*** жогорку активдүүлүгү (чоң адамга караганда 2–2,5 эсе жогору) менен айырмаланат. Активдүү булчуң ишмердигинде энерго чыгым дене аракетинин интенсивдүүлүгүнө жараша пропорционалдуу түрдө өсөт. Баланын организминин энергетикалык таламдарын толук канааттандыруу балансталган тамактануу менен камсыздалат, анда тамактын калориялуулугу энергиянын чыгымына толугу менен туура келет.

Алты жаштагы балада ***өзүнүн жүрүм-турумун эрктүү башкаруу деңгээли*** олуттуу түрдө жогорулайт. Өзүнүн жүрүм-турумун башкара билүүсү көңүл бурууга, эстутумга, ой жүгүртүүгө таасир этет. Бул касиеттерин өнүктүрүүгө түрдүү тапшырмалар, талаптар, суроолор жардам берет.

Кабыл алуусу, элестетүүсү, кеби интенсивдүү түрдө өркүндөйт.

Эрктик сапаттары калыптанат жана интенсивдүү өнүгөт, алардан негизинде жаңы муктаждыктары жана кызыкчылыктары пайда болот.

Бири-бири менен баарлашып, балдар эреже катары, катуу сүйлөгөнгө аракет кылышат. Ошондуктан үн байланыштарына күч келтирбей сүйлөгөнгө үйрөтүү зарыл.

Жогоруда саналгандардын баарын 5–6 жаштагы балдарды денелик жактан өстүрүү боюнча сабактарды уюштурууда эске алуу керек.

**Балдарды ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия сабактарын уюштуруу.** ***МБУлардын тарбиялануучуларынын дене саламаттыгын коргоо жана бекемдөө*** бала бакчанын негизги милдеттеринин бири болуп саналат («Мектепке чейинки билим берүү жөнүндө КР мыйзамы», «Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды багуу» КР мамстандарты). Бул терминдин өзгөчөлүгүн эске алуу менен, дене тарбиянын денени чыңдоочу милдеттери конкреттүү формада аныкталат: омуртканын ийилишинин калыптануусуна, тамандарынын, байланыштыруучу-муун аппаратынын бекемделүүсүнө жардам берүү, булчуңдардын бардык топторунун өнүгүүсүнө (өзгөчө бүгүлүүчү тарамыштардын), таяныч-кыймыл аппаратынын калыптанышына жана кыймыл анализаторунун өсүүсүнө көмөктөшүү; дене мүчөлөрүнүн туура шайкештигине жана ички

органдарынын туура иштешине, жүрөк-кан тамыр жана дем алуу системаларынын ишмердигин өнүктүрүүгө, сезим органдарынын, терморегуляция жана борбордук нерв системасынын (толкундануу жана тормоздоо процесстерин, алардын кыймылдуулугун машыктыруу) өнүгүүсүнө жардам берүү.

Бирок жогоруда саналган дене чыңдоо милдеттери менен тыгыз байланыштагы дене саламаттыгы түшүнүгүнөн сырткары психикалык жана психологиялык ден соолук түшүнүктөрү бар экендиги учурда далилденген. Психологиялык ден соолук инсанды өзүнө өзүн ишенимдүү кылат.

Психологиясынын абалына таянуу менен так ушул психологиялык ден соолук дене бакубатчылыгынын негизи жана өзүнүн жашоосундагы адамдын толук кандуу өнүгүүсүнүн зарыл шарты болуп саналат деп болжолдоого болот, ошондуктан адам психологиялык жактан бакубат болсо, дене жагынан да бакубат болуу мүмкүнчүлүгү жогору. Ошондуктан педагог өз ишмердигинде баланын психологиялык бакубатчылыгын сактоо жана бекемдөө милдеттерин ишке ашырышы зарыл.

Коюлган максат педагог тарабынан денени чыңдоо, билим берүү, өнүктүрүүчү жана тарбиялоочу милдеттерди **комплекстүү** гана чечүүсү керек. ***Билим берүү*** милдеттери кыймыл билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандырат, психоденелик сапаттарын жана кыймыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрөт, дене маданияты жана спорт тууралуу жөнөкөй түшүнүктөрүн калыптандырат.

***Өнүктүрүүчү милдеттер.*** Балада негизги кыймылдарды өздөштүрүү процессинде эс тутумдун ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү маанилүү: эмоционалдык, образдык, сөздүк. Учурдагы окумуштуулар өткөргөн изилдөөлөр мектепке чейинкилердин кабыл алуусунун жана ой жүгүртүүсүнүн, элестетүүсүнүн өсүүсүндөгү таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишиндеги жана интеллектуалдык жөндөмүнүн өсүүсүндөгү дене тарбиянын ролун далилдеди. Буга байланыштуу педагогдун балдардын кыймылдуу активдүүлүгүн ишмердиктин ар кандай түрлөрү жана иштөө формалары аркылуу өнүктүрүүсү маанилүү.

Дене тарбиясынын процессинде педагог **тарбиялоочулук милдеттерди** ишке ашырышы керек, алар маданий-гигиеналык көндүмдөрүн жана сергек жашоого болгон муктаждыктарын, сезимдер маданиятын жана дене көнүгүүлөрүнө карата эстетикалык мамилесин калыптандырууга багытталган.

Алты жаштагы балдарды дене маданиятына тартуунун негизги жолу педагогикалык жактан максаттуу шарттарды түзүүдө болуп саналат. Денелик жактан өстүрүү милдеттерин чечүү педагог уюштурган ишмердиктин түрлөрүндө өнүктүрүүчү жана билим берүүчү кырдаалдарда, эс алууларда, майрамдарда, ошондой эле дене маданияты залдарындагы эркин өз алдынча кыймыл ишмердигинде, ден соолук борборлорунда, спорттук жана топтук аянтчаларда ишке ашат. Педагогдун позициясы баланын дене даярдыгындагы таанып-билүү активдүүлүгүн, кызыгуучулугун, демилгелүүлүгүн жекече өзгөчөлүктөрүн, денесин өркүндөтүүгө муктаждыгынын калыптангандыгын эске алуу, бала менен өз ара мамиле кылуу жана кызматташуу экендигин билдирет.

**Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия боюнча ишти уюштуруу формалары** болуп булар саналат: дене тарбия сабактары; күн режиминдеги денени-чыңдоочу иш (эрте мененки гимнастика, кыймылдуу жана спорт оюндары, физкультминуткалар, денени бекемдөөчү иш-чаралар дене көнүгүүлөрү менен айкаштыкта); активдүү эс алуу (дене тарбия эс алуулары, спорттук майрамдар, ден соолук күндөрү, туристтик жүрүштөр); балдардын өз алдынча кыймыл ишмердиги; үй-бүлө менен иштөө. Өз алдынча кыймыл ишмердиги педагогдун байкоосунун алдында өтөт. Мындай сабактардын мазмуну жана узактыгы балдар тарабынан аныкталат. Бул сабактардын мүнөзү мектепке чейинки баланын жеке маалыматтарына, даярдыгына, мүмкүнчүлүгүнө жана кызыкчылыгына жараша аныкталат. Дене тарбия милдеттерин ийгиликтүү чечүү мектепке чейинки билим

берүү уюму менен үй-бүлөнүн өз ара байланышкан ишинде балдарга карата жекече мамилени ишке ашырганда гана мүмкүн болот.

Өнүктүрүү боюнча иште педагог башка өнүгүү чөйрөлөрү менен жуурулуштурууну эске алуусу максатка ылайык: «Кеп өстүрүү жана көркөм адабият», «Айлана-чөйрө менен тааныштыруу», «Көркөм өнөр», «Музыкалык тарбиялоо», «ЖМТК», «Эмгекке тарбиялоо». Жуурулуштуруу бала өздөштүргөн кыймыл көндүмдөрүн башка ишмердиктин түрлөрүнө, өз алдынчалыкка жана чыгармачыл демилгеге шыктандырган жалпы ыкмаларды колдонууга өткөрүүдөн көрүнөт. Өз кезегинде кыймыл активдүүлүгүндө балдар башка өстүрүү чөйрөлөрүндө алынган тажрыйбаларды колдоно алышат. *Мисалы*, **аралыкты шарттуу ченемдер менен өлчөө, кыймылдардын санын эсептөө, мейкиндикте ориентир алуу, көнүгүүлөргө жаңы образдуу аталыштарды ойлоп табуу, сезондук кубулуштарды чагылдырган көнүгүүлөрдү аткаруу, музыка менен көнүгүүлөрдү аткаруу. Жуурулуштуруу баарлашуунун вербалдык эмес каражаттарын туура колдонуудан көрүнөт: мимикалар, колдун кыймылдары, позалар.**

Дене тарбиясынан улам буларга жагымдуу шарттар түзүлөт:

- ➔ инсандын эрктик сапаттарын тарбиялоо үчүн (эр жүрөктүк, чечкиндүүлүк, кармана билүү, чыдамкайлык ж. б.);
- ➔ мүнөздүн оң жактарын калыптандыруу үчүн (уюшкандык, оор басырыктуулук ж. б.);
- ➔ инсандын адептик негиздери үчүн (ар намысын сезүү, адилеттик, жолдоштук, өз ара бири-бирине жардам берүү ж. б.)

**Дене тарбиянын принциптери.** Жалпы педагогикалык дидактикалык принциптер (аң сезимдүүлүк жана активдүүлүк, көрсөтмөлүүлүк жана жеткиликтүүлүк ж. б.) менен катар *атайын* принциптер бар, алар дене тарбиянын атайын мыйзам ченемдүүлүктөрүн билдирет:

- ➔ ***Денени чыңдоо багыты принциби,*** ага ылайык педагог тарбиялануучуларынын жашоосу жана ден соолугу үчүн жоопкерчилик тартат, үзүрлүү жалпы жана кыймылдуу режимди камсыз кылышы, балдардын кыймылынын активдүүлүгү үчүн оптималдуу шарт түзүшү керек.
- ➔ ***Инсанды ар тараптуу жана шайкеш өнүктүрүү принциби,*** ал дене, акыл социалдык-адептик жана көркөм-эстетикалык тарбиялоо милдеттерин комплекстүү чечүүдөн, аларды ишке ашыруунун дене маданиятынын турмуш менен биримдик принциби менен өз ара байланышынан көрүнөт.
- ➔ ***Гумандаштыруу жана демократиялаштыруу принциби,*** ал педагогго бала бакчадагы балдарды денелик жактан тарбиялоо системасын жана балдар менен денелик-чыңдоочу ишти инсандык мамиленин, дене өсүүсүнүн формасын, каражаттарын жана усулдарын, спорттун түрлөрүн тандоонун, педагог менен баланын, балдардын өздөрүнүн ортосундагы өнүктүрүүчү баарлашуу процессиндеги ыңгайлуулук принцибинин негизинде курууну сунуштайт.
- ➔ ***Жекелештирүү принциби*** педагогго ар бир баланын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, ар бири үчүн оптималдуу дене жүктөмүн жана мотордук тыгыздыкты, кыймыл активдүүлүгүнүн жекече темпин тандоо менен дене көнүгүүлөрүнүн куралтык адекваттуулугу принцибин ишке ашыруу менен дене өсүүсү боюнча сабактарды өткөрүү процессинде ийкемдүү күн режимин жана коргоо режимин түзгөнгө мүмкүнчүлүк берет.
- ➔ ***Акырындык менен күчөтүү принциби,*** дене тарбия сабактарынын куруунун методикасынын негизинде жаткан өнүктүрүүчү, машыктыруучу таасирлерди дене

тарбия сабактарынын циклдүүлүгүн, жүктөм менен дем алууну кезектештирүүнүн тынымсыздыгы жана системалуулугу акырындап күчөтүү.

➔ ***Үй-бүлө менен биримдик принциби,*** тарбиялоо, денени чыңдоо, күн режими, кыймыл активдүүлүгү, гигиеналык жол-жоболор, маданий-гигиеналык көндүмдөр, кыймыл көндүмдөрүн өнүктүрүү маселелеринде бала бакча менен үй-бүлөнүн талаптарынын биримдигин билдирет. Ошондуктан педагог тарабынан ата-энелерге зарыл жардам көрсөтүүсү, биргелешкен дене тарбия иш-чараларына, дене тарбиялык эс алууларга, майрамдарга, жүрүштөргө катыштыруу абдан маанилүү болуп калат.

## Дене тарбиянын усулдары

Педагог дене өсүүсүнүн жана тарбиясынын усулдарын пайдаланат. Адатта ишмердикти уюштуруунун үч усулун айырмалашат, аларды педагог билим берүү ишмердигинде колдонот.

➔ ***Көрсөтмөлүүлүк усулу,*** ага төмөнкүлөр тиешелүү:

✓ окшоштуруу (тууроо);

✓ дене көнүгүүлөрүн аткаруунун ыкмаларын көрсөтүү, аны ээрчигенге балдарды тартат;

✓ көрсөтмө куралдарды пайдалануу (сүрөттөр, видеофильмдер ж. б.);

✓ көрүү ориентирлерин, үн сигналдарын колдонуу: биринчилери балдарды ишмердикке кызыктырат, үйрөнүп жаткан кыймыл тууралуу түшүнүктөрдү тактаганга; техниканын абдан татаал техникаларын өздөштүргөнгө жардам берет; экинчилери ритмди өздөштүрүү жана кыймылдын темпин жөнгө салуу үчүн, ошондой эле кыймылдын башталышы жана бүтүшү үчүн сигнал жана ритм сезими, музыкалык жөндөм катарында колдонулат.

➔ ***Сөз усулу,*** буга көнүгүүлөрдүн аттары, сыпаттоолор, түшүндүрмөлөр, аларды аткарууну түшүндүрмөлөр, көрсөтмөлөр, тескөөлөр, балдарга суроолор, командада маектешүү, ырларды көркөм окуу ж. б. көптөгөн нерселер тиешелүү болот.

➔ ***Практикалык усул,*** ага кыймылдарды аткарууну (кыймылдарды биргелешкен-бөлүнгөн, биргелешкен-ырааттуу, педагог менен бирге жана өз алдынча аткаруу), өзгөртүүсү менен жана өзгөртпөстөн көнүгүүлөрдү кайталоону, ошондой эле аларды оюн түрүндө, кыймылдуу оюндар жана оюн көнүгүүлөр түрүндө, мелдеш формасында өткөрүүнү, этап менен окутуу усулун киргизүүгө болот.

## Жогорку мектеп курагындагы балдарды дене өнүгүүсүнүн негизги методикалык ыкмалары төмөнкүлөр болуп саналат:

➔ ***баланын көңүлүн дене көнүгүүлөрүнө буруу*** таанып-билүүнүн өзгөчө объекти катарында: педагог көрсөтүүнү түшүндүрүү менен айкалыштырып колдонот, кыймылдарды жарым-жартылай көрсөтүү, айрым көнүгүүлөрдү бала менен көрсөтүү, көрсөтмө, талдоо, баланын кыймылына баа берүү жолдошунун кыймылын баалаганга жана өзүн-өзү баалаганга шыктандырат;

➔ дене тарбия куралдарын ***кароо,*** алар менен кыймылдарды ***аткаруу;***

➔ ***тегиз, алмашкан, оюндук, мелдеш усулдарынын*** жардамы менен дене сапаттарын өнүктүрүү;

➔ *балдар көркөм адабиятын* ***окуу, маектешүү,*** картиналарды, фотолорду кароо, видеофильмдерди, спорттун түрү, спортчулар, түрдүү дене көнүгүүлөрү тууралуу компьютердик презентацияларды ***көрүү;***

- ➔ ***дидактикалык оюндар,*** жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүнүн негизги кыймылын моделдештиргендер. Бул оюндар болушу мүмкүн «Адамды тирилт», «Карточкалардан комплекс түз», «Эмне туура эмес?»;
- ➔ ***көркөм ишмердик,*** сүрөттө балдарга дене маданиятына карата өз мамилесин, өзүнүн кызыкчылыктарын билдирүүгө жардам бергендер.

**Дене көнүгүүлөрүнө этап боюнча окутуу методикасы дене тарбия-чыңдоочу иштин бардык формаларын камтыйт, алар өз ара тыгыз байланышта.** Шарттуу түрдө бул өз ара байланышты төмөнкүчө элестетүүгө болот. Жаңы дене көнүгүүлөрү дене тарбия сабактарында үйрөнүлөт.

***Биринчи этап*** *– көнүгүүнү баштапкы үйрөнүү.* ***Экинчи этап*** *– тереңдетип үйрөнүү этабы.* Андан ары кыймылдар балдардын аларды өздөштүрүүсүнө жараша дене тарбия-чыңдоочу иштердин башка формаларында бекемделет: эрте мененки гимнастикада, физкультминуткада, күндүн экинчи бөлүгүндөгү жекече иштерде жана күндөлүк көнүгүүлөрдө, сейилдөөдө, кыймылдуу оюндарда. ***Үчүнчү этаптын*** *– техниканы өнүктүрүү этабынын* өздөштүрүлгөн кыймылдары дене тарбия эс алууларына, майрамдарга, Ден соолук күндөрүнө, туристтик жүрүштөргө ж. б. иш формаларына кошулат, алар калыптанган кыймыл көндүмдөрүн чыгармачылык менен колдонгонго мүмкүнчүлүк берет.

- ▪ *Дене көнүгүүлөрүнө этап менен окутуу методикасы «Ортоңку топто дене өнүктүрүүсү боюнча методикалык сунуштарда» кеңири сыпатталган.*

**Балдардын жыныстык жана гендердик таандыктыгын эсепке алуу менен дене тарбия боюнча сабактарды уюштуруу.** Бала бакчада дене өсүүсү процессин педагог балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүшү керек; анда буларды эске алуусу зарыл:

- ➔ ден соолугунун абалы;
- ➔ дене даярдыгынын деңгээли;
- ➔ баланын гендердик таандыктыгы.

Практика көрсөткөндөй, уул балдарга жана кыздарга бир эле көнүгүү берилет, бир эле жүктөм, бир эле методика. Изилдөөлөр көрсөтүүдө, бул социалдаштырууга, уул балдар менен кыздардын ден соолугун сактоого жана бекемдөөгө, дене жагынан даярдоого терс таасир этет. Мисалы, беш жаш куракта уул балдар менен кыздардын ортосунда секиргич аркылуу секирүүдө олуттуу айырма белгиленет – уул балдар бирден секирик жасашат; кыздар түрдүү секирүүлөрдү жасашат, аларды күндөлүк турмушунда колдонушат. Уул балдардын жүгүрүүдөгү, секирүүдөгү жана түртүп ыргытуудагы орточо натыйжалары кыздардын орточо натыйжаларынан ашып түшөт; кыздар ийкемдүүлүккө жана тең салмактуулукка карата көнүгүүлөрдү уул балдардан жакшы аткарат.

Кыздарга жана уул балдарга бир эле кыймылды аткаруу менен байланышкан ар башка талаптар коюлушу керек: балдар үчүн тактык, ритмдүүлүк, кошумча аракеттерди жумшоо, кыздар үчүн ийилгичтик, көркөмдүк, көрктүүлүк. Айрым кыймылдарга ээ болууда балдар менен кыздарда бирдей эмес натыйжага карата талаптар да ар башка болуш керек дегенди билдирет. Мисалы, секиргич менен секирүүдө уул балдар үчүн токтоосуз секирүүнү жакшы натыйжа деп эсептөөгө болот, ошол эле учурда кыздар үчүн жакшы натыйжа – секирүүнүн бир топ татаал варианттары.

Гендердик өзгөчөлүктү эске алуу менен дене тарбия боюнча сабактарды уюштурууда педагогго буларды сунуштоого болот:

- ➔ Уул балдар жана кыздар үчүн *өзүнчө сабактар;* бул сабактарда көнүгүүлөрдү үйрөнүүнү пландоо максатка ылайык, алар уулдар жана кыздар менен иштөөдө түрдүү методикалык ыкмаларды талап кылат (мисалы, түртүп ыргытуу) жана бул

топтогу балдардын кызыкчылыгын жараткан көнүгүүлөр (мисалы, балдар үчүн – футбол, хоккей, булчуңдарды пресстөө үчүн көнүгүүлөр, тартылуу, күч көнүгүүлөрү; кыздар үчүн – гимнастика, ритмика, тасма, обруч, топ менен көнүгүүлөр); мындай көнүгүүлөр уул балдарда күчтү, чыдамкайлыкты, шамдагайлыкты өнүктүрөт, бул эр жүрөктүктү калыптандырганга алып келет; кыздарда – назиктикти, көркөмдүктү, ийкемдикти, сылыктыкты калыптандырат;

➔ *Биргелешкен дифференцияланган сабактардын варианттары:*

• сабактардын киришүү жана жыйынтыктоо бөлүктөрүндө балдар көнүгүүлөрдү бирге аткарышат, ал эми негизги бөлүгүндө жынысына карата топчолорго бөлүнүшөт, ар бир топ өз тапшырмаларын аткарышат;

• бүтүндөй сабакта балдар көнүгүүлөрдү бирге аткарышат, бирок айрым көнүгүүлөр уул балдар үчүн жана кыздар үчүн аткаруунун түрдүү варианттарына ээ болот, мисалы, тоскоолдуктардан өтүү тилкесинде: уул балдар үстүнөн өтүшөт, ал эми кыздар – сойлоп өтүшөт; түртүп ыргытууда – бутага чейинки аралык; ритмикалык гимнастикада – кыймылдардын сүрөтү; булчуңдардын күчү көнүгүүлөрдү – дозалоо. Сабактарды уюштуруунун бул вариантында мотордук тыгыздыкты азайтпоо үчүн карточкаларга ээ болгон максатка ылайык – уул балдар менен кыздардын кыймылдарын графикалык жактан көрсөткөн тапшырмалар.

Педагог балдардын кыймыл ишмердигин уюштуруп жатып, анын ийгиликтүүлүгү көбүнчө кыздардын жана уул балдардын жыныстык өзгөчөлүктөрүнөн көз каранды болорун эсинен чыгарбашы керек. Уул балдар үчүн көп кыймыл активдүүлүгү режими абдан жагымдуу, ошол эле учурда кыздар үчүн орто кыймыл активдүүлүгү оптималдуу. Педагог аныкташы керек, күн режиминде жогорку активдүү балдарга (анын ичинде кыздарга да) дене көнүгүүлөрү менен кошумча сабактар үчүн мүмкүнчүлүк берүү керек, бул учурда башка балдар эмне менен алек болушат. Бул көйгөйдү топтогу кыймыл активдүүлүгү аймактарын, секциялардагы сабактар системасын натыйжалуу жайгаштыруу, сабактарды көчөдө пландаштыруу менен чечүүгө болот.

*Уул балдардын жана кыздардын шайкеш инсандыгынын абдан маанилүү курамдык бөлүгү* эркектер менен аялдардын идеалдуу мүнөздөмөсү катары эр жүрөктүүлүктү жана назиктикти келечектеги коомдогу социалдык ролдорду аткарууга ориентир алган дене көнүгүүлөрүнүн системасы аркылуу калыптандыруу болуп саналат. Мындай комплекстүү иш үй-бүлөдөгү өз ара мамиленин түрдүү моделдерин билдирет, мектепке чейинки балалыктын баалуулуктарын сактоого, ар бир баланын интимдүү жана инсандык өнүгүүсүнө кызмат кылат.

**Дене тарбиясынын каражаттары.** Усулдар менен катар олуттуу көңүл дене тарбиянын каражаттарына бурулат.

Дене өсүүсүнүн жана балдарды чыңдоонун каражаттарына булар тиешелүү болот:

• ***гигиеналык факторлор*** (сабактардын, эс алуунун, уйкунун жана тамактануунун режими; имараттын, аянтчанын, кийимдин, бут кийимдин, дене тарбия инвентарларынын гигиенасы ж. б.), алар бардык органдардын, системалардын нормалдуу иштешине жардам берет жана дене көнүгүүлөрүнүн организмге тийгизген натыйжалуулугун жогорулатат;

• ***жаратылыштын табигый күчтөрү*** (күн, аба, суу), алар балдардын кыймыл активдүүлүгүн аткарганга карата оң кызыктырууну калыптандырат, ыңгайлашуу резервдерин жана организмдин иштөө кызматтарын жогорулатат, денени чыңдоонун натыйжалуулугун арттырат жана дене көнүгүүлөрүнүн баланын организмине тийгизген натыйжалуулугун күчөтөт;

- ***дене көнүгүүлөрү,*** алар балдардын кыймылга болгон табигый биологиялык муктаждыктарын канааттандырууну камсыз кылат, кыймыл билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, дене сапаттарын калыптандырганга, аткарылып жаткан кыймылдардын сапатын баалоо жөндөмүн өстүрүүгө жардам берет.

Кыймыл режимин жана чыңдоочу-тарбиялоочу ишмердиктин бардык формасын уюштуруунун *натыйжалуулугун* баалоо төмөнкү критерийлердин жардамы менен бааланат:

- ➔ бардык дене тарбия иш-чаралары (кыймыл режими) сергек болуу мезгилинин 50–60 %ын түзүшү керек;
- ➔ үйрөнүлгөн көнүгүүлөр бекемдөө жана өркүндөтүү үчүн иштин күндөлүк формасына өткөрүлөт: эрте мененки гимнастика, кыймылдуу оюндар жана сергек кылуу гимнастикасы дене чыңдоо жол-жоболору менен, физкультминуткалар, динамикалык саат, кызыкчылыктары боюнча сабактар;
- ➔ дене эс алуулары жана майрамдар дене көнүгүүлөрүнө кызыгууну арттырат, мында мелдеш усулу колдонулат, ал кыймыл активдүүлүгүн жогорулатуу каражаты болуп саналат;
- ➔ өз алдынча кыймыл ишмердиги кыймыл билгичтигине ээ болуу деңгээлин аныктоочу критерий болуп саналат; эгерде балдар жеңил, эркин жана чыгармачылык менен кыймылды колдонсо, демек, алар аны иштин уюштуруу формасында толук түрдө өздөштүрдү.

Кыймыл ишмердигинде артта калган балдар менен педагог системалуу түрдө түзөтүүчү, дифференцияланган жана жекече иштi өткөрүүсү зарыл. ДМЧ балдарды тигил же бул спорттук-чыңдоочу ишмердикке тартуу керек. Аларга ден соолугун эске алуу менен жекече дарылоо-чыңдоо сабактары сунушталат.

**Жогорку топтогу дене тарбия сабактары** жумасына 3 жолу эрте мененки сааттарда 20–25 мүнөт узактыкта өткөрүлөт. Ар бир үчүнчү сабак ачык абада бакчанын аянтчасында кинезиологиялык көнүгүүлөрдү колдонуу менен өткөрүлөт.

Дене тарбия сабактарынын **түзүмү** жалпы кабыл алынгандай: **киришүү бөлүгү** (3–5 мүн.), **негизги** (14–16 мүн.) **жыйынтыктоочу бөлүгү** (3-4 мүн.).

Сабактын ***биринчи бөлүгүндө*** басуу, жүгүрүү, тизилүү, кайра туруу, татаал эмес оюн тапшырмалары. Педагог басуу менен жүгүрүүдөгү көнүгүүлөрдү кезектештиргенге өзгөчө маани бериши керек: алардын бир түрдүүлүгү балдарды чарчатат, зериктирет, көнүгүүлөрдүн сапатын төмөндөтөт, ошондой эле начар кесепеттерге алып келиши мүмкүн (кыйшык өсүү, тамандын бузулушу ж. б.). ***Экинчи бөлүктө*** жалпы өнүктүрүүчү мүнөздөгү көнүгүүлөргө, кыймылдын негизги түрлөрүнө үйрөтүшөт, кыймылдуу оюндар өткөрүлөт. ***Үчүнчү бөлүктө*** басуу көнүгүүлөрү, татаал эмес оюн тапшырмалар колдонулат.

***Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөр*** организмге жалпысынан айрым булчуң топторуна жана муундарга багыттуу таасир этет, ошондой эле кыймылды башкарууну, мейкиндикте ориентир алууну жакшыртат, жүрөк кан тамыр жана дем алуу функцияларынын жакшырышына оң таасир этет. Жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдү туура аткаруу үчүн баштапкы абал маанилүү. Ар кандай баштапкы абал колдонулат: *жатып, отуруп, тизелеп туруп, ичине жатып, жонуна жатып.* Баштапкы абалды өзгөртүп, педагог кыймыл милдетин татаалданта же жеңилдете алат.

Жалпы мүнөздөгү көнүгүүлөргө үйрөтүүдө жогорку топто педагог балдар менен майда (желекчелер, кубиктер, секиргичтер, гимнастикалык таяктар, кеглдер ж. б.) жана ири (гимнастикалык шаты, түрдүү өлчөмдөгү обручтар, аркандар, фитболдор, гимнастикалык скамейкалар) дене тарбия инвентарларын колдонот. Дене тарбия

инвентарларын ар кандай ырааттуулукта кезектештирүү ар түрдүүлүктү берет; мисалы, ири инвентар менен көнүгүүлөрдү аткаруу балдардан аң сезимдүүлүктү, өзүнүн аракеттерин башка жолдошторунун аракеттери менен макулдаша билүүнү талап кылат.

**Балдарды уюштуруу ыкмалары.** Дене тарбия сабактарын өтүүдө балдарды уюштуруунун жалпы кабыл алынган ыкмалары сунушталат – фронталдык, потоктук, топтук жана жекече.

**Фронталдык ыкманы** колдонууда бардык балдар бир эле көнүгүүнү бир мезгилде аткарышат. Балдарды басууга, жүгүрүүгө үйрөтүүдө жалпы өнүктүрүүчү көнүгүүлөрдө топ менен ар кандай тапшырмаларда колдонулат.

**Поток ыкмасы** – абдан кеңири тарагандардын бири. Балдар поток түрүндө, биринин артынан бири (анча чоң эмес интервал менен) кыймылдашат, ошол эле учурда берилген көнүгүүнү аткарышат (тең салмактуулук – шнур менен, гимнастикалык скамейкада басуу; алдыга жылуу менен секирүү ж.б.). Бул ыкма балдардын аракеттерин түзөтүп турганга, каталарды оңдоп, эң негизгиси зарылчылык болсо камсыздандырганга педагогго мүмкүнчүлүк берет.

Поток ыкмасы өтүлгөн матераилды бекемдөөдө кеңири колдонулат. Кээде ушул ыкма менен бир нече көнүгүү катар аткарылат. Мисалы, балдар колонна менен, биринин артынан бири гимнастикалык скамейка менен өтүшөт, тең салмактуулукка тапшырма аткарышат, андан кийин эки буттап секиргенге өтүшөт, алдыга айтылган аралыкка жылышат, аягында топту корзинага ыргытышат.

**Топтук ыкмада** балдар педагогдун көрсөтмөсү менен топторго бөлүнүшөт, ар бир топ тиешелүү тапшырма алат да, аны аткарат. Бир топ педагогдун жетекчилиги менен иштешет, башкасы өз алдынча же жупта иштешет (мисалы, топ менен). Колдонмо жана жабдуулар педагог бардык балдарды көргөндөй жайгашуусу керек жана зарылчылыгына жараша команда берип турушу зарыл. Адатта уюштуруунун мындай ыкмасы балдар кыймыл көндүмдөрүнүн жана билгичтиктеринин тиешелүү запасына ээ болгондо колдонулат.

**Жекече ыкма** жаңы программалык материалды түшүндүрүүдө колдонулат, анда бир баланын мисалында (абдан даярдалган) көрсөтүлөт жана тапшырма түшүндүрүлөт, балдардын көңүлү көнүгүүнүн техникасын туура аткарууга, мүмкүн болгон каталарга жана так эместиктерге бурулат. Көнүгүүнү көрсөтүү жана түшүндүрүү абдан так жана кыска болушу кажет. Мындай ыкма балдардын баштапкы мүмкүнчүлүктөрүн жана максаттуу дене тарбия сабактарынын натыйжаларын аныктоо максатында денелик жактан даярдык деңгээлин баалоодо (жылдын башында, ортосунда жана аягында) колдонулат.

## Дене сапаттарын өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөр

***Кыймылдын тездигин өнүктүрүү үчүн оюндар жана көнүгүүлөр:***

*Көнүгүүлөр:* түрдүү баштапкы абалдан тартып чуркоо: туруп, отуруп, тизеге таянып; кыймылды алмаштыруу: басуу-секирүү; басууда жана жүгүрүүдө сигнал менен кыймылдын багытын өзгөртүү; кыймылдын интенсивдүүлүгүн өзгөртүү: бат басуу-чуркоо, жай чуркоо-тездетип чуркоо.

***Кыймылдуу оюндар:***

«Өз ордуңду тап», «Жылан», «Баспа!», «Жорго», «Орунду алмаштыруу», «Тез кадам, токто», «Козу карын топто», «Топту дубалга ыргыт», «Ким тезирээк?», «Көпөлөктөр

жана ийнеликтер», «Ак чөлмөк», «Качмай топ», «Жоолук таштамай», «Жигиттердин жарышы», «Бака жана көк кытан», «Ким аз секирик жасайт», «Парашют, «Бир буттап жол менен», «Шамдагай бол», «Биринчи топ», «Тийбе», «Жамбы атмай», «Кеглди ур», «Обручка түш».

***Эстафета оюндар:***

«Эстафета жуп менен», «Кеглге тийбей, топту алып өт», «Топту тегерекке сал», «Тоскоолдуктар жолу», «Предметти алып өт».

***Комплекстүү кыймылдарды өнүктүрүүгө карата кыймылдуу кыргыз оюндары:***

Аркан тартмай, Улак тартыш, Ак терек – көк терек, Жамбы атмай, Күрөш, Ашкабак чапмай, Качмай топ, Жоолук таштамай, Беш манжа, Аркан тартыш, Кызыл короз – ак короз.

## Үй-бүлө менен иш алпаруу

Бардык денени чыңдоо жана айыктыруу иш-чаралары педагогдорго үй-бүлө менен тыгыз биримдикте өткөрүү сунушталат:

- ата-энелерди бала бакчадагы денени чыңдоо иштери менен тааныштырат;
- баланын даярдык даражасы жөнүндө маалымат берет (өнүгүүсүнүн жеке картасы түзүлөт);
- биргелешкен сабактарга (физикалык маданият боюнча билим берүү ишмерлиги, эс алуу, майрам, ден соолук күнүнө, жүрүштөр жана экскурсиялар) катышууга чакырат;
- үй-бүлөдө дени сак жашоо (кыймылдуу режими) уюштурууну сунуштайт;
- атайын адабияттарды, кинотасмаларды сунуштайт;
- үй-бүлөдөгү дене тарбия маданиятын пайдалануунун оң тажрыйбаларын изилдейт;

Суу, аба, дене тарбия көнүгүүлөрү, фито- жана арт-терапия, үй-бүлөлүк ден соолук майрамы манилүү орунду ээлеген үй-бүлөдөгү ден соолукту сактоо чөйрөсүн түзүүгө салым кошот.

# V бөлүм

# ҮЙ-БҮЛӨ МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Азыркы учурда, **бала бакча мектепке чейинки курактагы балдарга тарбия берүүдө үй-бүлөгө жардам көрсөтүү үчүн социалдык борбор болуп калат.** Үй-бүлө жана мектепке чейинки билим берүү мекемеси мектеп курагына чейинки баланын өнүгүшү үчүн бирдиктүү тарбия – билим берүү мейкиндигине биригишет. **Ата-энелер, мугалимдер менен балдардын ортосундагы мамиледе башкы орунду авторитардык эмес, улуу киши менен баланын инсандыкка жеке багытталган өз ара аракети ээлеп турушу керек.**

**Бул мугалимдер жана ата-энелер пикир алышуу процессинде балага төмөндөгүлөрдү камсыз кылуу керек дегенди түшүндүрөт:**

- **психологиялык коопсуздукту сезүү;**
- **дүйнөгө ишеним көрсөтүү;**
- **эмоционалдык туруктуулук;**
- **жеке маданиятынын негизин түптөө;**
- **анын жеке касиеттерин өнүгүшү.**

Бул жыйынтык бакча жана үй-бүлөнүн ортосундагы гармониялуу өз ара аракеттеринин натыйжасында гана жетишилет.

Гармониялуу өз ара аракеттер педагогдордун жана ата-энелердин тарбия жана билим берүү процессине бирдей үлүш менен катышуусу керек дегендик эмес. Окутуу, билим берүү маселелеринде артыкчылык ролу кесипкөй кызматкерлери бар бакчага таандык болсо, тарбия берүү маселелери боюнча жетектөөчү роль үй-бүлөсүнө таандык.

Азыркы ата-энелер диалогго умтулат, ал баланын тарбияланышы үчүн өз каалоолору эске алынуусун, анын пикирин угуп, анын көз карашы мугалимдин ишинде эске алынуусун каалайт. **Ата-энелер педагогдун жүзүндө, жооп берүүгө даяр, билимдүү, уга билген, кырдаалды алардын көзү аркылуу көрө ала турган маектешти көргүсү келет.** Диалог түрүндөгү байланыш ата-энелерге өзүлөрүн, тарбия берүүдө өзүнүн ордуна жана баалуулуктардын системасына укугу бар бирдей өнөктөштөр катары сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Педагогдун үй-бүлө менен иштешиши,** ата-эненин баланы тарбиялоодо өз көз караштарына жана ойлоруна аң-сезимдүү мамиле түзүүсүнө, ал эми балага – жакындары үчүн урмат-сый мамиле түзүүсүнө түрткү болот. Бул нерсени жасоо жеңил эмес. Ата-энелер менен гармониялык, туура өз ара иш-аракеттерин куруу, чыдамдуулукту, сылыкты, акылмандыкты көп талап кылат.

**Кызматташуу максаттары:**

- ✓ ар бир тарбиялануучу баланын үй-бүлөсү менен шериктештик мамилелерди орнотуу, балдарды өнүктүрүү жана билим берүү үчүн күч-аракетти бириктирүү,
- ✓ бири бирине жалпы кызыкчылык, эмоциялык жактан өз ара колдоо көрсөтүү жана көйгөйлөрүн түшүнүшүү маанайын түзүү;
- ✓ ата-энелердин психологиялык жана педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу, алардын окутуу жөндөмдүүлүгүнө ишенимин колдоп туруу.

### Ата-энелер менен өз ара иш-аракеттердин негиздери

1. Педагогдордун ата-энелер менен **сылык-сыпаа стилде** мамиле түзүүсү. Мамиле түзүүгө болгон жакшы көңүл, педагогдор тобунун ата-энелер менен иш куруусунун бекем негизи болуп саналат. Ата-энелер менен болгон мамиледе катуулук, талаптуу тон орунсуз. Чынын айтканда, администрация тарабынан түзүлгөн үй-бүлө менен өз ара иш-аракеттердин үлгүсү «кагаз жүзүндөгү үлгү» боюнча кала берет, эгерде тарбиячы өзү үчүн ата-энелерге кайрылуунун конкреттүү түрлөрүн иштеп чыкпаса, өзүнчө өткүрүлгөн иш-чарага караганда, ата-энелер менен педагогдордун күнүндүк достук *сылык-сыпаа* өз ара иш-аракеттери чоң мааниге ээ.

2. ***Жеке мамиле*** балдар менен иштөө үчүн гана эмес, ошондой эле ата-энелер менен дагы иштөөгө керек. Тарбиячы, ата-энелер менен сүйлөшүп жатып, жагдайды, ата же эне маанайын сезүүсү зарыл. Ушундай жерде тарбиячынын тынчтандырууга, боорукеликке, бул кырдаалда кандай жардам бере алары тууралуу ойлонуп көрүүгө педагогикалык жана адамдык чеберчилиги керек болот.
3. ***Устатчылык эмес, кызматташтык.*** Албетте, заманбап апалар жана аталардын көпчүлүк бөлүгү билимдүү, көптү билишет, ошондой эле, алар өз балдарына кандай тарбия берүү керек экенин билишет. Ошондуктан, бүгүнкү күндө насаат айтуу абалы жана педагогикалык билимди жөнөкөй пропаганда кылуу оң натыйжа алып келээри күмөн. Ошондуктан кыйын педагогикалык кырдаал учурунда үй-бүлөгө өз ара жардам берүүнүн жана колдоо көрсөтүүнүн маанайын жаратуу, жамааттын үй-бүлө маселелерине кызыгуусун жана чын ыкластан жардам берүүнү каалоосун көрсөтүү жакшыраак натыйжа берет.
4. ***Олуттуу даярдык көрүү.*** Кандай болбосун, ата-энелер иштеше турган бардык иш-чаралар кичине болсо да кылдаттык менен жана олуттуу түрдө даярданышыбыз керек. Бул иштеги негизги нерсе – саны эмес, сапаты.
5. ***Динамизм.*** Бүгүнкү күндө бала бакча жөн эле иштеп туруу режиминде эмес, **өнүгүү режиминде** болууга тийиш, өзүн мобилдүү система катарында көрсөтүп, ата-энелердин социалдык курамынын өзгөрүшүнө, алардын билим алууга болгон муктаждыктарына жана тарбияга болгон суроо-талабына ыкчам жооп берүүгө тийиш. Ушул көз карандылыкка жараша бала бакчанын үй-бүлө менен иш алпаруусунун калыбы жана багыты өзгөрүлүшү зарыл.

### *Педагогго баланын үй-бүлөсү менен кандай кылып катнаш түзүү керек?*

**Бала бакчага көнүү мезгил ичинде, педагогго баланын дагы, энесинин дагы эмоциялык жана жеке өзгөчөлүктөрүн, эненин уулунун же кызынын жашоосундагы жаңы жагдайга карата болгон реакциясын эске алуу маанилүү.**

Педагог тынчсызданган энелерге, бала менен кантип жакшы бөлүнүү керек экенин, кантип кабатыр болбой жүрүү керек экенин, баланы кандай сооротуу, көңүлүн көтөрүү, алагды кылуу жөнүндө кеңеш берет; энеси менен бала бакчага келүүнүн жеке режими жөнүндө сүйлөшөт: баланы жакшы көргөн оюнчуктары менен 2–3 саатка алып келүүгө, түштөн кийин үйгө алып кетүүгө, анын энесин топто калып баласы менен болуп турууга кеңеш берет жана балдарды кароого жардам берүү үчүн, үй-бүлөдөгү күн тартибин бала бакча режимине жакындатууну сунуштайт.

Күн сайын педагог баланы жана анын жакындарын сылык-сыпаалык менен тосуп алып, аларды бала бакчада кубаныч менен күтүп жаткандыгын айтып, бала кандай маанай жана абалда келгенине кызыкдар болуп, зарыл учурда жаман абалдын себептерин таап, эне менен бирдикте балага тийиштүү мамилени иштеп чыгат. Кечинде, ал баланын жетишкендиктери жөнүндө, анын жүрүшү, күнү бою анын кызыкчылыктары жана иш-чаралары, курдаштары менен мамиле куруусу жөнүндө айтылат.

**Үй-бүлө менен туруктуу байланыш,** ата-энелердин бала бакчага ынануу жана ишеним сезимин ойготууга жана педагогикалык байланышка муктаждыгын чыңдоого жардам берет.

Педагог үчүн алсыз, көп ооруган, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү, сезимтал балдардын ата-энелери менен жеке байланыш түзүү өтө маанилүү. Балдар ата-энесинин өзүнө болгон мээриминен, өзү кандай абалда болсо ошол бойдон кабыл алуусунан эч кандай күмөн санабашы үчүн кандай кылып көңүлүн тынчтантуу жана кам көрүүнүн маанайын жаратууну сунуштайт.

**Педагог ата-энелерди педагогикалык процесске тартуунун жолдору жөнүндө ой жүгүртөт.** Ал аларга, бала бакчадагы баланын жашоосу, баланын курдаштары менен пикир алышуусуна жана таанышуусуна эркин укук берет.

Ата-энелер балдарынын ишмерлигинин ар кандай түрлөрүн көрө алышат: сабактарда, оюн учурунда, эмгек учурунда, тамактануу жана сейилдөө учурунда, спорттук залда. Мындай байкоолор – алардын уулу же кызы жөнүндө жаңы, кээде күтүлбөгөн нерселерди билүү үчүн керек.

Ата-энелерди бала бакчага чакыруу менен бирге, балдар менен улуулардын өз ара аракеттенүүсү үчүн ыңгайлуу кырдаалды түзүү зарыл. Мисалы, ата-энеге балдар менен чогуу чаптап жасоого, чаптоого, сүрөт тартууга, спорттук жана бий кыймылдарын жасоого, китептерди окууга, табышмак айтышууга сунуш кылуу керек.

Бала бакчанын шарттарында, бала менен өз ара аракеттенүү учурунда, ата-энелер баланы жакшы түшүнүп жана сезип башташат, түшүнүүгө жана өнүктүрүү, өзгөргөн, анын муктаждыктарын түшүнүп, анын өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү байкашат, уулу же кызынын жетишкендиктерине жана ийгиликтерине кубанып жана тынчсыздана баштащат.

Ошол эле учурда, педагог, үй-бүлөнүн тарбиялоо салттары менен, баланын үй-бүлөдөгү жашоосу менен таанышат, ата-эненин инсандык жеке өзгөчөлүктөрүн, тарбия берүү боюнча көз карашын жакшы түшүнүп, ошондой эле баланын инсандык жеке өзгөчөлүктөрүн түшүнө алат. Оор жагдайлардан чыгуунун жолун, үй-бүлөнүн сырын ачпастан туруп, үй-бүлөсү менен бирге издеп табышы керек. Үй-бүлөнүн оң тажрыйбасы жөнүндө маалыматты тескерисинче, бардык ата-энелерге жеткиликтүү кылуу пайдалуу, мисалы, жалпы ата-энелер жолугуушусунда үй-бүлө мүчөлөрүнөн алардын тарбия берүү ыкмалары жөнүндө айтып берүүнү суранууу, үй-бүлөлүк сүрөттөрдү же видеофильмдерди көрсөтүүнү сунуштоо.

Ата-энелердин педагогикалык мүмкүнчүлүктөрүн жандантуу үчүн, педагог активдүү жана интерактивдүү пикир алышуунун түрлөрүн колдонот. Бул ата-энелерге өздөрүнүн тарбияга жана бала менен баарлашуунун жолдоруна болгон көз карашын жөнгө салууга жардам берүүчү талкуу жолугушуулары, тегерек столдор, суроолор жана жооптор кечеси, үй-бүлөлүк клубдар жана машыктыруулар. Алардын ата-энелери менен ийгиликтүү өз ара аракеттерди жасоого улуулар менен балдардын биргелешкен эс алуусу, үй-бүлөлүк фольклор кечелери, билим жана оюн викториналары, спорттук байрак жарыштары өбөлгө түзөт.

## Ата-энелер менен иштөөнүн ар кандай түрлөрү

**Маалымат тактайчалар жана бурчтук бөлүмдөр** түрүндөгү көрсөтмөлүү маалыматтар универсалдуу жана педагогикалык процессти баса көрсөтүүгө зор мүмкүнчүлүгү бар. Ата-энелерге маалымат берүү жана агартуу иштеринде көрсөтмө куралдарды иштеп чыгуу абдан маанилүү болуп саналат. Бул – маалымат тактайчалары, буклеттер, баракчалар, балдар бакчасынын ички гезити, дубал гезит болушу мүмкүн. Ошол эле учурда ал, педагогдор жана ата-энелер ортосунда, түздөн-түз байланыш түзүүнү камсыз кыла албайт, ошондуктан көрсөтмөлүү маалыматтарды берүүнүн түрлөрү жана ыкмасы анын мазмунунан кем эмес маанилүү.

Эреже катары ата-энелердин убактысы тар келет, ошондуктан аларга тарбиячылар менен сүйлөшүүгө, баласынын өнүгүүсүнүн жана тарбиялануусунун көйгөйлөрүн талкуулоого убактысы жетишпейт. Бул учурда көрсөтмөлүү маалыматтар бизди куткара алат.

Педагогдор жана ата-энелердин баарлашуусун уюштуруунун көрсөтмө-маалыматтык түрү, ата-энелерди мектепке чейинки мекеменин шарттарында, балдарды тарбиялоонун

шарттары, мазмуну жана методдору менен тааныштырат, педагогдун ишмерлигине туура баа берүүгө, үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн методдорун жана ыкмаларын кайра карап чыгууга, тарбиячынын ишмерлигине объективдүү кароого мүмкүнчүлүк берет.

Педагогдун милдети ошол маалыматты көңүл бураарлык кылып, маалымат ата-энелердин кызыгуусун арттыра тургандай, ата-энесинин муктаждыктарын канааттандыргыдай кылып берүүнү үйрөнүүсү зарыл. Бирок маалыматты кандай абалда берүү маанилүү экенин унутпоо керек. Анткени, кайталанма, стандарттуу бурчтар, папкалар мындан ары ата-эненин көңүлүн өзүнө бура албайт. Ошондуктан, маалыматты жайгаштыруудан мурда, анын мазмуну жана жасалгалоо тууралуу жакшылап ойлонуу керек.

Көрсөтмө – маалымат түрлөрү шарттуу түрдө эки чакан топторго бөлүнөт. Алардын биринин максаты – ***маалымат берүү жана тааныштыруу*** – ата-энелерди мектепке чейинки мекеме менен, мектепке чейинки мекеменин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу, балдарды тарбиялап жаткан педагогдор менен жана мектепке чейинки мекеменин ишмердүүлүгү жөнүндөгү үстүртөн ой жүгүртүүнү жоюу болуп саналат.

Башка топтун максаты – ***маалымат берүү жана агартуу*** – таанып билүү түрлөрүнүн максатына жакын жана ата-энелердин мектепке чейинки курактагы балдарды өнүгүүсү жана тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү тууралуу билимин байытууга багытталган.

***Маалымат такталарында, маалымат баракчаларында жайгаштырылган маалыматтар бир нече талаптарга жооп берүүгө тийиш: ал конкреттүү, жеткиликтүү, кыска-нуска, эстетикалык жана коопсуз болушу керек.***

**Конкреттүүлүгү.** Эгерде бул психологдун кеңеши болсо, демек ал так жана ачык-айкын, акыл-эс өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн сүрөттөмөсү жок болушу керек. Ар бир курактык топто, чечинүүчү бөлмөдө, столдордо ата-энелерге консултациялык папкаларды сунуштоого болот. Аны ата-энелер бир күнгө үйгө алып же бир кандай себеп менен баланы күтүүгө туура келсе, ошол жерден окуса болот. Бирок бул бардык маселелер боюнча ар түрдүү маалыматтардын топтому болгон бир чоң папка болуш керек эмес. Эгерде бир нече папкалар боло турган болсо, абдан жакшы жана ар бир папканын өзүнчө аты болуусу зарыл. Мисалы: «Балдардын ден соолугу», «Мектепке даярдоо», «Психологдун кеңеши», «Үйдө убакытты кандай кызыктуу өткөрүү керек», «Кесипкөйдүн усулу» ж. б.

Папканы жасалгалоонун эстетикалык дизайнына маани берүү керек. Бул үчүн бала бакчада компьютер жок болсо, анда балким, мүмкүнчүлүгү бар ата-энелердин бири жардамын аябастыр. Ушундай болгон учурда тарбиячыда жок эле дегенде ата-энелердин бири жазылган материалды окуп чыкты деген ишенич бар болот.

**Жеткиликтүү болушу.** Маалыматтык материалдарды тандоодо ата-энелер – билими, кесиби, абалы өтө ар түрдүү адамдар экенин эске алуу керек. Ошондуктан, материал атайын терминологияны камтыбашы керек – жөнөкөй жана кыска сүйлөмдөрдү берүү жетиштүү болот.

**Кыскалыгы.** Салттуу маалыматтык бурчту, маалыматтык папкаларга ата-энелердин көңүлүн бурдуруу үчүн, жөнөкөй эмес жасалгалоо зарыл. Жасалгалоо топтун атына дал келип, бирдей сюжетте, стилде даярдалуусу керек. Жасалгалоодо ар түрдүү материалдарды пайдалануу керек: поролон, пенопласт, пластик, кездеме, кийиз ж. б.

**Эстетика жана коопсуздугу.** Бул – көрсөтмө маалыматты жасалгалоо үчүн негизги талаптар. Кагаз барактарын дубалга, каалгага чаптоо, кыпчыгычтарды жана башка курч нерселерди колдонуу сунушталбайт.

Тексттерди плексигласстан, оргайнектен жасалган атайын чөнтөкчөлөргө жайгаштыруу зарыл. Маалымат түстүү кагаз бетинде чоң басма арип менен берилет, темасы башка түсү жана өлчөмү менен ажыратып белгиленет.

Көңүлүңүздөрдү **сырткы көрсөтмө маалымат булагына буруунун** дагы сунуш кылабыз.

Жайкы ден соолукту чыңдоо мезгилинде, ата-энелер бурчун короого, верандага, бала бакчанын кире беришине жайгаштыруу актуалдуу. Макалалардын мазмуну жайкы мезгилге ылайык келиши керек:

- «Коопсуз эс алуу сыры»;
- «Ысык өткөндө, жаныбарлар чакканда кантип биринчи жардам берүү керек»;
- «Балдар менен бирге жасаңыз»;
- «Балага негизги коопсуздук эрежелерин аткарууга үйрөтүү»;
- «Жакшы табиттин сыры».

**Ата-энелер үчүн бурчтагы чөнтөкчөдөгү маалыматтарды үйгө алып кетүүгө болот,** (бул: оюндар жана манжа ырлары, көңүл бурууну, эс тутумду өнүктүрүүчү оюндар, артикуляция көнүгүүлөрү), башкача айтканда, бул логопед-мугалимдердин, сүйлөө боюнча адистин, педагог-психологдун жана башка адистердин сунуштары жана кеңештери. Бул коррекциялык топтор үчүн айрыкча жакшы болот.

**Фото бурч:** «Сиздин балдар менен иш жүргүзүшөт». Күн түрүндө, дарак түрүндө, гүл аянтчасы түрүндө, салют учкундары түрүндө жасалгаланган бул фото бурчка, бул топтогу балдар менен иш алып барган педагогдордун, адистердин, дарыгерлердин аты-жөнү көрсөтүлгөн сүрөттөр жайгаштырылат. Бул ата-энелердин өз балдары менен иш жүргүзгөндөр жөнүндө кабардар болууга жардам берет жана педагогдор менен ата-энелердин баарлашуусун жеңилдетет.

**Балдардын чыгармачылыгын чагылдырган бурчтарды жасалгалоо:** сүрөт, кол өнөрчүлүк, балдары менен окутуучунун биргелешкен ишмерлигинин жамааттык чыгармалары. Көнүгүүлөрдүн темасы жана программалардын мазмуну, Көңүлдүү Карандаш аттуу персонаждын колунда жайгашкан чөнтөкчөгө салынат. Сүрөт тартуу жана чаптоо боюнча иштерди көргөзмөгө баарын же жарым-жартылайын коюуга болот. Сүрөт тартуу жана чаптоо иштерин көрсөтүү үчүн көргөзмөнү гана эмес, ар балага арналган конвертүү текчелерди колдонууга болот. Чаптап жасоо жана долбоорлоо боюнча иштерди жомоктогу үйдүн текчелерине, үйдүн тепкичине, түлкү Патрикеевнанын белдемчисине жайгаштырылган болушу мүмкүн.

Бала бакчанын кире беришинде, үйдө, жол жүрүүдө, эс алууда ***балдарга тамак-аш уюштуруу боюнча сунуштарды*** жайгаштыруу максатка ылайыктуу.

«Тамактануу жана тарбия берүү», «Ден соолукта болуңуз» аттуу жана башка бурчтарда кийинкидей маалымат жайгаштырылат:

- рационалдуу тамактануунун негизги принциптери;
- ичеги трактынын оорулары, тамак-аш аллергиясы үчүн диетанын менюсу;
- балдардын тамактануусунун эрежелери;
- тамак-аш бөлүмүнөн тамак-аш берүү тартиби;
- жалпы меню (кенже жана мектепке чейинки курактагы топ үчүн);
- балдар үчүн сунушталган порциянын көлөмү;
- үй-бүлөдө рационалдуу тамактанууну кандай уюштуруу жөнүндө, ата-энелер жана мектепке чейинки билим берүү мекемесинин кызматкерлери үчүн башка кеңештер жана консультациялар.

Ата-энелер менен, алар биринчи жолу мекеменин босогосун аттаганда эле дароо башталат. Бул – мектепке чейинки билим берүү уюмунун визиттик картасы. Маалыматтык иш-аракеттер менен мектепке чейинки билим берүү мекемеси жөнүндө толук маалымат берүү зарыл.

**Топтордогу маалымат такталары.** Топтордогу маалымат такталары балдарга тарбия берүү жана окутуу боюнча маалыматтарды алмашууга, ата-энелерди жакынкы арадагы иш пландары менен тааныштырууга, педагогикалык билимдерди жайылтууга арналган.

Бүгүнкү күндө бул маалымат такталарды жасалгалоонун жолдору чексиз. Такталарды даярдоо жана жасалгалоо боюнча адис кесипкөйлөр да өздөрүнүн кызматтарын сунуш кылышат. Маалымат такталардын ар кандай түрлөрүн жана аттарын тандоону тарбиячы чечет: ***«Камкор ата-энеге», «Улууларга балдар жөнүндө», «Сиздер үчүн, ата-энелер», «Ата, апа, карап көр!», «Ата, апа, окуп көр!»*** аттуу же жана башка.

Маалымат тактасында жарыяланса болот:

- ➔ бул топтогу балдар менен иш жүргүзгөн педагогдордун аты-жөнү, баланын ата-энеси менен сүйлөшө турган убактысы, күн тартиби;
- ➔ көнүгүүлөрдүн убакыт тартиби;
- ➔ бир ай ичиндеги иш-аракеттердин планы;
- ➔ кулактандыруулар;
- ➔ конкурс өткөрүү шарттары;
- ➔ бир күн үчүн меню;
- ➔ жакшы сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын сөздүгү;
- ➔ мектепке чейинки куракка арналган Интернет сайттары.

**Маанилүү учурлар:**

- ➔ ата-энелер үчүн сунушталган бардык материалдар жарашыктуу жасалгаланган болушу керек;
- ➔ мазмунун дайыма жаңылап туруу керек, антпесе, маалыматка ата-эненин кызыгуусу бат эле жоголуп кетет;
- ➔ жасалгалоо ата-энелердин көңүлүн бургудай кылып (текст түстүү кагазда болуусу, топтогу балдардын сүрөттөрү, сүрөттүү-шарттуу белгилер) жүзөгө ашырылат;
- ➔ сунушталган материалдын мазмуну, көпчүлүк ата-энелерге чынында эле кызыктуу болушу керек.

**Ата-энелер үчүн алынган маалыматтар кызыктуу, кыска (тандамалуу негизги ойлор), бул топ үчүн актуалдуу, акыл-насыят үйрөтпөй, сабаттуу жана өз убагындагы кеңеш катары берилиши керек.** Материалдын темасы ата-энелердин көңүлүн актуалдуулугу менен гана эмес, анын кайталангыстыгы менен тартууга тийиш. Мисалы: «Сизге билдирүүгө кубанычтабыз!», «Биздин ийгилик», «Музыка жана поэзия бурчу», «Биз өсүп жатабыз» аттуу рубрикалар, ата-энелер, балдарынын эмнени үйрөнүп, кандай билим, кандай көндүмдөрдү алып жатканын билип туруусу үчүн негизги сабактардын темасы, максаттары жана милдеттери менен тааныштырат. Бул ата-энелер баланы окутууга жана өнүктүрүүгө катышуусуна, аларга бардык мүмкүн болгон жардамын берүүсүнө өбөлгө түзөт.

«Ата-энелер үчүн кеңештер» деген сыяктуу көнүмүш темалардын ордуна: «Сылык баланы тарбиялоонун сыры», «Бала урушчаак болсо, эмне кылышыбыз керек?» сыяктуу темаларды жазган оң. «Меню» сыяктуу көнүмүш аталыштарды дагы башка: «Ашканадан жаңылыктар», «Смак» деген аталыштарга алмаштыруу керек. А күнүмдүк «Иш-чаралар » дегенди «Биздин күн», «Эртеден кечке чейин», «Биз ушундай жашап жатабыз», «Дүйшөмбүдөн жумага чейин», «Биз эмне иш кылдык», «Биздин кылган иштерибиз» деп атоо жакшы.

Маалымат тактасында сөзсүз «Рахмат айтабыз!» аттуу рубрика болгону зарыл. Рубрикада, короо-аймакты, топторду жакшыртууга, материалдарды алууга, оюнчуктарды жасоого жана оңдоого жардам кылган ата-энелерге ыраазычылык жарыяланат. Көп адамдын аты-жөнүн бир эле атабастан, тескерисинче, бирден жана конкреттүү жасаган

салымын (оюнчуктар жана ыр конкурсуна катышкандыгы үчүн, ата-энелер жана мугалимдер жыйындарына даярдыгы үчүн, кар тазалоосу үчүн жана имараттарды курууга катышкандыгы үчүн) белгилеп кетүү керек. Ыр түрүндөгү мактоо сөздөрү дагы моралдык сыйлык катары кызмат кылат.

Бурчтагы ата-энелер үчүн маалыматты ай сайын өзгөртүү зарыл, ата-энелер анын өзгөргөнүн байкашы үчүн маалымат терезелерин 2–3 күнгө бош калтыруу керек.

Ата-эне көрүнүктүү маалыматтарга тартылып жана ага кызыкдар болушу керек. Бул үчүн жасалгалоонун жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу сунушталат. Маалымат бурчтары бир окуя боюнча: бир жомок же ыр боюнча, токой түрүндө, гүл аянтчасы, суу падышалыгы, жылдыздуу асман, боз үй, орус үйү же оюнчуктар дүкөнү түрүндө жасалгаланат.

Материалды жагымдуу кабыл алуу үчүн зарыл болгон ыңгайлуулук, бири бирине төп келишкен тынч түстүү боекту, бейтарап түстөрдү, терезелерге торлорду жана пардаларды колдонуу, тазалык жана тыкандык аркылуу жасалат.

***Буклеттер, баракчалар, эскертмелер.***

Маалыматтык буклеттердин, баракчалардын жана эскертмелердин артыкчылыгы болуп даректүүлүгү саналат, башкача айтканда, ар бир ата-эне өзү маалымат менен өзүнө ынгайлуу убакта тааныша алат.

**Буклеттерде** бала бакча, топтор, бала бакчанын ишинин конкреттүү багыты жөнүндө маалымат берилиши мүмкүн, мисалы, көркөм жана эстетикалык тарбия берүү, кошумча кызматтар жана башкалар боюнча. Балдардын жана педагогдордун сүрөтүн, бала-бакча жөнүндө ырларды колдонууга болот, мисалы:

**Баракчалар** – белгилүү бир окуя жөнүндө кыскача маалымат, мисалы, конкурс өткөрүү жөнүндө, ачык сабактарга чакыруу ж. б. Маалыматтык баракчалар түстүү кагаз бетинде чыгарылып, ата-эненин назарын буруп турганы оң.

**Эскертмелердин** максаты – ата-энелерди, үй-бүлө менен бала бакчанын бирдиктүү тарбия берүүсүн ишке ашыруу болгон, белгилүү бир эрежелер жыйындысы менен тааныштыруу болот, мисалга алсак, бакчага баланы көндүрүү маселелери боюнча.

***Ата-энелер үчүн журнал.*** Иштин жетишээрлик ыңгайлуу түрү. Ата-энелер журналды үйүнө алып, окуп, сыноолорду өткөрүп, педагогдордун сунуштарын колдонуп, бала менен иштеп көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Журнал үчүн материалдар, тематикасы айкын жана алдын ала белгилүү болгондуктан, алдын ала даярдалат. Окуу жылынын ичинде 6 сан чыгаруу оптималдуу болуп саналат, аларга сөзсүз түрдө, билим берүү мекемесинде болуп жаткан тигил же бул иш-чараларга байланыштуу (Жаңы жыл, 8-Март, Карылар күнү, сейилдөөлөрдөн репортаж жана дагы ушул сыяктуу) кошумча материалдарды камтуу керек. Журналдын туруктуу аталышы, мазмуну жана редколлегиясы болушу керек. Ошондой эле, журналга ата-энелер үчүн гана эмес, балдар үчүн дагы материалдарды киргизүү керек.

***Бала бакчанын ички гезити***. Гезит (кесипкөй ата-энелердин сырттан окуу мектеби). Ар бир чыгарылышы бир топ маселерди чечүүгө багытталган. Гезиттин ата-энелердин курч суроолоруна бат жооп берүү мүмкүнчүлүгү бар. Педагог кийин керектүү материалдарды тез чаптап коюуга мүмкүн болгон гезиттин долбоорун жана тексттерин алдын ала иштеп чыгып коюусу керек.

Бала бакчалар, азыр өз күчү менен өздөрүнүн ички гезитин чыгара алат. Гезит белгилүү бир темага, мисалы, балдардын ден соолугу, оюн ишмерлиги, сабаттуулукка үйрөтүү, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү жана башка темаларга арналат. Гезитте үзгүлтүксүз рубрикалар бар:

➔ балдар жөнүндө чоңдорго;

➔ адистин сунуштары;

➔ балдардын кабары;

➔ биздин жеңүүчүлөр (конкурстардын жыйынтыктары жөнүндө);

➔ балдар сүйлөйт;

➔ баарын өзүбүз жасай алабыз;

➔ биздин жетишкендиктерибиз (балдар бакчасынын ийгилиги жөнүндө).

Гезитти чыгаруу бала бакчанын педагогдорунун чыгармачыл тобунан олуттуу ишти жана бир нече материалдык чыгымдарды талап кылат. Гезит үзгүлтүксүз (жумалык, айлык, чейректик) чыгып турушу керек.

***Дубал гезит.*** Бала бакчанын жамаатынын, ата-энелердин көңүлүн тарбия берүү маселелерине буруу үчүн, тематикалык дубал гезиттерди чыгарууну уюштурууга күчү жетет. Дубал гезиттерди жасалгалоодо эстетикалык сүрөттөр жана балдардын сүрөттөрү болушу керек. Дубал гезитти атайын ата-энелер чогулушуна, майрамга, конкурстун жыйынтыгына, иш-чараларга карата чыгарса болот.

*Мисалы*, бала бакчада балдардын ооруп калуусун талдоо жыйынтыгына арналган тематикалык дубал гезитин «Чымыр бөбөктөр» деп атоо менен жасалгалоого болот. Ватмандын бир нече барактарында – эң аз ооруган, ар кайсы топтогу балдардын сүрөттөрү чагылдырылат. Ар бир сүрөткө кол коюлат. Борборунда кубанычтуу ыр:

**Мына булар, ден соолугу бекемдер!**

**Калтырбастан бакчага дайым келгендер!**

**Баарыңарга жигердүүлүк, шайырдык,**

**Каалайбыз биз ар бириңе ден соолук!**

Ата-энелердин көңүлүн, ден соолукту чыңдоо маселелерине мындай жол менен буруу, кургак статистика жана графиктерге караганда алда канча натыйжалуу болот.

Ата-энелерге, «Менин балам – менин күнүм» аттуу үй-бүлөлүк дубал гезитин чыгарууга сунуш киргизсе болот. Анда ар бир ата-эне өзүнүн сүйүктүү баласы жөнүндө, ал эмнени жакшы көрөрү, кандай оюнчуктар жана китептер жагаары, фото сүрөттөр аркылуу баласынын кичине кезин, сүйүктүү чоң ата жана чоң энеси, эжеси жана байкеси жөнүндө айтып берет.

***Чыгармачыл кулактандыруулар***. Ар дайым ата-энелер менен байланышууда: эртең менен коюлуучу оюнду өткөрүүнүн күнү, ата-энелер чогулуштарында, ар кандай окуяларда, ж.б. болот. Көбүн эсе кулактандыруу расмий мүнөздө жана иш стилинде жасалганат. Бирок ата-энелер кулактандырууларга дагы чыгармачылык менен караса болот, ошону менен алардын алынган маалыматка болгон кызыкчылыгынын деңгээлин көтөрүүгө жана педагогдор менен болгон өз ара аракеттерди оң жакка бурууга болот.

***Кулактандыруу-чакыруулар***

➔ Бала бакчанын аймагын тазалоо ишембилигинде:

**Урматтуу апалар жана аталар!**
**Сиздерди ишембиликке чакырабыз: бизге ар бир жумушчу кымбат!**
**Инвентарларды биз сатып алганбыз, баардыгын чакырганбыз!**
**Күрөк, тырмооч, сыр бар. Бакчадан жомок жасайбыз!**
**Эгер баарыбыз чогуу болсок, Бат да жасап бүтөбүз!**

➔ Күз майрамына:

**Биз баарыңарды балга, жасалгалаган музыкалык залга чакырабыз!**

**Ал жерде күлкү, тамаша, Күзгү вальс, ырлар, ийгиликтер,**

**Сиздер үчүн балдар чын көңүлдөн, Ырдап, бийлеп беришет!**

➔ «Ачык эшиктер күнүн» өткөрүү жөнүндө:

**Шашылгыла, шашылгыла, шашылгыла!**

**Сиздер үчүн Ачык эшик күндөрүн өткөрөбүз!**

**Бизге келгиле, бизди көргүлө,**

**Өзүңөр менен досторуңарды алып келүүнү унутпагыла!**

**Биз силерге бала бакчаны көрсөтөбүз!**

**Кантип окуганды жана ойногонду көрсөтөбүз.**

**Силерге эшигибиз менен кошо жүрөгүбүздү да ачабыз,**

**Ишенип койгула, баары көңүлдүү болот!**

### Ата-энелердин кызыктуу жолугушуусу

Ата-энелер үчүн көрсөтмө маалымат менен бирге, алар менен иш алып баруунун башка жолдору болушу керек. Ата-энелерди ата-энелердин жалпы чогулушуна жөнөкөй кулактандыруу менен тарта албайбыз, ал эми балдардын өз колу менен жасалган чакыруу барактары, энелери жана аталарды кайдыгер калтырбайт. Ошондой эле ата-энелерди музыкалык жомокторго, эртең мененки оюндарга, кечки кечелерге чакырууга болот.

Ата-энелер чогулушу – көптөгөн бала бакчада, баланын ата-энеси менен иштөөнүн көбүрөөк таралган, жалпы жана салттуу түрлөрүнүн бири. Алардын максаты тарбия берүү ыкмаларын, ата-эненин педагогикалык маданиятын жогорулатуу болуп саналат. Бирок, бүгүнкү күндө, балдардык мектепке чейинки мекемелер ата-энелер чогулушунун түрүн жана мазмунун кайра карап жатышат.

Ата-энелер чогулушун кызыктуу өткөрүү үчүн иш-чаранын темасына туура келген, видеоматериалдарды, «Топтун жашоосунан бир күн», «Жазды биз кандай тостук», «Биздин ийгиликтерибиз жана жетишкендиктерибиз» аттуу фоторепортаждарды, фотоальбомдорду колдонсо болот.

Ата-энелерге балдардын жамаатында өз балдарын көрүү, алардын өз ара мамилелерин байкоо абдан кызык. Ушул сымал жолугушуулардан кийин, ата-энелер педагог менен байланыш түзүүгө кызыкдар болуп, алардын айткан кеңешин угуп, жыйынтыгында - бала бакчанын көбүрөөк ишеним арта баштайт.

Ата-энелер жолугушуусу кылдаттык менен даярдалышы керек. Чогулуш боло турган убакыттан эки жума мурун топтун кире беришине аты, күнү жана убакыты көрсөтүлгөн кулактандырууну илип, ата-энелер үчүн жыйындын кыска мазмуну көрсөтүлгөн буклеттерди даярдоо зарыл. Уюштуруунун бардык жактарын олуттуу ойлонуу керек: эмеректерди жайгаштыруудан баштап, ата-эне тарабынан берилээри мүмкүн болгон суроолорго чейин. Ата-энелерди балдардын орундуктарына отургузуп, педагогдорду жана администрацияны башка орундуктарга отургузууга болбойт. Пикир алышуу бирдей деңгээлде өтүшү керек.

Ата-энелерге аныкталган бир темада баяндоо жасоону сунуштаңыз. Иш-чаранын маанилүүлүгүн баса көрсөтүү үчүн, балдар менен иш алып барган педагогдордун, улуу тарбиячынын, директордун жыйынга катышуусун камсыз кылыңыз, ата-энелер менен эмоциялык байланышты түзүңүз, балдарга тарбия берүү жана окутуу көйгөйлөрүнө администрациянын кызыкдар мамилесин көрсөтүңүз.

3–4 жаштагы балдардын ата-энеси жана педагогдордун баарлашуусунун мазмуну төмөндөгүдөй болушу мүмкүн: баланын курактык өзгөчөлүктөрү, баланын гигиенасы жана көз карандысыздыгынын маселелери, үй-бүлөдө оюн аркылуу пикир алышуунун баалуулугу, ар кандай түрдөгү ишмерликте баланын сезүү жана сүйлөө тажрыйбасы байытуу, баланын кыймыл-аракеттинин активдүүлүгүн камсыз кылуу. 4–5 жаштагы балдардын ата-энелерин педагог, сүйлөөнү жана сүйлөөнүн коммуникациясын өнүктүрүү ыкмалары менен тааныштырат, баланын кызыгуусун, кыялын жана чыгармачылык өзгөчөлүгүн өнүктүрүүдөгү үй-бүлөнүн мүмкүнчүлүгүн көрсөтүп турат. Алардын ата-энелери менен бирге, баланын инсандыгынын көрүнүшү жөнүндө, жыныстык айырмачылыгына жараша жүрүм-турум өнүгүүсү жана өзгөчөлүктөрү, кызыкчылыктары жана бир нерсени жогору баалоосу жөнүндө ой жүгүртөт. 5–6 жаштагы балдардын ата-энелери менен педагог, окуу ишмерлигинин өбөлгөлөрүн жана көндүмдөрүн өздөштүрүү маселелерин талкуулайт, ата-эненин көңүлүн, балдардын арасында, баланын коммуникативдик сапаттарынын жана ийгиликтүү социалдашуусунун өнүгүүсүнүн, жүрүм турумунун өз ыктыярдуу түрүн иштеп чыгуунун, алардын сезүү тажрыйбасын байытуунун маанилүүлүгүнө көңүлүн бурат.

Пикир алышуу расмий эмес, достук мүнөздө болууга тийиш. Жыйналыштагы ата-энелер – көйгөйлөрдү талкуулоодо активдүү катышуучулар жана шериктер. Алардын ата-энелери жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон эрежелерди айтууда, педагогдон монолог эмес диалог керек.

Топтун педагогдору ата-энелерге урмат-сый менен мамиле жасоосу зарыл, үй-бүлөнүн абройун жана үй-бүлөлүк тарбия берүү тажрыйбасын эске алуусу керек.

- Талкуулоо учурунда педагог диалогду башкарбай, багыт берип турганы жакшы, ар бир катышуучуга эркин сүйлөөгө, башкаларды угууга, талкууланып жаткан маселелер боюнча өз көз караштарын түзүүгө мүмкүнчүлүк берүүсү керек. Баарлашууда жана талкуулоодо, педагог пикир алышуунун ар кандай ыкмаларын ийкемдүү колдонот. Талкуулануучу суроо же маселе боюнча бир нече көз караштарды талкулоо ата-энени ой жүгүртүүгө көңүлдөнтөт. (Сиздин ой-пикириңиз боюнча, баланын жыргалчылыгынын негизги кепилдиги эмнеде камтылган – жакшы ден соолугунда, эркинин күчтүүлүгүндө, акылдуулугунда).

Үй-бүлөлүк тарбия берүү маселесинин көйгөйлөрүн чечүү, ата-энелерди, тарбия берүү ыкмаларын талдоого түртөт, алардын педагогикалык сезимин өнүктүрөт. Мисалы, ата-энелерге мындай тапшырма берилет: «Сиз баланы жазаладыңыз, бирок, кийин бала күнөөлүү эмес экени билинди. Сиз эмне кылмаксыз?» же «Дасторконго бала сүт төгүп алды. Мындай иш-аракеттерге кандай мамиле кыласыз?».

Баланын жүрүм-турумун талдоо менен бирге, ата-энелер өздөрүнүн педагогикалык тажрыйбасын көрүшөт, баланын иш-аракеттери жөнүндө ой жүгүртүшөт, аларды жаш курагына жана акыл муктаждыктарына жараша түшүнүүгө үйрөнөт. Ата-энелердин тажрыйбасына да кайрылуу пайдалуу («Сиздин уулуңуз же кызыңыз менен мамилелерди курууга көбүрөөк жардам берген, таасирдүү чараларды атаңыз?»). Тескери пикирлердин болушу сөзсүз керек, чогулуштун жыйынтыгын ата-энелер менен талкуу кылуу, кыйынчылыктарды өтүү жана баланы өнүктүрүү планын ишке ашыруу чаралары боюнча макулдашып туруу зарыл.

Жолугушуунун жүрүшүндө кызыктуу темалар талкууланат, татаал маселелерди стандарттуу түрдө эмес чечүүчү сунуштар кылынат. Жумшак жарык, музыкалык колдоо, баяндоонун сылык-сыпаа тону ишенимдүү маанайды түзүүгө жардам берет. Дипломдорду, медалдарды, эстеликке «Билимдүү үй-бүлө» лентасын, ишканаларга ыраазычылык катты ыйгаруу жана ата-энелерди ыраазы кылуучу башка ыкмалар – ата-энелерди жандандыруунун өтө күчтүү стимулу.

## Кызыктуу ата-энелер жыйынын даярдоо үчүн иш-чаралары

1. **Жыйындын темасы боюнча ата-энелерди иликтөө.**

   Иликтөө кагаздары жолугушуу убактысынан эки жума мурда таратылат, анын жыйынтыгы жолугушуу учурунда колдонулат.

2. **Жыйынды даярдоодо – балдар негизги катышуучулар.** Алар колдонулбай калган жана табигый материалдар менен оюнчуктар, конструкция, чаптоо түрүндөгү чакырууларды жасашат жана ата-энелердин колуна тапшырышат. Чакыруу жолугушууга чейин бир жума мурун таратылат.

**Чакырууну кантип жасоо керек?**

Картондон үлгү боюнча кайың жалбырагын, гүл, кулпунай, алма кесип жана каалагандай түс менен түр берип, жасалгалаш керек.

Алар төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн: айланкөчөк (айланкөчөккө окшоштуруп боек менен боелгон грек жаңгагынын жарымы); оригами ыкмасы менен, түстүү кагаздан жасалган көпөлөк; пластиктен жасалган козу карын (капкактан, «киндер-сюрприз» оюнчугунун кутучасынан).

Кенже топтун балдарынын ата-энелери үчүн чакырууларды жогорку топтордун балдары жасашат, бирок, айрым бөлүктөрүн даярдоого, сүрөттөрдү тартууга кенже балдар да катышат.

**Ата-эне комитетинин отурумун өткөрүү** (жыйынды өткөрүүгө чейин 2 жума мурда), жана отурумда жыйынга даярдык көрүү үчүн милдеттерди бөлүштүрүү жөнүндө маселени коюш керек.

Музыкалык коштоону даярдоо, конкурстарды уюштуруу, топту жана столдорду жасалгалоо, жыйын үчүн жабдууларды жана материалдарды тандоо үчүн жооптуу адамдар коюлат.

Ата-энелер үчүн тегеректелип тизилген үстөлдөргө даярдап коюу керек: ата-энелердин аты-жөнү жазылган карточкаларды, эскертмелерди, ата-энелер жана атасынын атын, текчелер, жазуу үчүн дептерлерди, карандаштарды, балдардын иштерин.

**Балдардын концерттик программасын даярдоо.** Концертти музыкалык жетекчи, педагог менен чогуу даярдап жана мыкты балдар ырларын, бийлерди, кичинекей сценалык оюндарды жана балдардын суроо-талабы боюнча кошсо болот.

Жыйындын узактыгы 1 саат (40 мүнөт анын ата-энеси менен жана 20 мүнөт – балдардын катышуусу менен).

**Ата-энелер үчүн мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы балдар менен ачык сабактар.**

**Максаты:** ата-энелерди мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы сабактардын структурасы жана спецификасы менен тааныштыруу, аларды педагогикалык процесске катыштыруу. Педагог сабак өтүү учурунда ата-энелер менен пикирлешүү элементин киргизе алат (бала жаңы конокко бир нерсени айта алат, аны өзүнүн кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө киргизе алат), ата-энесинин топтун жемиштүү ишмерлигине түздөн түз катышуусу мүмкүн.

**Ата-энелер үчүн семинарлар жана консультациялар.** Семинардын жана консультациялардын максаты – балага тарбия жана билим берүү жөнүндөгү маселелер боюнча ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугун жогорулатуу, көйгөйлүү маселелерди чечүү, ата-энелердин педагогикалык ыктарын активдештирүү. Алардын тематикасын ата-энелердин суроо-талаптарын жана кызыкчылыктарын талдоо аркылуу аныктаса болот, мисалы, анкеталар аркылуу. Консультациялар жана семинарлар тигил же бул маселеге кызыкдар болгон ата-энелер тобу үчүн же ар бири менен өзүнчө өткөрүлсө

болот. Алардын максаты – ата-энелерге оор педагогикалык жагдайларды чечүүгө жардам берүү, баланын ийгиликтери жана жетишкендиктери жөнүндө маалымат берүү.

Ал педагогдун үй-бүлө менен байланыш түзүүнүн абдан жеткиликтүү түрү, аны өз алдынча жана башка түрлөрү менен бирге колдонсо болот; үй-бүлөсүнө барып баарлашуу, ата-энелер жыйындары, консультация берүү.

Бул жерде жетектөөчү роль педагогго берилет, ал маектешүүнүн темасын жана түзүмүн алдын ала пландаштырып алат.

Маектешүүнү өткөрүүдө абдан ылайыктуу шарттарды тандап алып жана сүйлөшүүнү бейтарап маселелер менен баштап, андан кийин негизги темаларга түздөн-түз өтүү сунуш кылынат.

**Тренингдер**. Тренингдик машыгуулар жана үй-бүлөлүк жагдайларды ролдук ойнотуулар, ата-эненин жүрүм-турумун жана бала менен өз ара мамиле түзүүнүн ыкмаларын байытууга мүмкүнчүлүк берет. Бул балага таасир берүүнүн жана пикир алышуунун түрүнүн ар кандай ыкмаларына баа берүү боюнча, алардын ортосундагы айырманы көрүп, бир кыйла ийгиликтүү түрүн тандап алууга, начарларын конструктивдүрөөк түрүнө алмаштыруу боюнча тапшырма болушу мүмкүн («Сен эмне үчүн оюнчуктарыңды жыйнаган жоксуң?» дегендин ордуна: «Мен сенин оюнчуктарың сени угаарынан эч күмөн санабайм», «Ар дайым столго кир кол менен отуруу эмне деген?» дегендин ордуна: «Мени, сенин өзүңө кам көрө алаарың абдан кубандырат. Кир колуң менен столго отуруу туура эмес!»).

Баланын жүрүм-турумун талдоо менен бирге ата-энелер өздөрүнүн педагогикалык тажрыйбасын көрүшөт, баланын иш-аракеттери жөнүндө ой жүгүртүшөт, аларды жаш курагына жана акылына жараша түшүнүүгө үйрөнөт. Ата-энелердин тажрыйбасына да кайрылуу пайдалуу («Сиздин уулуңуз же кызыңыз менен мамилелерди курууга көбүрөөк жардам берген таасирдүү чараларды атаңыз?»).

**Конкурстар жана долбоорлор**. Ар кандай мелдештерди өткөрүү, бала бакча менен тарбиялануучунун үй-бүлөсү өз ара аракеттенүүсүн бекемдөөгө, ата-энелердин балдары менен педагогикалык пикир алышуусун активдештирүүгө мүмкүнчүлүк берет. Конкурстарды өткөрүүнүн маанилүү жагы, бул бир топтогу ата-энелерди бириктирүүгө жардам берет, жигердүү болуп ата-энелердин демилгесин жогорулатат.

Конкурстардын мазмуну ар кандай болушу мүмкүн. Ар бир бала-бакчада аларды өткөрүүнүн өз тажрыйбасы бар. Ал салттуу конкурстар же теманын планына ылайык иштер болушу мүмкүн. Конкурска даярдык көрүү учурунда конкурсту өткөрүү максатын, катышуучуларды, калыстар тобун, баалоо критерийлерин, жеңүүчүлөрдү сыйлоону аныктоо зарыл. Ата-энелерди алдын ала конкурстун жоболору менен тааныштыруу, аны даярдоо үчүн жетиштүү убакыт берүү зарыл.

Чыгармачылык сынактардын жыйынтыгы ата-энелерге дубал гезиттер, көргөзмөлөр түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн.

Бул иштин кызыктуу түрү ата-энелерге бири-бири менен жакшы таанышууга жардам берет, үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн тажрыйбасы менен бөлүшүүгө, балдар менен ата-энелердин чыгармачылык байланышын күчөтө алат.

Сынак өткөрүү жөнүндө кулактандыруу алдын ала вестибюлде илинет. Мындан тышкары ар бир үй-бүлө конкурстун шарттары бар баракчаларды алышат.

**Ата-энелер менен конференция өткөрүү**

Конференцияда кызыктыруу түрүндө педагогдор, атайын адистер жана ата-энелер жашоо кырдаалдарын ойноо менен моделдештирет. Бул ата-энелерге бир гана тарбия

берүү жаатындагы кесиптик тажрыйбаны чогултууну эле эмес, ошондой эле педагогдор жана адистер менен ишенимдик мамиле түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Мисалы, Апалар үчүн конференция: «Менин апам жөнүндө сүйлөшөбүз».

1. Балдардын ой-пикири жазылган магнитофон жазуусун уккандан кийин ата-энеси менен диалог.
2. Кырдаалдарды ойноо – ар кандай жагдайларда энесинин жүрүм-турумун түзүү жана талдоо.

**Тематикалык көргөзмөлөр**. Ата-энелер үчүн оозеки маалыматтар кошумча болот: балдардын, ата-энелердин, тарбиячылардын өз колдору менен жасаган нерселери, сүрөттөр, фотографиялар, натуралдык нерселер (оюнчук үлгүлөрү, оюн материалдары, көркөм чыгармачылык иштери, ж.б.).

Тематикалык көргөзмөлөр, бала бакчанын бардык ата-энелеринин жамаатына, дагы бир топтун ата-энелерине жасалат. Аларды жасалгалоого ата-энелерди да тартууга болот: бир тема боюнча материалдарды тандоону тапшырууга, газета менен журналдардан бөлүктөрдү табууга, колго жасалган оюнчуктар үчүн үлгүлөрдү жасоого. Ата-энелерди тарбия берүү жөнүндөгү тигил же бул маселе боюнча ата-энелер үчүн журналдар көбүрөөк тарта алат.

### Ата-энелердин катышуусу менен педагогикалык жыйын.

Максаты: ата-энелерди, баланын жеке керектөөлөрүн эске алуу менен, үй-бүлөдө баланы тарбиялоонун көйгөйлөрү жөнүндө жигердүү түшүнүк алуу үчүн тартуу.

Педагогикалык жыйындын жүрүшү:

1. Педагогдор жыйынынын темасына ылайык даярдаган теоретикалык бөлүгү.
2. Ата-энелерди сурамжылоо. Маселе боюнча ата-энелердин пикиринин негизги багыттарын аныктоо үчүн алдын ала жүргүзүлөт.
3. Сурамжылоонун натыйжалары боюнча тыянактар.
4. Ата-энелер менен маек. Бул педагогдорго, ата-энелер менен баарлашуу үчүн тийиштүү шарттарды орнотууга, балага жана үй-бүлөгө болгон мектепке чейинки мекеменин таасиринин сферасында байланышты камсыз кылуу үчүн жардам берет.
5. Педагогикалык жагдайлар. Жагдайларды талкуулоо ата-энелердин жигердүүлүгүн күчөтөт, адистер жана педагогдор менен пикир алышууну эки тарап үчүн пайдалуу кылат.
6. Ишеним телефону. Оюн сымал жол менен ата-энелер оозеки жана жазуу жүзүндө өздөрү каалаган суроолорду берсе болот. Ата-энелер менен бирге пландык ишти талдоо негизделет. Жазуулар каралып жана талкулоонун негизинде ата-энелер менен иш алпаруу пландаштырылат.

Үй-бүлөлүк тарбия берүү маселесинин көйгөйлөрүн чечүү, ата-энелерди, тарбия берүү ыкмаларын талдоого түртөт, алардын педагогикалык сезимин өнүктүрөт. Мисалы, ата-энелерге мындай тапшырма берилет: «Сиз баланы жазаладыңыз, бирок, кийин бала күнөөлүү эмес экени билинди. Сиз эмне кылмаксыз?» же «Дасторконго бала сүт төгүп алды. Мындай учурда кандай мамиле кыласыз?».

Үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн кыйынчылыктарын жеңүүгө тиешелүү болгон ата-энелерге психологиялык-педагогикалык жардам маселери, педагогдон өзгөчө дыкаттыкты талап кылат. Мисалга алсак, ажырашууга, үй-бүлөлүк чыр-чатакка, кайра никеге туруу ж.б. байланыштуу баланын эмоциялык саламаттыгынын абалы. Мындай жагдайда психологдор жана мектепке чейинки билим берүү уюмунун башка адистери жардамга келет. Ошентип, психолог менен чогуу, ата-энелерге балдардын

жүрүм-турумунун себептери менен тааныштыруу максатка ылайыктуу (тынчсыздануу, гиперактивдүүлүк, өзүнө ишенбегендик, ачуулануу жана башкалар). Үй-бүлөдө психологиялык жайлуулуктун, баланын психологиясынын өнүгүүсүнүн коопсуздугун, кризистик жагдайлардан өтүүнүн шарттарын түзүүнүн маанисин сүрөттөп айтуу керек. Бала бакчада, балдар тобунда, педагогдор менен ата-энелердин жашыруун пикир алышуусу, консультациялар үчүн бөлмөнү жабдуу менен шарттарды түзүү керек. Бул жерде дагы үй-бүлөлүк окуу үчүн китепкананын болуусу максатка ылайык. Жагымдуу абал, жакшы атмосфера, заманбап ыкмаларды классикалык негиздерге басым кылып колдонуу, ата-энелерге тарбия берүүнүн чыгармачыл мүнөзүн түшүнүүгө, ички үй-бүлөлүк мамилелердин көйгөйлөрүн туура чечүүгө, балдар менен мамилени жакшыртууга жардам берет.

## Сокулук райондук «Колосок» мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиялануучуларынын ата-энелери менен ийгиликтүү кызматташуусунун үлгүсү.

**«Колосок»** бала бакчасынын бай тарыхы бар. Советтик мезгилдеги ийгиликтүү балдар мекемеси болгон. 2000-жылдары мамлекеттин мектепке чейинки уюмдардан жалпы алысташынын айынан, көп сандаган көйгөйлөрдү басып өткөн. Педагогикалык курамдын, ата-энелер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өнөктөштүк жана өз ара түшүнүшүнүн натыйжасында гана мектепке чейинки мекеме, ыктыярдуу негизде иштегенден 4 жыл өткөндөн кийин, мамлекеттик бюджетке кабыл алынган. Азыркы убакта бул бала бакча өнүгүп жана гүлдөп өсүүдө. Бала бакчада 7 топто, 250 баланы тарбиялап жатат.

Бүгүнкү күндө болуп жаткан мектепке чейинки билим берүү системасын өзгөртүү, кесиптик маселелерди чече билүү, жаңы ыкмаларды таба билген чыгармачыл педагог үчүн иштелип чыккан.

«Колосок» мектепке чейинки билим берүү уюмунда, ийгиликтүү педагогикалык ишмерликти уюштуруунун шарттарынын бири болуп, ар бир баланын кызыкчылыгы жана өнүгүүсү үчүн ар бир окуучуга жеке-инсандык мамиле, балдар жамаатында социалдашуу болуп эсептелет.

Мезгилге ылайык, бала менен өз ара аракеттенүүнү инсандык деңгээлде уюштуруу жөндөмдүүлүгү, педагогикалык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу, албетте оңой эмес. Бул үчүн көп окуу, ой жүгүртүү, окутуу тажрыйбасын карап чыгуу, өз интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу керек. Бала бакчанын окутуучулук курамында жаштар дагы, тажрыйбалуу педагогдор дагы иштешет. Алардын авторитардык педагогика стереотиптеринен арылышы, балдар жана алардын ата-энелери менен гумандуу өз ара аракеттенүүсү өтө маанилүү. Педагогдордун жогорку билим алышкандары жана жогорку билим алууну улантып жатышкандары, квалификациясын жогорулатуучу окуу курстарынан билимдерин жогорулатышып, билим берүүчү тренингдерге катышышып, дайыма өз деңгээлин жогорулатып турушат. Бала бакчада балдарга билим берүүнүн мазмунуна жана методикалык колдоо көрсөтүүсүнө жаңы ыкмаларды киргизүү ийгиликтүү иштеп жатат:

- ➔ тегерек стол, анын айланасында, ата-энелер менен бирге, ар кандай педагогикалык көйгөйлөрдү талкуулоо жана тажрыйба алмашуу жүрүп турат;
- ➔ семинарлар – бул тарбиячылар үчүн практикумдар. Бул жерде ар бир тарбиячы чыгармачылыгын көрсөтөт жана ата-энелер билим берүү процессине жардам берип жана түздөн-түз катыша алышат;
- ➔ педагогдор жана ата-энелер өздөрүнүн жеке жана кесиптик сапаттарын, практикалык көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрүн баалоого, өзүнүн маалыматтуулугун, өзүн-өзү баалоосун жогорулатууга мүмкүн болгон тренингдер.

- ➔ Алар кагаз, чопо, туздуу камыр, колдонуудан калган жана табигый материалдар менен иштөө аркылуу чыгармачылык долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашырууга мүмкүн болгон педагогдордун «Чыгармачылык өнөрканасы», ошону менен бирге аларга ата-энелер дагы жигердүү жардам берип турушат.

Мектепке чейинки билим берүү уюмдары менен ата-энелердин өз ара аракеттеринин натыйжалуулугу, бири-бирин шайкештик менен толуктап турушунда. Бул жерде ата-энелер менен иштөөнүн салттуу жолдору да абдан бааланат – топтун чогулуштары, жаш аталар жана энелер өздөрүнүн педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатууга мүмкүн болгон жалпы ата-энелер конференциясы, ошондой эле иштөөдө шериктештик жана кызматташтык колдонулат.

Көп жылдан бери мектепке чейинки билим берүү уюмунда **«Аталар жыйыны»** ийгиликтүү иштеп келе жатат. Алардын максаты, аталар тарабынан ар түрдүү колдоо жана жардам берүү, педагогикалык процесстерге катышуу, колдоо, балдардын ден соолугун чыңдоо жана балдарды өнүктүрүү. Анткени, материалдык-техникалык базасын бекемдөө, ремонтту ийгиликтүү жүргүзүү үчүн аялдардын колу жетиштүү эмес экендиги, эч кимге жашыруун деле эмес. Биринчиден, бул жерде «өтө колу бошобогон» аталарды тарбия берүү процессине ийгиликтүү катышууга көндүрөт, экинчиден, аталар баа жеткис колдоо көргөзүшөт. Ошентип, алардын катышуусу менен бала бакчадагы балдар аянтчалары оңдолуп жана евро тосмо менен курчалган. «Балдарды сактагыла» долбоору менен бирге балдар аянтчаларында жаңы оюн жабдуулары орнотулган, АРИСтин долбоору менен бирге эски тазалоочу системасы алмаштырылды, спорттук машыгуу жабдуулары орнотулду, жаңы эмерек чогултулду, чөйрөнү өнүктүрүүгө материалдар даярдалды, эски таштанды төгүлгөн тилкеде футбол жана баскетбол талаалары курулду, Мерсико долбоору менен чогуу эки жаңы группалар ремонттолуп, ачылышы болду.

Мындай жумуштун таасири таң калаарлык: балдар үчүн, Мария Монтессоринин ыкмасы менен жаңы предметтик өнүктүрүү чөйрөсү жасалды, балдар үчүн шарттар жакшыртылды, аталар балдардын көйгөйлөрүн чечүүгө катышкандыктарына сүйүнүчтө, а балдар болсо, бала бакчада күрөк менен ширетүүчү аспап, балка, бургулоо, бурагыч менен иштеп жаткан атасынын сүрөттөрүн карап, – «Бул менин атам!» деп сыймыктанышат.

Ата-энелер менен педагогдордун ортосундагы ишенимге негизделген мамилени түзүү баланын инсандыгын калыптандырууга жардам берет. Акыркы бир нече жыл ичинде, мектепке чейинки жогорку топтогу тарбия алуучулардын арасында, педагогдор тарабынан иштелип чыккан, бир нече автордук долбоорлор ишке ашырылган:

- ➔ «Күндөй маанай» долбоору (тарбиячы Кубицкая Людмила Викторовна);
- ➔ «Менин үй-бүлөм» долбоору – ата-энелер менен балдардын ортосундагы өз ара мамилелер учурунда сабырдуулукка көмөк көрсөтүү (тарбиячы Воробьева Наталья Владимировна);
- ➔ «Столдун үстүнө нан кайдан келди» долбоору; (тарбиячы Шимп Надежда Павловна);
- ➔ «Кыргыз фольклору балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө» долбоору (мамлекеттик тил мугалими Мамбетова Гүлнара Бекитаевна).

1- долбоордо – ата-энелердин социалдык, тарбиялык компетенттүүлүгү көтөрүлгөн, ата-эне менен балдардын ортосундагы диалог аркылуу баарлашуусу, эмоциялык пикир алышуусу, чыгармачыл жана таанып-билүү ишмерлиги байытылган.

2- долбоордо, балдар «үй-бүлө», «бир тууган» деген түшүнүктөр менен көркөм сөз, көркөм өнөр аркылуу таанышып, өз ата-энелери менен бирге үй-бүлөлүк даракты түзүп, диалогго жана үй-бүлө менен өнөктөштүк мамиле түзүүгө үйрөнүштү.

3- долбоордо, балдар тажрыйба жана өз эмгек ишмерлиги аркылуу дан оргучтун, тегирменчинин, наабайчынын эмгеги менен таанышышты, дан бутактарын карап, алардын

пайда болуш шарттары, тейлөө, түшүмдү жыйноо, нан бышырууну көрүштү. Алар менен бирге, дан өстүрүү жана нан өндүрүү менен байланышкан, алардын ата-энелеринин балдар менен кызматташтыгы.

4- долбоордун алкагында балдар кыргыз элинин каада-салты жана үрп-адаттары менен таанышышты; «Сүйүнчү», «Бешик той», «Балага 40 күн», «Тушоо кесүү»; кыргыз улуттук кийими, анын элементтери, оюу-чиймелери менен; элдик куурчактарды таякчалардан жасоо менен.

Башында ата-энелер, педагогдордун суроо-талаптарына жана сунуштарына жакшы жооп беришпей жатышкан, бирок бара-бара, ишенбөөчүлүк кызыгууга жол берди. Бул нерсенин баары ата-энелер балдары менен биргелешип иштеген иштердин жыйынтыгын көргөндө гана болду.

Жогорку топтун балдарынын ата-энелерине, жеке «ачык маанай китебин» жасоого сунуш киргизилгенде, биринчи убакта, аткара алышабы? – деген толкундануу болгон эле. Ата-энелер сунуштарды киргизип, бири бирине кеп-кеңешин берип,чогуу кеңешип турушту. Натыйжада, үй-бүлөлүк «ачык маанай китеби» өз өзгөчөлүгү, мазмунунун тереңдиги, кызыктуу окуялары менен таң калтырды

«Менин үй-бүлөм» аттуу экинчи долбоорду ишке ашырууда, үй-бүлөнүн санжырасын түзүүдө, ата-энелер үй-бүлөлүк каада-салттар жөнүндө, улууларга урмат кылуу жөнүндө, үй-бүлөдөгү достук климаты тууралуу айтып жатышты. Балдар бир тарбиялануучу кыздын 100 жаштан өткөн чоң энеси бар экенин билишти. Ал кыз чоң энесинин сүрөтүнө карап, ал жөнүндө сыймыктануу менен айтып берди.

Балдар сөзүнүн аягында: өз үйүндө ар бир адам, ошол үйдүн толук кандуу мүчөсү экенин сезүүсү маанилүү экенин, ар бирөөнүн өз милдеттери бар болушу керек экенин – бул үй-бүлөнү бекемдөөгө жардам берери, ж.б. тууралуу тыянак чыгарышты.

Акыркы этабында, үй-бүлөлүк долбоорлордун бет ачары болуп өттү; ата-энелер жана балдар биргелешкен иш-чаралардын натыйжасын көрсөтүштү, өздөрүнүн жетишкендиктерине жана ийгиликтерине баа беришти. Долбоордун катышуучулары кол чабуулар, таттуу белектер, ыраазычылык барактары менен сыйланышты.

Бул балдар жамаатында көп маданияттуу, эл аралык мамилелердин чөйрөсү өнүгүп жатат, анткени бул жерде кыргыз, орус, уйгур, корей, күрддөрдү жана башка улуттагы балдар тарбия алышат. Бала бакчада, «Менин мекеним» аттуу кыргыз тиричилигинин жана кол өнөрчүлүгүнүн музейи, «Орус үй» аттуу орус тиричилигинин музейи бар, уйгур улуттук кийим көргөзмөсү уюштурулуп турат, кыргыз, орус, карачай, күрддөрдүн каада-салттары жана үрп-адаттары көрсөтүлүп турат.

«Нооруз», «Масленница» элдик майрамдар убагында, балдар ата-энелери, чоң эне, чоң аталары менен элдик бийлерди, ырларды жана улуттук тамак-аштарды көрсөтүшөт, элдик аспаптарда (комуз, балалайка, домбра) ойношот.

Бул ыкмалардын бардыгы балдарды, ата-энелерди жана педагогдорду бири-бири менен жакындатат, өзүнүн жана башка элдердин маданиятын түшүнүүгө үйрөтөт, этникалык сабырдуулукту, патриоттук сезимдерди калыптандырат. Өз элинин тарыхый басып өткөн жолун билүү менен, тарыхы менен байланышып, мектепке чейинки курактагы тарбиялануучулар, өздөрүнүн да тиешесин сезишет. Бардык көрүнгөн жана угулган нерселер, өзгөчө улуттук көркөм өнөр үчүн сыймыктануу сезимин, республиканын элине жана анда жашаган бардык адамдарга сүйүү сезимин ойготот.

Жалпысынан алганда, бала бакчанын чөйрөсү, педагогдор жана башка адистер, заманбап шартта, үй-бүлө менен бала бакчанын жакшы мамилесин, баалуулуктарын сактап, кызматташып келишүүдө. Балдардын жашоосунун социалдык мейкиндигин, ата-энелер менен коомдук өнөктөштүктү шайкеш алып жүрүшүүдө.

# VI бөлүм

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ КУРАКТАГЫ БАЛДАРДЫ ГЕНДЕРДИК ТАРБИЯЛОО

Билим берүүнү өнүктүрүүнүн индексинин аныктоочуларынын бири болуп, гендердик тендиктин индекси саналаары белгилүү, анткени, дискриминациялык эмес тарбиялоо, балдарга жана кыздарга пайда алып келүү менен бирге, балдар жана кыздардын лидерлик сапаттарын өнүктүрүү, эркек менен аялдардын ортосундагы тең укуктуу мамиленин өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Кыргызстанда жана башка өлкөлөрдө (ошондой эле Россияда) өткөрүлгөн психологиялык – педагогикалык изилдөөлөрдү талдоодо такталгандай, **мектепке чейинки балалык мезгилде бардык балдарда гендердик ролду кабылдоо жүрөт:**

– 2–3 жаш куракта балдар, өздөрүн кыз же бала экенин түшүнө баштащат жана тиешелүү түрдө белгилейт (гендердик идентификациялоо).

– 4төн 7ге чейинки жаш куракта гендердик туруктуулук түзүлөт: балдар жыныстык жактан өзгөрүлбөсүн түшүнө баштащат: балдар эркек болоорун, ал эми кыздар – аял болоорун жана дагы бул жыныстык тиешелүүлүк жагдайга жараша же балдардын каалоосуна жараша өзгөрүлбөсүн түшүнүшөт.

Ошондуктан, мектепке чейинки билим берүү тармагында сапаттуу жыйынтыкка жетүү үчүн балдар менен иштөөдө, балдардын психофизикалык айырмачылыктарын (гендердик социалдаштыруу) эске алуу менен тарбия берүүнүн дифференцияланган формаларын колдонуу актуалдуу болот.

- Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын **педагогдорунда гендердик компетентүүлүк болуу керек.** Бул мектепке чейинки билим берүү тармагын феминизациялоо процессинин негативдүү тыянактарын токтотууга мүмкүнчүлүк берет.

Балдарды байкоо процессинде көп педагогдор белгилешет:

- Эркек балдарга караганда мектепке чейинки жаш курактагы кыздар «социалдуурак» жана сезимталдуу келишет.
- Кыздар жөнөкөй, күнүмдүк маселелерди жакшы чече алышат, балдар болсо татаалыраак процесстерди чече алышат.
- Кыздарга көбүрөөк тукум куучулук, балдарга болсо чөйрөсү таасир этет.
- Кыздардын угуу сезими, балдарда көрүү сезими көбүрөөк өнүккөн.

Бирок, илимпоздордун оюу боюнча, бул жерде көп тартыштуу жана түшүнүксүз нерселер бар.

Илимпоздор бир маселе боюнча гана бир ойго келишкен – **гендердик туруктуулукту түзүү социалдык жана маданияттык нормалар жана биринчи ирет ата-эненин балага болгон мамилеси, ата-эненин берген тарбиясынын мүнөзү, эненин балага, баланын энеге болгон байланышы жана дагы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын тарбиясы таасир эткен.**

Үй-бүлөөдөгү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы ***гендердик тарбиялоого байланышкан көйгөйлөрдү карап көрөлү.***

Дифференциалдык социалдаштыруунун башталышын үй-бүлөдө баланын төрөлүшүнө чейин эле көрүүгө болот. Мисалга алсак, ата-эненин жана чөйрөнүн ким төрөлөрүн – уулбу же кызбы?,– билүүгө болгон кызыгуусу- анткени, бул нерседен көп нерсе көз каранды болот: баланын атын кандай аташат, кандай кийим, оюнчук сатып алышат, кантип тарбия беришет.

Үй-бүлөдө кыздарга жаш кезинен баштап эмгекчил, элпек, унчукпас болуусу жана баш ийе билүүсү керек экени эскертиле баштайт, башкача айтканда, ага экинчи орундагы роль аныкталган.

Эркек балага болсо карама-каршы мааниде тарбиялашат. Ал – келечектеги үйдүн, жердин, малдын ээси, келечекте – үй-бүлөнүн башчысы, карыган ата-энесинин тиреги. Ушул сыяктуу тарбиялоодо эркек балдар өздөрүн ишенимдүү жана психологиялык жактан күчтүү инсан катары сезишет.

Баланын социалдык жана эмоциялык жактан өнүгүүсүн көп параметрлери боюнча чечүүчү ролду ата-энелер гана эмес, жазылбаган гендердик коддун бузулушун байкап жана катуу жазага тартууга умтулган теңтуштары дагы ойнойт. Балдар өздөрүнүн коомунда жүрүм-турумдук депривацияны жана ролдук идентификацияны бузууну кабыл ала алышпайт. Ошондуктан, кыз сыяктуу эркек баланы эркек балдар кабыл алышпайт («кыздай болуп»), бирок кыздар кабыл ала беришет, тескерисинче, эркек сымал кызды кыздар кабыл алышпайт, бирок эркек балдар кабыл алышат.

**Гендердик стереотипке туура келбестик бардык балдарга психологиялык кыйынчылыктарды туудурса дагы, эркек балдарда мындай көйгөйлөр көбүрөөк кездешет:**

1). Эркек балдар үчүн гендерлик туруктуулукту түзүүнүн бардык этаптарында кошумча аракеттер талап кылынат, ансыз өнүгүү автоматтык түрдө аялдык жакта жүрөт.

2). Эркектик сапаттар салттуу түрдө аялдык сапаттардан өйдө эсептелинет. Маскулинизацияны токтотуу багытындагы кыздарга келтирилген басымга караганда, феминизацияны токтотуу багытындагы эркек балдарга болгон басым бир топ күчтүү; (кыз сымал эркек бала жактырбоону жана мыскылдоону жаратат, ал эми эркек сымал кыз жайбаракат же туура кабыл алынат).

3). Баштапкы балалык мезгилинде эркек балдар жана кыздар апаларынын же аялдардын карамагында болушат, ошондуктан убакыт өткөн сайын эркек балдарды үлгүлүү жүрүм-турумга багыттоо зарыл, анткени балалык кезде туура эмес гендердик жүрүм-турум эркектер үчүн көбүрөөк тескери таасирин тийгизет.

Азыркы учурда, мектепке чейинки билим берүү системасында, гендердик тарбия берүү боюнча олуттуу көйгөйлөр пайда болуп жатканын, массалык практиканы талдоо иштери көргөзүп турат. Биринчи кезекте, бул мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын программалык-усулдук камсыздандыруусунда «жыниссыздык» камтылып турат, гендердик өзгөчөлүктөр эске алынбайт. Натыйжада, тарбия берүү жана билим берүүнүн мазмуну, ар кандай курактагы эркек балдарга жана кыздарга эмес, балдардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө багытталган. Ал окумуштуулардын ою боюнча мындай айырмаланат:

- физикалык өнүгүүсүндө жана социалдык жүрүм-турумунда;
- интеллектуалдык жана көрүү-мейкиндик билгичтиктер жөндөмдүүлүгүндө жана жетишкендиктеринин деңгээлинде;
- агрессияны көрсөтүүдө жана башка көп нерселерде.

**Мектепке чейинки балалыктын мөөнөтү – бул мөөнөттүн жүрүшүндө, эгерде биз жашоосунда ийгиликтүү эркектер менен аялдарды тарбиялоону каалаcак,педагогдор жана ата-энелер баланы түшүнүү керек жана ага жыныстык жактан берилген уникалдуу мүмкүнчүлүктөрүн ачканга жардам берүүбүз керек.** Гендердик туруктуулуктун түзүлүшүндөгү өтө жоопту мезгилинде, кыздар жана балдар мектепке чейинки билим берүү мекемесинде өткөргөн узак убакыт (8–12 саат) бою, аялдын таасиринде болушат.

Байкоолор көрсөткөндөй, азыркы мезгилде педагогдордун кайрылуусу «балдар» деген сөз менен чектелүү, бул коомдук ролу белгилүү болгон баланын «Мен» деген үлгүсүн аныктоого өбөлгө түзө албайт. Ошондуктан, биринчи кезектеги маселе болуп мектепке

чейинки билим берүү мекемелеринин жашоосуна, орундуу жагдайларда, калган балдардын жынысына жараша кайрылууларды киргизүү болуп саналат.

Бала бакчада колдонулган билим берүү стратегиясы, балдар менен иштөөнүн түрлөрүнүн жана ыкмаларынын көбү кыздарга арналган.

Ошондой эле эркек балдарды дагы жана кыздарды дагы **аял киши тарбиялайт:** үйдө – **апасы** же **чоң энеси**, ал эми бала бакчада – **аял тарбиячы**. **Натыйжада, көптөгөн эркек балдар үчүн гендердик туруктуулук эркек адамдардын катышуусуз түзүлөт.** Психологдордун ою боюнча, жалаң аял кишилер жөнөкөй бир себептерден улам эркек баланы туура тарбиялай албайт: алардын мээ түзүлүшү жана ойлонуу сезими башка типке таандык.

Мындан тышкары, аял педагог, албетте, мектепке чейинки курактагы эркек балдардын, чоң адамдар жана балдар менен пикирлешүүдө дуушар боло турган санаа тартуу ойлорунун тажрыйбасы менен тааныш эмес. Ошондуктан, педагогдор эркек балдар менен баарлашууда, *эркек балдар эрктүү, күч-кубаттуу, чыдамдуу болуш керек деген түшүнүктөргө алдырат.* **Натыйжада эрктүү-күчтүү эмес, тескерисинче, тартынчаак, алсыз, абдан сезимтал балдар педагогдор тарабынан терс таасирге дуушар болуп калат.**

Мисалы, сабактарда педагог балдарга кайрылганда, дайыма биринчилерден болуп, колун кыздар көтөрөт. Жооп берип жатканда, алар жооптун толук болуусуна, педагогдун көзүнө кароого ж. б. аракет жасашат. Эркек балдар болсо, жооп берүүгө шашпайт, анткени алар, жакшылап ой жүгүртүү менен алек болушат.

Эркек балдарда сүйлөө речи кыздарга караганда начар өнүккөн, ошондуктан алар туура сөздөрдү табууга жана аларды билдирүүгө көбүрөөк убакыт кетирүүгө аргасыз болушат. Мунун натыйжасында, тарбиячынын көз алдында кыздар жакшыраак билген жана кыла ала турган сыяктуу көрүнүшөт дагы, көбүрөөк, оң баа жана мактоо алышат.

Эркек балдарда болсо бул нерсенин алкагында, өзүн төмөн баалоо пайда болот да, алар өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимин жоготот.

Ошого байланыштуу, биринчи кезектеги маселе болуп, педагогдорго, эркек балдар жана кыздар менен баарлашууда, алардын сабак учурундагы жана күнүмдүк жашоосундагы ар түрдүү ишмерлигин жетектөөдө жана уюштурууда, аларга дифференциалдык түрдө мамиле кылууга үйрөтүү болуп саналат. Эркек балдар менен кыздарды бирдей тарбиялоо мүмкүн эмес! Анткени, алар дүйнөнү ар башка карашат жана көрүшөт, ар башка угушат, ар башка сүйлөшөт, сезими жана санаасы ар түрдүү. Ошондуктан, улууларга, балдары аны жакшы, түшүнүүсү үчүн, баланын инсандык жеке мүнөзүнө ылайык, аны эске алып, өнүгүү логикасын ээрчип, башкача айтканда, ой жүгүртүүсүн түшүнүүсү маанилүү.

### Кыздар жана эркек балдардын ой жүгүртүү өзгөчөлүктөрү.

Эркек балдар жана кыздар мектепке чейинки мезгилде эле ар башкача ойлоно башташат.

И. А. Каплуновичтин илимий изилдөөсү көрсөттү: ар бир адам – курагына, жынысына жана жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша, беш ой түзүмүнүн бир учуру басымдуулук кылат. Бул адамдын **«ой жүгүртүүсүнүн» жолдору, бала кезинде калыптанат да, эреже катары ошол бойдон өмүр бою калат.**

*Ой түзүмүнүн кайсыл түрү басымдуулук кылаарын билиш үчүн абдан жөнөкөй суроого жооп берүү зарыл: сүрөттө эмне көрсөтүлгөн?* (Сунуш кылынган беш жооптун бирин тандап алуу керек. Жооптун номуру, басымдуулук кылган ойлонуу жолу менен дал келет.)

1. Кагаз баракчасындагы жабык фигуралар.

2. Тоннель.

3. Чакан, орто жана ири квадрат.

4. Үч төрт бурчтук.

5. Биринин ичине бири жаткан квадраттар айкалышы.



1. **Топологиялык ой жүгүртүү түрү** – биринчи кезекте, аларды, предметтин же кубулуштун жабыктыгы, үзгүлтүксүздүк касиеттери кызыктырат. Алар үчүн кандай (төрт бурчтук, куб, тик бурчтук) көрсөтүлгөнү маанилүү эмес, алар үчүн фигуранын жабыктыгы өтө маанилүү. Мындай адамдар шашылууну сүйө бербейт. Бардык нерсени ирети менен, эч нерсени калтырбоого аракет кылып жасашат. Сүйлөгөндө: ар дайым, акырын, эркин, чектелген, ичинде, катарында, жанында, чогуу ж. б. сыяктуу сөздөрдү пайдаланышат. Ой жүгүртүүнүн жана жүрүм-турумдун бул жолу кыздар үчүн ылайык болуп саналат.

2. **Проективдүү ой жүгүртүү түрү** – булар , көзүнө көрүнгөн предметти иш жүзүндө колдонуунун жолун табууну жакшы көргөн адамдар. Мындай ой жүгүртүү адамзаттын жарымында өкүм сүрүп турат. Алар, адатта: карап көрсөк; мен ойлойм; менин көз карашымда деген сөздөрдү колдонушат.

3. **Ыраатуу ой жүгүртүү жолу** – мындай адамдардын жашоосу эрежелерден жана нормалардан турат. Алар уюшулган, тыкан, аткаруучулук сапатка ээ. Логикалуу, ырааттуу кыймылдашат, ар кандай тапшырманы алгоритми менен жүзөгө ашырат. Сүйлөгөн сөзүндө басымды сын атоочторго, атоочторго жасашат. Бул кыздарда көбүрөөк өнүккөн.

4. **Метрикалык ой жүгүртүү жолу** – санына, өлчөмүнө басым жасашат. Сананганды абдан жакшы көрүшөт. Бул түзүмчө балдарда жана кыздарда бирдей өнүккөн. Мындай балдар көзүнө көрүнгөндүн баарын: дарактарды, унааларды, оюнчуктарды ж. б. сананганды сүйүшөт.

5. К**омпозициондук ой жүгүртүү жолу** – бири бирине жалгаштырууну, тике жана кайтарым операцияларды жасаганды сүйөт. Булар, өз кадамдарын жана чечимдерин майда-чүйдөсүнө чейин байкоону жана тактоону каалабаган «шашылмалар», ошондуктан көп учурда жаңылышат. Бир мисал: өзүнүн жакшы көргөн оюнчугун сындырып койгон беш жаштагы бала, ата-энесинин: «Эмне үчүн мындай кылдың?» деген суроосуна: «Мен аны эмнеден тураарын көргүм келген» деп жооп берди. Бул «улуу комбинаторлор» тез арада ойлонушат жана аларга: «ордуна», «өзгөртүү», «турат», «чогултуу», «чачуу», ж. б. сөздөрдүү пайдалануу жагат. Бул эркек балдардын ойлонуу стили.

Кыздар көп учурда **топологиялык жана ырааттуу ой жүгүртүү жолдору менен**, ал эми эркек балдар – **композициондук жана проективдик жол менен ойлонушат**. Метрикалык ой жүгүртүү жолу аялдарда да, эркектерде да бирдей иштелип өнүккөн.

### Үстөмдүк кылуучу ой жүгүртүүнүн жолун түзүүгө таасир этет:

• **Бала менен баарлашуунун өзгөчөлүктөрү.** Бала менен баарлашуу учурунда, улуу кишилер өздөрү жаш балдардын ой жүгүртүүсүн жана жүрүм-турумун түзөт. Мисалы, кызга кайрылып, айтылган сөздөр:

– **Биринчиден, тыкандык менен керебетти жыйна, анан кийин кийим кий.** Улуу адам ырааттык ой жүгүртүү түзүмчөсүн түзөт. Иш-аракеттердин белгилүү бир алгоритмин берет.

– **Кел тургун, эртең менки көнүгүүнү жаса, жуун, тамактанабыз, анан жолго чыгабыз.**

Улуу адам композициондук ой жүгүртүү түзүмчөсүн түзөт же балага кайрылган сөздөр:

– **Миша! Ойгон! Тургун, биз, белек тандаганга барабыз, албетте, сен аны алгың келсе.**

Улуу адам проективдик ой жүгүртүү түзүлүшүн пайда кылган: «Мен турсам (белек алам), эгер турбасам (белексиз калган турам).

– **Мына, белек тандадык. Эми майрамдык дасторконго шашуу керек. Болбосо, коноктор чогулуп, туулган адам жок болсо эмне болоорун ойлонуп көрчү.**

Проективдүү ой жүгүртүүнүн түрү пайда болот: «Коноктор менсиз чогулушса, мен белек албай калам, баары мени күтүп калышат. ж. б.» жана композициондук ой жүгүртүүнүн жолу түзүлөт: ишмердүүлүктүн көптөгөн этаптары калып калган (акы төлөө, белек ороо).

• **Жүрүм-турум жолдору жана оюндар**

Мисалы, *кубиктер, курама оюнчуктар, пазлдар* – композициондук ой жүгүртүүнүн жолун түзүшөт.

*Кичинекей мейкиндиктеги куурчактар, идиштер менен болгон тынч оюн* - ырааттуулук жана топологиялык ой жүгүртүүнүн жолун түзөт.

*Кыймылдоого, өзгөрүүгө байланыштуу оюнчуктар* – проективдик ой жүгүртүүнүн түрүн түзөт.

• **Балдар адабияты**

Балдар адабияты кыздарга жана балдарга жүрүм-турумдун ар кандай моделдерин сунуш кылат. Балдар аларды өздөштүрүүгө жана аны үлгү кылууга аракет кылышат. Ошентип, балдарда кийин улуу куракта айкын көрүнө турган, ой жүгүртүүнүн ар түрдүү орнотуулары жана өзгөчөлүктөрү түзүлөт.

*Мисалы*, жомок падышасы эмне үчүн согушка кеткенин түшүндүрүп жатып, бала эркек жүрүм-турумунун моделин өзүнө ыйгарат, ал эми кыз болсо эркектин ой жүгүртүү (композициондук жана проективный) жолдорун түшүнүүгө үйрөнүшөт.

Тескерисинче, Золушка бейнеси кыз үчүн үлгү болуп кызмат кылат, ал эми эркек бала үчүн ошонун негизинде аялдардын ой жүгүртүү (ырааттык жана топологиялык) жолдорун түшүнүү үчүн мисал болуп бере алат.

• **Телеберүү**

Бүгүнкү күнү телеберүүлөр үлгү кылуу үчүн ролдук моделдердин бир булагы катары кызмат кылат. Ошондуктан, улуу адамдар үлгү кылуу үчүн мисал катары же тескерисинче мисал эмес катары балдардын көңүлүн атайын мультфильмдердин, фильмдердин, жарнамалардын каармандарына бөлсө болот. Балдар жарнамага абдан так маани берет. Жарнамадагы балдардын портретин изилдеп көрүп, психологдор мындай ролдук стереотиптерди табышкан: эркек балдардын каармандары активдүү, энергиялуу жана тапкыч келип, тайманбас жана акылдуу идеяларга ою толук, ишмерлик-инструменталдык орунду ээлейт. Мунун баары эркек балдарда проективдүү жана композициондук ой жүгүртүү жолун түзүүгө өбөлгө болуп саналат. Кыздардын каармандары сулуу жана жигердүү эмес келет. Кыз өзүнө-өзү кам көрүп, сулуу, тыкан болууга, баарын өз ирээти менен жасоого аракет кылат. Ошентип, кыздарда табигый жол менен топологиялык жана ырааттуу ой жүгүртүүнүн жолдору түзүлөт. Балдар жарнамалык бейнелерде сүрөттөрдү тез түшүнүүгө жана аларды тууроого аракет кылат. Өз балдарын тарбиялоодо, улуу адамдар үлгү кылуу үчүн мисал катары же тескерисинче, балдардын көңүлүн

атайын мультфильмдердин, фильмдердин, жарнамалардын каармандарына бөлүп, көрсөтүп турат.

Ошентип, биз уулубузду жана кызыбызды, эркек баланы жана кызды такыр эле бирдей тарбиялап жатабыз деген аныктоо талапка жатпай калды. Өз балдарыбызды абдан сүйүүгө болот, бирок ошол эле учурда, аларга айтып жаткан сөздөрүбүз, биз берген оюнчуктар, балдар адабиятынын, телеберүүнүн, жана жөн эле ата-эненин үлгүсүнүн жардамы менен бала менен кызга жүрүм-турумду үйрөтүүбүз. Мындай ар түрдүү тарбиялоонун натыйжасы эрте балалык курагында эле көрүнөт.

Ой жүгүртүү жолдору баланын өнүгүү процесси учурунда бир көрүнүштөн экинчи көрүнүшкө өтүп жана өзгөрүп турат, бирок, Гораций айтып кеткендей, «Жаңы идишти биринчи ирет эмне менен толтурсаң, узак убакыт бою ошондой жыттанып турат».

Мектепке чейинки мезгил ичинде балага жасалган үстөмдүктүү ой жүгүртүүнүн түзүмү көп учурда анын жашоосунда ошондой бойдон калат. Ой жүгүртүүнүн өзгөчөлүктөрү сакталат жана өнүгөт. Психологдор, жыныстык айырмачылыктар ар кандай материалдарды өздөштүрүүгө жана андан кийинки окуучулардын билим алуу процессиндеги жетишкендиктерине таасирин тийгизет дешет. Биздин ой жүгүртүүбүздүн мыйзамдарын билүү менен өзүбүздү, өз балдарыбызды, тарбиялануучуларды жана жөн гана айланадагы балдарды түшүнүү үчүн «алтын ачкычты» колдонуу зарыл.

Баланын инсандык жеке өзгөчөлүгүн бузбай, аны эсепке алып, аны менен ылайыкташып, анын өнүгүшүнүн логикасына жараша жүрүп б. а. баланын ой жүгүртүү жолун түшүнө билүү маанилүү. Мындай учурда балдар дени сак психика менен өсөт, аларда кежирдик жана көз жаш азыраак болот.

*Ушундай тарбия берүүнү уюштурууда педагогдун таланты катылган.*

**Мектепке чейинки жогорку жаш курактагы балдарга гендердик (жыныстык ролу) тарбия берүү максаты:**

- балдар жана кыздар арасындагы айырмалар жөнүндө билим берүүгө, биргелешкен оюндарга түрткү болууну жогорулатуу;
- кыздар менен балдардын ортосундагы достук мамилени түзүү;
- кыз менен баланын үй-бүлөдөгү милдеттери жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу;
- («эркектин жана аялдын») жана аларды бөлүштүрүү зарылдыгы жөнүндө;
- өз ара толуктоо негизинде милдеттерди бөлүштүрүү;
- үй-бүлөдө өнөктөштүк мамилелер жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу, балдардын кичүүлөргө кам көрүүгө болгон, алсыздарга жардам берүүгө болгон каалоосун чакыруу;
- балдарды ата-энесинин кесиби жана атактуу адамдардын кесиптери менен тааныштыруу, балдардын сүйүктүү ишине кызыгуусун калыптандыруу.

Эркек балдар менен кыздарды бирге тарбиялоодо абдан маанилүү педагогикалык маселе аларды гендердик социалдаштыруу болуп саналат. Алардын ортосундагы обочолонууну жоюу жана биргелешкен оюндарды уюштуруу, бул процесс учурунда балдардын гендердик өзгөчөлүктөрүнө ылайык чогуу аракет кылуусун камсыз кылуу. Эркек балдар эркектин ролун кабыл алат, кыздар – аялдардын ролун кабыл алат. Ошол сыяктуу эле театралдашкан иш-чараларды дагы курууга болот.

**Билим берүү процессинде педагог төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл:**

➢ кыздарга көбүнчө угуу сезимдеринин негизинде курулган стимул керек. Эркек балдарда угуу сезими начар өрчүгөн, алар үчүн көрүү сезимине ылайыкталынган көрсөтмө куралдарды колдонуу туура болот;

- ➢ көркөм ишмерлик сабактарында кыздар жана балдар ар бири өзүнө кызыктуу жана эмоциялык маанилүү нерсени көрсөтө алышы үчүн шарттарды түзүп берүү маанилүү. Бирок сүрөт тартуу, чаптап жасоо, кагаз чаптоо сабактарында, балдарды окутуунун мазмунун тандоодо, баланын колунун өнүгүүсү кыздардын колунун өнүгүүсүнөн 1,5 жылга артта калаарын эске алуу керек;
- ➢ балдардын жүрүм-турумун жана алардын ишмерлигинин жыйынтыктарын баалоодо (сүрөт тартуу, чаптап жасоо, кагаз чаптоо, кол өнөрчүлүк, конструкциялар, ж. б.) кыздар үндүн тонуна, баалоонун түрүнө, эл алдында баалоого өтө сезимтал экени педагогдун эсинде болууга тийиш. Кыздар үчүн аларды башка балдардын, ата-энелердин ж. б. катышуусунда мактаган абдан маанилүү болуп саналат. Балдар үчүн абдан маанилүү болуп, анын дал ушул нерсе боюнча натыйжаларга жетишти дегендин бир далили: саламдашууну үйрөнүү, тиш жууганды үйрөнүү, долбоорлогонду үйрөнүү ж. б. саналат. Бала үчүн алынган ар бир жөндөдүк, жыйынтык, баланын жеке өсүшүнө жакшы таасирин тийгизет, өзү менен сыймыктанууга жана жаңы жетишкендиктерге умтулууга мүмкүнчүлүк берет. Бирок эркек балдарда мындай тенденция байкалган: ишмерликтин бир түрүндө жетишкендикке ээ болуп алып, ал бала ошончолук бактылуу болот да, бир эле нерсени кайра долбоорлоого же тартууга даяр болот. Бул нерсе анын өз жетишкендиктерине ишенүүгө мүмкүнчүлүк берет, бирок педагог тарабынан туура түшүнүүнү талап кылат;
- ➢ эркек балдар уруш оюнду абдан жакшы көрөт, ал балдар агрессиянын бир көрүнүшү эмес жана ал балага оң эмоциялык көрүнүштү түзөт. Педагогдор балдардын оюн урушка болгон талабын ар дайым туура кабыл ала беришпейт жана аны тыйып турушат, муну менен алар балдарга оюн уруш алып келген кубанычтан ажыратышат;
- ➢ мектепке чейинки курактагы эркек балдар менен кыздардын айырмачылыктары оюн ишмерлигинде өзгөчө байкаларлык. Педагог – кыздардын үй-бүлө, күнүмдүк тема жөнүндөгү тынч оюндары жакын болгондуктан, оюндун ар кандай мазмуну жана стили көп учурда чогуу ишке ашырылбасын окумуштуулар белгилешет. Ызы-чуу, кыймыл-аракетке толгон эркек балдардын оюндары педагогдун кыжырын келтирет жана педагогдор мындай оюндарды жөн эле ары-бери чуркаган мааниси жок, балдарга зыян алып келе турган оюн катары эсептешет, ошондуктан, алар топтун турмушунда мындай оюнга эч кандай орун жок жана алар муну токтотуш керек деп ойлойт. Мунун натыйжасында балдар «чыныгы эркек оюнунан» ажыратылган, бул алардын жеке өнүгүшүнө терс таасирин тийгизет.

**Предметтик – мейкиндик чөйрөнү уюштуруу** менен байланышкан көйгөйлөр педагогдор тараптан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Ар бир адамды курчап турган чөйрө, баланын инсан катары өнүгүүсүнүн негизги куралдарынын бири болоорун, анын жеке билим жана коомдук тажрыйбанын булагы экенин баарыбыз билебиз. Предметтик-мейкиндик чөйрө, мектепке чейинки курактагы балдардын ар түрдүү иш-чаралардын түрлөрүн ( физикалык, оюндук, акыл-эстик, ж.б.) гана камсыздабастан, ошондой эле, гендердик өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен өз алдынча ишмердигинин негизи болуп саналат.

- Бул учурда педагогдун ролу, балдар жана кыздар алдына баардык мүмкүнчүлүктөрдүн толук спектрин ачып берүүгө жана гендердик, жеке өзгөчөлүктөрүнө жана ар бир баланын муктаждыктарына жараша, айрым элементтерин колдонууга болгон алардын иш-аракеттерине багыт берүү болуп саналат.

Ошону менен бирге, психологиялык тарбия берүү өзгөчөлүктөрүнөн, педагогго жагымдуу болгон, андан тышкары, эркек балдар каалаган оюнчуктардан айырмаланып коопсуздук сезимин түзгөн, «кыздар үчүн» багытталган материалдар жана эмгек куралдарынын басымдуулугун көздөгөн предметтик чөйрөнүн теңсиздиги алынып салынган.

Мектепке чейинки курактагы баланы үй-бүлөдө жана билим берүүчү мекемеде тарбиялоодо, гендердик окшоштугун түзүү менен байланышкан көп көйгөйлөр бар экени ачык. Бул көйгөйлөрдү, психологиянын жана педагогиканын заманбап жетишкендиктерин колдонуу менен чечүүгө болот. Окумуштуулардын оюу боюнча, бул жумушту баштоо үчүн жагымдуу жаш курак мезгили, баланын өмүрүнүн төртүнчү жылы болуп саналат.

Педагог, балдардын эркек менен кыздардын айырмачылыктарын ажыратып көрүүгө үйрөнүшү керек жана ошого жараша педагогикалык процессти бөлүштүрүүсү зарыл. Ошол ажыратуучу тенденцияны эске алуу менен, балдардын кичи топтору менен тематикадагы оюндарды өткөрүүгө болот. Эркек балдар үчүн: «Каарман саякатчылар», «Мергенчилер», «Жаш матростор», «Чалгынчылар», «Куруучулар». Кыздар үчүн: «Гүлдөрдүн жашоосунан», «Үй ээлери», «Мышыктар», «Куурчак дүкөнү», «Жалпы бийлейбиз» ж. б. Ушул сыяктуу ыкманы кыймыл-аракеттүү оюндарга дагы колдонсо болот: мисалы, эркек балдар үчүн «Суучулдар», «Өрт өчүрүүчүлөр», «Автожарышуучулар». Кыздар үчүн: «Аарылар», «Көпөлөктөр», «Балыктар», ж. б. Мектепке чейинки курактагы балдарда түзүлүп жаткан стереотиптердин көйгөйлөрү өзгөчө кызыгууну жаратат; бул баарынан мурун, ушул жаш куракта эркек менен аялдын арасындагы мамиленин модели түптөлүшү жана социалдык ролдун бөлүштүрүүсү менен байланышкан.

Мектепке чейинки куракта бактылуу үй-бүлөнүн бейнесин, балдардын тажрыйбасын колдонуу менен, көркөм чыгармалардын жана пикир алышуунун жардамы аркылуу түзүүгө мүмкүн. Пикир алышууда балдарды мындай жыйынтыкка алып келүү керек: бактылуу үй-бүлө – бул бири бирине ар дайым кам көргөн бирдиктүү үй-бүлө.

Кичи пейилдик, иштермандык, камкорлук, чыдамдуулук сыяктуу оң сапаттардын түзүлүшүнө орус жана кыргыз элдик жомоктору жардам берет. Жомокторду тандап, талдап алып балдарга окуп берүү менен бирге кошо талдоо керек.

Ошону менен бирге «Жакшы иштерди чогултуу» аттуу ыкманы колдонууга болот (диктофонго жаздыруу, капка таштарды ыргытуу менен ж. б.). Тарбиячыга эң кыйын жардамчы керек деп, кичи топтордун тарбиячысынын жардамчыларды жиберүү жөнүндөгү суроосунун жагдайын пайдаланса болот. Мындай жагдайларда конкурстарды өткөрүүгө мүмкүнчүлүк бар: «Ким тамакты жакшы мактай алат», «Эң жакшы оюнчук», «Кийинүүгө жардамдашабыз», «Ким боону батыраак байлайт».

Ата-энелер жана атактуу адамдардын кесиби менен таанышуу сабактарында эркектер дагы, аялдар дагы кесиптин бардык түрлөрүн эң сонун аткара алаарын, аялдык жана эркектик жумуш калыбы жок экенин, бардык жерде иштермандык, өзүнө ишенгендик, жоопкерчилик, чечим кабыл алууга даярдык, жигердүүлүк, кесипкөйлүк керек экени жөнүндө айтып туруу маанилүү.

Мектепке чейинки курактагы окуучулардын гендерлик (жыныстык ролунун) өзгөчөлүктөрүн эске алуу, алардын билим берүү ишмерлигин уюштуруп жаткан педагогго, алардын жеке инсандык жактан түптөлүүсүн бузбастан, жогорку натыйжага жетишүүсүнө мүмкүнчүлүк берет.

***Эркек балдар жана кыздар менен мамиле түзүүдөгү педагогдор үчүн эскертме:***

- Сиздин алдыңызда жөн эле кичине бала эмес, алардын өздөрүнө таандык болгон өзгөчө кабыл алуусу, ой жүгүртүүсү, эмоциясы бар эркек бала же кыз тураарын унутпаңыз. Аларга ар башкача тарбия берүү, билим берүү жана сүйүү керек.

- Эч качан эркек балдарды жана кыздарды салыштырбаңыз, бирин бирине мисал катары койбоңуз: алар биологиялык курак боюнча дагы айырмаланышат – кыздар өздөрү менен бир курактагы эркек балдардан улуу болот.
- Эркек балдар жана кыздар ар башкача көрөрүн, угаарын, сезээрин, мейкиндикти ар кандай кабыл алаарын жана анда, эң башкысы – бул дүйнөдө эмне менен кездешсе да анын баарын ар башкача түшүнөрүн, анан албетте, улуу адамдар кабыл алгандай кабыл ала албасын унутпаңыз.
- Эсиңизде болсун, аял киши эркек баланы (эркек адам кыздарды) тарбиялоодо жана окутууда, анын өз балалыгындагы тажрыйбасы көп жардам бере албайт, өзүңүздүн балалык кезиңизди алардыкы менен салыштыруу туура эмес жана керексиз.
- Эркек балдардан сиз берген тапшырманы аткарууда тыкандыкты жана кылдаттыкты талап кылууда аша чаппаңыз.
- Балдар бакчасында жана үй жумуштарында эркек балдарга тапшырма берип жатып, ага тапкычтыгын талап кыла турган, издөө ирмемин киргизүүгө аракет кылыңыз. Эмнени жана кандай кылыш керек экенин, эртерээк айтууга жана көргөзүүгө болбойт. Эркек баланы ката кетирсе дагы маселени чечүүнүн принципин өзү ачуусуна түрткү берип турган оң.
- Кыздар менен болсо, эгерде аларга оор болуп калса, тапшырманы баштагыча аткаруунун принциптерин бирге эмне жана кандай кылуу экенин чогуу талкуулоого болот. Ошону менен бирге, кыздарды мурдагы белгилүү схемалар менен эле эмес (мисалы: үй жумушун, апасы кандай жасаса, дал ошондой аткаруу), акырындык менен өз алдынча аракеттенгенге үйрөтүп, тааныш эмес, бирдей эмес тапшырманын чечимин өзү издегенге түрткү берүү керек.
- Айтып гана бербестен, көрсөтүп бергенди дагы унутпаңыз. Бул өзгөчө, эркек балдар үчүн маанилүү.
- Өз атагыңыздын бийиктигинен ылдый карап туруп, балаңыз бир нерсени аткара албай же түшүнө албай калса, балаңызды таарыныч алып келе турган сөздөр менен урушпаңыз. Балаңыз азыркы мезгилде гана сизден аз билет жана начар жасай алат. Убактысы келгенде, кайсыл бир чөйрө боюнча, ал сизден көп билип жана жасап калат. Ошол мезгилде сиз ага карата айткан сөздөрүңүздү, ал өзүңүзгө кайталасачы?
- Эсиңизде болсун, биз көп убакта эркек балдардын эмоциялык сезимталдыгын жана тынчсыздыгын баалай биле бербейбиз.
- Эгерде, сиз кызды «урушкуңуз» келсе, өз оюңузду айтып салууга шашпаңыз – катуу эмоциялык реакция аны эмне үчүн жемелеп жатканыңызды, ал үчүн түшүнүүгө тоскоол болот. Баарынан мурун ката эмнеде экенин түшүнө билиңиз.
- Эркек баланы «жемелеп» жатып, эмне үчүн наарazы болгонуңузду кыска жана так айтыңыз, анткени, алар эмоциялык чыңалууну узакка кармай албайт. Алар, мээси угуу каналын өчүрүп салгандай абалга туш болот да, бала сизди укпайт жана уга албай калат.
- Билип коюңуздар, кыздар жөн эле себеби жок сыяктуу же болбосо бир аз чарчай түшкөндө эле кежирлене башташат (мээнин оң жактагы «эмоциялык» жарым тоголугунун чарчашы). Эркек балдар болсо мындай жагдайда акыл-эс тарабынан чарчашат (мээнин сол жактагы «рационалдык-логикалык» жарым тоголугунун активдүүлүгүнүн азайышы). Бул үчүн аларды жемелеш пайдасыз гана эмес, адепсиздик да болот.

🖬 Биздин, эч нерсени билбеген наристенин, кандайча чоң адамга айланаары жөнүндө өтө аз билээрибизди эч качан унутпаңыз. Мээнин жана психиканын өнүгүшүндө, азырынча биздин түшүнүгүбүз жете элек көп сырлар бар. Ошондуктан өзүңүздүн башкы урааныңыз катары «зыян келтирбе» дегенди кабыл алыңыз.

**Мектепке чейинки курактагы, жогорку топтогу балдарга гендердик (жыныстык ролу) тарбия берүү иштеринин үлгү программасы.**

**1. Сабактын темасы: Мени эмне үчүн мындай аташат?**

**Максаты:** Балдардын өз атынын маанисин билүүгө болгон кызыгуусун өнүктүрүү.

**Мазмуну:**

- Балдардын жана кыздардын ысмынын мааниси.
- Ата-эне эмнеге мындай аташкан.
- Балдардын жана кыздардын мүнөзүнүн сапаттары.
- Өз ысмыңды тарт.
- Жамааттык иш «Биз канчабыз!».

**2. Сабактын темасы: Биз чогуу ойнойбуз.**

**Максаты:** жүрүм-турумдук айырмачылыктар жөнүндө билим берүү. Бирдиктүү оюндарга болгон каалоону жогорулатуу.

**Мазмуну:**

- «Мен беш нерсени билем/оюнчукту/балдарды/кыздарды».
- Балдар кыздардын оюнуна катыша алабы?/ жана тескерисинче.
- Пиктограммалар менен иштөө/ мээгэ чабуул.
- Сүрөт тарт / чаптап жаса, эмне менен алектенгенди сүйөсүң/ эмне менен ойногонду.

**3. Сабактын темасы: топтогу эркек балдар менен кыздардын мамилеси.**

**Максаты:** эркек балдар жана кыздардын ортосундагы мамилени, өз ара карым-катнашын түзүү.

**Мазмуну:**

1. Маек «Мушташуу керекпи же жокпу».
    - Жардамды кантип суроо керек?
    - Оюнчукту, момпосуйду кантип суроо керек?
2. Оюн: «Оюнчукту сура».
3. Адеп-ахлактык көрүнүштөрдү талдоо, сүрөттөр менен иштөө.

**4. Сабактын темасы: балдар жана кыздардын үйдөгү милдеттери.**

**Максаты:** балдар менен кыздардын («эркектик жана аялдык») үйдөгү милдеттери жана аларды бөлүштүрүүнүн керектиги жөнүндө түшүнүктү түзүү.

**Мазмуну:**

1. Э. Успенскийдин «Эгерде мен кыз болсом», А. Бартонун «Мен апамдын жалгыз уулу», «Жардамчы кыз» аттуу ырларын талдоо.

2. Маек:

- Эркектин жана аялдын жумушу.
- Мен атам жана апама кантип жардам бере алам?

3. «Биз жууп жатабыз», «Даамдуу даярдайбыз», «Жаш техник», «Мен жыгач усталыкка бармакмын» аттуу үй сюжеттери боюнча ролдук оюндар, балдар тандоосу менен.

**5. Сабактын темасы: улуу адамдардын кесиптери.**

**Максаты:** балдарды, ата жана энелердин кесиптеринин өзгөчөлүктөрү менен, атактуу адамдардын кесиптери менен тааныштыруу. Эркектер дагы, аялдар дагы бирдей, ар кандай кесиптерди аркалай ала тургандыгын көрсөтүү.

**Мазмуну:**

1. Ата-энелердин кесиби жөнүндөгү маектер:

- мугалим;
- тарбиячы;
- дарыгер;
- айдоочу;
- тракторист;
- багбан, малчы, фермер;
- сатуучу;
- бизнесмен, бизнесвумен.

2. Атактуу жана белгилүү адамдардын кесиби жөнүндө сүрөттөр аркылуу маек:

- музыкант;
- долборлоочу, архитектор;
- бийчи, балет бийчиси;
- космонавт;
- президент.

3. Ролдук оюн «Кесипти иштеп көрөбүз».

**7. Сабактын темасы: ким болгум келет?**

**Максаты:** балдардын сүйүктүү, керектүү иштерге кызыкчылыгын түзүү. Балдардын жигердүүлүгүн, өнөрүн өнүктүрүү, өзүнө баа берүүсүн жогорулатуу.

**Мазмуну:**

1. Оюн «Ким көп кесипти билет».

2. Маек «Качан биз чоңойгондо».

3. Талкулоо «Мен өз үйүмдү жакшы көрөм».

4. Активдүүлүк борборундагы балдардын тандоосу боюнча сюжеттик-ролдук оюндар.

Окутуунун мазмунун тандоодо, баланын колунун өнүгүүсү кыздардын колунун өнүгүүсүнөн 1,5 жылга артта калаарын эске алуу керек.

## СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР

### *КЕП ӨСТҮРҮҮ*


1. Абзий Кыдыров. Бөбөктөрдүн алиппеси. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
2. Абдылда Карасартов. Табышмактар. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
3. Алексеева М. М., Ушакова О. С. Взаимосвязь задач речевого развития детей на занятиях. Воспитание умственной активности у детей дошкольного возраста. – М., 1983.
4. Алексеева М. М., Яшина Б. И. Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников. – М.: Издательский центр «Академия», 2000.
5. Алексиева С. Активизация словесного творчества детей. – Дошкольное воспитание, №9, 1970.
6. Асаналиев Б. Мен кыялкеч баламын. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
7. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат) – Бишкек, 2015.
8. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат) – Бишкек, 2015.
9. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат) – Бишкек, 2012.
10. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат) – Бишкек, 2012.
11. Батма Абдухамидова. Ай кызынын мончогу. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
12. Бондаренко А. К. Дидактические игры в детском саду. – М.: Просвещение, 1985.
13. Бородич. А. М., «Методика развития речи детей», – М., 1981 г.
14. Бородич А. М. Методика развития речи детей дошкольного возраста. – 2-е изд. М.: Просвещение, 1984.
15. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Түзүүчүлөр: Сатыбекова Б. С., Садыкбекова А. К., Кутманалиева Д. О., Эсенгулова М. М. – Бишкек, И. Арабаев ат. КМУ, 2016.
16. Выготский Л. С. Речь и практическое действие в поведении ребенка. Собрание сочинений в 6-ти томах, под. ред. М. Г. Ярошевского. – М. Педагогика, 1984.
17. Гербова В. В. «Развитие речи в детском саду». Программа и методические рекомендации. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Мозаика-Синтез, 2010 г.
18. Гербова. В. В. Занятия по развитию детей. – Москва, 2010.
19. Дополнительная общеобразовательная программа Ушаковой О. С. Программа развития речи дошкольников.
20. Занятия по развитию речи в детском саду. Под ред. О. С. Ушаковой – М., 2000.
21. Исабек Токтогулов. Тоголонгон күн. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008
22. Каныбек Жунушов. Бал курсак. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008
23. Макарцева Е. В. Программа «Развитие речи у детей 4–5 лет».

24. Орусбаева Т. А. Мектепке чейинки курактагы балдардын сөзүн өстүрүү технологиясы. – Бишкек, 2007.
25. Осмонжан Абдылдаев. Айды алып бермекмин. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
26. Программа обучения дошкольников грамоте и развитие речи на занятиях «Занимательная азбука». Модифицированная. – Дом детства и юношества «Планета детства» г. Александров, 2001.
27. Развитие речи детей дошкольного возраста. Под ред. Ф. А. Сохина. – Москва, Просвещение, 1976.
28. Рахимова М. Р., Мөлбулак. 2-бөлүк. Усулдук колдонмо. – Бишкек, 2009.
29. Сайнидин Ишенов. Мекеним. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
30. Сейдекулова К. С. Балбөбөк. 3–5 жаштагы бөбөктөр үчүн алиппе. – Бишкек, 2008.
31. Рысбаев С. К. Наристе. – Бишкек, ОсОО «Business Press», 2008.
32. Теория и методика развития речи детей дошкольного возраста. Министерство образования Республики Беларусь, Белорусский государственный педагогический университет им. Максима Танка. Сост.: Н. С. Старжинская, Д. Н. Дубинина. – 2-е изд. – Минск, БГПУ, 2009.
33. Теория и методика развития речи детей. Под общей редакцией В. И. Яшиной. – Москва, 2013.
34. Ушакова О. С. Развитие речи дошкольников. – Москва, изд-во Института психотерапии, 2001.
35. Ушакова О. С. Программа развития речи детей дошкольного возраста в детском саду. – Москва, 1994.
36. Шатман Садыбакасов. Күзгү. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
37. Ядэшко И. Развитие речи детей от 3 до 5 лет. – М.: Просвещение. 1966.

### *АЙЛАНА-ЧӨЙРӨ МЕНЕН ТААНЫШУУ*

1. Абзий Кыдыров. Бөбөктөрдүн алиппеси. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
2. Абдылда Карасартов. Табышмактар. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
3. Байтемир Асаналиев. Мен кыялкеч баламын. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.
4. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
5. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
6. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
7. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
8. Батма Абдухамидова. Ай кызынын мончогу. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек. ЖЧК «Кутаалам», 2008.

9. Белкина Л. В. Адаптация детей раннего возраста в условиях ДОУ» – М.: ТЦ «Учитель», 2006.
10. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Түзүүчүлөр: Сатыбекова Б. С., Садыкбекова А. К., Кутманалиева Д. О.,Эсенгулова М. М. – Бишкек, И. Арабаев ат. КМУ, 2016.
11. Вахрушев А. А., Кочемасова Е. Е. Здравствуй, мир. Пособие по ознакомлению с окружающим миром для старших дошкольников. – М.: 2014.
12. Волчкова В. Н., Степанова Н. В. Познавательное развитие. – Волгоград, 2008.
13. Детский сад. Пособие для воспитателей. Сост. Рахимова М. Р. – Бишкек, 1999.
14. Дыбина О. В. Ребенок и окружающий мир. Программа и методические рекомендации. – Москва, Мозаика-Синтез, 2008.
15. Дыбина О. В. Занятия по ознакомлению с окружающим миром в средней группе детского сада. Конспекты занятий. – Москва, Мозаика-Синтез, 2010.
16. Исабек Токтогулов. Тоголонгон күн. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
17. Каныбек Жунушов. Бал курсак. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
18. Карпухина Н. А. Знакомство с окружающим миром. – Москва, 2008.
19. Кузьмин С. А. Время и календарь. – Издательство «Книжный дом», 2004.
20. Машкова А. А. Ребенок и окружающий мир – Москва, ИТД Корифей, 2008.
21. Откройте природу детям. СГПУ. – с. Ореховка, 1995.
22. Осмонжан Абдылдаев. Айды алып бермекмин. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
23. Пушкарева М. А., Морозова И. А. Ознакомление с окружающим миром. Конспекты занятий для работы с детьми 4–5 лет. – Москва, Мозаика-Синтез, 2011.
24. Рабочая программа по предмету «Ознакомление с окружающим миром» по учебнику Вахрушева А. А., Кочемасовой Е. Е., Масловой И. В., Наумова Ю. И. «Здравствуй, мир!»
25. Рабочая программа по учебной дисциплине «Ознакомление с окружающим миром». – с. Большой Арбат, 2009.
26. Рахимова М. Р. Киргизские писатели детям. Хрестоматия. – Фрунзе, Мектеп, 1986.
27. Рахимова М. Р. Мөлбулак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. – Б.: 2000.
28. Рахимова М. Р. Мөлбулак. 2-бөлүк. Усулдук колдонмо. – Бишкек, 2009.
29. Сайнидин Ишенов. Мекеним. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
30. Светлова И. А. Повышаем интеллект и эрудицию. – Эксмо-пресс, 2011.
31. Сейдекулова К. С., Усенко Л. В. Мен жана айлан ачөйрө. – Бишкек, 2008.
32. Сейдекулова К. С. Балбөбөк. 3–5 жаштагы бөбөктөр үчүн алиппе. – Бишкек, 2008.
33. С. К. Рысбаев. Наристе. – Бишкек, ОсОО «Business Press», 2008.
34. Тематическое планирование по ознакомлению с окружающим миром. Для детей 4–5 лет. (По программе С. Г. Шевченко.)
35. Шалаева Г. В. Веселые уроки – ООО «Издательство ЭКСМО», 2007.

36. Шатман Садыбакасов. Күзгү. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
37. Энциклопедия для малышей «Я познаю мир» – М.: «РОСМЭН», 2007.

## САБАТКА ҮЙРӨТҮҮ

1. Анастази А. Психологическое тестирование. Т. 2. – М.: 1992.
2. Аджи А. В. Педагогика нового времени. Конспекты интегрированных занятий в подготовительной группе детского сада. – Воронеж, 2006.
3. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
4. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
5. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
6. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
7. Барташникова И. А., Барташников А. А. Учись, играя. – Харьков, 1997. – 135 с.
8. Безруких М. Портрет будущего первокласника. – Дошкольное воспитание, №2, №3, №4, №6, 2003.
9. Белобрыкина О. А. Речь и общение . Популярное пособие для родителей и педагогов. – Ярославль, «Академия развития», «Академия К», 1998.
10. Божович Л. И. Проблемы формирования личности. – М.: 2001. – 349 с.
11. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Түз. Сатыбекова Б. С., Садыкбекова А.К., Кутманалиева Д. О., Эсенгулова М. М. – Бишкек, И. Арабаев ат. КМУ, 2016.
12. Буре Р. С. Готовим детей к школе. – Москва, 1987.
13. Венгер А. Л. Готов ли ваш ребенок к школе. – М.: 1994. – 192 с.
14. Варенцова Н. С. Обучение дошкольников грамоте. – М.: Просвещение, 1986.
15. Журова Л. Е. Подготовка к обучению грамоте детей 4–5 лет. Конспекты занятий – Вентана-Граф, 2010.
16. Сейдекулова К. С., Усенко Л. В. Мектепке даярданабыз. – Бишкек, 2002.
17. Сейдекулова К. С., Сагымбаева К. Ж., Мусаева В. И. Алиппеге кадам. – Бишкек, 2008.
18. Сейдекулова К. С. Балбөбөк. 3–5 жаштагы бөбөктөр үчүн алиппе. – Бишкек, 2008.
19. С. К. Рысбаев. Наристе. – Бишкек, ОсОО «Business Press», 2008.
20. Т. А. Орусбаева. Мектепке чейинки курактагы балдарды сабатка үйрөтүү. – Бишкек, 2008.
21. Эльконин Д. Б. Как учить детей читать. – М.: Просвещение, 1976.
22. Эльконин Д. Б. Психическое развитие в детских возрастах. Избранные психологические труды. – М.: Академия, 1995.

## ЖӨНӨКӨЙ МАТЕМАТИКАЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРДҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ

1. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
2. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
3. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.

4. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
5. Давайте поиграем! Математические игры для детей 5–6 лет. Под ред. А. А. Столяра. – М.: Просвещение, 1991.
6. К. С. Сейдекулова, Л. В. Усенко. Бөбөктөрүчүн математика. – Бишкек, 2008.
7. К. С. Сейдекулова, Л. В. Усенко. Көңүлдүү математика. – Бишкек, 2008.
8. К. С. Сейдекулова, Л. В. Усенко. Мектепке даярданабыз. – Бишкек, 2002.
9. Леушина Л. М. Формирование математических представлений у детей дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1974.
10. Михайлова З. А. Игровые занимательные задачи. – М.: Просвещение, 1985.
11. Метлина Л. С. Математика в детском саду. – М.: Просвещение, 1984.
12. Метлина Л. С. Балдарбакчасында математика боюнчазанятиелер. Мектепке даярдоотобу. – Фрунзе, Кыргызстан, 1988.
13. Метлина Л. С. Балдарбакчасында математика боюнчазанятиелер. Жогорку тобу. – Фрунзе, Кыргызстан, 1988.
14. Метлина Л. С. Балдарбакчасында математика боюнчазанятиелер. Ортоңку тобу. – Фрунзе, Кыргызстан, 1988.
15. Метлина Л. С. Балдарбакчасында математика боюнчазанятиелер. Кенже тобу. – Фрунзе, Кыргызстан, 1988.
16. Новикова В. П. Математика в детском саду. Старший дошкольный возраст. – М.: Мозаика-Синтез, 2000.
17. Перова М. Н. Дидактические игры и упражнения по математике. – М.: 1996.
18. Петерсон Л. Г., Е. Е. Кочемасова. Игралочка: Практический курс математики для дошкольников. Методические рекомендации. – Москва, Баласс, 2001.
19. Развитие общих способностей. Непомнящая Р. Л. – Детство-Пресс, 2005.
20. Рихтерман Т. Д. Формирование приставлений о времени у детей дошкольного возраста. – М.: Просвещение, 1991.
21. Тихоморова Л. Ф. Развитие логического мышления детей. – СП., 2004.
22. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников. Под ред. А. А. Столяра. – М.: Просвещение, 1988.
23. Формирование элементарных математических представлений у дошкольников. Под ред. Р. Л. Березина, З. А. Михайлова, А. А. Столяра и др. – М.: Просвещение, 1988.
24. Фридман Л. М. Психолого-педагогические основы обучения математики. – М.: Наука, 1999.
25. Шорыгина Т. А. Учимся ориентироваться в пространстве. – М.: ТЦ Сфера, 2004.
26. Щербакова Е. И. Методика обучения математике в детском саду. – М.: Академия, 2000.
27. Ерофеева Т. И. Математика для дошкольников. Книга для воспитателей детского сада. – М.: Просвещение, 2007.

### *КОНСТРУКЦИЯЛОО*

1. Агапова И., М. Давыдова. 200 лучших игрушек из бумаги и картона. – Москва, 2008.
2. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.

3. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
4. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
5. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
6. Воспитание детей в младшей группе детского сада. Сост Лямина Г. М. – М.: Просвещение, 1984.
7. Воспитание детей в средней группе детского сада. Сост Лямина Г. М. – М.: Просвещение, 1984.
8. Воспитание детей в старшей группе детского сада. Сост Лямина Г. М. – М.: Просвещение, 1984.
9. Гульянц К., И. Я. Базик. Что можно сделать из природного материла. – Москва, Просвещение, 1984.
10. Доронова Т. Н. Радуга. – «Развитие» 2003.
11. Короткова Е. А. Рисование, аппликация, конструирование в детском саду. – 2001.
12. Куцакова Л. В. Коструирование и художественный труд в детском саду. – М.: Издательский дом «Воспитание дошкольника», 2001.
13. Куцакова Л. В. Конструирование и художественный труд в детском саду. – ТЦ «Сфера», 2005.
14. Лыкова И. А. Я создаю поделки. – М.: Мозаика-Синтез, 2012.
15. Малышева А. Н., Поварченкова З. М. Занятия по аппликации и конструированию в детском саду. – М.: ТЦ «Сфера», 2000.
16. Новикова И. В. Конструирование и ручной труд в детском саду. – М.: Мозаика, 2007.
17. Парамонова Л. А., Протасова Е. Ю. Я люблю изобретать. Мир книги. Карапуз. – 2008.
18. Ремезова Л. А. Учимся конструировать. – Москва, Школьная пресса, 2004.
19. Тарловская Н. Ф., Топоркова Л. А. Обучение детей дошкольного возраста конструированию и ручному труду. – М.: Просвещение, 1999.
20. Чен Н. А. Замечательные поделки своими руками. – Харьков, 2008.

### *КӨРКӨМ АДАБИЯТ*

1. Абзий Кыдыров. Бөбөктөрдүн алиппеси. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
2. Абдылда Карасартов. Табышмактар. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
3. Асаналиев Б. Селкинчек. Ырлар, табышмактар, жаңылмачтар, калптар, аңгемелер, жомоктор. – Бишкек, 2013.
4. Асаналиев Б. Жомоктор. – Бишкек, 2014.
5. Алексеева М. М., Яшина В. И. Методика развития речи и обучения родному языку дошкольников. Учебное пособие для студентов средних педагогических заведений. – М.: Академия, 1997.
6. Балдар фольклору «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. – Бишкек «Шам» басмасы, 1998.
7. Байтемир Асаналиев. Мен кыялкеч баламын. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008

8. Балдарды мектепке даярдоо «Нариcте» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
9. Балдарды мектепке даярдоо «Нариcте» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
10. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
11. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
12. Батма Абдухамидова. Ай кызынын мончогу. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008
13. Балаты: Балдар бакчасы учун хрестоматия. Туз. Сартбаев К., Мураталиева А., Искакова А. ж. б. – Фрунзе, Мектеп, 1989.
14. Бөбөктөр үчүн хрестоматия. Түз. Сатыбекова Б. С., Садыкбекова А.К., Кутманалиева Д. О., Эсенгулова М. М. – Бишкек, И. Арабаев ат. КМУ, 2016.
15. «Байчечекей» Түз. Т. Самудинов, Д. Тулөбердиева. – Бишкек, 2011.
16. Бородич А. М. Методика развития речи детей. Учебное пособие для студентов ВУЗов. – М.: Просвещение, 1981.
17. Гербова В. В. Занятия по развитию речи в средней группе детского сада. Пособие для воспитателя. – М.: Просвещение, 1983.
18. Горбушина Л. А. Выразительное чтение и рассказывание. – М.: 1975.
19. Государственный стандарт Кыргызской Республики: Дошкольное образование и уход за детьми.
20. Гризик Т. И., Тимощук Л. Е. Развитие речи детей 4–5 лет. Методическое пособие для воспитателей дошкольных образовательных учреждений. – М.: Просвещение, 2004.
21. Гриценко З. А. Детская литература. Методика приобщения детей к чтению. – Москва, Издательский центр «Академия»
22. Дмитриева О. Д. Выразительное чтение. – М.: 1975.
23. Жунушев К. Кун чубак (Ырлар жана жомоктор). – Бишкек: «Кутаалам», 2012.
24. Исабек Токтогулов. Тоголонгон күн. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
25. Касмалы Джантошев. Наши сказки. Перевод с киргизского М. Байджиева и др. – Бишкек, «Адабият», 1992.
26. Казиев А. Манас Алиппеси. – Бишкек, 2012.
27. Каныбек Жунушов. Бал курсак. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
28. Киргизско-русские пословицы, поговорки и изречения. – Фрунзе, «Мектеп», 1979.
29. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. – Фрунзе, «Илим» басмасы, 1973.
30. Кыргызские писатели – детям. – Фрунзе, «Мектеп», 1978.
31. Керемет китеп. Жер шарындагы материктер жана Кыргызстандын аймактары жөнүндө алгачкы маалыматтар. Түз. Б. Жылдыз, Ш. Керимова. – Бишкек, 2010.
32. Кыргыз эл жомоктору. Жомок. Түз. М. Ааматов, Д. Түлөбердиева. – Бишкек, Бийиктик, 2011.
33. Карасартов А. Табышмактар. Бакчадагы балдар үчүн. – Бишкек, 2008.
34. Кадыров В. Манас – великий хан кыргызов. – Бишкек, «Раритет», 2012.

35. Кыргызские пословицы и поговорки. – Бишкек, 2014.
36. Луговая С. Ключики/Ачкычтар. Стихи с раскрасками. Пер. Т. Самудинова. –Бишкек, 2013.
37. Наристе. Бобокторучун хрестоматия. – Фрунзе, «Мектеп» Басмасы, 1989.
38. Осмонжан Абдылдаев. Айды алып бермекмин. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
39. Пословицы и поговорки кыргызского народа. Из собрания академика К. К. Юдахина. – Бишкек, 1997.
40. Сайнидин Ишенов. Мекеним. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.
41. Рахимова М. Р. Киргизские писатели детям: Хрестоматия. – Фрунзе, Мектеп, 1986.
42. Рахимова М. Р. Мөл булак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. – Б.: 2000.
43. Рахимова М. Р. Мөл булак. 2-бөлүк. Усулдук колдонмо. – Бишкек, 2009.
44. Сейдекулова К. С., Сагымбаева К. Ж., Мусаева В. И. Алиппеге кадам. – Бишкек, 2008.
45. Сейдекулова К. С., Балбөбөк. 3–5 жаштагы бөбөктөр үчүн алиппе. – Бишкек, 2008.
46. С. К. Рысбаев. Наристе. – Бишкек, ОсОО «Business Press», 2008.
47. Серебрянные сказки. Сост. Сагынбекова Г. – Бишкек, «Кутаалам», 2009.
48. Соловьева Н. М. Практикум по выразительному чтению. – М.: 1976.
49. Сонун китеп. Айлана – чөйрө жөнүндө алгачкы маалыматтар. Түз. Б. Жылдыз, З. Мамбетова. – Бишкек, 2010.
50. Самудинов Т. Ар бакчаданбирденгүл: ырлар, оюнырлары, табышмактар, жомоктор. Бийиктик. – Бишкек, 2012.
51. Тулогабылов М. Кыргыз балдар-адабиятынын тарыхы. – Бишкек, «Мектеп», 1991.
52. Шатман Садыбакасов. Күзгү. Китеп дүйнөсүнө саякат. – Бишкек, ЖЧК «Кутаалам», 2008.

### *МУЗЫКАЛЫК ӨНҮГҮҮ*

1. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
2. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
3. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
4. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
5. Балдар фольклору «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. – Бишкек, «Шам» басмасы, 1998.
6. Балаты: Балдарбакчасыучун хрестоматия. Туз. Сартбаев К., Мураталиева А., Искакова А. ж.б. – Фрунзе, Мектеп, 1989.
7. Бекина С. И., Ломова Т. П., Соковнина. Музыка и движение. – «Просвещение», 1981.
8. Г. Эсенгулова, А. Укурчинов. Бала кербез 1. – Бишкек, 1998.
9. Г. Эсенгулова, Т. Чокиев, Бала кербез 2. – Бишкек, 2003.

10. Г. Эсенгулова, Т. Чокиев, Бала кербез 3. – Бишкек, 2007.
11. Ветлугина Н. А., Кенеман А. В. Теория и методика музыкального воспитания в детском саду. – «Просвещение», 1983.
12. Метлов Н. А. Музыка детям. – М.: «Просвещение», 1985.
13. Рахимова М. Р. Мөл булак. Тарбиячылар жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн колдонмо. – Б.: 2000.
14. Радынова О. П. Слушаем музыку. –М.: «Просвещение», 1990.
15. Чокиев Т. Бек Жылдыз. Бобок ыры: Обондуу ырлар ноталары менен. – Б.: «Кербез» басма үйү, 2014.
16. Чокиев Т. Кербез. Музыкалык – көркөм журналы № 1 чыгыш. – Бишкек, 2005.

## *КӨРКӨМ ӨНӨР*

1. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
2. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
3. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
4. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
5. Богатеева З. А. Мотивы народных орнаментов в детских аппликациях. – Москва, «Просвещение», 1986.
6. Васильева Е. И., Косминская В. Б., Халезова Н. Б. Теория и методика изобразительной деятельности в детском саду. – Москва, «Просвещение», 1977.
7. Гусарова И. Л. Аппликация в детском саду. – Москва, «Просвещение», 1968.
8. Комарова Т. С. Методика обучения изобразительной деятельности. – Москва, «Просвещение», 1980.
9. Косминская В. Б., Васильева Е. И., Халезова Н. Б., Лиштван З. В., Казакова Н. Б., Курочкина Н. А., Пантюхина Г. Б. Лепка в детском саду. – Москва, «Просвещение», 1986.
10. Шпак А. М. Альбом по аппликации. Из опыта работы. – Бишкек, 2007.
11. Шпак А. М. Обучение изобразительному искусству и ручной труд. – Бишкек, 2007.

## *ДЕН СООЛУКТУ БЕКЕМДӨӨ ЖАНА ДЕНЕ ТАРБИЯ*

1. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасы (480 саат). – Бишкек, 2015.
2. Балдарды мектепке даярдоо «Наристе» программасына методикалык сунуштар (480 саат). – Бишкек, 2015.
3. Балдарды мектепке даярдоо программасы (240 саат). – Бишкек, 2012.
4. Балдарды мектепке даярдоо программасына усулдук сунуштар (240 саат). – Бишкек, 2012.
5. Галицына Н. С. Нетрадиционные занятия физкультурой в дошкольном образовательном учреждении. – М.: Скрипторий, 2004.
6. Граббет Р. М. Игры для детей от 2 до 6 лет. – ДОСМЭН, 1999.
7. Журнал «Здоровье дошкольника» №3. – Москва, 2000.

8. Журнал «Дошкольное воспитание». – Москва, №6: 1987, №5, №10: 2014.
9. Зимонина В. Н. Программно-методическое пособие «Расту здоровым». – М.: «Владос», 2002.
10. Осокина Т. И., Тимофеева Е. А., Рунова М. А. Физкультурное и спортивно-игровое оборудование для дошкольных образовательных учреждений. – М.: Мозаика-Синту, 1999.
11. Пензулаева Л. И. Подвижные игры и игровые упражнения для детей 5–7 лет. – М.: Владос, 2002.
12. Степаненкова Э. Я. Теория и методика физического воспитания и развития ребенка. – М.: Academia, 2001.
13. Щербак А. П. Тематические физкультурные занятия и праздники в дошкольном учреждении. – М.: Владос, 1999.

## ГЕНДЕРДИК ТАРБИЯЛОО

1. Берн Ш. Гендерная психология. – СПб.: Прайм-Еврознак, 2002.
2. Еремеева В. Д., Хризман Т. П. Мальчики и девочки – два разных мира. Нейропсихологи – учителям, воспитателям, школьным психологам. – М.: ЛИНКА-ПРЕСС, 1998.
3. Каплунович И. Я. О различиях в математическом мышлении мальчиков и девочек. – Педагогика, №10, 2001.
4. Клецина И. С. Гендерная социализация. – СПб.: 1997.
5. Красоткина И. Одинаково ли думают мальчики и девочки. – «Дошкольное воспитание», №12: 2003, с.44–52.
6. Попова Л. В. Гендерные аспекты самореализации личности. – М.: 1996.
7. Попова Л. «Гендерные особенности психического развития в дошкольном детстве» – «Детский сад от А до Я», №2: 2004, с.110–123.
8. Эльконин Б. Д. Детская психология. – М.: 2004.
9. Фадина А. И. «Гендерные стереотипы в представлении детей дошкольного возраста». Магистерская диссертация. – Бишкек, 2008.

## 2-кенже топ. Кеп өстүрүү

**Тема: Курт-кумурскалар**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- тема боюнча сөздөрдү колдонуу жана сөз байлыкты байытуу;<br>- «курт-кумурскалар» тууралуу жалпылоочу түшүнүктү калыптандыруу;<br>- сүрөттүн негизинде сүйлөм түзүүгө үйрөтүү;<br>- эки нерсенин бир-бирине жакын турушу, бир-биринен алыс турушу жана башка ушундай сыяктуу түшүнүктөрдү түшүнүүгө үйрөтүү, байламталарды колдонуу: алдында, жанында, артында. Тактоочторду колдонуу: үстүндө – астында; оңдо – солдо. | Балдар тегеректешип килемде/отургучтарда отурушат.<br><br>Балдар рифмовканы кайталашат<br><br>Дап канча жолу үн чыгарса, балдар ошончо жолу кол чабышат | Тарбиячы: Балдар, биз бүгүн курт-кумурскалар тууралуу сүйлөшөбүз. Кичине ойноп «ч» тыбышын туура айтууга үйрөнөлү.<br><br>**«Чегиртке ойноп жатат»** көнүгүүсү<br>Оюн: Тарбиячы балдардын көңүлүн чегирткеге бурат. Чегиртке парданын аркасынан чыгат.<br><br>Ал ыр айтат:<br><br>**Биздин кичинекей чегиртке,**<br>**Жашыл азамат ушундай,**<br>**Буттары менен чырылдатып,**<br>**Бубенди каккылагысы келет.**<br><br>Балдар ырды кылдаттык менен угат жана чегиртке дапта канча жолу үн чыгарса, балдар ошончо жолу кол чабышат. Тарбиячы дапта ойнойт – балдар болсо ритмге жараша тыкылдатып кайталашат.<br><br>- 3 жолу тыкылдатышат<br>- 2 жолу тыкылдатышат<br>- 1 жолу тыкылдатышат<br>- 4 жолу тыкылдатышат | Чегиртке оюнчугу, дап, парда, «В», «Ч» тыбышы катышкан нерселердин сүрөттөрү,<br>В. Сутееванын «Кораблик» жомогу, жомоктун каармандарынын, курт-кумурскалардын, гүл менен көпөлөктүн сүрөттөрү |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Өнүктүрүү:**<br>- угуу жөндөмүн жакшыртуу;<br>- тыбыштарды туура айтуу үчүн сүйлөм мүчөлөрүн жана сүйлөп дем алуу жөндөмүн өнүктүрүү;<br>- логикалык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- курт-кумурскаларга аяр мамиле кылууга үйрөтүү.<br><br>**Сабактардын жуурулушу:** сөз өстүрүү, айлана-чөйрө менен таанышуу, жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүнүн калыптанышы | Балдар артикуляциялык көнүгүү жасашат | **«Шаңдуу тил жөнүндө жомок»** артикуляциялык көнүгүү.<br><br>Тарбиячы балдар менен бирге артикуляциялык көнүгүү жасайт.<br><br>**Тил ойгонуп,**<br>**Терезени карады.**<br>**Жуунуп, таранып,**<br>**Ойногону кетти.** | |
| | Балдар **«Катуу – акырын, бат – жай айтуу»** оюнун ойнотуу.<br><br>**«Ка-ка-ка – бизге келди бака».**<br>**Куу-куу-куу – учуп келди ак куу.**<br>**Ка-ка-ка – бизге келди бака,**<br>**Куу-куу-куу – учуп келди ак куу/**<br>**супсулуу ак куу.**<br><br>Ушул рифмовканы балдарга акырын, катуу жана шыбырып айттырып, кайталатуу (тарбиячы менен жана өз алдынча айтышат). | Тарбиячы балдарга «**Катуу – акырын, бат – жай айтуу»** оюнун ойноону сунуштайт.<br><br>Иш-аракеттер: Тарбиячы аарылар ойгонуп талаага учуп келишти деп айтат жана төмөндөгү сүйлөмдү айтат:<br><br>**«Ка-ка-ка – бизге келди бака».**<br><br>Мындан соң балдар ушул рифмовканы акырын, катуу жана шыбырып айтышат (тарбиячы менен жана өз алдынча айтышат).<br><br>**Куу-куу-куу – учуп келди ак куу. (текстти бат жана акырын айтышат).**<br><br>Мындан кийин балдарга сүйлөмдү өз алдынча бүтүрүшү сунушталат:<br><br>**Ка-ка-ка – бизге келди бака,**<br>**Куу-куу-куу – учуп келди ак куу /супсулуу ак куу.** | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдарга ырды кайталатуу | Ырлар (балдарды таза сүйлөтүүгө үйрөтүүчү ырлар)<br><br>**Ки-ки-ки – чуркап келди эчки.**<br>**Зу-зу-зу- жанында жүрөт козу.**<br>**Ке-ке-ке- мына турат теке.**<br>**Ка-ка-ка- кайда турат бука.** | |
| | Балдарга «Кораблик жомогун айтып берүү | В. Сутееванын «Кораблик» жомогун угуу Тарбиячы фланелеграфтын жардамы менен балдарга жомок айтып берет.<br><br>**Кораблик**<br>*Күндөрдүн биринде бака, жөжө, чычкан, кумурска жана коңуз сууга барып сейилдешет.*<br>*– Келгиле, сууга түшөбүз! – дейт бака жана сууга секирет.*<br>*– Биз сүзгөндү билбейбиз, – деп айтат жөжө, чычкан, кумурска жана коңуз.*<br>*– Ква-ха-ха! – деп каткырат бака. – Деги силер эмнеге жарайсыңар!*<br>*Жөжө, чычкан, кумурска жана коңуз таарынышат жана кеме курууну чечишет. Жөжө жалбырак алып келет. Чычкан жаңгактын кабыгын алып келет. Кумурска болсо, саман алып келет. Коңуз жип алып келет. Алар саманды жаңгактын кабыгына сайышат, жалбыракты жип менен байлашат. Ошентип алар кеме курушат. Кемени сууга кое беришет. Бака суудан башын чыгарып күлөйүн десе, кеме алыс сүзүп кеткен болот.*<br>(В. Сутеева) | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдарга курт кумурскалар жөнүндө маалымат берүү. | Мындан кийин тарбиячы балдарга коңуз менен кумурска курт-кумурска экендигин айтат. Курт-кумурскалардын денеси, төшү, курсакчасы, башы, буту, канаттары, мурутчалары жана көздөрү бар.<br><br>Алар жалбырак жана тамыр менен тамактанышат. Алар зыян болгон курт-кумурскаларды өлтүрүшөт.<br><br>Тарбиячы: «Көпөлөк, чымын, жөргөмүш, чиркей, курт-кумурскалар» деп жалпылап айтат. | |
| | Балдарга тыныгуу көнүгүүсүн жасатуу.<br>**Тыныгуу «Көпөлөк»**<br><br>**Көрдүңөрбү, көпөлөктөр учуп жүрүшөт,**<br>**Шалбаадагы гүлдөрдү эсептейт.**<br>**– Бир, эки, үч, төрт, беш.**<br>**Ох, эсептеп бүтө албайт!**<br>**Бир күндө, эки күндө, бир айда да.**<br>**Алты, жети, сегиз, тогуз, он.**<br>**Эң акылдуу аары да,**<br>**Санап бүтө албайт болчу!**<br>Н. Нищева | **Көрдүңөрбү, көпөлөктөр учуп жүрүшөт,**<br>*(балдар колдорун көпөлөктөй кылып кыймылдатышат)*<br><br>**Шалбаадагы гүлдөрдү эсептейт.**<br>– Бир, эки, үч, төрт, беш.<br>*(балдар санашат)*<br><br>**Ох, эсептеп бүтө албайт!**<br><br>**Бир күндө, эки күндө, бир айда да.**<br>*(баштарын кармашат)*<br><br>**Алты, жети, сегиз, тогуз, он.**<br>*(балдар санашат)*<br><br>**Эң акылдуу аары да,**<br>**Санап бүтө албайт болчу!**<br>*(сөймөйлөрү менен ар кайсы жактарды көрсөтүшөт)* | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | **«Көпөлөк жана гүл»** дидактикалык оюну<br><br>Балдарга **«Көпөлөк жана гүл»** дидактикалык оюну аркылуу: «үстүндө, астында, оң жакта, сол жакта» жайгашысууну үйрөтүү же кайталоо.<br>Мисалы: көпөлөк гүлдүн сол жагында жайгашкан. | **«Көпөлөк жана гүл»** дидактикалык оюну<br>Иш-аракеттер: тарбиячы фланелеграфга гүлдү коет жана балдарга көпөлөктү коюуну сунуштайт.<br><br>Тарбиячы көпөлөктү гүлдүн жанында учканын жана көпөлөктү гүлдүн астына катууну көрсөтүүнү айтат.<br><br>Мындан кийин тарбиячы көпөлөктү табууну сунуштайт: үстүндө, астында, оң жакта, сол жакта, гүлдүн сол жагында.<br><br>Тарбиячы сабакты жыйынтыктайт. | |

## 2-кенже топ. Жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу

**Тема: Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- Бир жана көп түшүнүктөрүн бекемдөө;<br>- Бир жана көп белгилерин аныктоо көндүмүн калыптандыруу; | Балдар тегеректешип отурушат жана тарбиячыны угушат.<br>Алар сүрөттөрдө эмне тартылгандыгын айтышат.<br>Балдар кол чатыр жана бут кийимдердин санын айтышат. «Көп» жана «бир» түшүнүктөрүн колдонуу менен бирге нерселерди салыштырышат.<br>Суроолорго жооп беришет (балдардын жооптору) | Тарбиячы балдардын көңүлүн отургучтарда турган кагаздарга бурат:<br>**Балдар, биз силер менен ойноп жатканда, почтальон бизге кызыктуу сүрөттөрдү алып келиптир.**<br>- Карагылачы, бул кагазда эмне тартылган?<br>- Сүрөттө канча кол чатыр жана бут кийим тартылган?<br>- Кол чатыр менен бут кийим бизге эмне үчүн керек? *(жооптор)* | 1, 3 жана андан көп кол чатырдын, бут кийимдин жана жаандын, 1-2 чоң кол чатырдын сүрөттөрү тартылган кагаздар. Күндүн чоң сүрөтү тартылган кагаз. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - «жана» жана «ал эми» байламталарын колдонууну үйрөтүү.<br><br>**Өнүктүрүү:**<br>- сөз өстүрүү, көңүл буруу жана ой жүгүртүү көндүмдөрүн жакшыртуу;<br>- өңдөрдү үйрөтүү.<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- эмгекке каалоосун тарбиялоо.<br><br>**Сабактардын жуурулушу:** жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу, айлана чөйрө-менен тааныштыруу, сөз өстүрүү. | | Тарбиячы балдардын жоопторун жалпылайт: Кол чатыр менен бут кийим күз мезгилинде, жаан жаап жатканда суу болбош үчүн керек.<br><br>Тарбиячы ойноону сунуштайт. | |
| | Балдар тарбиячынын сөздөрүн кайталашат жана текстке жараша кыймыл-аракет жасашат:<br>**Биз шалбаада басканды жактырабыз!**<br>**Жамгыр менен да достошобуз!** *(ырдын ритмине жараша бутту тең алып, аскерлердей болуп кыймылдашат)*<br>**Кол чатырдын алдында,**<br>**Шалбааны бүт кыдырабыз!** *(көлчүктөрдөн атташат).* | **«Көлчүк» дене-тарбия көнүгүүсү.**<br><br>**Биз шалбаада басканды жактырабыз!**<br>**Жамгыр менен да достошобуз!**<br>**Кол чатырдын алдында,**<br>**Шалбааны бүт кыдырабыз!** | |
| | Тарбиячынын түшүндүрмөсүн угушат.<br>Тарбиячынын сунушу менен столго жакындап тарбиячы айткан сүрөттөрдү алышат.<br>Балдар канча жана кандай сүрөттөрдү алгандарын айтып беришет.<br><br>Мисалы:<br>- *Мен кол чатырдын сүрөтү тартылган кагазды алып келдим.*<br>- *Кол чатыр көп, ал эми топтон бирөө.*<br>- *Көп кол чатыр жана бут кийим.* | Тарбиячы дагы бир оюнду ойноону сунуштайт, тапшырманы түшүндүрөт жана аткарууну көрсөтөт:<br><br>Балдар, мен айткан нерсенин сүрөтүнө жана санына жараша мага кагазды алып келесиңер. Мисалы, 1 кол чатыр.<br>Силер столго барып кагаздарды карайсыңар. 1 кол чатырдын сүрөтүн мага алып келесиңер жана аны столдун үстүнө коесуңар.<br><br>Эгерде бала кыйналса, анда тарбиячы **«жана»** же **«ал эми»** байламталарын колдонуп жооп бергендей кылып, балага кошумча суроолорду берет: | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | 2–4 бала «1» жана «көп» түшүнүктөрүнө жараша кагаздарды экиге бөлүшөт жана өздөрүнүн тандоолорун түшүндүрүшөт. | - Кайсыл кагазды мага алып келдиң?<br>- Канча кол чатыр жана канча бут кийим бар?<br>2–4 бала «1» жана «көп» түшүнүктөрүнө жараша кагаздарды экиге бөлүшөт.<br><br>Тарбиячы балдарга тапшырманы аткаргандары үчүн ыраазычылык билдирет жана ойноону сунуштайт. | |
| | Балдар **«Жаан жана күн»** кыймылдуу оюнун ойношот.<br><br>Тарбиячы күндүн сүрөтүн кармап турганда,балдар секирип ары-<br>бери басышат. Башкача айтканда, алар сейилдегени чыгышты.<br>Тарбиячы кол чатырды ачканда, балдар тарбиячыга чуркап келишет. | **«Жаан жана күн»** кыймылдуу оюну.<br>Иш-аракеттер: Тарбиячы колуна күндүн сүрөтүн алат:<br><br>**Мына, күн тийип жатат жана балдардын баары сейилдеп жүрүшөт** *(Тарбиячы колунда күндүн сүрөтүн кармап турганда, балдар нары бери басып секиришет. Башкача айтканда, алар сейилдеп жүрүшөт).*<br>**Эми күн булуттун аркасына жашынып алды жана жаан жай баштады.** *(Тарбиячы кол чатырды ачат, балдар болсо, аны көздөй чуркашат).* | |
| | Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы балдарга берилген материалды бекемдейт жана аларга жаан менен кол чатырдын сүрөтүн көрсөтөт:<br>- Силер сүрөттө эмнени көрүп жатасыңар?<br>- Кайсынын саны көп жана бирөө?<br><br>Тарбиячы сабакты жыйынтыктайт. | |

**Тема: «Эл кайда көчөт» (коңуз) сүрөт тартуу**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- балдарга курт-кумурсканы ачык айкын тартууга үйрөтүү; жашыл жалбыракты колдонуу менен бирге композиция жаратууга үйрөтүүнү улантуу; гуашь менен тартуу ыкмасын жакшыртуу;<br>- сүрөт тартуунун эки ыкмасын бириктирүүгө үйрөтүү – боегуч жана кебез буралган таякча;<br>- балдарда эл кайда көчөт түшүнүгүн калыптандыруу (дене түзүлүшү жана анын өңү);<br>- айлана-чөйрөнү экология жагынан тең салмакта сактоо зарылчылыгы тууралуу түшүнүгүн калыптандыруу. | Балдар тарбиячы менен саламдашышат жана берилген сүрөттөрдү/оюнчуктарды карашат.<br><br>Балдар эл кайда көчөт тууралуу маалыматтарын айтып беришет.<br><br>- Тарбиячынын суроолоруна жооп беришет (балдардын жооптору):<br>- Эл кайда көчөт түстүү келишет. Алар түстүү болгону үчүн жебөө керек. Анткени алар зыяндуу заттты чыгарышат.<br>- Эл кайда көчөт абдан пайдалуу. Анткени алар өсүмдүк митесин соруп алышат.<br>- Аларды кармабоо керек. Анткени биз алардын канаттарына зыян келтире алабыз. Аларды кароо гана мүмкүн. | Тарбиячы балдар менен саламдашат.<br>Карагылачы, бизге бүгүн конокко ким келди. *(сүрөттөрдү/оюнчуктарды көрсөтүү)*.<br>Тааныдыңарбы? Бул эл кайда көчөт (коңуз).<br>Биз сейилдеп жүргөндө дайыма эл кайда көчөт көрчүбүз.<br><br>Маектешип суроо берет:<br>- Эл кайда көчөт (коңуз) тууралуу айтып бергилечи.<br>- Алар силерге жагабы? Эмне себептен?<br>- Эл кайда көчөттү көргөндө биз өзүбүздү кандай алып жүрүшүбүз керек?<br><br>Тарбиячы балдардын жоопторун жалпылайт:<br><br>Тилекке каршы, адамдардын баары тең эл кайда көчөт (айлан көчөктөрдү) сактоого аракет кылышпайт. | Эл кайда көчөт оюнчугу же эл кайда көчөттүн сүрөтү, балдардын санына жараша жалбырактай болуп кесилген жашыл кагаздар, кызыл жана кара гуашь, боегучтар жана кебез оролгон таякчалар, суу куюлган стакандар, боегучтарды сүртүүчү кагаз майлыктар. |
| | | Андрей Усачевдун ырын угалы. Бул ыр эл кайда көчөт тууралуу. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Өнүктүрүү:**<br>- билүү кызыгуусун өнүктүрүү;<br>- салыштыруу, алынган маалыматтын негизинде жыйынтык чыгаруу жана талдоо жүргүзүү жөндөмүн өнүктүрүү;<br>- формаларды жана түстөрдү билүү жөндөмүн жакшыртуу жана курт-кумурскаларга кызыктыруу.<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- табияттын коздугун көрүү, анын назиктигин түшүнүү жана аны коргоого тарбиялоо;<br>- эл кайда көчөт тууралуу ырды угууда балдарда сезимдерди жаратуу. | Балдар ыр угушат. | **«Эл кайда көчөт»**<br>**Эл кайда көчөт шаардын сыртына чыкты,**<br>**Чөптөрдүн сабагы менен жеңил басты,**<br>**Асманда каалгыган булутту карады.**<br>**Бир мезгилде Чоң кол келди да,**<br>**Жаркыраган эл кайда көчөттү**<br>**Ширеңкенин кутусуна салды.**<br>**Бечара, кандай гана кыйналды!**<br>**Ага көлчүктөр элестеди, беде, шибер чөптөр да.**<br>**Ушинтип кылым тура береби?**<br>**Ал качайын деп чечти!**<br>**О Кудай! Эмне кылсам болот?**<br>**Бир мезгилде кичинекей тешикти көрдү.**<br>**Терезенин ары жагында баары жарык.**<br>**Бирок, аны айнек тосуп турат да.**<br>**Ал өжөрлүгүнө салды:**<br>**Рама начар жабылган жерди көрдү,**<br>**Мына ал жерден чыгып кетти. Ура!**<br>**Акыры эркиндик келди!** | |
| | Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы маектешип балдарга суроо берет:<br>1. Эл кайда көчөт ким кармап алды? Ал туура кылдыбы? Эмне себептен?<br>2. Силердин оюңар боюнча, кутуда отурган жана бошонгусу келген эл кайда көчөттө кандай сезимдер пайда болду?<br>3. Ким бошонду?<br>4. Эмне үчүн эл кайда көчөт, кутудан чыгып талаага кайткысы келди? | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Алдын ала иш:**<br>1. Эл кайда көчөт байкоо.<br>2. Ырды жаттоо: «Эл кайда көчөт»<br><br>**Сабактардын жуурулушу:** адабий чыгарма, айлана-чөйрө менен таанышуу, сөз өстүрүү, жөнөкөй математикалык түшүнүктөрүн калыптандыруу (тоголок, чоңдук) | | Тарбиячы:<br>Эч кимиңер эл кайда көчөттү таарынтпайт деп ишенем. Аларга салыштырмалуу биз абдан чоңбуз. Чоң жана күчтүүлөр кичинекейлерди жана алсыздарды таарынтпастан коргошуу керек. | |
| | **«Эл кайда көчөт» манжалар үчүн көнүгүү**<br><br>Балдар ырды айтышат жана тарбиячынын көрсөткөнүнө жараша кыймыл-аракеттерди жасашат:<br><br>**Эл кайда көчөттүн атасы баратат.**<br>*(Оң колунун манжалары менен столдун үстүндө басышат)* | Келгиле, эл кайда көчөттүн сүрөтүн тарталы. Макулсуңарбы? Келгиле, манжаларыбызды сүрөт тартууга даярдайлы.<br><br>**«Эл кайда көчөт»** манжалар үчүн көнүгүү<br><br>**Эл кайда көчөттүн атасы баратат.** | |
| | **Атасынын артынан апасы баратат.**<br>*(Сол колунун манжалары менен столдун үстүндө басышат.)*<br>**Апасынын артынан балдары баратат,**<br>*(Эки колунун манжалары менен басышат.)*<br>**Алардын артынан кичинекейлери баратат.**<br>**Алардын баары кызыл кийимчен.**<br>*(Өздөрүнүн колдору менен алышышат.)*<br>**Кийимдеринде кара точкалары бар.**<br>*(Сөөмөйлөрү менен столду тыкылдатышат.)*<br>**Атасы балдарын бала бакчага алып баратат,**<br>**Сабактан кийин үйүнө алып кетет.**<br>*(Эки колунун манжалары менен столдун үстүндө басышат.)* | **Атасынын артынан апасы баратат.**<br><br>**Апасынын артынан балдары баратат,**<br><br>**Алардын артынан кичинекейлери баратат.**<br>**Алардын баары кызыл кийимчен.**<br>**Кийимдеринде кара точкалары бар.**<br><br>**Атасы балдарын бала бакчага алып баратат,**<br>**Сабактан кийин үйүнө алып кетет.** | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
| --- | --- | --- | --- |
| | Балдар сүрөттү карашат. Тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Эл кайда көчөттү тартуу. | |
| | Балдар жашыл түстүү кагазга сүрөт тартышат жана ал кагаздан жалбыракты кесип алышат. *(тарбиячы жалбырактарды тартып, даярдап коет)*.<br>Балдар тарбиячынын көрсөткөнүнө жараша төмөнкү иш-аракеттерди аткарышат:<br>1. Боегучту үч манжасынын ортосуна кармашат (бармагы жана ортончу менен кармашат, үстүн болсо, сөөмөйү менен кармайт), боегучту катуу басышпайт.<br>2. Боегучту гуашка салышат. Боегучтун учун стакандын кырына тийгизип, ашыкча боекту алып салышат жана сүрөт тартууга башташат.<br>3. Арканы тартууда боегуч менен акырын боешот жана бир тарапты көздөй гана боешот. Боенуу астынан же үстүнөн башташат (калем менен болгондой кылып тартпоо керек).<br>4. Боеп бүткөндөн кийин боегучту суу менен жуу зарыл. Жуугандан кийин таза сууга чайкоо жана кагаз майлык менен сүртүү керек.<br>5. Башты тартууда боегучту кагаздан албастан тартуу керек. Ошондуктан боегуч сызыктан биринчи кетет.<br>6. Эл кайда көчөттүн мурутчаларын жана аркасынын бөлүнүшүн тартууда боегучту өйдө кармап, анын учу менен кагазга тартуу керек. | Тарбиячы: Балдар, азыр биз жашыл түстүү кагазга эл кайда көчөттү тартабыз. Мына ушундай (тартылган сүрөттү көрсөтүү).<br>Эл кайда көчөттүн аркасынын формасы жана өңү кандай?<br>Тарбиячы сүрөттү тартуунун ирээтин көрсөтөт:<br>Кызыл арканы боегуч менен тартуу ыңгайлуу болот (гуашь менен туура тартууну көрсөтөт).<br>Эл кайда көчөттүн аркасын тартууда боегуч менен акырын бир жакты көздөй гана тартууну унутпагыла.<br>Мындан соң боегучту сууга салып тазалагыла. Андан кийин аны таза суу менен чайкагыла жана боегучтун учун салфетка менен сүрткүлө.<br>Биз гуашь менен сүрөт тартып жатабыз жана гуаш менен тартууда сууну көп колдонбоо керек.<br>Азыр болсо, боегучту кара боекко салып эл кайда көчөттүн башын тарткыла. Аны боегула.<br>Эл кайда көчөттүн башына мурутчаларды тарткыла. Эки мурутча – эки түз сызыкчалар.<br>Эл кайда көчөттүн аркасын кара боек менен экиге бөлөбүз. Сызыкчаны боегучтун учу менен тарткыла. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | 7. Ар бир сызыкты тартууда жана боедо боегуч менен бир жолу гана боелот.<br>8. Чекиттерди тартууда боегучту тикесинен кармап кагазга тийгизет. | Эл кайда көчөттүн аркасында жайгашкан чекиттердин түсү кандай? Карабы? Канча?<br>- Алты.<br>Чекиттерди эмне менен тартабыз? Эмне ыңгайлуу?<br>- Кебез оролгон таякчалар.<br>Эки жакка үчтөн чекит тарткыла.<br>Балдар карагылачы, биз кандай сонун эл кайда көчөттү тарттык. Чыныгы эл кайда көчөткө окшошту. Азаматсыңар! | |
| | | Тарбиячы сабакты жыйынтыктайт жана балдарга сүрөттөрдү кароого мүмкүнчүлүк берет. | |

## Ортоңку топ. Айлана-чөйрө менен таанышуу жана кеп өстүрүү

**Тема: Күз мезгили. Күзгү табият, кубулуштар жана кийим-кечелер**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- «жер-жемиштер» темасы боюнча нерселерди бөлүштүрүүгө үйрөтүү;<br>- сөз өстүрүү, сын атоочторду колдонууга үйрөтүү; | Балдар килемде тегеректешип отурушат.<br><br>Балдар табышмактарды табышат. | Тарбиячы Күз мезгилинин кийимин кийип алып балдарларга табышмак окуйт:<br><br>**Талаалар бош,**<br>**Жер суу болот.**<br>**Жамгыр жаайт,**<br>**Бул качан болот?**<br>(С. Я. Маршак). | Жер-жемиштердин сүрөттөрү; мультемедия жабдуулары; чыныгы жана жасалма жер-жемиштер; «Сонун баштык» д/о; |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - балдарды тарбиячынын берген планына жараша аңгеме түзүүгө үйрөтүү.<br><br>**Өнүктүрүү:**<br>- табышмактарды табууда логикалык ой жүгүртүүнү жана өнүктүрүүнү улантуу;<br>- нерселердин сапаттарын айтууда балдардын сенсордук мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү;<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- балдардын бир нерсени билүү каалоосун өнүктүрүүнү улантуу;<br>- коммуникативдик көндүмдөрдү тарбиялоо. | Балдардын жооптору. | Тарбиячы: Мен бүгүн силерге келдим, көптөгөн оюндарды алып келдим. Бирок биринчиден суроомо жооп бергиле:<br>Күз мезгилин жакшы көрөсүңөрбү?<br><br>**Күзүндө кененчилик болуп**<br>**Айланага берекесин төктү.**<br>**Ар бир бутактан**<br>**Табышмак өсүп чыкты.**<br><br>Табышмактар. Силер табышмакты туура тапкыла. Кунт коюп уккула (Эгерде балдар табышмакты табышса, жер-жемиштин сүрөттөрүн көрсөтсөңүз болот). | бир себет жер-жемиштер;<br>тарбиячы үчүн күз мезгилинин кийим-кечеси;<br>бир табак кесилип таякчага сайылган жер-жемиштер;<br>көздү таңуу үчүн кездеме. |
| | Балдар кезектешип табышмак айтышат, калгандары болсо, табышмактарды табышат | 1. **Мен узун жашылмын,**<br>**Туздалганда даамдуумун,**<br>**Быша электе даамдуумун.**<br>**Мен деги өзү киммин?** *(Бадыраң)*<br><br>2. **Бул сары пирамидаларда**<br>**Көп жегиликтүү дандар бар.** *(Жүгөрү)*<br><br>3. **Тоголок, кызыл болуп,**<br>**Мен бутакта өсөмүн.**<br>**Мени улуулар да,**<br>**Кичүүлөр да сүйүшөт.** *(Алма)*<br><br>4. **Биз аны жегенден мурда,**<br>**Үлгүрөбүз ыйлаганга.** *(Пияз)*<br><br>5. **Ал – сары, жашыл, кызыл болот.**<br>**Кээде ачуу, кээде таттуу,**<br>**Адаттарын анын билүү керек.**<br>**Ашканада, татымдардын башчысы!**<br>**Таптыңарбы? Бул…** *(Калемпир)* | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Алдын ала иш:**<br>- жер-жемиштердин сүрөттөрүн жана жасалма жер-жемиштерди карап чыгуу; пластелинден жасоо, сүрөт тартуу; жер-жемиштер тууралуу ырларды жана аңгемелерди окуу жана жаттоо;<br><br>«Сүрөттөп бер, биз табалы»,<br>«Кайсынысын алып салуу керек?»,<br>«Сонун баштык» дидактикалык оюндары;<br>«Жер жемиштердин дүкөнү»,<br>«Түшкү тамакты жасап жатабыз» сюжеттик жана ролдук оюндар<br><br>**Сабактардын жуурулушу:** айлана-чөйрө менен таанышуу, сөз өстүрүү. | | 6. **Тоголок да жылмакай,**<br>**Тиштесең – таттуу.**<br>**Бекем отурат –**<br>**Жөөктө…** *(Шалгам)*<br><br>7. **Суйкайган сулуу кыз,**<br>**Караңгыда олтурат,**<br>**А чачы болсо сыртта.** *(Сабиз)*<br><br>8. **Бир канча көйнөк кийип,**<br>**Кычырайт тишиңде.** *(Капуста)*<br><br>9. **Кичинекей жана ачуу, пияздын тууганы.** *(Сарымсак)*<br><br>10. **Бакта бышып турган,**<br>**Эмне деген мөмө,**<br>**Данеги ичинде,**<br>**Сепкили бетинде?**<br>**Жумшак даамдуу.** *(Абрикос)*<br><br>11. **Ысык күнгө жылып,**<br>**Калың кабык кийип,**<br>**Бизди таң калтырат**<br>**Кабыгы калың.** *(Ананас)*<br><br>12. **Балдар муну билишет,**<br>**Аны маймыл да жакшы көрөт.**<br>**Ысык жактын мөмөсү,**<br>**Тропикада өсөт.** *(Банан)* | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдар суроолорго жооп беришет.<br>Балдардын жооптору<br>- жер-жемиштерде көптөгөн витаминдер бар;<br>- алар иммунитетти бекемдешет;<br>- оорубоого жардам берет | **Тарбиячы:** Азаматсыңар. Табышмак тапканды билет экенсиңер. Жер-жемиштердин эмнеси пайдалуу экендигин силер билесиңерби? (Балдардын жоопторун угуу жана аларды жыйынтыктоо.)<br>Уккула, мен дагы бир аңгеме айтып берейин.<br>Бир жолу жөөктөгү жашылчалар,<br>Тартипти бузушуп,<br>Алды-артына карабай качышты жөөктөн.<br>Аларды издейли, досум,<br>Аларды кайдан издөөнү да билбейм,<br>Көрсө бул сыйкырдуу баштыкта экен | |
| | Балдар «Сыйкырдуу баштык» дидактикалык оюнун ойношот. Балдар досторуна жардам бере алышат. | **«Сыйкырдуу баштык» дидактикалык оюну**<br><br>Иш-аракеттер:<br>2–3 бала колдорун баштыкка салышат. Баштыктын ичинде жер-жемиштер же жасалма жер-жемиштер болот. Балдар алардын ичинен жер-жемишти кармап, атын айтышат жана баштыктан чыгарып, баарына көрсөтүшөт.<br><br>Балдар жер-жемиштин түсүн, формасын жана даамын айтып беришет. Оюнду 3–4 жолу ойношот. | |
| | Дене тарбия көнүгүүсү<br><br>**Алма деген ушундай!**<br>*(колдорун эки жакка узатышат)*<br>**Анда шире толтура**<br>*(бел таянышат)*<br>**Колду сунуп, алма үзөлү.**<br>*(колдорун астыга сунушат)* | **«Алма»** дене тарбия көнүгүүсү<br><br>**Алма деген ушундай!**<br>**Анда шире толтура.**<br>**Колду сунуп, алма үзөлү.**<br>**Шамал бутакты терметип,**<br>**Алмага жетүү татаал болуп,**<br>**Секирип, кол сунуп,**<br>**Алманы бат үзөм!** | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | **Шамал бутакты терметип,**<br>*(колдорун өйдө көтөрүшөт, колдорун эки жакка кыймылдатышат)*<br>**Алмага жетүү татаал болуп,**<br>*(буттарынын учуна турушат)*<br>**Секирип, кол сунуп,**<br>*(өйдө секиришет)*<br>**Алманы бат үзөм!**<br>*(колдорун өйдө көтөрүп кол чабышат)*<br>**Алма деген ушундай!**<br>*(колдолорун эки жакка узатышат.)*<br>**Анда шире толтура.**<br>*(бел таянышат)* | **Алма деген ушундай!**<br>**Анда шире толтура.** | |
| | Балдар жер-жемиштердин жана геометриялык фигуралардын сүрөттөрү тартылган кагаздарды тандап алышат (сүйрү, тоголок, төрт бурчтук). | Тарбиячы дагы бир оюнду ойноону сунуштайт.<br><br>**«Фигуралар»** дидактикалык оюндар<br><br>Иш-аракеттер:<br>Бардык балдарда геометриялык фигуралардын жана жер жемиштердин сүрөттөрү тартылган кагаздар бар (сүйрү, тоголок, төрт бурчтук).<br><br>Бир бала жер-жемиштин сүрөтү тартылган кагазды көрсөтөт, калган балдар болсо, жер жемишке окшош болгон геометриялык фигураны көрсөтүшөт.<br><br>Тарбиячы: Азаматсыңар, балдар! Силер бул тапшырманы аткара алдыңар. Силер мага абдан жактыңар. Мен силерге бир себет жер жемиштерди берем. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
| --- | --- | --- | --- |
| | Балдар «Даамын татып айт» дидактикалык оюнун ойношот. | Менде силер үчүн дагы бир оюн бар.<br><br>Оюндун аталышы – **«Даамын татып көр»**.<br>- Ойнойсуңарбы?<br><br>**«Даамын татып көр»** дидактикалык оюн<br>Иш-аракеттер: Балдардын көзүн таңуу керек. Балдар жер-жемиштин даамын татышат жана анын атын айтышат. | |
| | | Тарбиячы сабакты жыйынтыктайт:<br>- Азаматсыңар! Силерге конокко келүү мага абдан жакты. Мен силердин көптөгөн кызыктуу нерселерди үйрөнгөнүңөргө ишенем. Мени сүйүнткөнүңөр үчүн чоң рахмат, балдар.<br><br>Мен азыр кетүүм керек. Мен кийинки жылы силерге келем. Саламатта калгыла, балдар! | |

## Ортоңку топ. Көркөм өнөр

**Тема: Табият кубулуштары «Жалбырактардын түшүү мезгили» (ийлеп чаптоо)**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
| --- | --- | --- | --- |
| **Билим берүү:**<br>- балдардын күз мезгилиндеги табияттын кубулуштары тууралуу түшүнүктөрүн кеңейтүү; | Балдар кирип, тарбиячы менен саламдашышат жана өздөрүнүн ордуларына отурушат.<br><br>Балдарыр саптарын угушат. | Тарбиячы:<br>- Саламатсыңарбы, балдар. Бүгүн сабакты В. Нировичтин «Күз» аттуу ырынан баштайм.<br><br>**Жалбырактар түшүүдө,**<br>**Сары жалбырактар учууда.** | Тексттер: В. Нировичтин «Күз» аттуу ыры, «алтын жалбырактар» дикамикалык тыныгуу, |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - нерселер тууралуу түшүнүктөрдү кеңейтүү аркылуу балдардын сөз байлыгын байытуу;<br>- «үстүндө», «астында» жана «ичинде» сөздөрдү бекемдөө.<br><br>**Өнүктүрүү:**<br>- күз мезгили тууралуу ырды кылдаттык менен угууга үйрөтүү;<br>- балдардын оозеки сүйлөө компоненттерин өнүктүрүү;<br>- балдардын бир нерсени билүү каалоосу, логикалык ой жүгүртүү жана элестетүү жөндөмдөрүн өнүктүрүү;<br>- балдардын майда моторикасын жакшыртуу жана бир нерселерди жасоого кызыктыруу;<br>- балдарды рельефтүү жабыштырып жасоо ыкмасы менен тааныштыруу; | | **Сары кайың жалбырагы,**<br>**Асмандагы тегерек күн да сары.**<br><br>**Сары короо, сары үй.**<br>**Бүт жер шары сапсары.**<br><br>**Баары сары, бүт сары,**<br>**Көрсө жаз эмес күз экен да.** | «Узак, узак» манжалар үчүн көнүгүү.<br>Мольберт, «Күз мезгилинин» сүрөтү, *күзгү жалбырактар, козу карын, жаан-чачын, кар, жарык тийип турган күндүн жана башкалардын сүрөттөрдү тартылган кагаздарды*<br><br>Катуу кагаздар( 1/2 ,А4) ар кандай өңдөгү туздуу камыр, жабыштыруу үчүн тактай, ным кагаз, салфеткалар. |
| | Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы:<br>Кайсыл мезгил тууралуу сөз болуп жатат?<br>Туура – күз мезгили! Бүгүн күз мезгили тууралуу сөз кылабыз. Келгиле, күз мезгили тууралуу сөздөрдү ойлоп табалы. Күз мезгили кандай?<br>- Азаматсыңар, балдар. Кандай кызыктуу сөздөрдү ойлоп таптыңар: кооз, түстүү, ала-була, сонун, кереметтүү, ажайып кооз.<br>- Азаматсыңар! Күз мезгилин алтын деп да айтсак болот. Эмне себептен, билесиңерби?<br>- Туура, анткени жалбарыктар өңү алтындай сары болот! | |
| | Балдар мольберттин жанына келишет. Мольбертте «күз мезгилинин» сүрөтү илинип турган болот.<br><br>Балдар мольбертке күз мезгилинин белгилерин көрсөтүүчү нерселерди илишет.<br><br>*(Мисалы: «Менин сүрөтүмдө жаан тартылган. Күзүндө жаан жайт». «Менин сүрөтүмдө кар тартылган. Кышында кар жайт» ж. б.)* | Балдар, мен сүрөттөрдү даярдап койдум эле. Бирок алар аралашып кетиптир. Келгиле, күз мезгилине байланыштуу сүрөттөрдү тандап алалы.<br><br>*Тарбиячы балдарга күзгү жалбырактар, козу карын, жаан-чачын, кар, жарык тийип турган күндүп жана башкалардын сүрөттөрдү тартылган кагаздарды берет. Балдар күз мезгилине тийиштүү сүрөттөрдү гана мольбертке жабыштырышат.* | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
| --- | --- | --- | --- |
| **Сөздөрдү үйрөтүү:**<br>Ала-була, кереметтүү<br><br>**Алдын ала иш:**<br>Күз мезгили тууралуу ырларды окуу, күз мезгили тууралуу табышмактарды табуу, жалбырактардын күбүлүп түшүүсүнө байкоо жүргүзүү, сейилдөөдө саргайып калган бак-даракты кароо, күзгү жалбырактардан букет жасоо, сүрөттөрдү кароо.<br><br>**Сабактардын жүүрүлүшү:**<br>Кеп өстүрүү, айлана-чөйрө менен таанышуу, жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу («өйдө», «ылдый» түшүнүктөрү) | | Азаматсыңар, балдар, силер тапшырманы аткара алдыңар. Биз күз мезгилинин бардык белгилерин эске салдык. | |
| | | Тарбиячы: Күз мезгили абдан кооз. Күзүндө жалбырактар саргаят. Шамал болгондо жалбырактар жерге күбүлүп түшөт. Биз бул кубулушту кантип айтабыз?<br>Туура. Жалбырактардын жерге күбүлүп түшүүсү. Ал эми азыр болсо, биз өзүбүз күзгү жалбырак болобуз. | |
| | **Дене тарбия көнүгүүсү:**<br>Балдар текстке жараша кыймыл-аракет жасашат.<br><br>*(Вальс мелодиясынын коштоосу менен балдар текстке жараша бийлей башташат)*<br>**Алтын жалбырактар дарактардан түшүп жатат,**<br>*(колдорун кыймылдатып ээн эркин басышат)*<br>**Шамал жалбырактарды айлантууда – бул жалбырак түшүүсү.**<br>**Бул, бул, бул жалбырак түшүүсү!**<br>*(колдорун өйдө көтөрүп айланышат)*<br>**Биз жалбырак менен басабыз, алар шуудурашат,**<br>*(ар кайсы жакка басышат)*<br>**Шамал жалбырактарды айлантууда – бул жалбырак түшүүсү.**<br>**Бул, бул, бул жалбырак түшүүсү!**<br>*(колдорун кыймылдатышып айланышат)*<br>Балдар өздөрүнүн ордуларына отурушат. | **Дене тарбия көнүгүүсү:**<br><br>**Алтын жалбырактар дарактардан түшүп жатат,**<br>**Шамал жалбырактарды айлантууда – бул жалбырак түшүүсү.**<br>**Бул, бул, бул жалбырак түшүүсү!**<br>**Биз жалбырак менен басабыз, алар шуудурашат,**<br>**Шамал жалбырактарды айлантууда – бул жалбырак түшүүсү.**<br>**Бул, бул, бул жалбырак түшүүсү!** | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - дарактарга байкоо жүргүзүү аркылуу бир нерсени изилдөөгө дем берүү;<br>- балдарды тарбиячынын белгиси жана тексте жараша иш-аракеттерди жасоого үйрөтүү;<br>- кагаз менен иштөөнү үйрөтүү.<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- табиятты сүйүгөө, бак-дарактарга аяр мамиле жасоого, тазалыкка жана кылдаттыкка үйрөтүү; | Балдар аталыштарды ойлоп табышат.<br><br>Балдар кезектешип бак-дарактын сүрөтү тартылган сүрөттүн жанына келишет жана бак-дарактын бөлүктөрүн айтып, «үстүндө» жана «астында» түшүнүктөрүн бекемдешет.<br><br>Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы: Балдар жалбырактар жерге күбүлүп түшүп жатат. Силер бак-дарактын түзүлүшүн билесиңерби?<br>*Тарбиячы бак-дарактын түзүлүшү тартылган сүрөттү балдарга көрсөтөт.*<br>Тарбиячы: Бак-дарактын тамыры болот. Ал жердин алдында болот. Ал эми бул болсо дарактын сөңгөгү. Дарактын үстүндө бутактар болот. Бутакта жалбырактар өсөт.<br>Тарбиячы балдарды өз кезеги менен чакырып, бак-дарактын бөлүктөрүн көрсөтөт.<br>Дарактын тамыры кайсыл жерде жайгашкан?<br>Дарактын сөңгөгү кайсыл жерде жайгашкан?<br>Дарактын бутактары жана жалбырактары кайсыл жерде жайгашкан?<br>Тарбиячы: Балдар, бак-дарактардын пайдасы эмнеде?<br>Туура, алар абаны тазалайт жана кычкылтек чыгарат. Биз кычкылтек менен дем алабыз. Ошондуктан биз аларга аяр мамиле жасап коргошубуз керек: бутактарды сындырбоо, жалбырактарды үзбөө, сөңгөккө зыян келтирбөө. | |
| | Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет жана анын көрсөтмөлөрүн аткарышат.<br><br>Балдар тарбиячынын көрсөтмөлөрүн аткарышат. | Тарбиячы: Бүгүн биз туздалган камырдан бак-дарак жасайбыз.<br>Биринчиден, биз эмнени жасайбыз?<br>Туура, дарактын сөңгөгүн жасайбыз.<br>Кандай түстөгү камыр керек бизге?<br>*Тарбиячы жабыштырып жасоо ыкмаларын көрсөтөт: чымчып үзүп алуу, тоголотуп жазуу, чоюу, жалпайтуу*<br>Туура, күрөң түстөгү камырды алабыз.<br>Андан бир аз камырды чымчып үзүп алабыз. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | | Алаканыбызда айлантабыз.<br>Алаканыбызда тоголотуп, сүйрү кылып жаябыз. Колбасага окшошуп калат.<br>Бир учун ичкерээк кылып алабыз.<br>Андан кийин аны катуу кагазга жабыштырабыз. Бул сөңгөк.<br>Тарбиячы: Сөңгөктү жасап алдык. Эми эмнени жасайбыз?<br>Туура, бутактарды жасайбыз. Бир аз камырды чымчып үзөбүз. Алаканыбыз менен жаябыз. Колбасага окшошуп калат. Кааласаңар, бир алаканабыз менен досканын үстүнө жайып алсаңар болот. Аны сөңгөккө жабыштырабыз.<br><br>Тарбиячы: Азаматсыңар! Баарыбыз бутактарды жасоого аракет кылдык. Биздин колдорубуз чарчады. Колдорубуз бир аз эс алсын. | |
| | **Манжалар үчүн көнүгүү:**<br>**«Узак, узак».**<br><br>**Биз көпкө, көпкө ийледик,**<br>*(алакандарын жабыштырып манжаларын кайчылаштыруу)*<br>**Манжалар чарчады**<br>*(колдорду силкүү)*<br>**Мейли бар аз эс алсын**<br>*(ар бир манжаны сылоо)*<br>**Дагы кайра баштайбыз.**<br>**Колду ажыратып,**<br>**Дагы ийлеп баштайбыз**<br>*(кол чабуу)* | **Манжалар үчүн көнүгүү:**<br>**«Узак, узак».**<br>Балдар текстке жараша кыймыл-аракеттерди жасашат:<br>- *алакандарын жабыштырып манжаларын кайчылаштырып*<br>- *колдорду силкүү*<br>- *ар бир манжаны сылоо*<br>- *кол чабуу* | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдар жалбырактарды жабыштырышат жана жабыштырып жасоо ыкмасын жакшыртышат *(чымчып үзүп алуу, тоголотуп жазуу, чоюу, жалпайтуу)*<br><br>Балдар каалоосу менен чыгып, иштерди анализдешет. | *Тарбиячы:* Келгиле, бакты карайлы. Ага эмне жетишсиз?<br>Туура, жалбырактар жетишпей жатат.<br>Бизге сары жана кызгылт сары түстөгү камыр керек. Бир аз камырды чымчып үзүп алабыз жана айлантып алаканыбызга жаябыз.<br>Камыр тоголок болуп калды.<br>Мындан кийин эки учун чоебуз.<br><br>Ал тамчыга окшошуп калат. Аны жалпайтабыз.<br>Эми жалбыракка окшошту. Жалбыракты бутакка, чөпкө жана башка жерлерге жабыштырса болот.<br>Анткени биз жалбырактардын жерге күбүлүп түшүүсүн көрсөтүп жатабыз. | |
| | Балдар сабакта жасаган нерселерди баарын айтып беришет. | *Сабакты талдоо*<br>Тарбиячы:<br>Азаматсыңар! Аракет кылдыңар! Абдан кооз бак-дарактар! Келгиле, бак-дарактырдан баарын бирге чогулталы. Карагылачы, күзгү токойго окшошуп калды. Ким келип биздин токоюбуз тууралуу айткысы келип жатат.<br>Силер бүгүн абдан жакшы иштедиңер.<br>Келгиле, өтүлгөн сабакты эстейли. | |

**Тема: «Кышкы жомокко саякат»**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- балдарды «вальс» жана «полька» бий жанрларын айырмалоого үйрөтүү;<br>- музыкалык чыгармалардын образдуу мазмунун кабыл алуу жана түшүнүүгө үйрөтүү;<br>- балдардын кыш мезгили, кышкы жаныбарлардын жашоосу, аларга кам көрүү жана жардам берүү тууралуу маалыматтарын бекемдөө;<br>- даярдалган формаларды кагазга жабыштыруу жана жайгаштыруу жөндөмүн бекемдөө;<br>- карды жебөө керектиги тууралуу түшүнүктөрүн бекемдөө. | Балдар жана тарбиячы залга Д. Львов-Компанейцтин «Кар ыры» музыкасынын коштоосу менен киришет.<br><br>Балдар жооп беришет: «Ооба, ооба, ооба». | *Киришүү бөлүмү:*<br>Музыка мугалими:<br>**Залга шашкан коноктор,**<br>**Жыйырма кичинекей балдар.**<br>**Бул жакка мындай тургула,**<br>**Баары жайында?**<br>*(Е. Ю. Шаламонова)*<br>Музыка мугалими:<br>**Терезенин ар жагынан, кыш ойгонду,**<br>**Ак кар жылмайды.**<br>**Акырын колдон алып,**<br>**Сейилдөөгө чакырдым!**<br><br>Музыка мугалими:<br>Ал бизди кышкы токойго чакырды. Келгиле, чана тээп баралы. Жупташып алалы. Кол кармашып, ынтымактуу,<br><br>- **Эй! Кармашкыла кеттик.** | Жалтырак султанчалар, чана менен куурчак, оюнчуктар: коенек, тыйын чычкан, тоголок ак кагаздар, желим, боегучтар, кагаз салфеткалар.<br><br>Репертуар<br>Д. Львова-Компанейцтин «Кар ыры» ыры Филиппенконун «Чаналар» музыкасы.<br>«Ак кар» ыры, Филиппенконун музыкасы<br>Гречаниновдун «Вальс» чыгармасы. |
| | Балдар залда жупташып тегеренип чуркап келишет. Филиппенконун «Саночки» аттуу музыкасы ойнойт. Токтошот. | *Негизги бөлүм:*<br>Биз токойдобуз. Тып тынч, эч ким жок… Кышында токой абдан кооз болот. Бак-дарактардын баары ак кийимдерин кийип алышкан. Ар бир бутак кар жамынып алган. Келгиле, ак кар тууралуу ыр ырдайлы. Шаңдуу ырдайлы, бир бирибизди жана ырды угуп сөздөрдү так айтып ырдайлы. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Өнүктүрүү:**<br>- балдардын элестетүү жана өнөрчүлүгүн өнүктүрүү;<br>- музыкага жараша кыймылдоо жөндөмүн бекемдөө;<br>- тааныш болгон кыймылдар боюнча көнүгүү (жупташып чуркоо, секирүү, бирге ырдап басуу, акырын чуркап бийлөө, буттун учу менен айлануу, колду бирге кыймылдатуу ж.б.);<br>- бийик тыбыштарды угуу жөндөмүн, үнду көтөрүңкү жана басаң айтууну өнүктүрүү, музыканын мүнөзүн берүү менен бирге ырдоо;<br>- сөз өстүрүү, кыймылды башкарууну жакшыртуу;<br>- чоңдуктарды түшүнүүнү үйрөтүү – чоң, кичинерээк, эң кичинекей. | Балдар каалоосу менен кыш мезгили тууралуу ыр окушат.<br><br>Балдар бири бирин жана музыканы угуп, так жана шаңдуу ырдашат.<br><br>Балдар музыка мугалиминин көрсөтмөлөрүн аткарып ырдашат.<br><br>Балдар акыркы куплетти шаңдуу жана кичине батыраак кылып чоюп ырдашат.<br><br>Балдар музыка мугалиминин суроолоруна жооп беришет. | **«Ак кар» ыры, Филиппенконун музыкасы.**<br>Уккула, музыка ойноп жатат. Бул кайсыл бий?<br>Туура, вальс. Гречаниновдун «Вальсы».<br>Ал акырын шашпастан ойноп жатат. Кар ушинтип айланат. Жалтырак султанчаларды алыңыз жана кардай болуп бийлейли!<br>Бутубуздун учуна туруп чуркап айланалы.<br>Колдорубуз да акырын бийлешет.<br>Азаматсыңар, «карды» жерге койгула.<br><br>Ой, карагалачы, чаналар! Чананын үстүндө куурчак!<br>Куурчак токойдо чана тепкен го: ал кырга чыгып, чанага отуруп, ылдый түшчү. Келгиле, ушул тууралуу ырдайлы!<br><br>**Ырдоо.** Чаналар өйдө чыгып бара жатат – колдорду өйдө көтөргүлө.<br><br>Ал эми азыр болсо, балдар куурчакты чана тептиргендиги жөнүндө ырдайлы. Сөздөрдү чоюп ырдайбыз. Акыркы куплетти шаңдураак жана батыраак ырдайбыз.<br><br>**Ырдоо: «Чаналар», Красевдун музыкасы.**<br>Кышкы токойдо дагы сейилдейли! Коенек!<br>Кышында коенек токойдо эмне кылып жүрөт?<br>Кар жаганда ал эмне жейт?<br>Туура! Коенек бактын кабыгын жана бутактарды жейт. Кышында коенек үшүйт!<br>Келгиле, кантип жылынуу керектигин көрсөтөлү! | Ырдоо. Чаналар өйдө чыгып бара жатышат – колдорду өйдө көтөрүү.<br>Ырдоо: «Чаналар», Красевдун музыкасы.<br>«Жуп полькасы» латын-американык мелодиясы ойнойт.<br>«Ак кар» ыры, Филиппенконун музыкасы Гречаниновдун «Вальс» чыгармасы.<br>Ырдоо. Чаналар өйдө чыгып бара жатышат – колдорду өйдө көтөрүү. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Тарбиялоо:**<br>- музыкага кызыгууга тарбиялоо;<br>- бир бирине жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоо;<br>- достук сезимин тарбиялоо.<br><br>**Алдын ала иш:**<br>Кыш мезгили тууралуу ырларды жаттоо, жапайы жаныбарлар тууралуу маектешүү, сүрөттөрдү кароо, ырларды, бийлерди жана музыкалык оюндарды жаттоо, чоңдук түшүнүгү менен таанышуу.<br><br>**Сабактардын жүүрүлүшү:**<br>айлана-чөйрө менен таанышуу, көркөм өнөр (аппликация/түстүү кагаздар), жөнөкөй математикалык түшүнүктөрдү калыптандыруу | **Музыкалык дене тарбия көнүгүүсү**<br><br>**Биз бир аз жылыныш үчүн,**<br>**Алакандарды чабабыз:** *(Кол чабуу)*<br>**Шап-шап-шап-шап-шап,**<br>**Бутубузду да, жылытабыз бачым** *(Эки буттап секирүү)*<br>**Топ-топ-топ-топ-топ.**<br>**Мээлей кийип алганбыз, сууктан биз коркпойбуз** *(Кол кап «кийишет»)*<br>**Ооба! Ооба! Ооба!Ооба!Ооба!** *(Колдорун өйдө көтөрүшөт)*<br>**Ооба! Ооба! Ооба!Ооба!Ооба!**<br>**Биз аяз менен достошуп,**<br>**Айланабыз кардай болуп,** *(Колдорун эки жакка сунуп алып кардай айланышат)*<br>**Ооба! Ооба! Ооба!Ооба!Ооба!** | алдарды текстке жараша кыймылдатуу.<br><br>- *кол чабышат*<br><br>- *эки буттап секиришет.*<br><br>- *кол кап «кийишет»*<br><br>- *колдорун өйдө көтөрүшөт*<br><br>- *колдорун эки жакка сунуп айланышат* | Ырдоо:<br>«Чаналар», Красевдун музыкасы.<br>«Жуп полькасы» **латын-америкалык** мелодиясы ойнойт.<br>«Ак кар» ыры, Филиппенконун музыкасы |
| | | **«Жуп полькасы» латын-америкалык мелодиясы ойнойт.**<br>Бул кимдин музыкасы? Кайсыл бий ойноп жатат? Туура, бул полька. Тыйын чычкан ушул музыканын коштоосунда бийлеген. Тыйын чычкандын үйү кайсыл жерде? Ал кышында эмне жейт? Туура. Ал бактын ичинде жашайт жана кышкыга тамагын даярдайт: козу карындарды кургатат, жаңгактарды жана дандарды чогултат. Келгиле, полька бийлейли! Тыйын чыккандай кыймылдайлы; жеңил жана ылдам! | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдар текстке жараша кыймылдашат:<br>- *ритмге жараша ээн эркин колдорун өйдө көтөрүп түшүрүшөт*<br>- *колдорун айлантышат*<br>- *«пирожки» кыймылдарын аткарышат*<br>- *карды алдыга ыргытышат* | **«Жуп полькасы» латын-америкалык музыкасы ойнойт.**<br>Бул кимдин музыкасы? Туура, аюунун. Ал кышында эмне кылат? Туура. Ал кышы бою уктайт жана таманын соруп чыгат.<br>Аюунун ойготуу керекпи? Жок!<br>Келгиле, аюсуз эле ойнойлу! | |
| | | **Манжалар үчүн дене тарбия көнүгүүсү**<br>**Үлпүлдөк ак кар** – *колдорун акырын көтөрүп түшүрүшөт*<br>**Абада бийлейт** – *колдорун айлантышат*<br>**Жерге акырын түшүшөт** – *колдорун акырын ылдый түшүрүшөт*<br>**Андан кийин, андан кийин**<br>**Кардан биз томолок жасайбыз** – *колдору менен томолок жасашат*<br>**Ух!** – *карды ыргытышат* | |
| | Балдар текстке жараша кыймылдашат.<br><br>Балдар музыка мугалиминин суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар жабыштыруу ыкмаларын колдонуу менен бирге<br>«Талаадагы аяз кишилер» аппликациясын жасашат:<br>- *тоголоктордун ортосун жана кырларын желим менен сүйкөшөт*<br>- *талаага жабыштырышат*<br>- *кагаз салфетка менен сүртүшөт* | Балдар, чоң тоголок кар жасасак, эмне болот? Туура, аяз киши! Келгиле, мына бул жерде турбайбы! Жалгыз токойдо эригет го! Келгиле, аяз киши үчүн аяз кишинин досторун жасайлы! Кыш биз үчүн толтура ак тоголок кагаздарды даярдап коюптур. Мына желим жана боегучтар, кагаз салфеткалар. Ал эми бул болсо, кар жааган талаа! Бул жерге биз аяз кишилерди чаптайбыз! Бирок биринчи кезекте биз тоголок кагаздарды туура жайгаштырыбыз керек. Кандай тартипте жайгаштырабыз? Туура, биринчи чоң, андан кийин ичинекей тоголокторду коюшубуз керек. Желимди кантип колдонобуз? Туура, тоголок кагазды клиенкага коебуз, желимди тоголок кагаздын ортосунда жана четтерине сүйкөйбүз жана талаачага чаптап, үстүн кагаз салфетка менен сүртөбүз. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | | Шаңдуу иштөө үчүн шаңдуу кышкы ырды коебуз!<br>**Филиппенконун «Ак кар» ыры.**<br>Азаматсыңар! Аяз киши үчүн сонун досторду жасап койдуңар! Эми аяз киши токойдо жалгыз эрикпейт. | |
| | | *Акыркы бөлүк:*<br>- Ой, карагылачы, бул эмне? Кыш мезгилине биздин кышкы токойдо сейилдегенибиз, бийлегенибиз, ырдаганыбыз жана аяз кишиге жардам бергенибиз жагыптыр го. Ал бизге белекке ак карды даярдап коюптур. Силердин оюңар боюнча, аларды ыргытуу же жалоо керекпи?<br>- Карды жесе болобу? Туура, карды жебеш керек. Эмне үчүн? Бул кар сыйкырдуу. Алар таттуу жана муздак! Булар таттуу жана муздак эмес! Бул зефир турбайбы!<br>Кыш мезгилине рахмат дейли! | |
| | Балдар музыка мугалиминин суроолоруна жооп беришет.<br><br>Филиппенконун «Чаналар» аттуу ырынын коштоосу менен балдар жупташып бир биринин аркасынан бирге залдан чыгышат. | *Сабакты талдоо.*<br>Балдар, силерге саякат жактыбы?<br>Токойдо кайсыл жаныбарларга жолуктук?<br>Эмнелерге жардам бердик?<br>Азаматсыңар, бүгүн силер жакшы иштедиңер жана жакшы иштерди жасадыңар.<br>Ал эми азыр болсо, бала бакчага кайтып барашыбыз зарыл.<br>Чанага бат отургула! Эй! Кеттик! Бир бириңерди катуу кармагыла! | |

**Тема: Курт-кумурскалар**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- балдарды сөздөргө тыбыштык анализ жүргүзүүгө үйрөтүү;<br>- үндүү, үнсүз, жоон жана жумшак үнсүз тыбыштар тууралуу маалымат берүүнү улантуу;<br>- сөздөрдү муундарга бөлүүнү улантуу;<br>- жөргөмүштөрдүн жашоо өзгөчөлүктөрү жана алардын пайдасы менен балдарды тааныштыруу.<br><br>**Өнүктүрүү:**<br>- байланыштырып сүйлөөнү өнүктүрүү;<br>- сөздүн муундарынын санын аныктоого үйрөтүү; | Балдар топто ээн эркин ойношот. Бул арада эшикти бирөө такылдатат.<br><br>Балдардын жообу:<br>- Бул Кызыл топучан кыз.<br><br>Балдар кызыл топучан кыз менен саламдашышат жана чоң апасына бара жатасыңбы деп сурашат.<br><br>Балдар Кызыл топучан кызга чоң апасыныкына баруу үчүн жолду таап берүүгө жардам көрсөтүүнү сунушташат.<br>Балдар суроого жооп беришет. (балдардын жооптору):<br>Токойдо жапайы жаныбарлар бар: карышкыр, түлкү, аюу ж. б. | **Тарбиячы** балдарга кайрылат:<br>Ой, балдар, угуп жатасыңарбы? Ким эшикти такылдытап жатат? Келгиле, мен карап келейин.<br><br>**Тарбиячы** сыртка чыгып Кызыл топучан кыздын куурчагын алып бөлмөгө кирет: Карагылачы, бизге мейманга ким келиптир!<br><br>**Кызыл топучан кыз:** Саламатсыңарбы, балдар. Мени тааныганыңар үчүн абдан кубанычтамын. Силер билесиңерби, мен каякка бара жатам? Ооба, туура айтасыңар. Мен чоң апамдыкына бара жатам. Бирок мен адашып кеттим. Суранам, мага жардам бергилечи.<br><br>Жолду таап бергилечи.<br><br>**Тарбиячы:** Балдар, жардам берелиби? Эң сонун. Эсиңердеби, жол токойдон өтөт. Токойдо эмне жашайт? | Сабак үчүн каражаттар.<br>оюнчуктар: кызыл топучан кыз, Чоң апа, карышкыр;<br>жумшак оюнчук – Жөргөмүш.<br>Фонограмма «Кызыл топучан кыздын ыры»;<br>проектор, жөргөмүштөр тууралуу слайддар,<br>ар бир бала үчүн жөргөмүш сөзүнүн схемалары;<br>кызыл, көк, жашыл фишкалар,<br>таякча. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - суроолорго жайылма сүйлөмдөр менен жооп берүү жөндөмүн бекемдөө;<br>- фонематикалык угуу, кабыл алуу, көңүл буруу, ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;<br>- берилген тыбышка жараша сөздөрдү айтууга үйрөтүү.<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- балдардын арасында жылуу достук мамилелерди калыптандыруу;<br>- курдаштарынын угуу жөндөмүн өнүктүрүү;<br>- сабактарга кызыгуу жана эне тилди сүйүүгө тарбиялоо;<br>- башка адамга сарсаана болуу жана курч кырдаалда колдоого үйрөтүү; | Балдар кол кармашып кайталашат: «Бирге шаңдуу басабыз жана бир бирибизге жардам беребиз!» (кол кармашып тегеренип басышат)<br><br>Балдар секирип басышат жана кайырманы ырдоодо токтоп, текстке жараша кыймыл-аракет жасашат.<br><br>Балдар жумшак үнсүздөрдү кезек менен айтышат жана калган балдар аны кайталашат. Тыбышты айтканда балдар турган жеринен, алдыга бир кадам шилтешет.<br><br>Балдар Кызыл топучан кызга жардам берүү үчүн аракеттенүүгө даяр болушат.<br><br>Балдар Кыз деген суроого жооп беришет:<br>- Кыз деген сөздө бир муун бар. Балдар бир муундан турган сөздөрдү айтышат (бал, тал, гүл, кол ж. б.) | Кызыл топучан кыз эрикпөө үчүн балдарга өзүнүн жакшы көргөн ырын ырдоону сунуштайт.<br>**«Кызыл топучан кыздын ырынын»** фонограммасы коюлат.<br><br>**Тарбиячы:** Шаңдуу ыр менен биз кантип келип калганыбызды да байкабай калыптырбыз. Карагылачы, бир сазга келдик. Бул жерден биз кантип өтөбүз? Өңгүл-дөңгүлдөрдөн секиребиз.<br><br>**Тарбиячы:** Балдар силер эч нерседен корпойсуңар. Карышыкырдан да коркпогонуңарды билем. Эгерде силер кол кармашсыңар, биз шаңдуу болобуз. Кол кармашып мен айткан сөздөрдү кайталагыла: «Бирге шаңдуу басабыз жана бир бирибизге жардам беребиз! ». Эң сонун! Эми саякатка барабыз.<br><br>Биз секирбестен, досторубуздун аттарын айтабыз (жумшак үнсүз тыбыштар). Мына, биз саздан өттүк. Эми эс алсак болот *(Тарбиячы артынан карышкыр оюнчукту алып чыгат)*<br><br>**Карышкыр:** (ырылдайт) Ким мени уктатпай жатат? Мен силерди азыр жейм.<br><br>**Тарбиячы:** Саламатсыңбы, карышкыр. Суранам, бизди жебечи. Биз Кызыл топучан кызга жолду таап беришибиз керек. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - бир бирлерине жардам берүү сезимин тарбиялоо;<br>- айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбиялоо;<br>- табиятты сүйүүгө үйрөтүү. | | **Карышкыр:** Макул, мен жебейм. Бирок силер бир нерсени жасашыңар керек. Макулсуңарбы? | |
| | Балдар: кы-зыл, то-пу | **Карышкыр:** КЫЗ деген сөздө канча муун бар? Бир муундан турган сөздү айткыла. Эки муундан тургандай КЫЗ деген сөздү өзгөрткүлө. | |
| | Балдар эки муундан турган сөздөрдү айтышат (мисалы, а-юу, ар-ча, же-миш, у-лак ж. б.)<br>Балдар КЫЗ деген сөздү КЫЗДАРГА деген сөзүнө алмаштырышат.<br>Үч муундан турган сөздөрдү айтышат (мисалы, карышкыр, мергенчи, токойчу ж. б.) | **Карышкыр:** Туура. КЫЗ-ДАР. Эки муундан турган сөздү айткыла.<br><br>**Карышкыр:** Ал эми азыр, эң татаал тапшырма. Үч муундан тургандай КЫЗ деген сөздү өзгөрткүлө.<br><br>**Карышкыр:** Туура, КЫЗДАРГА. Менинин жиним келип жатат. Үч муундан турган сөздү айткыла. | |
| | Балдар карышкыр менен коштошушат. | **Карышкыр:** Силер акылдуу балдар экенсиңер. Силер мага жактыңар. Силер адамдарга жардам берип жатсаңар, демек силер боорукер жана кайрымдуу балдарсыңар. Ошондуктан мен силерди жебейм. Жакшы баргыла, балдар. Балким биз дагы көрүшөбүз.<br><br>**Кызыл топучан кыз:** Балдар, силер болбосоңор, мен карышкырдын суроолоруна жооп бере албайт болчумун. Рахмат силерге. Ой, карагылачы, суу. Көпүрө болсо, тар экен. Биз кантип өтөбүз? | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдар сөздөрдү кайталашат жана столдорду тегеренишет. | **Тыныгуу көнүгүүсү:**<br>**Тарбиячы:** Балдар, бел таянабыз жана оң капталыбыз менен турабыз. Баскыла жана мени кайталагыла: | |
| | | **Бир, эки, үч, төрт,**<br>**Көпүрө менен биз бастык.**<br>**Бир, эки, үч, төрт,**<br>**Арыктан биз өтөбүз.**<br>**Бир, эки, үч, төрт,**<br>**Талаачада отурабыз.**<br>**Бир, эки, үч, төрт,**<br>**Чын көңүлдөн сүйлөшөбүз.** | |
| | Балдар өздөрүнүн ордуларына отурушат. | **Тарбиячы** балдарга эс алууну сунуштайт. Мына биз талаачага келдик. Отуруп эс алсак болот.<br><br>**Кызыл топучан кыз:** Ой, корком, корком! (Тактанын аркасынан оюнчук жөргөмүш чыгат.) Карагылачы, жөргөмүш!<br><br>**Жөргөмүш:** Кечирип койгулачы, мен силерди коркуткум келген эмес.<br><br>**Тарбиячы:** Чын эле, балдар, жөргөмүштөн коркуунун кереги жок. Алардын адамга эч кандай зыяны жок. Жөргөмүштөрдүн көпчүлүгү адамды чакпайт.<br><br>**Жөргөмүш:** Биз абдан пайдалуу жаныбарларбыз. Биз зыян болгон токойдогу жана бакчадагы курт-кумурскаларды жоготобуз. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | | Биз зыянкечтерди жерде гана эмес, өсүмдүктөрдөн да табабыз.<br><br>**Тарбиячы:** Жөргөмүштөр ашып калган курт-кумурскаларды жеп, табияттагы бир салмактуулукту сакташат. Ошондуктан, балдар, жөргөмүштөрдү өлтүрбөө жана аларга зыян келтирбөө керек.<br>*(жөргөмүштөр тууралуу айтып берип жатканда ар кандай жөргөмүштөрдүн сүрөттөрүн көрсөтөт)*<br>Эстеп калдыңарбы? Жөргөмүштөр тууралуу көптөгөн ырлар жана табышмактар бар. Мен өзүмө жаккан бир ырды айтып берейин. | |
| | | **Жөргөмүш жөнүндө**<br>**Желе жасайт**<br>**Дарактарга жөргөмүш.**<br>**Күздөгү кардай кылып,**<br>**Бутакка илип койду.**<br>**Саймаларын жасаш үчүн**<br>**Ал бир күн кечке иштеп,**<br>**Токойдо баарын коздоп,**<br>**Эскирген дүмүр да калбады!**<br>С. А. Антонюк | |
| | Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет (балдардын жооптору):<br>- Мага ыр абдан жакты.<br>- Автор карды тор менен салыштырат.<br>- Ал жөргөмүштү чебер деп айтат. | Тарбиячы ырдын мазмуну боюнча маек жүргүзөт:<br>- Силерге ыр жактыбы?<br>- Торду автор эмне менен салыштырды?<br>- Жөргөмүштү автор кантип атап жатат? | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдар ТОР деген сөзүнө тыбыштык талдоо жүргүзөт. Балдардын бирөөсү каалоосу боюнча чоң үлгүдө тыбыштык талдоо жүргүзөт. Мындан соң балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы балдардын жоопторун жалпылайт: Ооба, балдар, тор торго окшошуп токулган. Ал абдан кооз. Ал эми азыр болсо, тактаны карагыла, балдар. *(Тактада жөргөмүштүн сүрөтү илинип турат жана анын алдында кичинекей төрт бурчтуктар болот.)*<br>Силер билгендей эле, биз азыр ТОР деген сөзүн талдайбыз.<br><br>Суроолор жана тапшырмалар:<br>- ТОР сөзүндө канча тыбыш бар?<br>- Канча үндүү тыбыш бар?<br>- Канча муун бар?<br>- Биринчи үндүү тыбыш?<br>- Биринчи муунду айткыла<br>- Сөздө канча үнсүз тыбыш бар? Биринчи үнсүз тыбыш? Экинчи үндүү тыбыш.<br><br>**Жөргөмүш:** Балдар, азаматсыңар! Мен үйгө кетүүм керек. Саламатта калгыла.<br>**Тарбиячы:** Балдар, келгиле, жөргөмүш менен коштошолу жана жолго чыгалы. Кызыл топучан кыздын чоң апасынын үйүнө жакындап калдык окшойт. Чоң апанын үйү.<br>**Тарбиячы:** Балдар, биз Кызыл топучан кызга жардам бердик. Келгиле, чоң апа менен саламдашалы.<br>**Чоң апа:** Саламатсыңарбы, балдар. Менин небереме жардам бергениңер үчүн чоң рахмат. Мына, даамдуу токочтон алгыла.<br>Тарбиячы чоң апага рахмат айтат жана балдарга бала бакчага кайтуу керектигин эскертет. Сабакты жыйынтыктоо. | |

## Жогорку топ. Сабатка үйрөтүү

**Тема : Курт-кумурскалар. «Табиятта биз канчабыз!»**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүүчү:**<br>- балдардын сөз байлыгын кеңейтүү;<br>- балдардын сөз жөнүндө түшүнүгүн баамдоону улантуу;<br><br>**Өркүндөтүүчү:**<br>- интонация аркылуу сөздөн тыбыштарды үндүү, үнсүз тыбыштарды белгилөөгө үйрөтүү;<br>- сөздөгү биринчи тыбышты атаганга өбөлгө түзүү.<br><br>**Тарбиялык:**<br>- балдарга иш аракет маалында эмоционалдуу психикалык жагдайды түзүү;<br>- бир бирине толерантуу (чыдамдуу) мамиле жазоого аракет кылуу. | - балдар сабак маалында карманган эрежелерди сактайт;<br>- иш-аракетти активдүү жүргүзүшөт;<br>- суроолорго жооп беришет;<br>- педагогдун нускамасын так аткарат;<br>- курт-кумурскаларды атайт;<br>- биринчи, экинчи тыбыштарды так аташат;<br>- физминуткаларды кайталайт;<br>- доскадагы сүрөттөрдү фишка менен белгилейт;<br>- билген табышмактарды айтышат;<br>- ырды ырдашат;<br>- мурдагы өткөн сабактагы билимдерин бышыкташат;<br>- курт-кумускалар жөнүндө билгендерин эмоционалдуу айтканга жетишет. | Сабакка киришүү<br>Жаңы теманы угузууда балдарга суроо берет:<br>- Кандай курт-кумурскаларды билесиңер? Алардын аталышы кандай?<br>Доскага аары, курт, чымын, чиркей, көгөн, коңуз, көпөлөктүн сүрөттөрү илинет.<br>Балдар менен аңгемелешип, фишка менен тыбыштардын белгилешет.<br>Ар бир курт-кумурсканын кандай жерде жашарын белгилешет, кантип тамактанышаарын тактaшат ж. б.<br><br>Мисалы, **коңуз** деген сөз канча тыбыштан түзүлгөнүн белгилешет.<br>Үндүүлөрү канча экенин, аны кандай фишка менен белгилешин айтышат.<br>Балдардын баары эле так атай албашы дагы ыктымал.<br>Андан кийин үнсүздөрү канча экенин белгилешет.<br><br>Сөз канча муундан түзүлгөнүн белгилейт.<br>Курт-кумурскалар жөнүндө табышмактар, аңгемелерди, ырларды сунуш кылат. | - Фланелеграф, тыбыштардын жыйыны.<br>- Ар түрдүү түстөгү фишкалар.<br>- Предметтик сүрөттөр.<br>- Курт-кумурскалардын сүрөттөрү:<br>- аары, коңуз, курт, чымын, чиркей, көгөн, кумурска, көпөлөк ж. б. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Сабактардын жуурулушу:**<br>Сабатка үйрөтүү, айлана-чөйрө менен таанышуу, кепти өнүктүрүү. | | **Коңуз чертип комузун,**<br>**бака балчак ырдады**<br>**Андай сонун концертке**<br>**Айбанаттар жыргады**<br>**«Мыкты,– дешип, чалганга»,**<br>**Кумурска түштү балбанга.**<br><br>Жаратылышта ар бир нерсенин өз ынагы, өз шериги бар. **Көпөлөк** менен **аарынын** ынак досу – гүлдөр. (аңгемеден үзүндү)<br><br>Айтылган маалыматтар жалпыланат канча үндүү болсо ошончо муун болот; | |

## Жогорку топ. Сабатка үйрөтүү

**Тема: Жаныбарлар дүйнөсү**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүүчү:**<br>- «сүйлөм» деген термин менен тааныштыруу;<br>- белгилүү тыбыш катышкан сөздөрдү атоого үйрөтүүнү улантуу. | Сабак маалында карманган эрежелерди сактайт;<br>Иш аракеттке активдүү катышат;<br>Суроолорго жооп беришет сүйлөмдөрдү санашат; | Жомокту так көркөм окуп берет.<br><br>Биринчи сүйлөмдү ататтырат;<br>Экинчи сүйлөмдү таптырат;<br>Үчүнчү сүйлөмдү белгилетет.<br><br>Жалпылап «сүйлөм» деген терминди бышыктайт;<br>Сүйлөмдөр эмне жөнүндө экенин тастыктайт;<br>Баарлашканда сүйлөм менен сөз менен катнаш түзүлүүсүнө көңүлүн бурат; | - «Абышка кемпирдин көмөчү» деген жомокко тартылган сүрөттөр.<br>- Майда оюнчуктар, фишкалар. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Өркүндөтүүчү:**<br>- интонация аркылуу сөздөн тыбыштарды үндүү, үнсүз тыбыштарды белгилөөгө үйрөтүүнү улантуу;<br>- текстеги биринчи, экинчи сүйлөмдөрдү атаганга үйрөтүүнү;<br><br>**Тарбиялык:**<br>- балдарга иш аракет маалында эмоционалдуу психикалык жагдайды түзүү;<br>- бир бирине толерантуу (чыдамдуу) мамиле жасоого аракет кылуу.<br><br>**Сабактардын жуурулушу:**<br>Сабатка үйрөтүү, айлана чөйрө менен таанышууну , кепти өнүктүрүүнү улантуу. | Педагогдун нускамасын так аткарат;<br><br><br><br><br><br><br>Белгиленген тыбыштарга ылайык сөздөр табышат;<br><br>Көмөч, карышкыр, түлкү, коен, аюу,качты, жеди, – деген сөздөрдү аташат. | **Оюн түрүндө өткөрүлүүчү тапшырма:**<br>*«К» тыбышка билген сөзүм:* **карандаш, карга, кара, карагат, калемпир, калем, килем, китеп, кагаз...**<br>*Чарчады го «К» тыбышы?*<br>*Ойлонуп көр «Т» тыбышка сен көп сөз:*<br>**тарак, така,там,таранчы, такай, самын.**<br>*«Сен адаштың көрүнөт»*<br>*Анда эмесе – сөздү «С» тыбышка берели:*<br>**стакан, самын, сары, салкын... жана мышык!**<br><br>*Мышык кайдан? Терезеден киргенсийт.*<br>*Сурайлычы мышыктан. Кайдан келди экен ал?*<br>*Ээчиткени жок бекен?*<br>*Артынан ал чычкандар.*<br>Керектүү тыбыштар интонация аркылуу белгиленет. Кийинки тыбыштарга көнүл бурулат. Башка тыбышка табылган көп сөздөргө фишка, майда оюнчуктар. | - Жаныбарлардын элесин чагылдырган колго кийүүчү оюнчуктар; |

**Тема: Канаттуулар.**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүүчү:**<br>- «муун» деген термин менен тааныштыруу<br>- «эки», үч муунду сөздөрдү бөлүү;<br>- белгилүү тыбыш катышкан сөздөрдү атоого үйрөтүүнү улантуу;<br><br>**Өркүндөтүүчү:**<br>- текстеги биринчи, экинчи сүйлөмдөрдү атаганга үйрөтүүнү;<br>- сөздөгү белгилүү муундарды атоо;<br>- интонация аркылуу тыбыштарды сөздөрдөн бөлүү.<br><br>**Тарбиялык:**<br>- балдарга иш аракет маалында эмоционалдуу психикалык жагдайды түзүү;<br>- бир бирине толерантуу (чыдамдуу) мамиле жазоого аракет кылуу. | Аталган жаныбарлардын төлүн аташат;<br><br>«токо», «балапан» деген сөздөрдү ченешет, сөздөрдүн узундугун белгилешет;<br>- «токо» – эки бөлүктөн (муундан) турарын белгилешет.<br>- «балапан» – үч муундан турарын белгилешет;<br><br>Оюн көпкө созулат балдардын баары ойногонго жетишет. | **Оюн менен иш башталат «Эмнени баласы» педагог оюндун эрежесин түшүндүрөт.**<br>Мен силерге топ ыргытып, канаттуулардын, жаныбарларды атайм, силер болсо анын төлүн атайсыңар.<br><br>Тегеректешип турган балдарга топту ыргытып канатуулардан «токо» деп топту ыргытат, топту алган бала «балапан» деп кайра педагогко ыргытат.<br>Жаныбарлардан «уй»деп топту ыргытат, топту алган бала «музоо» деп кайра педагогко ыргытат.<br><br>Оюн улантылат андан кийин муундардан тыбыштар белгиленет.<br>Үндүү тыбштар «о», кызыл фишка менен белгиленет, «т», «к» үнсүз тыбыштар алар көк фишка менен белгиленет | Сүрөттөр же оюнчуктар.<br>Жаныбарлар:<br>кой, козу, жылкы, кулун, уй, музоо,<br>Канаттуулар:<br>токо, жөжө, балапан.<br>Доска, фланелеграф, топ. |
| | Сөздөрдүн узундугу тастыкталат.<br><br>Ар бир сөз канча муундан турарын айтышат.<br><br>Сөздөрдү ченешет. | **Узун кыска сөздөр:**<br>**Тапшырманын эрежеси айтылат.**<br>Сөздөрдүн узундугун ченөө керек.<br>Силер билесиңер же тыбыш сызгычын пайдалангыла, же өз кадамыңар менен белгилегиле. Ар бир тыбышты кадам менен белгилесеңер болот. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Сабактардын жуурулушу:**<br>Сабатка үйрөтүү, айлана чөйрөдөгү канаттуулар, жаныбарлар менен таанышууну , кепти өнүктүрүүнү улантуу.<br><br>**Өнүгүү областарды интеграциялоо:**<br>Когнитивдик, социалдык-эмоционалдык, эстетикалык. | Узун сөздү аташат, эмне үчүн узун экенин далилдешет.<br><br>Көп сөз аталат. | **Оюн «Менин сөзүмдү тап»**<br>Балдарга кайрылып «Мен бир сөз ойлондум, ал «ма» деген муундан башталат. Балдар ар кандай муундарды улайт. Ойлонгула, сөздү тапкыла. Оюндун аягында мен силерге сүрөтүн көргөзөм.<br>Көп сөз тапкан бала жеңүүчү экенин белгилейт. | |
| | | **«Ким сергек» деген оюнда**<br>Э. Чопиевдин «Куурчагым» деген ырынан үзүндү окуп берет.<br>Интонация аркылуу «Т» тыбышын белгилешет.<br>**Таарындыңбы сен мага,**<br>**Татынакай куурчагым?**<br>**Тамак берсем жебейсиң,**<br>**Ачкабы ыя, курсагың!**<br>Кайсы тыбыш көбүрөөк айтылганын белгилешет. | |

## Жогорку топ. Ден соолукту бекемдөө жана дене тарбия.

**Тема: Күз мезгили. Табият жана күзгү кубулуштар. «Күз мезгилинин белектери»**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- кол менен тартынып гимнастика столунда сойлоо;<br>- бир алкактан экинчи алкакка туура секирүү жөндөмүн жакшыртуу; | Балдар залга кирип тегеректешип турушат. Монитордо күз мезгилинин сүрөтү көрсөтүлөт. Бөлмөнүн так ортосунда белек салынган куту болот.<br>Балдардын жооптору. | - Балдар, азыр кайсыл мезгил?<br>Тарбиячы балдардын көңүлүн монитордогу сүрөткө бурат. Андан кийин алардын көңүлүн кутуга бурат.<br>- кутуда күздүн белектери бар. Белекти көрүү үчүн биз биринчиден тапшырмаларды аткарышыбыз керек. | **Жабдуулар жана каражаттар:**<br>Телевизор (монитор),<br>белек салынуучу куту, |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| - балдардын күзгү табияттын кубулушу тууралуу билимдерин кеңейтүү.<br><br>**Өнүктүрүү:**<br>- шамдагайлыкты жана эптүүлүктү, турган жерде туура кыймылдоо жана кол менен буттарды координациялоону өнүктүрүү;<br>- белги боюнча кыймылдоо жөндөмүн өнүктүрүү;<br>- айлана-чөйрөнү кабыл алууну өнүктүрүү;<br>- балдардын түстү кабыл алуусун жакшыртуу;<br><br>**Тарбиялоо:**<br>- курдаштарынын ийгиликтерине сүйүнүүгө үйрөтүү;<br>- гендердик түшүнүктөрдү калыптандыруу. | **Киришүү бөлүм**<br>Басуу, буттун учу менен басуу, согончогу менен басуу, колго байланыштуу көнүгүүлөрдү жасоо (колду өйдө көтөрүү, бел таянуу, нерселердин арасынан басуу, нерселерди аттап басуу).<br>Бир бирден чуркап, нерселердин арасынан жыландай болуп басуу. Акырын басуу.<br><br>**Негизги бөлүм**<br>**1. Жалбырактар менен өнүктүрүүчү көнүгүүлөр**<br>«Күзгү аба» дем алдыруучу көнүгүүлөр<br><br>1 «Жалбырактар менен ойноойлу»<br>Балдар жалбыракты колдоруна алып, ылдый түшүрүшөт. Балдар колдорун алты жолу өйдө көтөрүп (дем алуу), ылдый түшүрүшөт (дем чыгаруу).<br><br>2. «Жалбырактарды көрсөт»<br>балдар тизелеп туруп, жалбырактарды колго алышат жана колдорун көкүрөгүнө коюшат жана белдерин түз кармашат: оң жакты, андан кийин сол жакты карашат (6 жолу). | **Киришүү бөлүм**<br>Тарбиячы бир түрдүүлүктү жокко чыгаруу максатында киришүү бөлүмүндөгү көнүгүүлөрдү кезектештирип, дем алуу системасына күч келтирип жана келтирбестен балдарга жасатат. Аталган көнүгүүлөр дем алуу системасын жакшыртат.<br><br>**Негизги бөлүм**<br>Тарбиячы балдарга кутуну тегеректеп турууну сунуштайт. Кутуну ачып клендун жалбырактарын алып чыгат. (Биринчи белек.) Балдарга жалбырак кайсыл бактын жалбырагы экендигин табууну сунуштайт.<br><br>Тарбиячы жалбырактарды өйдө ыргытып жалбырактардын жерге күүлүп түшүүсүн көрсөтөт. Балдак колдоруна бир бирден жалбырак алып тегеректешип турушат.<br><br>1.Тарбиячы балдарды белиңерди түз кармагыла жана дем алууга жараша көнүгүүнү так аткаргыла деп айтат. Көнүгүү дем алуу системасын жакшыртууга багытталат.<br><br>2.Тарбиячы көнүгүүнү түшүндүрүп берет. Балдардын белдерин түз кармашын көзөмөлдөө.<br>Көнүгүү ийиндин жана арка жонунун булчуңдарын бекемдөөгө багытталган. | ар бир бала үчүн экиден клендун жалбырактары. Кичинекей 5 даана алкактар/ обручтар, 2 даана гимнастикалык отургучтар, кездемеден жасалган туннель, бактын устундары (бийиктиги 6 см), 18 карагайдын жана кызыл карагайдын тобурчактары, 2 себет, Вивальдинин «Жыл мезгилдери» музыкасы, мольберттер, кагаздар, боектор, видеокаражаттар. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Сабактардын жуурулушу:**<br>кеп өстүрүү, көркөм адабият, айлана-чөйрө менен таанышуу, музыкалык өнүгүү, көркөм өнөрчүлүк | 3. «Жалбырактарды кат»<br>балдар полдо отурушат, буттарын эки жакты көздөй сунушат, колдорун артка коюп таянышат жана жалбырактар согончокторунун жанында. Буттарын бүгүп, көкүрөктөрүнө тийгизишет (6 жолу).<br><br>4. «Жалбырактарды ал»<br>көмкөрөсүнөн жатышат, колдорун өйдө сунушат, колдорунда жалбырактар. Буттарын көтөрбөстөн көкүрөгүн өйдө көтөрүшөт.<br><br>5. «Жалбырактар менен айлан»<br>Бийлеп көнүгүү жасашат.<br>Балдар жалбырактарды алып ташташат. | 3.Тарбиячы көнүгүүнү көрсөтүп, түшүндүрүп берет<br>Көнүгүү буттун жана арка жонунун булчуңдарын жана курсактагы прессти бекемдөөгө багытталган.<br><br>4.Тарбиячы көнүгүүнү көрсөтүп, түшүндүрүп берет<br>Көнүгүү ийиндин жана арка жонунун булчуңдарын жана курсактагы прессти бекемдөөгө багытталган.<br><br>5. Музыканын коштоосу<br>Тарбиячы балдардын бий кыймылдарын аткарып жаткандарын көзөмөлдөйт. | |
| | **2. Кыймылдардын негизги түрлөрү**<br><br>1. Кол менен тартынып гимнастика столунда сойлоо (3 жолу).<br><br>2. Алкактан алкакка секирүү<br>(3 жолу).<br><br>3.Туннелде төрт буттап басышат (3 жолу). | **2) Кыймылдардын негизги түрлөрү**<br><br>1.Тарбиячы кыймылдарды балдар (3 жолу) менен кыздарга (2 жолу) кезектештирип жасатат.<br>2. Тарбиячы секирүү ыкмасын эске салдырат: тизени бүгүп, эки буту менен секирип, эки бутуна турушат.<br>3. Тарбиячы жанында турган бала менен өзүнүн кыймыл аракеттерин бир ыңтайга келиштирүү жөндөмүн эске салдырат.<br>Арка жонун чыңалдырбастан күчтү тизеге келтиришет.<br>Көнүгүүнү туура жасоого дем берет.<br>Тарбиячы табышмактарды айтат (балдар кутудан алып чыгышат). | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
| --- | --- | --- | --- |
| | Балдар табышмактарды табышат. | 1. **«Жонуна саман көтөрүп, жалбыракта баратат,<br>Тап эртерээк, ким өзү?»** (кумурска)<br>Экранда кумурсканын сүрөтү көрсөтүлөт. | |
| | | **2. «Шалбаада узун кулак чуркап баратат…»** (Коен)<br>Экранда коендун сүрөтү көрсөтүлөт.<br>**3. «Ким коңдөйдө жашап, жаңгакты кемирет?»** (Тыйын чычкан). | |
| | **3. «Тобурчактарды чогулт» кыймылдуу оюну.**<br>Оюндук максаты: балдардын кыймылдарын кеңейтүү, гендердик түшүнүктөрдү бекемдөө.<br>Музыканын коштоосунда көнүгүү аткаруу.<br>Оюн 2 жолу ойнотулат. | **3. Кыймылдуу оюн.**<br>Тарбиячы кутудан бир себетке салынган карагайдын жана кызыл карагайдын тобурчактарды алып чыгат.<br>- **Бул тобурчактарды бизге мамалак чогултуп берди. Кыздарга карагайдын тобурчактарын, балдарга болсо, кызыл карагайдын тобурчактарын чогултууну сунуштайм. Ким бат чогултат?** | |
| | **3-бөлүк**<br>Бир бирден колоннада басуу.<br>«Дем алып ойлон» көнүгүүсү.<br><br>Вивальдинин музыкасы ойнойт.<br><br>Балдардын жооптору. | **3-бөлүк**<br>- Терең дем алып, башыңарды өйдө көтөргүлө; Дем чыгарууда башыңарды ылдый түшүргүлө жана жагымдуу нерсе тууралу ойлонгула. Жылмайгыла!<br><br>Тарбиячы балдарга паласка отурууну сунуштайт.<br>Музыка ойнойт.<br><br>- **Бул музыканы укканда силердин эсиңерге жылдын кайсыл мезгили келет?**<br>- **Туура, күз мезгили. Күз мезгилинин кандай белгилерин билесиңер?** | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдардын чыгармачылыгы (жеке, топтук, балдардын тандоосу менен биргелешип иштөө). | Е. Трутневанын **«Жай өтүп кетти»** ырын окуйт:<br>**Эртең менен биз короого чыксак,**<br>**Жалбырактар жамгырда чубурушат,**<br>**Бут алдында шуудурашат.**<br>**Өтүп жатат, өтүп жатат, өтүп жатат…**<br>**Желелер учуп өтөт**<br>**Ортосунда жөргөмүш менен,**<br>**Жерден өтө эле бийик,**<br>**Каркыралар учуп өтүштү.**<br>**Баары учуп жатышат!**<br>**Биздин жай да учуп кетет окшойт!**<br><br>- Бул ыр жылдын кайсыл мезгили жөнүндө? Күздүн өңүн кантип айтсак болот? Күзүндө бак-дарактардын жана жалбырактардын өңү кандай болот? Асмандын өңү кандай болот? Жердин өңү кандай болот? | |
| | Тарбиячы менен балдар эмгектерди же иштерди карашат жана өздөрүнүн ойлору менен бөлүшүшөт. | Тарбиячы балдардын көңүлүн кутуда калган нерселерге бурат: боектор, кагаздар.<br>- **Буттарыңардын манжалары менен күз мезгилинин пейзажын тартууну сунуштайм.** | |
| | Балдардын эмгектери кургагандан кийин аларды дубалга илишет. | Буттун манжалары менен сүрөт тартуу балдардын кызыгуусун арттырат, чыңалууну азайтат, буттун майда моторикасын өнүктүрөт жана көңүл буруусун жакшыртат. | |

**Тема: Курт-кумурскалар «Түстүү көпөлөк» (түстүү кагаздар менен иштөө)**

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Билим берүү:**<br>- балдарга көпөлөктүн сырткы келбети, келип чыгышын жана пайдасы тууралуу маалымат берүү;<br>- көпөлөктү үлгү катары колдонуп, симметрия менен тааныштыруу.<br><br>**Өнүктүрүү:**<br>- бөлүктөрдү чогултууга үйрөтүү;<br>- экиге бүктөлгөн төрт бурчтуктардан жана тик бурчтуктардын көпөлөктөрдү кесүү жана аны кооздого үйрөтүү;<br>- форма жана ритмди билүүгө үйрөтүү | Балдар паласта тегеректешип отурушат. Дубалда чабындынын сүрөтү илинип турат.<br><br>Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет.<br><br>Балдар 4 бөлүктөн турган төрт бурчтукту чогултушат. Төрт бурчтук кат болот.<br><br>Балдар табышмак табышат.<br><br>Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы сүйлөйт:<br>Балдар, бүгүн бизге Жаз мезгилинен кат келди. Каттын ичинде табышмак бар экен. Биз табышмактарды табууну жакшы көрөбүз, ээ?<br>Ой, балдар, карагылачы, табышмак бир нече бөлүккө кесилген экен. Аны окуу үчүн бөлүктөрдү чогултушубуз зарыл. Кесилген бөлүктөрдөн төрт бурчтук кылып чогултабыз. Силер мага жардам бересиңерби? Ким мага жардам берет?<br>Азаматсыңар, балдар. Эми биз Жаз мезгилинен келген катты окуй алабыз.<br><br>Кунт коюп уккула.<br>*Тарбиячы табышмак айтат.*<br><br>**Гүлдөн мен кооз гүл көрдүм,**<br>**Аны үзүп алгым келди,**<br>**Сабагына колум тиери менен,**<br>**Гүл дароо учуп кетти.**<br><br>Бул эмне, балдар?<br>Туура, көпөлөк.<br><br>Бүгүн мен силерге көпөлөк кантип түстүү көпөлөк болгондугу тууралуу жомок айтып берем. Угасыңарбы?<br>Тарбиячы жомок окуйт. | Кат, бир нече бөлүккө бөлүнгөн төрт бурчтук, түстүү кагаз, ар кандай түстөгү кагаздардан кесилген формалар – түстүү төрт бурчтуктар жана тик бурчтуктар, кайчы, карандаштар, желим, чаптоо үчүн боегучтар. |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Тарбиялоо:**<br>- табиятты сүйүүгө үйрөтүү;<br>- айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылууга үйрөтүү.<br><br>**Жаңы сөздөр:**<br>таптакыр, жалпысынан, ойлоо, мындан мурун, түрү жаман, боздоп ыйлады, издер<br><br>**Алдын ала иш:**<br>Курт-кумурскалар темасы боюнча китептеги сүрөттөрдү кароо, сейилдөөдө курт-кумурскаларга байкоо жүргүзүү (көпөлөктөр, кумурскалар, жөргөмүштөр), курт-кумурска энциклопедиясын окуу, табышмактарды айтуу, дене-тарбия көнүгүүлөрүн үйрөнүү, «Көпөлөк» көнүгүүсү. | | **«Көпөлөк кантип түстүү көпөлөк болду?»:**<br>Жаз келди. Табият ойгоно түштү: жердин ар кайсы жагынан курт-кумурскалар чыга баштады. Алар күндүн нуруна кактанууга аракеттеништи.<br>Жалбырактын астында бир нече куурчакча жаткан эле. Бул куурчакчаларды көпөлөк курттары жасап алышкан.<br>Бирок бир куурчакчанын кабыгы жарылып анын ичинен көпөлөк курту эмес, чоңоюп калган көпөлөк чыкты. Ал канаттарын жайып учуп келип, отургучка конот. Отургуч күндүн нурунан жылып калган болот.<br>«Кандай сонун жылуу отургуч!», – деп ойлойт көпөлөк эки жакты карап. – Чөп кана? Гүлдөрчү? Мен эрте ойгонгом окшойт. Кээ бир көлчүктөр тоңуп турат. Бирок күн жакшы тийип турат жана суу да шаркырап агып жатат. Жалпысынан алганда, күн сонун тийип турат», – деп ойлонуп, айлана-чөйрө менен таанышуу үчүн учуп кетет. Бирок баарынан мурун өзүн иретке келтирип, жуунуп суу ичүүнү чечет.<br>Суунун жанына отурганда көпөлөк өзүн суудан көрөт: түрү жаман жана ак канаттуу көпөлөк. Аны куурчап турган айлана-чөйрө түстүү болот: бак-дарактардын бутактарында кызыл эл кайда көчөттөрдү, суунун үстүндө көк түстүү ийнеликтер, шашып кетип бара жаткан жашыл көпөлөк куртун көрөт. Көпөлөк канаттарын ылдый түшүрүп боздоп ыйлайт. «Мен түссүз жана кооз эмесмин, мени менен эч ким дос болгусу келбейт», – деп ойлойт. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| **Сабактардын жуурулушу:** адабий чыгарма, айлана-чөйрө менен таанышуу, музыкалык өнүгүү, көркөм өнөр. | | Күндүн көпөлөккө боору оруп, анын канаттарын өзүнүн нурлары менен сылайт. Ал сылагандан кийин көпөлөктүн канаты саргая түшөт. Бирок көпөлөк байкабай калат. Эл кайда көчөт капаланган досун сооротуу үчүн көпөлөктүн капталына сүйкөнөт жана көпөлөктүн канаты кызара түшөт.<br>Көпөлөк курт болсо, көпөлөктүн жанынан өтүп бара жатып, колдору менен анын канатын чапкылап кетет жана көпөлөктүн канатында жашыл издер калат. Көпөлөк болсо, боздоп ыйлаганынан эч нерсени байкабайт. Бир маалда көпөлөккө бир муздак тамчы тиет жана көпөлөк муздак тамчыдан улам канаттарын жабат. Ал канаттарын жайгандан кийин түстүү канатынын өңдөрү экинчи канатына түшүп калган болот. Муну көргөн бардык курт-кумурскалар сүйүнүп, кол чаап жиберишет. Көпөлөк калат жана көздөрүн жууйт. Көпөлөк суудан өзүнүн жаңы келбетин көрүп калат: суудан өзүнүн түстүү канаттарын көрөт. Ошентип, көпөлөк жыргап-куунап жашап калат.<br>А. П. Платон | |
| | Балдар тарбиячынын суроолоруна жооп беришет. | Тарбиячы жомок тууралуу маек жүргүзөт:<br>- Силерге жомок жактыбы? Эмнеси жакты? Көпөлөк кайдан пайда болду? Келбеттүү көпөлөк болуу үчүн ким ага жардам берди? Эмне себептен күн, эл кайда көчөт жана көпөлөк курт ага жардам беришти? | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | Балдар ырдын мазмунуна жараша кыймылдашат.<br>**«Көпөлөктөр» дене тарбия көнүгүүсү**<br>**Уктап жаткан гүл, ойгонду кокусунан,**<br>*(оң жана солго эңкейүү).*<br>**Башка уйкусу келбеди,**<br>*(астыга жана артка эңкейүү).*<br>**Кыймылдады, тартылды,**<br>*(колду көтөрүп тартылуу).*<br>**Кыймылдады, тартылды,**<br>*(колду көтөрүү, оңго жана солго кыймылдоо)*<br>**Күн эрте менен ойгонсо,**<br>**Көпөлөк айланып учуп жүрөт.**<br>*(айлануу)* | Тарбиячы: Балдар, бул, албетте, жомок. Жомокто ар дайым сыйкырдуу нерселер болот. Табиятта көпөлөктөрдүн канаттары түстүү болот. Көпөлөктөргө түсту канаттарындагы майда түстүү түрлөр берет. Эгерде көпөлөктү колго алсак, колубузда түстүү чаңчалар калат. Курт-кумурскалар өздөрүнүн чаңчаларын жоготушса, өлүп калышы мүмкүн. Ошондуктан көпөлөктөрдү кармап, колго албоо керек. Силер аларды карасаңар гана болот.<br><br>Көпөлөктөр кандай пайда алып келет? Туура, көпөлөктөр биздин талааларыбызды жана чабындыларды гана коздобостон, табияткa дагы пайда алып келет: алар гүлдөрдүн ширесин чогултуп, гүлдөрдү чаңдатышат.<br><br>**«Көпөлөктөр» дене тарбия көнүгүүсү**<br>**Уктап жаткан гүл,**<br>**Ойгонду кокусунан,**<br>**Башка уйкусу келбеди,**<br>**Кыймылдады, тартылды,**<br>**Өйдө болуп, учуп кетти,**<br>**Күн эртең менен ойгонсо,**<br>**Көпөлөк айланып, учуп жүрөт.** | |
| | Балдар төмөнкү ырааттуулукта кыймыл-аракет жасашат: | Тарбиячы балдарга өткөн сабакта кооз чабынды жасагандарын эскерет: Бүгүн биз чабындыга түстүү көпөлөктөрдү жабыштырабыз. | |

| Программанын мазмуну | Балдар үчүн пландаштырылган иш-аракеттер | Тарбиячынын иш-аракеттери | Каражаттар |
|---|---|---|---|
| | 1. Төрт бурчтукту же тик бурчтукту экиге бүктөө, кагаздын бүктөлгөн жери – көпөлөктүн денеси.<br>2. Көпөлөктүн жарым денесин тартышат (жарым тегерек жана бир канат). Тартылган сүрөттү кесип алуу.<br>3. Кичинекей кагаздар менен кесилип алган сүрөттү коздоо (мисалы, көпөлөктү чабындыга жабыштырышат).<br><br>Балдар каалоосу боюнча өз алдынча эмгектерди талдашат. | Көпөлөктөрдү экиге бүктөлгөн төрт жана тик бурчтуктардан кесип алабыз.<br><br>Канаттарды болсо, түстүү фломастерлер менен боейбуз же түстүү кагаздарды жабыштырабыз.<br><br>Көпөлөктөрдүн канаттарын өйдө көтөрүп, ортосун желим менен сүйкөп жабыштырсак, алар көлөмдүү болот.<br><br>Биздин топ жашыл чабындыга окшошуп калды. Чабындыда түстүү көпөлөктөр учуп жүрүшөт. Көпөлөктөр бир бирине окшошпойт.<br><br>*Сабакты талдоо*<br><br>Азаматсыңар, балдар, силер бүгүн жакшы иштедиңер. Силер жасаган чабындыны караганда, көпөлөктөр учуп кетчүдөй көрүнүп жатат. Анткени ар бир көпөлөктөн жылуулук жана коздук сезимдерин пайда кылып жатат. Анткени силер аларды өз колуңар менен жасадыңар. | |

**Расулова Гульмира Самсалиевна**
**Султанова Римма Шерикбековна**
**Фадина Антонина Ивановна**
**Орусбаева Toктобюбю Абдысаматовна**
**Тунгатарова Назгуль Кырманчиевна**
**Дворянинова Людмила Федоровна**

**3төн 6 ЖАШКА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ «БАЛАЛЫК» ПРОГРАММАСЫНА МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР**

Редактор *А. Д. Токтомаметов*
Корректорлор: *К. Абышева, Ж. Жапиев*
Компьютердик калыпка салган: *В. В. Коваль, В. С. Вихарев*

Басууга 01.03. 2017-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Ариби Arial.
Форматы 60 x 84 $^1/_8$. Көлөмү накта 41 б. т.
Нускасы 4500. Буйрутма № 264

Басма иштери «Аркус басмасы» ЖЧКсында даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 В

«ST.art Ltd» ЖЧК басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199

ARCUS PUBLISHING

ПОЛИГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС ST.art Ltd